С 63

# ЗУУРА СООРОНБАЕВА

ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН
ЖЕТИ ТОМДУК ЖЫЙНАГЫ V

## *Чоочун киши*

*Биринчи китеп*



ЗУУРА
СООРОНБАЕВА

# ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН
# ЖЕТИ ТОМДУК
# ЖЫЙНАГЫ

## V
## ТОМ

«Улуу тоолор»
Бишкек – 2014

2019

ЗУУРА
СООРОНБАЕВА

ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН
ЖЕТИ ТОМДУК
ЖЫЙНАГЫ

# Чоочун киши

Биринчи китеп

Роман

«Улуу тоолор»
Бишкек – 2014

КАРА-КӨЛ ШААРДЫ

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
С 63

Сооронбаева Зуура.
С 63 Чыгармаларынын жети томдук жыйнагы. 5-том.
– Б.: Улуу тоолор, 2014. 528 б.

ISBN 978-9967-13-977-0

Романда эки жаш ортосундагы махабат, үй-бүлө маселелери, жашоодогу конфликттер, адамдар ортосундагы ар кандай мамилелер, айрыкча жаштарга сабак болорлуктай ынанымдуу сүрөттөлөт.

С 4702300100-14

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-13-977-0
© Сооронбаева З., 2014

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

Көтөрүнгөн жүктөрү, көтөргөн балдары, ээрчиткен кызы бар жаш келин менен орто жашап калган аял самолёттон түшүп, эки жагын элеңдей карашып, аэропорттун трассасынан чыгышты.

– Такси менен жетип аласыздарбы? – дешти, аялдарга жардамдашып, жүктөрүн көтөрүшүп келген жигиттер, токтоп турган машиналарды көрүп.

– Жок, ушул жерде кичине күтө туралы. Күйөөм келиш керек, – деди келин скамейкага олтура берип, баласынын оозуна упчу салып жатып. – Ракмат силерге. Убара кылып койдук окшойт.

– Бактылуу болгула кагылып кетейиндер. Ыймандуу балдар экенсиңер. Менин да силерге окшогон балам бар. Ушул шаарда үй кургандын инженери болуп иштейт. Үй-бүлөсүнүн келатканын билет, ал...

Эне менен келин бири келип, бири кетип жаткан адамдардын арасын аңтара карап, издегендери Толкунбек.

– Эне, абам качан келет? – Жанат дагы сурады.

– Билбейм, каралдым, мен сенин жанында турбаймынбы, – деди Кына ысыган бетин бетаарчысы менен желпиген болуп.

– Энең кайдан билмек эле, келет да келгенде, – Жайнагүл кызын алая карап койду. Аптаптан маңдайынан тер чыпылдап, эки бети албырып турган Асандын чекесин үйлөп жатып кейиштүү үн катты: – Толкунбек телеграмманы албай калганбы дейм?

– Жаткан жерине урдуң беле?

– Ооба, жатаканага жибергем. Ал ошол жерде жашайт да.

– Эми, абам качан келет, ыя? – деди Жанат кайталап сурап.

– Азыр келет.

– Кечке эле азыр, азыр дейсиң, кана келгени?

– Азыр дебегенде эмне дейин. Бөбөктөрүңдү карачы, бирөө энесинин астында, бирөө менин астымда чатагы жок эле уктап жатышат. Тил-оозу чыккан сенин азабың өтөт окшойт. Атамдын жанына таштап келсек болмок экен.

– Суу ичем.

– Алдымда уктап жаткан баланы эмне кылайын. Эптеп чыдап тур. Абаң келсе баарын алып берет.

– Анда үйгө кетем.

– Бар, кете бер. – Келин ачуулуу бурк этти.

Алдындагы баланын чукуранып, ойгоно баштаганына алаксый түшкөн Жайнагүл Жанатты байкабай калды. А Кына болсо бөтөн эл, бөтөн жерди сонуркай карап, издегени өз уулу. Эми эле жанында турган Жанаттын жоктугун көргөн Жайнагүлдүн жүрөгү атып кетти.

– Эне, баланы ала туруңузчу, Жанатты карайын. Ал кайда чуркап кетти? – Асанды Үсөндүн үстүнө коё коюп, самолёт токтогон трассаны көздөй жүгүрдү. Жайнагүл артын кылчак-кылчак карап, трассада көпөлөктөй учуп бараткан кызын көрүп, буту үзүлгөнчө жүгүрүп баратты. Аңгыча болбой ары жактан, жаңы конгон самолёттон чыгып келаткан лётчик кыздын алдын торой басып, кучагын жайып токтотту. Экөө бир демге тиктеше түшүп, анан жигит баланы жерден көтөрүп алды.

– Кайда барасың?

– Үйүмө.

– Үйүң кайда?

Кыз эки жагын айланта карап туруп, анан асманды көрсөттү. Жигит күлүп жиберди.

– Атың ким?

– Жанат.

Учкуч Жайнагүлдүн жүгүрүп келатканын көрүп, кызды көтөргөн бойдон алдынан утурлай басты.

– Бул сиздин кызбы?

– Ооба, менин кызым. Атасы келгенче, беймаза кылып качып жатпайбы бул эси жок.

– Бекер коё бересиз. Кырсыкты кайдан деп болбойт.

Булар ушунтип жатканда ар жактан эркек кишинин үнү чыкты. Жигит жалт карады.

– Эмир! Зыйнат эже менен сүйлөштүм, үйдө болбойм дейт.

– А болуптур болбосо. Эмне, бир жакка кетип жатыптырбы?

– Анысын сурабадым. Жүрбөйсүңбү, тамак ичели.

– Азыр. – Жигит Жайнагүлгө карады. – Татынакай кызыңыз бар экен, өзүңүзгө окшогон. Мен сулуу, ачык балдарды жакшы көрөм. Таанышып алдык. Атым Жанат дейт. – Бетинен жыттап, кызды жерге түшүрүп, сөөмөйүн кезеди. – Экинчи апаңды укпай каччу болсоң мен сени алып кетип калам.

– Кайда?

– Үйүмө.

Кыз Жайнагүлгө ыктап, көзүн жашылдантты:

– Жеңе, мен суусап жатам.

– Эми буга сууну кайдан табам. Тыякта да эмчекте эки уулум бар. Аларды... – Келин шыпшына сүйлөдү.

– Бул кыз кайын сиңдиңизби?

– И, чоң энеси бар.

– Оо, кут болсун, жапжаш туруп үч баланын энеси турбайсызбы.

– Жүрү, каралдым, бөбөктөрүң ыйлап, энеңди беймаза кылып жатпасын. Жакшы калыңыз. – Жайнагүл кызын жетелеп бурула берди.

– Жеңе, суу ичем, – деди кайталап, кыз.

Учкуч токтой калды.

– Жаткан жерине урдуң беле?

– Ооба, жатаканага жибергем. Ал ошол жерде жашайт да.

– Эми, абам качан келет, ыя? – деди Жанат кайталап сурап.

– Азыр келет.

– Кечке эле азыр, азыр дейсиң, кана келгени?

– Азыр дебегенде эмне дейин. Бөбөктөрүңдү карачы, бирөө энесинин астында, бирөө менин астымда чатагы жок эле уктап жатышат. Тил-оозу чыккан сенин азабың өтөт окшойт. Атамдын жанына таштап келсек болмок экен.

– Суу ичем.

– Алдымда уктап жаткан баланы эмне кылайын. Эптеп чыдап тур. Абаң келсе баарын алып берет.

– Анда үйгө кетем.

– Бар, кете бер. – Келин ачуулуу бурк этти.

Алдындагы баланын чукуранып, ойгоно баштаганына алаксый түшкөн Жайнагүл Жанатты байкабай калды. А Кына болсо бөтөн эл, бөтөн жерди сонуркай карап, издегени өз уулу. Эми эле жанында турган Жанаттын жоктугун көргөн Жайнагүлдүн жүрөгү атып кетти.

– Эне, баланы ала туруңузчу, Жанатты карайын. Ал кайда чуркап кетти? – Асанды Үсөндүн үстүнө коё коюп, самолёт токтогон трассаны көздөй жүгүрдү. Жайнагүл артын кылчак-кылчак карап, трассада көпөлөктөй учуп бараткан кызын көрүп, буту үзүлгөнчө жүгүрүп баратты. Аңгыча болбой ары жактан, жаңы конгон самолёттон чыгып келаткан лётчик кыздын алдын торой басып, кучагын жайып токтотту. Экөө бир демге тиктеше түшүп, анан жигит баланы жерден көтөрүп алды.

– Кайда барасың?

– Үйүмө.

– Үйүң кайда?

Кыз эки жагын айланта карап туруп, анан асманды көрсөттү. Жигит күлүп жиберди.

– Атың ким?

– Жанат.

Учкуч Жайнагүлдүн жүгүрүп келатканын көрүп, кызды көтөргөн бойдон алдынан утурлай басты.

– Бул сиздин кызбы?

– Ооба, менин кызым. Атасы келгенче, беймаза кылып качып жатпайбы бул эси жок.

– Бекер коё бересиз. Кырсыкты кайдан деп болбойт.

Булар ушунтип жатканда ар жактан эркек кишинин үнү чыкты. Жигит жалт карады.

– Эмир! Зыйнат эже менен сүйлөштүм, үйдө болбойм дейт.

– А болуптур болбосо. Эмне, бир жакка кетип жатыптырбы?

– Анысын сурабадым. Жүрбөйсүңбү, тамак ичели.

– Азыр. – Жигит Жайнагүлгө карады. – Татынакай кызыңыз бар экен, өзүңүзгө окшогон. Мен сулуу, ачык балдарды жакшы көрөм. Таанышып алдык. Атым Жанат дейт. – Бетинен жыттап, кызды жерге түшүрүп, сөөмөйүн кезеди. – Экинчи апаңды укпай каччу болсоң мен сени алып кетип калам.

– Кайда?

– Үйүмө.

Кыз Жайнагүлгө ыктап, көзүн жашылдантты:

– Жеңе, мен суусап жатам.

– Эми буга сууну кайдан табам. Тыякта да эмчекте эки уулум бар. Аларды... – Келин шыпшына сүйлөдү.

– Бул кыз кайын синдиңизби?

– И, чоң энеси бар.

– Оо, кут болсун, жапжаш туруп үч баланын энеси турбайсызбы.

– Жүрү, каралдым, бөбөктөрүң ыйлап, энеңди беймаза кылып жатпасын. Жакшы калыңыз. – Жайнагүл кызын жетелеп бурула берди.

– Жеңе, суу ичем, – деди кайталап, кыз.

Учкуч токтой калды.

– Сиз коё туруңуз, – деди жигит, Жайнагүлдү токтотуп. – Жүрү, Жанатка, мен сага суу ичирип келейин. – Кызды колдон алып жетеледи. – Сиз балдарыңызга бара бериңиз, камтама болбой. Өзүм жеткирип коём.

– Биз тээтигил жердебиз. – Колу менен олтурган жактарын жаңсап көрсөттү.

– Табабыз ээ! – Жанатты жетелеген жигит ары басты.

«Аты Эмир экен» – деди, Жайнагүл көңүлүндө бул атты кайдан укканын эстей албай. Төбөдөн түшкөн Күн жер-сууну каарып куйкалап турду. Саат он бирде келген жүргүнчүлөр экиге чейин Толкунбекти күтө беришип, жедеп чарчап бүтүштү. Балдарынын күтө беришип, чыдабай бараткантын көрүп жаны кейиген эне келинине минтти:

– Э, ботом, Толкунбек эртеңке чейин келбесе деле, ушинтип олтура беребизби. Мына бул чымын-куюн болуп, бири келип, бири кетип жаткан машиналарга сүйлөшсөң, жеткирип коёр акысына. Кой, каралдым, минтип олтурбайлы. Мындай катуу ысыкты көрбөгөн араң жан немелерге күн өтүп кетсе, куурабадыбы.

Жайнагүл кайненесинин тилин алып, ошол эле замат бир таксини кармап келип, жүктөрүн салып, СМУнун жатаканасына жөнөп кетишти. Анткени бул жерге келгенден бери Толкунбек ушул жерде жашоочу. Машина жайлап токтоду. Имараттын алдында үйүлүп жаткан топурак, кумдар менен курулуш материалдарын, дубалдарынын шыбактары чамбылала болуп сыйрылган көңүлсүздүктү көрүп, Жайнагүлдүн көзү алая түштү.

– Биз адашып кеткен жокпузбу? – деди шофёрго бурула карап келин.

– Адашкан жокпуз. Сиз айткан адрестеги СМУнун жатаканасы ушул. Сыягы ремонт болуп жаткан го. Олтуруп туруңуздар, мен барып билип келейин. – Шофёр кабинадан түштү.

– Сиз менен мен деле барайын! – Жайнагүл баласын кайненесинин сол ыптасына жөлөй жаткырып, машинадан чыкты.

Ырас эле, шофёр айткандай бул жерде ремонт экен. Кээ бир ремонту али баштала элек бөлмөлөрдө жашап жаткан жумушчулар бар окшойт. Жайнагүл жатаканадан ээрчише чыккан эки жигитти токтотуп сурады:

– Кечиресиздер, Мансуровду таанывайсыздарбы? Ал ушул жерде жашайбы?

Балдар буйдала түшүп жооп беришти:

– Ооба, ооба, ал киши ушул жерде жашоочу. Ремонтко байланыштуу убактылуу мейманканага чыкканына бир жумача болуп калды.

Толкунбек экинчи кабатта, бир кишиге ылайыкталып салынган чакан эки бөлмөдөн турган люкстан орун алыптыр. Биринчи кабатта олтурган башкы администратор келгендердин жай-маанисин уккандан кийин, экинчи кабатка телефон чалды.

– ...Ооба, ооба. Мейли Мансуров жок болсо. Ысык-Көлдөн энеси, аялы, бала-чакасы келиптир. Ошол номерге жайгаштыргыла... Ой, кызык, батышпаса Мансуров келгенде көрөбүз да...

Экинчи кабаттын администратору да токтолуп калган эстүү киши экен. Шашып-бушуп номерди ачып, тигилерди киргизди да:

– Ысыкта, абдан чаалыккан окшойсуздар. Чай ичкиңиздер келсе, чай алып келип берели. Эгерде, тамак ичкиңер келсе, алдында да, үстүңкү кабатта да буфет бар.

– Жок, биз чай эле ичебиз. Өзүбүз да суусап келдик.

– Жарайт, азыр. Күйөөң менен жооптошуп туруп келсең болмок экен. Командировкага кеткенби, ким билсин. Мен сменди эртең менен алдым. Түндө конууга келген жок дешти. А-а, баса, – деди аял, – ага телеграмма бар экен. Албаптыр, менде турат.

– Алган эмес экен да, – деди өкүнүчтүү үн менен Жайнагүл. – Биз анын жок экенин билбей, аэропортко тосууга келет деп күтүп жүрбөйбүзбү. – Толкунбектин күнөөсүз экенин угуп, Кына да, Жайнагүл да мурдагыдай ага таарынбай калышты.

– Эки күн болду. – Көздөрү бузулуп, таноосу кыпчыла түшкөн келин кекээрлүү сүйлөдү. – Мына, келбесек бизди такыр тааныбай, унутуп калмак окшобойсуңбу? Номерде да жатпайт экенсиң.

А Кына болсо эшик алдында тигилерди шекшине тиктеп, эми эмне болуп кетээр экен дегенсип үнсүз турду. Анын көзүнө уулунун жанындагы аял ушунчалык суук көрүндү. Аны кайдан, качан көргөнүн эстей албай жатты.

– Көрүшө элек жатып тергебечи, Кудай жалгагыр. Мени мында шапар тээп, жыргап жүрөт деп ойлойсуң го. Баса, – деди Толкунбек эсин жыйгандай, – Жакин, бул келин менен таанышып кой. Ушул жерлик бир жолдошумдун аялы, – деп артын карай берип, аялдын ылдамдый басып, кетип бараткандын көрүп ындыны өчө түштү. – Сени көрүп сүрдөп кеткен го бечара. – Оозуна ушул сөз кирди.

Жайнагүл ойдо жок жерден көңүлүнө дүрбөлөң салган бул бейтааныш аялдын өңү-түсүн көз токтотуп жакшылап көрүп албаганына ичинен өкүнө түштү. Алиги кеткен келиндин артынан кабагы карыш түшүп, назарлана тиктеп, кумпайып турган энесин көрүп, жүрөгү шуу дей түштү. Толкунбек кызын дароо жерге түшүрдү.

– Оо, энем да келген тура. – Адымдай басып келип кол алышты.

– Алдыңа кетейин, бизди жаман акыйттың го. – Жүзү муздай тоңуп турган калыбында, уулунун тамагынан жыттап, анан колунан өптү. – Кандай, дени-кардың соо, жакшы жүрөсүңбү?

– Жүрөм, эне.

Бардыгы үйгө киришти. Толкунбек уктап жаткан балдарын алмак-салмак жыттады.

– Келгениңерди айтып, телеграмма жиберип койсоң болмок экен. Обкомдун тапшырмасы менен командировкага кетип, азыр эле келдим. Жолдон жанагы аяш келин кезигип, жаткан жериңди көрөйүнчү деп кошо кирген. Капа болгон жоксуңбу? – Толкунбек аялына актана сүйлөдү.

Уул-келинин эркин сүйлөшүп алсын дедиби, Кына өзү жаткан бөлмөгө кирип кетти.

Жайнагүл күйөөсүн ызалуу көзү менен алая карап алды.

– Ракмат, сага Толкунбек. Капа болгондо, болбогондо эмне. Бир жаман жери, сени ушундай абалда, бөтөн бирөө менен көргөнүм жаман болду. Бекер келиптирбиз. Телеграмма бербейсиң дейсиң, берген телеграмма бир жумадан бери сени күтүп ушул жерде жатса.

Жигит мукактана түштү. Ал телеграмма келгенин чынында билген эмес болучу. Ичинен өкүнүп турду. Сурабай эле койбой деп ойлоду. Жанат атасына жабышып, мойнунан кучактады. Жигит кызын көтөрүп ордунан турду.

– Сагындыңбы, мени?

– Сагындым. – Кубанычтуу кыткылыктап галстугун кармалады.

Жайнагүл балдарынын жанына келип олтурду. Анын көз жашы өзүнөн өзү иргилбей төгүлүп жатты. Толкунбек колуктусун чочулаган түрдө аңкая карады.

– Сага эмне болду?

– Эч нерсе болгон жок.

Күйөөсү менен айтышкысы да, сүйлөшкүсү да келбеди.

– Менин жүрөгүмө түшүнөсүң го Жакинтай. Кантип эле сени менен мына бул үч баламды... – Жигит сөзүнүн аягына чыкпай бир демге ойлуу турду да, аялынын жанына жакындай олтуруп, мөлтүр кара көздөрүнөн алмак-салмак өөп, эки ийнинен имере кучактап, өзүнө тартып, боoруна кысты. – Ыйлабачы, алтыным. Сени мен капа кылып койдум. Жанагы аял менен киргениме өзүм да өкүнүп калдым. Ишенсең жалгыз жашоо айласыздын оокаты экен. Алган айлыгым, ичкен тамагым менен жаткан ордумдан ашпайт. Ылайыктуу да квартира табылбай койду. СМУнун жаңы салган үйлөрүнөн беребиз деп жатышат. Ал болбосо өзүнчө беш бөлмө особняк бүтүүгө жакындап калды. Балким, ошону сурармын.

– Билем. – Жайнагүл көз жашын сүртүп улутунду.

– Эмнени билесиң? Эч нерсе билбейсиң. Ишенбесең эртең менен СМУга мени менен бар. – Эңкейип уктап жаткан Асан менен Үсөндү карады. – Кимге окшош ыя? Магабы же сагабы?

– Экөө тең мага окшош, аба, – деди Жанат.

– Ооба, ооба, ырас эле сага окшош экен. А сен өзүң кимге окшошсуң?

– Сага.

– Ох, молодец кызым. Менин уулдарым да, кызым да өзүмө окшош.

– Абаке, сен билесиңби, Асан менен Үсөндүн экөөнүн тең көйнөктөрүндө жазуусу бар. Жайнагүл жеңем аны ийне менен жазган.

– Ийне менен? Эмне үчүн?

– Билбейм. – Жанат ийнин куушурду. – Жеңем билет го.

Толкунбек Жайнагүлгө карады.

– Эмне дейт бул? Түшүнсөм Кудай урсун.

– Анын эмнесине түшүнбөй калдың. Карап туруп өз балдарымды өзүм тааныбай. Асан менен Үсөндүн аттарын алмаштырып чакыра берем. Ошон үчүн ар биринин кийимине аттарын саймалап жазып койгомун. Жанат ошону айтып жатат.

– Чын эле, уулдарыбыз бири-бирине коёндой окшош экен. Торолушуп да калыптыр.

– Торолушпай эмне болуптур, сегиз айга толуп, тогуз айга кетти. Үйгө балдар төрөлгөндө бир бардың, андан кийин бир бардың. Ошол бойдон каттабай да койдуң.

– Барбаганым менен тынымсыз эле телефон чалып, сүйлөшүп жатпайымбы. Үч жолу акча жибердим.

– Атамдын ал-абалы кандай деп сурап койсоң эмне болот. Же ал кишинин кереги жокпу. Энемди да кайдыгер кабыл алып, кайдыгер учураштың. Деги кызык.

Толкунбек күлдү.

– Силерди көргөндө сүйүнгөнүмдөн оозума сөз кирбей, апкаарып калган турбайымбы. Сурайм да шашпай. Эмне, атам бир жерим деп жүрөбү?

– Баягы эле согуштан алган жараттарынын азабы болбосо, оорубай эле дени сак, кыбырап жүрөт. Бирок сураш керек да. Сени келет деп күтө беришип, экөөнүн тең көз майлары жолдо калды. Энем мени менен айласыздан келди. Балдар менен жалгыз жете албайт деп коркту окшойт менден.

Толкунбек Жайнагүлдүн колдорун кармалап, айландырып карады.

– Келгениңден бери маникюрныйга кирип, тырмактарыңды тазалатып, лактатып алууң го. Бир кезде аппак болгон сулуу манжаларың бар эле. Тырмактарың тим эле кол менен жасап койгондой болучу. Колду багыш керек Жакин. Андан дагы өзүң врач болсоң. Көргөндөр ойлойт го, өзүн алып жүрүүнү билбеген бир байкуш экен деп. Андан дагы көлгө түшөм, күнгө күйөм деп жатып, капкара болуп күйүптүрсүң.

Жайнагүл Толкунбектен мындай сөз угам деп оюна келген эмес. Күтүлбөгөн жерден жагымсыз сөздү угуп өрттөнүп кетти. Колун дароо тартып алды.

– Сен эмне, менин үйдө эмне жумуш жасаарымды билбейсиңби? Кызык... – Бир демге оозуна сөз кирбей, буулуп кайра минтти: – Бакканым эңкейген кары, эмгектеген жаш болсо, казганым жер, караганым огород, короо толгон канаттуу, сааганым уй болсо... Же мени ак кол, ак чүч болуп эле көлөкөдө олтурат деп турасыңбы, ата-энени жумшап коюп. Бирибиз эмес, баарыбыздын колубуз байлануу билсең. Кудайды гана карасаң боло. Жаз жарыш маалында, кош бешик менен байкуш Жайнагүл кантип жатат деп ойлобойт экенсиң да. Мен кайсы убакта тырмагымды боёп, бетиме бетмай, упа жаап, эрдиме эндик сүртүнөм. Түшүнүктүү болду баары. Сага боёнгон аял керек болуп калган экен да. Мен ким үчүн жашап, ким

үчүн канатымды каккылап жүрөм ыя? Үйүң-үй, жайың-жай, шаар болуп отурасың. Деги эмне кылышым керек? Сени даражага жеткиргендеги көрөр күнүм, угар сөзүм ушулбу? Сагынып, эңсеп, келгендеги тарткан табагыңа ракмат, Толкунбек. Кете бер жанагы аяшыңдын артынан. Менин сага көрүнүшүм жакпай калган тура. Азырынча өңүмдүн да, өзүмдүн да, жаратылыш тартуулаган кылоосу түшө элек...

Жайнагүл Толкунбек менен мынчалык кер-мур айтышып көрө элек болучу. Эми минтип күтүлбөгөн жерден көңүлү сууп, жаагы ачылып олтурат.

– Т-ү-ү, мен сенин мынчалык оор аларыңды билбептирмин, Жакин. Катуу айтсам кечирип кой, суранам. Бардык оюм да, максатым да сени жаркырап, эл катары жакшы жүрсө дегеним. Кантип эле жамандыкка кыяйын. Жок, жок, такыр андай болбойт.

Толкунбек унчукпай калды. Жайнагүл да үндөбөй түнөрүп турду. Көңүлүндө күйөөсү. Анын кечирим сурап, жалооруп турганынан улам, катуу айтып, шагын сындырып койдумбу деп ичинен кайра бушайманга түштү. Ал балдарын алмак-салмак эркелетип, бөгүп олтурган күйөөсүн бирде күнөөлөгүсү келсе, бирде күнөөлөгүсү келбей, ою онго бөлүнөт. «Же мен жинди болуп күнөөсүз адамды күнөөлөп жатамынбы?! Айыбына айгак болгон жанагы аялбы? Балким, өзү айткандай таанышыдыр. Тим эле жаткан жерин көрөйүн деп кире калгандыр. Анын эмнеси күнөө. А балким, кокустан күнөөлүү болуп калды деп коёюн. Анда эмне болот? Эки жылдан бери жалгыз жашаса, жаңылбай коёбу анан. Тирүү жан да. Катын катын башы менен эр сагынат, алы-күчү ташып-ашып, толуп турган жигит кантип...

Ушуларды таразага салып ойлоп келип, жүрөгүндө арамдыгы жок, ак көңүл келин ачуусунан тайып, мизи кайта түшкөнсүйт. Ал азыр балдарын уктатып, кайненесин жаткырып коюп, Толкунбек менен ээн-эркин басууну эңсеп кетти. Күйөөсүнө адатынча эркелеп, Толкунбегинин

ысык кучагында термелип, кусалуу кумарын басууну каалоо сезими баарынан күчтүүлүк кылып тургансыды.

Ал эми Толкунбек болсо Жайнагүлдүн минтип капыстан келип калаарын билбей, үстүнөн бастырып алганына өкүнүп, өз айласын өзү таппай, кыйпычыктап турду.

Ушинтип, экөө эки түрдүү ой ойлоп олтурушуп кечтин кандай киргенин да билбей калышты. Жайнагүл электр самоорун коюп, кечки чайга камынды. Алып келген тамак ашын стол үстүнө жайнатып салды. Толкунбек душка кирип чыкты. Келин кайненесинин үстүнө кирсе, Кына ойгоо жатыптыр.

– Чай ичели эне, туруңуз. Кандай деги, башыңыз жакшы болуп калдыбы?

– Жакшы, каралдым. – Байбиче шыбырай сүйлөдү. – Айтчы, жанагы бала бирдеме жутуп алганбы, кандай?

– Жок, таза эле.

– Баса күңкүлдөшүп жатканыңардан, ичинде бирдеме барбы деп ойлодум эле да.

– Ии, мени тырмагыңды жасатып албайсың, бетиңе упа жаппайсың дейт. Күнгө күйүп карарып кетиптирсиң деп катуу күнөөлөп жатат уулуңуз.

– Олда, жаман айе, – деди Кына дивандан түшүп жатып. – Эси жоктун айткан сөзүн кара. Айылдагы турмушту, сенин кандай жашап жатканыңды түшүнбөйт бекен?

– Болду эне, унчукпай эле коюңуз.

Кына көк тукаба кемселин желбегей жамынып, чай ичкени кирип келатты.

– А, катыгүн, балдар дагы эле уктап жатабы? Ойготсоңчу, алтүндө эмнени укташат. – Эне Жанатты тартты. – Тур, кызым, кеч кирди. Жүрү, муздак сууга бетиңди жууп келейин, уйкуң ачылсын.

Асан менен Үсөн болсо чыныгы эле эгиз балдардай болгон немелер. Уктаса бирге уктап, ойгонсо чогуу ойгонот. Бири сасыктумоолосо, экинчиси кошо чырмыктайт. Ошон үчүн Жайнагүл балдардан өлгөндөй коркот. Кокус бирөө

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
БАЛДАР КИТЕПКАНАСЫ
3525

мерт болсо, экинчиси кошо өлүп калчудай сезилет ага. Анан калса экөө тим эле бир атанын балдарындай, бир эненин курсагынан чыккандай болушуп, бири-бирине окшоп баратканына таң калат. «Жаратылыштын күчү ай», – дейт Жайнагүл кээде, эки баласын алмай-термей тиктеп олтуруп, жакасын муунта кармап.

Асан чукуранып ойгоно баштады. Анын артынан Үсөн көзүн ачты. Тикесинен уулдарынан көз албай карап турган Толкунбек мыйыгынан күлдү. «Кудая тобо, ыйлабай ойгонуп алышып, бирин-бири издеп, бирин-бири карап коюп үн салышып жаткандарын кара. Уйкудан көздөрү ачылбаган жоош балдар экен. Атам менен энем ушулардын деми менен жашап жатышса керек. Кокус булардан ажырашса, ажалдан мурда өлүп кетишет го. Андан дагы Жайнагүлдүн адамгерчилиги, жумшак мүнөзү алардын өмүрүнө өмүр улап, кубанычына кубаныч кошуп жаткандай». – Толкунбектин оюн Жайнагүл бузду.

– Олтурбайсыңбы, чай ичели.

– Олтур, балам, көрдүңбү, Асаның менен Үсөнүң торолуп, адам болуп калышты. Жамандыгың болбосо, жаштыгың калган жок. Үйдүн ээси, келиндин күйөөсү, үч баланын атасы болдуң. Ушулар үчүн жашап, ушулар үчүн иштешиң керек.

– Туура айтасың эне, жамандык болбосо жаштык калган жок.

– Балдарды атайы эле сага чоңойгонун көрсөтөлү деп, ошончо жерден томолонуп келбедикпи. Сени өзүм да сагындым, балам. Асан менен Үсөн, Жанат үчөө, силерге кандай керек болсо, абышка экөөбүзгө сен али ошондой эле, наристе көрүнөсүң. «Ата эненин кадырын балалуу болгондо билерсиң, ага-ининин кадырын жалаалуу болгондо билерсиң» дегендей, өзүң да эне-атанын кадыр-баркын түшүнүп калгандырсың.

Толкунбек колундагы бошогон чынысын Жайнагүлгө суна берип күлүмсүрөдү:

– Туура айтасыз эне, чындыгында эле балдарга ата болгондон бери өзүм жөнүндө да, силер жөнүндө да көп ойлончу болуп кеттим. Кантип түшүнбөйүн. Билем, энеке, кичине эмесмин да. Бир оокумга чейин унчукпай, ой баса түшүп, анан аялына карап минтти: – Биз чай ичип бүткөнчө балдар ушинтип жата береби ыйлабай, ыя Жакин? Тамак ичишеби?

– Ким билет, ыйласа ыйлап жиберишет, буларга ишенчилик жок. Анан сүт берем. Убагы боло элек азыр. Жанатка карачы, Үсөндүн упчусу түшүп калды окшойт, кайсаңдап издеп жатат, оозуна салып койчу, биротоло чай бүткөндөн кийин алайын. Кичине жата турушсун.

Жанат эки бөбөгүнүн жанына жакын барып, бир демге тиктеп туруп, кроватка секирип чыгып, Асан менен Үсөндүн катарына жата калып алмак-салмак өптү.

– Ой, ой, абайла кагылайын. Олдоксон байкуш, кокус басып алба. Ошол жаман немелердин эмнесин өбөсүң. Болду тынч жаткан балдарга дүрбөлөң салбачы. – Жайнагүл күйөөсүнө карады. – Сен эмне эле, бала көрбөгөнсүп тиктейсиң. Жаш бала менен жаш малга адамдын сугу кандай өтөрүн билесиңби?

– Тобо, Кудай, ушул экөө чыбыктай болгон Жакиндин ичине кантип батты экен деймин да.

Кына киртийе түштү.

– Э, катыгүн, адеп төрөлгөндө экөө тең муштумдай эле кызыл эт эмес беле. Тантыбай жөн олтуруп чайыңды иччи, – деди чынысын дасторконго коюп.

Эмне үчүндүр Толкунбек Жайнагүлдү кайта-кайта алдыртан жал-жал карап тиктей берет. Көңүлүндө жанагы тырмагы жөнүндө ойлонбой туруп оозунан чыгып кеткен сөзү турду. Келин болсо күйөөсүнүн көзүнөн кусалыктын учкунун издейт. Бирок андан кусалыктын ордуна көмүскөдөгү тайсалдоону байкады. А Толкунбек менен узакка көрүшпөй жүрүп көрүшкөн учурларын көз алдынан өткөрүп жатты. Толкунбектин өткөндөгү отпускага келге-

нин эстеди. Анда Асан менен Үсөн төрт айлык кызыл эт кези, азыркыдай кыял-жоругу чыга элек. Жайнагүл өздөрүнүн уктоочу бөлмөсүндө балдарын жаңы эле кургактайын деп жаткан. Ошол маалда эшикти шарт ачып, тыштан Толкунбек кирди. Эки уулун бир оокумга чейин алмай-термей тиктеп туруп: «Бир курсакта жаткан эгиздер да ушундай өөдө-ылдый болот экен ээ? Карасаң Жакин, бири эткел, бири арык. Эмне үчүн мындай?» – деди жылаңач жаткан балдарды аста кармалап. Ошол замат Жайнагүл күйөөсүнүн колун силкип жиберди: «Эмне эгиз эмес деген турасыңбы. Кызык. Турчу, үшүп кетишти, оро-юн». – Асан менен Үсөндү ороп бүткөнчө үнсүз катып туруп, анан Жайнагүлдү колдон алды.

– Сага сөз айтууга болбойбу. Жөн эле сага оор тиерин билбей эле оюмдагыны айтып койдум. Сенин балаң менин да балам. Айтса эмне болот экен. Деги башкача баласаак окшойсуң. – Анан ачыккан немедей бооруна кысып, бети-башынан, мойнунан, ачык турган көкүрөгүнөн туш келди аймалап өөп жатты. – Сагындым. Куса болдум. Уктасам түшүмдөн, ойгонсом оюмдан кетпейсиң! – Ушул маалда буту-колу таңылып жерде жаткан Асан менен Үсөн биринин артынан бири үн салышып, бака-шака түшүп ыйлап киришти. – Балдар ыйлап жатат коё берчи. Суранам сенден. – Толкунбек Жайнагүлдүн сөзүн укпаган кереңдей, өпкүлөй берди. Тим эле, өмүр бою аялзатын көрбөгөн адамдардай акыл-эсинен тана эзилет. Келин ушуларды эстеди. Тобо, кечээ жакында эле ушинтип бирин-бири аз күнү көрбөй калса сагынычтан сары оору болуп кетүүчү баягы махабаттуу Толкунбек менен Жайнагүл азыр өздөрүнө окшобой турду.

Ысыктан тили оозуна батпай суусаган Кына, бир-эки чакмак кант менен үч-төрт чыны чай ичип, бир тилим нан жеди. Толкунбек табакта турган дарбызды бүт кесип, өзү бир тилимин жеп, колун аарчып ордунан турду. Келин

канчалык күткөнү менен, күйөөсүнүн мүнөзү анчалык өзгөрбөдү. Экөө чечилип сүйлөшкөн да жок.

– Жакин, мен аябай чарчап турам, жатаберейинчи.

– Жата бер. – Келин ызалуу үн катты.

Кызык, жата бер дебегенде эмне дейт анан. Эркек эркек башы менен аялын сагынбаса, аялына ачылып жакшы ооз сөз айтпаса, аял сырын айтабы. Жайнагүл өзүнөн өзү туталанды. «Эмне үчүн жок дегенде адатынча эркелетип ал-жайды, айылдагы турмуш-абалды сурабайт? Эмне үчүн энеси менен сүйлөшүп көңүлүн көтөрүп койбойт. Же бизди чубашып эмнеге жетип келишти деп коркутабы?»

Толкунбек жаздыкка башы тиери менен дым тартпай калды. Анын уктап жатканын, же уктабай ойгоо жатканын эч ким билбеди. Кына да басмырт тарткан калыбында кызын алып өз төшөгүнө кетти. Асан менен Үсөндү уктатып, ороо-чулгоолорун жууп, жайып коюп, Жайнагүл жарыкты өчүрдү. Ал терезеден түшүп турган шооланы кирпик какпай тиктеп, ичи туз куйгандай ачышып, көңүлү уйгу-туйгу. Толкунбек менен мектепте окуп жүргөн учуру, анан аны менен баш кошкон күндөрү көз алдынан тартылып биринин артынан бири өтө берди.

«Толкунбек мектеп-интернатта окуп жүргөндө менден бир класс жогору эле», – деп ойлоду Жайнагүл. – Өздүк көркөм чыгармачылык кружогунун жылдызы деп, суктана сүйлөшүүчү окуучулар менен мугалимдер. Зыңкыйып өзүн тыкан, үлгүлүү алып жүрүүчү. Өз классынын алдыңкы окуучусу боло турган. Концертте комузда кол ойнотуп, Карамолдонун, Ыбырайдын, Токтогулдун залкар күүлөрүн чоң чебердик менен чертүүчү. Ооба, Жайнагүл Толкунбекти ушундай артыкчылыгы үчүн ызаттоочу. Бирок кыздын эсинен чыкпай сакталып калган дагы бир нерсе – Жайнагүл тогузунчу классты бүтүп,онунчу класска көчүп, көңүлү көккө сермелип, кубанычы койнуна батпай турган ажайып күн эле. Интернаттын ичи-тышы майрам күндөрүндөгүдөй бака-шака. Бир топтору лагерге жөнөөгө

камынып жатса, кээ бир класстар туристтик жолдомо менен боордош республикаларга барууга даярдык көрүп жатышкан. Жайнагүл болсо лагерге барууга өз классы менен экинчи потокко калган. Ал бүгүн үйүнө, болгондо да аскасы асман тиреген ак мөңгүлүү Ала-Тоонун арасында мал багып жаткан ата-энесине, өз үй өлөң төшөгүнө барат. Энеси экөө мектептен чыгып жаңы эле жатаканага келип киришкен. Аңгыча эшикти аяр чертип, тигилердин артынан удаа кирген бала сүрдөй түшүп:

– Саламатсызбы, эне? – деди эки бети чоктой албырып.

– Саламатчылык. Келегой, айланайын, – Тумар мээримин төгө өспүрүмгө карады.

– Жакин, мени кечирип кой, сени үйүнө кетип жатат деп угуп, коштошоюн деп эле кире калдым. Эне, сиз да мени кечирип коюңуз.

– Садагаң кетейин, эчтеке эмес, жогору өт, эшик алдында турбай.

– Ракмат, мен ушундай эле.

Кыздын көзүнө Толкунбек тим эле толуп турган салабаттуу жигиттей көрүнүп, сүрдөнүп турду. А Тумар болсо Толкунбекке суктана карап: «Ыймандуу, маңдайы жарык, жылдыздуу бала экен», – деп ойлоп койду ичинен.

Жайнагүлдүн унчукпасын түшүнгөн Толкунбек мындай деди:

– Биз дагы аз күндөн кийин мектеп менен түбөлүккө кош айтышабыз. Бүтүрүү экзамендерди ийгиликтүү аяктасак, уядан учкан балапандардай болуп, кош канатты сабап, алыскы сапарга илим-билим издеп жөнөйбүз. – Ал аялды уялыңкы карап минтти:– Мен Жайнагүлдү өз карындашымдай көрүүчү элем. Ошон үчүн...

– Ракмат кагылайын. «Адам болоор кишинин адам менен иши бар» дейт. Эстүү бала көрүнөсүң. Жакинди эсиңе алып, коштошоюн деп келгениңе жетине албай олтурам.

Толкунбек ошондо адегенде эненин, андан кийин Жайнагүлдүн колун кармап коштошкон. Анан эшикке чыгып баратып, кайра кайрылып бир айткан сөзү бул болгон:

– Аман болсок, ойлогон ой, көздөгөн максатка жетсек, эми экөөбүз жогорку окуу жайынан көрүшөбүз буюрса.

Кыз Толкунбектен сүрдөдүбү же энесинен жазгандыбы өспүрүмдүн сөзүнө жооп айтууга да жараган эмес. Бар болгону эки бети албырып, көз кыйыгы менен ээрчий караган бойдон кала берген. Ошол бойдон Толкунбек менен Жайнагүл экөө көрүшпөй ортодогу бир жыл бир күнчөлүк көрүнбөй өтүп кетти. Жайнагүл онунчу классты бүтүп, медициналык институтка документ тапшырды. Экзамен берүүчү күндөр жакындаган сайын лекциянын артынан лекция, консультациялар өтүп жатты.

Күндөрдүн биринде Жайнагүл китепканалардан кеч кайткан эле.

Анын үйү, тиги эле шаардын четиндеги микрорайондордун биринде болучу. Өз аялдамасына келгенде машинадан түшүп, эки жагын элеңдей карады. Көчөдөн өтүп, алма багын аралап өтүүчү жолго түштү. Түнкү беймараал убакта жалгыз басуудан жүрөксүнгөн кыз шыпылдай басып, аялдамадан узай берди. Аңгыча болбой туура тушунан, калың өскөн кара жыгачтын түбүнөн, кандайдыр бир көрүнүштөрү көзгө жат адамдардын сөлөкөттөрү суурулуп, түз эле Жайнагүлдү көздөй келатышкандай болду. Жүрөгү сестене түшкөн кыздын бүткөн бою дүркүрөп, өзүнөн өзү эле буту-колунан жан кете баштады. Көздү ачып-жумганча болбой үч жигит кызды тегеректеп калышты. Жайнагүл титиреген калыбында, тунарыңкы көздөрү менен тигилерди айланта карап денеси өлүп, кулагы тунуп турду.

– Жан соога, абакебайлар! – Оозунун ичи кургап, тили күрмөөгө араң келген кыз, титиреген калыбында үн катты.

– Үнүңдү чыгарба, – деди бирөө айбаттуу. – Жан соогалап коёт, жанынын таттуусун. Эмнең бар? Акчаң болсо тез бер. Бизге акча керек.

– Абакебайлар, тыйындан башка акчам болсо Кудай урсун. Керек болсо акча ордуна саатымды алгыла.

– Дагы эмнең бар?

– Шакегим! – деди үнү зорго чыгып.

– Тинткиле! – бирөө колун толгой кармап, билегинен саатын чечип, манжасынан шакегин сууруду. – Абакелегениңе караганда көлдүксүң го?

– Ооба, Ысык-Көлдөн келдим.

– Эмне, акчасы жок келдиң беле?

Жайнагүл коркконунан бул суроого жооп бере албай муунуп турду. Ушул саамда дагы бирөө жүзүнө үңүлө карады.

– Бах, сулуу кыз ай, балдар.

Сүйлөп жаткан жигиттин көзү менен Жайнагүлдүн көзү бири-бирине уруна түштү. Чачы саксайып, желкесине түшкөн, суркуну качкан уландын өңү Жайнагүлгө кандайдыр тааныштай учурап кетти. Жигиттин мүнөзү дароо өзгөрө түштү.

– Жайнагүл сенсиңби? – Капысынан өзүнүн атын атаган үндөн серпиле түшкөн кыз, тигил жигитти экинчи жолу жалт карап, ыйлап жиберди.

– Ооба, ооба, Жайнагүлмүн. Агатай сиз кимсиз?

Жаңы эле саатын чечип, шакегин сууруп жолдошунун бет маңдайына тура калган алиги жигит аптыга сүйлөдү:

– Балдар, бул менин карындашым тура, кокуй. Ушундай да абийирсиз жолугушуу болот экен ээ. Мен ит болдум, кечирип кой, Жакин. Т-ү-ү, мындан артык да айбандык болобу? Кана, жолдоштор, алганыңарды кайра кайтарып бергиле. Тез. – Үнү ызага буулуп, титиреп чыкты.

Жайнагүл өзү тааныбаган бейтааныш жигит менен тигилердин буйдалып калышынан пайдаланып, капастан бошонуп чыккан чымчыктан бетер, бет алды учуп келатты. Саатына да, шакегине да кайыл болду. «Башы-көзүмдөн садага», – деди ичинен, демиккенин баса албай.

– Жакин, Жайнагүл! Коркпо, менмин. – Артынан күшүлдөп чуркап келаткан үндү угуп эсине келе түштү.

Ачып көздү-жумганча артынан дегдектеп чуркап жете келген, түрү суук кишини бүшүркөй карап, муун-муунуна тийбей калчылдап турган кыз күйүккөн демин баса албай, ый аралаш энтиге сүйлөдү:

– Ракмат, агатай сизге. Бирок чынымды айтсам ким экениңизди таанибай турам. – Кыз өз бутунда өзү туралбай, тула бою жансыз дирилдейт.

– Интернатта окубадык беле? – Жигит ындыны өчө сүйлөдү.

– Интернатта?! – Таңдана түштү.

– Ооба, интернатта. Мен сенден бир жыл мурда бүттүм. Бирок өкүнүчтүү жаман жери, окууга өтпөй кулап калган болучумун. Мен сага өзүмдү айтпай деле койсом болмок. Бирок андай кылууга кудуретим жетпей калды Жайнагүл.

Кыз жигитти тээ бир оокумга чейин үнсүз тиктеп туруп, жүрөгү кабынан чыга каччудай атып кетти:

– Тол-к-ун-б-е-к! Сен-сиң-би-и?

– Кечир, Жакин.

Кыз турган ордунда, уккан кулагына ишенбегендей катты да калды.

– Шумдук, – деди бир оокумда. – Сен ушундай киши тоногуч каракчы болгон экенсиң да. Т-ү-ү, жүзүң курусун. Дагы уялбай Толкунбекмин деп коёт. Жогол көзүмө көрүнбөй. Алчуңарды алдыңар. Дагы эмне керек менден сага! Коркунучтуу, жаман адам болгон турбайсыңбы.

Жигит башын жерге салып, жер тиктеп турган калыбында желкесин кашып, күңк-мыңк этти.

– Мейлиң сөк, мейлиң ур. Сенин алдыңда айыптуумун. Шакегиң менен саатыңды эртең алып келип берем. Тигил акмактар мага ээ кылбай алып кетип калышпадыбы.

– Дагы сенин алдыңда айыптуумун деп коёт уялбай. Сенин айыбың менин алдымда гана болуп, башкалардын алдында болбой калган тура. Алып келип берем деп, саатым менен шакегиме кыйналбай эле кой. Башымдан садага. Бердим садага. Бердим силерге.

– Уксаң мени.

– Уга турган эчтеке жок.

– Узатып коёюн.

– Узатпай эле кой. Кеткин азыр.

Тигил Жайнагүлдүн каршы чыкканына болбой катар басып, үнсүз келатты. Бир оокумда жүзүн кызды көздөй жарым буруп:

– Окууга келдиңби?– деп сурады.

– Ооба, окууга келдим.

– Баягы өзүң эңсөөчү мединститутказбы?

– Ооба, мединститутка, – деди дагы эле болсо бүткөн боюнун калтыраганы тарай элек кыз.

Толкунбек бир кезде эсине түшкөнсүп, чөнтөктөрүн сыйпалап, жанынан «Астра» деген сигареттин үбөлөнүп, жарым-жартылайы күбүлүп калган бир талын алып оозуна салып, ширеңке тартты. Анын кебетесинен кемсинүүнүн, уялуунун, сүрдөөнүн белгиси сезилип турду. Бир сорумга келбей өчүп калган сигареттин калдыгын ыргытты да, бир топко унчукпай баратып минтип сурады:

– Жатаканага баратасыңарбы?

– Ушул жакта жатакана бар беле?

– А-а, баса, – деди эсине келгендей.

Жайнагүл үйүнө чукул калганын билсе да, дагы бир балекетке кабылып шорум катпасын деген ойду ойлоп, Толкунбектин жеткирип коёюн деген сөзүнө каршы чыга алган эмес.

– Жатаканада эмесмин. Бул жерде өзүмдүн бир тууган агам турат. Мына жетип да калдык. Өзүң кимдикиндесиң? – деди кыз көңүлсүз үн катып.

– Бир таанышымдыкында.

– Кайда иштейсиң?

– Эч жерде.

Кыз Толкунбекке таңдана карады. Эгерде караңгы түн болбой, күндүз болгондо, анын көзүндөгү атыла албай араң турган окту жигит даана көрмөк.

Кайрадан унчукпай калышты. Жайнагүлдүн жүрөгүн өйүгөн жара – Толкунбектин турмушу болуп келатты. «Ушундай жаман абалга жеткирген кандай каргашалуу себептер болду экен. Окуп жүргөндө зээндүү десе зээндүү, эстүү десе эстүү, боорукер, жакшы бала эмес беле. Анан эмне балекет болуп, мындай ыпылас жолго түшүп кеткен» деген сыяктуу ойлор менен туюкка капталат. Эчен-эчен сурайын деп оозун эптеп баратып, сурай албады. Чын сырын айта коёбу? Анын үстүнө бирөөнүн айыбын ачып, шагын сындырууну Жайнагүл жаратылышынан жаман көрүүчү. Ансыз да Толкунбектин өлбөгөн төрт шыйрагы келатканын кыраакы кыз баамдап келатты. Ойлонуп келатып үйүнө кандай жеткенин өзү да билбей калды.

– Мен жеттим, – деп токтой калды кыз. – Болуптур, Толкунбек ага, кош бол, – деп беш кабат үйдүн жарык чыгып турган терезесин бир карап алды.

– Жакин! Эгер капа болбосоң, мага адресиңди айтып койчу. Балким, эртең келем.

– Эртең келем дейсиңби? Эмнеге?

– Буюмдарыңды алып келип бербейимби?

– Чын эле алып келесиңби?

– Алып келем. – Жигит чечкиндүү жооп берди.

Кыз дипломатын ачып, андан алакандай болгон бир кичинекей жашыл блокнотту алып чыгып, манжалары калтырап жатып үйүнүн адресин, телефон номерин жазып, баракты айрып жигитке сунду.

– Ракмат, Жакин, капа болбой жакшы түш көрүп жат.

Толкунбек арыштай басып жолго түштү. Светтин жарыгынан анын далысына түшкөн узун чачы кыздын көзүнө ушунчалык кунарсыз көрүнүп, тынымсыз селпилдеп баратты. «Тобо, адам бузулгусу бат экен го», – деп ойлоду, жийиркене карап турган кыз башын чайкап.

Жайнагүл үйгө киргенде үрөйү учкан ага-жеңеси эшик алдынан жолукту.

– Э, кокуй, бул убакка чейин эмне кылып жүрдүң? – Агасы алая карады. – Биз сени издеп, барбаган жерибиз калбады. Айт, кайда, эмне кылып жүрдүң?

Кыз ыйлап жиберди. Анын үнүндө али толук тарай элек калтырак бар болучу.

– Башка автобуска түшүптүрмүн. Адашып кеттим, абаке. – Ойдо жок жерден калп айтты.

Жазып бербедим беле блокнотуңа. Аялдаманы болсо билесиң. Кызык кызсың го өзүң. Анан кантип келдиң?

Жайнагүл колдорун кармалап, күнөөлүү адамдан бетер жер тиктеген калыбында күңк этти:

– Биздин интернатта окуп, менден бир жыл мурда бүткөн, бир балага кезигип, ошол жеткирип койду.

– Аа, түшүнүктүү, свиданияда жүрдүм дечи. Кайда окуп, кайда жашайт экен ал жигит?

– Өткөн жылы конкурстан кулап калыптыр. Эч жерде иштебейт экен.

– Эч жерде иштебейт экен? Кызык. – Сады ийнин куушурду. – Же окубаса, же иштебесе, ал ким деген неме өзү? Окууга өтпөгөндөрдүн баары эле сопсонун иштеп жүрүшпөйбү. Акыл-эси ордунда эмес, чалагайым неме болсо керек. Ушул турмуш, ушундай сонун заманда жашап жатып, жаш жигиттин колоктоп бош жүрүшү эмне деген жорук.

– Сиз түшүнбөй жатасыз?

– Мына эмесе. Албетте, мен түшүнбөй жатам. Деги ата-эне, ага-тууганы бар немеби?

– Бар болуш керек. Өзүн жалгыз бала деп укканмын.

– Анан бул жакта эмне кылып жүрүптүр, бир жылдан бери үйүнө кетпей?

– Билбейм, сураган жокмун анысын. Бир кезде интернатта үлгүлүү окуган тың балдардын бири болучу. Эмне үчүн окууга өтө албай калды экен, ичим ооруп калды. Билесизби, абаке, анын терс жолго түшүп кеткен шыйкы бар. – Кыз мостоюп унчукпай, бир оокумга чейин эрдин кесе тиштеп жашылданып турду.

Ортодо өкүм сүрө түшкөн тынчтыкты Садынын аялы Гүлайымдын үнү бузду:

– Ай, кагылайын, бул кызды эшиктин алдына тургузуп алып, тергөөчүдөн бетер сурайсың да. Бөлмөгө кирип, жай сүйлөшүүгө болбойбу, ыя? Жүрөгой Жакин, өз бөлмөңө өтүп чечин. – Аял жерде турган кыздын дипломатын алды. – Агаңдын сырын билбейсиңби? Эми ал, сен айткан ошол баланын кайсы саат, кайсы мүнөттө, кандай абалда туулганынан тартып, азыркы сени узатып келгенине чейин казып бермейинче, ушинтип самындай эзе берет эмеспи.

– Эмне деп тантып жатасың? Бул сурабай турган ишпи ыя? Же баскан жагына басып, турган жагына тура бер деп жайына коюш керек бекен? Мен мындай ишке жол бере албайт экенмин.

Жайнагүл туфлисин чечип, бутуна жеңил тапочкасын илип, агасынын артынан ээрчип залга кирди.

– Да-а, ошондой дечи, – деди Сады эки жагын карабаган калыбында карындашына. – Кудай урган эчендер бар го, эл ичинде. Эмгектен качып, эч жерде иштебей, бөрүлөрчө түн жамынып, уурулук менен күн өткөрүп жүргөндөр жок дейсиңби арабызда. Ал жигитти сен, бала кезинде жакшы эле деп мактаганың менен уядан учканда, ким болгону билинип калды. Же жалган айтып жатамбы!

Агасынын кыраакылыгына таңдана түшкөн Жайнагүл Садыны бир демге суктана карап, көздөрү оттой жайнап турду. Ушул саамда эчен-эчен өзүнүн алдырган шакеги менен сааты жөнүндө айтып жибере жаздап барып токтоду. Көңүлүндө Толкунбектин айыбын ачып, ага-жеңесине суук көрсөткүсү келбей кетти. Сады анын бул кылмыштуу ишин укту дегенче, түрмөгө каматып салат деп ойлоду. Аны аяды. Толкунбектин «эртең кайра, алдыргандарыңды алып келип берем» деген сөзүнө ишенип турду.

Эртеси Толкунбекти күтүп, эч жакка чыкпады. Жарытып сабак окуй албады. Ой-санаасынын баары телефон менен эшиктин звоногунда болду. Эчен ирет ордунан

үмүттүү учуп туруп, үстөкө-босток чырылдап жаткан телефондун трубкасын алды. Бирок өзү күткөн адамдын үнүн уга албады. Бири агасын сураса, бири жеңесин сурайт. Дагы бирөө унчукпай тыңшап туруп, кайра илип койду. Бир демден кийин телефондун үнү кайра шыңгырады. Алсамбы, албасамбы деген эки анжы олку-солку болуп турган кыз, аппараттан көз албай бир оокумга чейин тиктеп, трубканы көңүлсүз алып, акырын үн катты:

– Алло! Алло! Бул ким? Эмне унчукпайсың?

Баягыдай эле кимдир бирөө дабышсыз тыңшап турганы, алган деминен байкалып турду. Жайнагүлдүн чыдамы жетпей, ачуулуу бурк этти:

– Эмне, дудуксуңбу? Экинчи ушинтип телефон менен ойноп турган болсоң, трубканы илбей туруп, коңшу үйдөн справочный бюрого чалып кайдан, ким экениңди билип, жазаңды колуңа берип коём. Уктуңбу? (Жайнагүл муну агасынын тажрыйбасынан билүүчү. Кимдир бирөө түнкү саат он экиден өткөндөн кийин телефон чалып, тынчын алган болучу. Ошондо трубканы илбей туруп, башка телефондон 08ге кабарлап, тартипсиздиктин кайда экенин, ким экенин билген.)

Мындай болорун ойлобогон Толкунбек шашып калганын кийин Жайнагүлгө өзү айткан. Ал өзүнүн, бир көлдүк таанышы иштеп жаткан мекеменин диспетчеринен телефон чалган болучу. Эгерде Жайнагүл азыркы айткан сөзүн аткара турган болсо, ал жердегилер бейтааныш бирөөнүн тынчын алып жаткан тентектин ким экендигин дароо тиешелүү жерге билдирип, уяткараары белгилүү болучу. Чочуган Толкунбек трубканы рычагга кандай илгенин өзү да билбей калды.

* * *

Биринин артынан бири жетпей калчудай, зымырык куштай кош канатын сабап, күндүн артынан күндөр өтүп жатты. Жайнагүл Толкунбекти күтө берип күдөрү бирото-

ло үзүлдү. Ал кат да жазбады. Телефон да чалбады. Үмүттүү Жайнагүл ушундан улам Толкунбекти киши болуудан биротоло чыгып калган, бузулган адам катары көңүлүнөн сызып салды.

Жайнагүл максатына жетти. Ал медициналык институтка кирип окуй баштаганына бир жылга жакын убакыт болду. Эми баягыдай сааты менен шакектерин эстеген сайын ичи анчалык оорубай калган. Ал алдырган шакек, сааты менен кошо Толкунбекти биротоло жоготкондой болду да калды. Кыздын жүрөгүндө жүргөн бир гана өкүнүч, баягы Толкунбекке кезиккенде жакшы кеңеш-кебин айтып, эмгекке тартууга далалат кылып көрбөгөндүгү болду.

Күндөрдүн биринде Жайнагүл институттан келип, бөлмөгө кирери менен эле столдун үстүндө додо болуп үйүлүп жаткан газета, журналдардын жаңы сандары көзүнө чалдыкты. Ошол замат өзүнүн фамилиясы бадырайта жазылган калың конвертти көрүп, катты колуна алды. «Абам менен жеңемдин кимиси үйгө келди экен»?– деп ойлоду кыз. Конвертти айландырып карады. Аягына кайдан, кимден экени жазылбаган бейтааныш колду бир демге тиктеп туруп, анан конвертти ачты. Беш-алты баракка шыгырата жыш жазылган бул каттын кимден экенин кыз дароо билди. Болду-болбоду Толкунбек болсо керек деп жүрөгү удургуй түштү. Жайнагүл тикесинен тик турган калыбында окуй баштады.

«Жакин! – деп баштаптыр катты. – Кандай сак-саламат турасыңбы? Окууң жакшыбы? Мени өлгөн экен деп жатсаң керек, түңүлүп. Шарт ошондой болуп калды. Алың жетсе айыбымды кечирип кой. Өткөн күндөрдү эстейм. Орто мектепти бүтүрүп жаткандагы максатымдын бийиктигинде чек жок экен эми ойлосом. Ошондогу биринчи эле алдыга койгон максатым окууга өтүү эле. Өзүм менен өзүм кеңешип жүрдүм кийин. Жайнагүлгө окууга өткөндөн кийин кат жазып, кабарымды билдиремин деп. Бирок максатыма жетпей, акыркы экзаменден кулап калсам болобу. Бул

менин келечегиме чабылган балта болду. Сага мындай шартта эмне деп кат жазат элем. Окууга өтпөй калганымды сүйүнчүлөйт белем. Кийин ойлосом, мен жалгыз гана сага көрүнүш үчүн, окууга өтүүнү алдыма максат кылып койгон экенмин. Экзаменден кулаган күнү, менин жашоомдогу негизги багытым болгон Жайнагүл деген бийик сепилден учуп түштүм. Көрсө, алгачкы балалык тунгуч сүйүүм сен деп ачылып, сенде калган тура Жайнагүл.

Ошентип, кайта айланып ата-энеме да, элге да барбадым. «Баягы Мансурдун уулу Толкунбек окууга өтпөй, кайра келиптир» деген сөздү угууну каалабадым. Жумуш таап ушул жерден иштеп калууну чечтим. Бир жаман жери, эч жерге учетко тура албай койсом болобу. Сени менен болгон баякы бактысыз жолугушуудан кийин, өзүң менен экинчи жүздөшпөй да, сүйлөшпөй да койсом туура болмок эле. Бирок мен анте албадым. Жүрөгүмдүн буйругун орундатпай коюуга кубатым жетпеди. Колум менен жасаган күнөөмдү мойнум менен тартышым керек болду. Бирок алдырган алтындарыңды алаканыңа салалбагандан мен кыйноонун ичиндемин. «Эр жигиттин уялганы өлгөнү» экенин мен кантип түшүнбөйүн.

Мындай жаман жолго кантип түшүп кетти дээрсиң. «Адам болуу аста, аста, айбан болуу бир паста» дегендей, бул чуңкурду кандайча жаздым басып алдым өзүм да билбей калдым. Кудайдан жашырбаган сырды, эми сенден жашырамбы. «Кыңыр иш кырк жылдан кийин да билинет» дегендей, айтпасам да эртедир-кечтир баары бир угушуң ыктымал. Андан көрө өз күнөөмдү өзүм айтып бергеним оң болор.

Ошол күн, ошол мүнөттү азыр эстесем да жүрөгүм өкүнүч менен кайгыдан оттой жанат да турат. Бардыгын жакшы өткөрүп келатып эле, акыркы экзаменден учуп түшөт деген кантип жакшылык болсун. Жер менен асман биригип, астым-үстүм түшүп, бырын-чырын чыгып калгансып, институттан көзүм караңгылап, башым айланып,

эки бутумдан жан кетип чалыштай басып зорго чыктым. Кайда бараРымды билбей бет алды басып кете бериптирмин. Бир кезде, мен бараткан бейтааныш көчөнүн аркы өйүзүнөн: «Толкунб-е-е-к, салам!» – деген үндү угуп, элее карап токтодум. Карап турсам биздин райондо бир кезде иштеп, биздин үй менен алыш-чалышы бар Эсен деген кишинин уулу Эмил экен. Ал менден аяк алып суу ичээр улуу болучу. Бирок, жашыбызда анча-мынча айырма болгону менен жаныбыз бирге курбу элек. Аны көрүп сүйүнүп кеттим. Ал да кубанды. Кучакташып көрүштүк.

– Бул жакка эмнеге келдиң эле? – деп сурады Эмил.

– Окуугa! – дедим түнөрүп.

– Өттүңбү?

– Акыркы экзаменден кулап калдым.

– Кулап калдым дечи. Эчтеке эмес, окубаган кишилер өлүп калыптырбы. Балким, келеркиде өтөрсүң.

– Ооба, келеркиде өтүүгө аракет кылып көрөм дечи, бирок бир жаман жери, ортодо бир жыл өлүп жатпайбы. Аскердик милдет да моюнда. Балким, солдатка кетип каламынбы, билбейм. Азыр эчтеке чече элекмин. Өзүң окуп жатасыңбы? – дедим.

– Өткөн жылы өткөн элем. Бирок кийин өзүм окугум келбеди. Кышкы семестрден кийин таштап койдум.

Оозум ачылып, көздөрүм чакчая түшсө керек. Эмил мени далыга чаап, үнүн баатырсына чыгарды.

– Эмнеге мынчалык таңгаласың? Тим эле эсиң ооп кетти да, ыя дос!

– Ой, эс ообой турган жорукпу. Окууга өтүп алып, окубай таштап койгон кантип жакшылык болсун. Түү, ушундай экенсиң ээ. Эл окууга өтө албай жүрсө, сен...

– Койчу, эми, өткөн ишти козгобой. Менин ордумда сен болсоң, сен да окубай калмаксың. Билбей туруп, эмне кереги бар тыңсынып. Атам өлгөндөн кийин апам оорукчал болуп калды. Эки жылдан бери төшөктө. Аны уккандырсың. Менден кичүү бөбөктөрүм жаш. Эң кичүүсү мек-

тепке быйыл барат. Балдарды интернатка өткөрөлү дешсе, апам болбой койду. Көзүм өткөнчө маңдайымда чогуу турушсун дейт.

Эмилдин айткан сөздөрүн угуп, жүрөгүм эзилип турду. Мен булар жөнүндө мурун эмне үчүн ойлогон жокмун деп кейип турдум. Бир аз унчугушпай тургандан кийин Эмил мага карады:

– Эми өзүң эмне кылсам деп турасың?

– Билбейм. Үйгө кетем го.

– Жүрү биздикине, кетээрсиң кийин.

Мен Эмилди көрүп, бир тууганымды көргөнсүп, төбөмдөн ылдый басып турган оор жүктөн жеңилдей түшкөнсүп калдым. Жолдо келатып Эмил мага:

– Толкунбек, сенде акча барбы? – деди ындыны өчүп.

– Бар. Эмне кыласың?

– Эмне кылганды сурап эмне кыласың. Канча акчаң бар?

– Жүз сомго жетеби, жетпейби, билбейм.

– Мейли канча болсо, мага карыз берип тур. Бир-эки күндө кайра берем. Бир жаман ишке чалдыгып калдым.

– Кандай жаман иш? – дедим чочуп.

– Алган айлыгымды уттуруп жибердим.

– Кимге?

– Карта ойногон балдарга. А үйдөгүлөр болсо, менин айлыгымды күтүп олтурушат. Куру кол баргандан коркуп жатам апамдан. Анын үстүнө биринчи маянам эле.

Чөнтөгүмдө болгон бардык акчаны сууруп, Эмилге карматтым. Ал санап алды. «Соодада достук жок» – деди мага карап, эстүүсүнүп.

– Сени бул жакка кандай периште айдап келди экен ыя, досум. Эми сенден суранаарым, «менден Эмил карыз акча алды эле» деп оозуңдан үйдөгүлөрдүн эч кимисине чыкчу болбосун.

Эмил экөөбүз үйгө ээрчишип кирдик. Аккыз эже мени дароо көрүп тааныды.

– Э, кагылайын, сен Толкунбексиңби? Жакшы турасыңарбы? Келчи бери, бетиңден өөп коёюн. Оо, чоң азамат болгон турбайсыңбы. Аман бол балам, аман бол.

Эже менен учурашып, ал-жайын, ден соолугун сурап жанында турдум.

– Бул жакка кандайча келип калдың, балам?

– Окууга келиптир, апа! – Менден мурун Эмил жооп берди.

– Кайсы окууга келдиң эле? Өттүңбү анан?

– Өтпөй калдым, экзаменден кулап. – Күнөөлүү адамдардай шылкыйып жер тиктедим.

– Ат-а-а, атайы келип окууга өтпөй калганың жаман болгон тура. Тигил байкуш балам өз күчү менен өтүп алып, мага карап таштап койбодубу. Биздин турмуш ушундай, балам. Төшөктө жатканыма эки жыл болду. Башкасын тилебей ден соолукту тилей турган экен. Ден соолугуңар болсо, бардыгына жетишесиңер. Минтип ойноп ойну, күлүп күлкүсү канып, окуп окуусун бүтө электе Эмилимдин мойнуна бир чоң үй-бүлөнүн милдети жүктөлүп олтурат. Кабыргасы катып, балтыр эти толо электе оор жумушка кирип алды. Айла жок, атасынан алган сексен сом эмнеге жетет. Бардыгы ичээрман, жээрман. Күндөн-күнгө булардын кийген кийими да, курсактары да чоңоёт экен. Эсендин тапканына эсирип жүрүп, эч жерде иштебей да калыптырмын. Көкүрөк семиз кезде мындай күн башка түшөт деп ким ойлоптур. Бир жерде иштеп, элчилеп эмгек кылган болсом, өкмөттөн ай сайын, башкалар алган акчаны мен дагы алып турмак экем. «Жоо кеткенден кийин кылычыңды ташка чап» болуп, эми түштөн кийин өкүнүп отурам. Мына ушундай, Толкунбек балам.

– «Оо, бири кем дүнүйө», – дейм ичимден кейип. Бир кезде булар кандай жашоочу эле. Тим эле киреше деген түндүгүнөн куюлуп, эшигинен да, тешигинен да май агып туруучу эле. Аккыз эжеге боорум ооруп, жүрөгүм сызылып оюм онго бөлүнүп турду.

– Тыйын алдыңбы? Же бүгүн да алалбай куру кол келдиңби?

– Алдым апа. Туура токсон беш сом жазыптыр мага.

Эмил эмелеки менден карыз алган акчаны жанынан алып, чогуусу менен Аккыз эжеге сунду.

Эненин эки бети нурданып, колуна алган он сомдук кагаздарды бир демге тиктеп туруп, мурдуна алып барып шуу-шуу жыттады.

– Эмилимдин таман акы, маңдай теринен табылган акча. – Балдарын жанына чакырды. Бардыгы жарданышып, командирден команда күткөн жоокерлерге окшоп, энесинин жанына келип туруп калышты. – Мына бул акча Эмилдин тырмак асты. Зыйнат сен камыртуруш чалып, тезирээк камыр жууруп жибер. А Эмир сен, бир бөбөгүңдү ээрчитип алып дүкөнгө барып, таттуу-паттуу, анан май алып кел. Башка дагы эмне аларды азыр мен кагазга жазып берем.

Менин көзүмө бул үйдө бир чоң салтанат болуп жаткандай болуп көрүндү. Тим эле майрам. Камыр ачып, нан жасалып, көк буусун көккө бүркүп ак самоор да кайнады. Аккыз эже дасторконду жайдырып, жаңы эле чоң чарага толо бышкан май токочторду алып падноско төктүрүп, беш-алты идишке кант менен конфетти, печеньелерди үйө салдырып, ак майдан томуртуп, кудум конок келүүчүдөн бетер жайнаттырып салды. Бардыгы даяр болгон кезде таза төр төшөктөн, анын үстүнө жууркандардан алып калыңдап салышып, чоң-чоң куш жаздыктарды жаздап, эжени кроваттан көтөрүп келип, ошол жерге отургузушту. Колун жуугандан кийин Аккыз эже кош алаканын жайып минтип бата кылды:

– Ак жолуң ачылсын, Эмил балам, ылайым кем болбо. «Иштесең тиштейсиң» деген ушул. Кудай берет деген мындан артык болобу. Зоболоң көтөрүлүп, турмушуң ушул дасторкондой ар дайым ырыскыга толуп, берекең төгүлүп турсун. «Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп синди өсөт»

дегендей, бөбөктөрүң да өзүңдү тартып эмгекчил болсун. Эми атаңар иштебей кеткен ишти силер иштеп, атаңар сүрбөй кеткен өмүрдү силер сүргүлө. Эмгек эрди эрезеге жеткирет, балам. Жолуң шыдыр, ишиң илгери болсун. Оомийин!

Аккыз эже, уулуна ушинтип ыраазычылыгын билдирип ак батасын берип, кубанычтан көздөрүнө жаш айланып, эриндери эмшеңдеп кетти.

Мен бир кезде Эмилди карасам, эрдин кесе тиштеп, өңү өчүп жансыз сөлөкөттөй болуп катып туруптур. Анан дагы сүйүнгөн-сүйүнбөгөнү билинбеген Зыйнаттын көздөрү ботонукундай жайнап, бир сырдуу. Чай ичилип бүттү. Апасын кайра ордуна көтөрүп барып жаткырышты. Менин оюм чалды-куйду. Өзүмдөн өзүм көңүлүм бузулуп, башым зыңылдап, мээм кысылып турду. Эмне үчүн Эмил өз турмушун өзү билип туруп, карта ойноду экен? Мунун өзү да кумар да. Түү, айтыш керек. Кокустан Аккыз эже бирдеме болуп, ары карап кетсе бөбөктөрүн кантип багат бул.

Эмил экөөбүз ээрчишип эшикке чыктык. Бир кичинекей тепкедей жерде огороддору бар экен. Алакандын отундай бош жерин калтырбай айдашыптыр. Помидор, пыяз, жусай дегендер тектир-тектир болуп ирети менен сонун себилиптир. Ичинде бир тал чөп жок. Сарамжалдуулук менен өстүрүлүп жаткан жашылчаларга суктана карап турган болчумун.

– Менин бөбөктөрүм иштегенди билишет бекен?

– Билгенде да кандай дейсиң. Кыштакта мындай иштөө кайда. Балдар эмес чоң кишилер мынчалык аракет кылыша алышпайт. Баса, мен сенден бирдеме сурайын деп турам.

– Айт.

– Кайда иштейсиң?

– Менби? – деди ал.

– Ооба, сен, – дедим мен.

– Чынымды айтайынбы?

– Албетте, чынынды.

– Чынымды айтсам, азыр эч жерде иштебейм.

Эмилдин сөзүн угуп үрпөйө түштүм.

– Койчу, кантип эле?

– Ушинтип эле, – деди Эмил суздана сүйлөп. – Мындан эки ай мурда курулушка жумушка киргенмин. Бирок чыдап иштей албай койдум. Анын үстүнө андай жерде иштеш үчүн атайын алган билими болбосо, адам кор болучудай. Жумуш оор. Таштап койдум.

– Анан эмне үчүн апаңа чыныңды айтпадың? Оорулуу киши кокус угуп калса, капа болот да. Капалык ооруга оору кошоорун билесиңби?

– Билем. Билип туруп айта албадым. Бирок курулуштан тапкан акчаны мындай деле табууга болот экен.

Таңдана түштүм.

– Кандайча?

– Э-э-й дос, акча табыштын оңой жолдору, билсең көп болот экен.

– Көп болгону ушулбу? Ой жолуң болгур десе. Кумар ойногон адам жарыбайт дечү атам. Анча-мынча курулуштан алган акчаңды уттуруп жиберип, эки колуңду мурдуңа тыгып калганың кантип жакшылык болсун. Сенин иштебей калганыңды үйдөн эч ким билбейби?

– Билет.

– Ким?

– Зыйнат. Оо, ал эстүү кыз. Жок-барды билгизбей турган ошол карындашым. Апамдын кирпигине кир жугузбай баккан да ошол. Өтө чыйрак. Ушунча түйшүк оңойбу. Жүдөп койбойт байкушум.

– Эченчи класс окуйт?

– Быйыл сегизинчи классты мактоо грамотасы менен бүтүрдү. Көркөм сүрөтчүлүк окуу жайына кирип жатат.

Экөөбүз унчугушпай калдык. Мен ушул саамда Жайнагүл сени эстедим. Сен дагы окуунун отличниги эмес белең. Буюрса келеркиде мектептин уясынан учуп, Фрунзеге ке-

лет деп ичимден ойлоп турдум. Бирок өзүмдүн экзаменден кулап калышымды эстегенимде ичим сыйрыла түштү. Өзүм окууга өтүп, студент болуп алып, сени келерки окуу жылында жарык маанай менен тосуп алалбагандыгымды ойлой берип, өкүнүчтөн өзөгүм өрттөнөт.

Ушул саамда алдыбыздан Эмилдин азыркы мактап жаткан карындашы өтүп калды.

– Каралдым, акылдуу кыз. Таланттуу. Бардыгына көзү жетип, түшүнүп турат. Энеме айтпаган сырымды ушул карындашым менен бөлүшчү болдум. Мен жумуштан бошоп калгандан бери аябай капа, – деп Эмил өкүнүчтүү кобуранып койду.

Эмилдин эч жерде иштебей, көчө таптап жүргөнү аз келгенсип уттурган маянасынын ордуна чөнтөгүмдү кагып алганына өкүнүп, тилимди тиштеп турдум. Бирок көз алдыма Аккыз эженин өлүү менен тирүүнүн ортосунда, арбактай болуп эти кетип, сөөгү калган сөлөкөтү тартылганда, оюм сынган айнектей бычырап кетти.

– Эже, – дедим бир күнү өзүм чече албаган оюмду ортого салгым келип, – эгер мен кайра үйгө кетпей эле, ушул жерден жумуш таап иштеп калсам кандай болор эле. Келеркиде баары бир кайра тапшырууга туура келет.

– Ооба, ооба, ошент алдыңа кетейин. Тигил Эмил иштеген жерге эле орношуп ал. Чогуу иштеп, чогуу болгонуңарга жакшы, – Аккыз эже үргүлөп кетти. Эмне деп айтарымды билбей дымый түштүм. Оо, байкуш эже, уулуңдун иштебей жүргөнүн уксаң эмне болуп кетээр экенсиң. Мен үйгө барып келүүгө да каражатым болбой карайлап калдым. Эмил мени өзү менен барган жерине ээрчитип кетүүчү болду. «Түнкү сменде иштеймин», – деп үйдөн чыгып кетип түндүн бир оокумунда келүүчү адаты бар экен.

Ал эми Аккыз эже дагы эле Эмилдин айлыгын күтүүдө. Акча алып келсе Зыйнат менен биринчи класска баруучу баласына кийим алып берүүнү айтып, Эмилдин кулагына кумдай куят. Үйдө болсо жетишсиз, өп-чап турмуш өз

өкүмүн сүрүп жатты. Түштө суу кесме болсо да ысык тамак дайым болот. Аны идиштерге тегиз куюп, үстүнө бир чымчымдан майга куурулуп майдаланган тооктун жумурткасын себелеп коёт. Тим эле даамдуулугун сураба, ракаттанып олтуруп ичебиз.

Бир күнү Зыйнат түшкү тамакка кесме эмес, башка тамак даярдаптыр. Мен мындай тамакты буга чейин жеп көрө элек болчумун. Азыр «дүмдөмө» жейбиз деп балдар дасторкон жайып жатышты. Зыйнат аңгыча чоң табак менен бир кылып жалаң жашылчалардан аралаш бышырган оокатты көтөрүп келип ортого койду.

– Апам ооз тийсин, жутунбай коё тургула! – деп кыз колундагы тарелкага «дүмдөмөдөн» салып, энесинин астына дасмал жайып, колуна кашык карматты.

– Эт менен болсо, во! Сонун болот эле ээ, апа, – деди балдардын бири баш бармагын көрсөтүп.

– Эт эмес, үстүнө куйгандай бир кашык май жок болуп жатса, этти кеп салат. – Зыйнат бөбөгүнүн сөзүн жактырбагандай күңк этти.

– Этсиз, майсыз деле жегиликтүү болуптур. Ушуга да каниет балам. Эт менен май жеп жүрүп кана мүйүзүңөр чыкканы, – деди Аккыз эже.

– Мен стипендия алганда дүмдөмөнү эт менен жасап берем.

– Качан аласың?

– Окуугa барганда.

– И, иш оңолот деген ушул. Эжеңер тигинтип сүрөтчүнүн окуусуна өттү. Агаңар болсо иштеп жатат. Эки-үч күндө атаңардын пенсиясы келет. «Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет» – дейт, балдарым. Аман болсоңор баары болот.

– Чайың барбы Зыйнат? – деди Эмил.

– Бар. Азыр байке.

– Мен да чай ичем. – Балдар туш-туштан чыкты. Зыйнат баарыбызга чай куюп алдыбызга койду.

– Кант кана? – деди Аккыз эженин кенже уулу.

– Кант жок, ичпейм.

– Ичпесең ичпе, – деди кыз.

– Кант алып кел! – Кашыгын стол үстүнө ыргытты.

– Кайдан?

– Дүкөндөн.

– Акча жок болсо деле, бере береби?

– Эмил байкем баягыда акча алып келбеди беле.

– Аны түгөтпөдүкпү. Чыдап тур бир-эки күн. Тетигил конфеттен тиштеп ичсең эң сонун болот. Ишенбесең ошентип ичип көрчү...

Бала алдаганга болбой кант сурап ыйлап баштады. Аккыз эже муну карап туруп, дүмдөмө жеп жаткан кашыгын тасмалдын үстүнө койду.

– Ай, Эмил, бери мени карачы.

– Эмне болду? – Өңү өчө түштү.

– Эмне болгонун көрбөй турасыңбы. Качан аласың маянаңды?

– Билбейм, берет го.

– Билбейм, берет го! Ушул да сөз болобу. Үйдө баары түгөндү. Баш-аягы төрт айдан ашты иштегениң. Ошондон бери алып келген акчаң өгүңкү. Андан бери иштегениң канча болду деги. Мен бул жөнүндө директоруң менен кат аркылуу болсо да сүйлөшпөсөм болбой калды го, балам. Алар сени баласынтып жатышабы дейм.

Эмилдин өңү жанакыдан да кубарып, каны качып турду. Энесин жалдырай карады:

– Акыры берет да. Ал жерде иштеген жалгыз мен эмесмин да, апа.

– Э, Кудай, ошол курулушта иштеген жумушчулардын баары эле тамак ичпеген, кийим кийбеген, үй-бүлөсү жок жалгыз бой немелер бекен. Болбосо, тирүү жан болгондон кийин кантип үч-төрт айлап акча албай чыдашат. Жалгыз тоокко да жем керек эмеспи.

Эмилдин жаак эттери түйүлүп, күрөө тамыры көбө түшүп корс этип, энесин алая бир карап алды:

– Мен болбосом кантет элеңер? Акча бербесе кассага ууруга кирейинби. Жатып алып түшүнбөй эле, кемирип-кесип тилдегенден башканы билбейсиң.

Эженин өңү мурункудан да агарып, бир башкача болуп кетти. Эриндери өзүнөн өзү эмшеңдеп, көздөрүнүн чарасына жаш толо баштады.

– Кудай сага ушинтип күнүбүздү түшүрүп койбодубу. Атаңар өлгөнчө мен өлүп калсам эмне. Оо, акылсыз балам, ара жолдо жаткан апаң менен кантип уялбай айтышып олтурасың. Мен сенин иштеп жүргөнүңө күмөнмүн. Дагы жатып алып деп коёт. Алты саным аман, дени-кардым соо болсо сенин көзүңдү ушунтип карайт белем.

– Күмөн болсоң эмне кылайын.

– Бай-ке-е! – деди Зыйнат ордунан учуп туруп, агасына сөөмөйүн кезеп. – Апамды капа кылууга эч кимибиздин акыбыз жок.

Кыздын жашы мөлт дей түштү. Анан эне жытын сагынган эликтин чаарчыгынан бетер, Аккыз эженин жанына барып, апасын мойнунан кучактап, бетин бетине тийгизди. – Койчу апа, ыйлабачы. Сизге капа болууга жарабайт да. Жакшы болуп келатып эле, кайра өзүңүздү өзүңүз бир заматта бузуп аласыз... Сиз болбосоңуз биздин көргөн күнүбүз күн эмес эле, түн болбойбу. Көзүңүз жылтырап, ушинтип тирүү жатканыңыз биз үчүн дөөлөт эмеспи, апа.

Аккыз эже көз жашын сүртүп, күлүмсүрөп койду.

– Мен өлсөм кайра силерге жакшы болот, балам. Өкмөт бар, ырысыңар бар. Кор болбойсуңар. Илгеркидей жетимдик барбы азыр.

– Койчу, апа, сен бардагыдай бакыт бизге кайдан болсун. Тил алчы, капа болбочу.

Эмил энесинин жанына туруп барып, каргылданып минтти:

– Кечирип койчу, апаке мени. Экинчи мындай болбойт. Мен капачылыктан эле...

– Ооба, ооба, Эмил байкем туура айтат, апа. Бардыгы жетишсиздиктен болуп жатат да. Өзүң айткандай, өлбөй тирүү болсок болот да баары. Кантип эле ушул бойдон жетишпей өтүп кетели. О-о-й, апаке, уулдарыңдын эр жеткенин, кыздарыңдын бой жеткенин көрсөң экен. Биз сени ошондо жер менен учам десең жер менен, асман менен учам десең асман менен учуруп ушул күндүн эсесин чыгарабыз. Балдарыңдын алдына койгон максаттары чоң экенин билесиң апа. Бири учкуч болом десе, бири врач болом дейт, бири педагог болом десе, бири инженер болууну каалайт. А мен болсом художник болмок болдум. Кагылайын апа, ойлоп көрчү өзүң, тим эле туш-тушуң кыбыла. Биздин убайыбызды көрүш үчүн өзүңдү өзүң кармашың керек. Айтпады беле врач деле, акырындык менен жакшы болуп кетесиз деп. Көңүлдү чөгөт кылып, капа болууга жарабайт деп келген сайын какшайт. А сен болсоң врачтын айтканын аткаргың келбейт.

Зыйнат бул сөздү энесине, тим эле жан-дили менен берилип, ишенимдүү сүйлөп жатты. Аккыз эже кызынын сөзүнө эреркедиби же ошол балдарынан көрүүчү келечектеги бактылуу күндү көрбөй эрте өлүп кетээрин ойлоп кейишке түштүбү, айтор, өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлап жатты. Ал уул-кызына айтайын деген сөзүн да айталбады.

Зыйнат чындыгында эле эстүү кыз болчудай. Баралына келип, багы ачылса экен дейм ичимден. Аны бир күндө канча көрсөм, ошончо жолу сен эсиме түшөсүң да турасың. Сени көргүм келип, сени сагынам.

Булардын жокчулук жөнүндө айткан сөздөрүнүн мага тиешеси болбосо да, бардыгын өзүмө ала берем. Ушундай күндө, аз тамагына алкымды агытып, ортоктош болуп олтурганыма өкүнө баштадым. Же Эмилге берген акчамды айта албайм. Келген күндөн бери жанымдан жарты тыйын чыгарып бербегениме уялып, үйгө батпай калдым. Эмнеси болсо да үйгө барып келейин деп ойлодум. Эсен агадан келүүчү пенсиясын алгандан кийин, Зыйнаттан он сом алып, көлгө жөнөп кеттим.

Атам менен энем Аккыз эжелердин абалын угуп аябай кайгырышты. «Эсен маркумдун жакшылыгын көп көрдүк эле. Бир белден ашырып коёлу, байкуш жетимдерди» дешип, эки уюнун бирин сатып, бир тыйынын коротпой, мага аманат беришти. Бир чоң сумкага тамак-аш салышты. Өзүм жаңы окуу жылына чейин ошол жактан иштемек болуп, учеттон чыгып жөнөп кеттим.

Мен Фрунзеге келип, автобустан түшөрүм менен Эмилге кезигип калсам болобу. Ал бул жерге эмне жумуштап келгенин чаргытып айтпай койду. Баягыдай, акча да сурай алган жок. Экөөбүз үйгө келдик. Мен Аккыз эжеге атам менен энем «аманат» деп берген акчанын бир тыйынына тийбей, түйүнчөккө түйүлгөн бойдон колуна бердим. Ошондогу ал кишинин сүйүнгөнү менин эсимден али кете элек. Адам өтө кубанганда да ыйлай турганын, буга чейин мен эч билбептирмин. Эже ыйлап да, ата-энемди алкап да жатты. Сыягы, мындай болот деп үч уктаса түшүнө кирбесе керек. А балдарычы. Тим эле сөз айтпай көздөрү кубанычтуу жайнайт. Ар биринин балбылдаган оттуу каректеринде, түгөнбөс кенчке жолуккандай болгон, сөз менен айтып түгөткүс кереметтүү жазуу бажырайып тургансыды. Бардыгы күлүмсүрөйт. Алардын кичинекей жүрөктөрү көөдөндөрүндө кубанычтуу тыбырап жатканын мен билип турдум.

Ушул бакыбат сонун көрүнүштүн кайталангыс картинасын көрүп туруп, көңүлүмдө алкап жаттым: «Оо, менин алтын атам, асыл энем, силер кимдерди кубантып, кимдерге жакшылык кылаарды билген жоомарт адам турбайсыңарбы», – дейм.

Энем бир индюк, эки турк союп, сүзмө, кебектин арасына салып жумуртка, дагы мөөнгө куйган сары май берген. Бул күнү булардын үйүнө береке кирип, бардар адамдардай болуп, тим эле казан-аягы батырап калды.

Менин жанымда үйдөн алып келген анча-мынча акча бар болучу. Бир күнү Эмил мага мындай деди:

– Толкунбек, эгер мен сага бир сөз айтсам макул болор белең?

– Айтып көр.

– Билесиңби, баягы кумарчы балдар мени таш жалак калтырып утуп алгандарын. Ошол акчаны эстесем эмдигиче ичим оттой жанат. Түнү бою ошолорду ойлоп, кирпик көзүн какпай чыгуучу болдум. Эгер макул десең, сенин акчаң менен бир кирип көрбөйбүзбү. Утуп калсак ажеп эмес. Анан дагы сен келгенден бери түнкү жортуулга чыкпай калдым. Болбосо карталык акчаны көчөдөн эле таап алуучу элем.

Таңдана түштүм. Мен картага эмес, түнкү жортуул деген сөзүнө түшүнбөй турдум.

– Карта ойносоң дагы эле утуласың. Ал эми түнкү жортуул дегениң эмне?

– А балким, утуп калаармын. Эгер бул сапар дагы уттурсам, түнкү жортуулду сага, ээрчите барып көрсөтөм.

– А кумарчылар, мурунку бересеңди сурашсачы?

– Сүйлөшкөмүн аны. Албас болушкан менден. Билесиңби, бүгүнкү түн, балдардын кумар ойноочу күнү. Мени чакырып кетишти.

Эмилдин сөзүн угуп, менин да делебем козголо баштады. Булар кантип карта менен акча утушат болду экен деп, кумарчылардын ойнун көргүм келди. Эмил экөөбүз кечки тамакты чала-була ичип алып, үйдөн чыктык. Биз жаңы эле дарбазага жеткенде, Зыйнат артыбыздан ээрчий чыгып, агасын токтотту.

– Кайда баратасыңар?

– Концертке. Апам сураса жумушка кетти деп кой.

– Концертке деп коёт, калп эле. Кайда бараарыңды мени билбейт деп турасың го, ээ. Көргөм сенин кумарчы досторуңду. Тил алчы байке, ошолор менен байланышыңды үзүп койчу. Толкунбектин да убалына калганы турасың.

Эмил карындашын бир демге тиктеп туруп, колун бир катуу силкип алып, дарбазадан чыга жөнөдү. Мен бир демге

эмне кылаарымды билбей, эки анжы болуп, Эмилдин аркасынан ээрчий бастым.

– Толкунбек байке, – деди Зыйнат, ыйлап жиберчүдөй ызалуу үн менен, – ал барса да сен барбачы, тилимди алчы. Артынан барып айтчы Эмилге, кайра тартсын. Көрөсүң го, бул жүрүшү аны жакшы жакка алып барбайт. Ай Кудай ай, кантем эми.

Мен Эмилге жете келдим. Кумарга барбай эле коёлу деп өтүндүм. Зыйнаттын капа болуп калганын айттым. Бирок ал уккан жок, мени. Биз ушинтип бирибиздин сөзүбүздү бирибиз укпай жүрүп олтуруп, үчүнчү көчөгө жеткенде бир туюк көчөгө салынган, үстү майда кызыл черепица менен жабылган эски үйгө туш келдик.

– Аа, келдиңби, – дешти балдар.

– Коркпой эле коногуң менен жогору өтө бер. Булар менен сенин карызың жөнүндө сүйлөшүп, бир жумага кечирим кылып созуп койдук, – деди узун бойлуу чымырынан келген кара тору жигит.

Эмил экөөбүз жогору чыгып, көрсөтүлгөн орунга барып олтуруп калдык. Бардыгы шайдоот, бардыгы көңүлдүү дүүлдөшөт. Биринен бири тыңсынып, биринен бири билимдүүсүнүшөт.

Карта ойноо узакка созулду. Эми жанагы жайдары меймандос мүнөздөрүн бирөө уурдап кеткенсип, дароо өзгөрүштү. Сугалак ач көздүк менен талашып-тартышуулар барган сайын күч алып баратты. Бири-бирине бирде уттуруп, бирде утуп жатышты. Эмил картаны чындыгында эле жакшы ойнойт экен. Бул сапар Эмил үч сом менен жыйырма сом утуп алды...

Кумарчылардын жанында жүрүп, карта ойноону мен тез эле өздөштүрүп алдым. Бирок бир нече жолу ойноп, бир жолу да утушка ээ болбогонум мени чүнчүтүп жиберди. Жанымда болгон акчадан бүт кагылдым. Анткени менен «Жыгылган күрөшкөнгө тойбойт» дегендей, үмүтүм үзүлбөй, акыл-эсимдин баарын карта деген балекет ээлеп алды.

Эмил экөөбүз үчүн акча табуу – биринчи максатыбыз болуп калды. Мен бир күнү «түнкү жортуул» жөнүндө Эмилден дагы уктум.

– Акча таппасак болбой калды. Маянамды энем сураса эмне деп жооп айтам. Анын үстүнө тигил балдарга экөөбүз тең карыз болуп калдык. Эмки оюнда ала барып кутулбасак, экөөбүздү бирдей асып салышат алар.

– Түнкү жортуул, түнкү жортуул эле дейсиң, ал эмне деген жортуул? Же тышка барып мал уурдайсыңарбы? – дедим. Жортуул деген сөздүн жакшы эмесин түшүнгөнүм менен ачыгына көзүм жетпей турду.

– Жортуулду барганда көрөсүң, – деди Эмил, анын жаймаанисин түшүндүрбөй эле.

Ошол күндүн түнүндө дагы эки бала болуп төртөөбүз көчөгө чыктык. Балдардын сүйлөшкөн сөздөрүнөн улам, түнкү жортуулдун маанисине дароо түшүндүм. Булардын көздөгөн максаты бирөө гана экен. Ал болсо: эркектики болобу, аялдыкы болобу, өңчөй суусар, кундуз тумак менен тебетейге ууга чыгышат экен. Күн кыскарып, суук түшүп, адамдар жылуу кийимдерин кийип калган учур болучу. Бул күнү анчалык жолубуз боло берген жок. Эмил баш болгон үч бала ар кайсы үйгө бөлүнүп-бөлүнүп кетишти. Анткени алар подъезддерге кирип, караңгыда жашынып турушуп, жумуштан үйүнө келаткан адамдардын башындагы тумагын жулуп кетишет экен. Айтор, эки тумактуу болуп кайттык. Алар ошол эле замат өздөрүнүн товарларын алуучу аларманга алып барып, акча алып чыгышты.

Ошентип, Эмил экөөбүз кичине акча боло калса эле карта оюнуна жөнөчү болдук. Бара-бара мен кийим үчүн да, тамак үчүн да акча издебей эле, жалгыз гана кумар ойнош үчүн акча табуунун аркасынан түшүп калдым. Качан болсо да бир утуш чыгып, тигилерге уттуруп кан жуткан күндөрүмдүн акыбети кайтаар деген үмүт менен жашай бердим.

Ошентип, акча деген балекеттин айынан менин адам тоногонго чейин жеткенимди өзүң көрдүң го. Анан калса сага кезиккен түнү акча бизге ушунчалык зарыл керек болучу. Эмилди иштеп жүрөт деп Аккыз эжени ишендирип, ай сайын уурдап тапкан акчадан маяна үзбөй берип турдук. Акыры биздин, ар кимдин көз жаш, көкүрөк дартын аркалап тапкан табылгабызга мойноп жүрүп Зыйнат да көндү. «Малыбызды» алып туруучу кардарыбыз аял болучу. Анткени биз дүнүйөбүздү өтө эле марттык менен арзан өткөрчүбүз.

«Алдырар күнү жаздырар» болуп, ошол мезгилде Эмил экөөбүз тең үйдө жок болуп калыптырбыз. Зыйнат болсо окуусунан кеч келүүчү. Ушундай беймараал кезде күтүлбөгөн жерден баягы биздин «аларманыбыз» келип, төшөктө жаткан Аккыз эжеден минтип сураптыр:

– Мени кечирип коюңуз, замандаш. Эмил менен Толкунбек деген балдар ушул үйдө турушабы?

– Ооба, ушул үйдө турушат, – деп эже төшөктөн башын көтөрө берип сураптыр. – Деги жайчылыкпы?

– Жайчылык эле. Сиз деле билсеңиз керек, аларманы мен эмесминби. Мага аялдын бир суусар бөркү керек болуп, ошону айтайын деп келдим эле.

– Суусар бөрк дейсизби? – Аккыз эже таңдана сураптыр. – Кагылайын сиңдим, андай баалуу бөрктү кайдан табышат булар?

– Менден чочулабай эле коюңуз. Адамдын ажатын ачканым болбосо, абийирин ачкан жан эмесмин. Алар алып келген аял тумак болобу, эркек тумак болобу, кайра сөгүп, түрүн өзгөртүп, ичин башка менен ичтеп, жигин билгизбей кайра жасайм.

– Жасап аны эмне кыласың?

– Э, кокуй, сатпайымбы. Жан багыш керек да.

– Сиз менин балдарымды, аты уйкаш башка бирөөлөр менен алмаштырып жатат окшойсуз. Алар андай кымбат

баалуу тебетей менен тумактарды кайдан тапмак эле. Барыңыз, андай соодагерлер мында жашабайт.

– Кантип жашабайт? Так ушул үйдө жашайт алар.

– Жашаганы менен да менин балдарым андай жаман ишке барбайт.

– Актанбай эле коюңуз. Өз уулуңуз Эмил да, аяш уулуңуз Толкунбек да ууру. Эч жерде иштебесе, акчаны кандай таап жатат деп ойлобойсузбу, акылыңыз болсо. Тим эле төө турбайсызбы, чайнаганды билип, жутканды билбеген.

– Жок, жок, жалган айтпа антип. Эмилим иштейт да курулушта.

– Мына, иштейт. – Аял бармагын салаасынан чыгарып көрсөтүптүр. – Балдарыңыз келсе, мени келип кетти деп айтып коюңуз. – Анан ал шарт бурулуп чыгып кетиптир...

Биз келгенде Аккыз эже керебеттен учуп түшүп, жерде ич кийимчен томолонуп жатыптыр. Жанында турган Эмир менен Темир, Кымбат үчөө энесинин үстүнө түшө калып: «Апаке! Апакебайым!» – дешип, кулундай чыңырып жатышканын көрүп, жүрөгүм атып кетти. Мен ал кишини өлүп калган экен деп ойлоптурмун.

– Апа-ке-е! – деп Эмил энесин көздөй шашты. – Эмне болду сага? Жерге ким түшүрдү?

– Эч ким түшүргөн жок, өзү кулап... – Эмир үңүлдөдү.

Аккыз эже көздөрүн бардап, экөөбүздү алмай-термей карап алып, таза колу менен өз башын өзү койгулап, улупуңшуп ыйлап жиберди. Эч нерсеге түшүнбөгөн биз, эженин төшөгүн ондоп салып, ордуна көтөрүп жаткырдык.

– Эмне болду? – сурадым мен Эмирден. – Толуктап түшүндүрчү.

– Мен огороддо жүргөн болучумун. Үйгө кирсем бир чоочун аял апама кыйкырып сүйлөп жатыптыр. Апамдан Эмил байкем экөөңдү сурады. Ал аял кеткенден кийин апам өзүнчө ыйлап жатып эле, турам деди окшойт, мен жетип кармаганча болбой кулап кетти.

Аккыз эженин ачуу үнү мени селт эттирди:

– Оо, шумдук, ушундай да шумдук болот экен ээ. Эй, жүзү кара Эмил! Эмнеге мага калп айтып, алдап жүрөсүң?! Ак сүтүм урсун сени.

– Ап-а-а! – деди Эмил мукактанып. – Мен...

Аккыз эже булактай аккан көз жашын төккөн калыбында, кирпик ирмебей уулун тиктей берип, сөзүн бөлдү.

– Коё турчу, атанын наамын булгаган ит, акыл-эсим ордунда турганда сүйлөшүп калайын сени менен. Толкунбек, сен да угуп тур. Алты саны аман, ден соолугу ашыпташып турган жаш жигиттер да силердей болобу. – Аккыз эже сөздү бөлүп-бөлүп сүйлөп, улам-улам тынып, демиккенин басып, уктап кетчүдөй болуп создула түшүп барып, кайра көзүн алсыз ачып, кеберсиген көгүш эриндерин жалап коюп акырын сүйлөп жатты: – Иштеп ишке тойбой, тоону томкоруп, ойду омкорор кезиңерде жаман жолго түшүп кетиптирсиңер го. Мен баарын уктум. Оо, Жараткан, каракчы болот деген эмне деген шумдук. Мага арам тамак берип, арам өлтүрөйүн деген турбайсыңарбы. Сенин куйүтүңдү көтөрө албай, мезгилимден эрте өлүп баратам. Байкуш Зыйнатты Толкунбек сага, сени Кудайга тапшырдым. Ал сага ылайыктуу жуп болот. Мен өлгөндөн кийин балдарды интернатка бергиле. Уурулукту таш-т-а...

Аккыз эженин чарасына толуп мөлмүлдөп турган жашы сыртка сызылып чыга албай, көзүнүн эки кычыгында жалбыракка турган шүүдүрүмдүн тамчысындай мөлтүрөп турду. Ал көзүн ирмебей, шыпты тиктеген калыбында кежигеси тартылгансып, кареги жайылып, төбөсүн көздөй жылып бараткансыды. Көздү ачып-жумганча ок жеген аркардай болуп Аккыз эже кыймылсыз жатты.

Зыйнат келгенде, эже эчак муздап калган болучу. Ал энесин кучактап алып, бети-башынан туш келди өпкүлөп, көкүрөгүн аймалап, төөчө боздоп, ыйлап жатты.

– Мен сени өлбөйт дечү эмес белем. Оо, армандуу дүнүйө, бизди кимге таштап кеттиң? Ак сүтүңдү актай албай кал-

дык, апа. Бул арман, бул өкүнүч менин өмүрүм менен бирге жашап, бирге көз жумаар! Оо, менин мезгилсиз кеткен алтын апам...

А Эмил болсо апасын ажалдан мурда эле, өзү жыга чапкансып, үнсүз, сөзсүз кумсарып катып турду.

– Эй, балдар, тургула өйдө. Эми ыйдан пайда жок. Байкуш Аккыз жакшы киши эле. Жаш да болучу. Акыл-эсиңерди жыйнап, өлүктү коюунун камын кылгыла эми. Акча-тыйыныңар барбы? – деп сураган кошуналардын сөзүнөн улам эсиме келе түштүм. Көрсө, мен да санаага катуу чөгүп кетиптирмин.

– Канча акча керек? – дедим көз жашымды сүртүп.

– Миң сом болсо жетер бекен?

– Миң сом? – Мен чочуп кеттим.

Эмил катуу уйкудан жаңы ойгонгон немеден бетер, башын көтөрө берип, сүйлөп жаткан адамды максатсыз карагандай томсорду.

– Ооба, миң сом. Ошондо да шаан-шөкөтсүз койгондо, – деди кошуна карыя менин сөзүмө жооп кылып. – Көр казган, кепин алган, куран түшүргөн, андан башка жаназа-дооран дегендер болот. Кара ашына эмне соесуңар? Муну кошо эсептеш керек. Күрүч, май, боорсок бышыргандай ун, анан дагы кант, чайы. Мындан тышкары жуучуга берүүчү кийимдерин толуктайсыңар...

Бул сөздү угуп, көңүлүм караңгылай түштү. Бир кезде Эмил менен Зыйнатты карасам менден бешбетер, тигил кишинин оозун жансыз тиктеп муздай тоңуп турушуптур. Эненин күйүтүнөн оор кайгы, бизге эми акча деген балекет болуп турду. Мурда мындай оор кыйынчылыкты башыбыздан өткөрө элек биз үчүн, өлүк коюу өзүнчө эле бир кыямат болду. Тигил кишинин суроосуна жооп кайтара албай эстен танып турдук. Абалыбызга түшүнгөндөй болгон бирөө бизге минтип кайрылды:

– Эмилим курулушта иштейт дечү эмес беле апаң. Ошол иштеген жериңе барып, «энем өлдү» деп жардам сура.

Ушул айтылган сөз Эмилге кандай таасир бергенин билбейм, менин жүрөгүмдөн чыккан жагымсыз толкун мээме барып урулуп, анан эки чыкыйым кысылып чыкты.

Кошуналар өлүктү жерге алып, үстүн шейшеп менен жаап, көшөгө тартып кеткенден кийин, эженин кроватынын баш-аягын тытып жатып жүз элүү сомго жакын акча таптык. Бул арзыбаган аз неме эмнеге жетет. Эки-үч бала өзүбүзчө кеңешип, түнкү жортуулга чыгып, Эмилге жардам бермек болдук. Бизде азырынча мындан башка арга жок болучу. Баягы жоболоңдуу «алармандан» карыз акча сурасак, товарыңарды алып келип өткөзмөйүн бир тыйын бере албаймын деп сөзүбүздү укпай койду. Анан эң зарыл болуп турган товары, норка же суусар бөрк экен. Биз анын сезон эмес экенин айтып жалдырап турдук. Акыры аял бизди зекий карады: «Мурда алтын шакек, алтын иймек дегендерди алып келип калуучу элеңер. Эмне, анын сезону да бүтүп калыптырбы?»

Биз үндөбөй кайра чыктык. Четки аялдамалардын биринен болбосо биринен жолубуз болуп калар деген ойдо, автобуска түшүп жөнөп калдык. Жүргүнчүлөрдүн ортосунда башкалардан өзгөчө айырмаланып, колуна жарашыктуу кош алтын шакек салынып турган, улгайып калган салабаттуу аялга көзүбүз көргөн жерде эле кадала түштү. Ал түшүүгө камына баштаганда, биз да ордубуздан жылып, эшик жакка бет алдык. Машинадан Кудай жалгап тигил аялдан башка жан адам түшпөдү. Сонун болду деп ойлодук. Шырт алдырбай артынан жете келип, аялды колдон алдык: «Кыйкырба, өлөсүң!» – дедик бычак көрсөтүп. Аял калтырап үнсүз турду. Колтугуна кыскан сумкасын жулуп алып, ичинен намиянын, анан колундагы кош шакекти сууруп алып, жүрүп кеттик. Аял бизден бошонор-бошонбостон эле: «Оо, журт, оо эл, жарда-а-м, жардам бергиле, каракчылар тоноп кетти», – деп айгайлап кала берди.

Бул табылга биз үчүн жетишсиз болучу. Анткени биздин аларманыбыз товарларыбызды эң эле арзан алуучу.

Баса, эсибизди жыйып, баякы акча салган намыянды ачып көрсөк, элүү сомго жетпеген акча чыкты. Үчөөбүз тең сүйлөшпөй үнсүз келаттык. Жүрөгүмдүн урушу али басылбай, муундарым калтырайт. Көчө ээндеп, машиналардын жүрүшү сейилдей баштаган. Баягы суудай агылган адамдардын толкуну бир жакка ооп кеткендей, айлана жымжырт. Мемиреген ушул түнкү тынчтыкты кимдир бирөөнүн такылдай баскан дабышы бузуп жибергендей болду. Биз бактын көлөкөсүнө жашынып тура калдык. Туура тушубузга келгенде шыңга бойлуу кыздын жалгыз келаткан сөлөкөтүн көрүп, мышыктай атып чыктык. Сен бакырып жибердиң.

Анда эмне болгонун мен айпасам да, өзүң жакшы билесиң да Жайнагүл. Ошол түндөгү, сенин алдындагы күнөөмдү эстегенде жүрөгүм торго түшкөн жырткычтын жүрөгүндөй түрсүлдөгөнүн айтпа. Адам уялганынан өлбөйт тура. Алтындай болгон жазыгы жок адамды арам өлтүргөнүбүз аз келгенсип, арамдан тапкан акчабызды кошуп, Аккыз эжени акыркы сапарга узатып кала бердик.

Ошондо, акылыбызды Кудай алганда, Эсен ага менен Аккыз эженин ага-тууганына, жакшы санаалаш жолдош-жоролоруна кабар берүү эч кимибиздин эсибизге келбептир. Ал жөнүндө эч ким да бизге эскертпептир. Кийин Эмилге көп кишилер таарынып, нааразы болуп жүрүштү. Эми ойлосом ошондо өлүк көмүлбөй калуучудай болуп, бекер эле урунуп-беринип кетиптирбиз. Аккыз эженин бир кошунасы эл депутаттарынын шаардык Советине барып, алабалды түшүндүрүп айткан имиш. Сөөктү коюуга ошол жактан бир топ жардам берип кетишти. Зыйнаттын окуган жеринен мугалимдер менен окуучулар келишти. «Өлүктүн да өз ырыскысы болот», – деп айткан сөздүн чындыгы бар экенине ошондо түшүндүм. Эженин кыркынан кийин горОНО менен Эл депутаттарынын шаардык аткаруу комитетинин кийлигишүүсү менен балдардын баа-

ры мектеп-интернатка өткөрүлдү. Үйдө Эмил менен Зыйнат үчөөбүз калдык.

Биз жаман жолдо кезиккенде күркүрөгөн күз болсо, арадан айлар өтүп, кайра жаркыраган жаз келди. Баягы уурулук менен киши тоноону Эмил экөөбүз тең таштаганбыз. Мен тигилер менен жүрүп, экинчи жылы окууга өтөм деген тилегиме жетпей арабөк калдым. Аны билесиң. Окуу эмес, учетумдун жоктугунан эч жерге жумушка да орношо албадым. Эмил болсо Ата Мекенди коргоо милдетин өтөөгө кеткен. Аккыз эженин өлүмүнө себепкер болуп, эне алдында ачылган биздин айып, бизге чоң сабак болду Жайнагүл. Жамандыктан оозу күйгөн Толкунбек, эми кайда, эмне кылып жүрөт болду экен дээрсиң. Каргышка калган киши оңойлук менен оңолбойт окшойт. Атам айтчу эле: «Көп кишинин ырыскысы көп болот. Жалгыз кишинин ырыскысы жалгыз болот. Ошол жалгыз кишинин жансактай албаганы кыйын» – деп. Эми ойлосом атам бул сөздү олуядай эле туура таап айтыптыр. Мына мен да азыр жалгыз жанымды коёрго жер таппай калдым. Чындыгында эле жалгыз кишинин ырыскысы жалгыз, эки кишиники эгиз, көп кишиники көл болуучу неме турбайбы.

Тишимдин кирин соруп, эрте туруп, кеч жатып иштемиш болуп жүрүп, «шабашкадан» жыйнаган акчамды бүгүн сага добостребования менен борбордук почтага которуп жибердим. Менин өткөн-кеткен күнөөмдү кечирип, алдырган буюмдарыңды кайра алып ал...

Кээде силер жакка барып сенин карааныңды көрүш үчүн, айланчыктап жүрүп кайта кетип жүргөнүмдү сезбестирсиң. Өгүнчөрөөк бир дем алышта тапкан табылгамды жаныма салып алып дагы бардым. Кокус ондой берди болуп кезигишип калсак, акчаны өз колум менен берсемби деп ойлогон болчумун. А үйүңө болсо, даап кире албадым. Силердин микрорайон айрыкча бак-шактуу эмеспи. Ортодогу ачык аянттагы алма багынын бирине жөлөнүп, силердин үй жакты карап акмалап турсам, бир кезде ага-

жеңең болуп подъездден чыга келдиңер. Сен ак көйнөк кийип, чачыңды эки өрүп, артыңа бош таштап коюптурсуң. Бутуңдагы көйнөгүңө ылайык такалуу ак басаношка боюңа бой кошкондой жарашып калыптыр. Өзүңдү бакырайып карап туруп эле, кайсыл тарапка бурулуп кеткениңди билбей, адашып калсам болобу. Артыңдан чуркагым келди. «Жай-на-г-ү-үүл!» – деп үнүмдүн бардыгынча жер-сууну бузуп кыйкыргым келип, делебем козголуп барып токтодум.

Менин сага өзүм жөнүндө айтып, мактана турган эч нерсем жок. Мындан аркы максатым бирөө гана. Ал болсо атам менен энемдин маңдайына барып, алардын айткандарын айткандай аткарып, акылын угуп адамча жашоо. Дегинкисин айтканда, Аккыз эженин өлүмү мен үчүн өмүр бою эсимден кеткис трагедия болду. Уйкудагы уятсыз сезимимди ойготуп, көзүмдү ачты. Ушул окуядан кийин өз ата-энем жөнүндө көп эстеп, санааркай турган болуп кеттим. Өмүрүмдө ата-эненин эмгегин баалап, аларга боор ооруу дегенди билбеген жаным, аларды эстеген сайын жүрөгүм сыздап кетүүчү болду. Кээде уялганымдан уу ичип өлүп кетким да келет. Аккыз эжени алган ажал, эми менин ата-энемди акмалап, биздин үйдү айланчыктап жүргөндөй сезилет мага. Намыс-ардын эмне экенин мурда элес албаган баёо жүрөк жанымдын тынчы кетип, сапырылган санаадан кең дүйнө тарып бараткансыйт. Ушул кезде жарыша артта калган күлүктөй мүргүп турган чагым. Менден бута атым алыс узап кеткен, ошол шаа күлүктөрдү, кеч болсо да кууп жетүүгө кудуретим жетеби, жетпейби деген бир күчтүү сезим өзөгүмдү өрттөйт. «Ары жок короздун түшүнө актаган таруу кирет» дегендей, анан дагы, мен сени менен кезигээр күндү эңсейм. Бирок кандай күн, кандай мезгилде жолугушаарыма көзүм жетпей, ичим уйгу-туйгу. Мен кетирген кемчилигимди, жасаган күнөөмдү адамдык сапатым, ак эмгегим менен өтөп, өзүңө кол берүүгө татыктуу болгон бактылуу мезгилди эңсейм. Ооба,

Жакин, мен сени менен эми жакшы күн, жакшы жолдо кезигүүгө тийишмин. Ага жетүүгө канча күн зарп болоору мага али белгисиз...»

Жайнагүл катты эки-үч сыйра кайталап окуп чыкты.

Өзүнөн өзү каңырыгы түтөп, өзүнөн өзү ыйлагысы келип турду. «Байкуш Толкунбек!– деди жүрөгү каарылып. – Ойдо жок жерден, онтобой ооруга жолуккан неме тура. Бечера аялдын ажалдан мурда өлгөнүн көр.

Кыз Толкунбектин канча акча жибергенин билген да жок. Бирок билбесе да шакек менен саатка жетээрин түшүндү. Почтага азыр барсам, алат экенмин деп ойлоду, каттын жазылганына эки-үч күн болгонун көрүп.

Ошол күнү Жайнагүл Толкунбектин жиберген акчасына «Заря» маркасындагы кол саат менен колуна жарашыктуу, татынакай алтын шакек сатып алды. Жолдо келатып оюна күтүлбөгөн жерден бир нерсе түштү. Көптөн бери жүрөгүнүн тереңинде сакталып, эч кимге айтпай жашырып келаткан сырын жеңесине айткысы, Толкунбектин катын окуткусу келип, өзүнөн өзү делөөрүп келатты. Ал алдырган шакеги менен саатынын кайра ордуна келгениненби, же Толкунбектин жаман жолдон кайтканынанбы, айтор, экөөнүн кайсынысына сүйүнүп, жүрөгү толкуп келатканын өзү да толук түшүнгөн жок.

Өз кубанычын өзгөдөн жашыра албай, толкундап турган кайынсиңдисин Гүлайым дароо баамдады. Ал жеңесин көрө сала мойнуна асылып, чекесинен өөп алды.

– Жеңе! Сен мен жөнүндө бирдеме билесиңби? – деди кыз көздөрүн ойноктотуп, жадырап-жайнап.

– Жок, эч нерсе билбейм, садагасы, – деп кыздын карегине кареги кадала түштү.

– Момунсуң ээ, – деди колундагы алдырган саат, шакегин ушул күнгө чейин байкабаганын туюк айтып.

– Ии, эмне болду?

– Кат окуйсуңбу?

– Берсең окуйм.

Ошол замат столдун үстүндө турган дипломатын ачып, андан беш-алты баракка толо жазылган катты алып, Гүлайымга сунду.

– Мени сынай тиктебей эле, окуй бер, – деди өз бөлмөсүнө кирип баратып, бурула карап.

Жайнагүл чыкканда Гүлайым каттын теңинен ооп калган. Кыздын көзүнө жеңесинин куту учкан кейпи дароо чалдыкты. Анан жанына келген кайын сиңдисине таңгалычтуу, алая карады.

– Э, кокуй, сен качан хулигандарга тонотуп жүрөсүң? Кудай колдоп, талпагыңды ташка жайып кетпеген экен да. Бул окуя качан болду эле? Эмне бизге айтпадың? Кантип гана ичиңе батты экен?

– Катты окуп аягына чыктыңбы?

– Жок, чыга элекмин. Мен дагы «кат окуйсуңбу, жеңе?» дегенинен атуу-баштуу бирөө жазган экен десем, кайдагы бир... – Аял сөзүнүн аягына чыкпай, эрдин кесе тиштеп, башын чайкады.

– Аягына чейин окуп чыксаң мурда.

– Жарайт, окуп чыгайын.

Гүлай окуп жатып өзүнө шыпшына сүйлөдү:

– Бөөдө жеринен энесин өлтүрүп, э-э-й малгундар. Кудай мындай бала бергенче бербей, туубай өткөн жакшы.

– Эй, кимге ачууланып жатасың? – деп сурады Сады аялынын туталанып, кимдир бирөөлөргө ачуусу келип, сүйлөнүп жатканын угуп.

– Мына бул каттын ээсине.

– Кимден келген кат экен ал?

– Тааныбаймын. – Гүлайым ачуулуу бурк этти.

– Кызык, тааныбаган бирөөнүн катын ким берди эле сага?

– Жолдон таап алдым, – деди келин.

Ушул саамда Жайнагүл бул ишти агасына айтаар-айтпасын билбей дендароо болуп туруп, анан: «Эмнесин жашырат элем» – деген ойго келди. – Мейли экөө тең окусун.

Балким, абамдын жардамы болуп калар, ага. Акылдуу эмеспи.

– Абаке, жеңем таап алдым деп калп айтып жатат, сизге. Бул мага келген кат.

Сады ийинин куушура берип, карындашы менен аялын алмай-термей тиктеп туруп, Гүлайымга карады:

– Сен эмне, жинди болдуңбу, Жайнагүлгө келген катты окуп. Мунун өзү тартипсиздик да.

– Мен өзүм бердим аба, жеңемден кийин сиз окуп чыгыңыз. Бул өзү кызык да, кайгылуу да кат экен.

– Ээси руксат бергенден кийин окуп көрөлү. – Сады тамашага чала сүйлөдү.

Китеп окуу жагынан Садынын башкалардан өзгөчө айырмаланып турган бир артыкчылыгы боло турган. Анткени ал ушунчалык шар жана тез окуучу. Мына азыр да ал колуна алган катты, көздү ачып-жумганча аягына чыгып койду.

– Окудуңбу? – деди аялы.

– Окудум. – Ал дароо карындашын карады. Ушул саамда кыздын эки бети өзүнчө эле дуулдап, көздөрү кыбыңдап турган болучу. Сады Жайнагүлдүн мүнөзүнө, сырга сынбас темирдей бекемдигине ичинен таң калып турду. – Тобо, турмушта эмнелер гана болбойт, карасаң, бир үйдө жашап туруп, бир тууган бир туугандын сырын билбейт экен да. «Ачылбаган сандыкта, бычылбаган кундуз бар» деген сөздү эстеди. Колуна салынып жүргөн сааты менен шакегинин бар-жогун бирибиз да байкаган эмес экенбиз, – деп ойлоду. Ал башканы ойлобой эле карындашынын кырсыктан тышкары, аман калганына ичинен тобо кылып жатты.

– Сен бул бала жөнүндө эмне деп ойлойсуң? – Аялынын мындай суроо берерин күтпөгөн Сады, Гүлайымды эми эле, биринчи көрүп жаткансып тиктеп туруп, бир ийинин куушура берип минтти:

– Эгерде жазган каты, айткан сөзү чын болсо, үмүт үзүүгө болбойт. Эми бул балага жакшы жол башчы керек.

Атасы бар бала экен. Айтымына караганда бир үйдүн көзгө басар эркеси сыяктуу. Ата-энеси баласынын жүрүм-турумуна кийлигишпей, таштап койгону кызык.

Садынын көзү, бир колун бир колу менен кармалап, манжаларын кырсылдатып турган Жайнагүлгө кадала түшүп тайыды. Ал ушул саамда кыздын жоодураган боорукер көзүнөн, кандайдыр жылуулук менен мээримдүүлүктүн илеби от алышып турганын байкады.

– Абаке, сиз менден окуянын жай-маанисин ачык сурай албай жатканыңызды түшүнүп турам, – деди Жайнагүл. – Убагында бул ишти айта албадым. Эгерде мен шакегим менен саатымды алдырганымды билген болсоңуз, аны сиз кандай жазаларыңызды түшүнөм да. Чынымды айтсам, Толкунбекти жазалатууга жүрөгүм даабады, адамгерчилигин эстеп кечирим кылдым. Толкунбектин айтканына ишендим. Ошон үчүн кайрылар мезгилин күттүм. Бардыгы мен күткөндөй жакшы аяктады. Жеңем экөөңүздөрдөн сыр жашыргандыгым үчүн кечирим сурайм.

Сады күлүп жиберди.

– Сен адамды билет турбайсыңбы, ыя кагылайын. Кыраакы, боорукер, кечиримдүү экенсиң. Бул жакшы сапат. Адамдын адамгерчиликтүү болушу урмат эмеспи. Байкуш бала, тигил бечараларды кыйбай жүрүп, чалынган экен да чатакка. Эми бул катты жазган тентек, кезигип же телефон чалып калса, биздикине келип кет деп конокко чакыр. Келсин тартынбай жарайбы, Жакин. Аны менен мен өзүм сүйлөшүп көрөйүн. Менимче, ал бала сени менен байланышмайынча үйүнө кете койбойт. Жок эле дегенде, жиберген переводун алган-албагандыгыңды билиш үчүн да бир кайрылыш керек...

Мына, ушул күндөн баштап, Жайнагүлдүн күткөнү Толкунбек болду. Бирок ал телефон да чалган жок, кат да жазган жок. Эми өзүнөн караан үзүп, алыстап бараткан жигиттин «Мен сени менен жакшы күн, жакшы жолдо кезигүүгө тийишмин. Ага жетүүгө канча өмүр, канча күн

зарп болору мага али белгисиз...» деген үнү кулагына угулуп тургансыйт. Биротоло кеткен экен деп, күдөрү үзүлө түшкөн кыз телефондун чырылдаган үнүн угуп, трубканы колуна көңүлсүз алды.

– Алло! Алло! Алло! Ким бул? Ким керек эле? Ооба, мен Жайнагүлмүн. Аа, Толкунбек! Саламатчылык. Кайдан? Мен сени телефон чалат экен деп күткөн эмесмин. Катыңда азыр жолукпайм деп жазган турбайсыңбы. Ооба, алдым катыңды. И, окудум (ал акча жөнүндө ооз ачпады, Жайнагүл да эчтеке айтпады). Жигит жакында көлгө кеткени жатканын, ошон үчүн коштошоюн деп телефон чалып калганын айтып мукактанды.

– Аныңа ыракмат. Бош болсоң биздикине келип кетпейсиңби?

– Коркосуң го, барсам, – деди Толкунбек.

– Эмнеден? – деп сурады, эч нерсе түшүнбөгөн кыз.

– Кебетемден. – Кара күчкө күлгөн болуп сүйлөдү.

– Коркот экен деп жүрөксүнбөй эле кой. Үйдө менден башка жан киши жок. Абам менен жеңем жумушта. Балдар бала бакчада. Сенин үстү-башыңды сынай тургандар, азыр келбейт.

Толкунбек унчукпай калды. Сыягы ойлонуп жатса керек деп, түшүнгөн Жайнагүл үндөбөй трубканы кармап тура берди. Анын улутунуп, оор дем алганы кыздын кулагына билинип турду. Тээ бир топтон кийин жигиттин үнү чыкты.

– Болуптур, Жакин, азыр барам...

Эшиктин звоногу шыңгыраганда, Жайнагүл эки өрүм олоң чачын алмак-салмак бир жандырып, бир өрүп, күзгүнүн алдында турган болучу. Толкунбектин мынчалык тез келээрин күтпөгөн кыз эшик алдына жетип, каалганын бетине орнотулган кичинекей көрүүчү тешиктен тышка көз чаптырды. Толкунбек экен. Эшик ачылганда бирин-бири көрүп апкаарый түшкөн кыз-жигит, турган орундарында бир демге үнсүз селейип турушту. Куту качкан

бул көз караштар көпкө созулган жок. Жайнагүлдүн ажары дароо ачылып, эмелеки томсоруңку жүзүн күлкү аралап, көздөрү жайнай түштү. Ушуну эле күтүп тургансып, Толкунбектин кош карегинен чачыраган оттуу учкун Жайнагүлдүн каректерин көзөп өткөнсүдү. Кыз аргасыз кирпигин акырын-акырын түшүрүп, эки жагын тайсалдай карады. Толкунбекте мынчалык өткүр, махабаттуу көз караш бар экенин кыз буга чейин ойлогон эмес болучу.

– Үйгө кир.

– Жок, мен ушул эле жерден кетейинчи.

– Кызык, эшик алдынанбы? Мынча келбесең болот эле, келгенден кийин босогодо турбай, кирип сүйлөшөлү.

Жигит мойнунан байлаган немедей болуп, сылтый басып босогону көңүлсүз аттады. Үйдөгү күзгүдөй жаркыраган тазалык менен кыздын сүрү, Толкунбекти сүрдөтүп салды. Анын денеси өзүнөн өзү ымшып чыкты. «Атына жараша заты» дегендей, Жайнагүл жайнаган кыз болуптур, – деп ичинен суктанып турду.

– Кана, бул жакка өт Толкунбек ага. – Кыз залга өтүүнү өтүндү. Ал баягы мектеп-интернатта окуп жүргөн кезиндей эле Толкунбектин алдында ыйбалуу.

– Азыр, азыр Жакин.

Жигит бутун чечип, Жайнагүл берген тапочканы кийсемби, кийбесемби деген ойдон тушала түштү. Бирөөнүн таптаза бут кийимин кийүүгө дити барбай турду.

– Эмнеге туруп калдың, аягыңдан сыз өтөт, алдагыны бутуңа салып ал.

Толкунбек бир бутун кийип, экинчи бутун көтөрөр-көтөрбөстөн эле, жаны кейиген үн менен онтоп жиберди. Жайнагүл карыдан кармай калды.

– Эмне, бир жериң ооруйбу? Баса эмнеге аксаңдап калгансың?

– Кечээ үйдүн устунун көтөрүшүп жатып, жаздым басып алып, тамдан учуп кеткенмин. Ошондон бери, бир жак жамбашым ооруп, жакшы бастырбай жатат.

Толкунбектин сөзүн угуп кыздын кабагы кейигендей, чытыла түштү.

– Катыгүн, чебердебейсиңби?

Экөө ээрчише басып залга киришти. Толкунбек бет алдындагы кош канаттуу трюмодон өзүн бир карап алып, мойнун буруп кетти. Жайнагүл, күлдүү кооз трикотинден тыш кийгизилген креслону жигиттин алдына жылдырды.

– Эс алып, бир аз олтуруп тур. Газета окусаң мына, журнал окусаң тигине. – Үстүндө бир топ газета менен журналдар жаткан жапыс столду колу менен көрсөтүп: – Мен азыр... – деди.

Көптөн бери көрүшпөгөн жакын адамы, кайып-каскагынан келип калгандан бетер, Жайнагүлдүн буту-бутуна тийбей зал менен ашкананын ортосунда жүгүрүп жүрдү. Столдун үстүн бир заматта тамак-ашка толтуруп да жиберди. Ал үйдө эмне болсо ошонун баарын койду.

– Сүйлөбөйсүңбү? – дейт Жайнагүл жигитке жоодурай карап.

– Эмнени сүйлөйм. Сүйлөөчү сөздүн баарын катка жазгамын да.

– Ооба, жазгансың. – Кыз башын аста ийкеп койду.

Кайра баштан ортодо тынчтык өкүм сүрдү. Көзүнүн кыйыгын салып олтурган баамчыл кыздын ой санаасынын баары Толкунбекте. «Аарчыган чийдей болуп, аябай арыктап алыптыр. Каткан ширидей болуп күнгө да укмуштай күйүптүр. Бул байкуш акча табамын деп таза куураган экен. Үксүйтүп чачын да коюп алыптыр. Өзүмө жарашат деп ойлосо керек», – деп ойлоп олтурду Жайнагүл. Жигиттин бир колунун үстүндө, бир колунун билегинде туш менен чегилген канжар урулган жүрөктүн сүрөтү, өзүнүн туулган жылы, аты жазылып турат. Бул жагымсыз көрүнүштөр Жайнагүлгө жаккан жок. Баятан кыздын тынчын көбүрөөк алып жаткан дагы бир нерсе бөлмөнүн абасы болду. Тим эле шыбоо менен нымдашкан тердин жагымсыз жыты үйгө толуп кеткендей, кыңылжарды өрдөп

көңүлдү айнытып турду. Анан дагы анын деминен келген тамекинин жыты.

Жайнагүл Толкунбекке сыр билгизбей, ордунан акырын туруп барып терезелерди ачып койду.

– Үйдүн ичи үп болуп кетти, – деди кыз жигитке шек алдыргысы келбей.

Толкунбек үндөбөдү. Ал бул үйдө өмүрү адам көрбөгөн, жапайы кишиден бетер өзүн ыңгайсыз сезип олтурду. Жайнагүлгө сыр бербей, аны алдыртан карап, «Мен сен үчүн, кечикпей, эртерээк адам болушум керек» деген үмүттүү ой көөдөнүн тиреп тургансыды. Столдун үстүнө коюлган тамак-аштар Толкунбектин шилекейин чубуртуп, өзөгүн карартып баратты.

Арадан көп убакыт өтпөй, көкала гүлдүү, кооз ак чайнекке демделген чайдан пиялага куюп кыз Толкунбекке сунду.

– Менин чай бермегим, тайдын этин бергенден да кымбатка турду го. Кана, нанга кара Толкунбек ага!

– Өзүң олтурбайсыңбы, Жакин, – деди чайды алдына коюп.

Жайнагүл эчтеке ичкиси келбесе деле, чынысына чычырканактын ашынан жасалган вареньеден бир чай кашык салып аралаштыра берди. А мейман жигит болсо ак май сүртүлгөн нанды, кызды жазгыра бурдай сугунуп, чайдан ичип, эс ала түшкөнсүдү.

– Ич.

– Жок, ичтим Жакин, ракмат.

– Койчу, ичтим дебей эле, ичсең. – Кыз болбой жатып үчүнчү төртүнчү, пияланы куйду.

– Сүйлөбөйсүңбү, Толкунбек ага!

– Перевод жибердим эле, алдыңбы? Ошону билейин деп.

– Алдым, алдым, ракмат. Убадага бекем экенсиң. Айтканыңды аткардың. Билесиңби, мен силерге алдыргандарым жөнүндө жеңем менен абама айта элек болчумун.

– Анан?

– Алгандан кийин айттым.

Толкунбек манаттай кызарып кетти. Көңүлүндө, айтпаган бойдон, айтпай эле койсо экен деген ой жүрөгүн булкуп алды. Анан ыңгайсыздана сурады:

– Кечир, мени Жакин. – Кирдеген бетаарчысын тугурчуктай кармап, маңдай терин сүрттү. – Деги жеттиби?

– Жетти. Бул мага сенден эстелик сыяктуу болуп калды, Толкунбек.

– Туура, туура. Эстелик болгондо да кандай эстелик дейсиң, Жакин. Укмуш ай, саат менен шакекти бир күндө канча жолу көрсөң, ошончо жолу, менин киши тоноочулук кылмышым, көз алдыңдан тартылып өтүп турар, түбөлүк. Ошон үчүн кыргыздар: «Атың чыкпаса жер өрттө», – деп туура айтышыптыр.

Жайнагүл эмне деп айтаарын билбей калды. Алдында киши өлтүрүп, колго түшкөн адамдан бетер, шылкыйып, айыптуу болуп олтурган Толкунбекти аяй тиктеди.

– Мен сенин катыңды окуп, бардыгына түшүндүм. Адам турмушу кысталганда, келечеги жөнүндө унутуп, эмне кыларын билбей калса керек. А Эмил, сени жолдон чыгарганы аз келгенсип, энесин жутуп алганын карасаң. Кандай аянычтуу өлүм. Толкунбек, сени мен оома деп ойлогон эмес элем. Көрсө, турмушта жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт тура. Эми мындан аркы жүрүш-турушуңар оң болсо эле болду. Мен Аккыз эжени таанып, билбесем да сенин катыңды окуп, аябай кейидим. Айтымында бечара Зыйнат эстүү кыз көрүнөт. Ылайым багы ачылсын, байкуштун. Жакшы окуудан окуйт экен. Таланттуу болсо керек. Эгерде тубаса шыгы болбосо, ал окууга өтүү кайда?

– Алардын үйүндө баарыбыздын бирден, чоподон жасалган скульптурабыз, андан тышкары боёк карандаштар менен кагазга ар кыл образда тартылган портреттерибиз бар. Туура айтасың Жакин, бул талант деген укмуш болот тура. Окууга өтө элек, мектепте окуп жүргөн кезинде тарт-

кан сүрөттөрү, жасаган буюмдарынын өзү эле өзүнчө чакан музей. Колунан көөрү төгүлгөн кыз.

– Ошондой дечи, – деди Жайнагүлдүн ичине кандайдыр бир ич тарлыктын чогу түшкөнсүп, – катында да Зыйнатты мактаганды унутпаптырсың. Айтымыңда ал кыз баралына келгенде Айтиев менен Мануйловадан өтөт дечи.

Толкунбек Жайнагүлдүн чымчыкейин байкабай минтти:

– Алардан өтпөсө да, таланттуу сүрөтчү, мыкты скульптор болоруна ишеним бар.

– Болсун, – деди Жайнагүл, – келечектүү болуу жаман эмес.

Булар ушинтип аркы-беркини сүйлөшүп олтуруп убакыттын кандай өткөнүн да, сааттын канча болгонун да билбей калышты. Эки жаштын сөзүн бөлгөн эшиктин звоногу болду. Кыз селт эте түшүп, эшикти көздөй бет алганда, Толкунбек да ордунан шаша турду. Ошол саамда үйгө кең далылуу, уюткан коргошундай болгон, узун бойлуу, маңдайы жарык, Жайнагүл түспөлдөш, сулуусунан келген, көздөрү бажырайган, кара каш жигит менен шыңга бойлуу, жашы отуздарга барып калган, бети кагаздай жука, кырдач мурун, ботокөз, сүйкүмдүү келин кирди.

– Балдарды ала келген жоксуңарбы? – деди кыз.

– Кечинде өзүм жеткирип беремин деп Жайлоогүл алып калды.

Гүлайымдын көзү, эшик алдында чечилип жаткан эркектин эски туфлисине түштү. Анан кайынсиңдисинин тамылжып, бир колун бир колу менен кармалап, тынчы кетип турган кебетесин байкап: «Ким келди?» – деген ишаарат менен, кызга карап, кош кабагын серпти. Жайнагүл «киши бар» дегендей көзүн ымдап койду. Эки жагын карабай, түз эле залга кирген Сады, карындашына бурула карады:

– Э Жакин, үйдө мейман бар го, ыя.

– Ооба, мейман бар, абаке.

Сады Толкунбекти бушуркөй карады. Жигит салам айтайын дегенче болбой, Жайнагүл агасына карап күлө сүйлөдү:

– Абаке, бул жигит экөөбүз бир кезде интернатта бирге окуганбыз, таанышып коюңуз.

Толкунбектин эки бети албырып, сүрдөнүп кетти. Ал үй ээсин көздөй жакындай басып, кол сунду.

– Толкунбек.

– Сады.

Гүлайым да, Сады да алиги Жайнагүлгө кат жазган жигит ушул экенин дароо таанышты. Эрди-катын бир көргөндө эле Толкунбекти: «Ыйман жүздүү бала экен», – деп ойлоп, ичтери жылый түштү.

– Олтур айланайын, олтура бер. Биз азыр.

Алар башка бөлмөгө өтүп, кийим которуп кийип, кайра чыгышты. А Толкунбек болсо, кеткиси келип, бул үйдө өзүн ашык сезип, батпай турду. Садынын залдан бакылдаган үнү чыкты.

– Кана, эмнеңер бар, алып келгиле.

– Азыр тамак жасайбыз. Ага чейин мейман бала менен сүйлөшүп, чай ичип олтуруп тургула, – деди аялы.

– Казан ас, Гүлай. Али убакыт эрте, шашылыш жок.

– Агай, маган руксат бериңиз. Ракмат, чай ичтим. Кетейин.

– Эч жакка кетпейсиң. Чай да кеппи. Бул эр адамга мүнөздүү тамак эмес. Шашпа, иним.

Ошентип, жигиттин кайтууга руксат сураганына, үй ээлери көнбөй коюшту. Толкунбек өзүнөн өзү корунуп, чокко кактаган майдай сызгырылып, бүткөн бою тердеп, алакандары ымдашып баратты.

Жайнагүлгө жазылган каттагы сөздөрдү эстеп, үй ээси, чакырылбай өзү келген мейман баланы таанып алайын дегенсип, тереңде оттой күйгөн кыраакы көздөрү менен аны алдыртан тигиле карап, сынай суроо таштайт.

– Кайда иштейсиң, же окуйсуңбу? – деди Сады эч нерсе угуп, билбеген немече.

Толкунбек бетаарчысы менен чеке терин сүртүп, Садыга жалтак карады. Ал бир демге буйдала түшүп, тигил кишини дагы бир жолу карап алды. «Эмне деп жооп берсем экен?» деген кыялдануу көңүлүндө кылтылдап турду. Ушул саамда анын оюна чындыкты айтуудан башка эч нерсе келбей калды.

– Эч жерде иштебейм, агай.

– Окуйсуңбу?

– Жок.

– Кандайча андай? Же окубасаң, же иштебесең?

– Окууга өтө албай калгам. Иштейин десем шаарда учётум жок.

– Паспортуң барбы?

– Бар. – Толкунбек уялганынан сүрдөнүп, тигил кишинин көз карашынан жалтаң карайт. – «Балким, Жайнагүл мен жөнүндө ага-жеңесине бардыгын айтып койду бекен? Агасынын кайда иштээрин да сурабаптырмын».

Ал эми Сады болсо жаңы келген газета, журналдарды карап жатып, анда-санда Толкунбекке суроо берип коёт.

– Эми, эмне кылайын деген оюң бар?

– Үйгө кетейин деп жатам.

– Окууну качан бүттүң эле?

– Мурдагы жылы.

– Ошол эки жылдан бери иштебейсиңби?

– Ооба.

– Анда жакшы эле ойногон экенсиң? Ата-энең барбы?

– Бар.

– Иштешеби?

– Атам Ата Мекендик согуштун майыбы. А энем болсо совхоздо жумушчу.

– Турмушуңар кандай?

– Кандай деп айтсам, негизинен жаман эмес.

– Ошон үчүн тайраңдап, өз билгенимди жасап жүрөм дечи. Менин оюмда бир түшүнүксүз суроо турат, Толкунбек. Сен аскерге милдеттүүсүңбү же милдеттүү эмессиңби?

– Милдеттүүмүн. Бирок атамдын биринчи группадагы инвалиддигине, энемдин ден соолугунун начардыгына байланыштуу аскер комиссариаты убактылуу аскерге баруу мөөнөтүн узартып койгон.

– А-а, ошондой дечи. Бир сөз менен айтканда ата-эненин жеңилин жерден, оорун колдон алып, багып жаткан турбайсыңбы. М-м, түшүнүктүү. Эми айылга барганда эмне жумуш жасамаксың?

– Билбейм. Бара көрөм да.

– Мына көрдүңбү. Өз келечегиң, иштей турган ишиң жөнүндө али эч нерсе билбейсиң. Кесибиң да жок. Үйүңө барып, ата-энеңдин мойнуна минет турбайсыңбы?

– Жок, агай, андай болбойт.

– Анан кандай болот?

Толкунбек жооп айталбай, мукактана түштү.

– Эгерде, сени мен учётко тургузуп, биздин СМУнун жатаканасынан орун алып берүүгө жардамдашсам, иштэр белең? Бир-эки жылы иштеп, үстү-башыңды оңдоп, акча-тыйын чогултуп алып, экзаменге жакшылап даярданып, анан окууга өтүүгө аракет кылып көрбөйсүңбү? Кокустан дагы өтө албай калсаң, кайра келип иштей бересиң. Сырттан окусаң деле болот.

Толкунбек күлүп жиберди. Ал күлгөндө, тим эле күнгө күйүп тотуккан жүзүнүн ажары ачылып, сүйкүмдүү боло түштү.

– Сиз, СМУда начальниксизби? – деп жиберди шашып. Сады баланы карап жарк этти.

– Катардагы, карапайым эле жумушчумун.

Толкунбек үй ээсин таңдана тиктеди. Карапайым жумушчумун дегенине ишене бербей турду. Көңүлүндө жашырып жатат деп ойлоду. Оозу ачылып турган жигиттин оюн, Садынын үнү бузду.

– Сен эртең, эртең менен саат ондо мага кел. – Адресин тактап айтып: – Дүйшөмбү күнү даттануучуларды кабыл алуучу күнүм, – деп кошумчалады Сады.

Толкунбек дагы таң калды. «Сиз начальник эмесмин дебедиңиз беле?» – деп суроого эчен-эчен оозун камдап баратып, батына албады. Бара көрөмүн, – деп ойлоду...

Толкунбек эртеси түз эле Сады өзү адресин айтып, чакырган кабинетке барды. Ал эшиктин тышындагы жазуудан тигил кишинин начальник эмес эле, СССР Жогорку Советинин депутаты, Социалисттик Эмгектин Баатыры экенин билип, мурдагыдан да абдаарып, сүрдөй түштү. Бул кишиге кирүүчүлөр күн мурун кезекке жазылып коюшканын Толкунбек билген да жок. Сады Казиевич тыштан киргенде олтургандар орундарынан козголо берип, салам айтып учурашышты. Ал олтургандарды сыдыра тиктеп келип, кареги Толкунбекке урунду:

– А, келдиңби? – Сады олтургандарга карап минтти: – Кечиресиздер, бул баланы жөнөтүп жиберейин, каршы эмессиздерби?

– Мейли, мейли!

Кабинетке кирип, олтурар-олтурбастан эле Толкунбекке кайрылды:

– Арыз жаза келген жоксуңбу?

– Жок, жазган жокмун.

– Анда, азыр тышка чыгып, шашпай олтуруп менин наамыма арыз жаз. Ар жактагы эшикке кирсең, ручка, кагаз, стол, стул – баары бар. – Сады кандай жазуунун шартын айтып, жолун түшүндүрүп берди...

Мунун баарын Толкунбек өзү кыз менен чечилип сүйлөшүп олтурганда айткан. Жайнагүл ушуларды ойлоду. Андан кийин эмне болду?

Ии баса, Сады абам аны дароо эле өзү менен бирге иштөөгө, өз бригадасына кабыл албады беле. Эмгек жолун Толкунбек кыш кыноо, шыбак шыбоо, аралашма жасоодон баштады. Ошентип, Толкунбекти Сады өзү менен бир-

ге алып жүрүп, курулушта иштөөнүн көп тармактуу сырларын үйрөттү. Эмгекке дилгир бул жигит Сады Казиевичтин ишенимине ээ болуу үчүн бардык күч-аракетин жумшап, күн тынымын, түн уйкусун коюп аракеттенди. Акыры ал шыбак шыбоону, кыш кыноону, аралашма жасоону эң сонун өздөштүрүүгө жетишти. Жаш жигиттин шамдагай, шайдооттугу бригадирге айрыкча жакты. Кыш кыноочулар бир кирпич койгончо Толкунбек бир-эки кирпичти ашык кынай турган болду.

Күн өткөн сайын Толкунбек өзгөрө берди. Жумушчу коллектив менен да тез эле алынышып кетти.

– Толкунбек эси бар бала экен, – деди Сады күндөрдүн биринде, кечки тамактын үстүндө. – Бет алган ишинин майын чыгарып иштейт. Мен адегенде көп ишенкиребей, жүрөк заада болуп жүрдүм эле. Бирок СМУга киргени кыйшың-мыйшыңын көрө элекмин. Деги эси бар экен. Дитин коюп жакшы иштеп кетти. Шамдагайлыгы тим эле автомат.

Жайнагүл агасынын сөзүн угуп ичинен кубанып олтурду.

– Силерге барганы бир жылдан ашып калды, жакшы иштебей эмне болуптур. Үйрөндү да, – деди Жайнагүл.

– Аның туура, бир жылдан ашып калды. Бирок бир жыл эмес, беш жыл иштеп, ал эмес окуп окуусун бүткөн кээ бирөөлөрдүн ишинен майнап чыкпай жүргөндөр жок деп турасыңбы. Мен Толкунбектен да сага ыраазымын Жайнагүл.

– Эмнеге? – деди кыз түшүнө бербей.

– Адамдын адамдыгын тааный билгендигиңе. Сен медик болбой эле, тергөө органдарынын биринде иштесең ылайык болмок экен.

Жайнагүл кытылдап күлдү.

– Ал бала ооруканадан чыккандан бери биздикине эмне үчүндүр келбей калды. Ээрчите келүүң го. Колу абдан жакшы болуп, күчкө кирип иштеп жүрөбү деги?

– Жакшы эле. Иштеп жүрөт. Жана үйгө бар деп чакырдым. Башка күндө барайын, агай. Бүгүн жумушум бар

эле деп болбоду. Жөнү жок келе бергенден адептүү неме уялса керек, чунак...

Толкунбектин эмне үчүн ооруканага жатып чыкканын эстегенде Жайнагүлдүн жүрөгү булкуп алды. Ооба, андагы кырсыктын башкы себепкери Жайнагүл менен баягы Зыйнат деген кыз болду. Бир күнү Жайнагүл өз үйүнөн бир кат таап алды. Кандайча Толкунбектин чөнтөгүнөн түшүп калганын билбеди. Балким, ал атайы мени окусун деп өзү калтырса керек, – деп ойлоду. Жайнагүл бул катты дем тартпай туруп, эки кайталап окуп чыкты. Катта ашык сөз жазылбаганы менен кандайдыр, Толкунбекти арбаган, сыйкырдуу чакырык бардай сезилди. «Көптөн бери көрүшпөй кеттик, Толкунбек байке! Кечээ дем алышта интернаттан балдар келишиптир. Баары тең сени сурашат. Толкунбек байкем келип жүрөбү дешет. Сыягы сагынып, көргүлөрү келишет окшобойбу. Мендеги, сен биле элек жаңылык, мен группам менен саякатка Ысык-Көлгө барып келдим. Силердикине барып, аяш атам менен аяш энеме учураштым. Жакшы турушуптур. Бирок баягыдай эмес, картаайын деп калышыптыр. Эки кыз менен бардым эле, тоок союп тамак жасап беришти. Силердикине келеби, – деп сени сурашты. Баса, Эмил сенин адресиңди сураптыр. Салып жибердим. Эмир отпускага келем дептир. Ал учкуч болом деп жүрүп, акыры учкуч болмок болду. Толкунбек байке, сен мага эмне убада бергениңди билесиңби? Эчак эле алиги депутат кишинин карындашы менен мени тааныштырмак эмес белең. Мактаган кызың менен же кайра тааныштыргың келбей калдыбы. Мейли тааныштырбасаң тааныштырбай эле кой. Бирок сен өзүң биздин өткөн күндөрүбүздү, бир туугандык мамилебизди унутпай анда-санда ал-абалыбызды сурап койсоң эмне болот. Күндө жолуңду тосом. Келип калабы деп күтөм. Көрсө, сени бардык адамдардан жакын көрөт окшойм. Муну айтпасам да түшүнүшүң керек эле?..»

Бул кат Жайнагүлдүн ичине күтүлбөгөн жерден дүрбөлөң салды. Ал ушул каттан кийин Толкунбекти канчалык даражада жакшы көрөрүн билди. Кыздардын сүймөнчүлүгү болгон бул сулуу жигитти көрүүнү эңсегени менен, аны көрө албады. Эмне үчүн Толкунбек ушул аралыкта, мурдагыдай кыздын жолун тосуп келбей да калды. Мындай күтүүсүз жерден алыстоо, Зыйнаттын катынан кийин жүрөккө түшкөн өзүнчө бир аты жок оору болду.

Кыз жүрөгү ушинтип чөгөт болуп жүргөн күндөрдүн биринде Сады менен Гүлайым театрга чакыруу билет алып келип калды. Жайнагүл агасынын оозунан Толкунбек жөнүндө сөз угамбы деп кулак түргөнү менен, эч нерсе уга албады. Кыз-жигиттин бири-бирине болгон ачыла элек махабаты жөнүндө агасы тургай, жеңеси билүүчү эмес.

Театрга кирер-кирбестен эле Сады менен Гүлайымды жолдош-жоролору тегеректеп, биринин артынан бири учурашып жатышты. «Т-ү, деги абамдын тааныштарынын көптүгү ай. Шаардын адамдарынын теңинен көбү бул кишинин досу, тааныша. Атаганат, элдин баары менин бир тууганымдай кадырман болсо ээ,» – деп сыймыктана күлүмсүрөп, Жайнагүл ага-жеңесинен окчунураак турган болучу. Ушул кезде көпчүлүктүн ичинен кыздын көзүнө оттой кадалган бирөө урунду. Аз жерден: «Толкунбе-е-к!» – деп кыйкырып жибере жаздап барып токтоду. Кыздын көңүлүн бузган Толкунбек менен бейтааныш жигиттин ортосунда бараткан кыз болду. Бул кыз, ким болуп кетти, деп ойлоду Жайнагүл. А балким, Зыйнат дегени ушул болуп жүрбөсүн. Тигил эркек кимиси? «Маданиятсыздар!» – деди, тигилердин басканын жактырбаган Жайнагүлдүн күйбөгөн жери күл болуп. Көпчүлүктү көздөрүнө илбей, ээн талаада жүрүшкөнсүп, колдорун кармашып алган тура, адашып кетишчүдөн бетер. Зыйнаттын жазган каты ошол замат эсине түштү. Эмне үчүн биздикине каттабай калды десе, ушунда барып жүргөн турбайбы деген арам ойдон көңүлү биротоло Толкунбектен калып турду. Ал жеңесинин:

– Жүрү, кеттик алтыным. Сан көздүн баары эле сени карап, сага имерилишет да, – деген сөзүн угуп, уйкудан жаңы ойгонгонсуп, жеңесин убайымдуу көз караш менен жалт карады.

– Эмне дегениңди укпай калдым.

– И-и, театрга келбейм дедиң эле. Көптүн көз жоосун алып, далай жигиттин жүрөгүн тыбыратып койдуң.

– Олда жеңекебайым ай, мынчалык ашыра мактоонун кереги эмне, – деди суздана.

Ээрчише басып үчөө ложага көтөрүлүштү. Бул мезгилде көрүүчүлөрдүн көпчүлүгү залга кирип, орун алып олтуруп калышкан. Жайнагүл өздөрү менен бул ложага кимдер олтурганын да байкабады. Ал колуна кичинекей күмүш жээктүү дүрбүсүн алып, залдын ичинен Толкунбек менен чогуу келген жолдошторун издей баштады. Бирок аларды канчалык издегени менен эч жерден таппай убара боло берди. Бир кезде ал тыштан кирип келген Толкунбекти көрүп жүрөгү булкуп алды. Ана, өзү олтуруучу катарды издей баштады. Ошол маалда залдын орто ченинен, кимдир бирөө ордунан көтөрүлө берип: «Толкунбек!» – деп заңк этти. Бул жапайы үн залдын ичинде чагылгандай бир чарт этип алып, жок болду. Олтургандардын баары ошол үн чыккан жакка бир сыйра жалт карап алышты.

Ушул маалда Жайнагүлдүн кош карегине кадалган дүрбү Толкунбекти магниттей тартып келип, бетинин түгүнө чейин көрсөтүп турган болучу. Тигил бейтааныш жигит ордунан туруп, кыздын Толкунбекке орун берип, өзү катарлаш турган бош орунга жылып олтурганын, Жайнагүл кирпик какпай тиктеп турду. Анан үчөөнүн башы бириге калып, тынымсыз өздөрүнчө сүйлөшүп жатышты. Жайнагүлдүн ой-санаасынын баары кызда болуп, аны сынай тиктейт. Анын артынан көргөнү менен, бет алдынан өң-түсүн даана көрө албаганы Жайнагүлдү өкүндүрүп турду. Бирок кыздын кебетеси сымбаттуу көрүндү көзүнө. Прическасы эң эле татынакай, жарашыктуу жасалыптыр.

Бир өңчөй бозомтук кездемеден спорттук стилде жеңи кыска тигилген көйнөгүнүн жакасы каралжын кездеме менен жээктелип, ичке кайыш кур байланып алганы даана байкалат. Айтор, бул күнү Жайнагүл сахнада эмне болуп жатканын, окуянын кандай башталып, эмне менен аяктаганын толук түшүнбөгөн бойдон кымбат убактысын текке өткөрүп жибергенин эч ким билген да, байкаган да жок.

Театрдан ал көңүлсүз чыкты. Оюнга келгенине, Толкунбекти тигил кыз менен көргөнүнө өкүндү. «Зыйнатты макташында кеп бар экен», – деп ойлоду. Анан үйлөнүү жөнүндө өзүнө сунуш киргизип жүргөнүн жеңесине айтпаганына көңүлүндө кубанып койду. Жайнагүл эми Толкунбек деген оорудан алыс болууну ойлоп, ичинен өзү менен өзү макулдашып келатты. Театрдан келери менен сабак даярданууну шылтоо кылып, Толкунбекке кат жазууга олтурду.

Жайнагүл бир топко ойлонуп олтуруп арандан зорго беш-алты сүйлөмдүн башын курады. Бирок эмне үчүндүр көңүл калтырарлык бир ооз катуу сөздү кагаз бетине түшүрө албады. Ал мурда Толкунбекти «сен» деп сүйлөсө, азыр катка «сиз» деп жазды. «Толкунбек ага! – деп баштады, ал катты. – Мен сиздин үйлөнүү жөнүндөгү сунушуңузду ойлонуп көрдүм. Мезгили жеткенде өзүм жооп айтам деген убадам боюнча, ушул катты жазып олтурам. Анткени калп жеринен тил эмизип, сизди үмүткөр кылып, узакка күттүргөнүм адамгерчиликке жатпас. Ойлоп көрсөм экөөбүздүн тең чыныгы махабатыбыз, келечек бакты-таалайыбыз эки башка окшобойбу. Ар кимдин өзгөгө алмашпас өз сүйгөнү болот тура. Адам гүлдөн гүлдү тандап, учуп-конуп жүргөн көпөлөк эмес экенин түшүнөбүз да. Биз энеден туулганда эле бир жүрөк менен туулуп, өмүрүбүздүн акырына чейин бир жүрөк менен жашап, бир жүрөк менен өлөт эмеспизби. Турмушта эки жүрөк менен жашап, эки башка адамды сүйгөн жүрөктөрдү мен али угуп, көрө электмин. Менин жаратылыш тартуулаган жалгыз жүрөгүм,

жалгыз махабатым бар. Ал махабатым, ал жүрөгүм өз сүйгөнү үчүн жашап, өз сүйгөнүнө гана ачылууга тийиш. Мындан ары бири-бирибиз менен бир тууганча, ага-карындаш катары сыйлашып жүрөлү. Үйлөнүү тоюм өткөндө сиз менин тизмемдин башында биринчи болосуз...»

Жайнагүл Толкунбекти театрдан көргөндүгүн, ал эмес өгүнү келгенде өзү түшүрүп салган Зыйнаттын каты жөнүндө бир ооз сөз жазган жок. Жайнагүл ошонун эртеси, жазган катын салганы борбордук почтага келген. Жанында институтта бирге окуган Султан деген бир улан бар болучу. Кыз катты ящикке жаңы эле таштап бурула берип, бет маңдайында, көздөрүнөн от жанып турган Толкунбекти көрүп апкаарый түштү.

– Саламатпы, Жакин! – деди өзүн көздөй кадам таштаган жигит.

– Саламатчылык. – Мостоё жооп кайтарды Жайнагүл. – Мен шашып бараттым эле. Кап, сизге бирөө кат берип жиберген болучу. Көрүшөрүмдү билгенде эмне, азыр эле бул почта ящигине салып жибербедимби.

– Эчтеке эмес, ага кабатыр болбой эле кой, алам да эртең.

– Ооба, аласыз. Жакшы калыңыз. – Толкунбек бирдеме айтайын дегенче болбой Жайнагүл, жолдун жээгинде өзүн күтүп турган Султан менен басып кетти, ал басканда да жөн баскан жок. Султанды атайы колтуктап алды, Толкунбекке өчөшүп. Колтукташуу кандай таасир берерин түшүнсүн деп ойлоду ичинен камыгып.

Жигит турган ордунда катты.

Күндөрдүн биринде Жайнагүл институттан кеч кайтты. Ал үйгө кире берип, жеңесинин кимдир бирөө менен, телефон аркылуу кандайдыр бир жагымсыз сөздү сүйлөшүп жатканын угуп, жүрөгү болк этти.

– Катыгүн ай, жаман болгон экен ээ. Деги жаны аманбы? – деди чый-пыйы чыккан Гүлайым кейиштүү үн менен. – Эмне кылалы, биз баралыбы? Үстүнө киши киргиз-

бей жатат дейсиңби? Үйдө. Азыр келди. Өзүң качан келесиң? Билбейм дегениң кандай? Операциядан кийин? Мейлиң, туруп тур андай болсо. Үйүнө да кабар бердиңерби? Туура, туура, андай оор жарадар болсо, бериш керек. – Гүлайым өзүнчө шыпшынып, каңырыгы түтөп, трубканы ордуна койду.

– Эмне, бирөө бирдеме болуптурбу ыя, жеңе?

– Толкунбекти машина уруп кетиптир.

– Качан?

– Бүгүн түшкү тамакка чыкканда.

Кыз турган ордунда катты.

– Ооруканага чала жан жеткиришиптир. Сыягы, кан көп кетсе керек. Азыр рентгенден көргөндөн кийин, операция жасаганы жатышыптыр. Буту сыныптыр дейт, акыреги чыгыптыр дейт, башынан катуу жарадар имиш. Кырсык менен тарткылыкты кайдан деп болот.

Жайнагүлдүн жүрөгү сызылып, муундарын майда калтырак басты. Дипломатын кармаган бойдон Гүлайымдын оозун тиктеген калыбында эшик алдында жансыз селейип турду. Өңү өчүп, көздөрү жашылданып, эрдин кесе тиштеп турган кайынсиңдисинин кебетесин баамдай койгон жеңе, мостоё карап минтти:

– Э, Кудай, эмнеге мынчалык ойго батып кеттиң? Бол, чечинип чык. Мен сени күтүп эчтеке иче элекмин.

Кыз ыйлап жиберди.

– Жеңе, Толкунбекке барып келели да.

– Сады үстүнө киши киргизбей жатат дебедиби. Операциясы ийгиликтүү аяктаса барабыз да эртең.

– Эртеңби?

– Ооба, эртең. Баары бир бүгүн барганыбыз менен үстүнө киргизбегенден кийин, эмнеге калп эле убара болуп...

Жайнагүл Толкунбектин үстүнө киргизбесе да жеңеси макул болсо, учуп жеткиси келип турду. Бирок барбайбыз дегенден кийин барбайт да. Кыз көңүлсүз басып өз

бөлмөсүнөн чыкты. Бул күнү Толкунбекти ойлоп, жүрөгүнө тамак да баспады, сабак да окубады. Уйкусу качты. Өгүнкү ага жиберген каты менен салкын мамилесин ойлоп кейишке түштү. Андан дагы Султан менен колтукташып, ага мактанчылык кылып басып кеткеничи. Эмне үчүн коркуттум аны. Же башкалар менен театрга бардың деп күнөөлөдүмбү. Ооба, ошентип күнөөлөдүм. Баарынан да Зыйнаттын жазган катына ич тарлык кылдым. Анан эчтекеден эчтеке жок эле, ага жагымсыз кат жаздым. Ал менден мындай карамүртөстүктү күткөн эмес. Баягы күнү театрга баралы деп чакырса өзүм барбай койдум. Андан кийин телефон менен киного чакырды. Анда да барган жокмун. Жайнагүл мурда Толкунбекти күнөөлөсө, азыр өзүн күнөөлөп жатты. Айтор, бул түн кыз үчүн тынчы жок, азаптуу түн болду.

Жайнагүл эртең менен тула бою эзилип, дармансыз турду. Көздөрүнүн асты шишип, өңү шапая түшкөнүн өзү дароо байкады. Агасынан Толкунбектин үстүнө киши киргизбей жатканын, операция ийгиликтүү аяктаганын угуп, бир аз санаасы тына түшкөнсүдү. Кечээ жакында эле бейтааныш кызга кылган ич тарлыгы, азыр Жайнагүлдүн эсине келбей калды. Эмнеси болсо да ооруканага учуп жеткиси, анын ал-абалын өз көзү менен көргүсү келип турду.

Институттан чыгып ооруканага келгенде Сады да, Гүлайым да, Толкунбекке келген башка кишилер да ал жерде жок болучу. Ушул жымжырттыктан улам, эмне үчүндүр кыздын көңүлүндө Толкунбек өлүп калгандай болгон бир суук сезим удургуй түштү. Аны ага-жеңеси Жайнагүлгө жашырып айтпай койгонсуган жагымсыз ойдон жүрөгү мыжылып турду. Суук кабарды угуудан чочулап, эч кимден эч нерсе сурагысы келбей, бул чөйрөдөн тезирээк чыгып кетүүнү ойлоп, кетенчиктеп баратып, кимдир бирөөгө урунуп алып, чочуп кетти. Үстүнө ак халат, башына ак такыя кийген жаш жигиттин сузданган жүзү Жайнагүлдү көрүп, суктана тиктеп: «Кечиресиз!» – деп жарк этти.

– Жок, сиз кечиресиз доктор, мен байкоостон эле, – деп уялыңкы үлбүрөп үн катты кыз.

– Жок, жок, эчтеке эмес, шашып баратып өзүм байкабай урунуп алдым. – Экөө тең бирин-бири карап, күлүп жиберишти. – Ооруканада кимиңиз бар эле? – деди жигит.

– Мансуровго келгем. Айтыңызчы, деги тирүүбү ал жигит? – деп жиберди Жайнагүл.

– А-а, алиги аварияга учураган жигитпи?

– Ооба, ооба, ошол.

– Ой Кудай ай, тим эле тирүүбү дейсиз да. Тирүү. – Кыз кубанганынан күлүп жиберди.

– Сиз травматологияда иштейсизби?

– Ооба, ошол бөлүмдөмүн.

– Үстүнө кирүүгө болор бекен?

– Ага-жеңесинен башка, эч кимге руксат эмес.

– Ага-жеңеси дейсизби? Анын бул жерде ага-жеңеси жок да, – экөө отделенияны көздөй ээрчише басты.

– Кантип жок, – деди жигит, – алиги Социалисттик Эмгектин Баатыры, Сады Казиевиччи? Же ал кишини сиз таанибайсызбы? Жеңеси азыр эле кетти.

Кыз эмне деп айтаарын билбей мукактана түштү. Кайынсиңдисин күтпөй өзү жалгыз келген жеңесине таң калды. «Ал мени күтмөк эмес беле», – деп ойлоду. Тынымдан кийин жигитке карады.

– Тааныйм жеңесин. Кирүүгө алардан башкаларга руксат эмес деңизчи. Мейли анда, руксат болгондо кирермин. Жакшы болуп калса болду. Ракмат, сизге.

– Жакшы барыңыз, – деди жигит кызды узата карап. Врач тепкичти аттай берип, унутуп калган зарыл иши эсине түшкөндөн бетер, артын кылчая карап токтоду. Анан узап бараткан Жайнагүлдү чакырды. Кыз үн чыккан жакка жалт карады:

– Мени чакырып жатасызбы?

– Ооба, сизди? Токтой туруңузчу. Атыңыз Жайнагүл эмеспи?

– Ооба, Жайнагүл. Эмне экен?

– Мансуровдун эмнеси болосуз?

Кыз жигиттин жанына кайра келип токтоду.

– Эмнеси болосуз дегенииңиз кандай? Бар болгону ал менин жердешим. Бир мектепте окуганбыз.

– Аа, ошондой деңизчи. Эмнеси болсо да сизди жакшы көрсө керек. Мен сүйгөн кызы бекен деп ойлодум эле.

Кыз кызарып кетти.

– Түшүнбөдүм. Эмне үчүн антип ойлойсуз?

– Уктаса Жайнагүл деп уйкусурап, жөөлүсө Жайнагүл деп жөөлүйт. Ошон үчүн Жайнагүл деген сүйгөн кызы болсо керек деп ойлогон элем. Туура эмес түшүнсөм кечирип коюңуз.

– Ушуну билейин деп чакырдыңызбы?

– Ооба, чын эле билейин дедим. Эгерде Жайнагүл деген кыздын, чын өзү болсо Толкунбектин үстүнө кирүүгө уруксат берейин деген болучумун. – Жигит кызды сынай тиктеп тургансыды.

– Ошондой деңизчи. – Эки бети дагы кызарды дуулдап...

Жайнагүл киргенде Толкунбек креслого окшогон бийик кроватта башы бинт менен калың оролуп, буту атайын сыныктар үчүн жасалган темир алкакта асылып турган болучу. Бети менен мурдунун таноосу шишиктен араң көрүнөт. Андан дагы казандын кара көөсүндөй болуп көк ала. Кыздын жүрөгү атып кетти. «Абалы оор экен, адам болбойт го» деген ой жүрөгүн силкип алды. Эмелеки улам сыртына тээп турган жүзүндөгү кызыл бир заматта өчүп, өңү жууган чүпүрөктөй болуп, көңүлүн коркунуч бийлеп, бүткөн боюн калтырак басты. Жайнагүл башын Толкунбектин көөдөнүнө коюп, өпкөлөп жиберди. Анын буту эле эмес, колу да асылып турганынан, эсин жыя албай калды.

– Толкун-бе-е-к!

Жигиттин соо колу кыймылдай түштү. Көзүн ачайын деп көлкүлдөгөн шишиктен ачалбай койду. Анан оозун алсыз кыбыратты: «Жайна, сенсиңби?» – деди.

– Ооба, менмин Толкунбек! Кандай жакшысыңбы?

– Жакшы, жаманымды көрүп турбайсыңбы? – деди эриндери эмшеңдей түшүп...

* * *

Толкунбек ооруканада көпкө жатып чыкты. Жайнагүл Толкунбекти урдурган шофёрго сот болгонго чейин, аварияга учуроонун башкы себепчиси ким экенин билген эмес болучу. Көрсө, баарына күнөөлүү баягы өзүнүн жазган каты болуп чыкты. Кат жөнүндө сөз болгондо Жайнагүлдүн кош чыкыйы кысылып, жүрөгү удургуп кетти. Шерменде болгон мындан артык болобу деп ойлоп, уятынан башын өйдө көтөрө албай, ындыны өчүп олтурду.

Шофёрдун жалдаган адвокаты күнөөнү Толкунбекке оодарып, таңдайынан чаң чыгып жатты:

...«Ушул саамда Мансуровдун оюу бир жерде эмес болуп, жүрөгү күйүп-жанып келатып, машинанын астына кандай кирип кеткенин өзү билбей калган. Жакшы жери, машина акырын бараткандыктан, жабыр тарткан жигит жарадар болуп, аман калган. Эгерде шофёр жогорку ылдамдыкта бараткан болсо, Мансуровдун сөөгү сөпөт, устуканы упат болуп, ошол жерде өлөт болучу...»

Ошол саамда прокурор адвокатка суроо менен кайрылды:

– Эмне себептен Мансуровдун көңүлү алагды болуп, күйүп-жанып баратты эле? Далил келтириңиз.

Адвокат тамагын жасады.

– Анткени ушул күнү ал өзүнүн сүйгөн кызынан кат алган. Авария мезгилинде ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери аны Мансуровдун колунан табышкан. Кат иштин бешинчи бетинде тиркелүү. Менимче, жигит кызды сүйөт. Бирок, тилекке каршы, кыз жүрөгү Мансуровго эмес, башка адам деп согуп, махабаты башка адам үчүн гана ачыларын жазган. Кыздан мындай жооп күтпөгөн Мансуровду ой басып келатып, машинаны байкабай калган. Бул жерде шофёрдо күнөө жок деп актоого толук негиз бар...

Кыздын башы айланып чыкты. Ал Толкунбекке жазган катынын документ катары делого тиркелип, негизги күбө катары сөз болорун билгенде, бул жерге келмек да эмес. Күбө катары чакырылган автобустун ичиндеги жүргүнчүлөрдүн светофордун күйүп турганына карабай, машинанын келатканын көрүп туруп жолдон өтмөкчү болуп, кырсыкка өзү учурагандыгын айтышып, күнөөнү Толкунбекке оодарган сөздөрү Жайнагүлдүн кулагынын сыртынан кетип жатты. Көңүлүндө санаасы санга бөлүнүп, көпчүлүктүн ичинде, ага-жеңесинин алдында, атымды атап жиберишпесе экен деген ойдо, жанын оозуна тиштеп, кыпылдап олтурду.

Сотто Жайнагүлдүн укканы бирөө гана болду. Ал болсо шофёрдун бир жылга эркинен ажыратылгандыгы болучу. Кыз өкүм окулуп бүтөөрү менен агасына да, жеңесине да, Толкунбекке да караган жок. Залдан шып чыгып, түз эле үйүн көздөй бет алды. Ал болору болуп, боёсу канса да, баягы эле өзү жазган каттын чекилиги жөнүндө ойлоп Толкунбектен уялып, эрдин кесе тиштеп келатты. Ошол саамда машинанын сигналынан селт эте түштү. Тушуна токтогон «Волганын» арткы орундугунда жалгыз олтурган Толкунбекти көрүп, уялыңкы күлүмсүрөп, көздөрү кылмыштуу жалт эте түштү.

– Кел, олтур, жеткирип коёлу.

Жайнагүл ыргылжың тартып машинаны көздөй көңүлсүз басты. Толкунбек машинанын эшигин ача берип минтти:

– Сен эмнеге, бизди күтпөй шашып кетип калдың? Агай да, жеңе да байкабай калыптыр, чыгып кеткениңди. Мен болсо сени институтка барат экен деп ойлоптурмун.

Жайнагүл күнөөлүү немедей, басмырт тартып кыбылжый сүйлөдү.

– Жөн эле кетким келди. Мен сени байкабай калды го деп ойлодум эле.

– Байкабай калуучу кишини тапкан экенсиң. «Өрдөктүн өзү көлдө болсо да, көзү чөлдө» дегендей, менин көзүм да, оюм да сенде экенин билбейсиңби. Өзүмдү өзүм башкара албай калып, бир күнөөсүз бечаранын убалына калып, бир жылга кестирип шорун кайнаттым. Өзүм болсо өрөлөгөн аттай болуп үч буттап, балдак таянып калдым. Жакин, мен сенден бир нерсе сурайын деп сурай албай турам.

– Эмне жөнүндө?

– Экөөбүз жөнүндө.

– Экөөбүз жөнүндө?! Кызык, экөөбүз жөнүндө эмнени сурамакчысың. Сура, сурай турган сөз болсо.

– Чыныңды айтчы, кан жолдо баратабыз, сен мени сүйөсүңбү?

Ойдо жок жерден берилген бул суроого Жайнагүл абдаарый түштү. Буга чейин ал кат жөнүндө да, баягы өзүнүн көзүнчө колтукташып басып кеткен студент жөнүндө да ооз ачып сурай элек болучу. Жайнагүл, балким Толкунбек ушул бойдон алар жөнүндө сурабайт го деп ойлогон болучу.

– А сен өзүңчү? – деди ойлонбой туруп кыз.

– Билип, түшүнүп туруп өзүмдү сурайсың да. Мен сени сүйгөн болбосом, сенин катыңды кармаган бойдон жүрүп келаткан машинаны көздөй жүгүрбөйт элем го.

– Капысынан ошондой болду да. Балким, өтүп кетүүгө үлгүрөм деп ойлогондурсуң. Кырсык деген таман астында деген ошол. Бирок сен мени сүйөм деп калп айтпа Толкунбек.

– Эмне, карганып, касам ичейинби.

– Ичпей деле, карганбай деле кой. Баары бир сенин сүйлөшүп жүргөн кызың бар.

– Ким?

– Ким, ким? Көрдүм го театрдан.

– Аа, түшүндүм эми. Мен кырсыкка учурап, ооруканага жатаардан эки-үч күн мурунку театрбы? Ошондо сен да бардың беле?

– Ооба, абам менен жеңем үчөөбүз барганбыз.

Толкунбек кара күчкө каткыра күлүп минтти:

– Ой макоо, ал Эмирдин сүйлөшүп жүргөн кызы да. Эмир отпускага келген. Театрга карындашы, болочок жеңеси үчөө бармак болуп билет алышыптыр. Бирок Зыйнат бир жакка кетип келбей калып, Эмир театрга мени чакырып келгенинен, бардым. Анын эмнеси бар экен.

– Эмир деген ким?

– Эмилдин иниси.

Жайнагүл кызарып кетти. Эмне деп айтаарын билбей какап калды. Өмүрүндө калп айтып, карөзгөй сүйлөп көрбөгөн кыз, Толкунбекти да өзүндөй ойлоп кетти. Ишенди. Уялганынан башын шылкыйтып, сумкасын кармалай берди. Ушул маалда, баягы өзүнүн көзүнчө почтонун алдынан колтукташып басып кеткен улан жөнүндө кыябын таап айталбай турган сөз, Толкунбектин оозунан кандай чыгып кеткенин өзү да байкабай калды.

– Меники го болду. Ал эми өзүңдүн таламандын тал түшүндө колтукташып кеткен бозоюң ким эле?

– Суракка аласыңбы? – деди мукактана түшкөн Жайнагүл.

– Сурак эмес эле, суроо да бул.

– Албы, ал өзүм менен бирге окуган студент болчу. Мен сенин көзүңө көрүнүш үчүн гана атайын ошенткем. Ал экөөбүз жолдон жолугушкан болучубуз. Бир аз колтукташып басалы деп, андан өзүм сурангамын.

Толкунбек каткырып жиберди. Анын көздөрү бактылуу жайнап, өңү демейдегиден бир башкача нурданып чыкты. Анан толкунданган үн менен Жайнагүлдүн далысына колун жиберип, имере кучактап өзүнө тартты:

– Болду, болду, башка кошумча сөздүн кереги жок эми...

Жайнагүл ушуларды ойлоп, тынчы кетип, экинчи жамбашына которулуп жатты. Канчалык өзүн алаксытайын десе болбой, ой артынан ойлор агып, өткөн күндүн элестери биринин артынан бири чубашып, экрандагы кинонун плёнкасындай көз алдынан тартылып өтө берди.

* * *

Күн артынан күндөр, ай артынан айлар суудай агып жатты. Баягы биринчи түнү жолугуп, Жайнагүл саат, шакегин Толкунбектин тобуна тоноткон күндөн бери, зымырык куштай учуп беш жыл беш саатча көрүнбөй өтүп кетти. Жайнагүл медициналык институттун бешинчи курсун аяктоонун алдында турса, Толкунбек политехникалык институттун инженердик-курулуш факультетинин кечки бөлүмүнө кирип окуп жаткан кези. Ал баягы аягы менен бет алды басып, селсаяк жүргөн орду жок жигиттерден эмес, Сады Казиевичтин жардамы менен ушул окуу жайына өткөн. Баягы авариянын кесепетинен Ата Мекенди коргоо милдетин да өтөй албай калган. Бир аз сылтып басат. Жайнагүлгө, Жайнагүлдүн ага-жеңесине жагыш үчүн Толкунбек тоодой тоскоолдуктарды бузуп өтүү үчүн колунан келгендин баарын жасады. Ал Садынын айтканын айткандай, дегенин дегендей аткарып жүрүп, чоң ишенимге ээ болду. Ошентип, Толкунбек бул үй-бүлөнүн эң жакын көргөн, ишенимдүү адамы болуп калды.

А Жайнагүл болсо келбети келишкен, жүрүш-турушунун адептүүлүгү менен көргөн адамдын көңүлүн өзүнө бурган, керемет кыз. Толкунбек экөө бирин-бири көрбөй калса, Жусуп менен Зулайкага окшоп издешип кетишчү. Жетим көпөлөктөй болуп, кош жүрөктү айлантып турган бул күчтү бузуучу ажалдан башка эч бир даба жоктой ойлоочу Жайнагүл менен Толкунбек.

Баягы сотто күбө катары ишке тиркелген катты, күнөөлүүгө иш козголуп жаткан кезде Толкунбектин делосу менен таанышып олтуруп, Сады ойдо жок жерден өз карындашынын катын окуп алганын Жайнагүл билүүчү эмес. Ал качан гана Мансур карыя менен агасынын сөзүнөн улам, кат тууралуу угуп калып манаттай кызарган.

– Сиз биздикине чындыгында эле Жайнагүл үчүн келип жүргөн турбайсызбы, Маке, – деген Сады.

– Жайнагул үчүн да, силер үчүн да. Эгер Жакинтай экөөң болбогондо Толкунбек «капырдан», биротоло кол жууп калат белем, ким билсин. Мен силерди адеп көргөндө эле ичим жылып калган. «Адам өз жамандыгын өлгөнчө билбейт, киши жамандыгын кирип чыкканча билет», – деп ата-бабабыз бекер айтпаган тура. Эмнеси болсо да баламдын багы бар бала экен. Силерди көргөн сайын көңүлүм көтөрүлүп, жыргап кетем. Чынымды айтсам, Толкунбекти бир ойлосом, Жакинтайды миң ойлоп, сагынып кетүүчү болдум. Күндүзү өңүмдөн, түнкүсүн түшүмдөн кетпей, көз алдымда жайнайт да турат.

Мансур карыянын сөзүн кунт коюп, үндөбөй угуп олтурган Сады бир оокумда күлө сүйлөп минтип айткан:

– И-и-и де, ошентип Жайнагүлдү жакшы көрөм деңизчи.

– Эмнесин жашырайын, бул Жакинтайыма болгон аталык мээримим, мага тынчтык бербес болду. Алдыда анчамынча окуй турган жылы калыптыр. Кокус озунган бирөө бөктөрө качып кетип, тилегим ташка чабылбасын деп Жакинтайдын колун сурап келдим, Сады балам. Эки баланын сүйлөшкөн сөздөрү, уюган убадалары бар экен. Гүлайым экөөңөр макул десеңер, кудагый кайда кетмек эле. Той берип, ата-бабанын салты боюнча колуңардан алалы.

– Олда жарыктык ай, түз эле убадалары бар экен дейсиз да. Эгер Жакин Толкунбекти сүйсө, баягыдай балакеттүү катты жазбайт эле да. – Сады карындашын билип турса да, Мансурга ушинтип мант берип койду.

– Ой кокуй о-о-й, жаш кезде андай таарынычтардын миңи болбойбу. Ошол балекеттүү каттын саатынан баламдан аз жерден ажырап, кара көзүм кашайып кала жаздаганымды билесиң го өзүң.

– Да-а, билем Маке, билем.

– Же Толкунбек Жайнагүлгө тең эмес деп чанасыңарбы. Же мени кемсинтесиңерби?

– Жок, жок. Толкунбекти чанбайбыз. Сиз жөнүндө да сөз жок. Макул, экөө бирин-бири жактырып, бирин-бири

сүйүп, сүйлөшүп жүргөн экен деп коёлу. Бирок экөө тең окууларын бүтүшү керек да, ыя Маке. Жайнагүлдүн алдында үстүбүздөгү жылды кошпогондо да, ар жакта бакандай болгон эки жылы жатат. Ал эми Толкунбек деле иштеп жүрүп окуганы менен баары бир студент да. Жок дегенде Жакин окуусун бүтсүн. Той жөнүндө ошондо сүйлөшкөнүбүз оң болор дейм, Маке.

– Жо, жок, анда Жакинтайдан ажырап калам, Сады балам.

– Ажырап калам деген да сөз болобу, жарыктык. Окуу деген окуу, үй-бүлө деген үй-бүлө. Жайнагүл институтту бүтүрмөйүнчө эч жакка барбайт. Силерге ошондой эле менин карындашым жагып калса, күткүлө эки жыл...

Андан ары эмне сөз болгонун Жайнагүл уккан жок. Көңүлүндө Толкунбек бүгүн алып кетсе да макул. «Турмуш куруп алып, көп эле жаштар окуп, билим алып жатышпайбы», – деп ойлоочу кыз. Көбүнчө анын жүрөгүн өйүп, көңүлүн бузуп, турмушка чыгууга түрткү болуп турган Зыйнат болуп турду. Жайнагүл бул бейтааныш кызды көрүп, билбесе да, андан Толкунбекти тымызын кызгана берүүчү. Зыйнат окуусун бүтүп, ушул шаарда иштеп жатканын уккан. Ал жөнүндө Толкунбек мурдагыдай Жайнагүлгө эчтеке айтпай калган. Аны мактачу да, жамандачу да эмес. Бирок ошондой болсо да кыз жүрөгү күнүчүл да.

Мансур карыянын көздөп келген максаты ордунан чыкпай, шагы сынып кеткенине ичи ооруп, Толкунбекти ойлоп, ой басып олтурганда, кимдир бирөөнүн эшикти үстөккө-босток шыңгыратканы кызды селт эттирди. Жеңеси эшикти ачканда, кыз Толкунбекти үнүнөн дароо тааныды. «Эмне үчүн каникулда, анан дагы жумушунан отпуска алып атасы менен кетпей калды экен? – деп ойлоп койду ичинен. – А балким, кайра иштейин деди бекен».

Аңгыча Гүлайым, Жайнагүл олтурган эшикти аяр ачып, кайынсиңдисине шыбырай сүйлөдү:

– Бийкеч, жүрөгой, тамак ичели. Ана,Толкунбек да келди.

– Эмне жардам берейин, ыя жеңе?

– Эмне жардам бермек элең. Мына бардыгы даяр, – деди Гүлайым, Жайнагүлдүн мүнөзү өзгөрүп, көңүлү көтөрүлө түшкөнүнө мыйыгынан күлүп.

Кыз Гүлайым менен Садынын ортосунан орун алды. Тамак үстүндө, кайра-кайра саатын карап, тынчы кетип олтурган жигитти байкап, Жайнагүлдүн жүрөгү сызыла түшүп жатты: «Эмнеге, кайда шашат болду экен? А балким, бирөө менен кезигүүгө убадасы бардыр. Кечээ келем деп коюп, келбей калды. Мени күтүп зарыгат деп, адамдын жүрөгүн аябаган неме экен да бул. Бүгүн үйүнө кетмек. Мен муну эчак көлгө кетти го деп ойлоп жатсам...» Ушул ойду ойлоп кош кирпиги аста көтөрүлүп, бет маңдайында олтурган Толкунбектин көзүнө көзү чагылыша түштү. Жайнагүл бул көз караштан, бөтөнчө бир шашкалаңдуу, тынчсызлануунун туңгуюк учкунун көрүп, эки ийинин куушура күлүмсүрөп койду.

– Сен эмне, шашып олтурасыңбы, кайра-кайра саатыңды карайсың? Ал, тамак же, колуңду сүртпөй.

– Ракмат, абаке. Аябай тойдум. Чын эле мен шашып олтурам. Уруксат болсо Жайнагүл экөөбүз киного барып келели деп билет алып келдим эле.

– Баса дейм да. Мейли барып келгиле. Жакшы кино жүрүп жатыптыр деп азыр эле Гүлай айтып жаткан. – Сады карындашына карады. – Сен туруп кийин, кечигесиңер...

Жигиттин бою менен бой, өзү менен өз болуп, кынала баскан кыз муздак абадан аптыга дем алып, көңүлү жай тартып, дүйнө капар.

– Кеч сонун болуп турган экен, ыя Толкунбек. Карасаң жылдыздуу ачык асман мөлмүлдөп кирсиз. Айтчы, эмне үчүн?

– Эмнени сурап жатасың? – Толкунбек өз ою менен өзү алек болуп келатып, Жайнагүлдүн акыркы сөзүн бүдөмүк угуп, жалт карап алды.

Кыз дароо кыйт эте түштү. Эки буту шилтемге келбей, тушагандай токтоду.

– Эмнени ойлоп бараттың эле? – Таарынычтуу үн катты.

– Сен жөнүндө да, өзүм жөнүндө да.

Жайнагүл жигиттин сөзүн бөлдү.

– Аа, ошондой де. Мен дагы...

– Сен дагы эмнени ойлоп жибердиң эле?

Ушул саамда кыздын тилинин учуна, Зыйнаттын ысмы келип кайра тартты.

– Толкунбек эмне үчүн менин сөзүмдү уккан жок деп гана ойлодум.

– Ошондой дечи. Кана, кайсы жериң менен ойлодуң. Башың мененби, же жүрөгүң мененби? – Кызды бурула карап алды.

– Жүрөгүм менен.

– Сенин тынчы жок жүрөгүңдү, эмне кылайын ыя? – Кызды колтуктап келаткан калыбында каруусун бекем кысып койду. Бирок баятадан жүрөгүн өйүп турган көңүлдөгү сырды айталбай турганын Жайнагүл түшүнгөн жок. Алар аялдамага жеткенде агыш түстөгү «Жигули» автомашинасы жолдун четинде от алып турган болучу. Машинанын жанында турган жигит кабинага шып кирип «пип» эттирип койду. Толкунбек Жайнагүлдү колтуктаган калыбында түз эле машинаны көздөй бурула басты. Кыз жигиттен сурады:

– Сени күтүп турган машинабы?

– Мени күтүүчү машина болбойт дедиң беле?

– Жо, кантип эле ошентип ойлоюн. Анан деле сөздү тез эле башкага буруп алмайың бар, – деди, машинанын номерине кареги кадала түшкөн кыз. – Көлдөн келген машина го?

– Ооба, жолдоштор келип калыптыр. Сени көрөбүз дейт.

– Мениби?

– Ооба, сени. Анан мени көрмөк беле?

Булар ушинтип машинага жакындаганда, бет алдынан бир аял менен бир жигит суурулуп чыга келишти. Алар кызды сынай тиктеп токтошту.

– Кана, Жакин, булар менин жолдошторум, таанышып кой.

Кыз биринчи эле аялга кол сунду.

– Жайнагүл!

– Күлүш. – Аял кубанычтуу жарк этти. – Мен Толкунбекке аяш болом, күйөөм бул жигит. Аты – Турат.

– Капырай, – деди Турат, – мен эмне дудук белем, ыя? Сени бирөө күйөөңдү өзүң менен кошо тааныштырып кой дегенсип сүйлөйсүң да.

– Кечирип кой, мен жөн эле айта салдым. Азыр деле кеч эмес. Турат менен кол алышып койчу, Жакин.

Кыз күлүмсүрөп, жигитке кол сунду.

– Жайнагүл!

– Бактылуу бол. Жакшы атың бар экен.

– Ой, ат деген коюла бербейби. Аты жакшынын баары жакшы болуп, аты жамандардын баары жаман болуп калмак беле. Илгери эл башкарып, журт бийлеген, атактуу Көкөтөй деген кишинин баласынын аты Бокмурун болуптур. Хи-хи-хи. Билесиңер го Бокмурундун ким экенин.

– Эмне, Жайнагүлдүн аты жакшы болгону менен заты начар болсо керек, деп күнөмдөр болуп турасыңбы, таанышкың келбей.

Жигит чочумуш болуп кетти.

– Ой, антип айтпагыла, катыгүн, менин атым – Эмил.

– Эмил!? – Жайнагүл таңдана түштү.

Жигит кыздын колун кармаган калыбында коё бербей, тиктей берди. Бул ачыккан мышыктын көзүндөй болгон чекир көздө суктануу да, арзуу да, көралбастык да бар болучу.

– Таңданбай эле кой, Жакин, мен аскерден жаңы келдим. Балким, Толкунбек айткандыр. Бул экөөбүз арамды жесе бир жеген, адалды жесе бир жеген, кыйышпас доспуз.

Толкунбек шашып калды.

– Мен сенин келгениңди Жакинге айтам деп, таза унутуп калган турбайымбы. Бул кечээ эле келди. Шаарга түшөрү менен, үйүнө кирер-кирбестен эле жатаканага мени издеп жөнөптүр эргул.

– Болду эми. Коё бериңиз колумду. – Манжаларын капшыра кармап турган жигиттин сөзү да, көзү да, мүнөзү да бир көргөндө эле Жайнагүлдү иренжитип салды. – Аскерге барып деле тарбия көрбөй баягы бойдон кайра келген экен деп ойлоду кыз...

Машина Ленин проспектисине келгенде, түз эле Аламүдүндү көздөй бурулду.

– Кайда баратасыңар? – деди жүрөгү бирдеңкеден шектенген кыз.

– Сени ала качып баратабыз, – деди Эмил озуна жооп берип.

– Жакин, мени кечирип кой, – деди апкаарыган Толкунбек. – Сени биздикилер күтүп жатышат.

– Биздикилер?! Кызык, биздикилер дегениң кимдер?

– Ким болмок эле, менин ата-энем.

– Алар мени кандайча күтүшөт? Жок, жок, андай болбойт, Толкунбек. Токтот азыр машинаны.

Машина токтоп, бардыгы тышка чыгышты.

– Азыр мезгил эмес да, Толкунбек. Экөөбүз тең окуубузду бүтө элек студентпиз. Сүйлөшпөдүк беле бул жөнүндө. Жок, мен макул эмесмин, азыр болбойт.

– Такыр болбойбу? Эгер чындап эле болбой турган болсо Толкунбек башкага үйлөнөт. Азыр мындай чыгып эле, бир кызды машинага олтургузабыз да кетебиз. – Эмил эки бөйрөгүн таянып, кыздын маңдайына тура калды.

– Ырас эле, – деди тигинин сөзүн кубаттаган Турат. – Толкунбектин үйүндө той камы көрүлүп жатат. Жайнагүл

макул болбой койду деп, куру кол барсак, алар эмне дешээр экен. Биз сени зордобойбуз. Эгер Толкунбек экөөң бириңди-бириң жактырып, үйлөнүү жөнүндө сүйлөшүп жүргөн сөзүңөр болсо, жакшылап ойлонуп көр, Жакин. Ата-энеңер карыдык-арыдык, оорукчал болуп баратабыз, көзүбүздүн тирүүсүндө уулубуздун колуктусун алып келип, санаабызды тындыргыла деп жатат. Бешинчи, алтынчы курс эмес, биринчи курста деле үйлөнүшөт турбайбы. Кана, кандай жооп айтасың Жайнагүл? Же Сады Казиевичтин айтканын аткарып, окууңду бүтмөйүнчө күйөөгө барбайсыңбы?

Бардыгы кыздан жооп күтүп унчукпай калышты. Ушул саамда Жайнагүлдүн алдында чечүүчү мезгил сагалап турду.

– Толкунбек чындыкты айтса болмок экен. Жок дегенде жеңем билип калса болбойт беле. Биз Толкунбек экөөбүз, далдалчысыз эле өзүбүз сүйлөшүп, өзүбүз табышканбыз. Ошон үчүн экөөбүздүн өмүрлүк тагдырыбызды өзүбүз чечишибиз керек.

Жигит кызды жолдошторунан бөлүп, четке алып чыкты. Жайнагүл Толкунбекти кучактап ыйлап жиберди. Жигит колуктусун эркелете маңдайынан сылап, аптыга сүйлөп минтти:

– Кана, Жакин, эмне дейсиң? Акылың бар эмес беле. Мен атам менен энемден мурда эле, өз жүрөгүмдүн бийлигинен өзүм чыга албай калдым. Өмүр бою алаканыма салып, төбөмө көтөрүп жүрүп өтөйүн. Колумдан канча ракат, канча кызмат келсе, бардыгы сеники. Жолдош-жоронун алдында жер каратпа.

Ар жактан Тураттын үнү өкүм чыкты.

– Э Кудай, экөөң жаңы таанышып жаткансып күбүршыбыр болуп, бүлкүлдөшүп турганча, таң атып, күн чыкмак болбодубу.

– Булар ушундай калк, – деди Эмил, өзүнчө какырынып, – калп эле сыр көрсөтүп чоёктой беришет. Макулсуңбу, барасыңбы деп көзүн карап салбырай берсең, кы-

рыңа чыгып алышат. Ай Толкунбек, тоңуп кеттик, болбойсуңарбы?

– Азыр, мына кеттик.

Жайнагүл Толкунбекти бир жакка качып кетүүчүдөн бетер карысынан кош колдой кармап, кучактап келатты.

Эмнеси болсо да жаштар көздөгөн максатына жетти. Эмил айткандай, чоёктомуш болгону менен Жайнагүл ичинен өкүнгөн жок. Кокус башка бирөөлөрдүн укуругуна илинип калып, Толкунбектен ажырап калбасам экен деген ой күндөн күнгө күч алып, тынчы кетип жүргөн кезде, ажайып иш болду. Биринин колун бири кыса кармашып, көңүлдөрү балкып, махабат отуна мас болгон эки жаш бирине-бири бактылуу жылмайышат. Алар асман менен жердин ортосунда, кереметтүү космос кораблинде учуп бараткандай толкундап, айылга кандай жеткенин да сезбей калышты.

Үйдөн дүрбөп чыккан кишилердин ичинен Жайнагүлдүн көзүнө көрүнгөнү Мансур ата менен Кына болду...

Жайнагүл эртең менен уйкудан чочуп ойгонду. Караса таң эчак атып, ал эмес Күн көтөрүлүп калыптыр. Бул үйдө тиричилик алда небак башталган сыяктуу. Короодо үй ээлеринин үнү чыгат. Жаңы келген келин кантээрин билбей, кыстала түштү. Кайнене, кайнатасынан кеч туруп, аларга көрүнүү тозок болуп турду. Жайнагүлдүн көргөн-баккан тарбиясы башынан ушундай болучу. Ал өзүнүн күйөөгө эчак кеткен эжелерине энеси Тумардын айткан сөздөрү азыр аларга эмес, өзүнө тиешелүү болуп тургандай туюлду. «Жаңы келген келиндин сергек болгону жакшы, кыздарым. Далкыйып, кыйратып салгансып сасып уктап жаткан уят болот. Эртең менен кайнене менен кайнатадан мурда туруп, жуунуп-таранып алып, самооруңарды коюп, дасторконуңарды жайып, кант-майды жайнатып ызаат көрсөтүп тургула. Чай болобу, башка тамак болобу, насиптин астын ата-энеге биринчи куюп, ата-энеге биринчи сунгула. Бул

карыны кадырлап, улууну урматтагандык болот. Ошондо гана силер эрдин да, элдин да, ата менен эненин кадырлоосуна ээ боло аласыңар» – деп кыздарына айткан эненин насаат сөздөрү Жайнагүлдүн кулагына алтын сырга болуп тагылып калгандай, эсинен кетпей турду. «Оо, менин кагылайын алтын энем, сенин кыздарыңа берген ушундай баа жеткис сөздөрдүн кадырын, мен Байрагүл эжемдикине барганда түшүнүп, көңүлүмдө кубанган элем. Билем, ошондо сенин зоболоң көпчүлүктүн ичинде дагы көтөрүлдү эле. ...Бир адамды миң адам мактап, ыраазылыгын билдирип туруунун өзү кандай сыймык. Мындай сыймыкты адам алтын берип сатып алалбасын Жайнагүл ошондо түшүнгөн. Азыр дагы ошондогу ойлогон ою, тилеген тилеги кайра баштан тутанып, көңүлүндө чагылышып жатты. Ал азыр эмне үчүндүр Толкунбекти тик багып кароодон айбыгып, эч бир адамдын санаасы жетсе, өзү жеткис, бир ыйык адамдын алдында күнөө кылгансып, уялганынан бүткүл денеси оттой жанып, алоо болуп турду. Чатырап, шишимик тартып турган эриндерин тилинин учу менен жалады. Эмелеки эрте туруп чай коюп, үй ичин иреттөөгө даяр турган Жайнагүл кайнене, кайнатасы менен беттешүүнү эстегенде кыялы кымкуут болуп, мизи кайта түштү. «Кечээ кечинде эле кыз башым, кыл чачым менен босогоңорду аттап кирип, эртең менен катын болуп тура калып, силерге мактанганы чыктым дейимби». Ал ушул тапта жандуудан да, жансыздан да уялып, жүрөгү жарылып кетүүчүдөй зыпылдап жатты. «Оо шумдук ай, адам баласынын жашоосунун татаалдыгы укмуш экен да, – деп ойлоду Жайнагүл. – Кызгалдактай кулпунган кыз кезим, бир заматта аккан суудай аркырап, кайдадыр белгисиз жакка акты да кетти». Ушинтип ой басып олтурган Жайнагүл эшикке кантип чыгып, кантип үйдөгүлөргө көрүнүштүн айласын таппай турду. Ушул саамда Жайнагүлдүн көзү байкоостон ирегe жакта турган жез дагыра менен көк чайнекке түштү. Караса ичинде толтура суу, жанында самын. Эмелеки айласы кетип,

кантип, кайда барып жуунарын билбей турган кыз, буларды көрүп сүйүнүп кетти.

Ал кийинип, чачы-башын тарап, кечээ кечинде кайнеси салган чачылуу ак крепдешин жоолугун байланып, босогого келип токтоду. Көңүлүндө түндө көшөгө ичинде өзү менен бирге олтурган кыздарды, анан Толкунбек экөөнө төшөк салып, чарк көпөлөк айланып чуркап жүргөн келиндерди эстеп турду. Анан: «Эми алар бүгүн келбейби», – деп өзүнчө кейишке түшө баштады. Айтор, кимиси болсо да ата-эненин алдында бетин ачып, жол баштоочу бирөө керек болуп турду. Бирок эч ким келбеди. Тээ бир оокумда тышкы бөлмөдөн дабыш чыккандай болду. Жайнагүл өзү түбүндө турган эшиктин туткасын аяр кармап, каалганы акырын ачты. Эчактан бери эле эшиктин ачылышын акмалап күтүп тургансып, ошол саамда кандайдыр бир аялдын жумшак үнү Жайнагүлдүн кулагын сылап өткөнсүдү.

– Турдуңарбы, жаш жубайлар?

Келин өзүн дароо колго алды. Кокус айылдын ачык-айрым оозу шок аялдарынан болсо, дагы эмне деп айтып жиберер экен дегенсип тик кароодон айбыгып, иймене түшкөн Жайнагүл үлбүрөй басып чыгып, эки колун бооруна алып ийиле тартып жүгүнүп койду.

– Жүгүнбөй эле кой, мен элемин.

– И, Күлүшсүңбү? – Жайнагүл сүйүнүп кетти. Ал жат адамдардын арасынан жакын адамын көргөн немеден бетер кубанычтуу жүз менен келинге тике карады. – Ии, ырас болбодубу келгениң. Эртеден бери тышка кантип чыгып, ата-энеге эмне кылып көрүнөрүмдү билбей, капастагы туткундан бетер камалып турдум эле.

– Мен ошону билип келдим да. Кандай, жакшы жатып, жай турдуңарбы?

– Ракмат, жай турганды көрүп турбайсыңбы. Эми кантип кирем, тигилердин үстүнө. Эрте келүүң го.

– Кантип кирем деген да сөз болобу. Киребиз жүгүнүп эле...

...Жайнагүл бул үй-бүлө менен тез алынышып кетти. Кына уулуна бир жалынса, келинине эки жалынат. Кызым да сенсиң, Жайнагүл, келиним да сенсиң Жайнагүл, тирүүмдө сыйларым да, өлсөм ыйларым да сенсиң деген эне сөзү басса-турса Жайнагүлдүн эсинде.

Мансур менен Кына элчилеп ага-тууганына салык салып, кошумча чогулткан да жок. Элчилеп кудаларынын ачуусун басып, тартуусун да тарткан жок. Алар Жайнагүл келгенден бир жума өтүп-өтпөй эки баласын өздөрү менен бирге алып кудагыйыныкына барып, жолдорун ачып алышкан. Баарынан да эки кудагый каймакка куймак куйгандай болуп, бири-бирине жакты да калды. Пейилдери, ниеттери төп келишип, «сенин таманыңа кирген тикен, менин чечекейиме кирсин» дегендерден болушту.

Толкунбекке барып, ушул эшикти аттап киргенден баштап, Жайнагүлдүн көргөн камы – кайнене менен кайнатасы. Ал Кынанын да, Мансурдун да ден соолуктары жакшы эмес экенин билди. Экөөнүн тең жүрөктөрү күйүткө күйүп, күйүттөн жараланган адамдар экенин ойлогондо уктап жатса ойгонот. Анын үстүнө Мансур Улуу Ата Мекендик согуштун биринчи группадагы инвалиди болучу. Кына келинине сырын айтып олтуруп минткен:

– Акылың болсо сөз түйүнүн түшүнүп, эсиңе аларсың балам. Акылың болбосо, бул кемпир кайдагы мага тиешеси жок, өткөн-кеткенин айтып кулагымдын кужурун алып жатат дээрсиң. Он бирдин энеси болдум. Маңдай сөөгүм тайкы экен, ону жер астына кетти. Толкунбектен улуусу онунчу классты бүтүп жатып, томпоюп калбадыбы, кагылайын. Өлгөндүн артынан адам өлбөйт тура. Түндө түшүмдө бир бөтөн эл, бөтөн жерде, балдарымды жоготуп ошолорду издеп таппай жүргөн экемин. Бала бакча экен деймоюмда. Бир жайга келип, топураган балдар менен адамдарга туш болом. Аңгыча ары жактан бөбөктөрүн жөжүрөтүп ээрчитип Токтомушум чыгат. Ал кимдир бирөөдөн: «Биз энебизди издеп жүрөбүз. Сиз ал кишини көргөн жоксуз-

бу?» – деп сурап жатканын угуп, кубанганымдан тилим буулуп, үнүм чыкпай, аягым шилтөөгө келбей, турган ордумда катып калсам болобу. Тигил адам Токтомуштан: «Энеңерди тааныйсыңарбы?» – деп сурайт. Анда балдардын баары чур дей түшөт: «Энебиздин жүрөгү бизди эстеп, ыйлап жүрүп күйүткө күйүп калган. Ошол жүрөгү күйгөн эне биздин энебиз», – деп ыйлап жиберишет. Мен балдарыма канчалык далбас уруп, «энеңер менмин» деп айтайын деп талпынганым менен аларга жете албай, адашып калдым. – Кынанын көз жашы төгүлүп жатты. – «Кагылып кетейин Жакинтай, – деди эне жашын сүртүп, – мен эртең менен ордуман туруп эле, жумуртка чегип, сүт менен майга кичине камыр жууруп койгомун. Эмдигиче ачып калса керек. Сен кагаздай жука жайып, теңин кыйыкча, теңин жумуру эшип, бармакча кес. Мындай жасалган таттуу нанды балдар жакшы көрөт эмеспи, кагылайын. Экиүч түрүм саңсаны өзүм эшейин. Анан самоор коюп, кошуналарды чакырып, балдарыма багыштап, дуба кылып чай ичели. Оо, көзү ачык кеткен байкуш чолпондорум, энем менен жаңы келген жеңем жасаган экен дешип, талашып жешсин...»

Кайненесинин сөзүн угуп, Жайнагүлдүн ыйлагысы келип, жашып кетти. Боору ооруп, көңүлү уйгу-туйгу болду. Балдарын унутпай минтип кайгыра берсе, түбөлүгү кандай болор экен деген аёо сезими жүрөгүн тилип турду. Өлбөй тирүү жүрүп, өлгөндөн калган жалгыз баласынын ракатын көрөр бекен, байкуш киши. Чын эле балдары айткандай, жедеп өлүмдөн жүрөгү күйүп бүткөн байкуш тура. Ошон үчүн оорукчал, ошон үчүн арык да. Ошентсе да жаны жай албаган, тынчы жок киши экен, оюна койсо мага чырпык башын сындырткысы жок. Кайненелүү келиндер кандай бактылуу. Эне байкуш жеңилди жерден, оорду колдон алган жүк көтөргүч нар болот тура...

Жайнагүл оозго кирген келин болду. «Кайнененин камырынан, тамырынан» дегендей, тигил Мансурдун кели-

нинин сарамжалы, жасаган-неткени кадим эле Кына. «Кызды тууса ушундай тууп, кызды тарбияласа ушундай тарбияласын. Тү-тү-тү, көз тийбесин бечараларга. Өлүп-өлүп, өлгөндөн калган жалгыз баласы суналган жакшы жигит болуптур. Мына, бала деп ушуну айтыш керек. Минтип чоң жерден колукту алып, ата менен энесин келинге да, кудага да тундуруп салды. Кээ бир өкмөт чалыш жерден келин алгандардын абалын көрүп эле жүрбөйбүзбү. Кудай бетин көрсөтпө: тим эле падышанын кызынан бетер, кайнене, кайната дегенди топурактан жууруп алгансып, киши ордуна көрүшпөйт. Кабактарын ачпай, ийсинген бээге окшоп мисирейип турушса бир укмуш. Тоба-а, Кудурет, баласы жакшы, аны тапкан, баккан ата-энеси жаман ээ. Көрүп туруп күйбөгөн жериң күл болот. Айла жок. Кудай бала берсе Толкунбектей бала берип, келин берсе Жайнагүлдөй келин берсе экен», – деген сыяктуу сөздөр дүңгүрөйт.

Бир кезде Жайнагүл кайнене, кайнаталуу жерге барсам экен деп тилөөчү. «Жаштын тилеги ысык тийген күндөй» дегендей, минтип анын ойлогон ою, тилеген тилеги келип, кубанычы койнуна батпай турган кез. Ата десе ата бар, эне десе эне бар.

Мансур менен Кына келин-уулум Садыныкында эле болушат го деп ойлогон. Бирок андай болгон жок. Кыз-күйөөнүн кайнагасыныкында турушуна башкалары макул болгону менен Сады менен Тумар болбой коюшту. «Чыккан кыз чийден тышкары», – дейт, кудагый-куда. Эки бала өздөрүнчө эле турушсун. Колдон келген жардамды ансыз деле берип турабыз дешип...

Ошентип, эки жаш шаардан бир бөлмө там таап, ошого көчүп келип, өздөрүнчө түтүн булатып калышты. Жайнагүл күндүз окуса, Толкунбек жумуштан кийин, кечкисин окуйт. Экөө тамак-аштан, акча-тыйындан каржалбай тың жашашты. Бир жаман жери Толкунбек эртең менен эрте жумушка кеткен бойдон, түндүн жарымында бир келет. Күйөөсү экөө дем алышты эсептебегенде суткасына көп

болсо жети-сегиз саат гана бирге болушат. Жаш колукту институттан келгенден кийин тамак-ашын жасап алып, Толкунбек келгенче сабакка даярданып, газета, журналдарды же адабий китептерди окуп, жубайын күтүп уктабай олтура берет. Тыштан дабыш чыкса селт эте, элее тыңшап туруп, тим болот. Жайнагүл үчүн күйөөсү экөө көрүшпөгөн сааттар, тим эле бир жерге токтоп калгансып, узарып кетет. Сагынат. Курсагы ачып калдыбы, же калдандап шашып келатып, бир балакеттүү кырсыкка учурап калдыбы, деп санаасы санга бөлүнүп, сары убайым тартат. Ал эми колуктусунан көңүлү тынчыбаган Толкунбек сабактан чыгаары менен үйгө куштай учуп жетет. Бирок ал эшикти тарсылдатып бөлмөгө шыдыр кирип бара албайт. Кокус, кош бойлуу немени чочутуп албайын деп, маңдай терин сүртүп, күйүккөн демин басып алууга токтойт. Анан үстү-башын түзөп, уюлгуган түндөй кара чачын тарап, бир демге тургандан кийин гана эшиктин звоногун басат. Ошол замат сак олтурган Жайнагүлдүн шоокуму эшикке жакындайт. Каалга ачылат. Көздөрү жайнап, жүздөрүн күлкү каптайт. Экөө, тим эле айлап, жылдап көрүшпөгөн адамдан бетер, кусалуу көрүшөт.

Толкунбек үйдө болгондо Жайнагүлгө, өзү эмне билсе ошолордун баарын бир баштан айтып берүүчү. Күнү-түнү бирге болсо да, сүйлөшүп сөздөрү бүтпөгөн бир кереметтүү ажайып дүйнө. Күйөөсүнөн, алда небак көзү өтүп, устуканы упат, сөөгү сөпөт болгон, кайнатасы Мансурдун чоң атасы Байбуранын талантын угуп таң калган. Толкунбек комузду жакшы чертүүчү. Коңурунан келип, үнү да бир башкача мукам болучу. Муну Жайнагүл баягы интернатта окуп жүргөн күндөн баштап билүүчү. Кулагына жат болуп сиңип калган күүсү да «Төтөп шыңгырама» эле. Бирок Толкунбек аны ар дайым «Төтөп күү» деп атоочу. Күүнүн атын эмне өзгөртүп айтып жүргөнүн да билүүчү эмес. Тек гана, көп күүнүн бири катары ойлоочу. Күндөрдүн биринде комуз чертип олтурган күйөөсүнөн колуктусу минтип сурады:

– Капырай, ушул күүнү черткенден тажабайт экенсиң. Кайра-кайра уга берип кулагым чарчады. Эмнеси жакшы мунун?

Толкунбек колуктусуна Байбура жөнүндө ошондо айткан.

– Э-э-й Жакин, билсең бул күүнү атамдын чоң атасы Байбура черткен экен. Ошон үчүн бабамдан калган мурас катары бул күү мен үчүн сыймык жана ардак. Бирок ал киши үчүн бул: «Төтөп күү» эмес, «Арман күү» болгон», – дешет. Күүнүн толук сырын мен айтпай эле коёюн, кийин атамдан угарсың. Ал киши бул окуяны укмуштай сүрөттөп, шааниси менен айтат. Анын үстүнө атам комуз черткенде, күүгө жан кирип кеткендей сезилет мага...

Азыр Жайнагүл ошондогу күйөөсүнүн айткан сөзүн эстеп, оозу батып айталбай, тамылжып олтурду. Бардыгынын көңүлү шат, кабактары ачык, анткени бул күн Мансурдун үй-бүлөсү үчүн майрам болучу. Окуудан уул-келини келип, Кына балдарына деп сактаган тамак-ашын дасторкондун үстүнө төгүп салган. Айрыкча жалаң ынак сүт менен каймакка жууруп жасаган боорсок менен дандырга жапкан «нан» көзгө бир бөтөнчө көрүнүп, башка тамак-аштан бөлүнүп тургансыйт. Бул нандан жеп, алардын даамын таткан башка тамак-ашка анчалык көңүл бөлбөөчүдөй сезилет. Аксаргыл тартып, өзүнүн аромат жытын буруксутуп, дасторкондун берекесин арттырып, көркүнө чыгарып турган да ушул нандар болучу, анан калса Кынанын наны башка үйлөрдүн нанынан айырмаланып турат. Деги бул кишинин колунанбы, эшигиненби, айтор, жасаган тамактары даамдуу болот.

«Иши оңолоор кишинин наны оңолот» деген сөздү Кына көп айтуучу. Дандырдан нан түшүп, начар болуп калса өзүнчө бушайман болуп, күйпөктөй бере турган бул кишинин башынан берки адаты. Уул-келини келгенде бышырган нанынын даамдуулугуна, ойдогудай болгон татынакай көрүнүшүнө эне ичинен кубанып олтурду. Тим эле боорсо-

гун да, токочун да жебей эле жыттап коюп, колго кармап олтургусу келет. «Буюрса ишибиз оңолот экен. Нандын жакшы бышышы төлгө да» – деп ойлойт Кына.

Ал эми Жайнагүлдүн эси-дартынын баары атасынын комузунда. Байбура деген тээ чоң атасынын черткен күүсүндө. Ушул саамда бейкапар олтурган Мансур комузун колуна алып, кыңкылдатып, өзүнчө эле кулагын толгой баштады.

– Жайнакеме комуз чертип берсем бекен? – деп койду, комуздун кулагына түкүрө берип. – Күү укканды жакшы көрөсүңбү, балам?

Капысынан кайнатасынын мындай сөзүн уккан келиндин жүрөгү ойноп кетти. Ал «сен айт» дегенсип, күйөөсүн алдыртан карап, күлүмсүрөп койду. Жайнагүлдүн көңүлдөгү көксөөсүн дароо түшүнгөн Толкунбек атасына минтти:

– Ата, келиниңиз ансыз деле, сиздин күүлөрүңүздү уккусу келип, айталбай олтурат. Сиз Байбура чоң атаңыздын баягы Салтанат кыздын суроосу боюнча чыгарган «Төтөп шыңгырыманын» кандайча жаралган себебин айтып туруп, чертип бериңизчи?

Комузунун кулагынын буроосун тынымга токтото калган Мансур, Жайнагүлгө жадырай карады:

– И, карагым, сен Байбура жөнүндө эшиткен белең?

Келин уялыңкы үн катты.

– Мага Толкунбек айткан, ата.

– Аа, ошондой де. Бул өзү деле билүүчү эле. Чертип берген жокпу?

– Черткен, ата. Бирок окуясын айткан эмес.

– Күүнү черткен киши, анын кандайча жаралып, кандайча атадан балага, укумдан тукумга өтүп, унутулбай сакталып калганын чечип черткени кызык да. Бул бала мени Жакинтайыма сыртымдан бересе кылып койгон тура. Эмесе айтып берейин, кулак салып угуп тур, балам. Илгерки өткөн замандын заңын, биз анча-мынча көз менен көрүп, кулак

менен угуп калдык. Бирөө жыргап өтсө, бирөө куурап өттү. Бир даары көздөгөн максатына жетип өлсө, бир даары жетпей өлдү. «Боз жоргодо чайпалып, сен да өтөөрсүң дүйнөдөн, илкий-илкий жөө басып, мен да өтөөрмүн дүйнөдөн», – деп бир бечара арман кылып, дөөгүрсүгөн бир манапка сөз ыргыткан экен. Ошол акылман сөз атадан балага, кылымдан кылымга унутулбай айтылып калыптыр. Оо, атаңдын көрү опаасыз дүйнө, айтып олтурса сөз көп. Ал кездеги силердей жаштар дүйнөгө ыйлап келип, ыйлап кетти. Алиги Толкунбек айткан, Байбура деген чоң атам ашкан сөзмөр, акылдуу жигит болуптур. Акын десе акын, комузчу десе комузчу экен. Анысына жараша табийгат Байбурага келишимдүү сын-сыпатты, адам баласында сейрек кездешүүчү сулуулукту марттык менен берген дешет. Арыкчырайынан келген, шыңга бойлуу жигит болгон экен деп айтылат эл ичинде. Ак жуумал, субагай жүзүнө, жазы маңдайына, бажырайган оттуу кара көздөрү жарашып, кырдач мурду кол менен жасагандай куюлган, каш-кирпиги, жаңыдан түк байлап келаткан көөдөй кара муруту, жигиттин көркүнө көрк кошуп, чырайына чыгарып туруучу экен. Анын экинчи дагы бир сулуулугу, бир көргөн адамды өзүнө дароо тартып ала турган жылдыздуулугу өзгөчө имиш. Анан дагы, башка бирөөнүн черткен күүсүн, бир угуу менен өздөштүрүп чертип алуу жөндөмдүүлүгү күчтүү болуптур. Өзү да күү чыгаруучу экен. Кийин Байбуранын көзү өтүп, күндөр айга, айлар жылга, жылдар кылымга алмашып, ал кишинин чыгарган күүлөрү бара-бара элдик күүгө айланып кетиптир. Ээсинин атын жоготпой оздон-оозго өтүп, айтылып жүргөн чыгармаларынын бири жалгыз «Төтөп шыңгырама» экен. Баса, «Төтөп шыңгырама» демекчи, мен бул күүнүн кандайча жаралышын айтам деп олтуруп, башка жакка сүңгүп кеткен турбайымбы. Ооба, Байбуранын сулуулугу укмуш экен дедик го. Бул курак Байбуранын жигиттикке жетип,

гүлдөп турган чагы. Али үйлөнө элек, оттой жанган, курч кези болсо керек сыягы.

Ушул мезгилде айыл ичине мындай бир аңыз тарайт. Көл башында Бугу элинен чыккан Салтанат деген сулуу кызга алыстан ат арытып барган жуучулар менен кыз көргөнү барган жигиттердин шагы сынып, кайра кетет экен. Анткени кыз атасы: «Мен эл өңдөнүп кызымдын сөөгүн сыздатып, өзү каалабаган жерге берип, көз жашын аркалай албайм. Салтанатым өз теңин өзү тандап, сүйүп, өзү жактырган күйөөгө барат» – деп, бардык бийликти кызына берип коёт. Айлына, эли-журтуна кадыры бар кишинин бетине эч ким чыгып мунуңуз туура эмес деп аброюнда акарат келтире албаган экен. Атасынын атак-даңкына, айткан сөзүнө сүйөнүп, байлык менен сулуулукка мас болгон кыз, өз оюнда: «Биздин элден, биздин жерден башка элде, мага тең келүүчү жигит жок», – деп ойлойт. Ушундай кыялга жеңдирген Салтанат: «Күйөөгө чыксам өз элиме, өз элимдин кулунуна чыгам. Бөтөн эл, бөтөн жактын акылы тайкы, жарыбаган жарым бай, жарым манап жалчысына барганча бул дүйнөдөн так өтөм. Эр жигиттин улуулары да, сулуулары да, эл багып, журт бийлеген акылмандары да, кызыл тилин безеген чечендери да, баатыр жүрөк балбандары да, манап менен байлары да биздин элден башка элде болбос. Болсо да Салтанаттын жүрөгүнө толбос. Ооба, Салтанаттын жүрөгүнө от коюучу жигит башка жерде, башка элде али туула элек...» – деп баргандарга Салтанат жоопту ушинтип өзү берип узатып турган экен...

Бул кабар тез эле көл айланасына чагылгандай тарайт. Кесирлүү кыздын кер сөзү калайык-калктын кыжырын келтирип, жарды-жалчылардын намысына от коёт. Ушул кезде Ысык-Көлдүн күңгөй тарабында, атагы алыска кеткен, эл алып, журт баккан Олжобай деген жалгыз аттуу, жалгыз тондуу жигит болуптур. Ал, кыз сөзүн угуп, Салтанатты бир чети сынамакка, бир чети чыны менен иниси Кудайбердини кыз көрүүгө жиберет. Чындыгында эле Ку-

дайберди сыны бийик, сырты түзүк, көзгө толумдуу жигит экен. «Салтанаттын жүрөгүнө от койсо, ушул иним от коёт» деген ниет менен тың жигиттерден жанына жолдош кошуп, Кудайбердини шашылыш аткарат. Бирок Салтанаттан алар жакшы жооп укпай, шагы сынып кайра келишет. Ошондо Олжобай баатыр, акыл кошчу айыл аксакалдарды, эстүү-баштуу жигиттерди чогултуп алып минтип айтат:

– Ушунча элди, эл ичинде жашаган эр азаматтарды, жанагы Бугунун Салтанат деген жаман кызы, санга кошпой олтурат. «Олжобай баатырдын бул иниси, башы кара, буту айры, көргөн көптүн бири экен. Олжобай аке, Салтанатты келин кылып алууну самап убара болбой, өз инисине тең келүүчү жерге кол сунса болмок экен. Инимди Салтанат жактырбаптыр деп мага баатыр капа болбосун», – дептир. Бул кемсинтүү, жалгыз менин керт башым эмес, баарыңа тиешелүү деп ойлойм. Ошон үчүн Салтанаттын ата-энесин, ага-инисин сындыра турган айла-амал керек болуп турат, туугандар. Муну кандай дейсиңер? – дептир айланасында олтургандарга суроолуу карап.

Баатыр жигиттин, акылыма акыл кошот деген жолдош-жоролору, олтурган улуу-кичүүнүн баары баштарын жерге салып, жер чукуп, эмне кылып, кандайча Салтанаттын шагын сындырып, урук-тууганын жер каратып келээрдин амалын таба алышпай айлалары кетет. Ушул маалда ата-бабасынан бери дыйканчылык менен агарып-көгөрүп, калк кадырына ээ болуп келаткан, акылга дыйкан, нары эстүү, нары калыс, чукугандай сөз тапкан Кадыр деген жигит, башын көтөрө берип, Олжобайды карап минтип барк этти:

– Э, ал кызды сындыруунун шарты оңой эле. Макул десеңер Байбураны жасап-түзөп, аттап-тондоп, жанына жалаңдаган мыкты жигиттерден кошуп, кыргыз жергесин кыдырып, кыр көрүп, кыз жактырбай жүргөн киши кылып аттандыралы. Салтанат адамдын кызы эмес, перинин

кызы болсо да, бир көргөндө эле Байбураны жактырып каларына ишенип койгула. Бирок Байбура кыз жүрөгүнө чок салып коюп, бир шылтоо таап аттанып кетсин. Байбурага жетпегенине арман кылып, ашыктыгы артып, Салтанатыңар самандай саргайып, төшөккө жатып калбаса, мурдумду туурасынан кесип берейин...

Кадырдын сөзүн олтургандардын баары туура табышат. Байбураны ошол эле замат алдырып келишет. Анан болгон окуяны, кеңешкен кепти кулагына кумдай куюшат. «Эр намысы, эл намысы», – деп улуу-кичүү дүркүрөп сурап туруп алышат. Ары кетип, бери кетип, токсон тогуз толгонуп жатып, акыры калк кадырын кайт кыла албаган Байбура макул болот. Ошондо, баятадан бери көз токтотуп, сынай тиктеп олтурган Олжобай, Байбураны жанына чакырып алып: «Жылдызың төгүлгөн, ыймандуу жигит болгон турбайсыңбы. Жаш болсоң да эл оозуна кирип калыптырсың. Бул жигиттиктин белгиси, иним, оозунда сөзү, колунда өнөрү бар деп уктум, аман бол, атанын баласы болгон турбайсыңбы!» – деп жактыруудан жүрөгү толуп, маңдайынан өбөт. Анан олтурган элге карап минтет:

– Байбурага жолдош болуп эки жигит барсын. Үчөөнө тең ат жакшысын мингизип, тон жакшысын кийгизүү керек. Байбура менин гүлдүү бадам ак боз атымды минсин. Ал эми тигил эки жигиттин мингени окшош кара аргымак болсун. Мынча болгондон кийин, баарын кемтиксиз, шайма-шай иштешибиз керек. Көрпөчөдөн баштап, желдигине чейин тер эмес, атыр жыттанып тургандай болсун. Ушулар колдон келеби, туугандар?

– Колдон келет, аракет кылабыз! – Олтургандар дүркүрөп кетти...

Даярдык көрүлүп бүткөнчө, арадан апта эмес, ай өтүп кетти. «Көп түкүрсө көл болот» дегендей, акыркы камылга бүтүп, жигиттердин жолго чыгуучу мезгили да келип жетти. Жаш жигиттерге акыркы сөз, акыркы акылдар айтылып жатты. Алар Салтанаттын айылына барганда

эмне кылыш керектигин, кимиси эмне деп сүйлөп, эмне деп айтаар сөз эле эмес, сунулган чыныны кандай кармап, чайды кандай ууртап, кандай ичүүгө чейин, балдардын кулагына кумдай куюлду.

Байбураны аттап-тондоп туруп, ат үстүнөн адегенде бир сынап алышат. Мойну куудай койкойгон, жал-куйругу төгүлгөн гүлдүү бадам ак боз атты мингенде, бала туурга конгон барчындай болуп, мурдагыдан да сынына чыгып келишими арта түшүптүр. «Адам көркү чүпүрөк, жыгач көркү жалбырак» дегендей, кымбат баалуу асыл кийимдерди кийип, зыңгырай түшкөн Байбураны сынайбыз деп, чогулуп тургандар күбүр-шыбыр болуп: «Тобо, жигиттин гүлү тура Байбура. Адам эмес эле, асмандан түшкөн перинин уулуна окшойт да. Тү, тү, көз тийбесин. Бул да бирөөнүн көзүн карап, көкүлүн сылаган чолпону. «Куур тондун ичинде, куурасын жигит өлбөсүн» дегендей, жупуну жүргөндө мынчалык сулуу, мынчалык келишимдүү болуп бой жетип калганы байкалган эмес турбайбы» – дешет.

Чогулган эли-журту сындан жакшы өткөн Байбурага ак жол каалап узатышат. Мезгил жайдын толуп турган учуру экен. Күн ысык. Жигиттер шашпай жүрүп олтурушуп, үчүнчү күн дегенде Салтанаттын айылына жакын келип токтошуптур. Шар аккан суунун буйткалуу боюна келип аттан түшүп, килем куржунду алып, аттарын отко коюшуптур. Анан жыты жыпар жыттанган кол самындар менен сууга түшүшүп, денелерин сергитип, кийимдерин алмаштырат. Байбура бутуна кийген намеркан маасысын аарчып, жалтырата тазалап, үстүнө кайырма жакалуу ак жибек көйнөк жака-жеңин сайып, коoздоп тигилген күрөң жашыл баркыт шым-бешмант, анын тышынан четине кундуз кармалган эки кат кымкап чепкен, башына бешмантына окшош баркыт менен кыюуланган төрт тала ак калпак киет. Ичинен, жаркыраган жакут таштарды, күмүш менен алтынга чөгөрүп, оюуланып, коoздоп жасалган ке-

мер курду курчанат. Байбуранын жигиттери да өңчөй көк нооту менен кымкап кийишип, атырдан себинишет.

Ошентип алар кеч бешимде Салтанаттын айылына барып калышат. Бул чоочун жолоочуларды көргөн айылдын ажаан иттери чогулуп, меймандарды айлана чуркап ажылдап, айлананы азан-казан түшүрүп да жиберишет. Ушул мезгилде бири-бирине жамаатташ тигилген төрт үйдүн экинчи үйүнөн эки жигит чыгып, Байбуралардын астын тосо басышат. Салам айтылып, алик алынат. Жигиттер жолоочулардын салтанаттуу кебетелерин көрүп, шаша-буша аттарын алышып, өздөрүн меймандар үчүн тигилген четки өргөөгө баштап киришкен имиш. Арадан көп убакыт өтпөй, дасторкон жайылып, өрүк-мейиз төгүлүп, май томурулуп, чий боорсоктор чачылып, адегенде кочкор мүйүз болуп коозолуп жасалган көөкөргө куюлган кымыз келиптир. Мейман жигиттер сыр аякка куюлган кымыздан сыпаа жутуп, алдыларына коёт. Анын артынан самоор кайнап, чай киргизилет. Байбуралар чачылган канттан алышып, четинен кырт эттирип кичинеден тиштеп, памил чайдан манчыркай ууртап коюп олтурушат. Меймандарга чай куюп олтурган Салтанаттын бир тууган жеңеси экен. Келиндин эки көзү кайра-кайра Байбурага кадала түшүп тайыйт. Анын бул көз карашында «Кудая тобо, адамдан да ушундай жылдыздуу, сулуу жигит чыгат экен ээ» деген жазуу турат. Жаңыдан эле чай куюла баштаган кезде жигиттердин үстүнө орто бойлуу, сулуучасынан келген, нур жүздүү бир жигит кириптир.

Байбуралар тигил адамдын улуулугун урматтап, ордундарынан тура калышып, колдорун бооруна алып, сыпайгерчилик менен саламына алик алышат.

– Олтура бергиле, – дептир тигил киши, меймандарга мээримдүүлүгүн көрсөтүп, ак маңдайы жарк этип. Бардыгы кайра олтурушат. – Ии, жол болсун, мырзалар. Жай сураша олтуралы. Кайсы жер, кайсы элден келатасыздар?

Кай тарапка баратасыздар? Атыңарга караганда алыстан келаткан кейпиңер бар? – дептир Салтанаттын агасы.

Мурда тигил жактан бекитилип, сүйлөшүлгөн сөз боюнча Байбуранын жанындагы «күйөө жолдошторордун» чечени, мурутун сылап коюп минтип айтыптыр:

– Биз тээтиги сары өзөн Чүй тараптан келатабыз агатай. Мына бул Байбура деген жигит, бүтүн кыргыз жергесин кыдырып, кыз көрүп, кыз жактырбай келатат. Ушул айылда Салтанат деген кыздын кабарын угуп, ат арытып келип калдык көргөнү. Эгерде Салтанат Байбура мырзага жагып калса, арадан апта айланып, ай өтпөй, алтын-күмүш зар жүктөп, айры өркөчтүү нар айдап, токсон күлүк баш кылып, топудай кебез байлатып, кудалыкка келебиз. Бизге, жигитке кыз, кызга жигит жакса болгону...

Бул сөздү угуп Салтанаттын агасы ойго батат. «Күйөө болчу жигитте өөн жок экен. Бирок кыргыз жергесин кыркасы менен кыдырып кыз жактырбай келаткан мырзага, кокустан Салтанат жакпай калса, кантебиз. Анда Ай жамалдуу Салтанат, Байбура деген бир мырза жигитке чандырып жибериптир, деп калайык калкка шерменде болгончо, Салтанаттын башка уруунун уулдарына күйөөгө чыкпасын алдын ала эскертип, мизин кайтарып коёюн», – деген жыйынтыкка келип, минтип айткан экен:

– Ие, Байбура мырза, Салтанат деген карындашымдын калкына берген сөзү бар эле, – деп тигил киши сөз баштап баратып, токтоло калат. Анткени бет маңдайында чай куюп олтурган аялы эрине, «антип айтпа» дегендей аста башын чайкап, алдыңкы эрдин тиштеп койгонуна түшүнө бербей буйдалат.

Аңгыча Байбуранын тигил баамчыл, кыраакы жолдошу, аялды түшүнө коюп, үй ээсин шаштыра сурайт:

– Ал кандай сөз болду экен, аке, угууга болобу?

– Ии, карындашым Салтанат, өзүмө тең келүүчү жигит, кыргыз жергесинде жок деп эсептейт. Мага өз уруумдун жигиттери гана тең. Башка элдин суу жүрөк баатыры-

нан, өз элимдин карапайым букарасы артык, ошон үчүн мен, башка уруунун уландарына барбайм деп ант берип, шерт кылып койгон. Мен, мыктынын мыктысымын деген эчен-эчен өзүңөргө окшогон жигиттер келип Салтанаттын купулуна толбой, боз ала болуп кайра кетишкен...

Жигиттин жигиттигине суктанып, өзүнөн көзү өтүп, эки бети чоктой жанып, анда-санда ичинен дем алып, жүрөгү түрсүлдөй согуп, арзуусу артып олтурган келинди байкап Байбура минтип айтыптыр:

– Андай болсо, намыстуу кыз айтканынан кайтпас, аке. Салтанат өз уруусунан башка эл, башка уруудан бозум түлөк шумкардын чыгаарын билген эмес экен анда. Ошондой болсо да, ошол башка уруунун уландарын адам катарында көрбөгөн, Салтанат сулуунун кабарын угуп, атайын келип олтурабыз ак тилек менен. Айдай болгон, атактуу кызды алууга арзыбасак да, алдынан өтүп, бир көрүп кетүүгө болбос бекен? – деп, Байбура үй ээсине өтүнүч кылган болуптур. Ошондо, көздөрү оттой жанган сулуу жигиттин сүрүнөн апкаарый түшкөн Салтанаттын агасынын тили күрмөөгө келбей буула түшкөн имиш...

Ушул кезде, келген жигиттердин жөн-жайын жеңесинен уккан Салтанаттын жүрөгү алып-учуп, делебеси козголот. Бирок жигит, жигиттин гүлү болмоктон, Күндүн күкүмү болсо да, адамды адам көрбөй туруп, башка бирөөлөрдүн айтуусу боюнча сүйүп жибермек беле. Салтанат канчалык эр көкүрөк, тайманбас кыз болсо дагы, Байбуранын үстүнө даап кире алган эмес дешет. Ал каш карарып, түн киргенде жеңесин жанына алып, Байбура конок болуп, өргүп жаткан өргөөгө басып барган дейт. Ошондо Салтанат сулуу, жабыктан шыкаалап карап туруп, эрдин кесе тиштеген экен, Жайнагүл балам. Баягы өз уруусунан башканы теңине албаган жаш жүрөк, Байбураны бир көргөндө эле ашык болуп, жактырып калыптыр.

– Адамзаттан мындай асыл чыгат деп ойлогон эмес элем, жеңе. Акем бекер айткан экен мен жөнүндө. Байбура ме-

нен өзүм беттешип, өзүм жооп берсем болмок экен, – деп эсин жыя албай, жабыктан боюн көтөрө албай, капшытка сүйөнгөн бойдон туруп калган имиш.

Ушул саамда төрдүн төбөсүндө, ачылган гүлдөй болуп, жайнап олтурган Байбура капшыт жактан чыккан шоокумду сезип, кантсе да болду, болбоду Салтанат келип, мени сынап турбасын деген ниетте, өзүнчө эле бир жаштык жүрөктөн сызылып чыккан, арзуу менен эңсөөнүн ортосунан канаттуу куштай оболоп, канат серпкен мукам күүнү чертет. Бул күүнүн сыбызгыдай бирде сыздап, бирде толкуп, бирде муңканып, бирде шаттанып миң түркүн кайрыкка бөлөнүп чертилиши Салтанатты ого бетер талытып салат. Кеткиси келбей үй-жабык менен жабык болуп жабышып турган кайынсиңдисин алып кетүүнүн аракетин кылып, жеңеси минтет:

– Жүрү, кагылайын бийкеч, агаларың көрсө уят.

– Коё турчу, жеңеке, көркүнө көзүм тойгончо карап, күүсүнө кулагымдын кумары канганча угуп алайын, мырза жигиттин, – деп Салтанат Байбураны жабыктан тээ бир оокумга чейин карап туруп. – Ой тобо, кулак менен көздө курсак болсочу ыя, жеңе, – деп жүрөгүнө күйүт түшүп кайра тартат. Ал Байбураны эртең эле аттанып кетүүчүдөй көрүп, энесине барып минтип айтыптыр:

– Эне, мен башка элде, башка жерде жакшы жигит жок болсо керек деп жаңылгандыгыма бушайман болуп, өз арманым өзүмдө болуп, бармагымды тиштеп олтурам. «Бутунан мүдүрүлгөн турат, оозунан мүдүрүлгөн турбайт» дегендей, бул мырза жигитти көргөндө эсимден танып, эмне кылаарымды билбей калдым. Акем, ага менин айткан сөздөрүмдү төкпөй-чачпай айтып, кесе жооп берип түңүлтүп коюптур. Кокус учкул кыял, курч мүнөз, өрттөй жанган Байбура, кайра аттанып кетип калбасын, энеке, атама айтып, акем менен сүйлөшүп көр. «Эрди намыс, коёнду камыш өлтүрөт». Атагы алыска кеткен, Бугу элинин мунарасы болгон атактуу уруунун айлына келип, ат өргүтүп, эр

тыныкпай кетсе болбос. Кокус Байбуранын көңүлүнө жагып калсам, жок дебей макул болуп, өзүм жообун берейин. Той болуучу күндү болжоп, Байбурага ак жол каалап, карегиме кан толгончо карааныy карап, өзүм узатып калайын. Туурубузга кайып-каскагынан өзү келип конгон, бозум түлөк шумкарды байкоостон, чочутуп учуруп жиберсеңер, Салтанат кызыңар өмүр бою өкүттө жүрүп, көзүнөн жаш, көкүрөгүнөн дарт кетпей арманда өтөөр дүйнөдөн. Атама айтыңыз эне, айтканымды чеки дебей, арт жагын абайлап, кызынын тагдырын ойлосун...

Ачка айланып, токко толгонуучу, белдүү жерден куда-сөөк күтүү, кыз баланы ыйлабай турган жерине тапшырып, конушуна кондуруу эзелтен бери келаткан ата-эненин тилеги эмеспи. Салтанаттын сөзүн уга электе эле, кыраакы ата, Байбураны жактырып, пейили тартып турган болучу. Байбичеси кызынын айткан аманатын айтканда кым дей түштү. Ушундан кийин Байбуралар конок болуп, эки-үч күнү туруп калышат...

Экинчи күн дегенде эки келин, эки кыз Байбуранын үстүнө Салтанатты алып киришет. Ак куудай мойну койкоюп, кош этек салынган, бирде жашыл, бирде кызыл, бирде көк, бирде гүлгүн сары болуп, кыздын кыймылы менен кошо токсон кубулган лампук көйнөгүнүн үстүнө үч белдүү кызыл кыжымы чыптама, бутуна коздоп оюуланган кончу узун кызыл өтүк кийип, түндөй кара чачы ай далыга төгүлүп бөркүнүн үкүсүн үлпүлдөтө, аземдене баскан Салтанат кызды көргөндө, кош жаздыкты чыканакка коюп, менменсинип, чирене тартып жаткан Байбура ордунан туруп, кыздарга ызаат көрсөтүп, оң колун көөдөнүнө алып:

– Салам айттык Салтанат. Жогору өтүңүздөр, «Кыздын кырк чачы улуу» эмеспи, – деп ышкы оту жүрөгүндө ойноп түшкөн жигит, кызды жадырай карап, кош карегі жайнап, өзүнөн жогору жактан орун көрсөтүптүр.

Анда Салтанат:

– Саламыңызга таазим кылдык, Байбура мырза. Кыздардын орду адатта жүктүн бурчунда болот эмеспи. Кана, олтуруңуздар, ат арытып алыстан келген меймандар менен саламдашпай койсок, не болоор деп, үстүңүзгө руксатсыз кирип калдык, мырза, айып көрбөңүз, – деп Салтанат ак жибектей созулуп курбу кыздары менен жүктүн бурчуна салынган атлас төшөктүн үстүнө барып олтуруп калган имиш...

Эртеси Салтанатты жактырган-жактырбаганын ачык айтпай сыр бербеген Байбура аттанмак болот. Бул кабарды уккан кыз, эмне кылаарын билбей шашып калат. Акыры жигиттин оозунан, бир ооз жылуу сөз угуп каламбы деген үмүттүү кыялга жетеленип, атасы менен кошо чыгат үйдөн. Күлүктөр токулуп басмайылдар тартылып, ооздуктары салынат. Жалындаган Салтанат тайманбай басып барып, гүлдүү бадам ак бозду жылоодон алып, жарданып турган адамдарга карап, анан атасына минтип айтат:

– Ата, Байбура мырзаны мен аткарайын. Калган жигиттерди башкалар аткарсын, – деп, гүлдүү бадамды жетелеп четке чыгат. Жигитти колтуктап аткарып, камчысынын учунан кармап туруп, кыз мындай дейт: – Баатыр болсоң Байбура, жигит болсоң Байбура, арзып келсең алыстан Салтанаттай бир кызга, алып кетсең мынакей, татырмын дейм арзууңа, башка жерде, башка элде, сендей жигит болоорун, билбептирмин мен мурда...

Ансыз деле, Салтанат сулууга ашыктыгы артып, сүйүп калган Байбуранын жүрөгү арманга толуп, алсыздыгына капа болуп, толгоно түшүп чыйралат. Артында өзүн аттаптондоп узатып калган эл-журтунун намысын эстеп, жүрөгү тилинип турган жигит Салтанатты минтип качырат:

– Калп айтпайын басынтып, татыктуусуң арзууга, бирок менин Салтанат, аялым бар айлымда, ыраа көрбөй турамын, токолдукка алууга.

– Мейли, анда кантейин, мен макулмун Байбура, токол болуп барууга.

– Жок, экинчи аялым да бар, Салтанат!

Байбуранын албасына көзү жеткен сезимтал кыз, акыркы жолу жигиттен минтип өтүнөт:

– Анда сизди эстеп, жок дегенде көңүлүмө төтөп кылып жүрөйүн. Коштошоордо бир күү чертип кетиңиз, мырза. Эч болбогондо ушул өтүнүчүмдү кабыл алып коёрсуз, – деп Салтанаттын кош карегине жаш айлана түшүптүр.

Ошондо оң бутун аттын жалына арта салып, жүрөгү сүйүү менен армандан алоо болуп оттой күйүп, өзү эле жарыла албай араң турган жигит Салтанаттын суроосу боюнча минтип черткен экен балам.

Мансур комузунун кулагын кайрадан толгоп, бир демге күүгө келтирип, кыңкылдатып туруп, шартылдатып чертип кирди. Үйдүн ичи бир заматта жаңырып, айлана шаңга бөлөндү. Жайнагүлдүн көз алдында кайнатасы Мансур эмес эле, кандайдыр кереметтүү жаш жигит комузда кол ойнотуп, ат үстүндө тургандай сезилип кетти. Эки жаштын армандуу көрүнүшүнөн Жайнагүлдүн жүрөгү тилинип, окуяга кандай аралашып кеткенин билбей калды. Качан гана Мансурдун үнү чыкканда селт этти.

– Ушундай Жайнагүл балам, – деп Мансур умсунуп алды. – Байбура комуз чертип жатканда, өңү өчкөн Салтанаттын кош ийни ыйдан солкулдап, жүрөгүнүн согушу менен үн алышып жаткансып, башындагы кундуз тебетейине тагылган үкүсү кошо, өзүнөн өзү тынымсыз титиреп турган имиш, дешет...

– «Т-ү-ү, Байбура менен Салтанаттын арманы өзүнчө эле бир дастан турбайбы. Кандай арман, кандай өкүнүч! «Аккан арыктан суу агат» дегендей, булар тукуму менен сулуу, тукуму менен комузчу адамдар турбайбы. Талант деген касиет атадан балага, укумдан тукумга өтүүчү керемет окшобойбу, – деп ойлоду Жайнагүл. – Артында сөзү айтылып, күүсү чертилип калган Байбура атада не арман. Чындыгында эле черте турган күү, айта турган сөз тура...»

Ошентип, Мансурдун үйүндө бактылуу күндөр өкүм сүрүп турду.

Билбеген адам Кына менен Жайнагүлдү кайнене-келин деп айта турган эмес. Тим эле, эне менен кыздай ынтымактуу. Баягы эле адатынча Кынанын Жайнагүлгө айткан эки сөзүнүн бири: «Келиним да сенсиң Жайнагүл, кызым да сенсиң Жайнагүл, тирүүмдө сыйлаарым да, өлсөм ыйлаарым да сенсиң!»

А Жайнагүл болсо ушинтип жалынарга сөз таппай, өмөчүктөп турган адамдын көңүлүн кокус калтырып албасам экен деп өзүнчө сак. Ал шаардан үйүнө келген сайын кайненесине Толкунбектин алган маянасын, өзүнө тийген стипендиясын кайда жумшап, эмнелерди алып жок кылгандыктарын айтып келип, эсебин чыгара албай күлүп калат.

– Э эне, эмне үчүн биздин алган акчабыз эчтекеге жетпейт. А атам экөөңүздөрдүн пенсияңар бардыгына жетет, өзүңөргө да, бизге да. Биз канчалык кысып, үнөмдөп оокат кылалы десек да болбой бат эле жок болуп калат.

– И балам ай, бул акча дегениң салаадан аккан суудай нерсе тура. Четинен алдым дегенче, аягына чыктым дей бер. Шаарда өз үй, өлөң төшөгүңөр болбосо, квартирага туруш оңойбу. Анын үстүнө бардыгы сатык. Анан дагы кийим-кеченин кем-карчы болот. Ойногон-күлгөн жолдош-жоронор бар. Бири келсе, бири чакырат дегендей. Атаң экөөбүз ушуга түшүнбөйт дейсиңби, балам. А бул жакта эмне, нан жасагандан эринип эле, дүкөндөн анда-санда нан сатып албасак, бардыгы өзүбүздүкү да. Киреше кирбесе, чыгаша жок. Силер келген сайын көтөрүнмөйүнчө келбейсиңер. Кудая шүгүр, жаман эмеспиз. «Мындан жаманымда да тойго баргамын», – деп айтат дейт бирөө. Анын сыңарындай, бир кезде эчтекеге жетпей да жүргөнбүз. Жаман кийип, чалап ичкен күндөр да болгон. Согуш мезгилин эстесем азыр да жүрөгүм титиреп кетет. Ошондо курсакта тамак жок, үстүдө кийим жок болсо да күндү күн

дебей, түндү түн дебей иштедик. Эми ойлосом чарчаганды да, эс алганды да билбептирбиз. Элдин пейили да жакшы болучу. Бир казан жарма болсо бир айыл чогулуп иччүбүз, балам. Ал кезде байлык дегенди билген эмеспиз. Ойлогон оюбуздун бардыгы жеңиш болучу. Кеткенибиз келсе деп ошону тилечүбүз. Мына азыр байбыз, балам. Аз болсо да бирин-эки кой-козу, музоолуу уюңар турат. Огород толгон алма-өрүк, алмурут. Ай сайын абышка экөөбүз биригип эки жүз сомго жакын акча алабыз өкмөттөн. Ал эми атаң согуштун инвалиди катарында дүкөндөн каалаганын алат. Экинчи антип сыгып кыспай, бардар адамдардай батырап жашагыла, кагылайын. Дем алышта Толкунбек келип, керектүү кем карчын алып кетип турбайбы. Жолго көп болсо ары барыш, бери келиш болуп, беш-он сом кетет экен.

– Эми азырынча эч нерсенин деле кереги жок го, эне. Мен барганча Толкунбек, абамдардыкына барып, барбаса ашканадан тамактанып оокат кылып турар. – Жайнагүл тыштан чыккан дабышты тыңшап туруп, мойнун созуп, айнектен тышты карап коюп, кайра оңдонуп олтурду. – Капырай, эрте эле келем деп кетти эле, мынчалык эмне кечикти, ыя, эне, уулуңуз? Же шаардан жолдош-жоролору кезигип, кармалып калдыбы? – Өзүнчө шыпшынып койду.

Эне келининин тынчсызданган сөзүн угуп, башын аста чайкайт.

– Олдо окшошкон каралдыларым ай, бириң жок болсоң бириң, энесин күткөн баладан бетер тамак ичпей, жол карай берет экенсиңер. Эми экөөң эки жакта күкүк менен зейнептей болот турбайсыңарбы.

Жайнагүл уялып калды. Кына аны байкабай эле, келини энесиникине барып, конуп калгандагы Толкунбектин эмне болгонун сүйлөп жатты.

– Ботом, жанагы Толкунбек да жаман экен. Бая күнү сен кудагыйдыкына барып конуп калуучуда, кечке үйдөн чыкпай уктап жатып алса болобу. Не тургузуп тамак ичире алайын. Өз балаңа өз сөзүңдүн өтпөгөнү жаман тура.

Тамак ич деп атасы айтса да ичпейм, ичким келбей жатат, мен айтсам да ичпейм. Бир кезде туруп, жуунуп-таранып алып, тышка чыгып кеткен бойдон үйгө кайрылып кирбеди. Бул бала тамак ичпей кайда кетти деп, карайлап таппай калсам болобу. Көрсө, сенин жолуңду тосуп жүргөн тура. Бириңди-бириң издешип, бириңди-бириң сагынышып турсаңар да корком. «Уул-келининин эң эле ынтымактуу экен. Ысыктары тарай элек тура, деп айыл-ападагылар кеп салса, ичим тартынып турат. Жүрөк үшүгөн курган жан бирөөнүн тили, бирөөнүн көзү болобу деп санаам сангa бөлүнүп кетет. Бириңдин ракатыңарды бириң көрүп, ортоңорду кара мышык аралабай, кадыр-баркыңар менен аман жүрсөңөр экен.

Ошондо Жайнагүл: «Энем кызык, кайдагы кара мышык ортобузду араламак эле» – деп, ичинен күлүп тим болгон. Чындыгында эле бул эненин жүрөктөн чыккан тилеги болучу. Толкунбек окууга өтпөй калып, жаман жолго түшүп кеткенде эбепке-себеп болуп, кайра кайтарган ушул Жайнагүл экенин ата-эне жакшы билүүчү. Кына менен Мансур Фрунзеге адеп Садыныкына барып, алгач Жайнагүлдү көргөндө эле ичтери жылып, көңүлдөрү түшүп: «Ата-а-а, чиркин биздин уулубуз кишидей болсо, колдон чыгаруучу бала эмес экен. Бирок биздин аягы менен жүргөн селсаяк балабызды кайдан теңине алсын», – деп ойлогонун кийин келинине кеп салып, Кына күлгөн болучу.

Отпускасы аяктаган сайын Толкунбектин тынчы кеткенсип, Жайнагүлдүн жанынан имерилип чыкпай калганы, келиндин али эсинде күнү бүгүнкүдөй сакталуу. Кош бойлуу, ай-күнүнө жетип калган колуктусун таштап, өзү кайра кеткенден кийин бир ээн бөлмөдө жалгыз жатаарын ойлоп, тынчы кетип, санаага чөгүп, өңүнөн азгансып кетти. Анан калса бул жигиттин сүйүүсү мурдагыдан да алоолоп, мурдагыдан да махабаты ашып-ташып бараткандай. Жайнагүлдүн боюна болуп, ичи билине баштаган күндөн тартып, бирде жанар тоо болуп жарылып кетүүчүдөй

өзүнөн өзү өпкөсү көөп, алеп-желеп. Мурда го мурда. Анда Жайнагүлдүн төрөрүнө али көп бар деп ойлоп, санаасы тынч болучу. Бала тогуз ай, тогуз күн, тогуз саат, тогуз мүнөттө төрөлөт имиш, деген сөздү кулагы чалган Толкунбекке, мынчалык ай, мынчалык күндөр эң эле көптөй сезилүүчү. Бирок ошол эң эле эсеп жеткистей болгонсуган көп күндөр менен сааттар бат эле артта калып, Жайнагүлдүн көз жарар кези алдыда сагалап турганга окшоп калды. Толкунбек кээде курсакта жаткан баласы менен ойноп, анын дем алганын, кыймылдаганын тыңшай берет. Мындай мамиледен бою жыйрылып, уялган келин күйөөсүнөн өтүнө:

– Койчу, уят эмеспи. Антпечи, суранам сенден.

– Суранбай эле кой. Мен бирөөнүн аялын эркелетип жаткан жокмун, чынбы. Бул жерде менин туңгуч балам жатат. Оо, бала деген кандай сонун. Ата менен эне үчүн баладан кымбат, баладан таттуу эмне бар. Мен сага өмүрүм өткөнчө милдеттүүмүн, – дейт адатынча деми чыкпай калганча көөдөнүнөн баштап көзүнө чейин өпкүлөп.

– Сен качан болсо эле мага милдеттүү болуп каласың. Ал эмне деген милдет, – дейт Жайнагүл чыны менен эле, кайсыга милдеттүү болуп жатканына түшүнө бербей.

– Койчу, кантип эле билбей калмак элең?

– Билсем сурамак белем, айтчы өзүң.

– Эй макоом ай, макоом. – Толкунбек шыпты тиктеген калыбында ойлуу, оор улутунуп коюп сөзүн улайт. – Мен сенин эмгегиңди, сенин наристе махабатыңды өлгөнчө унутпаймын. Муну эсиңе тутуп коюшуң керек. Бала кезимде бир жомок уккан элем. Эки жигит кетип баратып эки айрылыш жолго туш болушат. Экөөндө тең жазуу бар. Бири барса келбес, бири барса келет. Эки жигиттин бири ошол барса келбес жолду көрүп туруп, ошол жолго түшөт. Жомокто ошол жаман жолду тандап алган каармандын образы укмуштуудай сүрөттөлөт. Азап менен тозок аны кадам сайын күтүп, кадам сайын ага жолугуп турат. Акыры бир

сулуу кыздын жардамы менен ошондой оор турмуштан кутулуп, бактылуу жашап калат. Эми ойлосом ошол барса келбес жолго түшүп кеткен жомоктун башкы каарманы мен экенмин. Ал эми мени бактылуу күнгө жеткирген, «барса келбес» жолдон аман-эсен кайра алып чыккан сулуу сенсиң да ыя, алтыным. Баягы экөөбүз биринчи кезиккен түндү азыр эстесем да төбө чачым тик туруп, бүткөн боюм дүркүрөйт. Сен ошондо эле акылдуу болучусуң. Эгер сенден башка жеңил ойлуу кыз болсо, интернатта бирге окумактан, эгизинин сыңары болуп калса да, эмне кылат эле, ыя мени. Ошону Сады абам менен Гүлайым жеңемдер укпаган, билбеген бойдон калышты, ээ. (Жайнагүл Толкунбектин катын ага-жеңесине окутканын күйөөсүнө айткан эмес.) Таң кала турган эле окуя. Ушуну бирөөгө айтса ишенбес эле. Сендей акылдуу кызды сүйгөн өз жүрөгүмө өзүм ыраазы болуп кетем ойлоп олтуруп. Эми минтип балалуу кылганы олтурасың. Сады Казиевичтей бир туугандуу, Гүлайымдай жеңелүү, Тумардай кайненелүү болдум. Эр жигит үчүн мындан артык бакыт болобу. Айтчы, Жакин жашырбай, өзүңдү кандай ойлойсуң, бактылуумун деп эсептейсиңби, же...

– Эмне үчүн бактылуу болбоско... Бактылуумун...

Бул Толкунбектин отпускасы аяктап, эртең кетем деп жаткан убактылуу ажырашуунун акыркы түнү болучу. Таң атканча эки жаш камырдай жуурулушуп, алтындай ширелишип, сүйлөшүп сөздөрү бүтпөгөн, кусалуу кумарлары таркабаган бойдон төшөктөн турушту. Эртеси кетээр алдында энесине Толкунбек минтти:

– Эне, келиниңизге сак болуңуз, ээ?

Бул сөздүн маанисине кандай түшүнөрүн билбеген эне, уулун маңыроо көзү менен таңдана карады. Кынанын түшүнбөй калганын дароо байкаган Толкунбек, сөзүн кайра улады.

– Эшикке жалгыз чыккандан коркот түн ичинде. Анан дагы килейген ээн бөлмөдө өзү кантип жатат? Анын үстүнө кош бойлуу болсо. Ачык айтпаса түшүнбөйсүз, жарыктык.

Эне уулунун көзү жашылданып турганын байкай коюп, дароо Жайнагүлдүн кабагына жалт карады: «Аа, бетим, мунусу да ыйлаганы турган неме го!» – деп ойлоп, кайпактай түшүп минтти:

– Ой, балакетинди алайын, кулунум, энең өлбөй турса Жакинди күтүп алганга жарар. Айтпасаң да билем, коркпогун. Ок эле, ысарга кетип жаткансыган, арам десе...

Толкунбек кеткендин экинчи күнү почточу Мансурга кат алып келип берип кетиптир. Караса уулунун аялына жазган каты. Мансур көргөн көзүнө ишенбегендей, ары салып да, бери салып да карайт. Бир жерде басырылып калган, мурунку каттарынанбы деп да ойлоду. Акыры, бирдемеси үйдө унут калып, ошол жөнүндө жолдо жазган кат болсо керек деген жыйынтыкка келип токтоду.

Кайнатасы берген катты алып, конвертти ачып, Жайнагүл ичинен купуя окуп, күлүмсүрөй берди. Башка бир ооз сөз жок, бардыгы сүйүү. Жолдо баратып эстегенин, тез эле сагынып кеткенин, үйдөн узай бергенде машинадан аз жерден түшүп кала жаздаганын, ага дүйнө, бардык коздук Жайнагүлсүз бир тутам көрүнүп, көңүлсүз болуп жатканын жазыптыр.

Жайнагүл катты окуп бүткөндөн кийин жанында Толкунбектин эмне деп жазганын уккусу келип, санаасы санга бөлүнүп турган эне-атасына эмне деп айтаарын билбей уялып турду.

– Капырай, кат жазганга үлгүрүп кетиптирби? Эмне деп жазыптыр? Үйдө бирдемеси унут калбаптырбы? Деги аман-эсен жетиптирби өзү? – деди Мансур.

Жайнагүл, эки жагына жалдырап, келининин оозун тиктеп сөз күтүп турган абышка-кемпирден оңойлук менен кутула албасын билди.

– Рыбачьеден жазыптыр, – деди үнүн айыптуу немеден бетер акырын чыгарып. Машинанын ичинде совхоздун директорун күтүп олтуруп, эриккенде, силер эсиме түшүп жазып жатам дептир.

Мансур башын чайкады.

– Согушка кетип бараткансыган акмактын жазган катын көр. Болуптур балам, түшүнүктүү. – Мансур эшикти көздөй басты.

Кына абышкасы чыгып кеткенден кийин, артынан эликтеп минтти.

– Ой, кайран түшүнүгү күчтүү неме. Тим эле жаш болбой койгонсуп, «түшүнүктүү» деп койгонун кара. Мен атаңа келгенде согуш чыкты. Тез эле Мансурду аскерге алып кетти. Ал душманды жеңип, кайра келгенче жазган каттары өзүнчө бир капка чымчып буума болду го. Күнүгө кат. Кээде бир күндө экиден алган күнүм да болду. Баланча жакка кетип баратабыз, түкүнчө жерге токтодук, согушка киргени жатабыз, эс алып олтурабыз, окопто жатабыз, чалгынга жиберип жатат, сени сагынып өлмөк болдум, кокус бирөөгө тийип кетпе, деген сыяктуу каттардан башым адашчу. «Кырк жыл кыргын болсо, бейажал чымын өлбөйт» дегендей атаң канча жолу согушка кирип, бир жерин ок чийбей аман чыкты. Ал Берлинди алганда ошол жерден кантузия болду. Бул жаман тура.

– А ордендерди согуштан алды беле?

– Согуштан алган, балам. Атаң жарадар болбогону менен эчен эрдик көрсөткөн да. Жанагы Толкунбектин катын угуп, «түшүнүктүү» деп жаткан себеби, андай каттар өз башынан да өткөн эчен.

Жайнагүл Кынаны кучактап, өз энесине эркелегенсип минтти:

– Мен, сизди жакшы көрөм энеке.

– О, жакшы көргөнүңдөн секет кетейин.

– Энеке дейм?

– И.

– Мен интернаны ушул шаардан өткөрөм. Өз үй, өлөң төшөк, силер менен чогуу. Жыргал да ээ, энеке...

Толкунбек кеткен күндөн баштап, Кына келининин үстүнө келип жатуучу болгон. Жайнагүл эшикке чыкса

эшикке, үйгө кирсе үйгө кирет. Кокус жаш неме уялып айтпай алда кандай болот деп чочуйбу, тыңшаганы да, аңдыганы да Жайнагүл. Кынанын уйкусун бирөө уурдап кеткенсип, түн баласы уктабай чыга турган дартка жолукту. Кайненесинин уйкуну кана уктабай, тынчы кетип жүргөнүн билген келин, аптекадан уйкунун дарысын алып келип катып койду. Жайнагүл бүгүн эмне үчүндүр өзүн күндөгүдөн оор сезип, ичи-башы ооругансып, өңү талмоорсуңку.

Тамакты күндөгүдөн эрте жасап, ата-эненин төшөгүн эрте салды. Толкунбектен жанараак келген катты окуганга шайы келбей чөнтөгүндө жүрдү. Кайненеси да шакыйым кармап калыптыр деп жарытып тамак ичпей койду. Чындыгында бул шакый эмес эле уйкунун оорусу болучу.

– Эне, баш оорунун дарысын ичиңиз, – деди келини чай чыныга суу куюп жанына келип. Бул уктатуучу дары экенин эне түшүнгөн жок. Кына дарыны ичээр-ичпестен эле, эс алууга даяр турган алсыз организм бошой баштады. Анан ошол замат башы жаздыкка тиери менен уйкуга кетти.

Оолда байкуш энекем ай, мен деп, менин ичимдеги бала деп жүрүп, уйкудан караптап кеткени аз калган тура», – дейт мемиреп эч нерседен бейкапар, жыргап уктап жаткан аялдын кыйма-чийме бырыш баскан чүрүшүңкү арык жүзүнө ичи жылый карап.

Бара-бара Жайнагүлдүн ичинин ооруганы күчөгөндөн күчөп, өзүн колго алалбай баратты. Кайненесин ойготуп айтайын дейт, уйкусу бузулат деп аяйт. Айтпайын дейт жанын коёрго жер таппай, эрдин кесе тиштеп, бирде туруп ары-бери басса, бирде жерде ой боюнча оонап, топтой томолонуп жатты.

Ар дайым түн ортосунда эшикке чыгып көнгөн Мансур адатынча короого чыгып, келини менен кемпири жаткан үйдүн жарыгы өчпөй, чакыйып күйүп турганын көрүп жүрөгү опкоолжуй түштү. Ошол замат дабыш чыгарбай акырын басып, терезенин тушуна келип, парданын ачы-

лып калган жылчыгынан шыкаалады. Кына өз төшөгүндө уктап жатканын көрүп бир демге токтоп калды. А Жайнагүлдү болсо көшөгөдө уктап жатса керек деп ойлоду. Аңгыча, Мансур кетейин деп терезеден боюн алганча болбой чачтары жайылып, саксайып кеткен келини, көшөгөдөн эмгектеп чыгып, ичин кош колдоп басып, бир демге тиштенип туруп, турган ордунда суналып жатып калды. Анан кайра томолонуп барып, бүрүшө түштү.

Келининин толготуп калганын түшүнгөн Мансур, не аялын ойгото албай, не үйгө кирип баралбай, карбаластап калды. Демейде уктай албай кыйналып жүрөм деп даттанып калуучу аялынын эч нерсени сезбей уктап жатканына жини келип, кыжыры кайнады. Бул жаман, Кудай алгыр, уктаганын да билбейт, – деп ойлоду. Анын оюна капысынан врачтар, төрөт үйү түштү. Ошол замат көйнөк-ыштанчан, үстүнө чапанын, бутуна эшик алдында жаткан эски галошту салып, сарайда байланып турган тору атты жетелеп чыгып, жайдак секирип минип, короодон өрт чыккансып чаап чыкты.

...Врачтар келгенде Жайнагүл өзүнөн өзү урунуп-беринип, жанын коёрго жер таппай, ичкы үй менен тышкы үйдүн ортосунда жан далбастап жаткан. Кайнатасынын үнүн, адамдардын сүйлөшкөн сөздөрүн угуп, Жайнагүл эсине келе түштү. Ошол замат көшөгөгө кирип төшөгүнүн үстүнө үстөмөнүнөн кайра жыгылды. Врач менен медсестра экөө эки жагынан жөлөп-таяп Жайнагүлдү кийинтип, тез жардам машинасын көздөй, замбилге салып көтөрүп чыгып бараткнын көргөн ата, тыштан үйгө кандай атып киргенин өзү да билбей калды. Ал Кынага ачуулуу үн менен кыйкыра сүйлөдү:

– Ой, өлгөн өлүк, тирүүсүңбү же өлүүсүңбү? – деди демитип.

– Ат-а-а, э-нем ооруп калыптыр, уктасын, ойготпоңузчу, – деди үнү дирилдеген Жайнагүл, замбилде баратып.

– Уктабаса көзүнө ак түшсүн. – Аялын жулкулдатты. – Эй, тигил Жакинтайды догдурлар келип, алып кетип баратат. А сен болсо жыргап уктап жатасың. Толкунбек сага бекеринен айтпаган экен баягы сөздү.

Кына өлүп, кайра тирилген немеден бетер, уйкулуу көзү менен ордунан томолонуп турду. Анын бардык укканы да, түшүнгөнү да «Жайнагүлдү догдурлар алып кетип баратат» деген сөз болду. Бирок алар эмне үчүн алып кетип бараткандын түшүнбөй, башы тумандап турду. Бул кезде келинди машинага салып жатышкан. Ич көйнөкчөн, жылаңаяк, жылаңбаш, үйдөн чыңырып чыккан эненин үнү Жайнагүлгө угулуп барып, бир паста алыстап кала берди. Кына канчалык далбас урганы менен келинине жетпей калды...

Жайнагүлдүн толгоосу аябай катуу болду. Төрөт үйүнө жеткирилгенден эки күндөн кийин аман-эсен кыз төрөдү. Кынанын калган чачы ушул эки күндүн ичинде агарды. Мансур экөө үйгө үйчүлүк, жайга жайчылык кылбай үрөйлөрү учуп, боздоп-какшап басып жүргөн күн менен түн жакшылык менен аяктады. Мансур ата уулуна: «Бешик бооң бек болсун, кыздуу болдуң», – деп куттуктап телеграмма уруп жибергенин Жайнагүл Толкунбек келгенде укту.

* * *

Жайнагүл окуудан келип, эшиктин алдында өзүн күтүп олтурган айылдан келген кошуна аялды көрүп, сүйүнүп кетти.

– Саламатсызбы, апа! – Аял менен кол алышты. – Көп болдубу келгениңиз?

– Жо, балам, анчалык деле көп болгон жок, чай кайнамга не жетти, не жеткен жок. Мансур менен Кына барып балдардын турмуш-абалын көрүп, дендери сак, аман-эсен жатканын биле келсең деп какшап калышты эле. Кокус, берип жиберген тамак-ашы бузулуп кетеби ысыкта деп түз эле силердикине келдим.

– Ырас келиптирсиз. Кубанып калбадымбы. – Аялды үйгө киргизип, стулдун үстүнө калыңдап төшөк салды. – Биздин турмушубуз ушундай. Үй тар, эптеп быйыл чыдасак, анан мен айылга кетем го. Атам менен энем кандай деги, дендери сак жакшы турушабы. Тежемел немени багамын деп энем байкуш куурады го. Бул жакка эле, ала келип ыйлай-сыктай өзүм багайын десем, болбой коюшпадыбы, атам экөө тең.

– Ой, алдыңа кетейин, алып келгенде бала багасыңбы, окууңду окуйсуңбу. Энең байкуш ал кызды тим эле сонун багып жатат. Өлүмдөн жүрөгү өлгөн шордуу, баласы көбүрөөк ыйласа да коркот, ашык уктаса да коркот, уктабаса да коркот. Ал байкушта жүрөк бар дейсиңби. Баягы силер жокто, экөө эки жерде соксоюп, сүйлөшсө сүйлөшүп, сүйлөшпөсө урушкан немедей дымып олтуруучу Мансур менен Кынанын үйү азыр уу-дуу. Сүйлөшкөн сөздөр бул жакта калсын, ырдаган ырлар, чертилген күүлөр угулат. Тим эле бир айылдуу адамдан бетер, жуулган кир да, жайылган төшөк да көп. Байкуш Кынанын эмгеги колуна тийип, эми ошол жаман кызы аман болсо экен. Күндөн-күнгө кылыгы чыгып, колго келип, көзгө көрүнөйүн дегенсип калды. Сен кеткени энең белин чечип жата элек. Төшөккө бүкүлү жатып, бүкүлү бойдон турат. Эртели-кеч Кына үй ичин иреттеп, уй-пуюн сааганча Мансур чоң чапанын баса кийип, кызын тим эле, бирдемеге түшүнүп, чоңоюп калган баладан бетер көтөрүп алып сүйлөшүп жүрө берет. Корозум дейби ай, булбулум дейби ай, гүлүм дейби ай, күнүм дейби ай, ой ал атаңдын койбогон аты, таппаган сөзү жок. Жанатыңар, ал эмес күлүшүп калды.

– Чын эле күлүшүп калдыбы? – Жайнагүл айтарга сөз таппай, өзүнөн өзү күлүңдөп, бешенеси жаркыйт. – Кымындай болгон садага, күлүшүп калган экен да. – Ал ушул сөздү канча жолу кайталаганын өзү да сезбей калды. Бул күн Жайнагүл үчүн өзүнчө бир бактылуу күн болуп турду...

Толкунбек келгенде, алдын тосо басып күлүндөдү:

– Билесиңби, бизде эмне жаңылык бар экенин?

– Билем, жеңем келиптир. – Толкунбек аялды көздөй басты. – Саламатсызбы, келишиңиз менен. – Кол алышты.

– Ракмат, алдыңа кетейин, келип калдым, силер менен учурашайын деп эле.

– Келгениңиз жакшы. Биздин үйдөгүлөр аман-эсен жатышабы?

Жайнагүл Толкунбектин сөзүн бөлдү:

– Сүйүнчү!

– И, болсун. – Колуктусуна бурула карады.

– Жанат күлүшүп калды дейт.

– Охо-о-о, аны жеңем айттыбы?

– Ооба.

Толкунбек менен Жайнагүлдүн айткан кептери, сүйлөгөн сөздөрүнүн көпчүлүгү Жанат деген кыз болду да калды. Дем алыш болду дегенче, экөө бирдей айылды көздөй куштай учуп жөнөшөт.

Ошентип күндүн артынан күндөр, айдын артынан айлар өтүп, убакыт аккан суудай аркырап, кайдадыр белгисиз жакка житип жок болуп жатты. Акыры Жайнагүл эңсеген күн да келди. Институттун алтынчы курсун бүтүп, бир жылдык интернага жөнөп кетти. А Толкунбек болсо баягы жалдап алган квартирада окуусун улантып, ишин иштеп кала берди. Бир күнү кайнагасыныкы чакырса, бир күнү кайнежесиники чакырат. Жаткан жатаканасы эле болбосо, өзүнчө казан асып, тамак жасабайт.

Дем алыш сайын үйүнө барып, үй-бүлөсүн көрүп турбаса Толкунбектин санаасы тынбаган, асан кайгы жайы бар. Ата-энеси менен кызын бир ойлосо, Жайнагүлдү миң ойлоп, миң толгонот. Дем алыштан дем алышка чейин сагынып, куса болуп кеткеничи. Аялын белгисиз кимдир бирөөлөрдөн арам санап, ичи тарый берет. Бирок анткени менен Жайнагүлдү көрөр замат, баягы ичин уйгу-туйгу

кылган ич тарлыктан чыккан арам ойлор башынан кандай учуп кеткенин өзү да билбей калат.

Жайнагүл шаардык төрөт үйүнө келгени кайнене-кайнатасы менен мурункудан да жакын алынышып кетти. Уктап уйкуң кансын, шашпай эле жай туруп жүрчү балам, деген Кынанын сөзүнө болбой, эрте туруп, кеч жатат. Эмгекке дилгир, ата-энеге күйүмдүү. Колу тийген жумуштун майын чыгарат. Өзү намыскөй, атаанчыл. Элден сурап, көз каранды болуп, карызданып оокат кылганды жаман көрөт.

Жанат болсо буту басып, тили чыгып, булбулдай сайрап турган кези. Ал ата-энесин туурап Жайнагүлдү да, Толкунбекти да атынан айтат. Жайна жаман, быкый, энем айай, – деп Кынанын коюн-колтугуна кирип, өз энесине боюн салбай четтеп турат. Анткен сайын эне-атанын эбедейи ого бетер эзилип, эт жүрөгү созулуп, өпкө жүрөгүн чаап, жалына беришет. «Кудая тобо, – деп Кына өзүнө өзү таң калып, кичинекей кызы менен өзүнчө кожурашып сүйлөшүп калат. – Сенин атаңды, сенчелик ысык, сенчелик жакшы көрбөсөм керек, ыя Жанат? Жүрөгүң жүрөгүм менен, жаның жаным менен бирге бүткөн окшойт. Сен менин кандай жакшы көрөрүмдү билесиңби деги! «И» – дейт ал эчтекеге түшүнбөй эле. – «Тошунбек» жакшы, ээ эне?» – Энесинин жакасындагы топчусун кармалайт. – «Ооба алдыңа кетейин, Толкунбек жакшы. Ал сенин атаң эмеспи». – «Атам эмес». – «Ок. Антип айтпааралдым. Атам эмес дебе катыгүн. Жайнагүл мамаң болот», – «Ой, мамам эмес ал, Тошунбектин мамасы!..» – Үйдөгүлөр каткырып күлүшөт. Ошентип, Жанатты сүйлөтүп тим эле рахатка батышат.

Жайнагүл институтту кызыл диплом менен бүтүп, кайра баягы интернасын өтөгөн төрөт үйүнө келип иштеп калган. Колуктусунун дипломуна карата кезектеги эмгек отпускасын алып, Толкунбек каникулда айлына келди. Үйүй, жайы-жай, тим эле өзүнчө шаар. Огород толо жер-же-

миш, жашылча айдалган. Баягы бош жаткан жерде тердиктин бетиндей бош орун жок.

Келин ашканада тамак жасап жаткан, ачык турган терезеден эне-баланын сүйлөшүп жаткан сөздөрү кулагына шак дей түштү.

– Сен окууңду качан бүтүрөсүң, балам?

– Оо, али көп бар.

– Капырай, көп болгондо канча?

– Эки жыл.

– А-а, эки жыл де. Сен эки жылды бүтүп, жыргаткан-ча куурайт экен го.

– Ким?

– Ким? Ким? Жайнагүл. – Эне күчөнө сүйлөдү. – Анын кандай жашап, бул үйдө эмне кылып жүргөнүн билесиңби?

– Кантип билбейин, билем. Деги Жакинди менден жакшы көрөсүң ээ, эне.

– И-и, жакшы көрбөй анан. «Жанга күйгөн жандай дос, жаныма күйбөс кандай дос», – дептир бирөө. Анын сыңарындай, жаныма күйүмдүү болсо, жеңилимди жерден, оорумду колдон алып турса жакшы көрбөскө кантип болсун. Эзилип эле турам, балам. Кээде башым деп калуучу болду. «Чыйрактын шыйрагы калат» дегендей, жаны тынбаган, өзүн өзү аябаган тынчы жок бала экен, аман болсо экен деги. Силердин жамандыгыңарды көрбөй абышка экөөбүз алдыңарга кетсек болгону. Мен эми өлөт экенмин деп кайгырбай калдым. Анткени сенин турмушуңдан санаам тынды. Тилеген тилегим, ойлогон оюм ушул күн, ушул турмуш болучу. Минтип, ата конушуна ээ болуп, үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйноочу ээси табылды. Колуктуңдун көңүлүн калтырбай сыйлап алсаң экен. Менин тилеген тилегим, силердин түбөлүк ынтымактуу турмушуңар. Азыр ал сенден эчтеке көрө элек. Текилдеп шамдагайын айтасыңбы. «Эр жигиттин аялы оңолбой, иши оңолбойт» – деп, карылар бекер айтышпаптыр. Карачы, абышканы белине

таңуу кылып алып, чарбагыңды гүлдөтүп, болбогонду болтуруп, өспөгөндү өстүрүп олтурат. Жайнагүлдүн ою акча жыйнап машина алууда турат. Ал эми сен болсоң баягы колунан эч нерсе келбеген, бозбаш бойдонсуң. Эгерде Жайнагүл болбогондо, биз талаада багуусуз калмак экенбиз. Же калп айтып жатамбы?

Толкунбек энесин мулуюп, үнсүз угуп туруп, башын көтөрдү:

– Ооба, энеке, туура айтасыз. Жакин чындыгында эле чыйрак киши болуптур. Мен деле ойлогон эмесмин мынчалык болорун. Деги жеринен эле эстүү кыз болучу. Жазбай энесин ушул кызы тартыптыр. Баарын жолго салып, кызын кыздай, уулун уулдай тарбыялаган эмгек, кудагыйыңыздыкы да.

– «Эшигин көрүп төрүнө өт, энесин көрүп кызын ал», – деген ошол да балам. Жалгыз Жайнеке эмес, өзүң айткандай балдарынын баары мыкты. Сен алардай боло албайсың го каралдым. Эрке өстүргөн бала турмуштун ысык-суугун билбей, бош болуп калат тура. Өлүмдөн үшүгөн кураган жүрөк, сенин келечегиңди ойлобой эле, аман эле болсо болду өлбөй, деген турбайымбы эми ойлосом. Чындыгында эле ошондой болбодубу. Кудай тилегимди берди. Минтип келиндүү, неберелүү болдум. Саган айтаар аманатым, Жакиниңди күтүп ал.

Толкунбек каткырып күлдү.

– Эмне, Жайнагүлдү мени жаман көрөт деп ойлойсуңбу? Жок, энеке, андай такыр болбойт. Кантип эле билбейин. Жайнагүлдүн көп милдети бар мойнумда...

Кайненеси менен күйөөсүнүн жакшы, калыс сөздөрүн угуп Жайнагүл көңүлүндө кубанып калган. Энем туура айтат деп ойлогон ал. Ырас эле менин энем Тумар, элдин энелеринчилеп, кыздарынын таламын талашып, жөнү жок жерден кудагыйлары менен жаман-жакшы айтып жаакташып көрбөсө керек. Качан болсо кыздарына, кайнене, кайнатаңарды сыйлагыла, – деп какшайт да турат. Оорулуу

кайненеңди жакшы бакбайсың деп Жайлоогүл эжемди кандай какшатты. Күйөө баласы менен кызын тим эле жерге кагып жибере жаздаган. «Вообще, молодец» энем. Кээ бир энелер, күйөөгө барган кыздарын, кудасыныкына келгенде элден бөлүп алып, сүйлөшөт экен. Баягыда Гүлайым жеңемди жаңы алып, төркүнүн чакырганда, кудагыйыбыз кетээрде жеңемди үйдөн аябай обочо алып чыгып алып, канчага чейин сүйлөштү деги. Ошондогу энемдин ачуусунун келгени ай. «Жаман эне эле кызын бөлүп сүйлөшөт» деп жактырган эмес. Кийин Оштогу кудагыйына айтса уялып калган. Жайнагүл өз энесинин кыздарынан, балдары менен келиндеринен, куда-кудагыйларынан көргөн ракат-сыйын ойлоп келип, кайненесине боору ооруп кетет. Байкуш кишинин төрөгөн балдарынын баары аман-эсен болсо, өзүнчө эле бир чакан айыл болмок экен. Өлүп-өлүп олтуруп жалгыз Толкунбеги калыптыр. Орто жолдо анысы да тентип кетип, калган канын сүлүктөй соруп, жүрөгүн алыптыр. Кээде иштен чарчап, маанайым пас тартып, көңүлүм чөгүңкү тартып келгенимде, эмнегедир жалтаңдап, көзүмдү карап, бөйпөңдөп кетет. Эмнени ойлоп, тынчы кетип куурайт болду экен? Ооруп калдыбы деп чочуйбу, же өлүп калабы деп коркобу. А балким Толкунбектин өлөсөлүү ата-энесин багамын деп куурап кеттим деп, капа болобу, дейби. Ой байкушум ай, кучкачтай болгон, – деди Жайнагүл терезеден күйөөсү менен Кынаны карап туруп. – Вай, вай, байкуш кишинин арыгы ай, ыргайдай болуп. Жок дегенде бир аз толсо жакшы болот эле. Аш жетпегендей болуп, эти-этине катып!..»

Бир маалда эне-баланын үнү чыкпай калганынан караса, Толкунбек эки колун чөнтөгүнө салып, үйдү айлана чуркап бараткан энесин карап, короонун ортосунда керилип турат. Жайнагүл окуяга дароо түшүндү. Огородго мал кирген экен деп ойлоду. Карыган энесин чуркатпай эле, өзү басып барып айдап койбойбу, деген ойду ойлоп, бүткөн бою туташа түшкөн келин, ашкананын ачык турган тере-

зесинен башын чыгарып, эмне деп жооп айтаар экен деп сурады:

– Ай Толкунбек, энем кайда кетти?

– Огородго музоо кирип кетиптир.

– А сен эмне үчүн айдап койбойсуң?

– Билбейм, мага айтпай эле өзү чуркап кетти.

– Абалын көрүп турсаң да, бооруң оорубайт ээ. Өзү чуркап жүрүп жаман үйрөткөн да сени. – Башын чайкап туруп кайра тартты. Аялынын сөзүнөн улам Толкунбек уялгансып, шылкыя түштү.

Тамагын чыгарып, чоң чарага куюп, аш үйгө кирген Жайнагүл, ар жактан Жанатты аркасына көтөрүп келаткан кайненесине капааттана сүйлөдү.

– Алдакыны зоңкойтуп эмнеге көтөрүп алгансыз. Бутуколу басып, тил-оозу чыккан немени жетелеп эле албайсызбы. Карыган, оорукчал сиз эмес, мен көтөрүп чыдай албайм аны. Диңкийип, анан мунун оорун кантейин. Кийин ушунун баары эле өз башыңызга балээ болот. Толкунбек экөөбүздөн көрбөгөн ракат-сыйды ушундан көрөм деп турасызбы? – Бул сөздү Жайнагүл күйөөсүнө карата ачуусу келип айтты. – Энесине боору оорубаган, кимге боору ооруйт, – деп ойлоду.

Кына Жанатты жерге түшүрүп, демиккенин басып олтура кетти. Тээ бир оокумдан кийин келинине таарынычтуу карап минтти:

– Ушул көпөлөктөй болгон, кенедей немени диңкийип дейсиң да катыгүн, Кудай. Мени тирүү жүрсүн десең, Жанатты кагып-силкип жаман айтпачы, балам. Менин көргөн ракатым эле, силер, силердин балаңар эмеспи, билсең. Мындан артык болобу ракат деген. Андан калса, минтип дүнүйөгө бөлөнүп, ата-бабабыз көрбөгөндү көрүп олтурабыз. Кийсек кийим, ичсек тамак кенен. Элдин алды болбосок да, жоон ортосубуз. Мен үчүн капа болбочу, балам. Жанатты көтөргөндөн өлүп кетет белем. Аны урушканың, мени урушканың. Билсең ушул жаман секелекке жалын-

ганым сага жалынганым, Жанатты жакшы көргөнүм сени жакшы көргөнүм, жанагы диңкийип деген сөзүң жакшы сөз эмес...

Ошондо Жайнагүл кайненесинин сөзүнө чыны менен эле жыгылыштуу болуп уялып калган. Кынанын мойнунан кучактап, бетинен өөп, кечирим сураган.

Ошондон көп убакыт өтпөй Жайнагүлдүн дипломун жуйбуз деп шылтоолоп, Кына менен Мансур киши чакырышты. Үй толтура конок. Улуу-кичүү кылып эки бөлөлү десе, меймандар өздөрү болбой коюшту. «Көрүшпөй жүрүп көрүшкөнүбүз, таанышпай жүрүп таанышканыбыз бар экен. Аркы-беркини сүйлөшүп, жөн-жайды сурашып чогуу эле олтуралы» деген жүйөөлүү сөзгө үй ээлери макул болушту.

Самоор көтөрүп кирген Жайнагүлдү Тумар:

– Э, ботом, кудагый менен куда кана? Киришпейби мында.

– Олда, сиздин шашмаңыз ай. Кирет азыр, – чай куйганы олтурган келинди Жайнагүл токтотуп койду.

– Коё тур, атам менен энем келсин.

Тыштан, тойго баруучудай жасана кийинген Кына менен Мансур эрчише басып кирип келатышты.

– Келгиле, кудагый-куда, капырай кайда жүрөсүңөр, жогору өткүлө, мындай.

– Ой катыгүн, ал жакта эмне бар эле бизге. Абышка экөөбүз мындай эле олтурабыз. Тышка чыгып балдарга жардам бербесек болобу. Олда кагылайын Жакин ай, кийин десе кийин деп, мына бул жалтырак-жултурак, шуудурактын баарын үстүмө үйүп салбадыбы. И-и-й бетим, Мансур экөөбүздү тим эле бөтөн эл, бөтөн жерге конокко баруучудан бетер окшоштуруп. Өз үйүндө ушинтип кийинеби. Көргөзмөгө чыгуучудай эле болуп калдык окшойт.

– Э-э-й кудагый айланайын, балдардын минтип турушу ата-эне үчүн сыймык эмеспи түшүнгөн кишиге. Келгиле, жогору өткүлө. Жардам! Эмне жардам? Жасайт өзүлөрү.

Кий десе кие бериңиздер, ич десе иче бериңиздер. Балдардын урмат-сыйын тирүүбүздө көрбөгөндө, өлгөндө көрөбүзбү.

Кына менен Мансурду кудагыйы ошентип жатып төргө чыгарып олтургузду. Эне оңдоно берип, күлүңдөп минтти:

– Аның туура дечи. Бирок ошентсе да, колдон келген жардамды берген жакшы го балдарга. Жаш немелер эмнени билет. Азыр алардын билгенинен билелеги көп кудагый. – Кына келинине карады:

– Чайыңар кана, кагылайын.

– Мына куюп жатабыз, эне.

Жайнагүл колундагы чынины келинге берип жатып: «Мурда энем менен атама сун», – деп кулагына шыбырап кетти.

Уккан сөзүнө түшүнбөй калдыбы, келин буйдала түшүп, биринчи чынины меймандарга сунбай, ата-энесине сун деген эмнеси, же мен жаңылыш уктумбу деген ойдо, бир демге токтой калып, Тумарды көздөй басты.

– Ой кагылайын, Кына менен Мансурга сун. Конок болсо эле бирөөнүн туз-даамынын астын ээсинен мурда татат бекен, – деди Тумар чай сунган келинге...

Чай ичүү аяктап калган кезде, сөздөн сөз чыгып олтуруп Кынадан Жайнагүлдүн апасы минтип сурады:

– Кудагый, деги келиниңиз кандай киши болду? Ата-энеге күйүмдүү болучудайбы? Чыйтайып эле, кагаздай үлбүрөйт. Колунан бирдеме келет бекен деги?

– Көзүңүздү көрүп айткан кеп эмес, кудагый, Жайнакем күйүмдүү үчүн, иштегени ушул жерге, биздин үстүбүзгө баса келди го дейм. Болбосо мени Ат-Башы, Нарынга же Ош, Жалал-Абадга жиберип жатат деп баса берсе, колумдан эмне келет эле. Бир кезде кызым жок деп арман кылуучу элем, кудагый. Келин ала электе, келиндүү болор бекенмин деп тилеп жүрдүм. Бирок кээ бир ракымы жок, таш боор келиндерди көргөндө, жалгыз баламдын колуктусу ушулардай болуп калбаса экен деп өзүмдөн өзүм кор-

куп, өзүмдөн өзүм чочучумун чыны. Кудай боор ооруду окшойт, тилеген тилегимди берди. «Кыздын сыры төркүнгө маалым» дегендей, билесиз да. Ак гүлдөй үлбүрөгөнү менен колунан баары келет. Көзүмдү карап, энекелеп турат. Мансурду болсо кайната эмес эле, өз атасындай көрөт, каралдым. Ыраазымын тагдырыма, бөксөргөн көңүлүмдүн, күйгөн жүрөгүмдүн кенемтесин толтурду. Мунун баары сиздин эмгегиңизге таандык, кудагый. Ушундай адамгерчиликтүү, адептүү акылдуу кызды төрөп, тарбиялап өстүрүп берген өзүңүзгө ракмат. Кулдугубуз бар, кудагый сизге.

– Кулдугуңуз Кудайга. Ылайым кут болсун. – Тыштан кирген Жайнагүл «кулдук» деген сөзгө түшүнбөй, өз энеси менен кайненесин алмай-термей карап туруп калды. Тумар кызына карап жадырады. – Уктуңбу, Жакин, кайнеңдин мактоосуна арзып, ишенимине татыктуу бол.

Тумардын сөзүн Сады баштап, бардыгы туш-туштан кубаттап, ар ким өз көңүлүндөгү жакшы санаалаштык каалоолорун айтып, дуулдап жатышты. «Эне болбосоң коё кал» деген ойлор, ушул жерде олтурган Мансурдун куда-кудагыйларын биринчи көрүп олтурган адамдардын ар биринин көңүлүндө күү болуп толкуп жатты. Ушул убакта күтүлбөгөн жерден Мансурдун эшигинин алдына төрөт үйүнүн «Тез жардам» машинасы келип токтоду.

– Эже, толгоосу катуу бир аялды алып келишти. Сизди тез келсин деп дежурный врач жиберди, – деди шофер, – дем алыш да, баары эле туш-тушка тарап кеткенби, сизден башка эч кимди үйүнөн таппадык.

Жайнагүл шашып калды. Мындай учурда кечигүүгө жарабасын ал жакшы билет. Союлуп жаткан мал да, бышырылып жаткан тамак да калды.

– Саламатсызбы, Жайнагүл Казиевна! Биз сизди чыдамсыздык менен күтүп жаттык эле. Азыр эле толгоосу катуу бир келинди алып келишти. Ага тез жардам керек болуп жатат. – Жайнагүл кабинетке кирип, шифонерден халаты менен такыясын алып кийип кайра чыкты.

Үчөө ээрчише басып, экинчи кабатка көтөрүлүштү. Алар келгенде келиндин көзү жаңы эле илинип, уктап кеткен. Жайнагүл демин ичине алып, үнсүз турду. Анын жапан куштун көзүндөй болгон кыраакы, баамчыл көздөрү келиндин талмоорсуп, шишимик тарткан жүзүнө кадалды. «Бечара уул төрөйт го», – деп койду ичинен. Көөдөнүн жарып чыга каччудай болуп, түрсүлдөп соккон жүрөгүнүн кагышы үстүндөгү одеялдын сыртынан билинип, күрөө тамыры жан-алакетке түшүп балкылдап жатты.

Жайнагүл келинди креслого жаткырып көргөндөн кийин, анын өзү төрөй албасын дароо билди. Врач шашып калды. Дагы жарым саат, бир саат кечиксе, баланын ичтен зыян болуп каларын ойлоп: эне менен баланын өмүрүн аман сактап калуу керек деген бир күчтүү толкун врачтын жүрөгүн чагылгандай аралап өттү. Анан болочок жаш эненин баш жагына келип эркелете сүйлөдү:

– Садагасы синдим, сен аман-эсен эле көз жарасың. Бирок операция аркылуу гана балаң экөөңдүн өмүрүңөрдү сактап калууга туура келет.

– Операция дейсизби? – Келин башын көтөрө берип, көздөрү алая сурады.

– Эч коркпо! Бардыгы өзүң ойлогондой жакшы болот. Тышта кайненең менен күйөөң турат. Мен алар менен да сүйлөшөм. Айтам баарын түшүндүрүп. Анан жарым саат, бир саатка жетпеген убакыттан кийин эле: «Келиниңер аман-эсен көз жарды, сүйүнчү!» – деп кубандырабыз.

Арадан көп убакыт өтпөй, келин операция жасалуучу бөлмөгө алынып келинди. Бардыгы даяр болуп, наркоз да берилди.

Казиева өзүнөн көз албай тиктеп турган кесиптештерин бир сыйра карап алып, токтоо үн менен, жаңыдан эле столдо жаткан келиндин тамырынын согушун, жүрөгүнүн иштешин, наркоздон кийинки уйкусун текшерип бүтүп калган врач-реаниматорго: «Операцияны баштасак болобу?» – деп кайрылды:

– Жайнагүл Казиевна, бардыгы толук текшерилди. Баштай берсеңиз болот, – деди жигит так жана чечкиндүү.

Ушул эле сөздү күтүп тургансып, Казиева дароо ишке киришти... Хирургдун ар бир кыймылы сайын, эмне керек экенин айттырбай билген жардам берүүчү сестра Казиевнанын колундагы аспаптарды биринин артынан бирин алып, бирин кайра шамдагайлык менен карматып жатты.

Жайнагүлдүн маңдайынан тер чыпылдап, эки бети чоктой албырат. Ал операцияны ылдам бүтүрүүгө ашыгып жатканын бардыгы билишет. Шадылуу, аппак болгон жумурусунан келген ичке манжалары көзгө илээшпеген кыймыл менен, эмелеки кесилген жерлерди кан токтоотуучу кыпчыгычтар менен кыпчып жатты.

«Жайнагүл Казиевна, операция мезгилинде өзүн да, өзү жашап жаткан жарык дүйнөнү да таптакыр унутуп калат!» – деп кесиптештеринин оозуна илиниши да албетте бекеринен эмес болсо керек. Врач азыр да бардыгын унутуп, жашоого келүүгө убактысы өтүп бараткан наристени тумчуктурбай, наркоздун таасирин тийгизбей, операцияны тез бүтүрүш керек деген ойдон башка эсине эч нерсе келбей жан-алакетке түшүп жатты.

Тургандар түйшөлө түштү. Күткөн мезгил да жетти. Бир заматта кубанычтын толкуну бардыгынын жүрөгүн каптап өттү. Эненин курсагынан чачы маңдайына түшкөн эркек баланы, Жайнагүл аман-эсен колуна алды. Бала барылдап ыйлап кирди. Ошол жерде өмүр сакчылыгында турган адамдардын бардыгынын жүздөрү нурданып, маңдайлары жаркып, көздөрү күлүп турду. Адам өмүрү, адам бактысы үчүн жашаган алтын колдуу, ак ниет адамдар үчүн мындан артык кубаныч, мындан артык сыймык болобу...

Жайнагүл оор операциядан кийин шалдырай түштү. Келиндин оорусунун тарыхы жазылган диспетчерге, операциянын өтүшү жөнүндө жаңы эле жазууга олтуруп жатып, эсине, жамандык менен жакшылыктын кайсынысын уга-

ар экенбиз деп, тышта жандарын коёрго жер таппай, чыдамсыздык менен күтүп турган эне менен алиги жигит түштү. Анан тыштан кирип келаткан медсестрага карап минтти:

– Эсиме жара чыгып, таза унутуп калган турбайымбы. Келиндин операциясы ийгиликтүү өткөндүгүн, уулдуу болушканын тышта күтүп тургандарга айтып койгула.

– Кечиресиз, Жайнагүл Казиевна, ал жөнүндө айткан-быз. Алар сизди күтүп жатышат. Операция жасаган доктурду көрөт элек дешкенинен кирдим атайын.

Жайнагүл ордунан салмактуу көтөрүлүп, али кургай элек маңдай терин сүлгү менен сүртүп, коридор менен шашпай жай басып келатты. Врач тышка чыга берип, биринчи эле көргөнү келиндин кайненеси болду. Ал жаны калбай:

– Колуңан да, жолуңдан да кагылайын, – деп Жайнагүлдүн колун коё бербей, кайра-кайра жалынып жатты...

Ошентип, келген меймандар Мансур менен Кынанын турмушуна кубанып, Толкунбек менен Жайнагүлгө ыраазы болуп кайтышты. Өзгөчө төбөсү көккө жеткен Тумар болду. Ал кетээрде: «Эми силерден да санаам тынды!» – деп балдарынын бетинен өөп, куда-кудагыйы менен кучакташып коштошту...

* * *

...Жайнагүл бир кезде түштүккө барып иштөөнү аябай эңсөөчү. Окуумду бүтсөм эле Ошко барам дечү. Бирок турмуштун тузагы, аны кайра айландырып келип, өз жерине келин кылып, бир бөтөн үй-бүлөгө мүчө кылып койду. Буга Жайнагүл өкүнгөн да, капа болгон да жок. Тескерисинче, Толкунбектей жигитке жубай болгонуна, мээримдүү, жакшы адамдардан ата-эне күткөнүнө ыраазы болуп кала берди.

Азыр бир үй-бүлөнү былк эттирбей кармап турган да Жайнагүл. Үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйнап, бирин

экиге улап турган да Жайнагүл. Ал эмес өзү иштеген төрөт үйүнүн белдүү акушер-хирургу да Жайнагүл.

Азыр Толкунбектин институтту бүтүп, эмгек жолун жаңыча баштоочу мезгили да келип жетти. Жан кишиге айтпай Жайнагүлдүн ичинен сызып, бушайман болуп, кайгы жегени күйөөсүнүн түштүккө кетиши болду. Буга биринчи кезекте Жайнагүл өзүн күнөөлүү деп сезди. Анткени Толкунбек студенттерди бөлүштүрөр алдында, мындан бир канча убакыт мурда колуктусуна айтып, кайда жазыларын, кайда барып иштээрин кеңешкен болучу. «Мени түштүккө чектеп жаткан имиш!» – деген Толкунбек. Үй-бүлөгө, атамдын согуштан инвалид болуп келгендигине байланыштуу сурасам, эркин диплом бериши мүмкүн. А балким, көлгө жиберер бөлүштүрүүдө. Бирок азырынча кимдин кайда барары жөнүндө эч ким ачык билбейт.

Күйөөсүнүн сөзүн угуп олтуруп, бала кезинен түштүктү эңсеп жүрүп, максатына жетпей калган жаш келиндин делебеси козголду. Анын оюнда үй-жайга ээлик болуп туруучу ата-энебиз бар. Жанат эрмек болуп, аларда калат. Толкунбек экөөбүз бир-эки жыл бөтөн эл, бөтөн жерге барып иштеп келсек эмне болмок эле деген ой, башын айландырып туруп алды. Аялынын тилинен чыгып, өзүнүн ой-максатын өзү чече биле элек Толкунбек, Жайнагүлдүн сунушун кың дебестен кабыл алып койду. Жаш жубайлар ата менен энеге да бул жөнүндө ачык сырын айтышпады. Акыры Толкунбек, түштүккө чектелип тынды. Жигит кийин үйүнө келгенде ата-энесине: «Мени, сурансам болбой Ошко бөлүштүрүштү», – деп, бардык шылтоону институтка түртө салып койду. Ошентип, окуусун бүтөөрү менен жумушунан бошонуп, Жайнагүлү каалаган жакка иштөөгө жөнөп кетти.

Толкунбек барары менен бир СМУга инженер болуп орношту. Квартиранын жоктугуна байланыштуу ошол СМУнун жатаканасынан орун алып, ошондо жашап калды. А Жайнагүл болсо квартира табылганча өз ордунда иштей

бере турган болду. Ары-бери караганча кычыраган кыш түшүп, айлана ак кар, көк музга айланды. Толкунбек жаңы жерге, жаңы турмушка көнө албай, маянасын алган сайын Ысык-Көлдү көздөй учуп турду. Бул жакта Жайнагүлсүз жашоо, жашоо эмес эле тозок болду. Жайнагүлдү эстеп, анын кыял-жоругун элестетип жатып уктап, эстеп жатып ойгоноорун, эч кимде Жайнагүлдөй аял жоктугун айтып каттар жазат.

Баягыдай эле бирин-бири сагынуу, бирин-бири күтүү, бирин-бири эңсөө сезими кош жүрөктө күйгөн бойдон жалбырттай берди.

Ош менен Чолпон-Атанын ортосу Толкунбек үчүн көчөнүн аяк-башындай эле бирдеме болду да калды. Бир келишинде аба ырайы бузулуп, эки-үч күнү катары менен самолёт учпай, кызматынан кечигип, эмне кылаарын билбей айласы кетип, кабагына кар жаап турган уулун көргөн Мансур сүйлөнүп коё берди:

– Сени ошол жакка барып иште деп бирөө мойнуңа кылыч такады беле. Элдин балдарын көрүп эле жүрөм, анда-мында болуп сандалбай эле үй-бүлөсү менен мойтоңдошуп чогуу жашап, чогуу эле иштеп жүрүшөт. Үй-бүлөлүү, ата-энелүү киши да сендей болобу. Менин согуштан бакма болуп келгенимди айтсаң деле түшүнүшөт эле го. Макул менин майыптыгыма, энеңдин оорукчалдыгына карабасаң да, мына бул колуктуң менен балаңа карасаң боло. Жайнагүл бул жакта, сен ал жакта, тапкан акчаң өзүңдүн керт башыңдан артпай, жалаң жолуңа кетип жатат. Сени менен бизди Жайнагүл качанка чейин багат ыя? Бул да бирөөнүн көзүн карап, көкүлүн сылаган баласы го, аясаң боло акылың болсо. Анда-мында болбой көчүп кет, аты жакшы. Эки күндүн биринде келип алып, кайра кете албай, иштеген ишинен калып, кечигип темтеңдеп жүргөн кантип жакшылык болсун.

Өз күнөөсү өзүндө болгон Жайнагүл ооз ачпай, жер карап шылкыйып турду. Аялы унчукпагандыктан, Толкун-

бек да атасына жыгылыштуу болуп, бир топко үнсүз-сөзсүз ой басып туруп, анан минтти:

– Ата, туура айтасың. Сен эмес, мен өзүм да өкүнүп жүрөм. Бирок мынчалык барбасам болот эле, баргандан кийин чыдап, бир-эки жылы иштешим керек. СМУ жаш кадрлар үчүн үй салып жатат. Бүтөөрү менен Жакинди алып кетем. Экөөбүз тең иштесек жаман болбойт.

– Эмне, Жайнагүлдүн бул жерде иштеген иши жаманбы? Иштеген мекемесине да, элге да алымы бар. Бардыгы көзүн карап, сыйлап турушат. Ал жакка барганда да ушундай болобу?

– Болот, ата.

– Болсо эле болду.

Карыган ата-энесин, үй-жайын, иштеген ишин таштап, акылдуу деген Жайнагүлдүн, жылуу ордун суутуп көчүп кетем дегенине эч ким макул эмес болучу. Күйөө баласынын минтип өзүн өзү билип, өтүгүн төргө илип, эч кимге айтпай, эч ким менен кеңешпей иштеген ишине Тумар да, Сады да капа эле. А Жайнагүл болсо күйөөсүнүн башка жакка кетишине өзү себепкер экенин энесине да айтпай, агасына да айтпай, тилин тиштеп жүргөн кези болучу.

Карап туруп бөөдөсүнөн тигил жактан да, бул жактан да жеме угуп, жек көрүмчү болуп турган күйөөсүнө ичи ачып, Жайнагүлдүн ыйлагысы келди. Толкунбек ава ырайынын оңолуп, самолёттун учушун күтпөй, акыры такси жалдап жолго чыгууга туура келди.

– Өз жаныңды жакшы бак, – деди күйөөсүн узатып жатып, – бир айда эки-үч жолу келбей эле, айына бир келип турчу. Үйдө телефон бар эми. Чуркап жүрүп сен үчүн койдурдум аны. Бири-бирибиздин кабарыбызды телефон аркылуу билишип турсак болот. Мен жумушумдан бошонуп барбай эле коёюнчу Толкунбек. Акыры кайра айланып келе турган жерибиз, жашай турган жайыбызды кароосуз калтырабызбы. Бекер кылыптырбыз, алды-артыбызды ойлонбой. Эне-атабыз элдикиндей тың болсо кеп баш-

ка эле. Сенин ал жакка кетишиңе орто жолдо мен себепкер болуп калдым, шыкактап. Кечир мени.

– Мындай болорун экөөбүз тең эле билген жокпуз да. Көрсө, башыбыздан эчтеке өтө элек, бала бойдон турбайбызбы. Жок дегенде Сады абама айтсак болмок экен. Көп эле кишилер тышта иштеп жүрөт деп ошондой ойлободумбу. Көрсө, биздин шартыбыз туура келбейт турбайбы. «Чыдаганга чыгарган», – дейт. Тобокел деп үй берсе эле көчүп кетели. Атам менен энем ыйлай-сыктай, эптеп өз жандарын өздөрү багып турушаар. Биз жокто деле жашап турушпады беле. Келип-кетип турабыз. Сен эчтекени ойлоп, кабатыр болбо. Түштүккө барып иштөөнү эңсөөчү элең го.

Жубайлар бирин-бири ушинтип сооротуп, көздөрүнө жаш айлана түшүп коштошушту...

Ушундан кийин Толкунбектин келиши сейилдей баштады. Жаңы жылда келген бойдон, май майрамына аралаш дагы бир келип кетти. Ошентип, баягы ат тезегин кургатпаган Толкунбек, эми аялын да, ата-энесин да телефон менен сүйлөшкөнгө көндүрүп келатты. Аны Жайнагүл көңүлүнө алып, күнөө деп эсептебейт. Көп келсе көп келдиң деп күнөөлөдүк эле, эми аз келип жатасың деп айыптоо адамгерчиликке жатпас деп ойлойт. Бирок адам деген адам, жүрөк деген жүрөк да. Жолугушуулардын арасы алыстап, улам создукkан сайын, күйөөсүн эстеп сагынып, Толкунбектин жытын, анын өзүнө болгон ажайып махабатын, арча отундай чатыраган ууз сүйүүсүн эңсеп, ой толгонуп, аны эстей берип уйку качып, тээ түндүн бир оокумуна чейин төшөгүндө тынчы кетип жатып, көзү илинип кеткен учурлар убакыт өткөн сайын көбөйө баштады. Кокус бирөөлөр менен бузукулук жолго түшүп жүрөбү деп өзүнөн өзү белгисиз, кайдагы бир аялдардан кызганып да кетет. Күйөөсү келгенде касам ичирип, каргантып сурагысы келип, айтаар сөзүн камдайт. Бирок Толкунбекти көргөндө баягы жүрөгүн жаралаган арам ойлор башынан кандай учуп кеткенин өзү да билбей калат. Мүнөзү өзгөрдү бекен

деп сынайт. Мурункусундай сагынды бекен деп ойлойт. Бирок баягы эле махабаттуу Толкунбек. Баягы эле өлүп-өчүп, эзилип сүйгөн сүйүүсү. Ошол эле жанга жагымдуу мүнөзү, кусалуу көзү.

– Сагындым, – дейт Толкунбек.

– Сагындым, – дейт Жайнагүл.

Күйөөсү аялынын денесин сыйпалайт.

– Алтыным, денең жайылып, мурункудан толоюн деп калыптырсың. Сага толгон жарашат экен, сыныңа чыгып келбеттүү болуп кетиптирсиң.

Жубайы кубанычтан демиге сүйлөйт.

– Балалуу болобуз, Толкунбек.

– Койчу, чын эле боюңда барбы?

– Ооба, боюмда бар.

Ошол замат Жайнагүлдү кучактап, бети-башынан туш келди өпкүлөп, алкымынан кайра-кайра жыттап, курсагын кармалап, эркелетип минтет:

– Эми Жанатка ини төрөп бер.

– Буюрганы болот да.

– Анда энем менен атам сени быйыл да жиберишпейт тура, – дейт улутуна дем алып. – Үй бергенче менчик квартира таап деле кирип турат элек. Көп эле үй-бүлө ошентип жашап жатышпайбы. Ансыз деле тапканым талаага кеткенсип, алган айлыгым кара башымдан артпай жатат.

Толкунбектин айткан сөзүн жүйөлүү көрүп турса да, Жайнагүл ага муюша койгон жок. Бир демге ойлонуп туруп минтти:

– Жаз жарыш, күз күрөш, – дейт. Эмитен малдын камын көрбөсө болобу. Жакында чөп чабык башталат. Анын артынан күркүрөгөн күз келет. Анан кылычын алган кыш башталат. Өзүм минтип кош кабат болсом. Үйдө болгонум эле оң да. Декретке чыгам кийин. Эми барсам сага, келерки жайда барам. Ага чейин бала да торолуп калат. Бир эле сен жоксуң үйдө. Болбосо жаман жашап жаткан жерибиз жок. Анча-мынча кой-козунун башын курап алдык. Бир

эмес, эки бирдей музоолуу уй бар. Бээ сатып алдык деп атам айттыбы сага. Карыганда оорукчал киши, акыйып үйдө олтурбай, ары-бери бастырып ырас оңуп калды. Эми совхоздон жем, чөп сатып алыш керек.

– Сен тим эле чарбачыл болуп кеткенсиң го.

– Элди көрүп чарбачыл болбосоң да болот экенсиң. Эми акча жыйнап, машина алалы, Толкунбек. Сен да мындан ары айлыгыңды үнөмдөп, кассага акча жыйна.

Толкунбек мостоё түштү.

– Кассага артпаса эмнени салам. Азыр эле айтпадымбы сага, унутуп калдыңбы. Жалгыз жүргөн киши жарыбайт окшойт Жакин. Сенин жасаган оокатыңды көрүп, сүйлөгөн сөздөрүңдү угуп, таң калып олтурам. Таза дүнүйөкор болуп кеткенсиңби, дейм.

– Кеп анда эмес. Мен дүнүйө жыйнап, миллионер болоюн деп жаткан жерим жок. Эл катары жашайлы деген гана тилегим. Деги эмгекке көнүп кеттим. Бекер тура албайм. Сенден бир тыйын албай эле оокат өтүп жатат. Кеп келгенде айтылган сөз да. Атам менен энемдин пенсиясына, менин маянамды кошкондо, толгон эле акча болуп жатып калат. Кассирибиз энем. Атам кожоюн. Мен аткаруучу. Билесиңби, кеп акчанын санында эмес, сарамжалында болот тура. Атам бул жагынан кыйын.

– Билесиңби, Жакин, чынымды айтсам, бул иттин акчасы айдан айга жетпей да калат кээде. Алган дүнүйөм, берген кишим да жок. Ашык чыккан чыгымым эле, өз жанымды өзүм багып жатканым. Ошол. Бир жакшы жери иштеген жеримде кадырым бар. Партияга алышты. «Саргара жортсоң, кызара бөртөрсүң» дегендей, түбөлүгүбүз жаман болбойт го деп ойлойм. Түштүккө барып иштөөнү баштаган өзүң эмес белең. Эми кайта минтип, мен иштеген жерге баргың келбей...

– Ооба, барууну баштаган өзүм болчумун. Эми кайра баргым келбей жаткан да өзүм. Сен эми, мени ошон үчүн күнөөлөгөнү турасыңбы? Келечекте адам баласы эмне бо-

лоорун билбейт тура. Бардыгы шартка байланыштуу болуп жатпайбы, Толкунбек. Болбосо сенин жаныңдан карыш жылайын, же сени бир шаарга жалгыз таштап коёюн деген ниетим болсо эмне дейсиң. Өзүң түшүнөсүң го мени. Бирок ата менен энени да ойлошубуз керек.

Экөө бул сапар да жайынтыкка келе алышпады. Толкунбек бул жакка келгиси жок болсо, Жайнагүлдүн ал жакка баргысы келбеген бойдон бөлүнүштү...

* * *

Быйылкы кыш көл бетинде оор болду. Өмүрү кар жаабаган Чолпон-Атага калың кар түштү. Мансур менен Кына мал-салын, каз-өрдөгүн башкарып, жем-чөбүн салып коюп үйгө кирген. Жуулган кирлерин тасмалдап бүтүп, өзүнө тиешелүүсүн өзүнчө, абышка-кемпирдикин бир башка бөлүп, кайненесине минтти:

– Эне, кийимдеримдин баарын иреттеп койдум. «Жакшы күндүн жаманы бар» дегендей, кокус төрөт үйүнөн кайтпай калсам, баары ушул шифонерде...

Келининин сөзүн угуп, Кына ыйлап жиберди. Жайнагүлдүн айткан сөзүнөн чочулап, жүрөгү түшкөн эне, тээ бир оокумга чейин эсине келе албай турганын кыраакы келин дароо байкады. Кына ансыз деле бир жумадан бери өзүн колго алалбай, капалуу болучу. Өткөн дем алышта Ошто иштеген өзүнүн жакын инисинин кызы келген. Сөздөн сөз чыгып олтуруп, Толкунбек жөнүндө бир жагымсыз сөз айтып кеткен. Ал болсо уулу бир келин менен жүрүп, анын боюнда бар имиш деген сөз болучу. Бирок «ит үрө берет, шамал жүрө берет» дегендей, Кына ага анчалык ишене берген эмес. Колуктусунун башын атташ Толкунбектин колунан келбес деп ойлогон. Кына мындай катын ушакты экинчи мага айтпай жүр деп, сиңдисинин оозуна кулпу салып койгонун Жайнагүл билген эмес. Чындыгында мындай жагымсыз сөздү угуу Кына үчүн оорудан жаман иш болучу. Жалган болсо да, чын болсо да ошондон бери эненин санаасы

сан, ичкени ирим, жегени желим эле. Кокус Жайнагүл угуп калса, акыры эмне менен аяктаарын билбей, ойдон башы катты.

– Ой жарыктыгым десе, мен жөн эле айттым. Ошого да киши ыйлайбы. – Жайнагүл энесинин мойнунан кучактап, жоолугун оңдоп байлады. Бирок эмне үчүндүр өзү да ыйлап алды.

– Кагылып кетейин каралдым, чынынды айтчы, этиң ооруп турган жокпу? О, Кудай, оң иш, оң жолуна сала көр.

Жайнагүл күлүмүш болду.

– Билбейм эне, белим эле кичине, билинээр-билинбес ооругансып турат. Балким, кир жууп, кир тасмалдагандыкыдыр.

Кына безеленип жиберди.

– Энең секет кетсин. Сенин астыңа кетээр күнүм бар бекен. Догдур чакырсак кандай болор экен ыя, балам?

– Жок, жок энекебай, азыр эрте. Убагында эле төрөт үйүнө телефон чалсак, дароо келип алып кетишет. Атам кирсе тамак ичели.

Жайнагүлдүн белинин ооруганы бирде басылып, бирде кармап, солгундап турду. Жайнагүл бул толгоо экенин билди. Мынча болду караңгыда карыган байкуштардын тынчын албай, таңга жетсем экен деп тилеп жатты. Төшөгүн салаарын салып коюп, жатпады. Келининен корккон эненин да тынчы кетти. Уламдан-улам Жайнагүлдүн эшикке чыгуусу көбөйүп баратты. «Энекебай, сиз жата бериңизчи. Мен өзүм эле чыгып келем» – деп, башындагы тыбыт жоолугун чүмкөй салынып, Толкунбектин үйдө калган эски пальтосун жамынып, эшикти көздөй бет алды. Иттин жанатан бери жаагын баспай үргөнүнөн чочулап, Кына өзүнчө убара. «Иттин көзү ачык болот дечү эле. Кудай сактаса экен. Күчүгү да бир жагынан үнүн баспай койду. Бул экөөнө бүгүн жин тейгенби дейм. Окшошкон кара башыңды жуткан өлүгүңдү көрөйүндөр десе», – деп өзүнчө сүйлөнүп, келинин жалгыз чыгам дегенине болбой, Жайнагүлдүн ар-

тынан баратты. Бирок иттин үргөнүн Жайнагүл капарына албады. Анткени кээде короого мышык келсе деле, ит келсе деле ушинтип күчүгү бир жагынан, чоң ити бир жагынан жаактарын жанып, үнүн баспаган адатын Жайнагүл жакшы билүүчү. Келин каалганы ачып, коридордон түшүп короого чыгып, алдынан бөрү чыккан немедей жалт берип, Кынаны кармай калды.

– Ой энекебай, дарбазанын түбүндө оролгон бирдеме жатат да.

– Бирдеме жатат?! – Аял карап калды.

– Барба, энеке. Мен коркуп жатам. – Жайнагүл Кынаны кош колдоп каруудан бекем кармап турду.

– Э-э, Мансур, жата элексиңби? – деди Кына абышкасын чакырып. – Ботом, бери чыкчы. Мына бул арам өлгөн Жолборстун баятан бери жаагын баспай үргөнү башкача болучу. Көргөнү бар неме го. Дарбазанын кире беришинде бирдеме жатат да.

– Эмне жатмак эле. Уйкусу качкан ит үрө бербейби?

Мансур да келининен санаасы тынбай жатканбы, кийимчен экен. Үйдөн буйдалбай чыкты. Короого чыгып ал да селдее түштү. Дарбазанын түбүнө жакын барып эңкейип карады. Колун тийгизип карап көрүп чочуп кетти.

– Оу, бул бала го? – деди Кынага кылчая карап.

– Эмне дейт? – Кына селт этти.

– Бала дейсизби? – Жайнагүл босогодон атып түштү.

– Мунун өзү шумдук го, ыя? Сен тез чыгып көчөнү карачы, Мансур.

Мансур да шашып калды. Ал байбичесинин сөзүнө дароо түшүндү. Балким, тышта акмалап карап турган бирөөлөр болуп жүрбөсүн деген ниет менен, дарбазадан атып чыкты. Айдын сүттөй жарыгы менен көчөдө күйгөн лампочкалардын нуру аралашып, айлана тим эле сүттөй жарык. Тегеректе дымыр эткен жан көрүнбөйт. Мансур көчөнүн аяк-башына чейин айлана басып жүрүп, көзүнө эч кимди чалдыктыра албагандан кийин кайра тартты. Тээ

астыңкы чоң көчөдөн зуулдап каршы-терши өткөн машиналардын үнү болбосо, айлана жымжырт. Мансур үйгө келсе Кына менен Жайнагүл баланы алда небак алып кирип кетишиптир. Ал эмес баланын ороо-чулгоосун чечип, кайнене менен келин эркек-кызын текшерип жатышканын байкап, үнсүз туруп калды. Тээ бир оокумдан кийин гана, ата жакасын кармады.

– Кудая тобо, чын эле бала экен ээ? Шумдук, асмандан түшкөнсүп, кызык иш го бул.

Кына чалына карады.

– Көчөдө киши көрүнөбү?

– Жок, байбиче, көчө тынч, эч ким көрүнбөйт.

Баланын мойнуна тагылган бир кичинекей кагаздан, туулган күнүн, саатын, улутун окушту.

– Э, Кудай, азыр эле туулган бала экен. Сыягы, ушул эле өзүбүздүн айылдан го. Мени билген бирөө кош бешик кылып багып алсын деп атайын эле таштап кеткен окшобойбу.

Кына эмне үчүндүр балага боюн салбай, көздөрү кир-тийип турду.

– Муну эми эмне кылабыз? Бала керек деген бирөөнү таап берип бул балекеттен эртелеп кутулуш керек.

– Энеке!

– Кой балам, Кудай өз этегиңден жалгасын. Багып алам деп ойлобой эле кой. Арамдан туулган бирөөнүн таштанды баласы эмес, өз курсагыңдан чыккан баладан жакшылык көрөрдү же көрбөстү бир Алла өзү билет. Мунун азабын тартып кереги эмне, балам. Тирүү жүрсө жакшы, кокус өлүп калса, эмгегиң талаага кетип куруйсуң. Эки баланы багыш оңой иш эме-е-с...

Баланы көрүп бүткөн бою балкып, ысып турган Жайнагүлдүн денеси кайненесинин салкын сөзүн угуп сууй түштү. Кынаны жалжылдай карады.

Мансур Жайнагүлдү эмне дээр экен деп күтүп турганбы, жандана түшүп минтти:

– Секет кетейин акылыңдан. Багып ал. Аман-эсен эки колуңду бооруңа алып алсаң, эгиз болот. Башка баш кошулган жаман болмок беле.

Кайната менен келин жазылып, сөзгө келгени менен Кына ачылбай турду. Ал бир оокумга чейин ойлуу тунжурап туруп, абышкасына карап мындай деди:

– Болуптур, багып алабыз десеңер багып алалы. Жайнагүлдү эгиз төрөдү дейли. Бирок бул баланы төрөгөн энеси да, баланы биздин эшиктин алдына алып келип таштаган далдалчысы да, ушул жерде жашап, ушул жерде турса керек, бизди байкап. Аты жакшы: «Эшиктин алдына бирөө бала таштап кетип, эч ким көрбөй тоңуп өлүптүр», – деп Жанаттын тигил карала болгон эски куурчагын эртең менен кепиндеп, жайнамазга ороп алып, мүрзөдөн жер чукуп көөмп кел. Бирөө болбосо, бирөө көрөр сенин мүрзөнүн ичинде көр казып жүргөнүңдү. Эмне кылып жатасың десе, айтпай жаның жокпу. Ошондон кийин бул баланын таштанды экенин жан кишиге айтпай, Жайнагүл эгиз төрөдү дейбиз да коёбуз.

– Толкунбекке да айтпайбызбы, ыя эне?

– Айтпа. Анын эмнесин сүйүнчүлөйт элең. Бул сырды бир караңгы түн, бир үчөөбүз гана билели.

Мансур тамылжый түштү.

– Байбиче бир эсептен туура айтат. Анда ошондой кылалы, Жакинтай, кагылайын...

Ушул убакта Кудай жалгап, Жайнагүлдүн толгоосу да ыкчамдай баштады.

– Э балам, догдур чакырбай эле коё турсак кантет. Баарыбыз эле үйдөн эле, балекет-салекет жок аман-эсен төрөп жүрбөдүк беле. Кудай берип, эки колуңду аман-эсен бооруңа алып алсаң, киндигин кесип, эки баланы бирдей ороочусуна ороп туруп, ошондон кийин чакырсак кантет? Анда экөөнү тең өзүң төрөгөн болуп, жиксиз болуп калаар беле деп турам.

– Ооба, мен ошону ойлодум эле. Бирок ороп туруп чакырсак шектүү болуп калар бекен, – деди келин.

– Аман-эсен көз жарчы мурда, эмне кылышты көрө жатарбыз убагында.

Жайнагүл ошол түнү таңга маал аман-эсен уул тапты. Кына баланын киндигин кесип жатып, абышкасына кыйкырды:

– Ай, Мансур, бол догдур чакыр тез.

Кына өз баласын таанybай калбас үчүн эмне белгиси бар экен деп ымыркайды ары салып да, бери салып да карады. Ошол замат далысынын үстүндө бармак басым калы бар экенин көрдү. Анан тигил таштанды баланын дароо ороо-чулгоосун алып ыргытып, келининин астына сала коюп кан-сөлгө бөлөп жиберип, ошол замат жаңы эле эки баланы эки башка орой баштаганда жакасы менен башын окшоштуруп, көгүлтүр суусар тебетей кийген, көздөрү жайнаган, ак жуумал келин шашып-бушуп кирип келди. Ал, ээ-жаа бербей, бака-шака түшүп ыйлап жаткан балдардын үнүн угуп, алаканын шак койду.

– Коку-у-й, Жайнагүл, үйдөн төрөп койдуңбу, ыя?

– Төрөп койгонду көрбөй турасыңбы. Толгоом бышканда чакыралы деп, энемдин тилин албай жатып ушундай болду...

Ооба, ошентип, бардыгы Кынанын айтканындай болду. Кудагыйы келгенде, баягы эч кимге айтпайбыз деген сырды, Кына төкпөй-чачпай бүт айтып салды. Тумар буга аябай кубанды. «Толкунбекке айтпасаңар айтпай эле койгула» – деп, Мансур менен Кынанын сөзүнө кошулду. Ошентип, эгиздин сыңары таштанды бала экенин төртөөнөн башка жан киши билбеген бойдон кала берди. Булардын атын Мансур бирин Асан, бирин Үсөн деп койду.

Баягы Жайнагүлдү төрөт үйүнө алып кеткендин эртеси мындай болуптур. Мансурдун жай казып жатканын көрүп, малчыларга жем тартып баратып Тураттын агасы Тургазы мүрзөлөрдүн тушуна токтоп эмне шумдук болуп

кетти деп чочуп кетет. Анан аттап-буттап Мансурдун жанына келип:

– Ой, Мансур аба, эмне болуп кетти, ээ кокуй, – деген Тургазы үрпөйүп, жайнамазда оролуп турган баланын сөөгүнө окшогон кичинекей табытты көрүп.

– Эмнеси курусун, түндө биздин эшиктин алдына бирөө эркек бала алып келип таштап кетиптир. Эч кимибиз эшикке чыкпай, көзүбүз кашайып көрбөй тоңуп калыптыр. Ошону жашырып коёюн деп көтөрүп келдим.

– Кап, мен жардамдашсам болот эле, малчыларга жем алып баратпадым беле. Эми эмне кылам?

– Жок, өзүм эле, бара бер жумушуңа, кенедей болгон кол башындай немени азыр эле жашырып коём. А баса сүйүнчү, Туке, Жайнаке эгиз уул төрөдү. Бул бала өлбөй тирүү болгондо, кан бастыга жин басты болуп үч уулдуу болбойт белек. Ичим ооруп калды. Жайнаны догдурга алып кеткенден кийин кемпир экөөбүз тең жабышып жатып албадык беле.

– Оо, бешик бооңуз бек болсун, Мансур аба. Жакшы кеп болгон тура. Бирөөнүн таштанды баласына ичиңиз оорубай эле койсунчу. Бул баланын өмүр жашын ошол өз балдарыңызга берсин, – деп, жолуна түшөт.

Ошондон кийин Мансурдун эшигинин алдына алып барып, киши көрбөй тоңуп өлгөн бала жөнүндөгү сөз айылдын аяк-башына чагылгандай тарап кетти. Тургазынын көрүп, бул ишке күбө болгонуна Жайнагүл баштап бардыгы сүйүнүп, санаалары тынды да калды.

Эки бала өсүп жатты. Бирок бир курсактан чыккандай болбой, Үсөн катиңки тартып кичирээк. Жайнагүл ошол арык баласын суугa күнүгө салып, күнүгө буту-колун чоюп, колунан келген аракетин жасайт. «Байкуш бала, курсакта жатып жапа чеккен экен. Боюнда барын жашырып таңып жүргөн неме го ичин», – деп Үсөнду тууган белгисиз аял жөнүндө ушинтип ойлоп калат Жайнагүл.

Арадан ай айланып, өтүп-өтпөй эки баланын салмагы бирине-бири теңеле түшкөнү байкалды. Улам көзгө көрүнүп торолгон сайын Асан менен Үсөн татынакай сүйкүмдүү балдар болуп калышты. Экөөнү тең бешикке салышкан. Кош бешикти эки жагына коюп, терметип олтурган Жайнагүл бир кездеги, жомокто айтылуучу эгиз баланын энеси, хандын аялы Канышайымга окшоп кетээрин эне келинине минтип айткан:

– Мен бир жолу театрга барып, оюндан бири алтындан, бири күмүштөн жасалган кош бешикти сенчилеп, кыңылдап ырдап, алдей айтып терметип олтурган келинди көрүп, суктанган элем. Бирок энеси балдарынан ажырап калганы өкүнүчтүү, ошол оюндун. Кош бешик терметкен сага да аябай жарашат каралдым. Балдарың менен аман бол.

– Оо, алтын энем, баарыбыз эле аман бололу. Атам экөөң өлбөй, аман-эсен жүрүп, ушул экөөнүн азамат болуп бой жетип, үйлөнгөнүн көрсөңөр экен.

– О-ой, кокуй анда абышка экөөбүз тең алжып, бакма болуп силерди курутпайбызбы. Ашык өмүрдүн кереги эмне, каралдым. Биз көрбөгөн балдардын кубанычын силер, Толкунбек экөөң көргүлө.

– Кокус жаздым тайып, сиз бирдеме болсоңуз, эмне үчүндүр баарыбыз талаада калуучудай болуп кетем. Өлбөсөңөр экен, энекебай. Силер жок, биз кантип жашайбыз, башы жок бака, көзү жок көгөндөй болуп.

– Жашайсыңар, балам. Анда мындан да тыңыйсың, мындан да сарамжалдуу, эмгекчил болосуң. Жашоону ким эле жаман көрүп, жарыкчылыктан кандай адам жадасын. Бирок улам карып, улам күү-күчтөн тайып эңкейген сайын бала-чаканын жамандыгын көрбөй, ошолордон топурак буюрса экен деп тилеп калат тура. Кокус мен өлүп кетсем, жакшылап ыйлап, жакшылап кызмат кыл. Толкунбек экөөңдөн башка эмнем бар. Бирок уулум бар деп уулума ишенбейм. Мен келиним бар деп сага ишенем. Өлсөм

ыйлаарым да, тирүү болсом сыйлаарым да сенсиң Жакин. Бул сөздү сага мурда да эчен жолу айткамын, азыр да айтам, кийин да айтам. «Келин кыздай болобу!» деген эскиден калган сөз бар. Бирок мен антип арман кылбайм. Менин келиним да сенсиң, кызым да сенсиң, күйөрүм да сенсиң, сүйөрүм да сенсиң. Мен түшүмдөн коркуп жүрөм. Кемпирдин түйүнчөгү көп болот. Эмнем бар, эмнем жок экенин сага көзүмдүн тирүүсүндө көрсөтүп коёюн деп батына албай жүрөм, балам. Кокус өлүп кетсем, энемдин эчтекесин билбеймин деп оозуңду ачып турба. Жайнагүл секирип кетти.

– Түшкө эмнелер кирбейт. Мени, антип өлүмдү айтып коркутпачы, энекебай, – деп безеленди.

Кына ордунан туруп жыйылып турган шырдактардын коңулунан бир тутам ачкычты алгандан кийин, жууркандарды биринин артынан бирин алып, жерге коё баштады. Анан колундагы ачкычтардын ичинен төөнүн тишиндей болуп арсайган бир чоң ачкычты алып, жедеп эскилиги жетип, калайларынын сыры кетип агарып бүткөн темир сандыкты ачты:

– Мына балам, менин дүнүйөмдүн баары ушул сандыкта.

Жайнагүлдүн көздөрү жайнай түштү. Көңүлүндө бул сандыкта эмне бар, эмне жогун этибарга албай жүргөн келиндин оозу ачылып калды. Анан дагы сандыктын ичинен кандайдыр бир жагымдуу жыт мурунду урду. Эмне экен деп абайлап караса, лимон менен мандариндин кургатылган кабыктары, андан тышкары майда-майда баштыктарга тигилген бирдемелер жүрөт. Жайнагүл баштыкты колуна алып жыттады.

– Бул эмне, ыя эне?

– Алдыңа кетейин, ал «кийик от» деген чөп. Кийимге күбө түшүрбөйт деп кулак угуп, көз көргөн чөптүн баарын сала берем, балам.

Кайненеси сандыктын ичинен сууруп чыккан буюмдарды көргөн келиндин кирпиктери ирмелбей калды:

– Ой энекебай-й-ы-ы-м, булар кимдики?

– Меники балам. Мына бул тебетей менен тон менин сеп кийимдерим. – Тебетейди колуна этият алып, силкилдетип койду. – Бермети төгүлүп, ошол эле бойдон. Бул кундуз дегениң өңү өчүп, эскирбеген асылдыгы бар неме тура. Элдин баарына кыргыз тебетей кайра жайылбадыбы. Кийип көрчү, чак бекен сага? – Келинге сунду.

Жайнагүл тебетейди суктана карап, кармап туруп, башына кийип, күзгүгө барды.

– Жарашыктууу, жакшы тигилиптир. Уз адамдын колунан чыкса керек.

– Жанатка кичирейтип берсемби деп ойлодум эле.

– Ал кыз кундуздун баркын билгенче качан, берсеңиз өзүм эле кием.

Андан кийин Кына, жака-жеңине кере карыш суусар кармалган өңчөй каракүлдүн бучкагынан куралып, сыртын каратып тигилген тонду жакасынан кармап ордунан турду.

– Мени күйөөгө берер жылы, энем колхозчулардын съездине Маскөөгө барганда, мага арнап колдон сатып алыптыр.

– Ой энекебай, булар тим эле музейге коюлуучу буюмдар экен да табылгыс.

Кына селт этти. Келинин бир демге тиктеп туруп, шыпшынып алды.

– Музей деген эмнеси! Сен эмне буларды музейге өткөргүң келип турабы. Жо, жок балам, кийсең энемден калган белек деп эч кимге бербей өзүң кий.

Жайнагүл ыңгайсыздана түштү.

– Жок, жок энеке, мен тим эле шартын айтып жатамын. Сиздин себиңизди жинди белем музейге берип. Андай болбойт да жарыктык. Кантип түшүнбөйүн, билем энеке!

Кына тонунун жака-жеңин кайра-кайра сылап, өңү нурданып, көздөрү балбылдап турду.

– Мен муну кечээ жакында эле совхоздун «директиринин» аялы кулундуу бээ берели деп сурап келгенде да саткан эмесмин. Бул тондун кадырлуу, баалуу экенин ошондо билдим. Ага чейин бучкактан курап жасалган, түгүн тескери каратып тигилген тондой көрүүчүмүн. А мына бул чоктой кызыл шуру да энемден калган, бир түндүк деп айтчу эле. Бул болсо иймегим, зоот эмес эле зергер жасаган. Билерик, шакектерим болсо бул. Жумурусу жарашыктуу. Тазалап туруп салынып ал балам. Күмүштү бат-бат тазалап турбаса, өңү өчүп кетет тура. Ичик менен тебетейди жакса да, жакпаса да энемдин эстелиги деп кийип ал, оңдотуп. Тигил шуруну Жанатка сакта.

Буларды баягы сен Жанатты төрөгөндө эле берейин деп Толкунбекке айтсам, «сенин чириген эски тонуңду киймек беле» деп болбой койбодубу. Шагым сынып, унчукпай калдым. Чын эле кемпирдин эскисин жаш неме кайдан кийсин деп, ичимден сызып тим болдум. Эми минтип, бир эмес эки уулдуу болуп олтурасың, балам.

Кына ордунан туруп, колундагы тонду кош бешиктин ортосунда балдарын терметип олтурган келинине жапты.

Кайненесинин айткан сөздөрү кулагына керээздей угулуп, ал киши эми бат эле өлүп калуучудай, Жайнагүлдүн ичи туз куйгандай ачышып, өпкөсү көөп, көз жашы өзүнөн өзү жамгырдай төгүлүп кетти.

Алдына чогуусу менен алып койгон энесинин белектерин да, үстүнө жапкан тонду да эмне кыларын билбей калды. Ушул кажырдай болгон карынын өмүрү менен өмүрлөш болуп, эчен жыл, эчен ай ардакталып, көздүн карегиндей сакталып келген бул кымбат баалуу буюмдарды энчилеген өз ээсинен ажыратууга Жайнагүлдүн дити барбай турду.

Келиндин оюн Асан менен Үсөндүн биринин артынан бири чукуранышып ойгонгону бузду. Жайнагүл ордунан козголбой, балдарын термете баштады. Кына келининин оюна түшүнгөндөй минтти:

– Тегеренип кетейин, тартынба. Сенден башка ээлер ээм, берер медерим бар беле. Малымдын ээси, башымдын мээси экөөң эмессиңби. Толкунбек ким, сен ким? Бириң көзүмдүн карасы болсоң, бириң жүрөгүмдүн барасы эмессиңерби. Кана, өйдө болуп эки жеңиңди кийип, басып көрчү. Бул түгөнгөн даакы (Кына терини даакы деп тергөөчү) бышык болуучу неме тура, жаны бек. Муну энем алып келгенде бойго жетип буралып турган гүлгүн кезим эле. Абышкага ошол жылы бериштти мени. Эми минтип бирибиз кемпир, бирибиз чал болуп олтурабыз. А бул даакылар болсо, жалтылдап дагы эле ошол бойдон. Адамдын өмүрү менен жаштыгы мезгили жеткенде, чүпүрөкчөлүк көрүнбөй тозот экен го чиркин. Ошондой бири кем дүйнө тура бул.

Баятадан унчукпай, Кынанын сөзүн кунт коюп угуп олтурган Жайнагүлдүн кабагы серпиле түштү:

– Эмне үчүн буларды өзүңүз кийген эмессиз?

– Эл кийбесе эле, мен киемби, түгүн тышына каратып жасалган даакы деп жерип жүрбөйүмбү. Ал кезде кыргыздар тонду да, ичикти да минтип түгүн тышына каратып жасоочу эмес эле да. Биз окшогон келин-кызга көбүнчө атлас, шайы, тукаба менен баркыт дегендер жагуучу. Анын үстүнө, бели түз, этеги тар орусча тигилген бучкакты кийиптир деп көргөндөр шылдың кылып күлөт экен деп уялып кийбей койгон болучумун. «Катын карыбайбы, каны коюлбайбы» дегендей, катын карыган сайын акылдуу болот тура, балам. Буларды ошентип адегенде барк албай жүрүп, эсиме кийин келдим. Байкуш энем, Маскөөгө эч ким бара электе барып, мага деп ошончо жерден көтөрүп келди эле. Бирде болбосо бирде кереги тиер, тийбесе жүрөр деп ойлодум. Бир «Марушке» (Маруся) деген тааныш жакшы аял бар эле орус. Ошого көрсөтсөм, жаны калган эмес. «Бул жакшы кийим» деген. Күбө түшүрбөй сактоону ошол үйрөттү. «Сатпагын. Кыздуу болсоң, кызың, келиндүү болсоң келиниң киет» деген. Оой, кыздуу болуп, кызым бойго жетип, уулдуу болуп, ал чоңоюп аял алып, алар ушул тон-

ду кийгендей болгончо качан деп жүрбөйүмбү. Көрсө, ал деле бат турбайбы...

Ошентип, келинине керээз-мурасын айтып, жанынан коркуп, кокус өлүп каламбы деп чочулап жүргөн Кынанын ден соолугу кийин оңолуп кетти. Жыгачтай болуп каткан кары, эт алган сайын жашара баштады.

Жайнагүлдүн төркүн-төсүн билгендер: «Казынын байбичеси, азыркынын Каныкейи. Маркум Казы да ченде жок, ак көңүл даалдаган жигит эле. Аккан арыктан суу агат деген ушул. Балдары жакшы чыгып, атасынын арбайын көтөрүп, минтип даңкын чыгарып жатат. Кыз баланын тарбиячысы да, устаты да эне болот тура. Бечара Мансур менен Кынанын багы бар экен. Үй-бүлөгө мээримдүү, карыга кайрымдуу келинге жолугушту. Мансурдун уулу окуймун деп Фрунзеге барып «күлган» болуп кетиптир, киши тоногуч болуп кетиптир деген сөз чыгып, дүрүлдөп барып эле дым болуп, Толкунбек, Толкунбек болуп, ок жыландай атылып чыга келди. Азыр тигил түштүк жакта үй салгандын инженери имиш».

Эл ичинде Мансурдун үй-бүлөсү жөнүндө ушундай сөздөр жамгырдай жаап жатты...

Жайнагүлдүн декреттик отпускасы али бүтө элек. А Асан менен Үсөн болсо талпынып, адам болоюн деп калышты. Балдар өсүп, улам көзгө көрүнгөн сайын Жайнагүлдүн ички дүйнөсүнө бүлүк түшө баштады. Анткени күн өткөн сайын эки баланын окшоштугу бирдей калыптан чыккан кирпичтей болуп баратты. «Тобо, кайдан жүрүп бул экөө бирине-бири окшоп калган? Эгиз эмес десе ким ишенет экөөнө? Таштанды, бакма деп айтуу кандай адамдын оозуна кирет?» – Жайнагүл ушинтип, эки баланы алмай-термей тиктей берет. Анан калса он ай көтөрүп, омурткасы сыздап тапкан өзүнүн уулу Асандын Жайнагүлгө окшогон бир жери жок. Экөө бирдей Толкунбектин оозумурдунан түшө калгансып, кашын-кашына, көзүн-көзүнө, мурдун-мурдуна, оозун-оозуна алып барып чаптап койгон-

суп, маңдайлары жазы келип, чачтары да Толкунбектикиндей типтик болуп кайраттуу. «Бул кандай? Жаратылыштын тамашасыбы же Толкунбектин тамашасыбы? Билгизбей менин көзүмө чөп салып жүргөнбү? Анан калса эки баланын бир сутканын ичинде төрөлүшүн кара. Бул жерде Толкунбекти торуна түшүрө турган ким бар?» – Жайнагүл ары ойлонуп, бери ойлонуп, ага ылайыктуу, күйөөсүнө тең келүүчү келин-кыздарды көз алдынан өткөрүп, бир башынан санап чыгат. Бирок андай шектүү эч кимди таппай, убара боло берет. Өткөн май майрамында келгенде Толкунбек менен Жайнагүл экөө төркүнүнө барып, майрамды ошол жактан өткөрүп келишкен. Андан келген күнү кечинде өзүнүн врач курбусу Айганыш чакырып ошонун үйүндө болушкан. Алар андан башка эч жакка барган да, Толкунбек үйдөн чыккан да эмес. Ушундан улам, болдуболбоду, бул иш иштеген жагында болуш керек деген божомолдоо пайда боло баштады. Бирок андай болгондо жаңы төрөлгөн кызыл эт баланын эшик алдына ташталышы, ойлогон оюна айкашпай көңүлү уйгу-туйгу болуп, куюндай сапырылат.

Жан дүйнөсүн туш-туштан талап, митедей кемирип жаткан сары убайым, сансыз санаасын Жайнагүл жан кишиге айтпай ичинен сызып жүрө берди. Ал кийинки убакта кош бешикти эки жагына коюп алып Асан менен Үсөндү алмай-термей карап, тээ бир оокумга чейин үндөбөй телмирип олтура берген адат таап алды. Кээде экөөнү бир төшөккө жанаша жаткырып коюп, алардын бири-бирине кошулуп ар обонго салып үн салышып, колдорун серендетип, Жайнагүлдү карай, өздөрүнөн өздөрү талпынып, кубангандарын карап туруп, өз баласы кимиси, өгөйү кимиси экенин ажырата албай калат. Анан бир кезде энесинин үн-сөз жок мостоюп олтурганынан тажагансып, экөө бирдей ороо-чулгоосун тээп, буттарын тыбыратып, ыйлап киришет. Жайнагүл жаш толгон көздөрүн сүртүп, экөөнү эки колуна алып

өөп, жыттап алып, балада эмне жазык, эмне күнөө деп ойлойт.

Баягы жаңыдан эт алып, кичине толо баштаган Кына, кийинки күндөрдө өзүнөн өзү арыктап, өзүнөн өзү чүнчүп кетти. «Энем эмнеге өзүнөн өзү тотугуп, кайра баштан жүдөп баратат. Же мен байкаганды бул киши да байкап, мен тарткан кайгы-капаны бул киши да тартып жүрөбү, – деп ойлоп, Жайнагүлдүн жүрөгү сыйрылат. Экөөбүз тең бирдей санаа, бирдей ойдун кучагында калкып жүргөн жокпузбу. Турмушта кайнаса каны кошулбаган, улуту башка адамдардын сейрек болсо да, бири-бирине окшош жаралып калышы илим жүзүндө эчак аныкталгандыгын угуп, билсе да буга Жайнагүл өзүн ынандыра албады.

А Кыначы? Ал киши «кумурсканын кусканын, жөргөмүштүн жөтөлгөнүн» билген сезимтал кыраакы аял. Келинине ачылып эчтеке айтпаганы менен, тээ жүрөгүнүн түпкүрүндө теминип жаткан бир күчтүү толкун бар экенин Жайнагүл байкабай койгон жок. Күндөн күнгө суз тартып, эки баланы көргөн сайын ичинен улутуна дем тартып турганы билинип туруучу. Жанаттай көрүп буларга эбедейи эзилип, эт жүрөгү созула да бербеди. Үсөндүн бөтөндүгүн билсе да, бир жолу да, Асан экөө бир тууган эгиздей болуп бараткандыгы жөнүндө, эгерим ооз ачып да койбоду. Кынанын мүнөзү ошентип өзгөрдү балдарына.

Бир күнү Жайнагүл тышта кир жууп жаткан. Үйгө кирген коңшу аял менен кайненесинин сөзү кулагына шак дей түштү.

– Тобо, тууса эле, айла келсе эгиз тууй турган экен, бирине-бирин окшоштуруп. Кадим эле экөө бирдей Толкунбектин өзү. Карасаңыз, жеңе? Уулуңуз да кичинесинде так эле ушулардай болучу көздөрү алайып.

Аялдын сөзү Кынанын талуу жерине тийгендей бурк этти:

– Карасаңыз! Карасаңыз! Эмнесин карайын? Дегеле бала көрбөгөнсүп сүйлөйт экенсиңер. Эгиз туугуң келсе тууй бер-

бейсиңби, сайрабай. Мынчалык таң калып, тарс жыгылгандай, окшош балдарды көрө элек белең. «Айгыры ала болсо, кулуну кула болорун» билбейсиңби. Атасы Толкунбек болсо, окшобойбу Толкунбекке.

Асан менен Үсөндү жакшы көргөнүнөн, окшоштугун айта коём деп кагуу жеп, шагы сына түшкөн аял, уялып калды. Бирөөнүн көңүлүн калтырып «мурдуңа муз тоң» дебеген, ак көңүл кайненесинин катуу сөзүн угуп, Жайнагүл ичинен кейип «кап» деп өкүнүп калды...

Күндөрдүн биринде кайненеси менен Жайнагүл чай ичип олтурушуп, кайненеси минтип калды:

– Э Жакин, – деди Кына сүйлөп, – мен билбей баратам да, өзүбүздүн уулубуз кайсынысы?

– Кайсынысы дейсизби? – Келин күлүп: – Мындайынан караганда мен өзүм да адашчу болдум экөөнү ажырата албай. Сиздин өз уулуңуздун оң далысынын үстүндө калы бар да. Аны сиз мага өзүңүз айтпадыңыз беле.

– Ии, – деди Кына, – аны унутуп калган экенмин.

Келин дароо алдындагы баласынын далысын ачып карады.

– Мына, бул экен, эне, биздин өз балабыз. – Көйнөгүн кайра түшүрүп маңдайынан сылап, чачынан жыттап койду. – Баланын жытындай жыт болду бекен! Вах, кандай сонун.

Кына алдындагы Үсөндүн быйтыйган кичинекей колдорун кайра-кайра кармалап минтти:

– Акжолтой бала болсоң экен эми. Бул уулуңду өзүң алып, алдагы баланы мага берчи. – Үсөндү Жайнагүлгө берип, Кына Асанды алды. – Оо, алдыңа гана кетейин жаманым эй. – Ичин ачып курсагынан өптү, жыттады, эркелетти.

Кайненесинин көңүлү жай болуп турганынан пайдаланган Жайнагүл, ичине батпай, эчактан бери дем болуп жүргөн сырдын четин чыгарып минтип сурады:

– Эне, сиз кандай ойлойсуз?

– Эмнени балам?

– Асан менен Үсөндүн окшоштугун.

Эненин кабагы түйүлө түштү. Аял тээ бир оокумга чейин унчукпай тунуп туруп, деми кыстыга түшкөнсүп, үнү буулуп, акырын чыкты:

– Ким билет, каралдым. Кийин эле өңдөрү өзгөрүп кетпесе, азыркы көрүнүштөрү бирдей.

– Балким, Үсөн Толкунбектин баласы болуп калсачы?

– Ким билет, шумпайды, актай албайм.

– Кызык ээ, эне.

– Кызыгы кызык, каралдым.

Кынанын өңү бузула түшкөнүн байкаган келин, сөзүнүн аягын минтип ондоп кетти:

– Билесизби, эне, окшош адамдар жер жүзүндө көп. Кээ бир адамдар бири-бири менен эч кандай жакындыгы жок туруп эле окшош болуп туулушат. Менин эгиз төрөдүм дегениме жараша, экөөнүн Кудай жалгап, Толкунбекке окшоп калганын карасаңыз.

– Ооба, окшош адамдардын төрөлүшү жөнүндө айтпадың беле. – Дале болсо Кына келининин сөзүнө ишенер-ишенбесин билбей, ындыны өчүп, өзүнө келе албай турду. – Бул баланын таштанды экени, Толкунбекке айтылбаган бойдон калды ээ. Мейли, айтылбаса айтылбасын.

Кына балдарынын келечегин ойлоп, Үсөн жөнүндөгү сырды Толкунбектин билбегени ырас болду деп жүргөнүн Жайнагүл жакшы билүүчү. «Кокус ушул окшоштуктан эки жаштын ортосундагы ынтымагы ыдырап, чыр-чатак чыгып кетеби деп, коркуп жүрөт байкуш энем», – деп ичинен сызып тим болуучу.

Жайнагүл арманы арылбаган немеден бетер оор улутунуп алды.

– Деги андан чындыкты бекер жашырган экенбиз. Мына Асан менен Үсөндүн төрөлгөнүнө жети айдан өтүп, сегиз айдын жүзү болуп баратат. Ошондон бери айтпаган сырды, эми айтмак белем. Мейли, эми укпаган бойдон кала

берсин. Кокус сыр айтабыз деп сыйрышып алып жүрбөйлү...

Жайнагүлдүн мурда тим гана айткысы келбесе, азыр башкача ойдо айткысы келбеди. «Кокус жаман айтпай жакшы жок, ортодон от чыгып кетип, кимдир бирөөлөр менин балам, Үсөндү мен тууганмын, атасы Толкунбек болучу, деп ээ чыгып туруп алсачы? Жок, жок, андай болбойт. Мен эч кимге, эч качан колтук ачпайм. Үсөн мени-ки. Ал менин балам. Эч кимдин талашууга акысы жок. Оо, Кудай, чын эле Толкунбек, менин башымды аттап, ак сүйүүбүзгө акарат келтирип, Үсөн анын ойношунан туулган баласы экени чын болсо, Кудай жеткирер», – деп санаасы сапырылып кетет.

Бул балада бир сыр бар экенин Жайнагүл менен Кына бири-бирине ачык айтпагандары менен билип жүрүштү. Окуянын аягы эмне менен бүтөөрүн эч кимиси болжой да албады.

Толкунбек отпускага келем деп жатып келбей калды. Анткени, ага жогор жактан руксат бербей коюшуптур. Анын бир жакшы жери үйүнө күн алыс телефон чалып турушу болучу. Бир жакка алыска командировкага кетсе да айтат, келсе да айтат. Колуктусун баягыдай эле сагынып жүргөнүн, балдарын көргүсү келгенин, эне-атасы эсинен кетпегенин, жалгыздык жанынан өтүп жатканын айтып, сүйлөшкөн сайын даттана берет. Жаратылышынан токтоо, кечиримдүү, жайдары мүнөз Жайнагүл күйөөсүнүн бул сөздөрүн укканда, баягы оюнда ойлоп жүргөн арам санаасы эсине келбей, жарпы жазыла түшөт.

Толкунбектин отпускага келбей калганын угуп, капаттанып олтурган Мансур келинине минтип айтты.

– Ал келбесе, сен өзүң бир барып келсең боло, ыя балам. Жумуштан болсо бошсуң. Балдар менен жалгыз баралбасаң, жаныңа кемпирди кошуп ал. Үй-жайга мен деле ээлик болуп турам силер келгенче. Уйду кошуна деле саап берер. Бул баланын эмне иштеп жатканын, кандай иштеп

жатканын, кайда жашап, кандай жүргөнүн бир билсеңер боло. Үй-бүлөлүү киши да жалгыз кара жанын багып жүрө береби. Жарым жыл болсо макул, бир жыл болсо макул. Анын кеткенине эки жылдан ашып кетпедиби.

Келин кайнатасынын сөзүн угуп, делөөрүй баштады. Айтса-айтпаса төгүнбү деп ойлоду. Атамчалык акылым жок деп ичинен жымыйып койду...

Жайнагүлдүн ою ушул жерге келгенде Үсөндүн ыйы анын оюн бузуп жиберди. Столдун үстүндө күйүп турган кичинекей лампочка айланага көк жашыл нурун алсыз чачат. Үсөндү колуна алып, астын кургактап кайра жаткырып, эмчегин оозуна салып кырынан кыйшайды. Айлана жымжырт. Аркы бөлмөдө кроваттын кайра-кайра кычыраган дабышына кошулуп, адамдын тынчы кетип онтогон үнү, чаалыккан үшкүрүгү угулат. «Ай байкуш энем, санаасы санга бөлүнүп, уктай албай жаткан экен. Ооруkчан немени күйгөн ысыкта бекер алып келген экенмин», – деп ойлоду...

* * *

Толкунбек өлгөн немедей дым тартпайт, аны уктап жатат деп ойлоп: «Уяты жок уйкучу, ары жок күлкүчү», – деди ичинен. Бирок Жайнагүл ойлогондой Толкунбек уктап жаткан эмес. «Уят – өлүмдөн катуу» дегендей, ушул тапта өз канын өзү ичип, өз жүрөгүн өзү эзип, өзөгү өрттөй жанып, кирпик какпай, санаасы сандап, бөгүп жаткан болучу. Жайнагүлдөй жаркын аялдын көңүлүн калтыруу, же андан ажыроо Толкунбек үчүн өлүмдөн жаман иш болучу. «Эми мага таарынып, экинчи мурдагыдай болбойт го. Кечтим сенден деп кетип калса кантем. Кара басып байкоостон алдырып койдум, тигини менен чогуу келип. Шайтан баскырдын катынын, кайдан да мейманканага ээрчитип келдим эле» дегенден башка оюна эч нерсе кирбей турду. Кокус балдарды алып кетип калса энем менен атам кантет? Энем Жайнагүлдөн ажыраган күнү, балалыктан ке-

чип, ажалдан мурун эле баягы Аккыз эжеге окшоп өлүп кетүүсү ыктымал. Ушул ойду ойлогондо жүрөгү от болуп күйүп жатты. Ал Жайнагүлдүн көңүлүнө доо кетирип, жүрөгүн муздатып алганына өкүндү. Мен анын ак сүйүүсүнө, асыл эмгегине татыктуу жар боло алган жокмун, – деп өзүн өзү соттоп, өзүн өзү күнөөлөй берди. Бирок Зыйнаттын абалын эстегенде андан бетер көңүлү ооруп, эмне кылаарын билбей, эси эки болуп турду.

Ушул тапта Эмилди ойлоп кетти. Киши экен деп Жайнагүлдү алганда, күйөө жолдош кылып ээрчитип алып жүрбөйүмбү. Көрсө, ичи толгон арам неме тура. Толкунбек эмне болгонун бир башынан эсине түшүрө баштады. Анда жаш жубайлар Фрунзеден квартира алып, жаңы көчүп келген кездери болучу. Толкунбек жумуштан келсе, Жайнагүлдүн эки көзү эки муштумдай болуп, ыйлап олтуруптур. Жигит колуктусунун көз жашын көрүп чочуп кетти. Чачтары уйпаланган. Кимдир бирөөлөр менен кармашып жатып, алы куруган кебетеси бар. Кофтасынын бир жак колтугу айрылып кеткен.

– Сага эмне болду? – Толкунбек көргөн көзүнө ишенбей дал болуп турду.

Жайнагүл күйөөсүн көрүп, эркелеп мурдагыдан да күчөп ыйлады.

– Сенин Эмил досуң келип, мени аз жерден шерменде кылып, маскаралап кете жаздады.

– Эмил?! Кандайча?!

Жайнагүл жаңы эле болгон окуяны күйөөсүнө түшүндүрө баштаганда, колуна чапталуу конверт кармаган коңшу аял кирди.

– Ой-ба-а-й, келдиңби карагым. Бул жерде алиги сенин жолдошуңмун деген жигит келип, Жайнагүл бечараны чымчыктай чырылдатып, аз жерден өлтүрүп коё жаздады гой. «Жар-да-а-м», – деп айгайлаган үндү эшитип, эмне шумдук болуп кетти деп, алактап чуркап кирсем сол жигит. Тим эле кирген буурадай буркулдап, Жайнагүл менен кар-

машып жатыптыр. Коркконумдан үнүмдүн бардыгынча айгайлап жиберипмин. Шашканымдан эшик алдында жаткан шыпыргыны алып баштан ары согуп-согуп жибердим. Ошондой чатак болду. Бул бечара Жайнагүлдүн жүрөгү козголуп калдыбы деп, эсим чыгып турат, карагым...

Ушул кезде кошуна аялдын колунда кармап турган конверттин сыртындагы жазуусу Толкунбектин көзүнө уруна түштү. Кимдин колу экенин ал дароо тааныды. «Акмак», – деди ичинен.

– Апа, колуңуздагы катпы?

– Ие, кат балам. – Аял тайсалдай түштү. Байкабай ачык кармап турганына өкүнгөндөй чочуп кетти. Кокус эки жаштын ортосуна от коюучу балакеттүү катпы деп ойлоп, ката албай калды.

– Жайнагүлгө жазылган кат го ыя, апа? Бери, мага бериңизчи. – Толкунбек аялдын колунан шып илип алды. – Бул кайдан жүрүп сиздин колуңузга тийип жүрөт? – Көздөрү алайып кетти.

– Азыркы Жайнагүлдү жылатып кеткен жубарымбек, өзүнө берип коюңуз деп, кечээ берген. Унутуп калыптырмын. Азыр эстеп не жазганын окуп көрөлү деп алып кирген болчумун. Мындай тартипсиздигин билгенде алмак турсун жаныма жакын жолотпойт элем да. Мени кечирип кой, карагым, – деди Толкунбектин казак кошунасы, өз тилин чала-чарпы аралаштыра сүйлөп.

Каттын бир жери ыр менен жазылса, бир жери сөз менен жазылыптыр. Эмилдин айтуусуна караганда Жайнагүлдү бир көргөндө эле ашык болуп калган имиш. Баягы күйөө жолдош болуп барган күндөн бери түнү түшүнөн, күндүз оюнан кетпей, ашыктык отуна күйүп, акыл-эсин жыя албай жүрүптүр. Катынын аягында Толкунбектин туруксуз, аягы суюк жигит экенин жазыптыр. Ага мисал кылып өзүнүн карындашы Зыйнатты келтириптир. Аламын деп жаш кыздын башын айландырып жүрүп, акыры албай таштап, сага ооп кеткенин айтпай коюуга акым жок дептир.

Катты окуп чыгып Толкунбектин төбө чачы тик турду. Анын артынан барып, өч алгысы келип, ачууга буулду. Катты тытып туруп балбылдап күйүп жаткан мештин оозун ачып, отту көздөй урду. Кокус Зыйнат жөнүндө жазылган сөздү окуса, мага ишенбей, оюна алып калар деген кыял жүрөгүн опкоолжутту.

– Чындыгында Зыйнат жаман кыз эмес болчу, – деп ойлоду Толкунбек. – Ал мени мурда эле сүйүүчү. Сүйгөндө да таза, тунук, наристе махабаты менен сүйүүчү. Бирок мен ал сүйгөндөй сүйө албадым. Ошол кезде жакшы көрүп жүргөнүм менен, баары бир бардык ой-максатым, тилеген тилегимдин баары Жайнагүл болучу. Ого бетер Жайнагүлдү көргөндөн баштап, ага жүрөгүмдөн байландым да калдым.

Ооба, чындыгында эле ошондой болгон. Толкунбекке турмушка чыгамын деген үмүттө жүргөн Зыйнат Жайнагүлдүн кабарын угуп күнү-түнү ыйлап, бардык күчүн көз жашына чыгарган. Көркөм сүрөтчүлүк окуу жайында окуп жүргөн кезинде Толкунбектин бою менен бой, өзү менен өз болгон чыгармачылык эргүү менен тартылган эчен бир сонун сүрөттөрүнөн бирди калтырбай агасынын көзүнчө талкалап, айрып, отко жагып салганын Толкунбекке Эмил өзү айтып берген.

Кийин Толкунбек Зыйнаттын түштүктүк бир аскер кызматында иштеген офицерге турмушка чыгып, ошол жакта иштеп жатканын уккан. Бирок өзү Ошко келгенден бери кезек-кезек эстеп койгону болбосо, көрсөм деп дегдөөчү эмес.

Күндөрдүн биринде курулуштан келип кабинетине кире элек жатып, телефондун тынымсыз чырылдап жатканын угуп, эшикти шашып ачып, аттап-буттап барып трубканы көтөрдү.

– Алло, СМУнун инженери угуп жатат.

– А, Толкунбек Мансурович, саламатсызбы? – деди телефондон чыккан бейтааныш үн. – Кечиресиз, сизди орүлүктөй албай уят болуп жатабыз, – деп келатканда, Толкунбек жигиттин сөзүн бөлдү:

– Эчтеке эмес, көңүл бурганыңызга ракмат. Өрүлүктөө үй-бүлө көчүп келгенден кийин болот да. Мен ким менен сүйлөшүп жатам?

Жигит күлүп жооп берди.

– Күйөө балаңыз менен сүйлөшүп жатасыз. Келгенде таанышабыз, Толкунбек Мансурович. Кайда болосуз бүгүн кечинде. Жумуштан кийин мен өзүм барып алып кетейин сизди.

Толкунбек жатаканада болорун айтып трубканы илди. Барам же барбайм деп да айталбады. «Бул кайсы күйөө бала болуп кетти?» – деп өзүнүн айылдаш карындаштарын эстеп, эч кимисин таппады. Тааныгандары Толкунбекти эчак эле чакырып алышкан. Бир оокумга чейин жаңы курулуучу маданият үйүнүн архитектурасы үчүн жарыяланган конкурска катышуу үчүн ой толгонуп олтуруп, алиги телефон чалган бейтааныш күйөө баланы эстеп, дароо саатын карады. «Алты жарымга келмек эмес беле мага. Убакытты карабай олтура берген турбайымбы. Саат алты жарым эмес, сегиз болуп кеткен тура. Эки күндөн бери үй менен да сүйлөшө элекмин. Болуптур, Жакин дагы бир күнгө, күтө турган болду. Мурда көрүп, билбеген бейтааныш адамга убада берип коюп, унутуп калганымды карачы». Толкунбек жатаканага жакындай бергенде орто бойлуу, арыкчырайынан келген, өзбек түспөлдөш, каш-кирпиги боёгондой капкара болгон, зыңкыйган келишимдүү жигит алдынан утурлай басты. Өзүн күтүп турган, алиги телефон менен сүйлөшкөн жигит экенин ал дароо баамдады.

– Салом алейкум, Толкунбек Мансурович!

– Алейкума салам. Сиз мени күтүп турган жоксузбу?

– Ооба, күтүп турам. Ишканаңызга телефон чалсамбы деп ойлоп, бул убакка чейин олтурбайт го деп, кылчактап турдум эле.

– Азыр эле өзүмдөн чыктым. Жаңы курула турган курулуштардын проектисин карап олтуруп, убактыны билбей калыптырмын демиш болуп койду. Руксат этсеңиз,

өзүмө кирип, үстүмү которуп чыгайын, тууган? – Толкунбек кийинип чыкты. Бирок жигиттен кайсы, ким деген карындашынын күйөөсү болоорун да сураган жок. Бара көрөрмүн деп гана ойлоду. Анан экөө машинада катар олтуруп, Ак-Бууранын бойлой бир аз жүргөндөн кийин, дарбазасын көк сыр менен сырдаган, башка үйлөрдөн эч канчалык өзгөчөлүгү жок, эски типте салынган бир үйдүн алдына келип токтошту. Короого киргенде үйгө кирүүчү жолдун эки жагында бажырайып ачылган түркүн түстөгү ар кандай сорттогу гүлдөр атыр жытын аңкытып, мурунду жарат. Бээ эмчектей болгон шыңгыл жүзүмдөр жалбырактын арасынан мени көрдүңбү дегенсип, атайын эле топ-топ кылып, кынабы менен жипке тизип койгонсуп, сабагынан үзүлүп түшүүчүдөй мөлтүрөйт. «Бул үйдө эмгекчил адамдар жашайт экен», – деп койду Толкунбек ичинен. Бирок аны шаштырып, көрүүгө ынтызар кылып турган бейтааныш карындашы болуп турду.

Толкунбекти машинадан түшүрүп, үйгө баштап бараткан жигит токтой калып, артына кылчайып кимдир бирөөгө минтти:

– Акаңыз келди деп, Зыйнатка айтып коюңуз.

Толкунбек Зыйнаттын атын угуп, өзүнчө эле бир кызык болуп, эки бети дуулдай түштү. «Кайсы карындашым болуп кетти десем, Зыйнат беле. Балаке-е-т, бул ушундай кылмак. Анткен менен түзүк күйөөгө чыккан экен. Бактылуу болсун бечара кыз. Анын оюна Эмил түшкөндө жүрөгү бир силкинип алды. Кокус бул жерде болуп калса, эмне болоорун болжой албай калды. Ушинтип дендароо болуп турган кезде ар жактан маңдайы жаркып Зыйнат да келип калды.

– Саламатсызбы, агатай, – деди көздөрүнө жаш айлана күлүңдөп.

– Саламатчылык. Кандай, жакшыбы? Сен ушул жердесиңби?

Экөө тиктеше түшүп, кол алышты.

– Көрүп турбайсызбы, ушул жерде экенимди. Өзүңүз кандай? Бул жакта иштеп жатканыңызды, мен жакында эле уктум.

– Ооба, иштеп жатам.

– Жумушчулардын жатаканасында турбайсызбы?

– Ооба, үй тийгенче ошондо туруп жатам.

Бул мейман чакырык, Зыйнаттын командир күйөөсүнүн эки жылдык мөөнөт менен аскердик кызматка, алыскы демократиялык республиканын бирине кетип жаткандыгына байланыштуу экен.

Толкунбек чуркап жүргөн татынакай кыз баланы көрүп, өз кызын эстеп, жүрөгү кусалуу сызыла түштү. Зыйнат да балалуу болгон турбайбы деп ойлоп, чөнтөгүнөн жыйырма беш сомдук кагаз акчаны сууруп, кызды көздөй басты.

– Өз көрүндүгүңдү өзүңө берейин. Мегой, буга эртең мамаңа куурчак саттырып ал. Бери келчи. Менин да сага окшош кызым бар. Аты Жанат. Сенин атың ким? Айтчы?

Кыз колун оозуна салып, чоочуркаган көз караш менен, аны жатыркай тиктеп мурчуюп турду.

– Биз балалуу боло элекпиз, байке. Бул кайнагамдын кызы.

– Аа, ошондой де. Мен дагы силердики экен деп ойлогон турбайымбы. Мейли, бир тууугандын баласы болгондон кийин айырмасы кайсы. – Жүйүртө басып олтура калып, кызга эки колун суна жарк этти. – Жакшы кыз экенсиң. Келчи, мага дагы бир жыттатып койчу.

Толкунбек кыздын каршылык көрсөткөнүнө болбой жерден көтөрүп алып, алкымынан жыттады.

– Балалуу болуу жакшы болсо керек, – деди Зыйнат.

– О-о-й, жакшы болгондо да кандай жакшы дейсиң. Баладай ысык, баладай таттуу дүйнөдө эч нерсе болбосо керек. Мен кызым менен сүйлөшүп сөзүн уга албасам да, күндө телефон чалам. Жок дегенде ыйлап жатса ыйын, күлүп жатса күлкүсүн уккум келет. Жайнагүл Жанатты

атайы мени уксун деп, эч болбогондо күлдүрүүгө аракет кылат.

Баласы менен аялы жөнүндө берилип сүйлөп жаткан Толкунбекти Зыйнат жактырбагансып, алар жөнүндө уккусу келбей, киртие карап турган болучу. Жигит келиндин көрүнүшүн байкай коюп, шашып кетти: Ал сөздү дароо башкага бурду.

– Күйөө бала түзүк жигит көрүнөт.

– Эмне, мени эр албайт дедиңиз беле?

– Жо-о, ошентип кантип ойлоюн. Кептин баары буйрукта тура. «Нике кайып, насип кайып» деген ушул. Минтип ойдо жок жерден силердикине келип олтурам. Буюрса, көчүп келгенибизде Жакин экөөңдү тааныштырып коём. Ал эбактан бери эле Зыйнат экөөбүздү тааныштырбай койдуң деп, мага таарынып жүрөт.

– Койчу, чын элеби? Эгер менин аны менен таанышкым келбесечи. Жайнагүлүң мени көргүсү келип, сагынып жүргөндүр. – Зыйнат Толкунбекти бирде «сиз» деп, бирде көнгөн адатынча «сен» деп сүйлөп жатты.

– Жок, чын айтам. Жакин эстүү эмеспи, көрөсүң го.

– «Жери жаман жерин мактайт, теги жаман катынын мактайт» дегендей, үйгө бир бутуң кирип, бир бутуң кире элек жатып эле мактап кирдиңиз го, ыя катыныңызды.

– Кечирип кой. Тигил баладан улам чыгып кетти. «Балам балалуу болгондо билээрсиң» дегендей, кийин балалуу болгондо түшүнөөрсүң Зыйнат. Чолпондой болгон кызды төрөп берип олтурган Жакинимдин жамандыгы болбосо... Кызык. – Ызага буулду.

– Мен үчүн жер жүзүндө сенден ысык, сенден таттуу, сенден жакын, менин эч кимим жок болучу. Өзүң айткандай буйрук экен. Бирок дагы эле сени жаман көрбөйм. Айла жок.

Толкунбек «биздин сөздү бирөө угуп жаткан жок беken» дегенсип, эки жагын элеңдеп, сактана карады.

– Зыйнатжан, койчу эми, бул сөз ушуну менен бүтсүнчү. Сага эмитеден эскертип коёюн, бир сааттан кийин кете-

мин. Эки-үч жерге заказ берип койгом. Үй менен да сүйлөшүшүм керек.

– Эч жакка кетпейсиң. Кайсы убакта кетирүү үй ээсинин иши. Аялың менен бүгүн сүйлөшпөсөң, эртең сүйлөшөрсүң, ал шылтоо эмес. Жайнагүл жөнүндө көңүлүңө жакпай турган сөз айтсам кечирип кой. Тамашага таарынбассың. Болуптур эми, кабак-кашты бүркөшпөй, ага-карындаш болуп, меймандардын үстүнө кире берели. Биздин үйдөгүлөр: «Агайы менен тууганча ал-жай сурашып алсын», – деп экөөбүздү күтүп турушат...

Конокто опур-топур болгон анчалык деле арбын киши жок экен. Бар болгону Зыйнаттын күйөөсүнүн үч жолдошу аялдары менен келишиптир. Толкунбек кирери менен орундарынан дүр турушуп, төрдөн орун беришип, өздөрүнөн жогору чыгарышты.

Толкунбек Зыйнаттын бактысына кубанып, жетине албай олтурду. Бирок анын «мен үчүн жер жүзүндө сенден артык эч нерсе жок» деген сөзү эсине кайра-кайра түшүп туруп алды. Башкаларга байкатпай Зыйнатты кез-кез жазгыра карап коюп олтурду. Бул, кыз кезинде адамгерчиликтүү, боорукер, адамга жугумдуу, ачык-айрым бала эле. Келин болгондо кандай келин болду экен деген ой. Карап олтуруп, анын мүнөзүнөн тапканы, мурдагыга караганда токтоло түшкөн, ойчул мүнөзү болду.

Зыйнаттын өз турмушуна сыймыктанганы да, сыймыктанбаганы да, күйөөсүн сүйөрү да, сүйбөсү да Толкунбекке байкалган жок. Ал тек гана, меймандарга меймандай мамиле жасап, өзүнүн аялдык асыл сапатын көрсөткүсү келип тургандай, столдун үстүндөгү тамак-аштарды биринин артынан экинчисин алмаштырып чуркап жүрдү...

Тамак ичилип бүтүп, тээ түндүн бир оокумунда, келген меймандар кайтуучу мезгил да келди. Зыйнаттын күйөөсү машинасын от алдырып, жолдошторун үйлөрүнө чейин узатууга камынып жатты.

– Байке, сиз конуп эле калбайсызбы? – деди Зыйнат Толкунбектин жанына келип. – Баары бир батпайсыз машинага. Эртең дем алыш, кетесиз да шашпай.

– Ракмат, Зыйнат, басып эле кетем.

– Анда сизди биринчи жеткирейин, жатаканаңыз алыс да, жөө чарчап каласыз.

Толкунбек машинага олтурду. Коштошууга үлгүрбөй калуучудан бетер шаша баскан Зыйнат, жаңыдан эле эшикти жабайын деп бараткан колду кармай калды.

– Байке, жоолук да болсо жолго ийги, – дейт. Мына бул костюмду кийип кетиңиз.

Толкунбек чочуп кетти:

– Эмне костюм! Жок, жок, Зыйнат айланайын, ракмат. Тим эле кой. Мындай алыш-чалыш үй-бүлө көчүп келгенде болсун. Кереги жок, алып кет. – Колун ары түрттү. – Болбойт, мен таарынбайм. Мага туура түшүнчү.

Толкунбек Зыйнатты караса, көздөрү жашылдангансып, шилекейин жутуп, сунган колун тарталбай, салафан конвертке салынган костюмду кармаган бойдон катып калган сөлөкөткө окшоп турганы аянычтуу көрүнүп кетти. Бир жактан күйөө бала чыкты таарынып:

– Эмне үчүн анчалык коркуп жатасыз. Алыңыз, Толкунбек Мансурович! Бул костюм үчүн Зыйнат экөөбүз көп жерге барганбыз...

Мейманканага келип, колундагы белекти шифонерге салбай, столдун үстүнө ыргытып коюп жатып калды. Бир топко чейин Зыйнаттын кыз кезиндеги жакшы кыял-жоругун, өзүнө жасаган адамгерчиликтүү мамилесин, андан кийин үйүнө барганда айткан сөздөрүн биринин артынан бирин ойлоп жатып көзү илинип кетти.

Эртең менен эрте телефондун чырылдаган үнүнөн чочуп ойгонду. Көңүлүндө Жайна бекен деген ойдо, ордунан учуп туруп, трубканы рычагдан жулуп алды.

– Алло, мен угуп жатам. – Толкунбектин көздөрү чанагынан чыга бакырая түштү. – Ким бул? Зыйнат!? Эмне

таң атпай, тынччылыкпы деги? А, ошондой де. Мен дагы Жайнагүл экен деп. Ооба, ойлобогондо анан. Үй-бүлөсүн эстебеген, сагынбаган да адам болчу беле? Күнболот качан кеткени жатат? Жок, жок, эмнеге бармак элем, жөн гана сурап жатам. Жок, ракмат, баш жазуу деген менде болбойт. Баса менин номеримди кайдан алдың? Ноль тогуздан! М-м, болуптур. Эмне? Костюмдун чөнтөгүндө конверт бар дейсиңби? И, ал анда эмне кылып жүрөт? – Ийнин куушуруп, Зыйнаттын акыркы сөзүнө түшүнбөгөн калыбында трубканы илди. Мынчалык эмнеге менин артымдан түшөт? Кызык. Же мурдагыдай бойдок кезим болбосо.

Толкунбек столдун үстүндө жаткан костюмдун чөнтөгүнөн конвертти чыгарып, ичиндеги кагазды алып, бүктөөсүн жазды. «Кудая тобо, кызык кыз бул. Мага кат аркылуу сүйлөшкөндөй эмне деген сөзү бар болду экен?» – Жигит төшөгүнө кайра жатканы баратып, токтоп калды.

«Толкунбек! Сенин бул жакка келип иштеп жатканыңды угуп, унчукпай коё албадым. Ачыгын айтсам, сени унуттум го десем, унута албаптырмын. Бир кезде «сүйөм» деген бир ооз сөзүңдү угамбы деп чыдамсыздык менен күтүп жүрдүм. Бирок андай сөз сенден чыкпады. Эми ойлосом, мага кылган жылуу мамилелериңдин баарын, мен жинди сүйүү деп түшүнүп жүргөн турбайымбы. Мен муну сен качан Жайнагүлгө үйлөнгөндөн кийин гана билдим. Тоюңа чакырдың, барбадым. Биздикине Эмил менен келгениңде аялдуу болгондугуң менен куттуктоого да кудуретим жетпеди. Ошондо байкадыңбы, жокпу, өзүмдү өзүм токтото албай, калчылдап кеттим. Ыйлагым келди. Ал эмес саламыңа жооп айтпай тышка чыгып кеткен бойдон, үстүңө кайрылып кирбедим. Чынбы? Анткени мени таштап, башка кызга үйлөнүп, башка кызды сүйүп кеткениңе ич тарлык кылып, күнүлөдүм. Чынымды айтсам азыр да күнүлөйм, ич тарлык кылам. Жайнагүл деген атты уккум да, аны көргүм да жок. Күйөөгө чыгып алып, уялбай дагы эле көңүлү менде экен дээрсиң, жаман көрөрсүң. Бирок

менин сен деп соккон жүрөгүм да, кучагым да күйөөгө толбой бөксө калганын сен кайдан билмек элең. «Бирөөнүн кулагын кессе, бирөөгө кийиз кескенчелик көрүнбөйт» дегендей, жан башка болгондон кийин, кимдин ким үчүн күйүп, ким үчүн жапа тартып жашап жүргөнү, башка адамдын сезимине жетпейт тура. Мен сага жетпей калгандан кийин өз жолумду таап, өзүм теңдүү жигитке күйөөгө чыктым. Сүйүүсүз супсак турмушта сыр билгизбей күн өткөрө бере турган өмүрлүк жолдошту таап алганымды өзүң көрбөдүңбү. Менин ички дүйнөмө түшүнбөгөндөр Зыйнат жакшы күйөөгө чыкты, турмуштары да, иштеген иштери да жакшы, бактылуу жубайлар экен дешээр. Мейли, чын бактылуу болбосом да, сыртымдан эл көзүнө жалган бактылуу болуп жүрө берейин. Сен аял алгандан кийин жүрөгүмдүн оту өчөбү деген элем. Бирок өчкөн оттун орду айыкпас дартка айланды. Бул жакка иштөөгө менин шоруума келиптирсиң, Толкунбек. Сен деп соккон жүрөгүм жаңыдан солгун тартып бараткан кезде, кайра баштан кездешип олтурабыз. Сенден эмки өтүнөөр өтүнүчүм, мени ая...»

Толкунбек аяккы сөзүнө аябай таң калды. Кызык. «Мени ая!» Бул эмне деген сөз, эмне деген өтүнүч. Аяганда кандай аяйм?! Ушул саамда Шотанын «Жолборс терисин кийген баатырынан» мындай деген саптар эсине түштү:

«Алыс жүр аялдардан колдон келсе
Эмесе, аял деген кыйын нерсе,
Бараткан ак жолуңдан адаштырат,
Эркектен амалдуураак кырк бир эсе.
Баарында жалган сүйүү, ошондуктан,
Ишенбе жалгыз сени сүйөм десе...»

Колундагы баракты таңыркай бир демге тиктеп туруп өзүнөн өзү жылмайып койду: «Ушундай да кызык болот экен ээ», – деп ойлоп, катты ушалап, күл түшүргүчкө салып, ширенке тартты. Кагаз адегенде бир аз жазыла түшүп

барып, жалбырттап бир четинен күйө баштады. Мамлекеттик жашыруун сырды башка бирөөлөр кокус окуп койбосун деп, сактанган адамдан бетер жигит аны күл болуп күйүп бүткөнчө көз албай карап тура берди. Анан Толкунбек түндө эле Зыйнаттын күйөөсүнүн жолдошторуна айткан мактаныч сөзү эсине түштү: «Биз Зыйнат экөөбүз Зулайка менен Усупка окшоп, бирибизге бирибиз ашык болуп, арзышып жүрүп баш кошконбуз», – деп колуктусун эркелете сүйлөгөн. Ушундай эки ача сөздөн улам, Толкунбек Жайнагүлүн эстеп кетти. Тим эле ашыктыктан эңсеси куруп, кусалыктан куурап тургансып, ичи элжиреп, Жайнагүлдүн балтыркан жыттуу жылуу койнун эңсеп, башындагы жаздыкты бооруна кыса кучактап, көздөрүн жуумп жиберди. «Айдын кетигиндей болгон алтыным, мен сенин кимдигиңди билем. Сен аялзаттын асылысың, сендей жарга туш болгон бактылуу жигит экенмин. Эгерде, сен болбогондо Толкунбек тоодон кулаткан таштай болуп, суусу жок сайда калмак. Сагындым Жакин сени. Мен сени канчалык билсем, сен да мени ошончолук билесиң. Мени гана сүйөсүң. Сен менин бактыма жаралган келечегимсиң. Сен башка аялдарга окшоп, башка эркектерге көз артпайсың. Намыстуусуң. Сенин дагы бир артыкчылыгың, менин керт башымды гана сүйбөстөн, атамды атандай, энемди энендей сүйгөндүгүң. Сендей асылзаада келини бар үчүн, алар кайра жашарып энеден кайра төрөлгөндөй, жаңыча жашап, жаңыча өмүр сүрүп жатышат. Эне менен атанын кадырбаркын мага сен айтып, сен түшүндүрдүң. Мени түз жолго салган да, адам катарына кошкон да сен. Мен сенин ак сүйүүңө шек келтирип, көлөкө түшүрүүгө эч кандай акым жок...»

Толкунбек Жайнагүл жөнүндө ушуларды ойлоду. Ал колуктусун көргүсү келип, сагынып турганын билди. Бүгүн ишемби, эртең дем алыш экени эсине түшкөндө, азыр эле аэропортко барып, самолётко түшүп учуп жеткиси келип кетти. Бирок бардырбасы бардырбас болуп, өткөн бары-

шында кайра келалбай, самолёт учпай жатып, кызматка кечигип келгенин эстегенде ысып турган денеси сууп, дегдеп турган делебеси кайта түштү. Анан дагы атасынын айткан сөзүн ойлоп үмүт оту өчүп, көңүлү бөксөрүп, жүрөгү зырп этти. Чындыгында эле үйүнө барса, кайра жумушка кечикпей убагында келер-келбесине көзү жетпеди...

Баягы конокко барган бойдон Толкунбек Зыйнаттыкына барган да, аны көргөн да жок. Күйөөсүнүн кеткенин телефон менен Зыйнат өзү айткан. Бирок Толкунбек баягы сүйүү катын окугандан кийин, аны менен кезигүүнү максат кылбады. Андан өзүн оолак алып жүргүсү келди. Кокустан шайтан болуп кош жүрөк от алышып кетсе, түбөлүгүбүз алда кандай болот деп коркту.

Толкунбек акыркы командировкада бир жума жүрүп кайтты. Бөлмөсүн ачып кирер-кирбестен эле, өз үйүнө телефон чалып, телефондун номерин биринин артынан бирин тере баштады. Бирок шаар менен шаардын ортосундагы байланыш чарт үзүлүп калып жатты. Толкунбек бир сааттан ашык телефон менен алышып жатып, тажап да бүттү. Акыры байланыш түйүнүнө чалып, «номер иштебейт» деген жоопту алды. Жайнагүл менен сүйлөшөм деп дегдеп турган жигиттин супсуну сууп олтуруп калды. Алдындагы газета, журналдарды биринин артынан бирин барактап, кээ бир жерлерин чала-була окуган болуп, темаларына көз жүгүртүп, ордунан турду. Өзөгү үзө тартып, оозунан кара суу келгенсип кетти. Анан сакал-мурутун кырып, адатынча жасана кийинип алып, ресторандан тамактанганы, шыпылдай басып жатаканадан чыгып кетти. Оюнда курсагын тойгузуп келип, эшикти ичинен бекитип алып, күүгүм киргенден таң атканча уктап уйкумду кандырып, эс алам деп ойлоду.

Шашпай, жайма-жай олтуруп, кардын кампайтып алып, ресторандан чыгып, бир аз айланып басып жүрүп, жатаканага кайра келди. Жалгыздык жанынан өтүп, бөлмөсүнө киргиси келбей, эки жагын көңүлсүз карап бак

түбүнө коюлган скамейкага олтурду. «Ушул дем алышты, дем алыштай пайдаланып, эрте жатып, уктап уйкумду кандырып, бир жакшы эс алып алайын», – деп жана машинада чаалыгып келатып өзү менен өзү сүйлөшүп, өзүн өзү бекитип келген жигиттин көңүлү кайра бузула баштады. Үйүнө барып келбегенине өкүнүп турду. Эмне үчүндүр, ушул саамда өзгөчө жалгызсырап, үйүн кайра-кайра эстеп, Жанат менен Жайнагүлдү сагынып, өзүнөн өзү делөөрүп, жүрөгү кусага толду. Демейде «Бир жакка чыгып ойноп келели!» дешип, чакырып туруучу жолдошторунун бүгүн эч кимисинин дайыны чыкпай калганына, ичинен кейип да алды. «Эмне кылсам экен, киного барсамбы? Театрга кеч болуп калды», – деп ойлоду. Кайда, кайсы кинотеатрда эмне деген кино жүрүп жатканын билиш үчүн, өз бөлмөсүнөн телефон чалмакка, ордунан шайдоот туруп, экинчи кабатка көтөрүлдү. Ошол саамда жигитти көргөн үй шыпыргыч аял: «Толкунбек Мансурович! Сиздин телефон жанатан бери эле тынымсыз чырылдап жатат», – деди, жол килемди чаң соргуч менен тазалап жаткан калыбында, токтой калып. Ырас эле эшикти ачып, башы кирип, буту кире электе эле, телефондун үнү кайрадан чар дей түштү.

– Алло, Мансуров угуп жатат. Саламатчылык. Ким бул? Ким дейсиз? Жакшы угулбай жатат. Ким? Аа, Зыйнатсыңбы? Саламат, саламат. Ооба, командировкада жүрдүм... Ай, садагасы баралбайм го. Эмне үчүн дейсиңби? Биринчиден, чарчап келдим, экинчиден, мага кишилер келмек эле. Кокус, алар келбей калса өзүм чалайын сага. Бирок баралбайм го деп ооз учунан айтканы менен, эмелеки жалгызсырап делөөрүп турган жигитти, жаш аялдын зери учуруп, эмне кыларын билбей, эки анжы болуп турду. Өзү ала кирген газеталарды кайрадан барактай баштады. Убакыт өтүп жатты. Бир кезде телефон кайра баштан шыңгырады. Трубканы албай, аппаратты тиктеп, бир оокумга чейин турду. Ал Зыйнаттыкына баруудан өзүнөн өзү шекшинип, өзүн өзү качырып, жүрөксүй берди. Үстөккө-босток

жаны-алы калбай чырылдаган трубканы бир оокумда колуна көңүлсүз алды. Баятан бери Зыйнат экенин билип турган Толкунбек, «кокус башка бирөө болуп жүрбөсүн» деп ойлосо, чын эле Зыйнат болуп чыкты. «Эмне үчүн, өзүм чалам деп коюп, чалган жоксуң, мен жалгызмын. Келсең боло, кичине сүйлөшүп олтуралы», – деди келин жалынычтуу. Толкунбек, Зыйнатка «макул, барайын» деген сөз оозунан кандай чыгып кеткенин, трубканы кандай илгенин да билбей калды. «Капырай, – деди өзү менен өзү сүйлөшүп, – Зыйнаттан сактангандай көрбөй-билбей жүргөн кыз беле. Азыр ал да үй-бүлөлүү, мен да үй-бүлөлүү. Так что, чочулай турган эч нерсе жок. Зыйнат да оңой сак кулак эмес. Алды-артын тазалап жүргөндү менден жакшы билет». – Ушинтип ойлогон жигит бөлмөсүн бекитип, шыпылдай басып көчөгө чыкты.

Толкунбек дарбазанын алдына келип, эки жагын элеңдей карап, токтоп калды. Анын ушул саамда жүрөксүгөнү, күйөөлүү аялдын үйүнө, күйөөсү жокто ууруларча, күүгүм талаш келгени болуп турду. Ошонун үйүбү, же башка үйгө адашып кеттимби деп ойлоду. Анткени бая күнкү келгендеги ийне түшсө көрүнгөндөй, короонун ичи-тышындагы сүттөй жарыгын, бирөө уурдап кеткенсип, азыр эмне үчүндүр караңгыланып турган болучу. «Чын эле башка үйгө келген окшойм», – деп ойлогон Толкунбек, жаңы эле кетенчиктей бергенде, дарбазанын эшиги кыйч ачылып, «Толкунбек, сенсиңби? Бери кир!» деген аялдын шыбыраган үнү кулагын сыйпап өткөндөй болду. Жигит селт этти. Ошол замат анын колуна тигил аялдын кичинекей жумшак колу жабыша түшүп, ичкери карай тартып кетти. Эшик аста жабылып, ичинен илингенин Толкунбек дароо билди. Анан экөө ээрчише басып, жарыгы жок караңгы үйгө кирип, коридоргo токтошту. Толкунбек мындай жапайы көрүнүштөн чочулагандай, өзүнөн өзү коркконсуп жамандыктан жыт алган немедей, эмнегедир тынчсыздана баштады.

– Караңгыда калдым деп капа болбо, Толкунбек. Азыр эшикти бекитип туруп, анан жарык кылайын, – деди үнү калтаарыган Зыйнат. Мен сени келбейм деп айтат экен деп ойлогон болучумун. Анан, азыр барамын дегениңден, үйгө кирбей дарбазанын түбүндө, сени пайлап, көчө жакты карап, ичтен аңдып турганмын, – деди ачкычты бурап жатып.

Зыйнаттын сөзү кулагына кирбей, Толкунбек чындап эле сестене баштады. Келгенине өкүнүп турду. «Бул жезкемпир, эмне шумдукту ойлоп тапкан?» – деп ойлоду. Ушул убакта бөлмөдөгү лампочкалар биринин артынан бири күйдү. Жигит кокус жаздым басып алып, кирсе чыккыс чуңкурга түшүп кетүүчүдөн бетер, алды-артын абайлап, туш-тарабына көз чаптырып, босогону аттап кирген жеринде катырган немедей, кыймылсыз туруп калды. «Тобо, – деди ичинен таң калып, – эшик-терезесинин баарын бул бейбак жылчыксыз бекитиптир. Эмне үчүн?»

– Толкунбек, ал жерде эмнеге туруп калдың? Жогору өт, – деди, күзгүгө каранып боюн түзөп жаткан келин, наздана сүйлөп.

– Мен эч нерсеге түшүнбөй турам, Зыйнат. Бул кандай кооптуу, жат көрүнүш. Эшик-терезеңдин баары бек. Деги мени эмнеге чакырдың? Эркеги жок үйгө келүүдөн жаман эмне бар. Билесиңби ошону?

– Өзүң эмнеге келдим деп ойлойсуң?

– Сени менен эрмектешип олтуруп кетейин деп.

– Мен дагы, – деди күлүмсүрөп. Бирок Зыйнаттын күлүмсүрөөсү, ага тим гана ага-карындаш катары эрмектешип, сүйлөшүп олтуруудан башка, кандайдыр андан алда канча бийигирээк бирдемеден үмүттөнүп тургандай, шойкомдуу болуп туюлду. – Чочулабай эле кой, байкебай, – деди, эч нерсени кыртышы сүйбөй, келгенине бушайман болуп, көздөрү киртийип турган жигитке кареги оттой кадалып. – Зыйнат каракчы да, киши жечү желмогуз да эмес. Сактыкка кордук жок деген ой менен жарыкты тосуп кой-

дум, бирөөлөр келип калса, Зыйнат үйүндө жок экен десин, деген гана оюм. «Эркеги жок үйгө келгенден жаман эмне бар», – деп жана да айттың, азыр да айтып жатасың. Бул туура. Эри жок, жалгыз бой турган аялдын үйүнө, бойдок жат адамдардын келиши туура эмес экенин, мен да жакшы билемин. Азыр менин мурдагыдай, ээси жок ээн-эркин басып жүрүүчү, башы ачык кезим эмес. Сенин бутуңда кандай тузак турса, менде да ошондой тузак бар.

Экөө тиктеше түштү.

– Анан күйөөң келгенче ээн короодо жалгыз турасыңбы?

– Турбаганда эмне кылам. Жогору өтпөйсүңбү эми? Сенин боюң менен тең кар жааса, балекет болду го. – Толкунбек көңүлсүз басып, диванга көчүк басты. Зыйнат аны дасторконго чакырды.

– Мындай келбейсиңби? Эмнеге мынчалык сабырың суз? – Жигит кайра туруп, үй ээси көрсөткөн орунга келди. Келин стол үстүн бир аз оңдоштурган болуп, Толкунбектин алдына тарелка, вилкаларды жылдырды да, колун аарчый берип сүйлөдү: – Улгайып калган таяке, таженем бар. Ошолорду көчүрүп келип, тигил кичине үйгө киргизип алсамбы деп жатам. Күнболот кетээринде барып сүйлөшүп келген. Макул болушуптур.

Толкунбек унчукпай стол үстүнө көз чаптырат. Бир эле Толкунбек үчүн эмес, бир нече киши чакырылгандай болуп, дасторкон үстү ар түрдүү тамак-ашка, жер-жемишке толгон. Ортодогу бирине арак, бирине коньяк куюлган хрусталь графиндин жанында ичи кымызга толгон фарфор бүркүт койкоёт. Экөө анда-санда өткөн кеткенден эске түшүрө коюп олтурганы болбосо, ашык сөз болбоду. Жигиттин табити эч нерсеге чаппай, анда-санда жер-жемиштен оозуна салган болот.

– Сен такыр көңүлсүз олтуруп жатасың. Тамак да ичпей койдуң. Мүнөзүңдүн мынчалык өзгөргөнүн билген эмес экенмин. Кана, ушул тостту аялың менен кызыңдын ден

соолугу үчүн алып коёлучу. – Бул сөздү Зыйнат Толкунбекти сынамакка атайын айтты. Оюнда арамдыгы жок олтурган жигиттин жүрөгүн күтүүсүз жерден чыккан жагымдуу сөз толкутуп, тоңуп турган көңүлүн жибитип жиберди. Анткени ушул саамда Жайнагүлдү эстеп, сагынып олтурган болуучу. Бирок эмне үчүндүр биринчи эле тостту, башка бирөөнүн үй-бүлөсү үчүн көтөрөлү деген сөз Толкунбекке кызыктай туюлду.

– Жайнагүл үчүнбү? – Жигит сырдуу күлүмсүрөдү. – Менин ичпесимди көрдүң го бая күнү.

– Ооба, көргөмүн. Бирок бир ирет көтөрүп койсоң эмне болот эле?

– Болуптур, Жайнагүлдү бетиңе кармагандан кийин, керосин болсо да кичине алып коёюн. Ансыз да аларды ойлоп турдум эле.

– Анда, ырас үстүнөн түшкөн турбайымбы. – Зыйнат чыртыя түштү.

Толкунбек колундагы аракты жуткан болуп, алдына кайра койду. Тамактан шам-шум этип бир аз жегенден кийин, экинчи тостту Зыйнат минтип суранды:

– Эми Күнболоттун ден соолугу, менин келечегим үчүн кичине алып койсоң кантет, ыя Толкунбек.

Жигит Күнболоттун атын укканда серпиле түштү. Рюмканы дароо ичип жиберүүчүдөн бетер колуна шып алды...

Ошентип, ичпесе да ооз тийүүгө жок жерден себептер чыгып улам бир кылт этимден кекиртекке куюла берип, беттер албырып, көздөр коюлуп, жүрөктөр көөдөндөргө батпай алеп-желеп тартып, көңүлдөр көлдөй толкуп, делебелер козголуп, эмелеки үй-бүлөнүн кадыр-баркын ойлоп камсыгып турган кыялдар эске келбей калды.

Маңдайында өңүнө да, боюна да жарашыктуу кийинип, чачын асемдете жасатып, ажары ачылып, өзүнөн көз албай кумарлуу тиктеп олтурган Зыйнат Толкунбектин көзүнө уламдан-улам ысык көрүнүп, адам эмес эле асмандан түшкөн перинин кызына окшоп, ага суктануусу улам ар-

тып, өзүн кармай албай, эрки бошоп баратты. «Мурдагыдан да татынакай, мурдагыдан да сулуу болуп кеткен экен», – деп ойлоп, ичи элжирей түшүп жатты. Мындай ой, мындай көз караштар, эки жаштын жалгыз эле ой-сезимин ээлеп тим болбостон, алардын акылын аласалдырып, дене-бойлорун дүүлүктүрүп, бирин-бирине магниттей тартып баратты.

Толкунбек ордунан турду. Ал көңүлүндө Зыйнаттын жанына барып, аны кучактагысы, эркелеткиси келип кетти. Бирок ошол замат өз жүрөгүн өзү токтотуп, өзүн өзү кармап, бөлмөнүн ичинде бир аз аркы-терки баскан болуп, сыр алдырбай диванга барып олтура кетти. Ушуну эле күтүп тургансып, Зыйнат ордунан ыргалыңкы туруп, мас болгон аялдан бетер, Толкунбектин жанына келип, аны жөөлөй барып, атайын эле бир ыптасын баса олтурду:

Зыйнат бул жолугушууну өз жүрөгүнүн эңсөөсүн басып, Толкунбекти торго түшүрүү үчүн атайын жасаган амал-аракети болучу. Жигитке кынала берип, колун кармады.

– Мен сени сүйөм, Толкунбек. Жайнагүлгө үйлөнгөнүңдү укканда аз жерден өлүп кала жаздап, өлбөй калдым. Кудай ай, кандай бир мээрими жок, таш боор адам болдуң. Көп болбосо да жүрөгүңдүн бир чекесин Зыйнат үчүн жибитип койсоң эмне болот? – Ал Толкунбектин колун коё берип, кош билегин мойнуна артып, жаш толгон көздөрү жайнап, оозун-оозуна акырындык менен улам жакындатып баратты.

Жаш аялдын ысык демине туруштук бере албаган жигиттин эрди Зыйнаттын эрдине кандай жабышып, аны кучагына кандай алганын өзү да билбей калды...

Ушул жолугушуудан кийин Толкунбек Зыйнатка кандай ооп, кандай берилип кеткенин билбеди. Бара-бара үйбүлөсүн да мурункудай эстебей, Жайнагүл деп соккон жүрөктүн бир жагынан Зыйнат деген башка бир ат орун талаша баштады. Үйүнө катташы мурункудай болбой, улам сейректей берди. Баягы аба ырайы бузулуп, самолёт учпай

жатып, жумуштан кечиккени, ошондогу атасынын сүйлөгөн сөзү ага эми шылтоо болду да калды. Бирок Зыйнатка канчалык берилип, канчалык ооганы менен үй-бүлө деген үй-бүлө да. Бул азгырылууну Толкунбек өзү да күнүмдүк көңүл ачуу деп ойлоп жүрдү. Ошентип, Зыйнаттын махабатына батып, баш булгай албай жүргөн күндөрдүн биринде, Толкунбектин оюна бир нерсе түшүп, тынчы кете баштады. Ал болсо, эл-журтка билинип, Жайнагүлгө угулуп калса, эмне болот деген кооптонуу болучу. Мындай жагымсыз ойду ойлогондо Зыйнат менен кезигишүүдөн чочулап, андан оолак болгусу келүүчү. «Зыйнат! – деген күндөрдүн биринде. – Экөөбүз тең үй-бүлөлүү адамбыз. Баары бир мен сени албаймын, сен мага тийбейсиң. Ошон үчүн бул булганыч иштен сактанышыбыз керек окшойт. Өзүңө күйүмдүү, теңтуш, татынакай күйөөң бар. Ал эл-журт, Ата Мекендин тынчтыгы үчүн бөтөн эл, бөтөн жерде жүрсө, Жайнагүл тыякта турса. Биз өз тагдырыбызды өзүбүз шакаба чегип жүргөн жокпузбу. Жок, ууру иш уурудай болуш керек. Тизгинди тарта чаппасак болбойт Зыйнат. Эстүү жансың, өзүң деле таразалап көрчү ойлоп».

– Болуптур, сен каалагандай эле болсун. Бирок эмне үчүндүр сени көрбөй калсам, кусалыктан өз жүрөгүмө өзүм ээ боло албай баратсам кантем. Сен деп соккон жүрөгүмдүн алоосу, өлгөнүмдө суубаса, тирүүмдө суубайт окшобойбу. Же эмне кылайын, өлөйүнбү?

– Кимге өчөшүп өлөсүң, магабы?

– Жок, сага эмнеге өчөшүп өлмөк элем. Ушинтип жүргөнчө, өз махабатымдын, өз тагдырымдын курманы болгонум туурадыр дейм.

– Койчу, ойношум оюмдагыны таппай койду деп, өлгөн кишини уга элекмин. Кереги эмне мындай сөздүн, – дейт Толкунбек. – Ушинтсем, коркутуп алам деп турсаң керек...

Бирок ооз жүзүндө айтканы менен Толкунбек Зыйнаттан кол үзүп кете албады. Экөөнүн жолугушуусу улана берди. Бара-бара Зыйнат күйөөсүнүн келишин мурункудай

күтпөй да, ойлобой да калды. Ошентип, өзү менен өзү болуп, өтүгүн төргө илип, өз махабатынын азабын өзү тартып жүрүп, боюна кандай болуп калганын билбей калды. Бирок денесинде болгон бул күтүүсүз өзгөрүүнү Зыйнат тез байкады. Сүйүнөрүн да, күйүнөрүн да билбеди. Күткөн кезде болбой, минтип мезгилсиз кош бойлуу болуп калышы өзүнчө эле айыкпас оору болду. Көңүлүндө күйөөсү келе электе көз көргүс, кулак уккус жакка тентип кеткиси келип, көңүлү бузула баштады. Толкунбектин балалуу болууга каршы чыгарын билип, ага да айтпады. Анткени эне болуу укугунан ажыроо Зыйнат үчүн өмүр бою орду толбогон өкүнүч болорун билди. Ушинтип эки оттун ортосунда жүргөн кезде Зыйнаттын жашыруун сырын билген биринчи Толкунбек болду. Өз колуктусунан улам, аялдар боюна болгондо кандай өзгөрүп кетээрин билип калган Толкунбек, Зыйнатты бир демге тиктеп туруп, кармалап жиберди:

– Сен семирип баратасыңбы, же боюнда барбы? Менин отпускам бүткөнчө ушунча толуп кеттиңби? Жок, жок, сенде бир балээ болгон экен.

– Эмне, сенин догдурлук жайың да барбы? Кызык, эмнеге мынчалык жанталашып кеттиң?

– Төрөбөйм дебедиң беле? Боюңда бар турбайбы?

– Кантип билдиң? – Толкунбекти армандуу көзү менен жалдырай тиктеди.

– Ушинтип эле билдим. Кандайча мурда байкабай калдым экен. Билесиңби, Жакиндин да боюнда бар. Ичи билинип калыптыр.

– Жакиниң ким? – деди билип турса да ызасына чыдабаган Зыйнат ачуу бүркүп.

– Жакиниң ким деген эмнеси? Менин аялымдын бар экенин, анын аты Жайнагүл экенин билүүчү эмес белең?

– Жакин деп тим эле, – деди кекерлүү.

– Анан эмне дейин, Жакин дебегенде. Кызык «Уурусу күч болсо, ээси өлөт» деген ушул да. Жазыгы жок Жай-

нагүл менен салмакташып! Айтып коёюн, ушунчасында экинчи кулагыма угузбай жоготкун. Кокус бала чоңоюп, кыймылдап калса, сага эч ким жардам бере албайт.

– Эмне, меники кыймылдай элек деп турасыңбы?

Толкунбектин оозуна сөз кирбей калды. Бул түнү экөө мурункудай чечилип сүйлөшкөн да, көңүл ачып күлүшкөн да жок. Куйүмдүү, жакын адамы өлүп, кара кийип, камсыккан немеден бетер эч кимиси биринин көңүлүн бири жубата турган ылайыктуу сөз таппагансып, тээ бир оокумга чейин түнөрүп олтурушту.

– Мен кеттим, – деди Толкунбек ордунан тура берип, – сен кетпейсиңби?

– Жок, ушундай эле мастерскойго жатып алам. – Зыйнаттын көз жашы чарасына батпай, улам толуп баратты. Алар бирин-бири көргүсү келбеген душмандардан бетер терс карашып турушту...

Кийинки күндөрдө Толкунбек экөө көбүнчө Зыйнаттын сүрөт өнөрканасында жолугушуп калган. Кандай болсо да эркек деген эркек да. «Өлгөндүн үстүнө көмгөн» кылып, бир ооз ич жылытаар жакшы сөзү жок, кабагы карыш түшүп турганына Зыйнаттын көңүлү кирдеп турду. Келин жигитти чыгып кетти деп ойлоп, башын кош колу менен мыкчый кармап, чекесин столдун кырына жөлөп өзүнчө сүйлөнүп да, ыйлап да жатты: «Жакиндин да боюнда бар деп коёт, сүйүнчүлөп, Жакиниңдин өлүк-тиригин көрөйүн. Туубайм дебедиң беле дегенин кара дагы. Менин бактысыздыгым, күйөөмдүн жоктугунда боюма болуп калганы болуп турбайбы. Болбосо бир Толкунбек эмес, токсон тогуз Толкунбектен туусам да Күнболот, балалуу болдум деп, тойду токсон күнгө созуп, күркүрөтөт болучу. Же бир ошол убакта отпускага келип кеткен неме болсочу. Тобо, өзүн сүйгөндүгүм үчүн, күнөөлүү болорумду билгенде, – эрдин кесе тиштеди. – Сүйүүнүн көзү жок деп ошон үчүн айтат тура:

Толкунбек Зыйнаттын сөзүн угуп, чыдамы кетип, бир колунун ачуусун бир колу менен кармап, эрдин кесе тиш-

теп, тээ бир далайга чейин унчукпай туттугуп туруп, артына бурула карады:

– Дагы айтаарың барбы? Деги менден күткөн талабың эмне? – деди ачуулуу. – Келин жигитти чочугандай жалт бир карап алды.

– Азырынча сага айтар талабым жок. Али толук ойлонуп, жыйынтыкка келе элекмин. Айтам кийин.

– Кийин айтасыңбы? Мейлиң өзүң бил, айтсаң койсоң. Бирок Жайнагүл менен касташканыңды токтоткун Зыйнат. Ал сага да, мага да күнөөлүү эмес.

Толкунбек Зыйнатка наарaзылыгын билдиргени менен, аны жалгыз таштап чыгып кете албай, сүрөттөрдү тиктеп катып турду. Анын бет маңдайында али боёгу кургай элек полотнодогу жаңы тартылып бүткөн пейзажды эми жаңыдан көргөнсүп, ою ошого сүңгүйт. Жигиттин көз алдында токойлуу талаа созулуп жатты. Тээ алыста, алыста, карагай-кайыңдын ортосун жарып өтүп бараткан чубалган пассажир поездинин элеси көрүндү. Аны сүйрөп бараткан алп паровоз көк түтүнүн көккө бүркүп, анда-санда берилген добушунан кулак тунгансып, алаксый түштү. Толкунбек кыл калем менен май боёктон жаралган чыгармага жакшы баа берүүчү. Сугу түшүп, кареги полотного кадала берди. Толкунбек бул пейзаж Зыйнаттын жаңы бүткөн чыгармаларынын бири экенин билди. Эмелеки көңүлдөшүнө болгон таарыныч аралаш ачуусу бул көркөм-ынанымдуу чыгармага жутулуп, жигитти өзүнө дароо тартып алды.

– Жакшы тартылыптыр, мына бул жаңы сүрөтүң. Талантыңа таазим, Зыйнат, – деди ыйлап олтурган аялдын колун кармап.

– Талантымды баалоочу мезгилди тапкан экенсиң. Рахмат. – Жигит колуна таамп кеткен жаштын тамчысынан жүрөгү тыз дей түштү.

– Эмне ыйлайсың?

– Өз бактыма, өз жүрөгүмө таарынып ыйлап жатам.

– Койчу, качан болсо эле, өз бактым, өз жүрөгүм дей бересиң. Кереги эмне. Сен, тескерисинче, бактылуу аялсың. Ыйлабай-сыктабай, тигил ичиндеги балекетти кандай кылып жоготуштун айласын табыш керек. Бул иш экөөбүзгө тең жакшы эмес. Эсиң бар, акылың бар, өзүң деле ойлонуп көрчү. Руксат болсо, мен кетейин эми, кеч болуп кетти.

– Бар, – деди Зыйнат ордунан козголбогон калыбында, жер тиктеп.

Жигит башка сөз айтпай, Зыйнатты мурункудай эркелетпей, тим гана шарт бурулуп чыгып кетти. Ушундан кийин Толкунбектин чындап тынчы кетип, өзүнөн өзү коркуп жүрдү. Кээде түн баласы уйку көрбөй, чакыйып чыгуучу болуп кетти. Жаздыкка башы тиери менен кайдагы-жайдагы жагымсыз ойлор самандай сапырылып жүрөгүнүн үшүн ала берет. Жакшы санаа, жакшы ойлорду канчалык ойлоп алаксыйын десе да, андай ойлор кайдадыр келбес сапарга житип кеткенсип, баягы эле коркунучтуу сары убайымдар мээсине кирип алып, уйку бербей канын сүлүктөй сорот. Кокус иштеген жериме билинип калса, эмне болом, дейби ай, Зыйнаттын күйөөсүн ойлойбу ай, Эмилди эстейби ай, Жайнагүлдүн бетин кантип уялбай караймын дейби ай, деги укмуш. Анын оюнда, бул окуя билинип калса, аялынан ажырап калуучудай болгон коркунучтар бассатурса оюнан кетпейт. Ал кызматына барганда гана бир аз алаксыбаса, такыр алаксый албай койду. Толкунбек сыртынан көтөрүмдүү, токтоо өңдөнгөнү менен бир бороондук алы жок, кайратсыз жигит болуп чыкты... Кокус бир балекет болуп, өз жанын өзү кыйып, өлүп калып, бул шайтандын балекетине каламбы деп бир чочуса, бети каралык кылып үстүмдөн арызданабы деп да коркуучу болду. Деги окуянын арты жакшылык менен бүтпөсүнө көзү жеткенсиген Толкунбектин шалпысы бош, кабагы бүркөө. Азыр Жайнагүлдү бир ойлосо, Зыйнатты эки ойлоп, айласы кетип турган учуру болучу. Анткени экөө бирдей ай-күнүнө

жетип, төрөттөрү жакындагандан жакындап келатты. Ушул балекеттен аман-эсен кутулса, Толкунбек бирөөнүн аялы менен аралашмак турсун, карап күлбөскө өзүнө өзү убада берип жүрдү.

Күндөрдүн биринде Зыйнат Толкунбекти кечинде өнөрканасына чакырып телефон чалды. Толготуп калды бекен деген ойдон башка, оюна эч нерсе түшпөгөн жигит, кирпигине чейин ак бубак басып алактап кирип барды.

– Тынччылыкпы? – деди полотного өз энеси Аккыздын сүрөтүн түшүрүп жаткан Зыйнатка карап.

– Алдагы үстүңдөгү карды күбүсөң боло. Коркпой эле кой, тынч элемин. Эмне, тышта дагы эле кар жаап жатабы?

– Жаап жатат.

Толкунбек үстүндөгү карды күбүп, оор кийимин чечип, иш үстүндө олтурган аялдын жанына келип токтоду.

– Ой, бул Аккыз эже го, ыя?

– Окшош бекен?

– Окшош. Бирок...

– Эмне бирок? Жакшылап карап көрчү. Ушул кайсыл мезгили?

– Калп айтпасам, баягы Эмилдин айыбы ачылгандагы трагедия го дейм. Менин түшүнүгүм боюнча күтүүсүз жерден, балага болгон ишеними акталбай калып, күйүткө күйүп, акыл-эсинен танып бараткан мезгили сыяктанып турат.

– Ооба, туура таптың. Байкуш апам тирүү болуп, менин ушул абалымды көрүп, азабымды тартпай өлүп кеткени бир эсептен жакшы болгон экен. Вай-вай-вай, кандай кечиримсиз оор күнөөлөргө батабыз. Адам сүйүүсүз эле жаралса жакшы болмок экен. Сүйүү деп олтуруп, сүлдөрүм калып баратат.

Зыйнат көз жашын төгүп ордунан турду. Анан Толкунбектин колун кыса кармап, өзүнүн эски диванын көздөй басты.

– Мен сени менен бир адамдын тагдыры жөнүндө кеңешейин деп олтурам. – Экөө жанаша олтурушту. – Никесиз

төрөлсө да, али жарык дүйнөгө келе элек, менин байкуш балама ата болосуң да. Жатып да, туруп да ойлонуп көрдүм, Толкунбек. Эки жылга эрим командировкага кетсе, анан ошонун ортосунда ойноштук кылып, бойдок жүрүп бала төрөштөн көрө уу ичип өлгөнүм артык болуп турат. Бир бала деп эрден да ажырасам, элден да ажырасам кандай болот ыя? «Эки бала бир бала, бир бала жок бала» деген орус элинин эң сонун макалы бар. Кокус ишенген балам, өлүп калса кантем. Башында эле сенин тилиңди алсам болмок экен, бирок түбөлүк туубас болуп калуудан коркподумбу. Эми болор иш болгондон кийин, көздү жумуп туруп, бул баланы баласыз бирөөгө туупберишим керек болуп турат. Фрунзеде төрөт үйүндө кезекте турган, ошондой бир жакшы адамды билем.

Толкунбек Зыйнаттын сөзүн угуп селее түштү. Канткен менен өз каны, өз баласы да. Келиндин амалы кетип, айласы түгөнгөндүктөн ушинтип, тобокелге бел байлап турганын билди. Өзүнүн көңүлүндө ойлоп, ачык айталбай жүргөн туюктагы сырды айтуунун ыңгайы келе түшкөнүнөн пайдаланып минтти:

– Эгерде, баланы башка бирөөгө бербей эле, өзүм өстүрүп, өзүм тарбыялап чоңойтсом, эмне болот?

Зыйнат таңдана түштү. Ал Толкунбектен мындай сөздү угам деп күткөн да, ойлогон да эмес. Ата-жотосу башка бирөөгө бергенче, өз атасынын мээриминде өссө, атаганат жаман болмок беле деп ойлоп турду.

– Ким багат? Өзүңбү? – деди Зыйнат окуянын баш-аягына түшүнө бербей, жалдырап.

– Жайнагүлчү?

– Кантип? Эмне, ага чыныңды айтасыңбы?

– Жок, жок, ага айтууга такыр болбойт. Эгерде сен макул болсоң, баарын жик билгизбей башкача жасайбыз. Ал боорукер, мээримдүү аял. Жакында ал да төрөшү керек. Эки баланы энем экөө сопсонун эле багып алат...

– Макул болбогондо эмне кылат элем. Макулмун.

– Жок, жакшылап ойлонуп көр. Кийин-соңгусунда өкүнүчүң болбосун. Бүгүнчө бул сөз ушул жерде, ушул бойдон калсын. Кабырган менен жатып-туруп жакшылап кеңеш. Мен сени атайы эле азгыргандай болбоюн...

Зыйнат ошонун эртеси эртең менен эрте Толкунбекке телефон чалды.

– Кечээки сенин айтканыңды ойлонуп көрдүм. Ошондой кылсак туура болгудай экен. Сен ким, мен ким. Балага ата менен эненин кандай айырмасы бар. Ыраазымын сага, Толкунбек...

Эки жаштын ортосундагы жашыруун сыр ушинтип бекиди. Кичине эле толгоодон кабар болуп, Зыйнаттын эти ооруган күнү эле, алар дароо Көлгө жөнөп кетүүгө макулдашышты. Баласына кат-кат ороо-чулгоолорду, катар-катар кийим-кечелерди даярдап, чемоданга салып койду.

Ушинтип жаткан мезгилде күтүлбөгөн жерден күйөөсүнөн телеграмма алды. Ал болсо жакында үйгө аз күнгө барам деген кабар болучу. Бирок бул жөнүндө эч кимге айтпай, чыгармачылык командировкага кетип жатамын деген шылтоону бетине кармап, толгоодон кабар жок кезде эле Толкунбек менен шашылыш Ысык-Көлгө жөнөп кетишти. Анткени төрөтүнө аз калган Зыйнатты ошол жакта бир пансионаттын сакчысы болуп иштеген аяш энесине табыштап коюп кайра тартмак болду. Алёша экөөбүз бир казандан аш ичип, бир төшөктө жатып эр жеттик эле. Зыйнат экөөбүзгө Марфа аяш энем жардам берүүдөн баш тартпас деп ишенди. Чындыгында ал аял жакшы адам болучу. Өмүрүндө калп айтпаган, карөзгөй сүйлөбөгөн киши. Кыргыздар менен бир тугандай жашашчу. Ал Мансур менен Кынаны тээ алмустактан бери тааныйт. Толкунбектин оюнда, жакшысын чыгарып, жаманын батыруучу мындан башка ишенимдүү адам жок болуп турду.

Бирок Зыйнат Көлгө жетпей калды. Жол жарымдап калган кезде толгоо кирип, ал күчөгөндөн күчөп, аялдын

жаны машинанын ичинен чыгып кетүүчүдөй абалга жетти. Толкунбек машинаны кайра-кайра токтотуп, бирде катуу, бирде акырын айдап жүрүп келатты. Бир кезде келиндин ичинен суу кете баштады. Айласы кеткен Толкунбек бир чоочун айылдын баш жагындагы жарык чыгып турган үйгө бурулууга аргасыз болду. Жигит машинадан учуп түшүп, үй ээси байбичеге, аялынын толготуп келатканын айтып, ырайым күттү. Жетимиштен өтүп калган ак байбиче, Зыйнаттын толгоосу бышып, бала ылдыйлап калганын көрүп, чебеленип кетти.

– Олда балам айе, жолго бекер чыккан экенсиңер го. Төрөт үйүнө алып барсаң жакшы болот эле, бирок ага жетпейт го. Биздикинде киши деле жок. Түшүр, балам, колуктуңду. Адамдын кереги адамга мындай кыйынчылыкта тийбегенде качан тиймек эле.

Келин чыдабай, эрдин кесе тиштейт. Эки бети албырып, маңдайынан тер чыпылдайт. Байбиче келинди бир ээн бөлмөсүнө алып кирип кетти. Толкунбек машинадан жууркан-төшөктү алып келгенче, үй ээси орун камдап жиберди.

– Менин сендей эле кыз-келиндерим бар. Туңгуч төрөтүң экен, боюңду жыйрып, тартынба, балам. Бала ылдыйлап калыптыр. Кудай берсе, аман-эсен төрөп аласың. Анан кыйналганың бир мүнөтчөлүк көрүнбөй калат. Кудурети күчтүү Жараткан, убакты-сааты келгенде баланы коргошун кылып, эритип жиберет эмеспи. Болбосо, кишиден киши чыгыш оңойбу, катыгүн. – Байбиче Зыйнаттын ичин оңдоп, өзү билген ырым-жырымын жасап жатып минтти: – Коркпо кызым, ичиң жакшы экен. Түн катып кыштын кыраан чилдесинде кайда бараттыңар эле? Же үйүңөр ушул жактабы?

– Кайнене, кайнатамдыкына, – деди келин онтолоп.

– Аа, байкуш бала, ата-энебизге жетип, анан төрөйүн деген экенсиңер го. Мындай болгондо мурунтан, жок дегенде эки-үч күнү эрте келсең болмок экен.

– Дагы он чакты күн бар го деп ойлогонмун. Сыягы, айымдан жаңылып калган окшойм. Үйдөн таптаза чыгып эле, жолдо толготуп калдым, ушинтип.

Келин тынымсыз кыңкыстап, кээде койчо онтоп, ыйлап да жатты. Ал жанынын кейигенине ыйлаган жок. Өз келечегин, али жарык дүйнөгө келе элек баласынын тагдырын, андан да туңгуч наристесинен оозунан алдырган бөрүдөй болуп тирүүлөй ажырарын ойлоп ыйлады. Арадан көп убакыт өтпөй Зыйнат аман-эсен көз жарды. Баланын киндигин кесип, ак шейшепке ороп, келинди жуунтуп, тыяк-быягын тазалап, жаткыргандан кийин, байбиче галошун оң-тетири кийип, келиндин аман-эсен көз жарганына айтаарга сөз таппай, кубанычтан маңдайы жаркып, эшикке атып чыкты. Машинанын ичинде санаага батып, Жайнагүлдүн айы да ушул болуш керек эле деп, өз үй-бүлөсүн ойлоп айласы кетип олтурган Толкунбекти байбиченин үнү чочутту.

– Сүйүнчү балам, колуктуң эркек төрөдү. Уулдуу болдуң.

– Эмне дейсиз? – Көздөрү алая түштү.

– Аялың төрөдү деп жатам. Болгондо да эркек.

– Аа, төрөдүбү бат эле? – Байбичени чочулай карап, үрпөйө түшкөн жигиттин оозуна башка сөз кирбей буула түштү.

Ал күлгөн да, сүйүнгөн да жок. «Болсун, апа, сүйүнчүңүздү берейин» дегенге да жараган жок. Көптү көргөн кески аял, кубануунун ордуна Толкунбектин муздай болуп, тоңо түшкөн жүзүн көргүсү келгенсип караңгылыктын ичинен бүшүркөй тиктеп туруп минтти:

– Э, ботом, колуктуң уул төрөп жатса, сүйүнбөгөн кандай мерээз бала элең. Адамдын жашоосунда балалуу болуудан артык да кубаныч болобу. Болгондо да биринчи тун балаң болсо, – деди наразылыгын билдирип.

Жигит байбиченин ушундай сөздөрүн укканда гана серпиле түштү.

– Болсун, апа, болсун. Ракмат сизге. Мээримдүү, жакшы адам экенсиз. Кечирип коюңуз, мен Зыйнатты мынчалык тез эле төрөп жиберет экен деп ойлогон эмес элем. Көрсө... Толкунбек караңгыда санабай да, карабай да туруп чөнтөгүнөн он сомдук беш-алты кызыл кагазды сууруп чыгып, байбичеге суна берип минтти:

– Мына сүйүнчүңүз, апа. Сизге алкыштан башка айтаарыбыз жок. Ракмат. Ылайым жамандык көрбөңүз. Эми бизге руксат берсеңиз, кетели.

Аял селт этти.

– Э катыгүн, эмне дейт? Кетем деген да сөз болобу. Жок дегенде келинчегиң бир күнү жатсын кыймылдабай. Азыр жаш төрөгөн немени ордунан козгоп, тургузууга болбойт. Жолго чыкса өлүп калат го, куурагыр. Кой, кой, балам. Кетсең өзүң кете бер. Келинди бир-эки күнсүз жибербейм. Кийин келип алып кетээрсиң. Бала төрөгөн оңой деп турасыңбы, э катыгүн.

Толкунбек кара күчкө күлүмүш болду.

– Машинанын ичи жылуу. Төшөктү жакшылап калың салып, жылуу кийинтип, баласын бооруна кыстырып коюп, машинаны бөжүтүп акырын айдап, кете беребиз. Мен буларды жеткирип коюп, эртең кайра кетишим керек. Аялым төрөп, жумушка келе албай калдым деп айтуу уят да, ыя апа. Азыр көп болсо саат он бир болду. Жылжытып айдап, үйгө бир саатта кирип барабыз.

– Кайсы айылдан болосуңар?

– Таанбайсыз го, атам менен энем экөө тең пансионатта турушат. Башка жактан келгенбиз, бул жердик эмеспиз. – Жигит изин жашырып, ачыгын айтпай чаргытып койду.

– Ии, башка жерлик турбайсыңарбы. Тил албасаң өзүң бил, балам. Бир жаман жери, келинчегиңдин келечегине зобун келип калар бекен. Мындай этибарсыздыктан, төрөтү токтоп, өзү оорукчал болуп калышы ыктымал.

– Түшүнөбүз, апа. Сиз айткан кырсыктан алыс болууга аракет кылабыз да.

Байбиче башын чайкап тим болду. Анын оюнда, бул жигит жаштыгына салып жатат түшүнбөй деп кейиген бойдон, кош айтышып кала берди. Зыйнат тумчуланып, оронуп-чулганып машинанын ичинде наристесин бооруна кыса кучактап алып, ажырашчу мезгил алдыда жакындап келатат деп ойлоп, көз жашына ээ боло албай ыйлап келатты.

Толкунбек ишти ошол эле түнү бүтүрдү. Зыйнатты алып кайра тартты. Аны Фрунзеге жеткирип, келиндин өтүнүчү боюнча баланын эмне болгонун билиш үчүн «Эмгектүү кулда чарчоо жок», – деп эртеси Көлгө кайра келди.

Ал укмуштуудай жаңылыктын үстүнөн чыгам го деп ойлоп жүрөгү алеп-желеп болуп шашып келген. Бирок Толкунбектин ойлогон оюу ордунан чыкпай калды. Жигит келгенде Жайнагүл бир жагынан эгиз уул төрөп кубанычтын үстүнө кубаныч кошулуп жатса, бир жагынан кимдир бирөөлөр түн ичинде бала таштап кетип, аны эч ким көрбөй тоңуп өлүп, Мансур ошону жайына коюп келгени мүрзөгө кеткендигин билди.

«Шектүү шекинет» болуп, тоңуп өлгөн бала жөнүндө Толкунбек энесинен толуктап, эчтеке сурай албай койду. Көңүлүндө Зыйнатка эмне деп айтып барарын билбей, эси эндиреп турду.

Толкунбектин оюна, баланын өлгөнү чын болсо, көзү менен көрүп, жок дегенде бир чымчып топурак сала кетейин деген ой келди. Ошол замат машинасына олтуруп, мүрзөнү көздөй жөнөп кетти. Толкунбек келгенде Мансур «баланы» жаңы эле жайына коюп, тегерегиндеги топурагын чогултуп үйүп жаткан. «Чын эле тоңуп өлгөн тура, кайран бала. Өз көзүм менен көрбөсөм ишенбейт элем ээ», – деп ойлоду ичи эңшерилип. Атасы менен учурашып, колундагы күрөктү алып, калган топурагын чогулткан болуп, бейиттин үстүнө таштады. Кетмен, күрөгүн машинага

салып, атасын жанына олтургузуп алып, жолдо үнсүз келатты...

Бирок өзүнө кереги жок, бир кичинекей көпөлөктүн учуп кеткен көңүлдөгү тагын өз балдарынын кубанычы басып кетти.

– Сен машина менен келчү эмес элең, ырас болбодубу. Жакин чыкканча үйдө болосуңбу? – деди эне уулуна чай куюп жатып.

– Жок, энеке, бүгүн түн катып кайра кетемин. Силер менен учураша кетейин деп эле бура тарттым. Эртең Фрунзеде жыйналыш башталат.

– Кийинки убакта, бизди эстебей баратасың да балам. «Тилипон» менен да сүйлөшкөнүң азайып кетти. Бизди унутсаң да Жакинди унута турган эмес элең.

– Эмнеге унутам, унутпай эле турам, жарыктык. Мен ошол Жайнагүлдүн ал-абалын көрө кетейин деп келдим атайы.

– Ии, көрөйүн дебей анан. Түндө эле Айганыш сага «дилгирем» жиберип жаткан. Сүйүнчүнү ошол келинге бер.

– Жарайт энеке. Тобо, Жакиндин ичи кичинекей эле көрүндү эле. Чынымды айтсам, өз көзүм менен балдарды көргөнчө, тамаша кылып жатабы деп ишене бергеним жок. Көрсө, чын эле эгиз уул төрөгөн тура.

Кына уулунун тукуясыз машина менен келгенинен шектенип турду. «Балким, түндө эшиктин алдына таштап кеткен бала, ушул жубарымбектин кылган иши болуп жүрбөсүн?» – деп, арам ойлоп турду. Эне Толкунбектин сөзүнө минтип жооп берди:

– Кээ бир аял ошентип курсакты кичине көтөрөт, балам. Эмнеси болсо да Кудай бербедиби бизге.

– Үйдөн төрөдүбү, же?..

– Э катыгүн, өзү догдур болсо, үйгө төрөчү беле, эмки заманда катын үйгө туубай калбадыбы. Толгоосу бышкан кезде догдур чакырдык. Эки-үчөө келип, машина менен алып кетишти. Эмне эле мынчалык такып калдың, балам?

Же Жайнагүлдү жалган төрөп жатат деп турасыңбы? Жанагы арамдан туулуп, арам өлгөн баланы үйдүн свети күйүп, жарык болуп турса эле, бизди үйдө экен деп ойлоп, таштап кетти го. Баарыбыздын төрөтканада жүргөнүбүздү билсе, таштабайт эле. Абышка абдан өкүнүп жүрөт.

– Сизчи? Сиз өкүнгөн жоксузбу?

– Эмнеге өкүнөйүн, кайдагы бир бирөөнүн таштанды баласына. Ал өлбөй тирүү болгондо да, бактырмак эмесмин, Жакинге. Балага кардар бирөөгө берет элек да, багып ал деп. Бирөөнүн баласын коюп, өзүнүн тигил эки жаман немесиң багып алсынчы, аман-эсен чоңойтуп. Тобо, ушул эле өзүбүздүн тегеректен бирөө тууса керек, туурасынан кетип. Жайнакенин ай-күнүнө жетип турганын билген немелер, кош бешик кылып багып алат деп ойлоду да. Өлгөнүн кулактары менен угуп, көздөрү менен көрүп, тилин тиштеп өкүнүп олтургандыр, жүзү каралар. Кудай баламдын өз этегинен жалгасын...

Толкунбек кечке үйүндө болуп, саат ондон өткөндө кайра жолго чыкты. Ал Зыйнатка барып, болгонун болгондой жашырбай айтып салды. Зыйнат карындагы балага карк токтолгон жигиттен айрылгандан бетер, жаман аза күттү. Эстеген сайын ыйлап, көз жашы кургабай жүрдү. Өзөктү жарган өкүнүчү, түбөлүккө сакталып, арманы арылбаган бойдон калды. Зыйнаттын арманга толгон жаралуу жүрөгүн алаксытуучу бир гана дары бар болучу. Ал болсо Толкунбектин жакшы сөзү, жалындуу махабаты эле. Баладан кийин анын көңүлү суумак турсун, кайра күйүп жаткан отко бензин куйгандан бетер алоолой берди. Зыйнат мурда ички дүйнөсүн, жүрөктү жарган ууз махабатын аялдык ар-намыс менен ичке сактап, бирин айтпай турган болсо, азыр андай болбой калды. Ал бүт өмүрүн Толкунбекке арнап, жалгыз гана Толкунбек үчүн жашап жаткандай өзгөрдү. Баласынан ажыраган кырсыктан кийин, бат эле күйөөсү менен ажырашып кетти. Эми Зыйнаттын күткөнү Толкунбектен экинчи боюна болуп, экинчи балалуу болуу. Сүйбөгөн

адам менен никелешип дүнүйөгө бөлөнүп, бир кылым жашагандан көрө, сүйгөн жар менен бир саат өмүр сүрүү ал үчүн бакыттай сезилди.

«Сагызган сактыгынан өлбөй, суктугунан өлөт» дегендей бир кезде, Зыйнаттын тузагына түшүп калбоо үчүн сактанган Толкунбектин жүрөгү Зыйнатка аргасыздан байланды да калды. Ушинтип эч нерседен капарсыз жүргөн кезде Жайнагүлдүн келип калышы күтүлбөгөн окуя болду, бирок үй-бүлө деген үй-бүлө да. Орто жолдо Зыйнатка боору ооруп, аны кыйбаганы менен Жайнагүлдү көргөндө алапайын таппай калды. «Жүзүм бар уялам, жүрөгүм бар корком» дегендей, Толкунбектин азыркы ойлоп жаткан ою да, кайгысы да, уяты да, Жайнагүл менен көптөн бери көрүшпөй жүргөн эрди-катындын махабаттуу сагынычын тосо албагандыгында болуп турду. Ал бул күнөөсүнөн кандай жол менен актанып, кандай жол менен аялынын көңүлүн аларын билбей, ой басып жатып көзү илинип кетти...

Эртең менен Толкунбек турса, Жайнагүл үйдөн алып келген аш-тамагын жайнатып, чайын демдеп, күйөөсүнүн туруп чай ичишин күтүп олтурган болучу.

– Жакин, алтыным, мени кечирип койчу. – Толкунбек колуктусун дароо кучагына алып, бети-башынан аймалап өпкүлөп жиберди. Ойдо жок жерден эле тигил аял менен кире калып, сага шерменде болдум.

Жайнагүл күйөөсүнүн оозунан оозун ала качып, башын чулгуп минтти:

– Түү-ү-ү, эмне эле мынчалык оозу-мурдуң сасып, түтүн жыттанып калгансың. Болдучу эми, дем алалбай тумчугуп кеттим. Көңүлүң жай, жүргөнүң аял, түзүк жашап жаткан экенсиң. Биз сени жалгыз, куурап жүрөт го десек, сен... – Келиндин көз жашы мөлт дей түштү. Жигит чөнтөгүнөн бетаарчысын алып, колуктусунун көз жашын аарчыды.

Аялынын сөзүн угуп, оюна дароо Зыйнат түштү. Тамеки эмес, тезек жыттанып турса да, жалынып «жытың со-

нун, жытыңды сагындым» деп чарк көпөлөк айланып тургганын ойлоду. Антсе да Зыйнаттын сааттай болуп мейманканага Толкунбек менен бакырайып чогуу келгенин Жайнагүлдүн көрүп коюшу, акталбаган айыптай болуп, айласы куруп турду. Ал бардык күнөөсүн өзүнүн тынчы жок жумушуна шылтап минтти:

– Ыйлабачы алтыным. Эчен күндөн бери эс албай командировкада темтеңдеп жүрүп, аябай чарчаган турбайымбы. Жаздыкка башым тиери менен өлгөн немедей уктаптырмын анан калса. «Алдыңа келсе атаңдын кунунан кеч», – дейт эмеспи. Кечирим сурайм, Жакин. Кечтим күнөөңдү деп койчу. Айкөл эмес белең.

«Күнөөсү болбосо, эмнеге кайра-кайра кечирим сурайт. Кечээги аял менен бир балекети болсо керек», – деп ойлогон Жайнагүл Толкунбекти бир карап алып минтти:

– Түшүнүктүү болду го баары.

– Койчу эми, кечке эле кагажыктата бербей, айттым го чынымды.

Берки бөлмөдө келин-уулунун сүйлөшкөн сөздөрүн тыңшап, кокус шайтан болуп, ушул жерден чатак чыгып кетпесе экен деп Жанатты кучактап жаткан Кына Жайнагүлдүн токтоолугуна ыраазы. Уулунун «Зыйнат деген шуркуя менен байланышы бар» деген ушактын бекер жеринен чыкпаганын ойлогон сайын от жутуп турду. Анан дагы Үсөндү тууган энеси ушул бетбак болбосун деген ой ичин ийдилеп жатты. «Тобо, бирөөнүн катыны бирөөгө кыз көрүнөт» деген ушул. Мен бул экөөнүн бири-биринен ысыгы тарап, бирөөнү карап эгерим күлүшпөйт го деçү эмес белем. Көрсө, шайтан экөөнүн ортосун эчак аралап кеткен неме тура. Колуктусу тыякта ата-эне деп, балдар деп тырмаңдап, көр оокат менен алышып жүрсө, мунун бул жакта жүрүшү бул. Дөбөткө окшоп, бир канчыктын артынан ээрчип калган неме тура. Шайтандын оспасы жаман болуучу эле. Оо, Кудай, бул окуянын арты кандай болуп кетээр экен. Мунун ушинтип жаман жолдо жүргөнүн кайын жур-

ту укса эмне деген бет калат. Жайнагүл тил алса көчүп келип, күйөөсү менен бирге жашап, тигил дөбөттү өз колуна албаса, болбой калган турбайбы». – Толкунбек душтан чыгып кийинип жаткандай болду. Дабыш тыңшаган Кына, уул-келинине кайрадан кулак төшөйт. Жайнагүлдүн күйөөсүн чайга чакырып жаткан үнү угулду:

– Кел, олтур. Жумушка ачка кетесиңби?

Ушул кезде Толкунбектин жүрөгүнө чыны менен эле уятынан тамак баспай турган. Ал аялына чын сырын айтып минтти:

– Эртең менен эчтеке ичпей, ачка кетип жүрүп көнүптүрмүн. Кудай урсун грамм тамак ичким келсе. Жаман көзүң менен карабачы деги, түштө келип, канча ич десең ичип берейин.

Жайнагүл кекерлүү күлдү.

– Баш жазгың келип турган жокпу? Тигине арак десе арагың, коньяк десе коньягың, бальзам десе бальзамың бар экен. Тим эле камкор жашап жатыптырсың. Ичесиңби, куюп берейин?

– Алардын турганы качан. Ичип жүргөн экен деп корккпой эле кой. Баягы жаңы келгенде эле, куру кол келе алышпай жолдоштор алып келишиптир. Турат ошол бойдон ичилбей. Ансыз деле бул жакта ичкенди жаш-кары дебей жаман көрүшөт экен.

– Ал жагы жакшы экен. Эми эртең мененки насиптен ооз тийбейсиңби. Таң атпай саат жетиде башталабы, сенин жумушуң?

– Билбейсиң да-а-а, ишимдин чачымдан көп экенин. Эрте барбасам болбойт, Жакинтай.

Толкунбек столдун чекесине олтуруп бир стакан сүт, бир тилим нан жеп алып ордунан турду.

– Эми санааң тындыбы?

– Мен үчүн ичип жаткансып сүйлөйсүң да.

Толкунбек аялынын мурдунан чымчып коюп чыгып кетти. Жайнагүл балконго келип, Толкунбекти айнектен

узата карап, ичи туз куйгандай ачышып, мостоюп турду: «Башка аял менен жүрөт деген ушундай болобу», – деп ойлоду ызага ууланып.

Уулу чыгып кетээри менен Кына ордунан туруп келинининин жанына келди. Бөлмөнүн ичиндеги тынчтыкты көрүп, тамагын жасап койду демиккен эне.

– Турдуңузбу? – Көз жашын кайненесине көрсөтпөй, кол жоолугу менен акырын сүрттү. – Чай ичели.

– Ичели, алдыңа кетейин.

Кына Толкунбек жөнүндө ооз ачып, эч нерсе сурабады. Кокус келинимдин оозунан жагымсыз сөз чыгып кетеби деп сактанып, баласы эмес эле, өзү күнөөлүү болгонсуп, кайпактап турду. Эненин көзүнө жайылып турган дасторкондун үстү биринчи урунду. Жайнагүл кечээ жер-жемишти кеңири алып келип койгон. «Ой, берекелүү байкушум ай, эми мунун баарын ким жеп бүтүрөт», – деп ойлоду ичинен.

– Эне, алсаңыз. Кайсынысына табитиңиз тартат, жей бериңиз коркпой. Жер-жемиштин пайдадан башка зыяны жок. Бул жакта баары бышат. Тоо-токоюнун баары эле жапайы алма, өрүк, мисте, жаңгак, жийде. Мен жеңемдин төркүнүнө абамдар менен келген сайын, аларды ээрчип жүрүп көрбөгөн жерим калган жок. Сары-Челек, Кара-Алма, Арсланбап сыяктуу жерлерди көрсөңүз, тим эле укмуш да.

– Гүлайымдын төркүнү кайсыл жакта? Бул жерге жакынбы?

– Жок, бир топ алыс. Жанагы мен айткан Сары-Челек деген көлгө жакын райондон.

– Ооба, ооба, Сары-Челек дешип, катуу даңазалашат го деги. Жарыктык, касиеттүү жер тура, бул Ош дегениң.

– Мына бул кенедей болгон байкуштар менен чыйылдашып, ысыкта автобус менен алыска жол жүрүү кыйын. Болбосо сизди ошол жердин баарын көрсөтүп келет элем...

Кайнене менен келин ушинтип сүйлөшүп олтурушуп, чайды кандай ичкендерин да билбей калышты. Бир убакта

аркы бөлмөдөн Жанаттын «Э-н-е-е!» деген үнү чар дей түштү. Ушул эле эжесинин ойгонушун күтүп турушкансып, Асан менен Үсөн да ойгонушту. Үйдүн ичи өзүнчө эле базардай жайнап, өзүнчө эле бир айылдуу адамдардай болуп бака-шака түштү да калды. Кына менен Жайнагүлдүн бирибирине сыр билгизбей, ичтеринен сызып, жүрөктөрүн таштай өйүп турган ой-санааларын үч баланын зери учуруп кеткендей болду.

А Толкунбек болсо, Жайнагүлдүн жанынан чыгары менен, эки жагын карабай, түз эле Зыйнаттын үйүн көздөй сызды. Кечтен бери жалгыздыктан жанын коёрго жер таппай таңды атырган Зыйнат звонокту угуп, төшөгүнөн томолонуп турду. Ал Толкунбектин звонок бергенине чейин билүүчү. Ал эмес машинасынын моторунун үнүн, анын токтогонун башка машиналардын арасынан ажыратып таануучу. Аял түнкү ич көйнөкчөн, чачы саксайган бойдон барып эшикти ачты. Экөө босогодо бирин-бири тааныбаган адамча тиктешип токтоду. Бирок бул үнсүз тиктешүүлөрдүн түпкүрдөгү мааниси: «Сен экөөбүз канткен менен бири-бирибизди кыйбайт экенбиз» деген ой толгоолор болучу. Зыйнат Жайнагүлдүн балдарын, Толкунбектин энесин көрүп келгенден бери, ичи оттой жанып, күйүттөн өзүн жоготуп, өз бактысына өзү наараазы болуп, ой-боорунча ыйлап, ой-боорунча тамекини таң атканча тартып, ачуусун ачуу менен бастырып, уйкусу канбай, оору менен соонун ортосунда башы каңгып, көздөрү кызарып, кабактары шишип, кебетеси кетип калган. Толкунбек Зыйнаттын ич тарлыктан капа болоорун мурда эле түшүнгөн. Бирок анын бир эле түндө мынчалык болуп кетээрин билген эмес. Азыр ал көргөн көзүнө ишенбей турду. Башка да бирдеме болдубу деп ойлоду. Экөө үндөшпөй, ээрчише басып залга кирişти.

– Мен сени келбейт экен дедим эле, – деди Зыйнат.

– Эмне үчүн? – деди Толкунбек.

– Үй-бүлөң келди да. Баса, кечээ мени Жайнагүлүң, бул кайдагы неме дедиби? Же байкабай калыптырбы? Бир жакшы жери, мен аларды көрөрүм менен эле дароо бурулуп чыгып кеттим. Таанылбасын деп ойлодум. Аяш энем билген жок. Катының чала-була байкап калгандай болду эле. Эмне деди? Урушкан жокпу?

– Чала-була эле көрдү да. Анан калса мейманкананы төбөбүзгө көтөрүп, каткырыгыбыз таш жарып, ээн талаада жүргөнсүп капкайдагыны сүйлөп аңырандап келатпадык беле.

Зыйнаттын сунган сигаретин Толкунбек «тартпайм» деп башын чайкап албай койду. А келин болсо, өзүнүн оозуна салып тиштеп турган тамекисин күйгүзүп, ширенкенин талын күл түшүргүчкө ыргытып, түтүнүн буркурата үйлөп минтти:

– Сен эмне, тамеки да тарткың келбей калганбы?

– Ооба, тарткым келбей калды.

– Жайнагүл тамеки да тартпа, арак да ичпе деп ультиматумду катуу коюп жаткан го дейм.

– Арак ичпесимди ансыз да билет. Тамеки жөнүндө сөз да болгон жок. Бирок бул итиң көкүрөктү ыштап жаман кылат экен. Бир Кудай урган кургак жөтөл пайда болду мага. Тамекиники дейт.

– Көп ичкендин көөнү, аз ичкендин пейли билет. Тамеки тартасыңбы, тартпайсыңбы, арак ичесиңби, ичпейсиңби, ал өз ишиң. Мен сенин эмнеңе ыраазы болуп турганымды билесиңби?

– Эмнеме ыраазы болуп кеттиң?

– Зыйнат байкушту эсиңе алып келгениңе. Оңой менен чыга албай калды го деп жаттым эле. Сен Жайнагүлүм токтоо, кечиримдүү, акылдуу деп көп ишене бербе. Тышы жалтырактын ичи калтырак болорун билесиңби?

Кылча кылмышы жок аялына карай айтылган мындай жагымсыз сөз жүрөгүн силкип алды. Кабагы бүркөлө

түштү. Мурда аялы жөнүндө бул сыяктуу жагымсыз сөздү укпаган Толкунбек кабарчыктап минтти:

– Жок, Зыйнат кечиресиң, менин Жайнагүлүм сен ойлогондой, ичи калтырак, кем акылдардан эмес. Суранам сенден, бири-бирибиздин үй-бүлөбүзгө сөз тийгизишпей жүрөлүчү. Ансыз да уятымдан эмне кыларымды билбей турам. Жүрөгү ооруп, капа болуп калдыбы деп таң атканча кирпик какпай, санаага батып чыктым.

– А мен жөнүндө ойлогон жоксуңбу, байкуш Зыйнат эмне болуп жатат экен деп. Анан дагы жападан жалгыз бир үйдө. – Зыйнат Толкунбекке таарынып, туйтуңдай баштады.

– Түшүнсөң боло, ал менин ак никелүү аялым да. Чолпондой болгон үч баланын энеси. Же менин үй-бүлөмдүн бар экендигин билген жок белең. Ууру жумуш уурудай болуш керек. Экөөбүздү сылык-сыпаа сөз менен айтканда тим эле «көңүлдөш» деп коёт. Орой сөз менен айтканда ойношпуз. Анан дагы экинчи жолу түндөгүдөй телефон чалганыңды токтоткун.

– Сен ушуну айтканы келдиң беле?

– Ооба, ушуну айтканы келгемин. Жайнагүл менен энем кетмейинче экөөбүз кезигишпейбиз да, сүйлөшпөйбүз да.

– Балдарыңды көрөйүн деген элем. Балким, ал экөөнүн бири менин балам болуп калсачы?

Бала жөнүндө айтылган бул сөздү угуп, жигиттин төбө чачы тик турду. Зыйнаттын кээ бирде уят-сыйытты билбей ойлогон оюн орундатпай жаны тынбаган жайылдык жайын Толкунбек түшүнүп калган. «Кыздын баары эле жакшы, жаман катын кайдан чыгат» дегендей, Зыйнаттын кыз кезиндеги кыялы бүтүндөй өзгөрүп кеткен. «Кокустан мага өчөшүп өз баламды өзүмө бер, мунун бирөө меники деп талашса эмне болот? Бул менден өлүп ажырабаса, тирүү ажырабачу неме окшобойбу, – деп ойлоду кейишке түшкөн Толкунбек. – Ошон үчүн муну өчөштүрүп, жинине тийбей, алдап-соолап гана туруш керек». Ансыз

деле Зыйнатты көрбөсө, бир кымбат нерсеси унут калгансып, өз көңүлүнүн толбосун да билди. Андан дагы бир эле түндүн ичинде ушунчалык абалга келгенин көрүп, боору ооруп турду.

– Койчу эми Зыйнатка, ашык сөздүн кереги эмне. Эгиз деген эгиз. Өз баламды өзүм алып олтуруп, кантип калп айтып сени кансыктатайын. Бул жөнүндө касам ич десең касам ичип, карган десең карганып берейин. Асан менен Үсөнду билгиң келсе, биринин кебин бирине кийгизип койгондой окшош. Жайнагүл алардын кийимдерине «Асан», «Үсөн» деп жазып коёт экен. Антпесе, кимиси Асан, кимиси Үсөн экенин адам таанып биле турган эмес. Мындай окшоштуктар эгиздерде гана болорун билесиң да. Мен тигил тоңуп өлгөн бала жөнүндө айттым эле го сага. Ал эмес мүрзөсүнө чейин барып, топурак салганымды уккан жок белең. Төлгөгө деле киши ишенет турбайбы. Ташка караганда мен адаммын го. Ошол кезде үйдөгүлөрдүн баары Жайнагүлдөн коркуп, төрөт үйүндө жүрүшкөн тура.

Зыйнат мойнуна алгандай шылкыя түштү. Анан өзүнөн өзү буулугуп ыйлай баштады. Чындыгында эле анын арманы арылбай калган шордуу болучу. Күйөөсү менен ажыраша турган болгондон кийин, баласын ачык эле төрөп албаганына өкүнүүчү. Бирок минтип баласынан кол жууп калаарын, күйөөсү менен ажырашаарын билген жок да. Бала жөнүндөгү бардык ишеничи Толкунбек болбодубу. Ошол он ай көтөрүп, омурткасы сыздап төрөгөн баласын тоңуп өлдү деген суук сөздү уккан минутадан баштап, көргөн күнү тар болду. Басса-турса ойлогону да, эстегени да ошол бала. Анын бир алаксыганы Толкунбек, бир алаксыганы өзүнүн өнөрканасы. Зыйнат полотнолорго кыл калем менен өз өмүрүнөн алып эмне деген гана сүрөттөрдү, ажайып пейзаждарды, портреттерди тартпады. Баласы өлүп, кара кийип, кан жуткан эненин сүрөтү Зыйнаттын жүрөгүнүн тереңинен сызылып чыгып, полотного түшкөн өзүнчө эле бир, эч бир адам байкоос албаган романтикалуу

жандуу чыгарма болду. Дагы бир картинасында: көгүлтүр нурун бөлмөгө алсыз чачкан лампочканын жарыгы көңүлсүз бүлбүлдөйт. Айлана тымтырс. Түн бир оокумунда жаш аялдын койнунан туруп, кийинип чыгып бараткан жигит менен жалоорул жалгыз калган аялдын кейпинен, бул эки адамдын тагдырынын келишпес эки ачалыгы дароо көз алдыга тартылат.

Кийинки учурда мына ушул өз максатына жетпей, сүйүүдөн бактысыз калган аялдар темасына байланыштуу май боёктор менен тирүү адамдай образдуу тартылган сүрөттөр Зыйнаттын негизги темасы болуп калды. Анын мындан башка экинчи темасы бала. «Балалуу аял бактылуу» деген девиздин алдында жарыкка чыгарган «Баатыр эне» деген сүрөтү республикалык сүрөтчүлөр союзу тарабынан жарыяланган конкурста байгелүү сыйлыкка татыктуу болду.

Зыйнаттын азыркы бирден бир максаты, кандай гана болбосун, Толкунбектен балалуу болуп, өткөндүн өтөлгөсүн алуу болучу. Бирок мындай бакыт анын башына конобу, конбойбу, ким билет...

Толкунбек жолдо катар бирде Зыйнатты, бирде Жайнагүлдү ойлоп баратып, өзүнөн өзү жүрөгү ооруп чыкты. Ишине барып, машинасын гараждан айдап чыгып, кабинетине жөнөп кетти. Бул жерге эки күндөн бери келе элек болучу. Инженерди көргөн курулушчулар жандана түштү. Мастер Толкунбектин жанына басып келди.

– Салом алейкум.

– Алекима салам. Кандай иштер?

– Жаман эмес, жүрүп жатат. – Экөө ээрчише басып, фундамент куюп жаткан жумушчулардын жанына барып токтоду.

– Иш илгери болсун, жигиттер!

– Илгерилетмек сизден болсун. Келиңиз!

– Минтип фундаментти куя баштадык, – деди бригадир, Толкунбекке көңүл бура карап. – Буюрса, бул жу-

манын ичинде маналитти бүтүп, анан башмак коё баштайбыз. Үйдүн фундаменти бүтүп, кирпичтер коюла баштады дегенче, адатта иштин темпи ылдамдап, курулуш көзгө көрүнө баштайт эмеспи. Азырынча комсунбай коё туруңуз.

Чындыгында Толкунбектин көзүнө бул курулуш дегеле үстүбүздөгү беш жылдыкта бүтпөөчүдөй болуп көрүндү. «Көз коркок, кол баатыр», – деп ойлоду ичинен. Ушинтип бүтпөөчүдөй болуп жатып, мунун да калкка кызмат кылуучу мезгили келет. Ары-бери басып, жумушчулар менен сүйлөшүп, курулушка зарыл керек болуп жаткан шагыл менен майда кумдун, цементтин запасы азайып баратканын көрүп блокнотуна жазып алды.

– Прораб келдиби бүгүн? – деп сурады, жумушчулардан.

– Келди, Толкунбек Мансурович, ал материалдды эртең менен эрте жиберем деп кетти.

Бетон куюлуучу фундаментке эки-үч тонна аралашма бир баткан темир челекти кранга көтөртүп, аны керектүү жерге тууралап коё албай жаткан жигит өзүнчө сөгүнүп жатты. Ушул саамда Толкунбектин көздөрү коркунучтуу алайып, ката түштү. Азыр ага, тигил калчылдап, карыша кармап турган жигитти жүктүү темир челек жыга коюучудай болуп көрүнүп кетти. Ал кандай учуп жеткенин өзү да билбей калды. Толкунбек менен бригадир алиги жигит үчөөлөп темир челекти туш-туштан кармаганда гана жүктүн чайпалганы зорго токтоду. Ушул маалда инженер крановшикке ачуулуу кыйкырды:

– Эмне карап турасың, түшүрбөйсүңбү жүктү!

Ошол замат кранды бирөө катуу силкип жибергенсип, чайпала түшүп, оор бетон аралашма, тигилерди ары-бери сүрдүктүрүп барып, жүк акырындык менен жерге коюлду.

Иш менен алаксып жүрүп Толкунбек түшкү тамак болуп калганын экинчи объектиге барганда билди. Ал саатын бир карап алып, ошол замат башка чапкандай кайра

тартты. Түшкү тамактан кечигүү, Толкунбекке Жайнагүлдүн ишениминен биротоло чыгып калуучудай сезилди. Толкунбек Зыйнат менен көңүлү жакын болуп, бузукулук жолго түшкөнү менен Жайнагүл үчүн ойлогон оюу, тилеген тилеги чексиз болучу. Ал машинанын ичинде кечээки күнөөсүн кантип жуурун билбей, эстеген сайын эки бети чоктой жанып келатты, «Тү-ү, ит эле болдум. Ушунча күнү көрүшпөй, сагынычтан дегдеп келген жарыма жакшы ооз сөзүм жок, сокодон чыккан аттай болуп өлгөн немедей аяк серппей жаткан кантип сүйгөн жардын иши болсун. Жайнагүлдөн уялганымдан балдарымды да атага окшоп, кумардан чыга жыттап, моокумум канып, өбө албадым. Мени энем эмне деп ойлоду болду экен? Экөө мен жөнүндө сөзсүз сүйлөшүштү. Бирок эмне деп сүйлөшүштү?! Энем келинин кызындай көрөт. Сырын менден жашырса жашырат, бирок андан жашырбайт. Эмне кылсам, же кечирим сурап, чынымды айтып, жаңылдым-жаздым, десемби?» – Ою ушул жерге келгенде Толкунбектин бүткөн бою дүркүрөп, өз оюнан өзү чочуп кетти: – Жок, жок, кантип өз айыбын өзү ачкан жакшылык болсун.

Ушинтип чалды-куйду ойдон башы айланган Толкунбек машинаны кандай ылдамдыкта айдап келатканын да байкабады. Ал мейманкананын алдына катуу келип тормозду басты. Машина сүрдүгүп барып токтогондо гана эсине келди. Машинадан түшүп, эшикке жакындаганда туура тушунан чыккан «Аба-а-а!» деген үндөн жалт этти. Ошол замат Кынанын колунан колун бошотуп, өзүн көздөй көпөлөктөй учуп келаткан Жанатты көрүп, кабагы жарк этти. Кош канатын жайып, Толкунбек да кызын көздөй далбас урду. Көзду ачып-жумганча кучагына жабыша түшкөн баласын кош колдоп жерден таптак көтөрүп алып, өпкүлөп жиберди. Кирпиктери саландап, көздөрү жаңы туулган ботонун көзүндөй жайнап, ак кагаздай болгон жүзүнө жарашып, сексейген кыска чачына бир тутам гүлдөй байланган бант наристенин көркүнө көрк, сулуулугуна сулуу-

лук кошконсуп, атасынын ичин элжиретип жиберди. Толкунбек тээ бир оокумга чейин кайра-кайра өпкүлөп, кайра-кайра жалына берди.

– Секет кетейин сексейген сексегим, кызыл гүлүм, күнүм, тунум, тукумум, туурум...

Кына уулунун кызына жалынган сөзүн угуп, көздөрүнө жаш айланып, мууну бошой түштү: «Байкуш балам, – деди ичинен, – тунуң экени да, тууруң экени да чын. Кудай сага аялды да, баланы да жараштырып берди эле. Бузулбаса экен уяң. Корком балам сенден. Жүрүшүң шойкомдуу көрүнүп калды».

Ушул кезде Зыйнат кинотеатрдын афишасы чапталган досканын алдында ары карап, Толкунбекти акмалап турганын эч ким билген жок. Жигит кызына жалынган сайын, анын өзөгү өрттөнүп, жүрөгү күйүп, ичи туз куйгандай ачышып, өзүнчө эле куйкаланып жатты. Келиндин кулагына Жанатка жалынган Толкунбектин ар бир сөзү кызына эмес эле, Жайнагүлгө жалынгандай болуп туюлду. «Кызы кудум эле энесине окшош экен» – деп өзүнөн өзү күнүлөөдөн күл болуп турду.

Толкунбек кызынын көздөрүнөн алмак-салмак өөп-өөп алып минтти:

– Жакин үйдөбү? Бөбөктөрүң ыйлаган жокпу? Эмне, энең экөөң абам качан келет деп мени күтүп турдуңарбы?

– Жайна жеңем сага тамак жасады, аба. – Кыз экинчи кабатты карап сөөмөйүн көрсөттү, – тигине Жайна жеңем, аба, тигине. Асан менен Үсөндү көтөрүп бизди карап турат. Жанат бөбөктөрүнө кыйкырды: – Ээ-й, Аса-а-а-н! Үс-ө-ө-н! Мени карагылачы, абамдан чоң болуп калдым. – Алакандарын чапкылады кыз. – Эй, сен Үсөнсүңбү же Асансыңбы? А сенчи, Асансыңбы же Үсөнсүңбү? – Кыткылыктап күлөт.

Толкунбек өздөрү жашап турган бөлмөнүн балконуна эки уулун эки колу менен имере кучактап, алдындагы кичинекей столго таканчыктатып, өзүн карап, томсоруп тур-

ган аялын көрүп, жүрөгү сызыла түштү. Колдорун көтөрүп, аларга карата сунуп, анан өз манжасын өзү өөп, балдарына ышкырып койду. Алар ансайын тим эле атасын тааныган немеден бетер, талпынгандан талпынып, тынымсыз үн салып, экөө бирдей буттары менен соку жанчып, колдору серендеп жатты. Толкунбек балдарынын кылык-жоругун көрүп, кубанычтан толуп, эт жүрөгү элжиреп турду.

– Э, эне, балдарыңыз торолуп, адам болоюн деп калышыптыр ээ.

– И, каралдым, адам болоюн дебей анан. Карыбадыбы. Байкуш Жайнагүл энелигинен чыдады го экөөнө. Баланын азап-тозогуна эне гана чыдайт тура. Бул экөөнүн ыйлаагын айтпа. Эми, эми гана жоошуюн деп калышты.

Ушинтип кожурашып сүйлөшүп, ээрчише басып, үчөө кирип кетишти. Зыйнат ушул саамда афишаны да карабай, өткөн-кеткенге да назар салбай, тээ экинчи кабатта, эки баланы эки колу менен имере кучактап, экөөнү алмак-салмак жыттап коюп, дүнүйөсү түгөл тартып, бул ааламда өзүнөн бактылуу аял жоктой, жүзүндө кубаныч ойноп, жадырап-жайнап турган Жайнагүлдөн көз албай жалдырай тиктеп туруп: «Бактылуу неме экен», – деп ойлоду ичинен. Ал ушул сүрөттү өз чыгармасына пайдаланууну көңүлүнө түйүп койду. «Эгерде менин балам болгондо, ушуларга окшоп торолуп калмак турбайбы. А балким экөөнүн бири менин балам болуп калсачы». – Зыйнат көптөн бери көңүлүндө жүргөн эски оюн дагы кайталады: «Бирок бул экөөнүн бири менин балам экенин ким далилдеп, ким айтып берет. Эч ким! Ал байкуш баламдын эмне болгонун бир караңгы түн, бир аяздуу шамал, бир ак кар, көк муз жамынган кара жер, анан Толкунбектин үй-бүлөсү гана билет. Ой арманым ай. Ушул эгиздин түгөйүн мен төрөп, кызыл эт кезинде ушулардын эшигинин алдына алып барып таштап кеткен болчумун деп кимге арызданып, кимден жардам сурайм. Мен сенин эриңден тууп, анан батыра албай сенин эшигиңдин алдына алып барып таштадым эле

деп Жайнагүлдүн өзүнө айтып, бутуна жыгылып, кечирим сурайынбы. Оо, жок, жок, анте албайм». – Зыйнат ушинтип өзү менен өзү сүйлөшүп туруп эле, бир оокумда, капысынан жапайы үн менен: «Жо-о-ок, менин балам тирүү эмес. Аа, баса тоңуп өлгөн да» – деп, ушул эки сөздү кандай айтып, кандай кыйкырып жибергенин өзү да билбей калды. Зыйнат өз үнүнөн өзү чочуп кетти. Көздөрү канталап, өңү өчүп, калчылдап ыйлап турган келиндин жанына улгайып калган бейтааныш аял басып келди.

– Кагылайын, жүрчү тигиндей, олтуруп эс алчы кичине. Күйүттүү байкуш окшойсуң. Ыйлабай кайрат кыл. Жаш турбайсыңбы, сөзүңдүн төркүнүнө караганда балаң чарчап калган сыягы бар го, кырсыктан.

Келин оозуна кирген жашын жутуп, башын чайкады.

– Жок, жок, менин эч жакта балам жок.

– Анан кайсы баланды айтып жатасың, катыгүн, тоңуп өлдү деп. Атаны бечара айе, акыл-эси ордунда эмес, айнып калган неме го. – Аял жакасын кармады. – Кудай, ушундай акыл-эсинен ажырагандан сакта.

Мейманканадан чыгып келаткан аял, обочо скамейкада кебетеси кетип бирөө менен олтурган Зыйнатты таанып чочуп кетти: «Э катыгүн, тигил Зыйнат Эсенова го ыя?» – Жанына барды. Салам айтып, кол алышты. Эз болгон немедей олтурган келин, тигил таанышын көрүп дароо өзгөрө түштү. Көз жашын сүртүп күлгөн болду. Бирок жанында олтурган алиги бейтааныш аял, башын чайкап кейиштүү үн катты.

– Катыгүн ай, оорулуу бала го бул бечара. «Балам өлдү» деп ыйласа, боорум ооруп, эмне кыларымды билбей кетиптирмин.

– Эмне деп жатасыз? Ал кайдагы өлгөн бала экен? Сиз эмнеси болосуз?

– Ой кокуй, мен эч кимиси эмесмин. Мейманканага түнөйүн деп келген жолоочумун...

Булар ушинтип жатканда, Толкунбек машинасына түшкөнү баратып Зыйнатты көрүп, жүрөгү шуу дей түштү. Көргөн көзүнө ишенээр, ишенбесин билбей, эки жагын карабай, түз эле машинасына жетип, шашкалактап кабинага кирип баратып, Жанаттын: «Аба-а-а!» – деп кыйкырган үнүн укса да укмаксан болуп, кабинанын эшигин тарс жапты. Ошентип, жигит эч нерсе көрбөгөн көрдөн бетер, Жайнагүлдүн кучагында колдорун сереңдетип балкондо турган балдары тарапты караганы менен, эч кимди баамдай алган жок. Кокус Зыйнат, артымдан чуркап, кыйкырып жибербесе экен деп, дене бою дүркүрөгөн калыбында, машинаны от алдырганча шашты. А Зыйнат болсо ушуну эле күтүп тургансып, машина ордунан козголор замат, ордунан учуп туруп, Толкунбек кеткен тарапты көздөй шашылды...

Келгенден бери кайсыл убакта чатак чыгып кетээр экен деп, балдарынан санаасы тынбай, жүрөгүнө оңчулуктуу тамак баспаган Кына. Жумуштан Толкунбектин кичине эле кечигип келиши да эне үчүн арылбас кайгы болду. «Кагылып кетейин, кечикпей келчи. Балдарың да, колуктуң да сени күтүп калышат экен!» – деп Жайнагүлгө угузбай уулунун кулагына кумдай куя берет шыбырап. А Жайнагүл болсо көбүнчө кайненесин аяйт. Биздин ыйкы-тыйкыбыздан, кокус оорусу кармап жатып калат деп коркот. Ал Толкунбек менен эмне деп сүйлөшүп, кандай кылып сырын тартаарын билбей эрдин кесе тиштейт. «Жылкы аласы сыртында, киши аласы ичинде» деген ушул экен го деп ойлойт. Үсөндү эшигинин алдына кимдир бирөөлөр таштап кеткендигин Толкунбектен жашыргандыктарын ойлоп өкүнөт. Мурда эле бул иш ачык болгондо, күйөөсүнө айтаар сөзү башка болоору белгилүү эмес беле. Эки баланын бири-бирине окшоп, Толкунбектин оозу-мурдунан түшкөндөй болуп калаарын Жайнагүл кайдан билди. Жүрөктүн тереңинен чыккан Үсөн деген жаранын үстүнө кошулган дагы бир жара кечээки Толкунбек менен келген аял болуп турду.

– Эне, – деди Жайнагүлдүн үнү каргылданып, балким, Үсөндү тууган энеси, кечээки аял болуп жүрбөсүн. Мен ошондон шек санап турам. Сиз кандай дейсиз, бул шумдук го ыя, эне.

Жайнагүлдүн бул сөзү Кынанын оюнун төбөсүнөн түштү. Мындай шектенүү энеде мурун эле, кечээ Толкунбек менен келген бейтааныш аялды көргөн мүнөттөн баштап пайда болгон болучу. Аял келинине кандай жооп берерин билбей, буйдала түштү. Жүрөгү алып учуп, кекиртегинен чыга каччудай, оозуна тыгылып турду. Муундарын майда калтырак басып, өңү кубара түшкөнүн байкаган эстүү келин, сестейди. Эне канчалык жашырайын дегени менен баласынын араандай ачылып турган айыбы, Кынаны сөзгө сөлтүк, кепке кемтик кылды. «Жок эле дегенде Үсөн Толкунбекке окшобой калганда эмне» – деп ичинен өз уулуна өзү наалат айтып, түтүнү жок күйүп турду. Бул жоболоңдуу жорук акыры жакшы жакка алып барбасын түшүндү. Үч балалуу Жайнагүл эмес, турмушу келишпей шайтан болуп, беш-алты баласы менен деле ажырашып кеткен аялдарды өз көзү менен көрүп жүргөн жок беле? Жаман айтпай, жакшы жок, Толкунбек аялы менен ажырашты дегенче, жалгыз өз ырысын эле кыркпастан, үч баласы менен ата-энесинин ырысын кошо кыркарын ойлоп, эненин кош эмчеги алмак-салмак сыздап кетет.

Баятадан көңүлүндө жалгыз гана жамандыкты ой жоруп, кумпайып олтурган Кына келинин жалынычтуу карап, күнөөлүү немеден бетер минтти:

– Алдыңа кетейин, сен билбеген менде эмне сыр, эмне кеп бар эле. Бул эркек дегениң мурду жок букага окшогон неме болот тура. Бардыгы бой-бойдок жүргөндүктөн болуп кетти го, балам. Өзү да өз күнөөсүн билип, бүгүлүп турат. Эгерде өз жүрөгүңө өзүңдүн алың жетсе, бул итке кечирим кыла алар белең. Атаң менен мен үчүн, үч балаң үчүн. Үсөн да сеники. Аны меники деп эч ким талаша да, ала да албайт. Толкунбекке бул сырды жашырбай башында айт-

сак болмок экен. Эми болбой калды. Укпаган, билбеген бойдон кала берсин. Укса кийин, тээ бир кезде угаар. А балким, Үсөндү тууган энеси бул келин эмес чыгар.

– Мүмкүн. Айтор, ойлой берип менин да башым катты. Түшүнбөйм. Толкунбек чыны менен эле ушунчалык бузулуп кеттиби? Анын оюнда мени менен ажырашайын деген ниети жок. Сиз айткандай бир шайтан болду да.

Жайнагүлдүн жумшак, жүйөлүү сөзүн угуп, Кына келинине эреркеп шолоктоп ыйлап жиберди.

– «Эки дөө урушса, ортосунда кара чымын кырылат» дегендей, бир көшөгөсү көгөрбөгөн шуркуянын кесепетинен, ортоңорго от түшүп, карыган кезибизде, абышка экөөбүз талаада калбасак эле болду.

– Толкунбек талаада калтырса да, мен талаада калтырбайм, силерди. – Көз жашы тегеренди. – Мынча болду, бир жума туруп туралы. Дем алышта уулуңуз жер көрсөтөм деп жатпайбы. Көрсөткөн жерин көрөлү. Кылык-жоругун байкайлы. «Эр менен эттен көңүл калбайт» деген чын болсо керек. Билбейм эмне үчүн экенин, ага өзүм таарынганым менен жүрөгүм дагы эле Толкунбек деп согуп тургансыйт.

Кына бул сөздү угуп келининин жүрөгүнө да, өзүнө да ичек-боору эзилип кетти. Жер жүзүндө болгон жакшылыктын баарын ага каалап, келининин токтоолугуна, көтөрүмдүүлүгүнө ыраазы болуп: «Баракелде, адам экенсиң», – деди ичинен. Качан, кайсы убакта кыйкырып-өкүрүп, чаң-тополоң түшүрөр экен деп үрпөйүп турган эненин кооптонуусу бир заматта шамал айдаган булуттай тарап, санаасы тына түштү. Көңүлүндө Жайнагүлгө кандай жакшы сөз таап айтаарын, эмне берип көңүлүн көтөрөрүн билбей, кубанычтан өз терисине өзү батпай албырды...

...Кына менен Жанат балконго чыгып, Жайнагүлдүн кеткен жагын карап турушкан. Бир кезде Толкунбектин машинасына окшогон машина келип, мейманкананын алдына токтоду эле Жанат: «А-ба-а» – деп, теребелди жа-

ңырта кыйкырып жиберди. «Окшош машина болсо эле, сенин абаң болмок беле!» дейин дегенче болбой, чын эле эшиги шарт ачылып, кабинадан Толкунбек чыкты. «Абам гүл алып келатат, абам гүл алып келатат!» – деди атасынын колундагы ак роза гүлүнүн тестесин көрүп, өзү чыгып турган столдон жерге түшүүгө жанталашып. «Оо, атаң сага сонун гүл алып келаткан турбайбы. Байкуш балам, кыйратып салгансып, гүлдү эмне кылат экен?» – деп койду, гүлгө арзыбай, комсуна түшкөн эне. «Кап, кичине коё турса, базарга машина менен барып келмек тура». – Кейипкепчип, келининин жөө кеткенине өкүндү.

Жол килем төшөлгөн ичке коридор менен астынан тосо чымын-куюн болуп, чуркап келаткан кызын Толкунбек көтөрүп алды.

– Жеңең барбы?

– Жок үйдө. Тамак сатып келет, жеңем.

– Тамак? Эмне тамак?

– Билбейм.

– Качан кетти?

– Эртең кеткен.

Толкунбек күлүп жиберди.

Уулунун эрте келгенине эне аябай сүйүндү. Жайнагүлдүн кайда кеткенин сурай электе эле, Кына өзүнчө кобурап кирди.

– Сенин минтип эрте келээриңди билген жок го Жакин. Базарын да билбейт экенмин, алыс-жакынын. Таба алсаң артынан барып келсеңчи.

Алып келген гүлдестесин, вазага суу куюп, ага кынаптап салып столдун үстүнө койду. Анан кроваттын үстүндө жанаша уктап жаткан Асан менен Үсөндүн жанына жакын барып, бир оокумга чейин кирпик какпай, күлүмсүрөп тиктеп туруп, эки уулунун көкүлүнөн алмак-салмак жыттап-жыттап алды.

Кына уулуна ээндетип, айталбай жүргөн сөзүн минтип баштады:

– Каралдым ай, силердин кайгыңардан карын майым да калбады. Жүрүшүң шойкомдуу болуп калыптыр. Шайтандын жолуна түшкөн киши оң таппай калат акыры. Эсиң барда, этегиңди жап, балам.

– Эмне деп жатасың? – Толкунбек корс этти.

Уулунун түрү өзгөрө түшкөнүн көрүп, эненин мизи кайта түштү.

– Капырай, оздон кеп чыга электе күрсүлдөйсүң да. Үй-бүлөң менен ынтымактуу жаша деп жатам. Билем сенин эмне кылып жүргөнүңдү. Уккамын баарын.

– Эмне кылып жүргөнүмдү билесиң? Айтпайсыңбы. Жасаган күнөөм эле, бая күнү мени менен келген жолдошумдун аялы болуп калдыбы?

Эне чыйрала түштү.

– Оо, уяты жок. «Уурусу күч болсо, ээси өлөт» болуп турасың ээ. Кокус Жайнагүлдөн башка аял болсо, эчак сени чайнап туруп бүркүп жиберет болучу. Билсе да билмексен, укса да укмаксан болуп олтурат. Сен аны эчтеке билбейт деп турасыңбы. Көп сүйлөбөй үй-бүлөңдү көчүрүп ал.

Толкунбек жоошуй түштү.

– Эне, сен менин он ай көтөрүп, омуртқаң сыздап тууган өз энемсиң, туурабы. Жамандыгымды жашырып, жакшылыгымды чыгара турган да сенсиң. Ошон үчүн көп эле Жайнагүл, Жайнагүл деп келиниңдин сөзүн сүйлөй бербечи. Келин деген келин, өз бала деген өз бала. Сен ага дайны жок жан тартып, шыкакчы болбой жүрчү. Суранам сенден.

Кына Толкунбекти томсоро тиктеп, оозуна сөз кирбей какап калды. Ал бир топтон кийин гана башын чайкап, улутуна минтти:

– Бул эмне деген сөз?! Эми күнөөсү жок Жайнагүл экөөбүздү бири-бирибизге карама-каршы коюп кагыштырганы турасыңбы. Кой, экинчи мындай сөздү кулагыма угузчу болбо. Сага Жайнагүл жакпагандан кийин, сөздүн бүткөнү ошол. «Мал арыгын сактаса ооз майлайт, адам

арыгын сактаса төбө кандайт» деген ушул. Ал атаң экөөбүздү кандай сыйлап, кандай көрөрүн билип туруп, күйгүзбө Толкунбек. Сенден али абышка экөөбүз эч ракат көрө элекпиз. Бирок чынын айтыш керек, Жайнагүлдөн көрүп жатабыз сыйды да, ракатты да.

Толкунбек, жадырай тартып энесинин жанына келип, мойнунан кучактады.

Кантээр экен деп койсо, өтө эле терендеп баратасың. Бардыгы тамаша, капа болбо энеке. Деги Жайнагүлгө чаң жугузгуң келбейт ээ?

– Эмнеге чаң жугузам, күнөөсүз балага. Мени менен айтышып олтурбай, артынан барып келүүң го. Ысык күндө куруйт го мөмө-чөмө алса, – деди балкондо ой басып көчө жакты карап турган уулуна карап.

– Оо, кечиресиң энеке, сенин сөзүңдү угуп жатып, эсимден тарс чыгып кеткен тура. Жүрү Жанатка, жеңенди тосуп келели.

Толкунбек кызынын мурдун тазалап, чачтарын тарап, бутуна сандалетин кийгизип алып, жаңы эле жетелешип босогого жеткенде, ар жактан эшик шарт ачылып, Жайнагүл көрүндү. Жигит илбериңки басып, дароо колуктусунун колундагы сумкаларды алды.

Жигит аста басып, колундагыларын жерге коюп, Жайнагүлдүн кабагын баамдай бир карап алды.

– Эмне алып келдиң ыя, жеңе? – деди Жанат Жайнагүлгө. – Абам сага гүл алып келди, тигине.

Кызынын сөзүн угуп Толкунбек күлүп жиберди.

– А баса, – деп столдун үстүндө турган вазадагы гүлдү акырын алып, Жайнагүлгө сунду. – Туулган күнүң менен Жакин! Өмүрүң ушул роза гүлүндөй гүлдөп жүрсүн. Гүл дестени берип, колун кыса кармады.

– Коё турчу баса, дагы бир жупуну белегим бар эмес беле. – Жигит костюмунун ички төш чөнтөгүнөн кичинекей кутучаны алып чыгып андан бир тамчы сымаптай мөлтүлдөгөн ташы бар медальонду сууруп чыкты.

– Келчи, мойнуңа тагып коёюн өз колум менен. Жаның алтындай бекем, көңүлүң ушул бриллианттай муңсуз, таза болсун.

– Ракмат! – деди келин кабагы жазыла.

Толкунбек Жайнагүлдү кучактап өпкүсү келип турду. Бирок жанында жадырап карап турушкан энеси менен кызынан жазганып өбө албады.

Келиндин эки бети тамылжып, көздөрү жайнап, сымбатына жарашып, ак куудай койкойгон жумуру мойнунда өзүнөн өзү төгүлүп кетүүчүдөй кубулуп, тынымсыз мөлтүлдөп турган алтын медальондун ташына суктана караган Кына өз ичинен уулуна ыраазы. Бирок Жайнагүлдүн туулган күнү экенин бир ооз айтып койбогонуна таарынгансып кыйтыя түштү.

– Э ботом, Жакиндин туулган күнү бүгүн беле. Бир ооз айтып койсоңор эмне болот. Ай, Толкунбек, Толкунбек, сен качан адам болор экенсиң. Унчукпай кантип чыдадың. Энеңдин берер белеги болбосо да, айтаар сөзү, тилеген тилеги бар да. – Ордунан туруп барып Жайнагүлдү кучактап, эки бетинен эки өөп, минтти: – Өмүрүң узун болсун, башыңдан бак, үйүңдөн ынтымак кетпесин, балам. Этекжеңиң жайылып, уулуң урумга, кызың кырымга жетсин. Алтындай болгон акылың, асыл адамгерчилигиң өзүңдөн балдарыңа, балдарыңдан небере-чөбөрөңө, укумдан-тукумуңа нуска болсун, кагылайын каралдым.

– Ой энекебайым ай, сизден башканы жашырбаган, туулган күнүмдү жашырат белем, кечирип коюңуз. Бүгүн туулган күнүм экенин өзүм да билбей калган турбайымбы. Толкунбек айтса оозум ачылып калыптыр.

Ошентип, Толкунбек канчалык күнөөлүү болгону менен экөөнүн үй-бүлөлүк жашоосу оңоло түшкөнсүдү. Жайнагүлдүн Толкунбекке болгон ажайып сүйүүсү эрди-катындын өмүрүн бири-бирине байланыштырып турган алтын көпүрө болду. Канчалык башкалардан кызганып, жүрөгүндө күнүлөгөнү менен күйөөсүнүн жакшы мамилесин, жагым-

дуу сөзүн укканда ачуусу да, таарынычы да тарап, көңүлү жайлана түштү. Ага бул дүйнөдө Толкунбектен артык, Толкунбектен сүйкүмдүү адам али жарала электей сезилет. Анын күйөөсүндөй күйөө али эч кимде болбогондой болот. Жайнагүл бул жерге келген биринчи түнкү салкындыкты эстебей да калды. Баягы мурунку махабаттуу сүйүүгө толгон Толкунбектин жүрөгү, кайра баштан Жайнагүл деп сүйлөп, Жайнагүл деп ырдап жаткансыйт. Экөө сүйүшүп сүйүүгө, күлүшүп күлкүгө, сүйлөшүп сөзгө тойбогон баягы күндөр кайра баштан калыптана түшкөнсүйт.

Ушул убакта жаш жубайдын жүрөксүп, тынчы кетип турганы Толкунбекти бул жерде дагы жалгыз калтырып кетиши болду. Үй-бүлөсү кетээри менен көнгөн адатын кайра баштоочудай болгон ишенимсиз ой санаасын бузуп турду.

Толкунбек экөө бирин-бири эмне менен кубантып, эмне деген сөздөрдү айтып сырдашарын билбей эзилишип турган кезде, Жайнагүлдүн оюна Үсөн жөнүндөгү окуя кайра-кайра кылт этип түшө берет. Күйөөсүнө чындыкты айтып, андан чындыкты сурагысы келген бир күчтүү ой жүрөгүнө батпай, оозунан атылып чыгып кетүүчүдөй болуп барып кайра тартат. Ошентип, өзүн өзү сооротуп, өзүн өзү тыйып, өз тилин өзү тиштеп тим болот...

Ушул аралыкта Толкунбек менен Зыйнаттын ортосундагы мамиле бир заматта ириген сүттөй болду. Баягы меймандкананын алдында акыл-эсин жоготуп «балам өлдү» деп ыйлап турган күндөн кийинки кездешүү Зыйнат үчүн кымбатка турду. Ал, күндөрдүн биринде Толкунбекти издеп жүрүп, жаңыдан дубалы көтөрүлүп бүтүп, үстү жабылып жаткан беш кабат турак үйдүн алдында токтоп турган, өзүнө тааныш машинаны көрүп, жүрөгү басаңдай түштү. Зыйнат эки жагын элеңдей карап, курулуштун кайсыл жагынан чыга калар экен деген ойдо машинанын жанында Толкунбекти акмалап турду. Убакыт өтүп жатты...

Жайнагүлдүн келиши Зыйнат үчүн күйүт болду. Өзгөчө Асан менен Үсөндү көргөндөн бери, баласын мурункудан

да көп ойлоп, көп санаркачу болуп кетти. Толкунбек келгенде Зыйнаттын өлөр өңү чыгып, жүзүмдүктүн көлөкөсүнө коюлган креслодо олтурган. Жайкы ашкана жактан адамдардын кобур-собуру угулат. Толкунбек таңдана түштү.

– Үйдө кишилер барбы?

– Таякемдер көчүп келди.

– Аа, жакшы болуптур. Сен ошону айтайын дегенсиң го. Анан жана эле чаргытпай, таякемдер көчүп келди дебейсиңби.

– Олтур! – Жанындагы бош креслону көрсөтүп, карап койду.

– Мен шашып турам Зыйнат. Таяке, тажеңелер менен жай таанышармын. Жана айттым эле го сага, бир жакка барабыз деп. Сөз бар дебедиң беле, айтчы ал эмне деген сөз? Же чын эле тигил көчүп келген кишилерди... Деги мени издебей жүрчү. Суранам сенден.

Келин ордунан турду.

– Издебей жүр дечи? – Мыскыл күлдү. – Үйгө кирип сүйлөшөлүбү?

– Кайдан сүйлөшсөң мага баары бир. Ушул жерден десең ушул жерден, үйдөн десең үйдөн.

Экөө ээрчише басып бөлмөгө кириштп. Зыйнат Толкунбекти алдыга өткөрүп, эшикти бекитип жатып «Мага баары бир» дечи, деп жигиттин сөзүн дагы кайталады.

– Эшикти эмнеге бекитип жатасың?

– Сени чыкпасын деп! – Ачкычты сууруп, чөнтөгүнө салгандай болду.

– Кызык. Мынчалык кыянаттыктын эмне кереги бар. Мен сага жана да айттым, азыр да айттым, үй-бүлө менен бир жакка барабыз деп. Мени канча киши күтүп жатканын билесиңби?

– Алар бүгүн күтсө, мен сени күндө күтөм. Эмне, Зыйнатка убал жок деп турасыңбы. Бүгүн сени эч жакка кетирбейм.

Зыйнат сүйлөп да жатты, столдун үстүнө бирдемелерди алып коюп да жатты.

– Мен эч нерсе ичпейм, бекер убара болбо. Тамаша, тамаша менен, мен кетишим керек Зыйнат.

– Айттым го эч жакка кетпейсиң деп.

Толкунбек ордунан турду.

– Сен кетпейсиң десең эле, Толкунбек кетпей олтуруп калат экен да. Ач эшикти.

– Мен сага эчтеке айта элекмин.

– Айтпай эле кой. Түшүнүп турам сенин оюңа.

– Эчтеке түшүнгөн жоксуң.

– Түшүнбөсөм айтпайсыңбы.

– Айтайынбы? Айтсам ушул Толкунбек, Жайнагүлдөгү эки баланын бирин мага алып бер.

– Эм-не-е!

Ойдо жок жерден чыккан жагымсыз сөздү угуп, Толкунбек чочуп кетти. Ал Зыйнаттан мындай сөздү угам деп үч уктаса түшүнө кирген эмес. Оозуна сөз кирбей өңү дароо бузулду.

– Айттым эле го саган, экөөнүн бири менин балам деп. Бирок анда арсар айткамын. Азыр чыным менен айтып жатамын, өлүп кетейин калп айтсам, Асан менен Үсөндүн бири меники. Суранам сенден, өз баламды өзүмө кайтарып бер.

Зыйнат Толкунбектин бутуна жыгылып, кучактап алып өкүрүп-өксөп ыйлап жатты. Ачуусу келген жигит аялды тээп жиберди.

– Айбан, мени жолдон чыгарганың аз келгенсип, эми балдарга асылгың келдиби. Экөөнүн бири сеники экенин ким айтты сага? – Толкунбек ордунан туруп, ачууга буулуп, калчылдап турду.

– Эч ким, – деди жерден боорун көтөрө албай жатып. – Өз жүрөгүм өзүмө айтып, тынчтык бербей жатат.

– Сенин жүрөгүңдү урайын. Мунун өзү эмес, жүрөгү да олуя болуп кеткен тура. Эй, мээси жок. – Жашын жутуп,

эз болуп олтурган аялды эңкейтип, сөөмөйү менен чекеге чукуду. – Жайнагүл мен бер десем эле өз баласын сага кармата салабы. Деги Кудайды караган сөздү айтсаң болот. Арам оюңда эгиздин бири меники деп жүргөн турбайсыңбы ээ. Биз дарбазанын түбүнө алып барып таштаган ал баланңдын тоңуп өлгөнүн ошондо эле айтпадым беле сага. Атам, мен барганда мүрзөдө, ошол баланы жашырып жатыптыр, топурак салганга үлгүрүп калдым деп, кыргыз тилинде айттым эле го. Ал эмес Эмил агандыкында конокто олтурганында Тургазы айтты деп, өзүң мага айтып келбедиң беле. «Толкунбектин колуктусу төрөт үйүндө эгиз уул төрөп жатса, дагы бирөө эшигинин алдына бала алып келип таштап, эч ким көрбөй тоңуп өлүптүр. Мансур абышка балага жай казып жатканын көрүп чочуп кетсем, өз баласы эмес, таштанды бала экен», – деп айтканын өз кулагың менен уккан экенсиң. Дагы, андан башка эмне далил керек сага. Аны мен Зыйнатка айткын деп үйрөткөн эмесмин. Ишениш керек да. Тургазы азыр мага эмес, сага жакын. Жеңеңдин бир тууган агасы.

Толкунбек бурулуп басты. Жигиттин кетээрин билип турса да чөккөн нардай болуп, жерде олтурган калыбында, басылбай букулдап ыйлай берди.

– Эшикти ач.

– Ачпайм.

– Кызык немесиң го сен. Деги жин тийгенден соосуңбу? Бол эми.

Толкунбек кара күчкө каткырып, аялдын халатынын чөнтөгүнө асылды. Бирок Зыйнаттын чөнтөгүндө ачкыч жок болуп чыкты. Жигит бардык күчү менен, аялды ордунан сүйрөп тургузуп, диванга түртүп жиберди.

– Ач эшикти.

– Ачпайм дедимби, ачпайм.

– Айбан, мени ушул үйдө түнөп чыкса эле, өмүр бою кетпей калат деп турасыңбы. Мындай тамаша болбойт Зыйнат. Эстүү, түшүнүктүү, акты-караны тааныйт деген

сен ушинтсең, башкалар эмне кылбайт. Эгерде Жайнагүлдүн ордунда сен болуп, баягүнкүдөй окуя болгондо, уу берип өлтүрмөк экенсиң мени. Кудай жалгагыр ачып койчу эми.

– Мен сени эч кимге бергим келбейт. Аялыңа да, башкага да. Ал эмес энеңе да ыраа тартпайм. Жайнагүлүңдү мактаба да, жактаба. Мен аны баары бир көрөйүн деген көзүм жок. Оо, менин жүрөгүм менен сүйүүмө түшүнгөнүңчө качан. Азыр эле эмес, тээ баягы секелек кезимден баштап сүйөм...

Эми Толкунбектин чыдамы, чындап эле бул аялга жетпей калды. Эмне деп түшүндүрүп, эмне деп айтаарын билбей, каны ичине тарта баштады. Мынчалык кыял-жоруктун четин алигиче Жайнагүлдөн көрбөгөнүн эстеп, Зыйнатка ачуусу келип, тишин кычыратып турду. Ал келинди халатынын жакасынан муунта кармап туруп, жаакка тартып-тартып жиберди.

– Түкүрдүм сеникиндей жүрөк, сеникиндей сүйүүгө. Ыраазымын мага болгон махабатыңа. Уяты жок жүзү кара, шерменде.

– Мен жүзү кара болсом, сен киши өлтүргүч, мыкаачысың.

– Аа, ошондойбу. Сага мен киши өлтүргүч, мыкаачы болуп калган экенмин да, ээ.

Ачууга буулуп турган Толкунбек Зыйнатты кандай басып жыгылганын өзү да билбей калды. Аны дивандан сүйрөп түшүп, туш келди тепкилеп кирди. Зыйнат не жансоогалап Толкунбекке жалынууга, не урушууга шайы келбей, канатын жулган чымчыкка окшоп жигиттин аяк астында томолонуп жатты.

– Жанагы сөзүңдү кайра айтчы?

– Болду, жетишет, тийбе мага.

Зыйнатты жерден сүйрөп тургузду.

– Айт, ачкыч кайда?

– Менин кара туфлимдин ичинде турат, – деди онтоп.

Толкунбек Зыйнатка караган да жок. Ал ушуну эле күтүп тургансып, дароо ачкычты алып, эшикти шарт ачты да, ошол замат көздөн кайым болду. Бул үйгө экинчи Толкунбек да келбеди, Зыйнат да издеп барбады.

Мурда эле баласынын азабынан арманы арбып, күйүтү күчөп, жүрөгү бузулуп жүргөн Зыйнаттын оорусуна оору кошулду. Толкунбектен уккан уу сөз, урган таягы, ден соолугуна урулган бычак болуп чыга келди. Зыйнаттын ооруканага жатып калганын укпаган бойдон Толкунбек отпуска алып, үй-бүлөсү менен Ысык-Көлгө жөнөп кетти.

Өзүн көргөнү келген жолдошторунан Мансуровдун жоктугун укту. Ал, экинчи Толкунбек экөө көрүшпөөчүдөй болгон жагымсыз санаанын кучагына батып жатты. Адегенде Зыйнатты жүрөгү ооруйт экен дешип, терапияга жаткырышкан болучу. Ал жерде бир аз дарылангандан кийин экинчи отделенияга которушту. Анда өңчөй нервден жапа чеккендер жатып дарылана тургандыгын Зыйнат түшүндү. Бирок санаачыл күйүттүү адамга врачтын дарылоосу жардам берерин же бербесин билбеди. «Мынча болгондон кийин, жок дегенде санаам тынч болсо, айыгып чыгат элем. «Кешиги жокко, кемиги жок сөөк» дегендей, Толкунбектин кылчайбай кетип калышына аябай өкүндү. Зыйнат ойлоп олтурса, чыны менен эле кайгыдан бузулуп, ден соолугу болбой бараткан экен. Баягы Толкунбекке көрсөткөн кыянаттыгы да ушул нерв деген оорудан келип чыкканын билди. Азыр ал Толкунбектен жеген таягын, уккан тилин да унутту. Анткени мунун баарына өзүм күнөөлүүмүн деп мойнуна алды. Келиндин унутпаган бир гана кымбат нерсеси Толкунбек болду. Ага баягыда Жайнагүл жөнүндө айткан оор сөздөрүн, жүйөөсүз ич тарлык кылгандарын эстеп, өкүнүчү өзөгүн өрттөп жатты. Мен күнөөсү жок Жайнагүлгө эмнеге асылдым. «Көнөктөн үрккөн бээ жаман, төшөктөн үрккөн эр жаман» дегендей, мен аны чыным менен өзүм үркүтүп, өзүм алыстатып алдым. Аны азгы-

рып, тузакка түшүргөн да мен өзүм эмес белем. Анын менден сулуу, менден акылдуу, жакшы аялы бар. Уул десе уул, кыз десе кыз төрөп салды. А мен болсом бала деп жүрүп, бала төрөп, анан өз баламды өзүм өлтүрүп тындым. Мага окшогон муз жүрөк, таш боор эне кантип болсун... Зыйнат ушундай ойлорду ойлоп алганда, өзүнүн кайда жатканын, эмне кылып жатканын унутуп калат. Бирок Зыйнатты тирүүлүккө да, жашоого да чакырып, кызыктырып өзүнө тартып турган өзүнүн чыгармачылык таланты болуп турду. Ал ооруканадан кандай чыкса, ошондой ишин улантат.

Врачтар обходго келген сайын качан чыгарын сурап, такый берет. Кийинки күндөрдө анын эси-дартынын баары үйүндө жарым-жартылай иштелип, бүтпөй калган чыгармачылык иштери, өзүн чыдамсыздык менен күтүп тургансып, ойлогон оюнун баары ошол. Зыйнаттын жадысынан кетпеген дагы бир иш Толкунбек окшош кийинтип алып, эки баласын экөө эки колуна жетелеп келаткан мезгилди чагылдырган бир ажайып картина болучу бул. Зыйнат муну көргөзмөгө коюу үчүн атайын тартып жатканын жан киши билүүчү эмес. Келин ооруканада жатып ушул чыгармасынын тагдыры жөнүндө көп ойлоду. Бир туруп, аягына чыкпай эле өрттөп салгысы да келди. Бирок бул ою жөнүндө толук жыйынтыкка келе албай койду. Ооруканадан чыккандан кийин байкаштырып көрөрмүн деп кайра өзүн өзү тынчтандырып жатты.

Зыйнаттын дарылануу курсу толук аяктай элек кезде республикалык кароодо, анын «Бүркүтчү», «Кышкы төл», «Баатыр эне» деген эки-үч сүрөтү республикада биринчи орунду жеңип алып, союздук көргөзмөгө катышууга татыктуу болгондугу жөнүндө кубанычтуу кабар алды. Ошондон удаа эле Борбордук Сүрөтчүлөр союзунан чакырык телеграмма келип калды.

Зыйнатты чыгарып жатып, дарылоочу врач минтип эскертти:

– Зыйнат Эсенова, сиз өзүңүздү аяп, өзүңүздү өзүңүз сакташыңыз керек. Үй-бүлөдө болобу, иште болобу, бир тууган же жакшы санаалаштардын арасында болобу, ар кандай жагымсыз көрүнүштөр, туура эмес сүйлөнгөн сөздөр болуп калаары белгилүү. Сиз ошондой жагдайларды жүрөгүңүзгө өтө жакын кабыл алат экенсиз. Мунун баары нерв оорусунун өөрчүшүнө алып келээрин эсиңизге салабыз. Сиз, Зыйнат Эсенова, чоң таланттуу аялсыз, элдик кишисиз. Ошон үчүн өмүрдү тобокелге салып, ага кайдыгер кароого болбойт. Сиздин алтындай болгон ден соолугуңузду калыбына келтирүүчү күч өзүңүздүн колуңузда турат. Эртең мененки гимнастиканы, муздак суу менен сүрүнүүнү же муздак душ алууну, абада көп жүрүүнү көңүлдөн эч качан чыгаруучу болбоңуз.

Ошентип, Зыйнат ооруканадан чыгаары менен аялдабай Москвага учуп кетти. Художниктин борбордук көргөзмөгө коюлган чыгармалары ал жактан да жолдуу болду. Советтик көрүнүктүү авторлор менен бирге Эсенованын «Баатыр эне», «Бүркүтчү» деген сүрөттөрү дүйнөлүк аренага атып чыкты.

Зыйнаттын ийгиликтери жөнүндө Толкунбек көлдө отпускада жүргөндө газетадан окуду. Калп айткан менен болобу: «Жакшы болгон экен. Башкадан көрбөгөн бак-таалайды, эмгегинен таап, үзүрүн көрсүн», – деп ичинен кубанып койду. Ал баягы отпускага кетээр алдында өлөрчө сабап, көңүлүн калтыра сөгүп коюп, абалын сурап кайрылып койбой, кете бергенин эстеп, жүрөгү ооруп калды. Анын ооруканага жатканын да, Москвага кеткенин да уккан жок. Эмдигиче тузагына башка бирөөлөрдү түшүрүп алгандай ойлоп, ичин ит тырмап жүрдү.

Толкунбектин отпускасы бүтүп, үй-бүлөсү менен көчүп келип, СМУнун кызматкерлери үчүн курулган өзүнчө үйгө киришти. Кына балдары менен кошо келип, үй ичин жыйыштырып, баш-аяктарын жыйнап алганча, неберелерине каралашып, бир топ күнү туруп, Жанатты алып кайра тартты.

Жубайлардын турмушу өз нугу менен, өз деңгээлинде өтө баштады. Толкунбектин мүнөзү мурунку калыбына түшкөн. Жайнагүл жаш балдары менен коркот деп жумушуна убагында кетип, убагында келет. Үйдө болгондо колуктусу менен тең жарышып, жеңилин жерден, оорун колдон алышат. Толкунбек аялы менен балдарына калганда мээрбан, камкор ата болуп чыга келди. Дем алыш күндөрү Асан менен Үсөндү окшош кийиндиришип, атайын эгиздер үчүн жасалган эки балалык коляскага салып алып, Жайнагүл экөө жарашыктуу жасанып, көчөгө чыгып таза абада сейилдөөнү өнөкөт кылып алышты. Ак гүлдөй үлбүрөгөн сулуу келинчегин, бири-бирине жылдыздай окшош эки уулун көрбөгөндөргө көрсөтүп, билбегендерге билдирип, мактангысы келет.

Толкунбек күндөрдүн биринде Зыйнаттын командировкадан келгенин угуп жүрөксүй түштү. Эмне кылаарын билбей да калды. Ага атайылап, үйүнө барып учурашууга эркектик ар-намысы жол бербей, бутуна түшкөн кишен болуп турду. Зыйнат да Толкунбекти биротоло көңүлүнөн өчүрүп салган сыяктуу ың-жыңсыз жок болду. Ошол учурда Толкунбекти аялы менен чогуу, али толук тааныша элек коңшуларынын бири конокко чакырып калды. «Чакырган жерден калбагын, өзүң басып барбагын» дегендей, жаңы көчүп келип жолдош-жоро, тамыр-тааныш, кошуна-колоң көзүнөн учуп турган келин бул чакырыкты жан-дили менен кабыл алды. Буга Толкунбек да сүйүндү. Асан менен Үсөндү окшош кийинтип, бири Үсөндү, бири Асанды көтөрүп, чакырган үйдү көздөй басышты. Үй ээлери жаңы коңшусунун келатышканын көрүшүп, алдынан тосо чыгышып үйгө баштап киришти.

Үй ээлери токтолуп калган адамдар экен. Бойго жеткен кыз-уландар, келиндер, өспүрүмдөр менен майда балдарды көрүп, этек-жеңи жайылган, жакшы адамдар экен деп ойлоду Толкунбек менен Жайнагүл. Кирген-чыккан адамдардын бардыгы, жаңы көчүп келген кошунасын кай-

ра-кайра карап, көздөрүнөн балбылдатып мээрим төгүшөт. «Тобо, ушундай да биринен-бири өткөн сүйкүмдүү адамдар болот экен ээ. Жаратылыш буларды бирине-бирин атайын ылайыктап жасаган перинин тукумунан беле» дегендей кыялдар жүздөрүнө ойноп тургансыды.

Бир кезде келин бөлмө ээндей түшкөндө күйөөсүнө аста шыбырады:

– Биз чакырыкты угалбай тургансып, эрте келиптирбиз. Столдун жасалышына, бычак, вилка, тарелкалардын коюлушуна караганда көп адам чакырылган болуу керек.

Жаштардын экөө бирдей ыңгайсызданып олтурганын байкаган үй ээси минтип күлдү:

– Анчалык деле көп коногубуз жок, кагылайындар. Негизгиси силерсиңер. Көчүп келгениңерден бери үйдөн даам бере албай уят болдук таза. Байбиче кете электе чакырсак деп, анда да шарт болбой калды. Силерден башка чакырылган бир кызыбыз бар. Фрунзедеги уулубуздун Эмил деген досунун карындашы ушул жерде сүрөтчү болуп иштейт. Силер менен ошол бала болот. Анан өзүбүздүн тегеректеги кошуналар.

Толкунбек Зыйнаттын кабарын укканда денеси муздай түштү. Өңү өзгөрүп жүрөгү болк этти. Бул үйдөн Зыйнат келе электе, бир шылтоо таап качып кеткиси келип турду. Эгерде Жайнагүл бул жерде болбогондо мынчалык апкаарып тынчы кетпейт эле да. Анын санаасы сандап, экөөнүн ортосунда кандай болуп чогуу олтуруп тамак ичип, кимисине кандай мамиле кыларын билбей, башы маң болуп чыкты. Өз аялынын токтоолугун билгендиктен, андан анчалык кам санаган да жок. Бирок Толкунбектин корккону Зыйнат болуп турду. Аны эстеген сайын жүрөгү кабынан чыга каччудай түрсүлдөп жатты. Ал ичип алганда адамдын ажар-абийирине карабаган, өзүнөн башканы теңсине бербеген, текебердүү жагы теңдешсиз болучу. Ушуларды ойлоп чекесинен муздак тер чыгып кетти. Ал эми ичпегенде баягы эле жөнөкөй, баёо жүрөк Зыйнат болуп калуучу.

А Жайнагүл болсо Эмилдин Зыйнат деген карындашынын бар экенин күйөөсү аркылуу мурун эле билүүчү. Ал эмес Толкунбекке жазган катын окуган. Бирок күйөөсү таанып билгени менен Жайнагүл ал кыз менен тааныштыгы жок болучу. Баягы кайненеси болуп, балдары менен биринчи келгенде мейманканадан Толкунбек менен биринчи көргөн аял Эмилдин карындашы Зыйнат экенин ойлогон да эмес. Азыр Жайнагүл Эмилдин карындашы келет деген сөздү угуп, анчалык этибарга алган жок. Бар болгону сыртынан угуп, билип жүргөн Зыйнат менен ушул үйдөн таанышат экенмин деп гана, жөн салды ойлоп койду. Анан күйөөсүнөн минтип аста сурады:

– Сен аяш карындашыңдын бул жерде иштээрин билүүчү эмес белең, мурда!

Аялынын мындай суроо берерин ойлобогон жигит, Жайнагүлгө кандай деп жооп берерин билбей какап калды. Же билем, же билбейм деп шар айталбай, тээ бир оокумга чейин, эчакы эстен чыккан бир нерсени эсине түшүрө албай жаткансып ойлуу туруп, манаттай кызара түшүп «билем» деген сөздү кандайдыр олку-солку болгон кейпте эпсиз айтты. Аңгыча берки коңшу кишилер да келип калышты. Алар мурунку келгендер менен кол алышып, учурашып, орун алышты. Чай ичилип, ысылыктардын алды келип, алдыдагы кымыз куюлган чынылар кайрадан дагы толтурулду.

Жанагы боюнча Жайнагүл күйөөсүнөн Зыйнат жөнүндө башка эч нерсе да сурабады, жаңыртып сөз да сүйлөбөдү. Аялынын алдындагы жаңы куюлган чайына Толкунбек эки чакмак кант салып аралаштырып жатып, көз токтотуп жылмайыңкы карап койду. Жигиттин бул карашы аялынын мүнөзүн байкоо болучу. Бирок ал ойлогондой, өзгөрүү тигинде жок экенин көрүп, ичинен аста улутунуп алды.

– Ракмат, – деп жарк этип, күйөөсү менен тиктеше түшкөн Жайнагүл Толкунбектин карегинен кандайдыр

жалтактоону көрүп, шектене бүшүркөп, «капырай, жылдызы түшүп кантет бул» деген ой жүрөгүн силкти.

Ушул убакта туура тушундагы бөлмөдөн балдарынын ыйлаган үнү чыгаар-чыкпастан эле Жайнагүл ордунан октой атып турду.

– Олтура берчи, кагылайын, бул жакта балдарды карай турган кыздар бар.

– Биринин үнү менен бири ойгоно электе, уктатып коёюн ыйлаганын.

Жайнагүл олтургандардын арты менен аста басып, балдары жаткан бөлмөгө кирип кетти. Энесин көрөр замат ыйлап жаткан бала тып басылды. Жанагы сөздү уккандан бери Толкунбектин кайгысы Зыйнат болду да калды. Анын тилегени да, ойлогону да «келбей калса экен» деген ниет болуп турду. Кокус, келип калса Жайнагүл экөөнү кандай тааныштырарын билбей айласы куруп жатты. Ал эмес өзү Зыйнат менен учурашабы-учурашпайбы, бул дагы өзүнчө бир чечилбеген табышмак болду. Ушундай сарсанаадан дасторкондо жайнап турган тамак-аштын чымчымы да жүрөгүнө баспай койду. Ушул саамда жарым-жартылай ачык турган эшиктин ары жагынан Толкунбектин кулагына аялдын тааныш үнү угулду. «Шайтан алгыр, жыпылдап жетип келген тура. Жайнагүл экөөбүздү бар деп укса, келбейт го десем», – деп ойлогончо болбой, Зыйнат бөлмөгө кирип келип, босогого токтоп калды. Анын ойноктогон шок көздөрү дароо Толкунбекке кадала түштү, тайыды. Анан башка олтургандарды бир сыйра сыдыра тиктеп алып, эмелеки сумсайып: тоңо түшкөн жүзү, ачык тийген Күндүн аптабына туруштук бере албай эрип бараткан муздай болуп, аздап өз өңүнө кирип баратты. Зыйнат Толкунбекти экинчи жолу көз оту менен жанып өттү. Бул көз караштын тереңинде таарыныч менен кусалыктын учкуну ойноп турганын жигит дароо байкады. Бирок аны менен учурашкан да, «жогору өт» деп жанынан орун берген да, ордунан турган да жок.

– Эмне туруп калдың, жогору өт, – деди үй ээси, орун бошотуп, турган кошуналары тарапты көрсөтүп.

А Зыйнат болсо үндөбөгөн калыбында түз эле Толкунбекти көздөй басты. Жигит аны тааныбаган немедей, мостоё тиктеди. Зыйнат да аны киртие бир карап алды. Көңүлүндө баягы бойдон жазыла элек экен деп ойлоду. Мунун үй-бүлөсү көчүп келди деди эле, эмне үчүн аялын таштап, өзү жалгыз келди экен. Кермекаш эжеден кимдер болорун, чакырып барганда сурабаганына өкүндү. Эгер Жайнагүл келсе балдарын көрөт элем, деген ой жүрөгүн чагылгандай аралап өттү. Баягы эле «Экөөнүн бирөө менин балам болуп калып жүрбөсүн» деген үзүлбөгөн үмүт азыр да жүрөгүнүн башынан кетпей турду. Бөлмөнүн ичинде жымжырттык өкүм сүрүп турган ушундай бир кырдаал болгонсуп турду. Зыйнат өзүнүн колуна тийген чайды жаңыдан ууртай бергенде катардагы эшик акырын дабышсыз ачылып, бутунун учу менен аярдай баскан Жайнагүл үлбүрөп чыга келди. Аялдар бирин-бири тиктеше түштү. Жайнагүл жадырай түшүп, Толкунбектин жанына өттү. Ал эми Толкунбектин аркы катарында олтурган Зыйнаттын өңү адаттан тышкары анардай кызарып, муундарын майда калтырак басты. Толкунбек Зыйнаттын көрүнүшүнөн чочулап, оозу кургап, өзүн өзү алаксытып, Жайнагүлдү максатсыз карап койду. Ушул маалда Жайнагүл да бир нерседен шектенген адамдан бетер, Зыйнатты бүшүркөп тиктегенден тиктей берди.

Эмелеки жадырап-жайнап олтурган жаңы коңшусунун аялы экөө бирдей, заматта көңүлдөрү чөгүп, өзгөрүлө түшкөн мүнөздөрүнө, үй ээлери тынчсыздана баштады. Андан дагы жаркылдаган Зыйнаттын сумсайып, кеп-сөз жок тунуп, кабагы түшүп олтурушу, жандырмагы жок табышмактай болду. Балким, булар тааныш эмес чыгар деп келгендерди бири-бири менен тааныштыруу Кермекаш үчүн зарыл болуп тургансыды. Аял ордунан турду.

– Кечирип койгула, мен, силерди тааныштырганды такыр унутуп калган турбайымбы. Бирдемени аңдабаган киши куруп калсын. Бул столдун оң бети менен сол бетинде маңдайлашып олтурган аялдар менен эркектер болсо, биздин бул жердеги эле өзүбүздүн кошуналарыбыз. Тигил кызыл жапон жоолук салынган кайын синдим, жанындагы жигит күйөө бала. Совхоздо баш чабан болуп иштейт. Тигил кечигип келген келин Зыйнат Эсенова деген сүрөтчү. Таланттуу адам таанымал болот тура калкка, билсеңер керек баарың эле. Менин уулумдун досу, Эмил деген аяш баламдын карындашы. – Аял олтургандарды бир сыйра карап алып, карегин кайра Толкунбек менен Жайнагүлгө кадады. – Тигил ортоңордо олтурган жигиттин аты Толкунбек, жанында олтурган сулуу келинчек колуктусу. Бизге кошуна болуп жаңы көчүп келишти. А мына бул менин жанымда олтурган дүмүрдөй кара киши менин байым.

– Толкун менен Жайнаны тааныштырбасаң деле билебиз го. Айланып кетейиндер, силердин кошуна болгонуңарга сүйүнүп жатабыз баарыбыз. «Жакшы менен жанаш, жамандан адаш» дегендей, жакшы адам менен даамдаш-туздаш болгонго не жетсин, – деди олтургандардын ичинен бирөө.

– Алдыңардагы тамактан алып, кымыздан ичип олтурсаңар дымырабай. Капырай, эмнеге эле баарыңар көңүлсүз болуп калдыңар, маанайыңар пас тартып, – деди Кермекаш.

– Курсакка батышынча ичип-жеп эле жатабыз, – деди олтургандардын ичинен бирөө, – дүкөндүн кымызы эмес го, ыя?

– Ии, тигил кайынсиңдим менен күйөө бала жайлоодон ала келишиптир. Дүкөндө мындай кымызды сатпай калсын.

– Баса дейм да, ичкен сайын тилетип, ичкен сайын ичкинди келтирип. Кымыз деген ушундай болсо. Дүкөндүн кымызы кымызбы, суу тим эле.

Зыйнат болсо кымыз да ичкен жок. Чыныны колуна алып, эрдине тийгизип кайра койду. Муну көргөн Кермекаш тынчсыздана баштады.

– Э Зыйнаке, ошол чыныны түгөтүп койчу.

– Ичтим эжеке.

– Эмне, бир жериң ооруп турабы?

– Ооба, башым ооруп турат.

Жайнагүл жер-жемиштен анда-санда оозуна салып коюп токтоо. Балбылдаган көздөрү маңдай-тескей олтурган Зыйнат менен улам чагылыша түшөт. «Неси болсо да татынакай, келишимдүү аял экен», – деп коёт оюнда. Анан аны карабоого аракет кылып, жанында жанаша олтурган коңшу аял менен бир нерселерди сүйлөшкөн болот. Бирок, көңүлүнүн көбү башка жакка алагдыланып, жүрөгү дүпөйүл. Бир кезде: «Зыйнат экөөңдү тааныштыра албай жүрөм», – деп оозунан түшүрбөгөн аяш карындашы менен минтип бир үйдө, бир дасторкондун үстүндө чогуу олтуруп, аялы менен ачык тааныштыра албай, тайсалдап олтурушу Толкунбектин күнөөсүнө айгак болуп турду.

Ушинтип ой басып олтурганда аркы бөлмөдө уктап жаткан Асан менен Үсөн бирин-бири күтүп тургансып, биринин артынан бири бака-шака түшүп, барылдап ыйлап жиберишти. Жайнагүл шашып ордунан турду.

– Айланып кетейиндер, ырыс-таалай балдар экен. Жанатан бери дегеле ырас укташты. Бери алып чыкчы уулдарыңды көрөлү, – деп аялдар Жайнагүлгө караштьы.

– Макул, азыр алып келем. Мурда курсактарын тойгузайынчы...

Келин балдарынын үстүнө кирип кеткенден кийин отургандар Толкунбекке карап минтишти:

– Жибектей созулган ак сөөк, маңдайы жарык колуктуң бар экен. Сүйлөгөн сөздөрү орундуу, салган төшөктөй болгон эстүү киши көрүнөт. Биз дагы силерди өрүлүктөй албай уят болуп жатабыз. Колуктуң жаш болсо да жышаналуу келин тура. Эгизди аялдын баары эле төрөй бер-

бейт. Өзүң да ырыска шерик бала көрүнөсүң. Кудай Таалам тандап туруп табыштырган тура экөөңдү. Бая күнү апаңар менен чай ичип олтуруп калдым. Бечара киши, келинин аябай жактырат экен. Жаныма куйүмдүү деп мактап олтурду. Азыр кайнене менен кайнатаны, сенин аялыңа окшоп, кастарлап сыйлаган келиндер аз. Ылайым бактылуу болгула, кагылайындар. Карыны да сыйлаган киши сыйлайт.

– Рахмат эжеке, айтканыңыз келсин. Ата менен энени сыйлабасак болобу.

Ушул маалда Зыйнат Толкунбек менен тигил аялды заркана, акырая карап, башын чайкап минтти:

– Ушундай жасакерленип сүйлөгөн адамдарды өлгөндөй жаман көрөм. Бирөөнү билбей туруп, дайны жок мактагандын кереги эмне.

Аял сүйлөп жаткан сөзүн бирөөгө жулдуруп жибергенсип, Зыйнатты таңдана тиктеп бир демге туруп, анан минтти:

– О-м-е-е-й шумдук, сага эмне болду, «куюшканга» кыпчылып. Жакшыны жакшы, жаманды жаман дейт. Анын эмнеси бар экен. Бири-бириңерге төп келген жакшы жубайлар экенсиңер дегендин эмне жасакери бар. Кудая тобо, «Тоңгон майды да ит жейт экен ээ» деген имиш бир кем акыл. Анын сыңарындай эмине дегени турасың мага?

Зыйнат колун силкип салды.

– Жубай, жубай. Мындан башка сүйлөшөр сөзүңөр, айтаар кебиңер жокпу? – Алдындагы баятадан ичпей жаткан кымызын алып тартып жиберди.

Зыйнат олтурарын, же олтурбай кетип каларын билбей эки анжы болуп турду. Толкунбек Жайнагүлдүн көзүнчө өзү менен ооз ачып сүйлөшө албасын да, аялын бардык аялдан жакшы көрөрүн да билет. Ошон үчүн ага башкача мамиле кылуунун бир жашыруун жолун таап алган болучу. Ал жол болсо Жайнагүлдү мактоо менен Толкунбекти өзүнө тартуу эле. Чындыгында эле бул жигиттин мүнөзү

ошондой болучу. Аялы жөнүндө жанга жагымдуу, жакшы сөздөрдү укканда, көңүлү көккө сермелип дүйнөсү түгөл болуп, кабагы жаркып кете турган. Балдары менен аялынын ден соолугу үчүн деп, канча жолу тост көтөртүп, ага ичирбеди. Зыйнат кээде чыны менен эле, Жайнагүлдү көрүп билбесе да, ал жөнүндө ар кимден уккан сөздөр боюнча көңүлүндө жогору бааласа, кээде чын дили менен ага күнүлүк кылып, жагымсыз сөздөрдү сүйлөп Толкунбектин жанын кашайтып жиберүүчү. Али эч ким көрүп, жарыкка чыга элек, Толкунбек менен Жайнагүлдүн портрети да ушундай айкөлдүк менен жасакерленүүнүн ортосунан чыккан ажайып чыгарма болучу. Зыйнат азыр, ошол толук тартылып бүтө элек эмгеги жөнүндө ойлонуп, бекер эле убара болгон экенмин деп тымызын кейип олтурду.

Баятадан өзүнчө кыпылдап олтурган Толкунбек, тигил аялдын сөзүнө сынып, ой басып олтурган Зыйнатты көрүп, жүрөгү бөксөрө түштү. Аңгыча эки баласын эки колуна көтөрүп туура тушундагы бөлмөдөн чыгып келаткан Жайнагүлдү көрүп, аялдар менен эркектердин дүүлдөгү басылып, сөздөрү токтоп калды. Келин олтурган ордуна жетэр-жетпестен эле Толкунбек ордунан учуп турду. Ал колуктусунун бир колунан Асанды алды. Ал эми Үсөнгө берки аял колун суна берди. Эки баладан бошоно түшкөн Жайнагүл күйөөсү менен баласын жадырай карап коюп ордуна келип олтурду. Асан Толкунбектин алдында алы-жаны калбай алжаңдап, оозу жабылбай, үн салып, күлүп жатты. Ал эми Үсөн болсо тигил бейтааныш аялдан чоочуркагансып, бирде Жайнагүлгө, бирде Толкунбекке жетүүгө далалат кылып, эки колун тынымсыз серeңдетип талпына берди. Дасторкон үстүндө олтурган бардык адамдардын көздөрү Асан менен Үсөнгө мээрим төгө карашат.

– Сенин атың Үсөн турбайбы, ээ! – Аял жаагынан жыттады. – Эгерде жакаңа жазылган мына бул «Үсөн» деген жазуу болбосо, кимиңер, Асан, кимиңер Үсөн экениңерди эч ким ажырата ала турган эмес тура.

– Мына бул жамандын аты Асан, – деди Толкунбек, уулун кайра-кайра жыттап. – Эптеп адам болоюн деп келатышат байкуштар.

Ушул кезде Толкунбектин оюна Зыйнаттын «Балким, экөөнүн бири менин балам болуп жүрбөсүн» деген сөзү түшүп турду. «Балдарды көргөнү ырас болду. Балким, мындан ары андай сөздү айтпас. Түшүнөөр», – деп ойлоду.

Асан менен Үсөндү олтургандардын улам бири алып, эркелетип, өөп-жыттап жатышты. Бир гана экөөнү алмай-термей тиктеп, өлгөн немедей үн-сөзсүз катып олтурган Зыйнат болду. «Капырай, чын эле экөө тең өз баласы го. Бирине-биринин окшоштугун, тобо. Кадим эле Толкунбектин өзү. Деги эгиздер ушундай жаратылышынан окшош болот окшобойбу!» – деп ойлоду, үмүтү үзүлгөнсүп. «Эгерде менин балам болгондо ушул экөөнө окшоп, талпынып, көзгө көрүнүп, кыял-жоругу чыгып калмак экен. Эх, мен өз баламды өзүм бороонду бороон билбей, суукту суук, кышты кыш дебей талаага таштап тоңдуруп өлтүрсөм, Кудай экинчи кантип бала берсин мага. Олдо кагылайын балам ай, жок дегенде атыңды атап жүргөнгө атыңды койдуруп койсом эмне. Тирүү төрөлүп өлгөн бала эмес, бойдон түшкөн балага деле ат коюп көмөт турбайбы. А балким, Толкунбектин атасы, ат коюп көмгөндүр, ким билсин, сурап көрсөм болмок экен!» – Ушуларды ойлоп, күйүп күл болуп кетти. Бир кезде көз жашы алдына мөлт дей түштү. Бирок өзүнүн ыйлап жатканын Зыйнат билген жок. Бир точкадан көз албай, алдын тиктеп олтура берди.

«Кантип кетээр экен. Ыйдын башы башталды!» – деп чочулап, элге байкатпай кулагынан үркүп, тынчсызданып олтурган Толкунбек Зыйнаттын кебетесин көрүп, жүрөгү оозуна тыгылды. Аяш кызынын көз жашы үй ээсин да чочутту. Олтургандардын бардыгы эмне болуп кеткенин билбей, оздорун ачып карап калышты. Кермекаш аттап-буттап келиндин жанына жетти.

– Эмне болуп кетти, кагылайын кызым. Эмнеге мынчалык капа болуп олтурасың. Жүрчү, тигил үйгө чыгалы? – Кермекаш колтуктан алды.

Аялды ал жаштуу көзү менен жалдырай карап, башын чайкады.

– Жок, жок, апа, эчтеке эмес. – Оозуна жаңыдан салаалап кирген жашын жутуп күлгөн болду.

Кермекаш Зыйнаттын бузулуп олтурушунун себебин өзүнүн кошунасынын жанагы сөзүнөн көрдү. Аялы өзү да ошентип ойлоду. Баятадан анын абдаарып олтурган абалына Толкунбектен башка эч ким түшүнгөн жок. Олтургандардын арасынан тынчсызданган үндөр чыкты.

– Э Кудай, жапжакшынакай, ойноп-күлүп олтуруп да ушундай иш болобу. Андан көрө бизге, Маскөөгө барып келгениңди, ал жактан эмне билдиң, эмне көрдүң, ошолорду айтып берсең боло?

– Ооба десең. Сен көргөн жерди, сен көргөн элди көргөн бар, көрбөгөн бар. Биз үчүн сонун да. Эсенованы да чакырдым деп Кермекаш жеңем айтса, жакшы сөз угат экенбиз, кыргыздын таланттуу кызы менен таанышып, бирге олтурат экенбиз деп сүйүнүп жүрбөйүмбү. «Баатырдын даңкын алыстан ук, жанына барсаң бир киши» дегендей, сизди радиодон угабыз, газетадан окуйбуз, телевизордон көрөбүз. Бирок минтип аралаш олтурабыз деп оюбузга келген эмес. Деги бактылуу экенсиз. Бирок өз бактыңызды өзүңүз баалап, өз талантыңызга өзүңүз түшүнбөсөңүз керек. – Алиги үй ээси, кайынсиңдимдин күйөөсү деп тааныштырган чабандын алы-жаны калбай кетти.

Кермекаш кайталап сурады:

– Же сага бирөө жаман сөз айтып, көңүлүңдү чөгөрдүбү?

– Айтчы, кагылайын эмнеге мынчалык капа болдуң?

– Жок, эч ким мени капа кылган жок.

– Же тигил эжеңдин сөзүнө таарындыңбы? Айтчы.

– Жок, жок, ага да эмес. Күнөө ал кишиден эмес, менин өзүмдөн кетти. Туура сөздү туура деш керек. Мен өзүмдүн айткан сөзүмө жараша жооп алдым.

Ушул убакта капысынан Зыйнаттын мурду түтүктөп канап кетти. Бетаарчысы менен мурдун баскан келин эшикке шашты. Үсөндү көтөрүп өзү олтурган стулдун артында тикесинен турган Жайнагүл, чыгып бараткан келиндин артынан ээрчий карап туруп, оор улутунуп алды. «Мунун бардык күйүтү да, арманы да Толкунбек», – деп ойлоду. Балдарды көрүп, аялынан баш булгай албай калган экен деп күйүп кетти окшойт. Же мунун Толкунбектен башка да күйүтү барбы? Экөө бири-бири менен сүйлөшпөй калган немелерби?! – деген ойдон көңүлү буй болду. Бул жолу Үсөндү ушул аял төрөп жүрбөсүн деген ой, эмне үчүндүр эсине да келген жок.

* * *

– Эркектер деги кызык эле калк экенсиңер да, – деди үйүнө келгенде күйөөсүнө Жайнагүл.

– Эмне болуп кетти? – деди, Зыйнатты эстеп, жүрөгү ачынып турган жигит, аялынын сөзүн аңдабай.

– Өтөөр иш өттү. Ошентсе да көзүң менен көрүп, кулагың менен угуп турсаң, айтылат экен да. Баягы Ошко биринчи жолу энем болуп чогуу келгенибизде, сени менен келген аяшың эмес эле, ушул аяш карындашың Зыйнат тура. Мени көрүп, жаналгыч көргөндөй, бет бага албай артына кайра качып жөнөдү эле. Мына бүгүн да олтура албай кетип калды.

Толкунбектин кабагы чытыла түшүп, кызаңдай сүйлөдү:

– Эмне, Зыйнат менен соо эмессиң дегени турасыңбы?

Жайнагүл чыйрала түштү.

– Соо болбосоң, Эмилдин карындашы ушул жерде иштеп жатат деп айтпай, эмне үчүн жашырып жүрдүң. Ак болсоң мени менен алда небак эле тааныштырат болчусуң. Илгери, экөөбүз турмуш кура электе эле экөөндүн орто-

цордогу мамиленин жакшы экенин түшүнгөн болучумун. «Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт» дегендей, акыры бир дасторкондон көрүштүк. Ал сени менден кызгангандыгы үчүн, менин балдарымды көрө албагандыгы үчүн ушундай болду. Кеткенде да жөн кетпей, сени коркутуп ыйлап кетти.

– Койсоңчу жок сөздү. – Толкунбек жоошуй сүйлөдү.

– Эмнеге жок сөз. Мен Эмилдин карындашы экенин жана үй ээси эже айтпаса, дагы эле билмек эмесмин. Күйөөсү менен да балким сен үчүн ажырашкандыр, ким билсин.

– Эмнеге мен үчүн ажырашмак эле! – Мукактана түштү. – Эгерде Зыйнат менен байланышым болсо, эмне десең ошол деп карганып берейин. Ишенип койчу.

– Карганганда эмне, карганбаганда эмне. «Кыңыр иш кырк жылдан кийин да билинет» дейт. Эски жомоктун башынан түшкүм келбейт. Бириңди-бириң көрүп, эмне кыларыңарды билбей, эсиңер ооп калды, тим эле тилден калып. Бир кезде бир үйдө жашап, бир туугандай болуп калган экенсиңер. Андай эле ак болсоңор, таза болсоңор, эмне үчүн учурашып, эмне үчүн сүйлөшпөй туттугуп калдыңар. Тим эле өмүрүңөрдө бириңди-бириң көрбөгөн, бириңди-бириң билбеген адамдардай болуп сурданып калганыңарга таң калам да.

– Мен Зыйнат менен учурашпай калгамын, – деди кыяматтын кыл көпүрөсүндөй болгон бул оор абалдан кутулуунун амалын издеген Толкунбек.

– Качантан бери?

Сөздөн сөз чыгып чаташып, улам тереңдеп бараткынан коркуп, Толкунбек минтти:

– Койчу, Жакин, токтотолучу ушул Зыйнат жөнүндөгү сөздү. Баятадан бери тим эле КГБнын тергөөчүсүндөй тергедиң. Мен дүйнөдө бир гана аялды билем. Бир гана аялды сүйөм. Ал болсо Толкунбектин туңгуч махабаты Жайнагүл. «Кудай уктап жатканда шайтан эмнелерди кылбайт» дегендей, мастыктанбы же жаштыктанбы, кокус сен жокто

жаздым тайып жаңылып, жазып калсам, өмүр бою кечирбейсиң го дейм, ыя, алтыным.

Толкунбек күнөөсүн мойнуна ачык албаганы менен, арам айыбы араандай ачылып турганын өзү да, Жайнагүл да сезди. Жаакташып айтыша берсе беттери ачылып, чатактын үстүнө чатак кошулуп, турмуштары ириген сүттөй болоорун экөө тең түшүндү...

Ушул саамда жигиттин эсине Зыйнаттын бир катуу айткан сөзү түшүп, чагылгандай атылган бир күчтүү толкундан кандары дүргүп, мээси зыр деп барып, уюй түштү. «Эгерде менин жиниме тийип, шайтанымды козгосоң аяйт экен деп ойлобо. Сенин күнөөңдү да, өз күнөөмдү да, жашырбай ачык жазам да, жиберүүчү тиешелүү жерлерге жиберип коюп, Толкунбектин кесепетинен жанымды кыюуга аргасыз болдум деп өзүм уу ичип өлөм. Андан кийин сени эмне кылышса, партия менен өкмөт өздөрү билсин. Баланы өз үйүңдүн алдына алып барып таштатып, Жайнагүлгө бактырууну чыгарган да сенсиң. Сен менин баламды өз колуң менен өстүрүп чоңойтпой эле, өз колуң менен өлтүрүш үчүн ушуну атайын жасадың. Баламдын өлсө каны, тирүү болсо, ал экөөбүздүн көз жаш, көкүрөк дартыбыз сенин мойнуңда», – деп өкүрүп-бакырып төрт айласын түгөткөн болучу. Толкунбек төшөгүнүн үстүндө ушуларды ойлоп жатканын Жайнагүл билген жок.

Толкунбектен уйку качып, өз колу менен иштеген трагедиянын картинасы көз алдынан кетпей туруп алды. Ал бирде Зыйнаттын секелек кезиндеги баёо жүрөк, жайдары мүнөзүн, бирде бой жеткен кыздын оттой жанган кумарлуу көздөрүн, бирде аялдык амалкөйлүккө жеткен кездеги аны менен зынага баткан биринчи түндөрүнүн түмөн түрмөгүн чубап, түгөтө албай жатты. Толкунбек өз үйүнө ууруларча түн жамынып барып, дарбазадан ары дит багып өтө албай дарбазаны чала-була ачып таштай качкан баланы ойлогондо муундары калтырап, өзүн өзү токтото албай онтоп жиберди. Үйдөн киши чыгып, баланы алган-

албаганын билбей, дүңтарс кеткенине өкүнүп, эрдин кесе тиштеди. Аз болсо да аялдоого болбогону, бирөө болбосо бирөө көрүп, таанып коёт экен деп өз артын качырган. Анын үстүнө муздак машинанын ичинде Зыйнат ооруп калабы деп шашкан. Бирок бир аз абайлап тура туруудан эчтеке деле болмок эмес экен. Ансыз деле Фрунзеге барганда ооруканага жатып калды...

А Жайнагүл болсо эки уулун эки ыптасына алып, оң эмчегин Үсөнгө, сол эмчегин Асанга салды. Келин кош үрпүн бүлкүлдөтүп соруп жаткан балдарынан көз албай, алмай-термей тиктейт. Бир кезде Жайнагүлдүн сымаптай чубурган көз жашы, мөлт этип Үсөндүн бетине таамп кетти. Ошол саамда жаңы эле көзү сүзүлүп, уйкуга кетип бараткан наристе селт этип, эмчек эмүүсүн дароо токтотуп, Жайнагүлдү бир демге тиктеп туруп, ууртунан күлүп коюп, кайра баштан бүлкүлдөтүп кирди. Келин ойго батты. Чындыкты бул айтпаса, мен айтып бул жүрөккө чыккан туюк жаранын оозун өз колу менен ачып, биротоло жаным тынса бекен деп ойлоду. Бирок Жайнагүл өз оюнан өзү чочуп кетти. Андай болгондо Үсөндөн да, Толкунбектен да ажырап калышы ыктымал экенин билди. Ынтымактуу жашап, бири-биринен ысыгы таркай элек, бул акар-чакар болуп калган үй-бүлөнүн чачылып, «эгиз уул төрөдү» деп, элжуртка даңаза болуп, кубаныч тартуулаган бул баланы колдон чыгарып жиберүү кечиримсиз күнөөдөй сезилди. Ал балдарынын уктап жатканын эми гана байкап, эми гана эсине келип түйшөлө түштү. Келин экөөнү эки каруусуна көтөргөн боюнча ордунан козголо бергенде, Толкунбек жаткан жеринен секирип турду.

Экөөнүн көзү бири-бирине чагылыша түштү. Толкунбек аялынын канталап, чаалыгып турган жаштуу көзүн көрүп, карегин тартып алды. Ал эми Жайнагүл болсо күйөөсүнүн ой басып турган убайымдуу жүзүнөн жалган жылмаюуну көрүп, денеси жыйрылды. «Тобо, бул эмнеге капа?» – деп ойлоп, Үсөндү көтөргөн бойдон бурулуп кет-

ти. Экөө бул түнү баягы жаакташып айтышкан бойдон чечилип сүйлөшпөй жатып калышты. Өз күнөөсүн сезбей, кайра өзүн коркутуп, дуңкуюп терс карап жаткан Толкунбекке таарынган Жайнагүлдүн өпкөсү казандай, өтү табактай. Бардык күчүн эки көзүнө чыгарып, сансыз санаа, махабатка толгон жаштык кызгануу көңүлүн чатышкан жиптей чырмайт. Көчүп келгенине бир өкүнсө, Зыйнатты көргөнүнө эки өкүнөт. Күйөөсүнүн кылыгын ойлогондо түн түнөбөй, кайра кетип калгысы келет. Бирок, күнүмдүгүн ойлобой, түбөлүгүн ойлойт. Балдарым бойго жетип, Жанатым күйөөгө кетсе, Асан менен Үсөн колукту алса, кудаларым эмне дейт. Атасы жок, бойдок аял тарбыялаган экен деп, уулдарым менен кыздарымдын кыйшыңы чыгып калса, сөзгө сөлтүк, кепке кемтик кылышат. Ата бардай кайдан болсун. Бөксөнүн иши бөксө да. Башы булутка жетсе да, түгөйлүүдөй болобу. Өңгөчө картайып калган кезде керек тура, бул жолдош деген. Атам өлгөндөн бери байкуш апам, энесинен ажыраган жетим баладай болуп эле томсоруп олтуруп калды. Болбосо экөө бир жакка барганда өздөрүнчө кеңешип-кептешип, өздөрүнчө бирдемелерди айтып күлүшүп, эгиз козудай болуп ээрчишип кетишээр эле.

Макул мен Толкунбек менен ажыраштым деп коёюн. Анда эмне болот? Күйөөң менен эмне үчүн ажыраштың деген элге, эрим «жүрүштүк» кылып, ошон үчүн ажыраштым деп жооп беремби. Минтип айтуу Жайнагүл үчүн жагымсыз сезилди. Анан энеси Тумардын айткан сөздөрү эсине түштү. Ал киши кыз-келиним угуп, көңүлүнө түйсүн дечүбү, же тим эле жөнсалды айткан сөзүбү, айтор, үй-бүлөчүлүк, анын ичинде эрди-катындык мамиле жөнүндө шашпай олтуруп меселдетип сүйлөчү. Ал кезде Жайнагүл энесинин сөздөрүнө анчалык маани да берүүчү эмес, түшүнө да берүүчү эмес. Бирөөнүн жашоо-турмушу жөнүндө угуунун бизге кандай тиешеси бар деп ойлоочу. Мына ошондогу өзүнө тиешеси жок деген эне сөзү Жайнагүл үчүн азыр өзүнчө эле бир акылмандын берген сабагы болгонсуп тур-

ду. «Эркектин аттай күнөөсүн алдыга басып, төөдөй күнөөсүн төшкө каткан» кечиримдүү аял гана эр күтүп, этек-жеңи жайылат дечү эле. «Кызык, энем, – деди ушуларды көңүлүнөн өткөргөн келин, – күнөөсү тоодой болсо деле кечириш керекпи эркекти. Олда, кагылайын энем а-ай, «кечиримдүү болгула, көтөрүмдүү болгула» дейт да турат. Анын кимге болсо да каалаганы ынтымак, тилегени бакыт. Телегейди тең санайт. Эгерде Толкунбектин күнөөсүн уксачы?! Аны да кечир дээр беле!» – Келин ушуларды ойлоду.

Буга чейин Жайнагүлдү тынчсыздандырып турган бир иш – Толкунбектин мамилеси эле. Башка аялга ооп, аялынын көзүнө чөп салып жүргөн, көпкөн эркектин мүнөзү анда жок болучу. Баягы мейманканадагы окуяны эске албаганда, көңүл оорутуу деген болгон эмес. Көбүнчө Жайнагүлдүн ичине чок салып, ич күйдүлүк менен ишенбөөчүлүктү алып келген Үсөндүн Толкунбекке окшоштугу эле. Бирок адамдын адамга окшош болуп туула турганы турмушта боло турган табигый иш болсо да, ал чындыкка өзүн толук ынандыра албады. Ошондой ишенбөөчүлүктүн кесепети экөөнүн ортосундагы кыйтыңдаша түшүүнүн башкы себепкери болду. Буга чейин Толкунбекке окшоп аял сыйлап, аял сүйгөн адам жоктой сезилчү. Менден башка бирөөнү эгерим карап күлбөйт го деп ишенүүчү. Анан: «Ошол ишеним, ошол сүйүүлөр кайда?!» – деп ойлоду ичинен түтөгөн Жайнагүл.

Ушул маалда эки бала бирдей чукуранып ойгонуп, үн алышып ыйлай баштады. Бирок Жайнагүл козголбоду. Ал Толкунбекти кантээр экен деп сынады. Адатынча, уктап алсын деп, мени аяп, балдарды алаар бекен, же албас бекен деп ойлоду. Бул кезде Толкунбек да Жайнагүлдөн бетер, уйкусу качып, өз кылган кылмышына өзү өрттөнүп, ойгоо жаткан болучу. Ал башын көтөрүп, колуктусунун демин тыңшап туруп ордунан туруп, жарыкты күйгүзүп, Асан менен Үсөндүн жанына келип токтоду. Саатты ка-

рап, балдардын эмчек эмер кези өтүп кеткенин көрүп, колуктусун ойготуудан даай албай, селейип турду. Анын үнү кандайдыр тээ алыстан угулгансып, бүтүндөй көңүл-ою Жайнагүлгө сүңгүп кетти. «Сенин нур төгүлгөн ак жүзүңдөн айланайын күнөөсүз периштем, кечир менин ыпылас кылмышымды», – деп ичинен күбүрөп, оор улутунуп алды. Толкунбектин жүрөгү элжирей түшүп, адатынча уктап жаткан аялынын көздөрүнөн алмак-салмак өөп алды. Анан акырын маңдайынан сылап минтти:

– Жакин, балдарыңды эмизчи.

Баятадан бери Асан менен Үсөндүн үнүн угуп, чыдамы кетип турган жаш эне, жалгандан керилип-чоюлуп ойгонумуш болуп, көзүн ачып маңдайында турган Толкунбекти томсоро бир карап алды. Жигит колуктусунун электр жарыгына чагылышып, мөлмүлдөп, жашка толгон көзүн көрүп, эмне кылаарын билбей, балдарын көздөй бурулуп кетти. Асан менен Үсөндүн суу болгон жалаяктарын алмаштырып, экөөнү эки шейшепке ороп, эмизүүгө камынып, төшөгүнүн үстүнө олтурган аялына адегенде Үсөндү, андан кийин Асанды берди. Энесин көрүп жан алакетке түшүп, жем сураган балапанга окшоп талпынган наристелер, Жайнагүлдүн алдына барганда ыйлап жаткан ыйлары тып басылды.

Толкунбек бул тири укмуштуу картинаны көрүп туруп: «Эне мекен, ата бекер» деп акылман киши айткан экен», – деп ойлоду. «Тобо, эне жытын ушулар да билет!» – Толкунбек башын аста чайкап койду. Анан Жайнагүлдүн башка аялдарга окшоп, бейжайлык кылбай, төнүп олтурган кебетесине боору ооруп кетти. Ушул саамда Зыйнаттын Толкунбекти өз аялынан, өз балдарынан кызганып, аларды күнүлөп, көргүсү келбей жүргөнүн эстеп: «Ай, айласы кеткен байкуш ай, «кийин келип төшөк меники» дегиси келет. Адамдар кызык ээ деги», – деп ойлоду. Ал маңдайында олтурган колуктусун айлап-жылдап көрбөй, көзүнөн учуп, куса болгон адамдан бетер эбедейи эзилип турду.

Балдарын орундарына жаткырып, бурула берген аялынын алдын тоскон Толкунбек кучагын жайып тура калды.

– Жакин!

– Эмне дейсиң?

– Мен сенин өзүң эмес, үнүңдү укпасам, көңүлүм чөгүп, жетимсиреп кетем. Катуу айттымбы, оройлук кылдымбы, көңүлүңө жакпай турган жагымсыз иштерди иштеп, иренжитип койдумбу деп уйкум качып, сени ойлоп жаттым. Таарынышмайдан болбосунчу, Жакин. Адамда кемчилик болбой койбойт турбайбы, Жакинтай. Жер жүзүн чарк айлантып, алаканына салып турган акылмандардын деле бир кемчилиги болот тура. Кечир жаным...

Келин күйөөсүнүн сөзүнө кубанып эриген да, жериген да жок. Мурункудай чечилип эркелеген да, эркелеткен да жок. Оозунан «кечирдим» деген сөз да чыкпады. Көңүлүндө дагы эле баягы балекеттүү бала жөнүндө ойлоп турду. Зыйнат эмес ит тууса да, мен ага эне сүтүн эмиздим. «Эшиктин алдына алып келип таштаган бала Зыйнаттыкы болучу деп чындыктын бетин бул ачпаса, менин эгиз төрөгөнүм жалган болучу деп, мен өз айыбымды өзүм ачамынбы. Жо-о, мен андай оозу ачыктыкка дегеле баралбаймын, Толкунбек. Балким, сен башка аялдарды да мени сүйгөндөй сүйүп, мага жалынгандай аларга да жалынаарсың. Ишенбей калдым сага», – Жайнагүл көңүлүндө ушинтип ойлоп, ушинтип сүйлөп жатты. «Бул бекеринен күнөөсүн мойнуна алып, кайра-кайра бөгүлүп, кечирим сурап жатпаса керек. Көптөн бери көңүлүндө «кимдин баласы, ким тууду болду экен?» деп күдүктөнүп жүргөн Үсөндүн адреси, эч ким айтпаса да дайын болгондой, эненин эт жүрөгү барча-барча тилинип, туз куйгандай куйкаланып баратты. Бул эч качан айыкпачудай, эч качан өзөктөн өчпөчүдөй болгон күчтүү жалын өмүрү менен бирге жашап, бирге жатчудай болуп туюлду.

Аялынын ийсинген бээдей болуп мисирейип, жазылбай турушу жигиттин шагын сындырып, капалантып койду.

Кайра-кайра кечирим сурап, мөгөдөй салбырап турган күйөөсүнүн сөзү Жайнагүлдүн кулагына кирбей турганын жигит түшүндү.

Аялы менен чечилип сүйлөшө албаган бойдон эртең менен эрте туруп дароо эле жумушка кийүүчү кийимдерин кийип, бети-колун жууду. Демейдегисиндей тамак да ичпеди. «Жакин, мен жумушка кеттим. Эгерде чарбаларда салынып жаткан курулуштарды кыдырып кетип калсам, кечинде кечирээк келем» деген кат жазып, столдун үстүнө койду.

Толкунбек буга чейин мынчалык беймазага түшүп көрө элек болучу. Өзү кош миздүү устаранын учунда тургансып, Зыйнат менен Жайнагүлдү эстесе, жанын коёрго жер таппай калды. Жүрөгүнүн үшүн алган көбүнчө Зыйнат болду. Ошон үчүн, бул жүрөгү жаралуу аялдын оозун басып, Жайнагүлгө билгизбей кармап туруштун бир гана жолу бар экенин ойлоду. Бул жол болсо, андан кол үзбөй, ууру жолду улантып туруу. Бирок андай ыпылас жолдо жүргөнүн кокус Жайнагүл билип калса, эмне болоорун эстегенде, өз оюнан өзү коркуп кетет. Эгерде, өзү колдуу болуп өлгөн балекеттүү баягы бала болбогондо, Толкунбек Зыйнатты: «Кайдан көрдүм кара эшек, жолдон көрдүм жоор эшек», – деп басып кетип калса, чаап алат беле. Жолуна жолтоо болуп, коркок билиш кылып турган бул кара жолтой темир тосмону кантип бузуп өтүштүн айласын таппай, карайлап турганын өзүнөн башка жан киши билбеди. Толкунбек өзүнө өзү наараазы болуп, жерге бир катуу түкүрүнүп алып, көчөгө атып чыкты. Эки жагын карабай желдей учуп олтуруп, гаражга барып бир тийди. Машинасын от алдырып жатып, бензиндин аз калганын көрүп, май куюуга бармак болуп машинага олтурду. Бирок көчөгө чыкканда заправкага барбай, түз эле Зыйнаттын үйүн көздөй бурулду. Дарбазанын түбүнө чукул токтоп, рулду кармаган бойдон машинадан түшпөй, олтуруп калды. Ал бул үйгө келээрин келип алып, Зыйнатты кандай абалда

көрүп, кандай учурашарын ойлоп, кежигеси кер тартып туруп кабинадан түштү.

Зыйнаттын таякеси, жээнинин кечээ кечинде конокко кеткен бойдон үйгө келбегенин айтты. Бирок Толкунбек Зыйнаттын жоктугун угуп, эмне үчүндүр жеңилдене түштү. Анын түндө тигил жерден чыкканда түз эле өзүнүн өнөрканасына барып, ошол жерде түнөп калганын билди...

Жумушчулар Мансуровду бой көтөрбөгөн жөнөкөйлүгү, оюбаган айкөлдүгү менен жогору баалашчу жана кадырлашчу. Ал чындыгында эле «сен жумушчу, бул кызматчы» деп ажат ажыратууну билүүчү эмес. Боорукер да, адамга кайрымдуу да болучу. Адамдын көңүлүн калтырып, шагын сындырбаган, ак көңүл, кабагы жарык, кичи пейил жигит боло турган. Керек убакта жумушчу менен жумушчу болуп аралашып иштеп да кетүүчү. Дегинкисин айтканда, өз ишин мыкты билген жөндөмдүү курулушчу болучу. Баягы өзү бульдозёрдо иштөөчү турак үйдүн курулушун мөөнөтүнөн эки ай мурда пайдаланууга берүүгө милдеттенме алышкан. Азыр Толкунбек түз эле ошол объектиге барып токтоду.

«О-хо-о-о, азаматта-а-а-р! Мына ушундай болмок!» – деди инженер көргөн көзүнө ишенбей, кубанычтан толкундап. Тим эле курулуш жүрүп жаткан жер шаңга бөлөнөт. Бир жактан радиоприёмниктен ыр-күүлөр көңүлдү көтөрүп, делебени козгойт. Музыканын ыргагына эргиген эр жүрөк азаматтардын бирөө ар жакта аралашма жасап жатса, экинчи жакта дагы бирөөлөр таңгак-таңгак айнек кебездерди кранга илүү менен убара. Бөлмөлөрдө үйлөрдүн ички дубалдарын актап, полдорду жууп жүргөн аялдар көрүнөт. Толкунбек мен эрте келдим деп ойлосо, курулушчулар андан эрте келишиптир. Өз кабинасында жадырап-жайнап дыкаттык менен иштеп жаткан крановщик Толкунбектин келгенин көрүп, оң колун көтөрүп саламдашты.

– Охо-о-о, сиз белеңиз. Келишиңиз менен! Кандай эс алыш, жакшы болдубу? – деп кыйкыра сүйлөдү инженер.

– Ракмат, Толкунбек Мансурович. Момундай дем алып, момундай дарыланып келдим. – Жигит баш бармагын көрсөттү. – Иш илгерилеп, бүтүүгө чукулдап калыптыр го. Бир айдын ичинде көп жумуш бүткөрүп жибериптирсиздер.

Толкунбек күлө сүйлөдү:

– Сиз келгенче, бүтүрүп кирип алалы десек, чаркыбыз келбей калды. Сизсиз жакшы жүрбөйт экен иш.

– Аа, ошондой дениз.

– Ошондой.

Эмелеки үйүнөн көңүлү чөгөт болуп келген инженер, иштин жагдайын, жумушчулардын темпин көрүп, көөдөндөгү көйгөйү эсинен чыгып, алаксып кетти. «Оо, азаматтар десе», – деди жанында турган курулуштун мастерине:

– Ушундай болорун билгем. Кечээ аванс алдыңар да.

– Ооба, алдык. Бирок эч ким оозуна алган жок десем жаңылышпайм.

– А тигил экөө кантип чыдады?

– Мен дагы ошол эрди-катындан чочуладым эле, Толкунбек Мансурович. Бирок, Кудай жалгады аларды.

– Ичкени болбосо, тигил киши иштерман эле адам. Иштин көзүн тааныйт. Атайын билими да бар. Сен уктуң беле бул киши жөнүндө, – деди Толкунбек. – Диплому менен эмгек книжкасын, мас болуп жаткан жеринен кимдир бирөөлөр алып кетиптир. Ичкилигин койдура албай жадап бүткөндө, балдарын алып аялы кетип калыптыр. Ал аялы азыр бир жерде мектепте мугалим дейт. «Обого шыйпаң үйүр» дегендей, кийин ушул селсаяк аял менен таанышып, жармакташып, күн өткөрүп калган дешет. Дипломунун дубликатын алууга да, эмгек книжкасына кайрадан иштеген жерлеринен документ топтоого да кудурети жетпей, ушинтип калыптыр. Деги кызык киши өзү. Карыбайм, пенсияга да чыкпайм, өмүр бою ушинтип жүрө берем дей-

би, ким билсин. – Толкунбектин сөзүн угуп турган бригадир сөзгө минтип аралашты:

– Ооба, мен да уккамын буларды. Кезинде түзүк эле жооптуу кызматтарда иштеп, жакшы жүргөн, жакшы жашаган адам имиш. Бул кишинин түбүнө мансап менен байлык, анан дагы өзүнүн моралдык жүрүш-турушунун жамандыгы жеткен дешет. Кээ бир жел өпкө адамдардын колуна бийлик тийди дегенче, көздөгөнү көктө, көксөгөнү көңүл ачуу болуп калат тура. Оо, бул киши көпкөндө да жаман көпкөн экен. Партиянын ишенимине жамынып алып, биздин коомго жат көп иштерди иштептир. Ыргыткан ташы жогору кулап турган кезинде дүнүйө дегенди бул жакка кой, ичкилик менен сулуу аялдардын армансыз эле «тишин чагыптыр». Акыры башынан дөөлөт кетип, жанынан жолдош-жоро безип, сулуулар карабай качып, кара башы каңгып, жанында кыйбас досу жалгыз арак калыптыр.

– Бул киши жөнүндө менден сен көбүрөөк билет турбайсыңбы, – деди Толкунбек ыңгайсызданып. Бригадир жигит тигил кишини айтымыш болуп, бардык сөздү өзүнө тийгизип, какшыктап жаткандай болуп туюлса да сыр билгизбей минтти: – Деги мурдагыга караганда оңолгонсуп калды го дейм. Кокустан ичкенин токтотпой турган болсо жетекчилер менен сүйлөшүп, дарыланууга жибериш керек. Сен кандай дейсиң?

– Туура айтасыз, жибериш керек. Иш билгилиги иш билги. Анысында талаш жок. Бирок адамдыгынан акмакчылыктары көп. Эми караңызчы булардын эмне кылып жатканын. Өткөн жылы кандай иштегенин баарыбыз билебиз. Мас болуп тийди-качты болуп, айлап сандалып жүрүштү го. Ошол иштебей калган күндөрүн, сиз болуп кеңешип олтуруп эле табелге киргизбей койгонубуз эсиңиздеби. Анан дагы он үчүнчү зарплатты албай калышпады беле. Булар эми ошол эчакки өткөн ишти козгоп, арыздանып жүрүшкөн имиш. Ал экөөнү колтукка түртүп жаткан

Эргешбаевби деп шекшип калдым, – деди мастер тынчсыз-данып.

Үчөө тең унчугушпай тымтырс боло калышты. Эки колун артына алган Толкунбектин кабагы чытыла түшүп, улутуна минтти:

– «Ким иштесе тиштейт». Иштебей ичип жүргөн адамдар үчүн бөлүнгөн каражат жок да бизде. Он үчүнчү зарплатты албай калдым деп өкүнүп, ичтери күйүп жүрсө, иштешсин ичкиликтерин кыскартып, прогул жасабай так жүрүшсүн. Эгерде, Эргешбаевдин ошондой адамдар үчүн мамлекеттен бөлдүрүп алган фондусу болсо, бере берсин. Андай адамдардын арызынан коркпой эле кой. Жаза берсин жазчу жерине.

– Демек, ичкен адамдардын уяты жок болсо керек. Ынсап деген да болбойт экен. Курулушка алып келген да Камал, кармап келаткан да Камал. Баягыда начальникке айтсам, «бир кишинин арысы-бериси кайсы, тим койгулачы. Бир кезде мен мунун кол алдында иштегенмин. Өзүнө өзү көр казат деген ушул. Кантебиз, жүрө берсин», – деп колун шилтеп койду.

– Муну начальник да билет тура анда. А-а ошондой де.

...Мастер курулушчуларга репродуктор аркылуу минтип кулактандырды:

– Жолдоштор, Толкунбек Мансурович сиздер менен иш боюнча сүйлөшөм дейт. Өзүңөрдү өзүңөр кармабай, алдыга түшө калгыла. Бириң да калбагыла. Жумуш күнү толук башталганча кеңешип алалы.

Бул кабарды угаары менен Толкунбектин жанына курулушчулар тез эле чогулуп калышты.

– Саламатсыздарбы, туугандар. Кандай, ден соолугуңар жакшыбы?.. – Али жумуш көп иштеле турган, – деп баштады сөзүн инженер. – Айнектери толук салынганы менен, полго төшөлүүчү паркеттер, сырдалуучу иштер толук бүтө элек да. Материалдар жетиштүү. Прораб өзүнүн ооруп жатып каларын билгенсип, бул жагынан мыкты-

лык кылыптыр. Негизинен курулушка керектүү материалдардын баары толук даяр. Бир-эки саат чымыркаңып койсок, эки смен менен иштей турган ишти бир смен менен эле, ташын талкан кылып салабыз.

– Бизден күткөн талабыңар эмне, жолдош Мансуров? Сөздү созбой, ток этээр жерин айтыңызчы, лекция окугансыбай, – деди кимдир бирөө.

– Ток этээр жерин айтайынбы? Анда ток этээр жерин айтсам, жумуш күнүн бир-эки саатка узартсак дейм. Антпесек, убадабыз орундалбай, эл алдында уят болуп, жер карап калганы турабыз.

– Мөөнөтүндө бүтпөйбүз деп ойлойсузбу?

– Мен алган милдеттенмени айтып жатам.

– Ким билет, милдеттенме боюнча деле уят болбойбуз го.

– Ким билет деген арсар сөздүн кереги жок. Бүтөбүзбү, жокпу, ачыгыңарды айткыла. Бүтүрө албайбыз десеңер узартылган күнгө өтөлү. Бул жөнүндө бригадир, прораб, мастерлер болуп сүйлөшүлгөн. Силерге айтып жеткиргенче, ал өзү ооруп жатып калды. Азыр анын ордуна убактылуу өзүңөрдүн мастериңер бекитилди.

Жумушчулар күбүр-шыбыр боло түштү. Бир кезде аялдардын ичинен кимдир бирөө алдыга кадам таштай берип минтти:

– Жолдош Мансуров, биз ансыз деле эрте келип, кеч кетип жатканыбызды көрүп турбайсызбы. Узартылган күн менен дегеле иштей албайбыз. Ар кимдин үй-бүлөсү бар. Курулушка конуп-түнөп жүрсөк балдарды ким багып, ким карайт. Бирөөнү окууга, дагы бирөөнү бакчага жөнөтүш керек. Курсак тойгузуш үчүн казан кайнатыш керекпи, керек. Иштесе эркектер иштесин, биз аялдар мындай шартка макул эмеспиз. Анан дагы магазин кыдырып азыктүлүктү кайсы убакта алса деп турасыңар. Колубузга акчабызды уучтап жүрүп каалаган кийим-кечени, үй ичине керектүү буюм-тайымды да алалбайбыз. Эл кийгенди биз деле кийгибиз келет, эл ичкенди биз деле ичип, эл катары

жашагыбыз келет. Адам болгондон кийин адамча жашоо, адамча эс алуу да керек го дейм. Же жумушчуларга алардын кереги жокпу?

Толкунбек бул сөздү угуп, «айтса-айтпаса төгүнбү» дегендей, мойнуна алып, ойлоно түшүп, жумушчулардан минтип сурады:

– Эмне, автомагазиндер келбей калдыбы, дагы?

– Келбей калганы качан. Эки-үч ай жыргап калдык эле, эки жакка чуркабай.

– Аны эсибизге алабыз. Магазин болот. Келбей калганын айтпасаңар биз кайдан билебиз. Азыр эле начальникке айтып, шаардык соода уюмунун башчысы менен сүйлөшөбүз. Магазинден кам санабагыла, ал болот жолдоштор. Бирок бул курулуштун тагдырын кандай кылабыз, узартылган күн менен бир-эки жума иштеп койсоңор жаман болбос эле. Ойлоп көргүлөчү.

Эркектер жандана түштү.

– Иштейбиз, Толкунбек Мансурович! Катындардын сырын билбейсизби, бирдеме болсо эле бөдөнөдөн куйрук чыгарып, чыйылдай беришет. Мына ансыз деле бүгүн баарыбыз саат жетиде келдик. Кечкисин бир-эки саат ашык иштеп койсок, болду да. Эмгегибизди алабыз иштеген. Тим эле бекер, бирөө үчүн иштөөчүдөй болуп, манчыркап эмне кереги бар жолдоштор.

Адегенде кыжы-кужу болуп дуулдап барып, анан бардыгы унчукпай калышты. Толкунбек жумушчулардын өтүнүчтөрүн блокнотуна жазып алды.

– Ракмат силерге, жолдоштор. Алган милдеттенмени убагында орундатсак, эл алдында жүзүбүз жарык, сөзүбүз да чоң болот.

– Чоң болсо силердин сөзүңөр чоң болуп, жарык болсо силердин жүзүңөр жарык болоор. Бизге эмне, түшүнүктүү да баары.

– Эмне, жалкткан жайыңар барбы? Кызык сүйлөйсүңөр. – Бригадир Толкунбекке карады. – Сиз кете бери-

ңиз, кабатыр болбой. Иштейбиз, иштебегенде кайда бармак элек. Эгерде биз сапат жагына көңүл бөлбөй, жүр-нарылыкка салган болсок, алда-небак эле бүтүрүп коёт болучубуз бул үйдү.

– Туура, – деди дагы бирөө, – биздин негизги максатыбыз, башынан эле сапаттуулук эмеспи. Бул үйдүн проектисин баягы борбордон келген архитекторлор аябай мактап, жактырып кетишкенин билесиз, жолдош инженер. Анда бар болгону курулуштун алгачкы кирпичтери коюлуп жатканын көрүшкөн болсо, ошондо укмуш болмок. Карагылачы, эмне деген ажайып конуш, эмне деген асман мелжиген жай...

Мансуров бул курулуштун проектисин өзү ойлоп таап, чиймесин өзү чийген. Курулушчулардын сөзүн уккан жигиттин жүрөгү толуп, көңүлү кубанычтан көтөрүлүп турду. Анын оюнда бул имаратта өзүнүн үлүшү болор-болбос нерседей гана сезилүүчү. Ошентип, өзүнө өзү толбой, бардык ийгилик да, жеңиш да ушул турган алтын колдуу адамдарга таандык деп ойлоочу. Ал эми жумушчуларда болсо, такыр башка ой, башка пикир болучу. Мансуровдун эмгеги бул үйдө айтып бүткүс дешчү баары. Курулуштун проектисин чийүүдөн баштап, жумуштун башында такай өзү туруп, өзү кошо иштешти. Эмгек тартибин катуу сактады. Мастыкка, прогул жасоого, жүр-нарылыкка жол бербеди. Жумушчулардын турмуш-абалына да көңүл буруну да бул жигит унуткан жок. Тим эле өзгөгө эмес, өзүнө алтын сарай салдырып жаткансып, жан-дили менен иштеди, – деп Толкунбекти мактап, бардык жерде даңазалап жүрүштү.

Бирок Мансуровдун иши ийгиликтүү болгону менен, анын керт башынан өтүп жаткан трагедияны эч кимиси билишкен жок. Мурда Зыйнат курулушка Толкунбекти издеп келип жүргөнүнөн улам, алар адегенде аялы бекен деп ойлошкон. Бирок кийин жигиттин үй-бүлөсү башка экенин, Зыйнаттын күйөөсү менен ажырашып кеткенин угушуп, келинди бузуку катарында жек көрүп калышкан.

Азыр да чогулуп турган жумушчулар тигил аялдын таймандбай басып түз эле Толкунбекти көздөй келатканын көрүшүп, ичтеринен жек көрүп, көздөрү бузулуп турду. Эсеновадан бул жигитти, эмне үчүндүр кызгануу сезими менен жийиркеничтүү жагымсыз ойлор, ар биринин жүрөгүнө тикендей сайылып турду.

Толкунбек, жумушчулар жапырт суздана карап калган жакка, эмне болуп кетти дегенсип, бурула карады. Ошол замат Зыйнаттын келатканын көрүп, өңү өзгөрүп, бир башкача боло түштү. – Болуптур жолдоштор, бошсуңар, – деди шашкалактаган үн менен, мостойгон жигит.

Ал четке келип туруп калган Зыйнатты бир карап алып, шыр басып кете албай жанына келип токтоду.

– Эмне, таң атпай, тынччылыкпы?

– Өрттү өчүрө албаганымды билесиң да.

– Кандай өрт? – Эч нерсени ойлонбой, апкаарыган жигит Зыйнатка карады.

– Башка өрттү өчүрсө болот экен. Бирок жүрөктүн өртүн өчүрүү кыйын тура. Баягы сен мени отпускага кетээр алдында кордоп кеткениңден кийин ооруп, ооруканага жатып калдым. Уккандырсың. Жок дегенде абалымды сурап койгонго да жарабадың. Москвага кетсем кеттиң, келсем келдиң дебедиң. Деги сага менин эмне кылган жамандыгым бар? Эртең менен биздикине эмне жумуштап бардың эле? Таякем айтты, сени келип кетти деп. Тобо, сүйүүдөн адамдын соттолуп, жазаланаарын уккан жок элем.

– Койчу эми, качанка чейин эле сүйүү, сүйүү дей бересиң. Менин абалымды түшүнсөң боло. Эртең менен келатып барсам, үйүңдө жок экенсиң, айткан тура.

Жаңы эле Зыйнат экөө ээрчише басып, курулуштан чыгып баратышкан. Ушул маалда тээ төртүнчү кабаттын ачык терезесинен мойнун созгон аялдын үнү ажылдап коё берди:

– Ай, инженер, өткөн жылдын он үчүнчү зарплатынан куру калтырганың аз келгенсип, эми эмнеге мурунку ай-

дын беш күнүн табелге киргизген эмессиң? Билем, элдин эсебинен өөнөп жеп, байып жатканыңарды. Шашпа, сени.

Толкунбек кылчайып тура калды.

– Ашык сөздүн кереги эмне! Ай, ай, ай, эмне деп жатканыңызды билесизби? Жеген-ичкеним болсо, мага айтпай тиешелүү жерге барып айткыла. Ал эми зарплат, табель деп жатасыз. Мунун бардыгына өзүңүздөр күнөөлүүсүздөр. Жумушка чыкпасаңар, эмгек минимумун толтурбасаңар, прогул жасасаңар, табелге кайдан кирмек элеңер. Муну менден эмес, табель толтурган кишиден сурагыла. Тигинекей мастер өзү келатат. – Толкунбек басып кетти.

– Мен башкадан эмес сенден сурап жатам. Мастер менин сөзүмдү угабы, же сенин сөзүңдү угабы, айтчы? Байдын ашын байкуш аяйт? – деген ушул да. Эмнеге өз чөнтөгүңөрдөн төлөп берип жаткансып, өкмөттүкүн аяйсыңар. Прораб, мастер, бригадир – баарыңдын сөзүңөр бир.

Толкунбек ачуусу менен аялдын сөзүн аягына чыга уккан жок. Анын жүрөгүн ачынткан «өз чөнтөгүңөрдөн берип жаткансып, өкмөттүн акчасын аяйсыңар» деген акыркы сөзү болду. Аялдын адамдын сөөгүнө баткан суук, орой сөздөрү Толкунбектен алыстап кала берди.

– Бул бир балекет жумуш экен. «Таз катындан таяк жеп, таза катындан тил угуп» деген сөзгө мурун түшүнчү эмес элем. Көрсө, ушул мага окшогон байкушту айткан тура.

– Ал сени менен урушкан кайсы аял?

– Эргешбаевдин тууганынын аялы. Эри экөө тең ушул жерде иштешет. Бир балекет баскан абийирсиз немелер экен. Каалаunion иштейт, каалабаса иштебейт. Акчага келгенде ушинтип какылдайт да турат. Анын үстүнө буларды көкүтүп, колтуктарына суу бүркүп жаткан ошол Эргешбаев деген тууганы имиш. Калкалап кармап келаткан да ошол Камал.

– Койчу, кантип эле? Эргешбаев жаман жигит эмес го. Иш билги, тың жетекчиби деп ойлодум эле.

– Болуптур, аны койчу. Биздин жумуш ошондой ойку-кайкысы көп, татаал, – деди жигит Зыйнаттын тулкуна көз чаптырып.

Толкунбектин көзүнө Зыйнат мурункудан да сымбаттуу, сулуу болуп, бир башкача татынакай болуп көрүнүп кетти. Көздөрүнүн сурмасы чыгып, эки бети нурданып, наристе чагына окшоп турган бул периште, жигиттин эмелеки салкын тартып турган канын дүргүтүп, көңүлүн көлкүлдөтүп жиберди. Ушул саамда мунун өз чыгармачылык ишинде, байсалдуу жол басып келгенин, кыраакы жигит дароо билди. Ооба, ал Толкунбектин өткөн күнөөсүн кечип, ага жүрөк толгон кубанычын айтып, бөлүшкүсү келип, атайын келген.

– Өткөн-кеткенди кечиришели, Толкунбек. Менден сен кечирим сурашың керек эле, бирок антпедиң. Баары бир сени мен коркута албайт экенмин. Эртелеп объектилерге чыгып кетмей адаты бар экен деп, артыңдан издеп келип калганым ошол. Үйгө келип кеткениңди угуп, сүйүнүп кеттим. Кечинде балдарыңды көрүп, көңүлүм бузулуп, олтура албай кетип калдым. Билесиңби, менин айрым эмгектерим Бүткүлсоюздук Ленин комсомолунун сыйлыгына татыктуу болду. Окусаң керек газетадан, кайсы сүрөттөрүм үчүн берилгенин.

– Кут болсун. Сонун иш болгон тура. – Келиндин колун кысты.

– Кечинде келип, бир аз олтуруп кет. Ишимдин ийгилиги үчүн деле бир ооз жакшы санаалаштык каалооңду айтып, көңүлүмдү көтөрүп коюуга милдеттүүсүң да. Же мен андай сөзгө татыктуу эмесминби. Коркпой эле кой, көпкө кармабайм.

Зыйнаттын дооматын туура деп мойнуна алган, ак көңүл Толкунбек кечинде баруугa макулдугун берип жөнөп кетти. Анын эмелеки оюнда ойлоп, Зыйнаттын курулушка баса келгенин жактырбай, көңүлү буй болуп турган мүнөзү дароо өзгөрдү. «Барбайм» деп айтуу, оозуна эмес, эсине кел-

бей калды. Мурда Зыйнатты көрбөй жүргөнсүп, көркүнө көңүл чалкып, сыйлыгына сыймыктанып кетти. «Бет карашпай калдык го десем, дале болсо менден көңүлү калбаган экен. Күдөрүн үзбөптүр», – деп ойлоду. Анан ал жолдо келатып, баягы окууга өтпөй калып, ушулардыкында жүргөн шойкомдуу кездерин эстеди. «Ошондогу Зыйнатка болгон мендеги жаштык оту чала тутанган чоктой болуп, жүрөгүмдүн көмүскөсүндө калды. А Зыйнат болсо, түбөлүк от болуп күйгөн бир күчтүү лаванын ортосунда кала берди. Аккыз эже көз жумаар алдында: «Зыйнатты сага, сени Кудайга тапшырдым. Ыйлатпай асырап ал», – деп көз жумду. Кайран киши: «Зыйнатым адам болот», – деп көп айтуучу эле. Көрсө кызынын идиреги бар, таланттуу экенин ошондо эле билген турбайбы. Балага эне менен ата сынчы деп, ошон үчүн айтышат тура. Бирок мен Аккыз эженин аманатын аткара албадым. Көңүл деген көңүл, жүрөк деген жүрөк тура. Кийин өз жүрөгүмө өзүм ээ боло албай калдым. Мен Зыйнат эмес, Жайнагүлдүн махабатынын кулу болуп, көңүлүм бүтүндөй ошого оол кетти...»

Толкунбектин оюу ушул жерге келгенде Кош-Дөбөнүн бурулушунан чыккан жүктүү машинанын сигналынан улам бөлүндү. Эки жагын айланта бир карап алып, мамлекеттик адистештирилген чарбанын аймагында баратканын көрдү. Ал контораның алдына чукул келип, машинасын токтотту. Толкунбек кабинадан түшпөстөн эле, өз начальнигининин бул жерде экенин билди. Жигит директордун кабыл алуучу бөлмөсүндө күзгүдөн өзүн карап, чачын тарап токтоду. Кулагына кабинеттен чыккан сөз шашпай угулуп жатты. Ал киши ачуусу келгенде өзбекче-кыргызчаны аралаштырып дүкүлдөп, столду муштап катуу сүйлөй турган адаты бар эле.

– Бул жанагы мен айткан зөөкүрлөрдүн ишинин жыйынтыгы. «Көп суур ийин казбайт, ийин казса кең казбайт» деген ушул да. Ким күнөөлүү, ким күнөөсүз экенин текше-

ребиз жолдош директор. Керек болсо чыккан чыгымдын баарын ошолордун кекиртегинен сыгып алабыз.

Толкунбек жагымсыз сөздү угуп, чала жабылып турган эшикти шарт ачып, директордун кабинетине кирип барды. Салам айтып токтоду. Кайда олтурсам дегенчелик кылып, эки-жагын карап койду.

– Олтуруңуз, – директор колу менен бош орундуктар турган жакты көрсөттү. Анан СМУнун начальнигине карап мындай деди: – Кимдин кекиртегинен кандай кылып сыгып алуу, ал өз ишиңиз. Бирок айтып коёюн, бизге комплекстүү сарай керек. Борго койгон бодонун баарын, эски бастырмага алып чыктык. Бул кетирилген чарбанын зыянынын канчага турарын билесизби? Азыр райондун жетекчилери келет. Сүйлөшөбүз. Жаман иш болду жолдоштор. Мунун өзүн чарбага кылган СМУнун чыккынчылык иши деп ачык эле тайманбай айтууга болот. Силердин кесепетиңерден мамлекетке эт төгүү жагынан сызга олтуруп калуу коркунучу туулуп олтурат. Азык-түлүк программасынын коркунучу туулуп олтурат. Азык-түлүк программасынын орундалбай калышы эмне деген шумдук. Ойлоп көрүңүзчү. Биздин чарбанын тарткан бул зыянын биз силерден өндүрүп алышыбыз керек. Сарайдын сапатсыз салынышына ким күнөөлүү? Курулушта иштеген жумушчуларбы, архитекторлорбу, прораббы, инженерби, же начальникпи? А балким, мастер болуп жүрбөсүн?

СМУнун начальниги, желкесин кашып, кабагы түшүп, капалуу сүйлөдү:

– Албетте, курулушка жетекчилик кылган инженер менен прораб, мастерлер күнөөлүү болбогондо, ким күнөөлүү болмок эле, – деди Мансуровду акшыя карап. – Сен ушул курулуш башталганы эмне болуп жатат, кандай иштеп жатышат болду экен деп, курулушчулардын үстүнө келдиң беле?

– Келгемин. Бирок бул жерде менден тажрыйбалуу, мендей эле жогорку билими бар Эргешбаев Камал прораб болуп иштеди да.

– Эргешбаев прораб болсо, сен кимсиң? – деди начальник.

– Мен ал кезде башкы инженерликке жаңы которулган кезим болучу. Билбейм, эмне үчүндүр Камал аке менин сөзүмдү сөз дечү да эмес, угуучу да эмес. Айткам, маналиттин үстүнө башмак койбосо болбойт дегем. Ошондо ал киши мага эмне деди эле: «Эмне, маган акыл айтканы келдиңби. Былжырабай жогол. Долбоорлоо институтунун инженер-геологдору жердин составдык касиетин текшергенде: «Таш-тактуу, кум аралаш чың жер», – деп жыйынтык чыгарышкан. Жер саздак келип, чөкмө же топурагы борпоң болбогондон кийин башмак-сашмагы жок эле, маналит фундамент жетиштүү болоорун эсиңе тутуп койгун», – деп мени укпай койгон. Бул иш боюнча жалгыз эле биз эмес архитекторлор да күнөөлүү болуш керек. Курулуш түшө турган жердин касиетин текшерип чыккандан кийин, ал жерге кандай курулуш курулуп жатат, эмне болуп жатат, ага биздин кийлигише турган тиешебиз жок, калган жумуштун баарына курулуш уюмдары гана жооп бериш керек деп куйругун кыпчып сыртка чыга бериштин өзү кантип туура болсун. Менимче, иштин алгачкы башталышында, фундаменттин кандай курулуп жаткандыгына кызыгып коюшса, ашык кетмек эмес. Мейли, алар кызыкпаса кызыкпасын. Бирок биз өзүбүз, аткаруучу катарында, курулушта кетирилип жаткан кемчиликтерди сын көз менен караган эмеспиз. СМУнун өндүрүштүк кеңешмесинде, инженер-техник, прораб, мастер, бригадирлердин төрт көзү түгөл чогуу олтуруп эле сиздин кабинетиңизде айткан жок белем. Сиз ошондо эмне дедиңиз эле. «Сен, Мансуров, улууну урматташың керек. Эргешбаевдин иш билбегендигинен башкы инженерликтен түшсө керек деп ойлобогун. Ал баарын билет, баарына түшүнөт», – деген болчусуз. Мени укпай койгонсуз. Мен ошондо эле билгемин, иштин ушундай абалга келээрин. Анткени мен, институттун босогосун аттап эле силерге келген эмесмин. Курулушта жумушчу болуп

иштеген тажрыйбамдан улам, өз ишимди түзүк эле билемин го деп ойлоймун. Өндүрүштүк жыйналышта, ошончо адамдардын көзүнчө, сизге куйругун такап алып, бармагын салаасынан чыгарып көрсөткөнүн мен али унута электмин. Менин аныкындай жөлөгүм да, өбөгүм да жок.

Начальниктин өңү өчө түшүп, мойнуна алгандай манаттай кызарды.

Булар ушинтип кер-мур айтышып жатканда, тыштан райкомдун секретары, рапонун советинин председатели, райисполкомдун председатели, областтык курулуш жана архитектура бөлүмүнөн келген адамдар биринин артынан бири кирип келишти. Алар сөздү алиги чөгүп жаткан комплекстүү сарайды барып көргөндөн кийин сүйлөшмөк болуп, тикелеринен турган бойдон кайра чыгышты.

Алар борго байлоого коюлган нопаздар эски үй базга чыгарылып, ошол жерде багылып жатканын көрүштү. Ал эми жаңы типте салынган комплексти көргөндө, көздөрү чекчейип, үрөйлөрү уча түштү. Бир жагына кыйрайып, дубалдары жарылып, түркүктөрү копшуп, үстүндөгү шиферлердин жылышканы жылышып, сынганы сынып, аралары ачылып, чалдыбары чыккан курулуштун көрүнүшүнө эмне деп айтаарын билбей, тээ бир оокумга чейин ооздору ачылып, үнсүз турушту.

– Бул курулуштун прорабы ким эле? Сизсизби жолдош Мансуров? – деп сурады райкомдун секретары.

– Кечиресиз, мен эмесмин. Эргешбаев Камалды таанысаңыз керек.

– Аа, сизден мурунку башкы инженер турбайбы. Аны силердин СМУдан такыр кетти деп укпадым беле, бир чатак иш болуп.

– Жок, кеткен эмес. Кайра эле Министерство бизге калтырган. Билбейм, бул курулуштун кандайча мындай болуп кеткенин. Ал чындыгында өз ишин жакшы билген тажрыйбалуу адис да. – Начальник терин сүрттү.

– Сиз, Акбар Сатарович, Эргешбаевди жаман көрбөйт окшойсуз. Андай билерман, мыкты болсо, эмне үчүн зарыл керек болуп турган бул курулуш ай айланып, жыл тегеренбей кыйрап олтурат? – деди секретарь ачуулуу бурк этип.

– Ал жигиттин өзүн чакырган жок белеңер? – деди рапонун председатели. – Мастер, бригадир дегендер да жокко?

– Чакырылган баары. Келиш керек.

– Бул курулушту кандай кабыл алганыңарды билбейм. Менимче, күнөө өзүңөрдөн да кеткен. – Чарбанын жетекчисине райисполкомдун председатели суроолуу карады: – Заказыңардын кандай аткарылгандыгын атайын комиссия чакырып кабыл алыш керек болучу. Менимче, бул курулушка кеткен чыгым, өз кунунан эки эсе ашпаса кемиген жок. Ал тургай ушул комплексти мөөнөтүнөн мурда, сапаттуу бүтүргөн деп Эргешбаев сыйлык алды деп уккамын. Алды беле сыйлык?

Башын жерге салып, бутунун башын тиктеп, үнсүз турган начальник тээ бир оокумдан кийин күңк этти.

– Алган.

– Бул Кудай урган курулуш дегениңдин купуя сыры ичинде болуучу неме болот тура. Сыртынан зыңгырап, заңкайып көргөн адамдын көз жоосун алып турса эле, сонун болгон экен деп ойлогон турбайбызбы. Көрсө, мунун секрети тээ түпкү фундаментинде болуучу неме тура. Аны кайдан билиптирбиз. «Эркек туумак, кыз туумак эсте болду» дегендей, мындан ары эсибизде болот, – деди директор, кабагы карыш түшүп.

– Тигине, Эргешбаевдин өзү да келатат, – деди булардан обочо турган малчы жигит.

Камал менчик суперлюкстан түшүп, чогулгандардын жанына келип, салам айтып токтоду. Анын саламына эч ким көңүл бурбай, бардыгы түнөрүп турушту. Бир убакта адистештирилген чарбанын директору, Эргешбаевге карап мындай деди:

– Кана, бул кыйрап жаткан комплекстин курулушу жөнүндө эмне дейсиз, айтыңызчы жолдош Эргешбаев? Сиз жети эмес, он эки балл жер титирөө болсо да солк эткис кылып салдык деген курулушуңуз ушулбу? Жер титиребей туруп эле, жер менен жексен болуп чөгүп, ураганы урап, кулаганы кулап, сынганы сынып турганын эмне менен түшүндүрө алар экенсиз? Мансуров ушундай болорун билип, айткан экен. Эмне үчүн ошондо макул болбодуңуз?

– Мансуров эмнени билип айтыптыр. Мен мындан ишке пайдалуу эч нерсе уккан эмесмин.

Толкунбек күйүп кетти. Ал бирдеме деп айтайын деди эле, райисполкомдун председатели тыйып койду.

– Бул жерде эки-экиден жаакташуунун кереги жок. Сен коё турчу садагасы. «Төө кыядан өткөн соң, оо дегениң курусун» дегендей, иш өтүп кеткенден кийин кызуу кандуулук менен оңой албайсыңар. Мунун өзү сот жообуна тартылуучу иш. Түшүнүп жатасыздарбы, ушуга. Ал эми жабыр тарткан чарбанын жумушчулары менен жетекчилери мамлекетке эт төгүүдөн тарткан зыяныбыздын баарын эсептеп туруп, күнөөлүү адамдардан өндүрүп алабыз деп жатышат. Муну кандай дейсиздер?

Эч ким жооп айталбай, жер тиктеп туттугуп турду. Ал эми Камал менен Толкунбек болсо өз ара бири-бири менен кер-мур айтышып, биринин сөзүн бири укпай, бирине-бири макул болбогон бойдон калышты. Ал эми райондун жетекчилери болсо жакын арада атайын комиссия түзүп, ошол комиссиянын чыгарган чечиминен кийин толук жыйынтык чыгаруу жөнүндө макулдашып, кайра тараштьы...

А Эргешбаев болсо бул балекеттүү сарайдын чуусунан кургак чыкпасын билди. Чындап эле корко баштады. «Иш чатагына айланса «Житкен окту аткан ок табат» болор бекен деп санаасы тынбай калды. «Ушул СМУнун курулуштарынын эсебинен өөнөп салган үйүмдү, алган машинамды бул какбаш билиш керек», – деп ойлоду Камал өзүнүн начальниги жөнүндө. – Дегеле кескекке кебек ал-

дырбаган, сагызгандан сак киши. Үй салыңыз, жардам берейин деп канча мертебе айттым өзүнө. «Мен үй салганда өкмөттүн үйүнө ким кирет», – деп моюшпай койгонунда эле кеп бар экен. А Мансуров болсо менчик үй эмес, үч жылдан бери сандалып жүрүп СМУнун үйүнө араң жетти. Кокус ал ушуларды билип, чукуй турган болсо, акмак болгон мен эле акмак болом да. Эргешбаев ушул саксынган начальник сөрөй менен, билимдүүсүнгөн Мансуровдун ыгын таап, ооз ачкыс кылып колго түшүрүп албаганына өкүнүп турду. Санаасы сандап, тынчы кеткен жигит каш карарып, көз байланган кезде начальниктин үйүнө желдей учуп жетти. Сатаров келген мейманын көңүлсүз кабыл алды.

– И, жогору өт.

– Ракмат, Акбар Сатарович, мен ушундай эле. – Чарпаянын ирече жагынан орун алды. – Мен сизге келдим эле сүйлөшөйүн деп.

– Эмне жөнүндө? – деди колундагы газетаны жанына коюп, көз айнегинин үстүнөн тиктей берип.

Камал эчен-эчен жаңы салдырып жаткан үйү жөнүндө айтайын деп, оозу батпай койду. Бир топко шылкыйып олтургандан кийин тигил чөгүп бараткан сарай жөнүндө айтууга батынды.

– Мен комплекстин курулушун атайын, кыянаттык менен жасаган жокмун. Ит болуп жердин түзүлүшүн текшерген геолог берген документине ишендим да.

– Эмне, геологдор башмак койбой эле кура берсең болот деп көргөзмө берди беле? Кызыктай неме окшойсуң өзүң.

– Анткен эмес. Бирок мен чөкпөйт экен деп жерге ишендим да.

– Ха-ха-ха. Жерге ишендиңби? Баракелде, баракелде, сөз эмес бекен, а? Эми мени эмне кыл деп турасың?

– Жардам бериңиз?

– Кантип?

– Райондун жетекчилери менен сүйлөшүп көрүңүз, балким сиздин сөзүңүздү жерге таштабас дейм. Жер чөкмө

борпоң экен деп комиссия жыйынтык чыгарса, калганын өзүм бүтүрөт элем.

Начальник ачууга буулуп, оозуна оңчулуктуу сөз келбей калды. Эргешбаевди бир демге акшыя тиктеп туруп, көз айнегин колуна алып минтти:

– Чарбанын борго байланган малы киргизээрге жай жок, эски, эчактан бери мал киргизилбеген, чалдыбары чыккан бастырмада турса, бет барбы сенде. Элдин башынын баарын айландырып, жалган документ жаздыргың келет экен да. Көрсөң, күнөөнүн баарын жерге койгону турганын. Анда Долбоорлоо институтунун геологдору жердин составын текшерүүнү билбеген, кат сабатсыз, билими жок адамдар экен дешибиз керек турбайбы, ээ. Сенин оюңча ушундайбы, ыя?! Пай, пай, пай, тапкан акылын. Сага караганда жаш болсо да Мансуров адам экен. Анын тилин алганда мындай балекет болбойт болучу. Атаңдан калган орунду ага тарттырып жибергенсип, аны менен жөн жүрбөй тирешип жүргөнүңдү билем. Толкунбек сенин ордуңду ойлогон да эмес. Жергиликтүү жетекчилер Мансуровго ишеним көрсөтүп койду. Иштеп жатат. Бар болгону ошол. Кадрларды тандоодо, алар көзү жок көр, акылы жок дөдөй эмес. Сени да, мени да, аны да билет. Бир тепкичке ылдыйлап, ордунда калдың эле. Эми экөөбүздүн жилигибизди ошол комплекс чагат. «Бирдики миңге, миңдики түмөнгө» болуп, бир өзүң эмес, башкалардын убалына калганы олтурасың.

Эргешбаевдин жаак эттери түйүлө түштү.

– Бир тепкич ылдыйлап деп, менин башкы инженерликтен төмөндөп, катардагы курулушчу болуп калганымды көп көрүп турган экенсиз да. Же мен киши өлтүрдүм беле. Кызык сүйлөйсүз. Күнөөмдүн жогунан калдым. Болбосо мени тирүүлөй өрттөп жиберүүчү адамым биринчи сизсиз.

– Өрттөй турган адамдын алдына неге келип, жардам сурап олтурасың. Ошону айтчы? Менсиз эле күнөөлүүнү өзүң тапкан турбайсыңбы.

Камал туруп баратып, кайра олтура калып, таңдана сурады:

– Кайсы күнөөлүүнү айтып жатасыз?

– Алиги он эки балл жер титирөө болсо да, солк этпей чыдап берем деп сага убада берип коюп, кайра айнып, акмак болгон жерди айтам.

– Шылдың кыласыз ээ?

– Мен, дагы бирдемеге таңгалам да. Кудая тобо, сен ошол чарбанын комплексин курарда үйгө чейин келип, жанталашып кеттиң эле. Башка курулушчуларга курулушту курдурууга ишеним бербей, баштан аяк, өзүм гана жетекчилик кылып, өзүм бүтүрөм деп, мойнуңа кандайча алып калганыңды мен азырка чейин түшүнө элекмин. «Ишенген кожоң сууга акса, алды-алдыңдан тал карма» дегендей, сага ишенген мен акмакмын. Минтип баарыбыздын бетибизге көө жаап олтурасың.

Эргешбаев ордунан кайра турду:

– Жардам бере албайм деңизчи?

– Сен эмне деп былжырап, башымды оорутуп олтурасың. Мени сынап, эмне деп айтаар экен деп келген жоксуңбу?

– Болуптур ошондой түшүнсөңүз. Ракмат сизге. Жакшы калыңыз...

Камал начальниктин үйүнөн чыккандан кийин, алиги балекеттүү сарайдын курулушуна башынан аягына чейин катышып, өз колу менен бүтүргөн мастер жигиттин үйүнө барды. Экөө тээ түндүн бир оокумуна чейин жыйынтыктуу сөзү жок, өздөрүнүн күнөөсүн өздөрү эске түшүрүп, эмне кылышаарын билбей олтурушту.

– Биздеги иштебей, нарядка киргизилип жүргөн жок адамдардын бети ачылып калабы деп корком, – деди мастер. Кокус, жамандыгына алса, бул иштин бетин ачуу текейден арзан. Мансуров билбегенинен турат. Бухгалтерияда олтурган эсеп кызматкерлери аны начальниктен кем көрүшпөйт. Бир жолу мен: «Жаңы үйгө кирдиңиз, жаңы

көчүп келип жатасыз. Каражаттан кыйналсаңыз, алиги турак үйдү куруп жаткан курулушчуларга кошуп, бир-эки адамды жазып, нарядка киргизип койсок кандай дейсиз? – дедим, баягы сиз экөөбүз сүйлөшкөндөн кийин. Ошондо Мансуровдун көзүнөн корккөнумдан жүрөгүм жарылып кете жаздаган. Тим эле чок басып алгандай секирди го. Айтаарын айтып, дээрин деп коюп: «Тамаша кылып жатам!» – деп араң кутулгамын.

– Качан? – деди Камал кумсарган калыбында.

– Жакында эле.

– Кап, бекер сураган экенсиң.

– Өзүңүз айтпадыңыз беле?

– Менби? – Жигит ойлонуп туруп, күрсүнүп алды. – Туура, эми эстедим. Алиги кассирдин көзү да, сөзү да түз эмес. Балекет, шекшип турат. Ата-бабасынан калган мурасын бөлүп берип жаткансып, тизмеге кирген биздин адамдарга келгенде тим эле тырсылдайт. Кабагын да ачпайт. Ушундай ишенимсиз адамдардын кекиртегин майлап, эгерим ооз ачкыс кылып коюш керек экен. Биз ар кимибиз өз көмөчүбүзгө күл тартабыз деп жүрүп, артыбызды ойлогон эмес турбайбызбы. Же кассирди ишенимдүү өз кишилерибизден коюп албаптырбыз. Эми баары кеч болуп калды. – Камал тунжурай түштү.

– Балекеттүү сарайдан өрт чыгып кетпесе эле болду. Цементти цементтей, кирпичти кирпичтей, ташты таштай кустуруп алышабы деп турам. Анда таза ит болдук го. Мындай ишке кириптер болуп, эл алдында шерменде болгончо уу ичип өлгөн артык. – Жигит алдында турган телефондун трубкасын колуна алып, номерин тере баштады. – Апаң барбы, уулум, – деди үй ээси. – Баарың эле тобуң менен ашканадан чыкпай калыптырсыңар да. Менин үстүмдө мейман бар. Тезинен бир чайнек чай жиберсинчи. А, башкасын апаң өзү билет.

Арадан көп убакыт өтпөй, заказ берилген чай менен кошо, жашылчалар, жер-жемиштер, патнос толо нандар

кирди. Мастер менен Эргешбаев чай келгени менен чай деле ичишпеди. Экөөнүн тең жүрөктөрүнө оңчулуктуу тамак баспай, көңүлдөрү алагды болуп турду. Сүйлөгөн сөздөрүнүн баары жалгыз Мансуровдун айланасында жүрдү. Алар жалгыз эле мамлекеттик адистештирилген чарбанын талканып жаткан кара жолтой курулушунан коркпой, жок адамдарды бар, өлгөн адамдарды тирүү деп, курулушчулардын тизмесине киргизип тиркеп коюп, алып жүргөн акчаларын, салган тамдарын, сатып алган машиналарын, үй тиреген дүнүйөлөрүн ойлоп үрөйлөрү учуп турушту. Баарынан да өкүнүчтүүсү, Мансуров менен начальникти өздөрү түшкөн май чуңкурга бир малып албаган армандары ашып турду. Анда «Бөрүнүн оозу жесе да кандуу, жебесе да кандуу» болуп экөө бирдей олтуруп беришмек эле да.

– Начальникти болбосо да, Мансуровду ала жатыш керек, – деди Камал.

– Ак кишини кантип ала жатабыз. Андай болбойт го, – деди мастер.

– Жалаа жабыш керек.

– Эмне, акча бергенбиз депби?

– Ооба, ооба, акча десек жөндүү болоор дейм...

Ошентип, экөө ойду омкоруп, тоону томкоруп, СМУнун ишин жалгыз экөө кыймылдатып жаткандан бетер «ийлеп-ийлеп итке салат» деген ушул дешип, каңырыктары түтөп, кимге барып жардам сурап, ишти бас-бас кылуунун жолун таппай олтуруп ажыраштты. Камал жолдо келатып Толкунбек жөнүндө уккан ушак сөздөрдү эстеди. Эсенова менен болгон байланышынын чын-төгүнүнө жетиш үчүн, өз аялына айтып, иш боюнча өч алалбаса да, үй-бүлөсү менен чабыштырып, моралдык жактан туруксуздугу жөнүндө областтын жетекчилерине чейин жеткирүүнү ойлоп, көңүлүнө бекем түйүп койду...

* * *

Жайнагүл туруп эле, Толкунбектин эртең менен жумушуна кетип жатып: «Балким, райондорго, жаңы курулуп жаткан курулуштарды көргөнү кетип калсам, кеч келем», – деп жазган катын окуп, жаңы эле аягына чыкканда, эшиктин звоногун бирөө чырылдатты.

– Ким бул?

– Телеграмма!

Жайнагүл атып чыкты. Почточуну көрүп эси чыгып кетти. Жамандык менен жакшылык кош жебедей көөдөнүн аралап өттү. Кыздын сунуп турган кагазына кол коюп берип, алар-албастан эле телеграмманын бүктөөсүн шашып ачып, каректери кагазга кадала түштү. «Биз кечки самолёт менен чыгабыз. Тосуп алгыла» деген агасы Садынын сөзүн окуп, сүйүнүп кетти. «Кудай ай, энем да келсе экен», – деп кагазды өөп алды. Анан Толкунбектин «районго кетип калсам» деген сөзүн эстеп, эки бала менен аларды кандай кылып тосуп аларын билбей турду. Күйөөсүнө телефон чалып, кабинетинен таппай койду.

Ал үй ичин иретке салып, эртелеп конок камын көрө баштады. Жайнагүл балдарынын ойгонгонун күтпөй эле, биринин артынан бирин колуна алды. Уйкусу ачылбай уктап жүргөн наристелерди ошол бойдон жерге жая салынган одеялдын үстүнө томолотуп салып, кирлерин жууп, жайып кайра кирди. Жерге төшөлгөн паластар менен жол килемдерди тышка алып чыгып жайып, чаң-чундарын сүртүп, полдорду жууп чыкты. Асан менен Үсөн эч ким менен иши жок, өздөрүнчө бирде ыйлап, бирде сооронуп өздөрү менен өздөрү болуп ойноп жатышты. Жайнагүл күнгө жайган кош бешикти алып кирип, олпокторун көптүрүп жасай баштады.

– Азыр экөөндү тең бөлө-өй-м. Экөөң тең уктайсыңаа-а-р. Кечинде таякеңер келгенде: «Оо, менин жээндерим адам болуп калышкан тура» – деп, силерге суктанышаа-а-ат.

«Күчүгүм, адегенде сени бөлөйүн. – Жайнагүл колуна Үсөндү алды. Кана, бешик энеси бек карма-а-а баламды. Э-хе-е, муну көр, кой балакай, кой, антип тентектенбе каралдым». Эне бутун бөлөп, анан эки колун сундуруп, шейшептерин жукалатып ороп, боорткосун тартып байлады да, чекесинен өөп, үстүн жаап, бетин ачып койду. Ал Асанды көрүп күлүп жиберди. Олтургузган жеринде томолонуп эчак уктап калыптыр. Уктаган бойдон бешикке салды. Бөлөп бүткөндөн кийин, эңкейип мурдунан өөп, маңдайынан сылап койду: «Уйкуңар тынч, дениңер сак болсун. Мен базарга барып келгенче ыйлабай уктап тургула!» – Жайнагүл кайненесин туурап, эки баласынын башына эки бычак койду. Анан, кокус бири ыйласа, экинчиси ойгонуп кетпесин деп, эки бешикти эки башка бөлмөгө киргизди. Бирок эненин көзүнө эки баласынын бешиги эки жерде жалгыздан турушу суук көрүнүп, жүрөгү эңшериле түштү: «Капырай, экөөнү бөлгөнүм жарашпайт экен. Койчу, ойгонсо ойгонуп, ыйласа ыйлап турушар», – деп кайра Асандын бешигин Үсөндүн үстүнө көтөрүп кирди.

Арадан көп убакыт өтпөй, заказ берип чакырган такси да үйдүн жанына чукул келип токтоду. Камдуу турган Жайнагүл үйдөн атып чыгып, түз эле көк базарды көздөй айдатты. Келиндин алгандарын уламкысын улам колдон илип алып, шофёр тим эле экөө бир үйдө жашагандан бетер элпек иштеп жатты. Ушул саамда өзүнөн карегин албай жалдырай карап турган кандайдыр тааныш көзгө көзү чагылыша түштү. Бул сүйкүмдүү келинди кайдан көргөнүн эстей албаган Жайнагүл аны бутунан башына чейин аңтара бир карап алып, жүрөгү болк этти. Зыйнат болсо Жайнагүлдүн сулуулугу, мүнөзү, ачык кабагы анын жүрөгүнө чок салып, Толкунбекти андан кызганып да, күнүлөп да турган болучу. Ал эми Асан менен Үсөндү эстегенде Зыйнат эсин жыя албай, өзүнүн кайда, эмне кылып турганын билбей да калды. Деми кыстыгып, жүрөгү түрсүл сокту. Баарынан да жапжаш туруп үч баланын энеси болгонуна

ичи тарып турду. «Бакыт деп ушул аялдыкын айтыш керек, – деп ойлоду. – Күйөө десе күйөө, бала десе бала бар». Зыйнат ушул саамда «Жайнагүлдүн аягына жыгылып, кечирим сура» деген бирөө болсо, кайра тартпачудай болуп, көңүлү жибип кетти.

– Дагы эмне аласыз? – деген шофёрдун үнүнөн келиндин кашы серпиле түштү.

– Аларымды алып бүттүм го дейм. – Колундагы, базардан эмнелерди ала тургандыгын тизмелеп алган кагазын дагы бир сыйра окуп чыгып, мыжый кармап, машинаны көздөй басты.

А Зыйнат болсо Жайнагүл машинага олтуруп, узап кеткенче каккан казыктай болуп, жансыз тиктеп турган калыбында кала берди. «Жер-жемишти да, жашылчаны да көп алды. Сыягы, конок чакырып жатышса керек. Болбосо мынчалык мөмө-чөмөнү эмне кылат?» – деп өзүнчө күйүт тарта баштады. Толкунбек келбейт экен деп ойлоду. Зыйнат үйүнө келери менен бүк түштү. Башына бакыт конуп, борбордон кубаныч менен ийгилик алып келип жатса да, кубанычына ортоктош болгон бир жакын адамынын жанында жоктугуна өкүндү. «Атадан алтоо болсо, ар жалгыздык башта бар» деген макалды ойлоп жүрөгү сыздап турду. Эмил болсо Зыйнаттан алганы келбесе, бергени келүүчү эмес. Келсе жөн келип, жөн кетпей карындашына тийише берүүчү адаты бар болучу. «Үй-бүлө багып жатпасаң, же балдарың болбосо, жалгыз башыңа эмне жетпейт. Бизге бербеген акчаларыңды, жыйган дүнүйөлөрүңдү ким үчүн сактап жатасың», – деп өткөн жылы келгенде мас болуп алып, карындашы менен урушуп, ал эмес кол көтөргөнгө чейин барган. Ошондон бери агасы менен катышпай калган. Эжесинен кол үзбөгөн Эмир менен синдилери. Бирок «бир үйдүн жарыгы бир үйгө тийбейт» дегендей, алар менен отпуска маалдарында, же дем алыштарда анда-санда келишип-кетишпесе, ар кимисинин өз үй-бүлөсү, өз турмушу бар. Ошентип, Зыйнат эч кимиси жок немеден

бетер, Толкунбектен башканын ага кереги жок болуп калган. Күнболот менен эжесинин эчтекеден эчтеке жок ажырашып жатканынын үстүнөн чыгып, Эмир Зыйнатты эпке келтире албай кеткен. Ошондон бери Зыйнатка таарынып, ал да мурункудай каттабай калган. Толкунбекти күтүп олтуруп, келиндин ойлогону ушулар болду. Жигит улам кечиккен сайын санаасы санга бөлүнүп турду.

Тектирдин кары кар болбойт,
Текелер отко зар болбойт,
Теңирим сүйүп кошпосо,
Телинген менен жар болбойт, –

деген элдик ырды кайра-кайра кыңылдап ырдап коюп, өзүнөн башка жан адам жок, ээн үйдө ойго батып, жалгыз жатты. Анан ачууну ачуу менен бастыргысы келип, делебеси козголуп турса да, анте албады. Толкунбектин келишин күттү. Жок дегенде келип, кабарын айтып кетээр деген үмүтүн үзбөй турду. Аны менен бир саат бирге олтуруу Зыйнаттын жүрөгүнө бир жылдык жылуулук менен, бир жылдык ракат тартуулоочудай сезилет. Комуз күүсүн сагынат. Толкунбектин бабасы Байбуранын Салтанат деген кызга черткен комуз күүсүн угууну эңсейт. «Байкуш Салтанат, Байбурага жетпей, ошентип арманда өтүп кеткен экен», – дейт, өзү менен өзү сүйлөшүп.

Машинанын дабышын жата калып тыңшай берип, айласы куруп турган Зыйнат, эшик алдына чукул келип токтогон машинанын үнүн угуп эле ордунан учуп турду. Ал Толкунбектин машинасынын үнүн бир километр жерден тааныйчу. Кубанганынан, дарбазаны ачып жаткан таякеси Токтогулду да көзүнө илбей, Толкунбектин мойнуна асыла кетти.

– Мен сени келбейт экен деп ойлодум эле.

– Эмне үчүн?

– Үйүңөрдө мейман бар го деп.

– Кандайча?

– Мен Жайнагүлдү көк базардан көрдүм. Машина менен жүрөт.

– Кандай машина менен?

– Такси. Шофёр экөө чогуу соода кылды.

– Түү-ү, анда мен кетишим керек тура. Үйгө меймандар келсе, таза убара болуп жаткан тура балдары менен.

– Үйгө киресиңби, же ушул жерден эле кетесиңби? Кеч да келиптирсиң.

– Кирейин. Бирок олтурмай жок. Атайын келип, ийгилигиңди куттуктабай койсом, дагы таарынасың да.

Экөө үйгө киришти. Зыйнат таякесиникине кирип, майда-барат бирнерселерди алып чыкты. Анан «базарлык» деп атайы Толкунбекке арнап Москвадан ала келген бир кичинекей кооз шишедеги коньякты ачты.

– Муну эмнеге ачып жатасың? Же өзүң ичесиңби?

– Өзүм иччү белем. Ичпесең да ооз тийбейсиңби сен. «Ичкилик ичсең барбаймын», – деп жүрүп, ичкис кылбадыңбы.

– Ичсең ичип жүргөндүрсүң, мен сени кайтарып жүрдүм беле. Бирдеме болсо эле, «күйүткө ичип жатам» деп калмайың бар эле го.

– Мына ушинтип ишенбейсиң. Ичкен кезде деле кыйратып ийчү белем, ичип. Чындыгында эле, өзүң айткандай Жайнагүл жайнаган сонун аял тура. Бая чогуу болгон конокто даап карай алган жок элем. Бүгүн даана көрдүм. Мен аны менен кантип таанышам ыя?

– Кантип таанышам дегениң кандай? Анын алдында күнөө жасап олтуруппу? Жок, Зыйнат, ал жөнүндө ойлобой эле кой. Экөөбүздү билбесе бир жөн эле. Ал азыр бизди беш колундай билет. Билесиңби, баягы үчөөбүз тең Фрунзеде жүргөндө тааныштырсам жөнү бир башка болучу. Ошондо ойлонбоптурмун да. Аяш карындашың менен эмне үчүн мени тааныштырбайсың деп өзү айтып жүрдү. Шарттуу убакыт болбой койбодубу. Мындай болоорду ким ойлоду эле анда.

Аялдын супсуну сууй түштү. Бир демге унчукпай бетин басып, Толкунбектин катарындагы стулга олтуруп, өпкөлөп ыйлап жиберди.

– Баламды көргүм келет. Ушуга түшүнөсүңбү, баламды мен!.. – Сөзүнүн аягына чыкпай токтоду.

Толкунбек Зыйнатты ормоё тиктеди.

– Ушундай жагымсыз сөздү кулагыма угузба деп сага канча ирет айттым. Кызык экенсиң, ал сенин балаң эмес да.

– Койчу, балам болбосо да, балаң эмес дебечи. Өз балам болбосо да сенин балдарыңды көрүп, көңүлүмө төтөп кылып жүрөйүнчү, Толкунбек. Ушул өтүнүчүмдү кабыл алып макул деп койчу.

Жигиттин кирпиги бузулуп, кыртыштай түштү.

– Мени кармабачы. Качан болсо эле бала, бала. Жадап бүттүм угуудан. Ыйың да көңүлүмө көк таштай тийди.

Зыйнат көз жашын сүртүп, ордунан оор козголду.

– Анан кантейин, жалгыздык жанымды жеп жатса. Баладан ажыраганыма өкүнөм да.

– Өкүнөм дечи.

– Ооба, аябай өкүнөм. Бирок кеч ойлонуп калдым да.

Зыйнат Москвага барганда алып келген таттуу-паттуусун столго коюп жатты. Тынчы кетип, ийненин үстүндө олтургансып, шашып турган жигит Зыйнатты колдон алды.

– Алтыным жетет ушулар. Ташый бербечи. Менин кетишим керек да.

– Азыр, – деди ындыны өчкөн келин, колундагы шишени кармалап, – эгер бүгүн мында түнөп калсаң эмне болор эле. Сени районго кетип келбей калган экен дейт да. Экөөбүздүн көрүшпөгөнүбүз деги канча болуп кетти. Өлгөндөй сагындым.

– Койчу, антпечи. Жайнагүл менен ажырашып кетпегенден кийин, кантип ошондой болсун. Ал жөн-жай базарга такси жалдап дегеле чыкпайт болучу. Үйдө мейман болуш керек бир жактан келген.

Зыйнаттын колундагы кармалап турган шишени Толкунбек акырын алды. Анан аны айландырып ары-бери карап туруп минтти:

– Муну Москвадан алдыңбы?

– Ооба, анан мени Финляндияга барып келди дейсиңби?

– Ким билет. Балким, андан ары учту бекен дедим эле. Кана эмесе, ичпесек да шарыятка тууралап коёлу.

Төөнүн көзүндөй болгон хрусталь рюмкага куюлган шарапты экөө тең колуна алды. Анан Толкунбек Зыйнаттын эмгегин куттуктап, чыгармачылык ишинде ийгилик, өзүнө ден соолук каалады.

Келин ушуну эле күтүп тургансып, Толкунбектин колундагы рюмка менен рюмкасын уруштуруп, эки көзүн жигиттен албай, жалжылдай тиктеген калыбында стаканга эрдин тийгизди.

– Акырына чейин алып кой эми, өзүң үчүн көтөрүлүп жаткандан кийин, – деди Толкунбек Зыйнатка.

– Врачтар, мас кылуучу ичимдиктин эч кайсынысынан оозуңузга грамм албаңыз деп эскерткен. Ден соолук болгондо, ичпе десең болбой ушул тостту алып эле коёт болучумун. Эми мен үчүн да, өзүң үчүн да сен алып кой, Толкунбек.

– Жок, мен да алалбаймын.

Зыйнат жигитке чын сырын айтты.

– Мен сени өзүм таптым, өзүм жолдон чыгардым. Мунун баары сага болгон ашыктыктын күчү болсо керек. Сагынам да турам. Бул эмне деген шумдук ыя, Толкунбек. Сенден көңүлүм калса экен деп тилейм. Таарынышкан бойдон арабыз ажырым болуп кетсе жакшы болот эле. Бирок менин сага болгон таарынычым да, сага келген ачуум да бат эле көөдөнүмдөн жөө тумандай тарап жок болот. Эмне үчүн экенин өзүм да билбейм. Сенин жүрөгүң жалгыз Жайнагүл деп соксо, а менин жүрөгүм жалгыз сен деп согот да турат.

Толкунбек Зыйнатка ичи ысып, жүрөгү толуп, боор толгоп, аны аяп турду. Ушул саамда жанында бир кездеги балакатка толуп-толбогон балапан Зыйнат тургандай болуп кетти.

– Мен эми кетейин, мага руксат бер, – деди жигит келиндин жанынан турууга камынып.

– Болуптур, кетсең кет. Үйлүү киши үйүнө барыш керек да. Жайнагүлдүн күтүп жатканын билем. Деги жакшы аялдан жолдуу экенсиң. Мындай эр азаматтарды «камчысы жакшы экен» деп коёт эмеспи. Ичим жылыды карап туруп. Бирок сени кызгандым андан.

Зыйнаттын сөзүн угуп, Толкунбектин көздөрү жайнай түштү. Буга чейин анын Жайнагүлдү мактоосун көп эле уккан. Көп эле жолу ага жакшылык каалаганын, Жайнагүл үчүн эчен ирет тост көтөргөнүн да билет. Бирок сенин аялыңа ичим жылыды деген сөздү жигиттин биринчи жолу угушу болучу.

– Сен аны «тышы жалтырак, ичи калтырак» деп жаман көрүүчү эмес белең. Качантан бери жылып калдың? Бүгүн элеби? – Толкунбек күлүмсүрөп туруп, чыны менен жүрөктө жүргөнүн айтты. – Мен сага түшүнбөйм. Бирде тигиндей, бирде мындай. Баягы «Көтөрүп атка мингизгениң курусун, көчүктөн чымчып алганың курусун» дегендей эле иш да.

– Чынымды айтсам Жайнагүлдүн жаман келин эмес экенин түшүнөм. Бирок күнүчүлүк, ич тарлык, кызгануу деген балекеттен ар кандай сөздөр чыгат турбайбы. Кээде сенин көңүлүңдү көтөрүү үчүн атайын калп мактаган мезгилдерим да болот. Канткен менен насилибиз аял экен да.

– Шумдук, ошондой амалың да бар беле. Амалкөй эле аялсың ээ. Мына эми чыныңды айтып, оңоло баштадың. Мени кээде Жайнагүлдү мактоо менен алаксытып, алдайт турбайсыңбы, – Толкунбек каткырып күлдү. – Мындай жойпулук оюма да келген эмес. Ырас укпадымбы...

Кирип эле он-жыйырма мүнөттө чыгам кайра деген Толкунбек, тээ түндүн бир оокумунда, Зыйнаттан бошонду...

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

Машина дарбазаны сүздүрө келип токтоду. Үйдүн ичи-тышы сүттөй жарык. Кирип-чыгып жаткан адамдар көзгө алыстан чалдыгат. «Жездем келди, папа, жездем келди!» – деп жар сала кубанычтуу кыйкырган баланын үнү жигиттин кулагына шак дей түштү. «Кудай у-у-р, шерменде болгомун го, кайын-журт келген турбайбы», – деп жүрөксүй түшүп, машинанын кабинасын жаңы ачып чыга берерде, дарбазадан атып чыккан Садынын кичүү уулу көрүндү. Ал «Жез-де-е-е!» – деп үнүнүн бардыгынча кыйкырып барып, Толкунбекке жабыша түштү. Жигит баланы жерден илип алып, бетинен өөп, көтөргөн бойдон, дарбазадан аттап-буттап өтүп, үйгө шашып кирди.

Олтурган адамдарды көргөндө маңдайынан тер чыга түштү. Жүрөгү алып-учуп, уялуу менен жазгануу денесинде ойноп турду. Айыбы араандай ачылып тургандай болуп, өзүнөн өзү шектенип, өзүнөн өзү ыңгайсызданып, жүрөгү түрсүлдөп согуп, көздөрү алачакмак болду. Төрдө умай энедей болуп олтурган кайненеси менен Сады Казиевич көзүнө биринчи чалдыкты. Толкунбек эки колун бооруна алып, ийиле түшүп салам айтты. Анан олтургандар менен бир баштан кол алышып учурашып чыкты. Тумар байбиче ордунан туруп, Толкунбектин чекесинен өптү.

– Алдыңа кетейин кандай, сак-саламат жакшы жүрөсүңбү? Дениң сакпы?

– Жакшы, эне. Өзүңүз кандай, күүлү-демдүү турасызбы? Бала-чака аман-эсенби?..

Сады Казиевич күйөө баласынын колун кош колдоп, кыса кармады.

– Кандай жолдош куруучу! Түзүкпү?

– Түзүк, абаке, түзүк!

– Ооба, түзүк экениңди көрүп турам.

Толкунбек кайра сүрдөндү. Сады аны мыскылдап, какшыктап жаткандай туюлду. Ал өз күнөөсү булардын алдында дегеле акталбоочу айыптай болуп, төбөсүнөн ылдый басып тургандай болду. Балким, Жайнагүл мен жөнүндө бирдеме деп койгон жок бекен деген сыяктуу ойлор жиптей чубалат.

Тыштан Байрагүл менен Жайлоогүл кирди. Экөө тең Толкунбектин бетинен өптү.

– Ырас болбодубу келгениң. Сени чек аранын түбүндөгү бир алыскы районго кетти, келсе кеч келет деп жатты эле Жакин. Олтур, чай ич. Курсагың ачтыр.

Толкунбек Байрагүл эжесинин сөзүн угуп жеңилдене түштү. Анткени колуктусу буларга өзү жөнүндө жаман айтпаганын дароо билди. Толкунбектин таңдайы так катып өзүнөн өзү суусап чыкты. Анткени кымыз жыты буруксуп жигиттин таноосун жарып турган болучу.

– Жок, ач деле эмесмин. Жолдо бирөөнүкүнөн тамак ичип чыктык, – деди шилекейин акырын кылк эттире жутуп.

– И-и «Эр азыгы менен бөрү азыгы жолдон» деген ошол балам. Дилгиремди Сады кечээ мен келгенде эле жибердим деп жатты эле. Биз ошол эле күнү алды го деп ойлосок, бүгүн эртең менен алып келген тура, сен жумушка чыгып кеткенден кийин. Жакин өзү тосуп барыптыр, такси жалдап эки баласы менен. – Тумар Жайнагүлдү чакырды. – Ай Жакинтай, Толкунбекке алып кел биздин кешиктен. Кымызыңдан куй.

Жайнагүлдүн кабагы Толкунбек ойлогондой эмес экен. Кабагы жайкы күндөй жадырап, көңүлү көтөрүңкү. Уурт-

тарында да, көздөрүндө да кубанычтын күлкүсү ойноп тургансыйт. Мени кандай көз караштa кабыл алар экен деген ниетте Толкунбек колуктусун кайта-кайта жал-жал карай берет. Бир кезде эки жаштын көздөрү бири-бирине урунуша түштү. Жигитке колуктусунун жүзүндө күлкү ойноп турганы менен карегинин тээ тереңинде таарыныч менен наразычылыктын толкуну уюп жаткандай, жүрөгү акырын сызыла түштү.

Күйөөсүнүн алдына энеси менен эжелери алып келген тамак-аштарды алып келип койду. Анан дасторкондун четинде турган ак мискейден чоң кесеге мелтилдете кымыз куюп сунду.

Тумар күйөө баласына карап минтти:

– Ата-энеңер болсо аман-эсен жатышат. Жанатыңар такылдап адам болуп калыптыр. Балекетиңди алайын, кудагыйдан тапычкынбай аркасынан чуркап жүрөт. Жайнагүл менен абаңды сагындыңбы десем, «Сагынганым жок. Мен Асан менен Үсөндү эле сагынып турам да тайене», – деп коёт. Тили Кудай салбасын, тим эле буудай куурат. Бул жакка чыгаардын алдында атайы бардым. Балким, балдарына айттыра турган кеп-сөзү барбы, же кудагый биз менен чогуу барып келеби деп. Ошол балам. Эл-журт аман-эсен. Көл болсо жатат көйкөлүп. Силерди көчүп келип, үй алды деп угуп жетүүгө эки көзүм төрт болуп, канатым болсо учуп жетсем десем, айла жок, улам бир жумуш чыгып эле келалбай, ушул убакка калдык. Жолдун да ачылаар, түздүн да көтөрүлөөр убагы болот тура. Конушуңарды куттуктап келдик кулунум. Жакинимден санаам тынбай, эки бала менен жалгыз бой кантип жатат болду экен деп... уктасам түшүмдөн, ойгонсом оюмдан кетүүчү эмес эле. Кудая шүгүр, жаман эмес экен. Эптеп эки жаманды торолтуп алыптыр...

– Эне, сиз капа болбосоңуз абам менен эжемдерди Толкунбек бир сыйра кымыздан алдырып жиберсин. – Жайнагүл күйөөсүнө карады. Бошогон идиштерди биринин

үстүнө бирин салып, тигилердин кымыз ичишин күтүп туруп калды.

– Кымызыңарды ичсеңер, анда дасторконго бата кылып коёлу, – деди Тумар, бешенеси жаркып. – Алганың менен тең кары, бала-чакаң менен аман бол, балам. Аялдын аялдыгы үй кармаганынан, дасторкон жайганынан, тамагынын даамдуулугунан билинет. Бактылуу болгула балдарым, үйүңөр ак жолтой, ак жүздүү болсун!..

Колуктусунун артынан чыккан Толкунбек кубана сүйлөдү:

– Энем сенин дасторконуңа аябай ыраазы болгон экен. Ал киши эмес, мен да кубанып калдым. Сенин көк базарда жүргөнүңдү угуп, эмнеге келди экен деп таң калдым эле. Көрсө, энемдердин камын көрүп жүргөн турбайсыңбы. Рахмат сага, менин жогумду жоктотпопсуң.

Толкунбек колуктусун өбөйүн деди эле, келин башын буруп кетти.

– Айтаарын билгем.

– Кимдин?

– Зыйнаттын. Сенин машинаң кечинде эле, ошолордун эшигинин алдында турганын мен да уккамын.

Толкунбек байкоостон оозуна ысык ботко ууртап алгандай боло түштү. Ойлобой туруп оозунан чыгып кеткен сөзгө өкүнүп, эрдин кесе тиштеп, ичинен тынды. Тээ бир оокумдан кийин актана сүйлөп минтти:

– Жок немени айтасың да Жакин. Ишенип кой, мен Зыйнатты көргөн да, анда болгон да жокмун. Мага сени көк базардан көргөн биздин бир кызматкер айтты, «бир өзбек жигит экөө соода кылып, жер-жемиш, жашылча алып жүрөт» деп.

– Болуптур, болуптур. Жигит менен жүргөнүм да чын, машина менен барганым да чын, көк базарда болгонум да чын. Деги эмне дейсиң?

– Койчу эми, сени ал жөнүндө күнөөлөп жаткан жерим жок го.

– Баштаган өзүң.

Жайнагүл Асан менен Үсөндү көтөрүп үйдөн ээрчише чыккан эжелерин көрүп өзгөрө түштү.

– Ыйлап жатабы? Булардын ушундай уяты жок балдар, – деди азыр эле ачуулуу, сустайып турган жүзүндө күлкү ойногон келин.

– Ыйлаган деле жок, жоош турбайбы балдарың. Деги бизден чоочуркап жатышат. Жапайы коёндун бөжөктөрүндөй эле элеңдешет, эриндерин эмшеңдетип. Булар кайдан келген чоочун немелер дейби, баарыбызды кайра-кайра карап таң калып турушат.

– Ии, жаман күчүктөрүм ий, окшошкон. Кичине чыдагыла, аз калды.

Жигиттин жүрөгү Жайнагүлдүн жанагы сөзүнөн кийин чийки май жегендей болду да калды. Анын оюнда машинасынын турганын көргөн кимдир бирөө айтып койгондой болуп туюлду. Бирок аялына ыраазы болуп турган жери, төркүндөрүнө сыр билдирбегени болду. Ал эми жанагы машинанын турганы жөнүндөгү сөздү Жайнагүл күйөөсүн кантээр экен деп, сынап айтканын Толкунбек билген жок... Ошол күндүн эртеси мындай бир кызык окуя болду. Күн батайын деп кечтеп калган. Жайлоогүл менен Байрагүл экөө эки баланы көтөрүп, көчөдө ары-бери басып жүрүшкөн. Тумар дубалга такай коюлган скамейкада өткөн-кеткендерди карап, балдарынын багына ыраазы болуп, ичинен Кудайга мунажат кылып олтурган. А Сады менен Толкунбектин келгенине жарым саат да боло элек болучу. Агасы көк чай ичем дегенинен, Жайнагүл Сады менен Толкунбекке чай берип үйдө болучу. Бир кезде көчөнүн чаңын ызгытып лесепед тепкен бир бала зымырылып келип бир конвертти, Тумарды көздөй ыргытып жиберип кайра тартты. Асан менен Үсөндү көтөрүп жүргөн байбиченин эки кызы энесин көздөй басышты.

– Эмне берип кетти тигил бала?

– Билбейм, катпы? – Кыздарына сунду. – Өздөрүнө бергиле, Толкунбек менен Жайнагүлгө болсо керек. Кандай бала алып келгенин да жакшы байкабай калдым. Конокко чакырып жүргөн жок бекен балдарды.

Байрагүл колундагы баланы энесине берип, конвертти ары-бери айландырып карады.

– Кимге экени конверттин сыртына жазылбаптыр. Үй номери гана бар экен.

– Ичин ачып көрсөң, – деди Жайлоогүл, – кимге экенин билели. Балким, сыртына фамилиясын жазам деп жазбай унутуп калышса керек. Буларга болбосо, жанагы лесепедчен бала көрүнсө чакырып кайра өзүнө берип коюш керек.

Байрагүл конвертти жыртпай, чапталган жеринен акырын сыйрып ачты. Өзү эле чала чапталганбы, болор-болбос илинчеги болбосо, ачык экен. Кагазды конверттен сууруп чыгып, баш жагындагы «Жайнагүлгө жашыруун кат» деген жазууну окуп, келиндин көздөрү алая түштү.

– Кудай урган турбайбы «Жайнагүлгө жашыруун кат» деген эмнеси. – Байрагүл ар кайсы жеринен чокулап күпүя окуп көрүп, өңү түктөйө түштү. – Э-е-не-ке-ба-а-й, бул оңбогондой бузуку кат окшойт катыгүн. Мындай ырайымсыз суук катты Жайнагүлгө окутмак турсун, көрсөтүштүн кереги жок.

Тумардын көздөрү ирмелбей, кызынын оозун тиктеген бойдон селее түштү.

– Капырай де, ал эмне деген шумдуктуу кат экен? Эмне, Толкунбектин үстүнөн бекен? Ким деген неме жазыптыр, аты-жөнү барбы же алиги өзүңөр айтып жүргөн тоголок арызга окшогон немеби. – Тумардын оюнда бала жөнүндө бекен деп ойлоп кетти. Байбиче ансыз деле Үсөндүн Толкунбекке окшоп, Асан экөө кудум бир ата, бир энеден тулгандай болуп бараткайынан өз ичинде эч кимге айтпай, чийки май жегендей болуп жүрүүчү.

Байрагүл күлүп жиберди.

– Ооба, так эле сиз айткандай тоголок неме экен. Аты да жок, адреси да жок.

Байбиченин тынчы кете баштады.

– Эки жаштын бактысын көрө албаган бир малгундун колунан келген кат экен го бул. Окучу кагылайын, жалдырабай. Андай жакпаган жаман кат болсо Жакин укпай деле, окубай деле койсун. Күйөөсүнө айтыштын деле кереги жок.

Байрагүл энесине карап башын чайкады.

– Укпай туруп эле, жыйынтык чыгара коёсуз да.

– Эми угузбайсыңбы. Бол, оку, үйдөн киши чыга электе.

– Окуба десеңиз да окуйм. Угуп туруңуз эми. «Ардактуу сиңдим Жайнагүл! Бул катты жазган ким дээрсиз. Ооба, мен сизге белгисиз, чоочун адаммын. Экөөбүз бири-бирибизди сыртыбыздан билип, жакындан таанышпагандан кийин, албетте, белгисиз болгонубуз ошол да. Менин да сиздей сиңдим бар. Күйөөсү менен жакында ажырашып кетти. Балдары болсо да ошондой иш болду. Эри бар аял менен көңүлү жакын болуп, анын үйүнө кирип алды. Ошол менин сиңдиме окшоп калбаса экен деп сизди аяйм. Сиз керемет аялсыз. Жаратылыш сизге бардык сулуулукту бериптир. Күйөөңүз болсо андан бетер жылдызы төгүлгөн сүйкүмдүү жигит. Ушундай жакшы жардан ажырап, балдарыңыз менен бактысыз болуп калбаса экен деп сизди аяганымдан, ушул катты жазууга аргасыз болдум. Анткени сиздин ардактуу күйөөңүз Зыйнат Эсенова деген сүрөтчү аял менен көңүлү жакын болуп жүргөнүн көптөн бери билемин. Сиз бул жерге көчүп келгенге чейин, ал экөө никелүү эрди-катындай эле бир үйдө жашап, бир казандан аш ичип жүрдү. Баса, Зыйнаттын турмушунун бузулушуна Мансуров себепкер болгон дешет. Элдин айтымына караганда сиз бар болгону бала туугандан башканы билбеген, билими жок, үй кызматындагы аял экенсиз. Ал эми Эсенова болсо республикага гана эмес, союзга белгилүү таланттуу катын. Эркектер адатта мансаптуу, атактуу, анан өзүңүзгө окшогон сулуу аялдарга көбүрөөк көңүл бурат эмес-

пи. Мен муну өз сиңдимдин турмушунан көрдүм. Анын бар болгон кемчилиги өңү серт болучу. Менин оюмча, күйөөңүздү күйөө кылып байлап турган алтын казык, ал сиздин сулуулугуңуз. Ал эми Зыйнат да төгөрөгү төп келген аял. Анда сулуулук да, талант да, атак да бар. Мен ар дайым сиздин күйөөңүздүн машинасы анын эшигинин алдында күнү эмес, түнү менен турганын көрөм. Ал түндө эле Зыйнат менен...

– Болду, токтот, ары жагын окубай эле кой. Келе, мага бер алдагы катты.

– Эмне кыласыз? – деди Байрагүл ындыны өчүп.

– Сен эмне кыласың? – деди энеси, кумсарып.

– Жайнагүлгө бербеймби?

– Жайнагүлгөбү?! Жакшы кылат экенсиң, Жайнагүлгө берсең. Эмне, сен да ага душман болоюн деп турасыңбы? Жамандыкты угалбай эле араң турасыңар го, чиркин. – Конвертти жулуп алды. – Келе.

– Кызык экенсиз, Толкунбектин торолгондо кылаары ушулбу. Шумдук. Анын күнөөсүн угуп-билип туруп унчукпай, Жайнагүлгө айтпай кантип чыдайбыз ыя. Такыр эле болбоду дегенде өзүнө катты берип, уяткарыш керек да. Сволоч, көрсөң муну. – Жайлоогүл энесинин катарына олтура кетти.

– «Балтыр бит башка чыгат» деген ушул. Жок эне, Жайлоогүл туура айтат, сиз кечирсеңиз да биз кечире албайбыз. Жетишет, айнектей болгон аялын ушунча тебелегени. Толкунбегим, Толкунбегим деп жер-суу га тийгизбей мактап-жактап туруучу элеңиз го. Башка күйөө балдарыңыз бир тең, Толкунбегиңиз бир тең эмес беле. Мына, көрдүңүзбү, экөөнүн турмушу болбоочу жагына терс айланып калганын, – деди Байрагүл, жалооруп.

Баятадан кыздарынын сөзүн угуп, ойго батып олтурган Тумар, серпиле түштү.

– Айланбай-этпей эле турат. Эмнеге мынчалык ажылдайсыңар экөөң эки жактан чыгып. Дагы эле акыл-эсиңер

толук бышып жетиле элек экен. Көрө албаган бузуку, калпты чындай кылып жазса эле, ошонуку чындык болуп калабы. Жакинге бул каттын табышын чыгаруучу болгула, эмне гана көрөр экенсиңер. Колуктусу жокто жаңылса жаңылып, жүрсө жүрүп койгондур. Анын эмнеси күнөө болуп кетиптир. Жаш кезде жаңылбаган, жазбаган ким бар экен.

Байрагүл менен Жайлоогүл бирин бири карап, жоошуй түштү. Анан кичүү кызы минтип, көзүн сүзө сүйлөдү:

– Деги элдин энелери сиздей эмес. Анан калса, энеден башкачасыз го. Качан болсо күйөө балдарыңызга тартып, ошол жактын сөзүн сүйлөйсүз да турасыз. Деги алардын күнөөлүү болгон күнү болобу?

– Үчөөң тең күйөөнү өзүңөр таап, өзүңөр тандап, өзүңөр сүйүп баргансыңар. Бириңе да күйөөгө чыгуу жагынан бийлик кылып көргөн эмесмин. Силерге жаккан күйөө балдарды мен эмне дешим керек эле? Мен же алардын жамандыгын көрбөсөм, жаман сөзүн укпасам. Эгерде бир жакшылык көрбөгөн бузукунун сөзүнө ишенип, арманыңар турса, бул катты алып барып сиңдиңерге бергиле. Андан кийин эмне кыларды өзүңөр билесиңер. Ме, баланы алгыла, уктап калды. – Тумар небересин берип, ордунан силкинип турду, этек-жеңин кагынып: – Деги Жайнагүл менен Толкунбектин, ушунча болуп бири-бирине өөдө карашып катуу сүйлөшкөнүн билбейм. «Бузуку кара таш жарат» дегендей, тоголок катты тоголотуп, экөөнүн турмушун чалмакейдей чалып туруп баса бергиле. Андан кийин үч баласы менен Жайнагүл эмне болсо ошол болсун.

– Шамал болбой, чөптүн башы кыймылдабайт. Толкунбектин бир балекети бар үчүн!.. – Кызы мукактана түштү.

– Бар болсо айттым го, ошондой кылгыла деп...

Ушул маалда эшик кыйч ачылып, ар жактан Жайнагүл көрүндү.

– Эмне эле күпүңдөшүп, сөзүңөр бүтпөй жатат? Үйгө киргилечи, зобол убагында эшикке олтурбай. Э катыгүн

экөө бирдей уктаган турбайбы. Тамак да бере элек элем. Эненин кызына боору ооруп, ичи туз куйгандай ачышып, жүрөгү тилинип турду.

– Кагылып кетейин каралдым, жалгыз бой куруп жатасың го. «Балам балалуу болгондо билээрсиң» дечү элем. Бала кандай болот экен?

Жайнагүл күлдү.

– Ким билет, жакшы эле болот го.

– Ии, жакшы болбой анан. Биз да силерди ушинтип жакшы көрүп, куш учурбай бөпөлөп бакканбыз, каралдым. – Сыр учугун чубай сурады эне. – Деги Толкунбек кандай экен балага? Сага жардам береби үйдө?

– Ага караганда мен мерез экенмин деп ойлоп коём. Балдар түн ичинде ойгонду дегенче, менден мурда секирип турат. Ал мени уктап алсын, эс алсын деп аяйт. Айтор, экөөбүз тең эле бирдей түйшүктөбүз. Бөтөн жерге конокко барганда балдарды менден көбүрөөк Толкунбек карайт.

– Бирөөнүн элинде, бирөөнүн жеринде жүрөсүңөр. Өз оокатыңарга тың, ынтымактуу жашасаңар болду. «Ынтымак бар жерде ырыс бар», – дейт балам.

– Ынтымактуу болбогондо, эмне талашыбыз бар эле. – Жайнагүл күлдү. – Биринчи баш кошкон күнү кандай болсок, азыр да ошол мамиле, ошол мүнөз. Толкунбек экөөбүздөн кам санабай эле кой, энеке. Ал эми оокат дегендей, бүтпөй жаткан эмне оокатыбыз бар эле. Ортобузда чычкандай болгон эки бала, ичкен тамак, уктаган уйкубуз эле болбосо, кыйнала турган эчтеке жок.

«Ии, мен айткандай бекен» дегенчелик кылып, эне кыздарына карап койду.

– Күйөөң кокус талаа-түзгө командировка дегенине кетип конуп же кечигип калганда, бармактай балдарың менен коркпойсуңбу, балам ээн үйдө?

– Бул байкуш бизден санаасы тынат дейсизби? Кез-кезде эле тээ алыскы чарбаларга барып, кечээкиге окшоп, кечирээк келип калбаса, конбойт эч жакка.

– Ошондой эле болсун алдыңа кетейин. Ынтымагыңарды көрүп ыраазы болуп олтурам. Ылайым ынтымактуу болгула.

Эстүү келин Жайнагүл, кокус Үсөндөн улам энемдин менден санаасы тынбай жүрсө керек деген ойдо, күйөөсүнөн жик билгизбей, Тумардын санаасын тындырып койду. Бул баланын Толкунбекке окшоп баратканын, анан калса Асан менен Үсөндүн бир коёндун бөжөгүндөй болуп турганын байкабайт дейсиңби деп ойлоду. Деги бул сырды башкаларга айтпагандан кийин, энеме деле угузбай койсок болмок экен. Ажырашып кетпегенден кийин, кереги эмне айтып. Болор-болбос кеп-сөздөн эле адамдын көңүлү сууй берет да, деген пикирди ойлоду келин.

Бардыгы үйгө киришти. Кайнагасы менен иш боюнча келээр-кетээр сөздөрдү сүйлөшүп олтурган Толкунбек кайненеси менен кайнежелерин көргөндө ордунан учуп турду.

Кыздарын какыс-кукус кылып, чамынымыш болгону менен эне деген эне да. Тумар байбиче алиги бейтааныш аялдын катын окутуп уккандан тартып, көңүлү өз ордунда болбой калды. Жайнагүл менен Толкунбектен тымызын чочулап турду. Кокус мындай кара ниеттик менен жазылган кат Жайнагүлдүн өз колуна тийсе, күйөөсүнүн күнөөсүн кечирээр, кечирбесин билбей туюкка капталат.

Аркырап шамал бек болсо,
Алманын шагы кайрылат,
Арада душман көп болсо,
Алышкан жардан айрылат, –

деген элдик ыр саптары басса-турса эненин оюнан кетпей, жүрөгүнүн башында туздай түйүлдү да калды.

Жайнагүлдүн энеси үйүнө баргандан кийин күн күнөбөй, түн түнөбөй, куда-кудагыйым менен учурашып келемин деп, шашылыш Мансурдукуна жөнөп кетти. Анын ичин ийдилеп, жанын жай алдырбай тынчын алып турган баягы ба-

лекеттүү кат болду. Аны кудагыйына айтып, ыгы келсе уул-келининин үстүнө Кынаны жиберүү. Толкунбектин күнөөсү бар экени чын болсо, баласынын басыгын оңдоп теске салуу, жалган болсо, алиги тоголок кат жазган немени жерден чукуп болсо да таап бетин ачуу...

Кына кудагыйынан бул жаман кабарды угуп, катты окуп эси чыгып кетти. Ансыз деле Үсөндөн улам, ичинен жеген курттай болуп, өз этин өзү жеп, өз канын өзү ичип, ичинен сызып, бул иштин арты кандай болуп кетээр экен деп, кулагынан үркүп, чочулап жүргөн эненин сөзү оозунан түшүп калды.

Чай үстүндө сүйлөшүп олтуруп, Тумар кудагыйына мындай деди:

– Жанагы менин кызым өлгөндөй намыскөй ит эле. Кокус Толкунбек чыны менен эле Жайнагүлдүн башын аттап жүргөн болсо өлүп кетеби деп корком. Көрөсүң го кудагый. Барып өз балаң менен өзүң сүйлөш. Бул катты мен Жакинге көрсөтпөй, өзүңө алып келип олтурам. Бузулганды түзөөчү, үзүлгөндү улоочу экөөбүздөн башка ким? Бирибиз кызды туусак, бирибиз уулду туудук. Экөөбүздө не айып. Же бул эки акмакты зордоп баш коштуруп, күнөөлүү болбосок... Бири-бирин өздөрү тапты, өздөрү сүйүштү. Чолпондой үч балалуу болуп олтуруп, мындай каттын чыгышы жакшы жөрөлгө болбой калды. Жанагы Үсөндүн Толкунбекке окшоп калышын, Жайнагүл эмне деп ойлойт болду экен. Ол-да-а, куу тумшук балам ай. Баягыда сөздөн сөз чыгып олтуруп, кантээр экен деп «Асан менен Үсөндү өзүң эле төрөгөн немесиң го, Кудая тобо, буларды эгиз эмес деп ким айтат. Кайненең экөөң тим эле мени кантээр экен деп, таштанды бала деп айтсаңар керек. Балким, ырым кылдыңар бекен дедим. Жакин мени карап күлүп койду. «Бир тууган болбосо деле окшош адамдар боло берет. Жаратылыштын бул кубулушу эчактан бери бизге маалым, энеке. Ошон үчүн, балдар бири-бирине окшоп калды, мен Толкунбекти күнөөлөгүм келбейт. Ал бузукулук жолго

түшкөндөн азырынча таза. Билем го өз күйөөмдү өзүм», – деп мени тынчтандырып койгон. Эмнеси болсо да бир жаңылыштык бар го Толкунбекте кудагый. Оо, Кудай, эки балага ынтымак-ырашкер, ыйман менен абийир бере көр.

Кына күнөөлүү немедей мүңкүрөп олтурду. Анын оюу тээ алыста болучу. Ал көңүлүндө Жайнагүлдүн сырга бекемдигине, кудагыйынын кара кылды как жарган калыстыгына, токтоолугуна ыраазы. Жүрөгүн сыздатып, көңүлүн бөксөртүп, кош эмчегин сыздатып турган күйүт, баягы Ошко уулун издеп келини менен биринчи баргандагы окуяга кошумча болуп турган, уулунун үстүнөн жазылган балекеттүү азыркы кудагыйы алып келген кат болуп турду.

– Үсөн жөнүндө менде деле күнөм болгон. Бирок алган жары актап турса, эмне дейт элем. Баарынан да мына бул балекеттүү катты айтсаң кудагый. Ай ким билет, көзүнө көр топурак тыгылып, көрө албаган бирөөнүн кылган иши го бул кат. Болбосо, Жайнагүл менен Толкунбектин ынтымагына кенедей шек келтире албаймын. Колуктусунун көзүнө карап, көкүлүн сылап эле: «Жакинтай, Жакин, Жайна!» – деп эле чарк көпөлөк айланып турат бул ит. Ал эми Жайнагүл болсо андан бешбетер, Толкунбексиз күнү жок. Ансыз тамак да ичпейт, эшикке да чыкпайт...

Ушинтип эки аял эки жерде селейип, маанайлары пас тартып олтурушту. Алдындагы чайларынын небак муздаганын да сезишкен жок. Экөө тең унчукпай тунжурап ойго батышат.

Кудагыйы келип кеткендин эртеси эле Кына жолго чыкты. Ал келин-уулун тосуп алгыла деп телеграмма да жиберbеди, телефон да чалбады. Баягы күн алыс сүйлөшүп, күн аттатпай ата-эненин абалын сурап туруучу Жайнагүлдүн кабарлашпай, жымжырт болуп калганынан күмөндөр болгон эненин санаасы санга бөлүнөт. Жолдо катар Жанатты бооруна кыскан бойдон бир да жолу серпилип койбой мелтиреп, жансыз сөлөкөттөй, кыймылсыз санаага батып олтурушун эч ким байкаган да, этибарга да

алган жок. Ал самолёттун жерге конгонун да, жетүүчү жерге жеткенин да баамдабады. «Эне, эл түшүп жатат!» – деп самолёттун ичинде алып калуучудай, шашкалактап сүйлөгөн кызынын үнү чыкканда гана Кына эки-жагын элее карап алды. Анан Жанатты алдыга жиберип, өзү ордунан турду.

Самолёттон түшкөндө бир колуна тамак-аш салынган челкейген чоң сумканы кармап, бир колуна кызын жетелеген эне элдин эң артында аягын араң шилтеп келатты. Кубанычтан улактай секирип, өзүнчө ырдап, өзүнчө жыргап божурап келаткан Жанат, өздөрүн кусалуу тиктеп, күтүп турган Жайнагүлдү көрө коюп, кыйкырып жиберди.

– Э-не-е, Жайна жеңем, тигине, тигине, бизди карап турат. Жеңе-е!

– Чурка алдыңа кетейин. – Кызын коё берди.

Жанат Жайнагүлдү көздөй көпөлөктөй учуп жөнөдү. «Э Кудай, биздин келатканыбызды кайдан билип тосуп чыкты экен. Кагылайын каралдым ай, мен сен үчүн келатпайымбы», – деди Кына. Көңүлүндө Толкунбекти издеди. Бирок уулу көрүнгөн жок. Көзүнө көрүнгөнү өзүнүн небереси болду. Ал Жайнагүлгө жебедей сызып барып, жабыша түштү. Экөө бирин-бири өпкүлөп, кучакташып калышты. Жанат тим эле Жайнагүлдүн мойнуна чырмооктой чырмалып калыптыр. Келин кызына бирдеме дегендей болду. Кыз энеси келаткан тарапты кылчая карады. Анан экөө жетелеше Кынанын алдынан утурлай басты. Эне колундагы сумканы таштап жиберип, келининин бетинен өптү. Ал ыйлап жиберди.

– Алдыңа кетейин көлөкөм, аман-эсенсиңерби? Биздин келатканыбызды кантип билдиң? Балдарың кандай, дендери сак чоңоюп жатышабы? Оо, мээнетиңди алайын берекем десе. Кудай силердин алдыңарга алар бекен мени.

– Мен үйгө телефон чалсам, атам алды. Силердин самолёт менен бул жакка учуп кеткениңерди айтты. Кайсы

рейс экенин да билбейт экен атам. Биринчи рейстин келер убагында барсам, келбедиңер. Анан саат үчтөгүсү менен келип калар деп тосуп тургманмын.

Кына Толкунбекти сурабады. Кокус сурасам кандай жооп угар экенмин деп ойлоп турган эне, Жайнагүлдүн кабагын көрүп: «Кудая шүгүр, жаман эмес көрүнөт», – деп ойлоду көңүлүндө.

– Өзүң эле келгенсиң го жалгыз?

– Ии, уулуңуз жумушта эмеспи. Ал силердин келатканыңарды уккан да жок. Мен Толкунбек кеткенден кийин сүйлөштүм атам менен. Айтайын десем өзүндө жок экен.

– Балдарды кимге калтырдың? Же үйдө киши барбы?

– Бөлөп, үйгө кулпу салып келдим.

Кына алаканын шак койду.

– Э, катыгүн Кудай, ыйласа эмне болот? Ичегиси чыгат го курган немелердин. Кокустан буту-колун сууруп алып, бешиктен түшүп калышса эмне болот. Азыр бешикке бөлөгөн бойдон калтыруу коркунучтуу, балам. Сак бол, айланайын.

– Анан эмне кылам. Жумуш чыкканда дайым эле ушинтип жалгыз таштайм экөөнү. Үйдө болгондо бешиктерин жанаша коюп, беттерин ачып, колдорун чечип коём. Үн алышып коюп, шылдырактары менен ойноп жата беришет. Кокустан бирин калтырып, бирин башка жакка алып барып койсом, ошондо ыйлашат, тобо. Бирин-бири эш тутуп, караан кылат окшойт.

– Сактыкта кордук жок дейт, сак бол деги. Эмгектеп басууга даяр турган балдар опурталдуу да.

Энелери келгенде Асан менен Үсөн бака-шака түшүп ыйлап жаткан.

– Э катыгүн, ыйлабайт деп ишенген балдарың ушулбу? – деди Кына. Бол эми, ач эшигиңди кагылайын. Боору эзилип калды ээ байкуштардын.

Бөлмөгө кирер-кирбестен эле Жайнагүл катар турган кош бешикке чуркады.

– И-и-й, оңбогу-у-р, энем айткандай, Асан колун сууруп алган тура. Ыйлап жатып экөө тең боргулданып аябай тердеп чыгыптыр. – Келин адегенде Асанды, анан Үсөндү чечти.

– Байкуштар, киши болуп калышыптыр. – Экөөнү алмай-термей өөп алып, мостоё түшкөн кайненесинен Жайнагүл минтип сурады, күлө багып:

– Ээ, эне, өз небереңиз кайсынысы экенин таанып жатасызбы?

Кына кайра тигилди балдарга.

– Капырай, тобо, экөө бир тооктун жумурткасына окшоп баратканбы дейм. – Жакасын кармады. – Өз неберем мына мунусу го.

– Бул Үсөн, – деди Жайнагүл, кайненеси кармаган баланы. – Окшоп баратпай эле, окшоп турбайбы. Сиз эмес, Асаны кайсы, Үсөнү кайсы, экөөнү ажыратып өзүм таанибай калдым. Асандын далысындагы калды ачып көрүп, анан ажыратчу болдум буларды. Мына бул бешиктин алкагындагы «А» тамгасы бары Асан, «Ү» тамгасы бары Үсөн.

Жайнагүлдүн сөзүнөн кийин Кына адатынча өз небересин кайра өөп, кайра жыттады. Эмнеси болсо да экөө тең сенин балаң, меники деп талашууга эч кимдин акысы жок. «Сатса пулсуз, өлсө кунсуз» деген ушул.

Келин кайненесине башка сөз айткан жок. Самоор коюп чай берди. Экөө божурашып аркы-беркини айтып, көпкө сүйлөшүп олтурушту. Жайнагүлдүн көңүлүндө Толкунбекке болгон ич күптүсү болсо мага айтаар деп ойлоду. Бирок келин ал жөнүндө эчтеке айтпады.

Кына келген күнү эмне үчүндүр Толкунбек үйүнө конууга такыр келбей калды. Тамагын бышырып алып, мына келет, ана келет менен экөө көпкө олтурушту. «Абам качан келет, мен абамды сагындым», – деп булбулдай сайрап олтурган Жанат, ойноп олтуруп, куурчагы менен кучакташып жаткан бойдон уйкуга кетти. Кайненеси экөөлөп Асан менен

Үсөндү киринтип, небак бөлөшкөн. Толкунбек кечиккен сайын Кынанын жүрөгү болкулдап олтурду. Бул бала соо болбой калган экен деп ойлоду. Толкунбекти күтө берип, жедеп жадап бүткөн кезде, эне келининен минтип сурады:

– Деги үйгө түнөчү беле?

Жайнагүл күлдү.

– Жарыктык, үйгө түнөбөгөндө кайда түнөйт. Алыска кетип, балким келалбай калса керек.

– Беш-алты көөмүт ээн үйдө жаш балдары менен колуктусун жалгыз таштап талаага конгон кантип оңчулук болсун. Эми аны күтпөй тамагыңды алып кел, балам. Келсе келээр, келбесе... – Эне өзүнчө күңгүрөндү. Капа болуп, камсыкканы анын кабагынан көрүнүп турду. Тамак үстүндө ойго батат.

«Балким, Жайнагүлдүкү туурадыр, – дейт эне. – Жумушта жүргөн немени андай-мындай деп болжоп болобу. Алыска барса, келалбаса келалбай калды бекен. Же жанагы каттагы көшөгөң көгөрбөгөн шайтанга барып чыга албай калдыбы?» – деген сыяктуу ойлордон тынчы кетип, олтурду.

Келининин сырын жакшы билет Кына. «Энем ооругчал экен. Капа болсо жүрөгү бузулуп, каны көтөрүлүп чыгат» – деп, ушул эшикти аттап киргенден тартып эле көзүнүн агы менен тең айланып, өз кызындай мамиле кыла баштады. Ал эмес Толкунбектин туура эмес кыял-жоругу болуп калса да, ата-энеге билгизчү да, аларга айтчу да эмес. Жайнагүлдүн Кынанын керт башына эле эмес, кайнатасы Мансурга жасаган мамилелерин, сылык-сыпаа мүнөзүн көз алдынан өткөрүп, көңүлүндө ойлоп олтурду. «Мындай бүлө бизге кайдан табылат. Толкунбектин маңдайына бүткөн бир дөөлөт эле бул келин. Менин жаманым, көңүлүн калтырбай күтүп алса болду го».

Баятадан кайненесинин тамак ичээр-ичмексен болуп олтурганынан улам, бир жери ооруп турабы деп, чочулап минтти:

– Э, эне, эмнеге тамак ичпейсиз?

– Ичтим балам. Тамакка энеңдин жок экенин билесиң го өзүң. Анан жатаарда быр чыны чай ичсем болду.

– Чайдан көрөкчө бир чыны сүт ичсеңиз тынч уктайсыз. Үйдө сүт ичип жүрөсүңөрбү?

– Сен бизди акка аябай көндүрүп койгон турбайсыңбы. Сүткө келгенде да атаң музоо болду. Ие, Жакин?!

– Кулагым сизде, эне.

– Атаңарга аял алып берип, мени биротоло бошотуп алсаңарчы. Өзүм минтип оорукчал болсом, көр оокат деп тытынып жүрүп, силердин ракатыңарды көрбөй өлүп кетет окшойм. Анын үстүнө өзүңөрдү көрбөй санаам да тынбайт экен.

Жайнагүл «атаңарга аял алып берип» деген сөзүнө аябай каткырып күлдү.

– Ха-ха-ха! Атама карыганда ким тиет ыя, эне. Аял ал десек эле макул боло коёбу атам. Коюңузчу жок сөздү айтпай.

Кына Жайнагүл менен кошо өзү да күлдү.

– Жок сөз эмес, балам. Карынын кары, жаштын жаш теңтушу бар. Ага катын алып беребиз деген сөздү угузсаңар сүйүнбөйбү, кокуй. «Буканын көзү карыса да, мурду карыбайт» деген сөз бар эмеспи. Андан көрө аял тийбейт десең. Азыркы аялдар эри жок эле, жанын гүлдөй багып, кээ бир эр азаматтан артык оокат кылып жатышпайбы. Өкмөт аялдарды жыргатпадыбы. Чын сырымды айтсам чарчадым, балам. Тынч олтуруп эс алгым келет. Мен Жанат болбосо курумак экенмин. Тигини алып бер, муну алып бер дегенге жарап калды. Иттен илгери, кишиден кийин деген ушул. Чын эле Толкунбекке айт. Ылайыктуу неме болсо...

Кынанын чарчаганы да чын. Бирок эс алуудан мурда, балдарым менен чогуу турсам, өөдө-ылдыйы болбойт беле деп ойлойт. Толкунбекке өзүм көз салып, билбегенин билгизип, туйбаганын туйгузуп, оң жолго салып турат элем деген гана ой-максат.

Бул түнү Толкунбек чыны менен эле келбей калды. Анын кайда, эмне кылып жүргөнүн Жайнагүл анчалык деле капарына алган жок. Командировкага барып конуп калган экен деп гана ойлоду. Ал эми эне болсо, Толкунбек аман-эсен көзүмө көрүнсө, желкесинен тиштеп жыгылсам деп, өзүн өзү бекемдеп, өзүнө өзү убада берип, таң атканча кирпик какпай чыкты. Анын көңүлүндө баласы, бирөөнүн үйүндө бирөөнүн төшөгүндө, кандайдыр бир бузулган шуркуя менен үйүн эстебей, Жайнагүл менен балдарын унутуп жыргап жаткандай болуп туруп алды.

Эртеси Жайнагүл күйөөсүн сурап эч жакка телефон да чалбады, издеп да барбады. Кайненесине калп айтып, Толкунбек командировкада экен деп ишендирип койду. Телефон чалып областтык саламаттык сактоо бөлүмүнө чакырып жатканын айтып энесинен руксат сурады.

– Ии, азыркы «тилипон» чалган, догдурдун чоңу бекен. Барып кел, мен бар эмесминби, – деди Кына. – Шашпай эле жумушуңду бүтүрүп келээрсиң. Балдарыңды Жанат экөөбүз карап турабыз. Тааныган бирөөлөр көрсө жүдөп калыптыр дебесин. Жакшы кийинип, жасанып-түзөнүп барсаң.

– Баарын түшүнүп турасыз, ээ. Кайнененин баары эле сиздей болот болду бекен, ыя эне?

– Сен андай десең, мен келиндин баары эле менин Жайнагүлүмө окшоп, кайнене, кайнатасына кайрымдуу болот болду бекен деп жүрбөйүмбү каралдым.

Экөө тең күлүп калышты. Анан Жайнагүл бөлмөсүнө кирип Кына айткандай, жакшынакай кийинип, бриллиант медальонун тагынып, шакектерин салынып, саатын колуна байлап, чачын оңдоп, бийик така ак туфлисин кийип, кайненесинин жанына чыкты. Кына Жайнагүлдүн боюна болгондон тартып, ушул күнгө чейин мындай жасанганын көрө элек болучу. Тим эле ак куудай мойну койкоюп, ансыз деле ак жибектей үлбүрөгөн неме, ого бетер үлбүрөп, ак жибек көйнөгү жарашып, нуруна чыгып, бир башкача

көрөшөм болуп калыптыр. Эне карап туруп ичи тарый түштү. «Капырай, бирөөнүн көзү, бирөөнүн сөзү болбогой эле», – деп жүрөгү дүпөйүл болуп калды. Эрге тийип, эки-үчтү тууган катын деп ким айтат муну. Анан ар жактан чыны алып, ичине суу куюп, эшикке чыгып очоктон бир кесек көмүр алып, жети чымчым күл салып, Жайнагүлдүн чыгышын күтүп эшик алдында турду.

– Эне, мен кеттим. Бат эле келем! – деп кайненесин кучактап чекесин өбөйүн деди эле, Кына колун көтөрүп «Коё тур» дегендей белги берип келинин токтотту.

Эненин оозу бошобой, бирдемелерди айтып өзүнчө сүйлөп жаткандай болду. Анан келинин эңкейтип: «Ичи жаманды ит капсын, көзү жаман көр болсун», – деп божурап, чыныны башынан айландырып, анан анын ичиндеги сууну келининин артынан серпип төктү. Колундагы чыныны босогонун түбүнө көмкөрүп салып, Жанатты жетелеп үйгө кирди.

– Ушундай да адам болот экен ээ, – деп ойлоду жолдо кетип баратып Жайнагүл. – Мага көз тиет деп ушинтип ырымдады го байкуш энем.

Жанат уктайм дегенинен, кызынын жанына жатып Кынанын көзү илинип кетти. Ал үйгө кирген дабыштан чочуп ойгонду. Толкунбек энесин көрүп күлүп жиберди.

– Оо, энем келген тура. Кандай кубаныч. Качан келдиңиз?

Кына уулун көрүп, уулунун жайнаган кубанычтуу жүзүн көрүп, толкундап кетти. Тим эле бүткөн бою эриген коргошундай балкып, ордунан томолонуп турду.

– Алдыңа кетейин каралдым, энең куруп калсын. Кечээ келгенбиз. – Кучактап эки жаагынан эки өөп, мойнунан жыттады. Көзүнүн жашы төгүлүп, ичиндеги буулуккан бугу, муун-жүүнүн бошотуп жиберди.

– Атам кандай, жакшыбы?

– Атаң экөөбүздү Кудай алат беле? Жүрөт эптеп.

Толкунбек жанынан бетаарчысын алып, энесинин көз жашын сүрттү.

– Жарыктык, эмне ыйлайсың?

– Ии, ыйлай турган иш болсо ыйлайт да энең. «Күлгөндүн билгени бар, ыйлагандын өлгөнү бар», – дейт. Мен ошон үчүн атайын келдим. Болбосо, алыскы жолго чыга турган алым барбы, үйдөгү көр оокатты таштап. Ой жолуң болгур десе, конуп-түнөп кайда жүрөсүң?

Жигит таңдана түштү.

– Түшүнсөм Кудай урсун. Деги тынччылыкпы? Ага-тууган аман-эсенби? Жайнагүл кайда кеткен? Командировкага барып келалбай калдым. Ошон үчүн мени күнөөлөгөнү турасыңбы?

Кына баласын колдон алып залды көздөй жетеледи:

– Сени менен сүйлөшө турган жашыруун сөзүм бар. Жакинди жаңы эле ушул жердеги догдурлардын башчысы чакырып кетти. Сыягы ишке койгону жатса керек. Келээр убагы деле болуп калды. Бир жери Жакиндин жогу экөөбүз үчүн жакшы болду. Келин келгенче келген жумушум жөнүндө сүйлөшүп алалы.

Эне менен бала залга кирип диванга олтура кетишти. Анан Кына ички чөнтөгүнөн, ушаланып эскире түшкөн конвертти алып уулуна сунду.

– Бул эмне? Ким берди?

– Мен атайы эле ушул кат үчүн келдим, балам.

– Кат үчүн? Бул эмне болгон кат экен? – Жигит колуна алган конвертти шашып-бушуп ачып, окуй баштады. Улам арылап узаган сайын Толкунбектин куту учуп, жүзү кубара баштады.

– Муну сага ким берди? – деди көздөрү алаңдай түшкөн жигит, каттын аягына чыккандан кийин башын салмактуу көтөрүп.

– Кайненең берди.

– Кайненең?!

– Ооба, кайненең.

– А кайненеме муну ким бериптир? Же Жайнагүл бериптирби?

– Э кокуй, Жайнагүл бериптирби деген эмне сөз? Баягүнү кудагый балдары менен силердин жаңы үйгө киргениңерди куттуктап келгенди билесиңби?

Толкунбек тынчы кетип, энесине минтти:

– Аны билбегенде, мени келесоо болуп калды дедиң беле. Ал жомокту коюп, мына бул каттын сенин колуңа кандайча барып тийгенин айтчы.

– Мен ошону айтайын десе, кайра өзүң башка сөзгө чалып жатпайсыңбы. Кудагыйдын алдында уялганымдан өлбөгөн гана төрт шыйрагым калды. Тумар кыздары менен жанагы сенин эки балаңды көтөрүп эшикте турса, бир шайтан араба минген өспүрүм алып келип, берип кетиптир колуна.

– Кимдин колуна? – деди Толкунбек.

– О, кокуй ой, кимдин колуна болчу эле, кайнененДин колуна.

Толкунбектин ындыны өчө түшүп күңк этти:

– Анан!?

– Анан эмне болчу эле, кыздары окуп бериптир энесине. Ошол жерден Жайнагүлгө угузбай, эки кызынын оозун тыйып, кудагый өзү катып алыптыр. Сага өзү айткандан уялып, мага алып келиптир. Барып, Толкунбекке айтып, уулуңдун жүрүш-турушун оң жолго салып кел деди. Жок, тыйылбайт экен, ачыгын айтсын. Ичиме баткан бала тышыма да батат. Бала-чакасы менен көчүрүп кетем, – деп какшап калды. Менин эмне үчүн тукуясыз келгениме түшүндүңбү эми. Тумардан башка жеңил-желпи акылы тайкы ургаачы болсо сага көргүлүктү ошол жерден эле көрсөтүп, жаңжалды ошол жерден эле баштайт болучу. Кудай сага кайнененi да, кайнаганы да, кайнежелерди да берген экен. Мындай адамдар дүйнөгө кемде-кем жаралат. Эгерде Жакиндин башын чындап эле аттап жүргөн болсоң, тизгиниңди тарт, балам. Жаштыгынан жаңылып жатат дейин десем, жаш эмессиң. Минтип бир эмес үч баланын атасы болуп олтурасың. Кокус жанагы катты Жай-

нагүл өзү алып калса эмне болот эле? Кудай шерменде кылбасын ай. Карыган кезде бетти түгөттүң го.

Айткан жерде балээ жок дейт, кокустан жаман айтпай жакшы жок, сенин ушул кесепетиңден Жайнагүл менен балдарымдан ажырасам, өлүп кетем го ошол эле күнү. Бул байкуштун кылыгына кызыгым таркабай, көркүнө көзүм тойбой кетет. Адеп көргөндө ак кол болот го дедим эле оюмда. Ал оюм туура эмес чыкты. Жанагы чийдей болгон татынакай колунан баары келет. Эмгекчил экен бечара. Энеси ченде жок, жакшы катын тура. Кыздарына үйрөткөн экен баарын. Балекетиңди алайын Жайнаке ай, кечинде бутум десем бутумду, колум десем колумду майлап, тээ бир далайга чейин ушалады.

Жакин сени аябай эле жакшы көрөт. Сен аны жаман көрбөсүңдү билем. Бирок жакшы көргөн адам, ошол жакшы көргөн адамынан көңүлү калган эң жаман да балам. Жаккан от өчсө жанат, а көңүлдүн оту өчсө жанбайт. Карып калган кезибизде атаң экөөбүздү кууратпа.

Баятадан бери шылкыйып, энесин үнсүз тыңшап олтурган Толкунбек башын көтөрө берип минтти:

– Бул катка өзүм да айран таң болуп олтурам. Бизди көрө албаган душмандын жасаган иши болсо керек. Жок, жок, энекебай, кантип эле өз уятымды өзүм бузуп, өзүмө өзүм жамандык каалайын. Жайнагүлдүн башын аттаганым, өз бактымды аттаганым да. Кайнагам келип кеткенден бери жетекчилердин көз караштары да мага башкача болгонсуп калды. Ал кишини менин кайнагам экенин эч ким билбейт экен бул жерде.

Уулунун айткан сөздөрү Кынанын көңүлүн дароо эле тынчтандыра койгон жок. Жүрөгүнүн башында сары тикендей болуп жабышкан Зыйнат деген ат турду. Чыдабай минтип айтты уулуна:

– Мен жанагы Зыйнат деген катта жүргөн бейбактын өзүн таап, өзү менен сүйлөшөйүн. Билем мен аны. Баягы Эсендин кызы да. Мындай боло тургандан кийин, Жай-

нагулдун убалына калбай, адегенде эле эмне үчүн ошогон үйлөнгөн жоксуң. Мен бул иштин аягына чыкмайынча кетпейм бул жерден.

– Койчу, кагылайын эне, жок немени айтпай. Мен аны менен аяш карындаш катарында сүйлөшүп, ага катарында кээде бара коём. Анын эмнеси күнөө экен.

Эне башын чайкады.

– Андай болсо, жанагыдай тоголок кат жаздырып, тоголоттурбай эле Жайнагүл экөөнү эмне үчүн тааныштырып, үйгө ээрчитип келбейсиң. Алыш-чалышты түшүнбөгөн түркөй эмес го Жакин. Кыйын болсоң, Зыйнаттан ошондой эле эненин сүтүндөй таза болсоң, алып кел бүгүн менин көзүмчө чакырып. Жок, чакыра да албайсың, алып да келе албайсың. Жакындыгым жок деп жалган айтып жатасың. Сен аны менен оң жолдо жүргөн кебетеңди көрө албай турам...

Толкунбек оор улутунуп ордунан турду. Ал тамак да ичкен жок. Тамак ичүү оюна да келбеди. Көөдөнүн көөдөй карартып, оюнан кетпей турган оору, энеси берген балекеттүү кат болду. Муну жазган неме дагы жазат деп коркту. Толкунбек түндө райондон кеч келип, Зыйнаттыкында болгон. Анткени кечээ анын туулган күнү болучу. Бул күн Зыйнат үчүн кош майрам эле. Биринчиси туулган күнү болсо, экинчиси Бүткүлсоюздук Ленин комсомолу атындагы сыйлыктын лауреаттыгына татыктуу болгондугу...

Зыйнат кийинки күндөрдө курбу-курдаш, кесиптеш жоро-жолдоштору менен да катышпай калган. Өзүнүн чыгармачылык ишине байланыштуу шылтоолорду айтып, чакырган жерге да барбайт, өзү да киши чакырбайт. Эстегени да Толкунбек, күткөнү да Толкунбек. Жакшы тамак жасаса да Толкунбек үчүн жасап, жакшы түш көрсө да Толкунбекке жоруйт. Тарткан сүрөттөрүнүн басымдуу көпчүлүгү сүйүү темасына арналган өзүнчө бир романтикалуу окуяларды кучагына камтыйт. Анын кыл калеминен өмүр көргөн «Толготуп жаткан аял», «Махабаттуу түн»,

«Күтүү» сыяктуу лирикалык сюжети күчтүү, турмуштук чындыктын каймагынан калпынып алынган «Шаркыратма», «Жайытта», «Жайлоо кечи» сыяктуу картиналары көргөн адамдын көз жоосун алат.

Мурда кыл калемдин касиеттүү тилине жеткире түшүнө бербей, Зыйнаттын талантын талант деп анчалык баалабай жүргөн Толкунбек, бул ажайып кооздукка өзүнүн кандай берилип, кандай сүңгүп бараткан сезген жок. Май боёктор менен тартылган картиналарды, пейзаждарды көргөндө дароо оюна Зыйнат кылт этет. Анан анын чыгармачылык эмгектерин эстегенде жүрөгү толуп, эргип кете турган бир башкача сезимталдыкка жеңдирип кетчү болду. Ал эмес, «Бүгүн Зыйнат эмненин, кандай жаңы чыгарманын үстүндө иштеп жатат болду экен» деген кызыгуусу да, жаңы чыгарманы күтүүсү да арта баштады.

Толкунбектин сүрөт көргөзмөсүнө болгон көз карашынын өзгөрүп баратышы Зыйнат үчүн укмуштуудай жаңылык болду. Жакшы көргөн, болгондо да сүйгөн адамынын мындай көрүүчүлүк ынтызарлыгы сүрөтчүнүн талантына талант, шыгына шык кошту. Зыйнат эми башкалар үчүн эмес, Толкунбекке жагыш, ага көрүнүш үчүн иштеп, анын купулуна толгондой чыгарма жаратууга дилгирлиги улам арта берди. «Көрүүчү» деген картинасында башка бир пейзажга жан дүйнөсү менен берилип карап турган адам образы түшүрүлгөн. Ал эми «Жубайлар» деген эмгеги Толкунбек менен Жайнагүлгө арналган. Анда бирине-бири коёндун бөжөгүндөй окшош: эгиз эркек баланы жетелешип, калгый тартып жай басып, көңүлдүү келатышкан жубайлар түшүрүлгөн. Бул картинаны Зыйнат Толкунбекке көрсөтөйүн деген ниетте эмес болучу. Жаңыдан акыркы жумушун бүтүп, боёктору али кургай элек бул жаңы чыгармасы өз үйүндөгү бир бөлмөнүн төрүндө дубалдын бою менен бой тирешип, жөлөнүп турган. Булардан башка кыргыз жергесине аттын кашкасындай таанымал болгон беделдүү жумушчунун, чабандын, саанчынын, ошондой эле

илимий эмгектин үстүндө иштеп жаткан окумуштуунун психологиялык портреттери, ар кандай вариантта тартылган башка чыгармалар да көп болучу.

Зыйнат кааласа өнөрканасында, кааласа үйүндө иштей берүүчү.

Күтүүсүз жерден кирип келген Толкунбекти көрүп, тигил сүрөттү ката албай калды. Толкунбектин көзү да дароо ошол картинага түштү. Ал эмне үчүндүр көргөн көзүнө ишенбей эс боло түштү. Денесинен жан кетип, дем алалбай буулуп калды. Толкунбектин бет алдында жансыз сүрөт эмес эле, жандуу адамдар турду. Жигит апкааруудан өзүн көрбөй эле Асан менен Үсөндү, Жайнагүлдү көрдү. Раманын ичинен суурулуп чыгып, Толкунбекти жакадан алуучудан бетер, кетенчиктей берди. Көңүлүндө Жайнагүлдүн жанындагы жанаша басып келаткан эркектен аялын кызганып кетти. «Тобо, сын-сыпаты келишкен жигит экен», – деп ойлоду. Ал Жайнагүлдү тик багып кароодон уялып турду.

Зыйнат, аялы менен балдарынын алдында күнөөлүү адамдан бетер мөгдүрөп, тилден калган немедей айласы кетип турган жигитти каруудан алып күлө багып жарк этти.

– Толкунбее-е-к!

Жигит селт этти.

– Ии.

– Эмнеге ындының өчө түштү?

– Жайнанын жанындагы кайсы жигит?

Зыйнат үй жаңырта каткырып жиберди.

– Тааныбай калдыңбы? Ха-ха-ха! Мансуров деген ошол, таанышып ал. Аялыңды көрүп эсиң ооп, өзүңдү өзүң таанып калган турбайсыңбы.

Толкунбек уялганынан манаттай кызарып чыкты. Карап туруп өзүн таанып калганына чыны менен эле таң калып, ырсайып турду. Зыйнатка чынын айтты.

– Ракмат. Мен сени минтип Жайнагүл экөөбүздү тартат экен деп ойлогон эмесмин да. Көзүмө сүрөт эмес эле өзү келип калгандай туюлуп кетти.

Толкунбек сүрөткө кайра тигилди.

– Деги кандай, жагабы сага? – деди Зыйнат жигитти сынай карап.

– Жакканда да кандай дейсиң. Тим эле жандуу адамдай, таза тартылыптыр. Бирок Асан менен Үсөн баса элек да. Ушул жери ашык кетип калыптыр, – деп карап туруп, кайра минтти: – Чыгарманын көркөмдүүлүгү да, анын тагдырынын чечилиши да автордун талантына байланыштуу болуш керек. Андай болбогондо чыгарма чыгарма болуп, адамдын жүрөгүнөн кайдан түнөк тапсын.

Зыйнат кистисин кармаган бойдон тилден калган немедей, Толкунбектин сөзүн үндөбөй угуп турган калыбында, шыпшынып алды.

– Ка-а-п, көрсөтпөйүн дедим эле сага. Кандай кирип келгениңди өзүм да байкабай калыптырмын.

– Жашыруун беле?

– Ооба, жашыруун болучу. – Келин тамылжый түштү. – Уулдарың баса элек болсо да бастырып койдум. Өзүм ушундай тарткым келди.

– Жайнагүлдү койчу деп, теңсинбей күнүлөчү элең, эмнеси болсо да келиштириптирсиң. Ракмат сага. Художниктер бирөөнүн портретин тартканда, маңдайына алып келип олтургузуп алып тартат дешет. А сен кантип бизди сыртыбыздан тарттың? Тобо, таң калып турам.

– О-о-й, Толкунбек, Толкунбек, сен эмнени билмек элең. Жалгыз гана сен эмес, сенин аялыңдын, сенин балдарыңдын бүтүндөй турпаты менин карегимде тартылуу да.

Зыйнат бүгүн Толкунбектин көзүнө айрыкча көңүлдүү көрүндү. Анын мынчалык толуп турган кубанычтуу мезгилин аз көрүүчү. Мындай учурду баягы күйөөсү менен жашап турганда, Толкунбек өзү мейманга келген күнү бир көргөн болучу. Анда Зыйнат өз турмушуна өзү ыраазы экен

деп ойлогон, кубанган. Андан кийин эмне болду? Зыйнат жөнүндө ошондо ойлогон ою кийин ордунан чыкпай калды. Ал Толкунбекке тузак тартып жүрүп, акыры кылтагына түшүрүп алды. Ушундан баштап өзүн кумарлуу кусалык менен күлүп тозуп, кайра күйүткө күйүп, ый менен узатуу Зыйнаттын көнүмүш адатына айланды. Бул сүйүү менен күйүүдөн келип чыккан оору болучу. Андан дагы туубай жүрүп тууган баласынан ажыроо, Зыйнаттын өмүрүнүн жарымын өзү менен кошо ала кетти.

Толкунбек ошолорду ойлоп келип, эмелеки өпкөсүн көптүрүп, көңүлүн куюндай сапырып турган кара баскан балекеттүү кат жөнүндө айтсамбы, айтпасамбы деп ойлоп, Зыйнаттын бүгүнкү гүлдөп турган көңүлүн бузгусу келбей турду. Аны аяды. Бул Толкунбектин Зыйнат үчүн күйүп, анын көңүлүн кирдеткиси келбей турган биринчи камкордугу болучу.

Жигит эч сөз айтпай, тике турган калыбында Жайнагүл менен эки баласына дагы бир жолу көз учкунун чаптырып алып, минтти:

– Мен өтүп баратып эле кире калдым. Энем менен Жанат келиптир. Мен кеттим Зыйнат. – Келин жигитти токтотконччо болбой, эшикти шарт ачып чыгып кетти. А Зыйнат болсо, анын артынан умсуна карап туруп, терезенин түбүнө барып токтоду. Толкунбек машинасынын жанына жуп жетип, кандайдыр колуна кармаган, бир кагазды бүктөп туруп, костюмунун ички чөнтөгүнө салды. Келин ойлоно түштү: «Колундагы эмне кагаз болду экен? Мага окутайын деп келгенби? Анан эмне үчүн көрсөтпөдү?..»

Аянттагы тээ бийик столбаларга орнотулган жарык берүүчү фаралар курулуштун ичи-тышын ийне түшүп кетсе көрүнгөндөй, сүттөй жарык нурга бөлөйт. Толкунбек баягы бүтүүгө жакындап калган 180 квартиралуу үйдүн туура тушундагы аянтчага келип машинасын токтотту. Үйдүн кылда үстүңкү кабатында иштеп жаткан электр менен ширетүүчүлөрдүн кармаган жеринен оттордун жыл-

дызданган учкуну тегерегине фонтандай чачырап жатканы көзгө алыстан чалдыгат. Мансуров жакындай бергенде, өздөрүнчө бир нерсеге сөгүнгөн ачуулу үндөр кулагына угулду. Мындай сөгүнүүлөр жигитке жат эмес болучу. Жумушчулардын бул сөздөрүн ал күнөө же уят деп оюна да алган жок. Тек гана күлүмсүрөө менен мыйыгынан күлүп «ай иттин балдары» деп башын чайкап койду. Ар бир бөлмөдө кызуу кыймыл байкалат. Адамдардын кобур-собур болуп сүйлөшкөнү кечки тынчтыкты бузгансыйт. Кай бир кабаттарда лампочкалар күйүп, ичинде иштеп жаткан адамдардын караандары көрүнөт. Толкунбек сменанын жетекчисинен:

– Эмне керек? Эмнеңер жетишпейт? Прорабдын ордунда иштеп жаткан мастериңер, эки милдетти аткарам деп кыйналып жаткан жокпу? – деп сурады.

– Жо, кыйналбай эле сопсонун иштеп жатат. Жаңы башталган курулуш болсо бир жөн эле. Бүтө жаздап калган бир курулушта иштөө ага кеп эмес да. Деги узартылган күн менен иштегенибиз жакшы эле болгон экен. Минтип, милдеттенмени да мөөнөтүнөн мурда бүткөнү олтурабыз.

– Албетте, жакшы болду. «Эки күнү ээси бербейт, үч күндөн өгүз өлбөйт» деген ошол да. Адамдар толукпу?

– Толук. Сыягы, башка участкаларда да узартылган күн менен иштеп жаткандар бар го дейм, – деди бригадир.

– Ооба, бар, бар. Тигил Жаштык проспектисинде салынып жаткан үйдүн пайдаланууга берилүүчү мөөнөтү келип калды. Ошон үчүн алар да силерге окшоп, өз иштерине өздөрү кубанып жатышат. – Башкы инженер курулушчулардын демилгелүү иштерин көрүп туруп, ыраазы болду...

...Биринчи участкадагы турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатынын имараты курулуп жаткан объектиге барганда Толкунбектин жүрөгү болк дей түштү. Анткени бул жердеги курулушчулар эки смен менен иштеп жатышкан болучу. Көзүнө как эткен карга, кук эткен кузгун

көрүнбөдү. Комбинаттын түбү түптөлүп, керегеси жарым-жартылай көтөрүлүп калган. Бул жай тим эле кароосуз калган, ээси жок немеден бетер, тактай менен темир түркүктөр, чоктой кызыл кирпичтер ар кайсы жерде үймөк-үймөк болуп чачылып жатат. Күзөтчүнү акмалап аралай басты. Бир кезде курулушчулар эс алуучу вагонетканын ичинде олтурган адамдардын кажы-кужу сүйлөшкөн сөздөрү угулду. Эмне үчүн булар иштебей вагонеткага чогулуп алган деген ойдо Толкунбек ошол жакты көздөй басты. Аңгыча кароолдо турган кишинин үнү жигиттин туура тушунан угулду.

– Ким бул?

– А-а, сизсизби сакчы аке! Салам алейкум.

– Алекима салам. Оо, Мансуровсузбу?

– Булар иштебейбиз дейби, ыя аксакал?

– Аралашма жок деп тигил буткада олтурушат баары...

Толкунбектин чекеси тырыша түштү. «Кызык, күндүз келбеген цемент эми качан келип, качан аралашма жасалат?» – Жигит жерге түкүрүнүп алды. «Баягыдай балекет дагы башталайын деп калганбы?» деген тынчсызданууменен түз эле вагонетканы көздөй басты. Ал жерде олтургандардын баары Мансуровду көрүп, орундарынан тура калышты. Тамекинин түтүнүнөн адам таанылбайт.

– Жок дегенде эшигиңерди ачып желдетип алсаңар боло? Т-ү-ү, түлкү ыштагансып, кантип олтурасыңар? Эмне болду? Иштей турган ишиңер жокпу? – деди жигит.

– Иштейли десек же цемент жок, же кум жок, олтурабыз күтүп. Күндүзгү сменден калган аралашманы эчак эле иштетип салганбыз.

– Кете берсек эмне болот? – деди олтургандар.

– Бир аз күткүлө. Келбесе кетпегенде, ушул жерге конмок белеңер? Бригадир кайда? Мастериңер жокпу?

– Мастер цементти билем деп кеткен. Бригадир бул жерде.

Толкунбек үндөбөй кайра тартты. Курулуш уюмдарын керектүү материалдар менен өз убагында камсыз кылып, анан ага контролдук кылбаган Эргешбаевге ичи шакардай кайнап турду. «Тобо, бир эле объекти болсо бир жөндүү. Беш-алты курулушту кучагына алган килейген участкада иштеп жатып, ушундай да иш кылабы?» – Өзүнчө эрдин кесе тиштеп, башын чайкады. «Мунун ордун тез арада башка киши менен алмаштырбаса болбой калган экен», – деп ойлоду. Ал машинасына олтуруп, түз эле цемент заводун көздөй салды. Бүгүн СМУ шаардагы курулуштар үчүн канча тонна цемент алганын билиш Толкунбек үчүн зарыл болду. Жигит кетип баратып, өздөрүнүн цемент тартуучу машинасы жолдун жээгинде турганын байкап, машинасын токтотуп, секирип түштү.

– Эмне болду?

– Эмне болгонун көрбөй турасызбы? Аккумулятору иштен чыгыптыр.

– Ишибиз оңолбоду го. Сен биринчи участкада иштеп жаттың беле?

– Ооба, биринчидемин. Баса каракалпактык жигиттин номерин ГАИ чечип алыптыр.

– Чечип алыптыр дечи? Ал анан кайда кетти?

– Билбейм, СМУга кетсе керек.

– Экспедитор кайда?

– Цемент заводунда калган.

Шаардан цемент заводу бир топ алыс болучу. Толкунбек түз эле ошол жакты көздөй бет алды. Шаардан чыгып, заводду көздөй жаңы эле бурула бергенде цемент тарткан машина жолдон ойт берип, түз эле четки көчөгө түштү. Шофёрлордон шек санап, колго түшүрүүнүн ыгын келтире албай жүргөн Толкунбек, кайсы объектиге барарын билиш үчүн, атайын эле тигил машинанын артынан кайра бурулду. Цементтүү машина түз эле шаардын түштүк тарабындагы чоң жолго түшүп, бир буйткалуу көчөгө келгенде, күн чыгыш жакты көздөй салды. Толкунбек да бурулду.

Ошентип, жолдон жолго, бурулуштан бурулушка өтүп, аңды-дөңдү карабай келаткан машинадан адашып калбас үчүн Мансуров да урдуруп келатты. Тигил машина түштүктү көздөй бурулуп, бир топ жүргөндөн кийин, бир заңгыраган чоң үйдүн алдына келип токтоду. Тигил артында келаткан жигит бир буйткалуу жерге токтоп, машинанын жарыгын өчүрдү. Анан кабинанын ичинде, тигилерди алыстан акмалап олтура берди. Ошол замат дарбаза ачылып, цементтүү машина ошол үйдүн кулкунуна кирип кеткенсип, бир заматта көрүнбөй калды.

«Ачуу шайтан, акыл дос», – деп атасы ар дайым айтып жүрүүчү сөздү эстеп, эмне кылаарын билбей тынчы кетип, таң атканча, ишти эмнеден баштоону ойлонуп уктай албай чыкты. Же унчукпай эле, көрсөм да көрмөксөн, уксам да укмаксан болуп койсом бекен дейт. Кокустан жамандыктын бир эле жиби чубалды дегиче, баштан аяк ыдырай турганын Толкунбек билип турду.

«Жок, жок, ыдыраса ыдырасын, – деп ойлоду. Мамлекеттин ыйык, кол тийгис казнасына кош чеңгелин салган мителерди көрүп-билип туруп, унчукпай коюуга кантип коммунисттик абийирим чыдап турат. Партия менен өкмөт бизди окутуп, билим берип, адам кылып, анан ишеним көрсөтүп ушундай жооптуу ишке коюп, алдыбызга аркыратып машина мингизип, колубузга заңгыраган кабат-кабат үйлөрдүн бүтүндөй каражатын карматып койсо. Анан аны биз өз билгенибизче иштетип, алганын алып, жулганын жулуп турсак кантип жакшылык болсун. Жок, жок, мен мындай кара жемсөөлүккө өзүм да барбайм, өзгөгө да жол бербейм», – деп өзүн өзү бекитип, эртең менен эрте туруп, биринчи эле түндөгү шофёрдун үйүнө барып, цемент түшүргөн кимдин үйү: кимдерге сатты, ошону билмек болду. Кокустан шофёр мойнуна албай тайсалдай турган болсо түз эле ички иштер бөлүмүнө билдирүүнү, алардан жардам суроону ойлоду.

Бүгүн да үй-бүлөсүнө шырп алдырбай эрте туруп кетти. Гаражга барып, машинасына олтуруп, түз эле өзү түндө көргөн шофёрдун үйүнө барды. Жигит машинанын сигналын угуп, эшикке чыга келди.

– Салом алейкум, – деди үйдөн чыккан шофёр, Мансуровду көрүп, өңү өзгөрө түшүп.

– Алейкума салам! Эмне үчүн машинаны гаражга койгон эмессиң?

– Түндө кеч келип, гаражга жете албай калдым.

– Ичинде цемент барбы?

– Жок.

Мансуровдун машинасын түндө цемент тартып баратып жолдон көрүп, жалган таанык болуп, көңүлүндө сестенип калган жигит, чочулап тургансыды тынчы кетип. Ал эмес, артымдан кубалап келип, түшүрүп жатканда кармап алабы деп корккон. Эргешбаев жолдон жолду буйтатып, изин суутуп, эми «ит менен издетсе да таппай калды» дегенде гана жигит эсине келген. Анан ал өзүнүн жаңы салып жаткан үйүн көздөй айдап жөнөгөн. Ал артынан сары изине чөп салып, жеткен жерине чейин кубалай келген Мансуровду билген эмес. Ооба «алдырар күнү жаздырар» деп ошон үчүн айтат тура.

– Кайда алып бардыңар, түндөгү түн ортосундагы цементти? – деп сурады Мансуров.

– Курулушка! – деди шофёр буйдалбай.

– Кайсы объектиге түшүрдүңөр?

Шофёр такала түштү.

– Кайсы объектиге дейсизби? – Жалтайлай сүйлөдү. – Жанагы жаңы курулуп жатканчы, тиги ким эле, ата атаңдын көрүн урайын, атың өчкүр айе, тилимдин учунда эле, турат. Алиги, көк көз, сары жигит мастер болуп иштейт го?

– Түшүндүм. Канча рейс жасадың?

– Көп эле.

– Көп болгондо?

– Эсимде жок. Иши кылып акыркы рейсти жанагы мен айткан курулушка түшүргөнбүз.

– А тигил комбинаттын курулушунда эки смен иштеп жатканын Камал да билет, экспедитор да билет, сен да билесиң. Бул менин атама салдырып жаткан үй эмес да. Эмне үчүн кечээ ал объектиге цемент түшкөн жок. Силердин кесепетиңерден, түнкү смен аралашманын жоктугунан иштебей тарап кетти. Азыр дагы күндүзгү сменге келгендер ишсиз олтурушса керек цемент күтүп. Чыныңды айт, акыркы машинаны кайда алып бардың? Кимдикине түшүрдүң? Аны сен курулушка түшүрдүм деп калп айтып жатасың. Шашпа, айтпасаң айтпай тур, сүйлөшчү жерде сүйлөшөбүз.

– Кайсы акыркы дейсиз? Кудай урсун, мен алдым-жуттумдукту билбейм, жолдош Мансуров. Чындыгында биз майда кишибиз. Чоңдор кайда айдаса, ошол жакка кете бермей. Эргешбаев менен экспедитордо бардык болгон документ. Цементтин эсеп-кысабын ошолордон сураңыз.

Толкунбек шофёрдон эч нерсе чыкпасын, чынын айтып бербесин түшүндү. Көз менен көрүп турган бул ууру ишти жөнөкөй иш катарында таштап коюуга болбой тургандыгын ойлоп олтуруп, ошол эле күнү, көргөн-билгенин түшүнүк кат катары, толук жазып алып, өзүнүн начальнигине кирди. Ал киши Мансуровдун кагазын окуп чыгып, көз айнегин көзүнөн жулуп алып, аны ормоё карап, чочугансып тиктеп турду.

– Чын эле өз көзүң менен көрдүңбү?

– Ооба, өз көзүм менен Акбар Сатарович. Комиссия жибериңиз азыр, же ички иштер бөлүмүнө маалымдаңыз.

Начальник ишенбегендей ийнин куушуруп койду. Анан алдында жаткан кагазды кайра колуна алып, экинчи ирет дагы бир сыйра көз жүгүрттү да, рация менен парткомдун секретарын, өздөрүнө иштөөчү элдик контролдоо бөлүмү менен кадрлар бөлүмүнүн башчысын, башкы бухгалтер менен экономистти өзүнө чакырды. Арадан көп

убакыт өтпөй чакырылган адамдар келип, начальникти тиктеп олтуруп калышты. Акбар Сатарович көз айнегинин үстү менен олтургандарды бир сыйра сыдыра карап алып минтти:

– Азыр жолдош Мансуров мага бир укмуштуу жаңылык айтып келди. Ал болсо мына мындай. Жакшылап угуп тургула. – Начальник тамагын жасап, кагазга жазылган билдирүүнүн бир сөзүн ката кетирбей жарыя окуп чыкты.

Олтургандар бирде начальникти, бирде Мансуровду таңдана карашып, ийиндерин күйшөп коюп үнсүз олтурушту.

– Мен Эргешбаевдин иниси үй салдырып жатканын укканмын. Ал эми Камалдын өзүнүн үй салдырып жатканын билбейт экенмин. Ага менимче экинчи ашык үйдүн кереги болбосо керек эле. Өзүнүн сопсонун үйү туруп, билбейм эмнеге антип жатканын. Силер ушул тобуңар менен чогуу барып, ошол Эргешбаевдин жаңы салып жаткан үйүн көрүп келгиле.

– А сизчи, – деди Мансуров. – Барсак чогуу баралы. Барбасак барбай эле коёлу.

– Ооба, Акбар Сатарович, чогуу баралы, – деген сөздөр бир үндөн дүр дей түштү.

Элдик контролдоо бөлүмүнүн башчысы, фотоаппаратына жаңы пленка салып, не бар, не жок деп өзү менен кошо ала чыкты. Алар Толкунбектин көрсөтүүсү боюнча жүрүп олтурушуп, жаңы курулуп жаткан эки кабат үйдүн жанына барып токтошту. Шаардын борборунан окчунураак, сууга жакыныраак жердеги бак-шактуу үйлөрдүн ортосундагы аянтчадан орун алган бул участканы билбеген киши оңойлук менен таба албастай болуп көрүндү келгендерге. Алар бул жерден турак үй эмес эле, бир чоң мекеменин имараты салынып жаткан жайга туш болгонсуп, айланасын таңгалычтуу карап турушту. Элдик контролдоо бөлүмүнүн башчысы үйдү сыртынан бир-эки жолу сүрөткө тартып алды. Келгендер чогуусу менен короого киришти. Байлалуу турган карышкыр түстүү торпоктой болгон сур

дөбөт тигилердин үрөйүн учуруп, асман айга секирип жаагын жанып, ажылдап жатты.

– Итти жолго байлабай, башка далдоо жерге байлабайсыңарбы? – деди кимдир бирөө.

Ошол замат тигилердин алдын тосо баскан жигит сур дөбөттү жазгап, уясына киргизип, оозун бекитип койду.

– Иш илгери болсун, жигиттер! – Чогуусу менен иштеп жаткан адамдардын жанына басып барышты.

– Андай болсун, келиңиздер! – Бардыгы иштеп жаткан иштерин токтотуп туруп калышты.

– Цементти кайда сактайсыңар? – деди начальник Мансуровдун эртең мененки сөзүнүн чындыгына күнөмдөр болгон адамча.

Алар четте турган үйдөй вагонетканы көрсөтүштү.

– Мына ушунда. Бирок сиздер ким болосуздар? – деди жаш жигит.

– Биз, Эргешбаевдин бирге иштеген жолдоштору болобуз. Өтүп баратып, Камалдын жаңы куруп жаткан үйү деп угуп, бурула калдык. Кокустан цементи жетпесе жардам берели деп ойлогонбуз, – деди дагы бирөө.

– Азырынча цементтин деле кереги жок го. Түндө эле вагонетканы толтуруп кетишиптир.

– Алиги, Камалдын «Укама үй салдырып жатамын» деген үй ушулбу? – деп сурады начальник.

– Ооба, ошол укасынын үйү.

– Укасы кайда иштейт?

– Иштебейт, окуйт.

– Окуучубу?

– Студент.

– Вай, вай, вай, студент укасы, окуусун бүтүп келип эле падышанын ак сарайындай болгон үйгө кирет турбайбы, – деди кадрлар бөлүмүнүн башчысы. – Үй салат деп ушуну айтыш керек. Сыртын го көрдүк. Эми мынча болду, ичине кирип бир айланып чыгалы. Кирүүгө болобу?

– Эмне үчүн болбосун, болот аксакал. – Жумушчулардын бири тигилерди ээрчий басты.

– Сиз кимиси болосуз жигит?

– Камалдын акасынын уулу болом.

– Аа, жакшы, жакшы, тууган турбайсызбы? Чындыгында Камал азаматтык кылып жаткан экен.

Үйдүн астыңкы кабатындагы дарбаза түрүндө жасалган эки канаттуу далдайган чоң эшикке киргенде асты жалаң акактай болгон көгүлтүр мрамор плиталары төшөлгөн заңгыраган кенен зал созулуп сала берди. Киргендер турган орундарында катты да калды.

– Бул гараж болот, – деди ээрчий кирген алиги жигит.

Тургандардын ичинен бирөө оң тараптагы катары менен салынган кош эшиктин биринчисин ачты. Адамдарды анык таң калтыра турган бөлмө ушул болду. Астына мрамор төшөлүп, дубалдарынан тартып, шыбына чейин жумуру рейкалар урулган ванна менен душка көздөрү кадалып турду. Мында жуунууга киргенде чечинүүгө, чыкканда дем алуучу чакан бөлмөлөр, андан тышкары кол жуугучтар өзүнчө эле бир укмуштай ыңгайлуулук менен жасалып, полдору паркеттелген. Андан чыгып экинчи эшикке киргенде тамак-аш сакталуучу складга ылайыкташтырылып курулган бөлмөнү эч кимден сурабай туруп эле түшүнүштү.

Али толук бүтө элек бул турак жайдын подвалы деп аталган биринчи кабаттын ванна-саннасы деп аталган бөлүмдөрдү кошпогондо үстү эки кабат. Үйдүн чатыры цинк темири менен жабылып, дубалдары бышкан кызыл кирпичтер менен көтөрүлгөн. Үйгө кирүүчү темир баскычтар да жалтыраган көгүлтүр-бозомтук мрамор менен көтөрүлгөн. Бөлмөлөрдү жылытуу үчүн батереялар орнотулуп, от жагуучу тышкы плитасы жаратылыш газы менен туташтырылууга даярдалган. Ал эми үйдүн полдору бүтүндөй паркет.

Ушул үч кабат үйдүн кыйгачында жаңыдан салынып жаткан жаңы ашкананын өзү эле бир орто үй-бүлөлүү адам жашай турган эки бөлмөдөн турат.

Келгендер чогуусу менен короонун тегерегин бекиткен темир кооз тосмону көрүп жүрүшкөн кезде нары жактан СМУда куруучу болуп иштеген эки адам Толкунбектин көзүнө дароо урунду.

– Ой, силер бул жерде кайдан адашып жүрөсүңөр?

Толкунбектин сөзүн угуп, СМУнун жетекчилери да токтоп калышты. Жигиттер ыңгайсыздана түшүштү.

– Аксакал жардам бергиле деп суранганынан келдик. Бүгүн биздин кезегибиз экен.

Начальниктин көздөрү чекчее түштү.

– Булар кимдер? – деди Толкунбектен.

– Биздин жумушчулар да, курулушта иштеп жатышкан.

– Эмне, кезектешип келесиңерби? – деди начальник.

– Ооба, кезектешип келебиз.

Алдыга өтүп кеткен адамдар кайра кайрылышты. Бухгалтер тигилерди тааный коюп, өңгөчүн тартып алды.

– Биздин курулушчулар! Акчаны бизден алышат да булар.

– Ошондойбу? – Акбар Сатаровичтин өңү өчүп турду...

– Кап, бекер кылган экенбиз, Камалдын өзүн ала келсек болмок экен, – деди парткомдун секретары.

– Ал суранып Фрунзеге кетти. Биринчи рейске белет алдым деп жаткан, эмдигиче эчак учуп кетсе керек, – деди начальник, кабагы карыш түшүп...

Баргандар мурункудай эле эки машинага бөлүнүп олтурушту. Алдыда Акбар Сатарович келатты. Анын артында куйрук улаш Мансуровдун машинасы. Начальниктин машинасында олтургандар үн жок, сөз жок ар кимиси өздөрүнчө ар кандай ойго батышат. Бирок негизги ой бирөө гана. Ал болсо өздөрү көрүп келаткан Камалдын үйү болучу. Баарынан да экономист менен башкы бухгалтердин са-

наасы сан. Бул ишке башкалар эмес, экөө жооп берүүчүдөн бетер абыгер. Акбар Сатарович болсо мынчалык мраморду кайдан, кантип алганына акылы жетпей, башы маң. Болду, болбоду, жаңы салынган музейден жалмады, бул желмогуз. Эми бул үчүн өзүнүн жооп берерин эстеп, төбө чачы тик турду.

Ал эми Мансуровдун машинасында олтурган элдик контролдоо бөлүмүнүн башчысы өкүнүчтүү үн катты:

– Ит экен. Эмнесине жетпей жатат. Жалгыз өзү эмес, бүтүндөй мекемени шерменде кылганы олтурат.

Биринин артынан бири келип, контoранын алдына токтошту. Машинадан түшкөндөр чогуусу менен начальниктин кабинетине кириштi. Бардыгынын көздөрү Акбар Сатаровичке суроолуу тигилет.

Бир топко ойлуу тунжурай түшүп, анан минтип карады кызматкерлерине:

– Акмак экен. Тигил иши тигил. Мамлекеттик адистештирилген чарбанын комплекстүү сарайынын курулушу түшкөн жердин составдык түзүлүшүн текшерген Долбоорлоо институтунун геологдорунун жетекчиси Москвага кетиптир. Ошол кишинин келишин күттүрүп коюшту. Болбосо жыйынтыгы эмдигиче чыгып калат эле. «Ит өлөөрүндө кайышчыл» деген ушул экен да. Жолборстун жүрөгүн жеген немеби деп турам. Болбосо, ушундай шартта, ушундай абалда, бычактын мизинде турган адам да ууру кылабы. Мамлекеттин каражаты Эргешбаевдин тукуму үчүн эмес да. Үй салып жатат деп угуп, сурасам: «Мен өзүм эмес, Акбар Сатарович, иним бирдеме салымыш болуп жатат», – деп айтканынан, мен дагы мындай эле жөнөкөй үйлөрдүн бири болсо керек деп ойлогон болучумун. Көрсө, бул ит үй эмес эле, өзүнчө дворец салып жаткан тура. Болгондо да биринчи курста окуган инисине арнап... Акбар Сатарович, телефондун трубкасын көтөрүп, аппараттын номерин биринин артынан бирин терип жатып, парткомдун секретарына карап минтти: «Жазылган актыны тезинен машин-

кага көбөйтүп бастырып, колуңарды коюп, бир нускасын мага алып келип бергиле. Калганы парткомдо сакталсын...»

Арадан көп убакыт өтпөй, баягы комплекстүү сарай жөнүндөгү иш козголуп, тергөө органдарына берилген делого, кийинки материалдар кошумча документ катары тиркелди. Эргешбаев партиянын мүчөлүгүнүн катарынан чыгарылып, камакка алынды...

* * *

Энеси келгенден бери Толкунбектин иши мурункудан да күчөп кетти. Үйүнө кеч келип, эрте кетет. Мындай көрүнүш Кынанын тынчын ого бетер алды. Анын оюу боюнча күнү-түнү эле Зыйнат менен шапар тээп, жыргап жүргөндөй болуп туюлду. А Толкунбек болсо бул арада Зыйнат менен көрүшүүгө чамасы келбей, өз иштери менен алек болуп жүргөн кези болучу. Ал эми жанындагы энеси берген катты, бирдеме издеп жатып, костюмунун ички чөнтөгүнөн көрүп, жүрөгү болк этти. Жайнагүл күйөөсүнүн чөнтөктөрүн бейкүнөө аңтарбаган келин болучу. Качан гана кийим-кечелерин тазалабай турган учурда, чөнтөктөрүн ошондо аңтарып, ошондо карап, болгон бирдемелерин алып коюучу. Ошондой болсо да өзүнөн өзү шекшинип, кара баскан балекеттүү каттан чочулап, костюмун чечпей, кийген бойдон олтурду.

– Деги бүгүн эч кайда кетпейсиңби? – деди Кына уулун карап, – Айтор, балдар да сагынды сени көрбөй.

– Эмнеге мени көрбөй?

– Э ботом, баарыбыз кызуу уктап жатканда кетсең, кайра эл жатканда келсең кайдан көрөт. Балдар эмес менин да сагынычым тарай элек. Мурда убагында келип, убагында эле кетүүчү элең, кандай эле жумушуң өзгөрүп кеткенин билбейм.

Толкунбек жанында олтурган энесинин мойнунан кучактап, каткырып күлүп, жоолугунан чыгып турган жаагындагы кебездей агарган чачынан жыттап, бетинен өптү.

– Кагылайын энеке, сенден менин да сагынычым тарай элек. Жанатты да жакшыраак эркелетип, аталык мээримимди салып өбө элекмин. Силер келгенден бери ушундай бир тынчы жок жумуштар болуп жатат. Өзүм да өлгөндөй чарчадым. Бүгүн көзүмдү жумуп, силерге карап эрте келдим.

Кына уулунун сөзүнө жарпы жазыла жылмайып койду.

– Биз болбосок деле Асан менен Үсөн, Жакин бар эмеспи. Аларды ээн үйдө көп жалгыз таштабай жүр, балам. Кеч болсоң да өз үй, өлөң төшөгүңө, балдарыңдын жанына келүүгө аракет кылгын. Адам эмес канаттуу деле өз уясына келип түнөйт тура.

– Үйгө келбегенде бир жакка конуп калып жүрөмбү. Бая күнкү бир жолу конуп калганымды унутпай, кечке эле сап кармай бересиңби, жарыктык.

Толкунбек ордунан туруп, костюмун желбегей жамынып бети-колун жууп кирди.

– Уулдарың кайда, ыя эне? Жанатың да көрүнбөйт го?

– Ээ, Жакин, тигил балдарды чакырсаңчы балам, кеч кирбедиби.

– Кайда кетишти эле? – деп сурады Толкунбек.

– Мына бул кошунанын кыздары ойнотобуз деп көтөрүп чыгышкан. Жанат да ошондо.

– Өзүбүз алып келебиз деген. Келишет го, – деди келин. Жаңыдан эле бир чыныдан чай колго тийген кезде эшиктен опурап-топурап Асан менен Үсөндү көтөргөн кошунанын кыздары, алардын артынан Жанат ыйлап кирди.

– Э катыгүн Кудай, сага эмне болду? – Ордунан козголду эне.

– Үсөндү мен көтөрөмүн деп талашканынан бербей койсом, ошого ыйлап жатат, – деди кыздардын бири.

– Каралдым, сен көтөрө албайсың. Бери келчи! – Эне кызынын мөлмүлдөгөн көз жашын сүртүп, эки бетинен өөп алдына алды.

– Килейген немени очойтуп алдыңызга албай эле, жерге олтургузуп койбойсузбу? Анан деле чын тийбес неме экен. Түш, энеңди тебелебей.

Кына келинине киртие, таарынычтуу карады.

– Капырай балам, качан болсо эле килейген, очойгон деген бир сөзүң бар сенин. Биз да кетебиз. Өзүңөр да каласыңар. Дагы мен Жанатты таштап кетсемби, жок дегенде бешик терметип бергенге жарап калды деп коём.

– О, кокуй, таштабай эле коюңуз. Кереги жок. Муну багамбы, эки баламды багамбы. Кудай баланы тилеген-сураганга бербейт экен.

– Кесир кылба, айланайын. Экөө эмес, үчөө болсо да багат элең. Баягы тоңуп өлгөн бала тирүү болсо, эки эмес үч бешиктүү болот болчусуң. Же аны ыргытып жиберет белең. Антип айтпа, баласыз аял да аялбы. Кудай ушул жаман чүрпөлөрүңдү аман кылсын десең. Эми тигил экөө торолгон кезде, Жанатка сиңди төрөп берсең экен.

Жайнагүл алдыртан күйөөсүн карады. Бул кезде Толкунбек эски дарты эсине түшкөнсүп, энесин мостоё тиктеп турган болучу. Ушул саамда Кынанын кирпиги көтөрүлө түшүп, уулун чолуй карап алды.

– Ал бала өлбөй тирүү болгондо, чын эле экини эмес, үчтү төрөгөн болуп калмак экенмин ээ, эне. Өлгөнү жакшы болуптур, экөөнү араң багып жатам, үчөөнү кантип багат элем.

Толкунбек энеси менен аялынын сөзүнө аралашкан да, ал жөнүндө сураган да жок. Бирок өңү суз тартып, кабагы түшүп, улутунуп алды. Ушул саамда Зыйнаттын эне-бала жөнүндө тарткан сүрөттөрү көз алдынан тартылып өттү. Байкуш Зыйнат, бардык атак-даңктан, дөөлөт менен мансаптан жогору турган бакыт, жалгыз гана бала деп эсептейт. Көп эле аялдар төрөбөй, баласыз жүрүшөт. Бирок алар Зыйнатка окшоп баланы эңсеп, бала үчүн өзөгүн өрттөбөсө керек. Деги өлгөндөй бала жандуу аял экен.

Ушул убакта Жанат энесинин мойнуна асыла кетти.

– Энеке, мага жомок айтып берчи.

– Кайсы жомокту? Мен жомок билүүчү белем.

– Билесиң. Баягы «Тоок», «Төө» деген жомокторчу. Төөнүн ырын сен билесиң да, – Кынанын беттеринен өпкүлөп, мойнунан кучактап, сурана берди. – Айтып берсең эми, энеке?

– Макул эми айтып берейин. Илгери-илгери бир төө болуптур. Ал төөнүн ботосу өлгөндө минтип кошуп ыйлаптыр:

«Каалуу килем жаптырып,
Эрчитпедим ботойду,
Эки эмчегим тирсийтип,
Эмизбедим ботойду,
Жардын башын кыдыртып,
Талдын башын сыдыртып,
Жедирбедим ботойду...»

– Эми тоокту айтып берсең энеке?

– Ой, тоок омураң калсын. Аны кийин, чай ичип бүткөндө айтып берейин. Макулбу?

Ушул саамда Толкунбек, бир кездеги колхоздун төөлөрүн эстеди. Энеси айткандай бул төө баласы, адамдай акылдуу, жүрөгү сезимтал болот имиш. Ошондо көзү менен көргөн бир күчтүү элести эстеп, жүрөгүнүн бир жерин бирдеме сайып алгансып, тыз дей түштү. «Өздөрүнүн коңшусу төө багуучу. Күндөрдүн биринде төөчүнүн Толкунбек менен тең баласы үйгө атып кирди: «Ай Толкунбек, баягы жалгыз өркөчтүү кара ингендин ботосу өлүп калыптыр. Жүрү барып көрөлү. Энеси ыйлап жатат дейт». – «Кайсы энеси?» – деди курбусунун сөзүнө түшүнө бербей. Анын оюнда жолдош баласынын энеси ыйлап жаткан экен деп ойлоду. «Кайсы энеси болмок эле. Төөчү. Ошол төө ыйлап жатат», – деп айтты атам. Эки бала ошол замат жыланаяк, жыланбаш, көчөнүн чаңын ызгытып, жарышып жөнөдү. Балдар

төө короого атып кирişти. Толкунбек көргөн көзүнө ишенбей дал боло түштү. Чын эле ботосу өлгөн жалгыз өркөчтүү кара инген, чөккөн жеринен турбай, тумшугун эки тизесинин ортосуна коюп боздоп жатыптыр. Көздөрүнөн аккан жаш тим эле буурчактай төгүлөт. Ошондо ингендин жүрөк титиреткен муңдуу үнүн угуп, Толкунбек менен төөчүнүн баласы экөө аябай ыйлаган. Ошондон кийин эки бала баягы ботосу өлгөн инген эмне болуп жатат болду экен деп күн сайын, ат тезегин кургатпай келип турушту. Кара инген бир нече күнү катары менен бир тал чөп жебей, бир кашык суу ичпей, чөккөн жеринен турбай, күнү-түнү боздоп жата берди...»

Жанат менен энесинин айткан сөзүнөн улам Толкунбек ушуларды эстеди: «Төө, төө башы менен айбан туруп баласына ушунчалык күйдү эле, – деп ойлоду ичинен камыккан жигит, – анан байкуш Зыйнат баласына кантип күйбөсүн. Аз жерден жинди болуп кете жаздады. Азыр ырас чыгармачылык иштери менен алаксып, кайра тартып калды. Бирок бала деген бир күчтүү жалын, анын жүрөгүнүн тереңинде түбөлүк өчпөс болуп күйгөн бойдон кала берди...»

Энесинин төө жөнүндө Жанатка айтып берген ырын угуп Жайнагүл башын чайкады:

– Чын эле төөлөр ботосу өлсө, жаман боздойт имиш, ээ эне. Ой дүйнө ай, баланы сүйбөгөн, бала үчүн күйбөгөн жан-жаныбар болбосо керек. Чабалекейдин балапан учурганын көрүп таң калганмын...

– Баягы жылы, биз жаш кезибизде Гитлер деген «пашис» чыгып, кандай алаамат болду. Ботосу өлгөн ингенден жаман боздотту го энелерди. Боору бүтүн, башы аман адамдар калган жок. Биринин беш баласы кетсе, бешөө тең келбей калды. Кээ бирөөнүн үйүнөн жетөө кетсе, бирөө келип, алтоо окко учту. Ошондогу согуштан балдары кайтпай калган энелерди эми эстесем да жүрөгүм солк дей түшөт. Менин берендей болгон үч бир тууганым кеткен бойдон кел-

беди. Ошондо балдарын айтып энем ыйласа, ыйлабай эле койбойбу деп ойлоп коёр элем. Көрсө, бала деген эненин эт жүрөгүн жарып чыккан балекет тура. Биз көргөн кандуу согушту силер, силердин балдарыңар көрбөй өссө экен. Жанагы «америка» деген неме, тим эле бизге сес көрсөтүп жатат го деп ойлойм. «Эмистерге» алдырбай, тилегин таш каптырган биздин өкмөттүн күчү оңой деп турасыңарбы. Кеңеш өкмөтү ал кезде жаш эле да. Эмистердикиндей согушка даярдыгы да жок болучу. «Алтооң ала болсоң алдыңардагыны алдырасыңар, төртөөң төп болсоңор төбөдөгүнү аласыңар» дегендей, биздин эл Кудай ургандай ынтымактуу тура. Ынтымак бар жерде ырыс бар деген ошол. Непада, жаман айтпай жакшы жок, согуш болуп калса, биз дагы эле жеңебиз. Атаң айтып олтурбайбы биздин элдин күчүн. Шордуу Мансур, мындан жарым кылым мурда жарылган бомбунун кесепетинен ушул убакка чейин жапа чегип келатат. Жана радиодон тынчтык жөнүндө сүйлөгөн бирөөнүн сөзүн угуп олтуруп, ыраазы болдум биздин партия менен өкмөттүн камкордугуна, атаң гезитти көп окуйт. Айтып берет мага дүйнөдө эмнелер болуп жатканын. Мансурга караганда сен эчтеке окубайт экенсиң, балам. Гезит, журнал дегенге жазыларын жазылыптырсыңар. Бирок жазылган гезитиңерди окуганга убактыңар жокпу, кандай?

Толкунбек энесинин сөзүн угуп каткырып күлдү:

– О-хо-о-о, энем оңой эме-е-е-с. Көрсөң эл аралык абалды комментариялап турганын. Туура энеке, өзүң айткандай эч качан согуш деген болбойт. Азыр бүткүл адамзат тынчтык үчүн күрөшүп жатат. Бардык мамлекет, бардык эл биздин партиябыздын тынчтык үчүн көргөн саясатын колдоодо. Ошон үчүн өзүң айткандай партиям бар, эминеден камым бар деп жыргап жүрө бер. Анан жанагы газета, журнал окубайсыңар деген дооматыңызга мен уялып калдым эне. Кээде ушинтип кагаз бетин кароого убакыт болбой калып жатпайбы. Түн ортосунда келсең, кайра таң атпай кетсең, окууга кантип жетишесиң. Кээде газета, жур-

налдарды машинанын ичине салып коюп, өзүң менен кошо ала жүрүп окуугa туура келет.

– Мен деле окуйм, Толкунбек деле окуйт. Үйдө болгондо колунан адабий китеп, газета, журнал түшпөйт. Кагылайын энем а-а-й, бизди окубайт деп да кабатыр болот турбайсызбы.

– Окуган жакшы да, балам. Кээде көз айнек тагынып алып окшуюп гезит окуп калганымды кошуналар көрүп таң калышат. Окубайын десең да турмуш, жашоо өзү окутуп жатпайбы. Гезитке чыккандарды окуп олтуруп ыраазы болосуң. Пай, пай, пай, эмне деген турмуш, эмне деген жетишкендик. Азыр адам жокчулук, мусапырчылык дегенди билбей калбадыбы. Кут болсун ушул күнүбүз.

Кынанын келин-уулу энесинин сөзүнө аябай ыраазы болушту. Бул киши ушул кезде жаш болсо окуунун да, эмгектин да тишин чакмак экен деп, – ойлоду Жайнагүл. Кээ бир мындай кишилер окумак турсун, окуп бергенди уккусу келишпейт...

Толкунбек Жайнагүлдү областьтык саламатык сактоо бөлүмүнө чакырышканын эстей койду:

– Ии, баса, сени облздравка эмнеге чакырышыптыр?

– Иштегенге.

– Иштегенге? Эмне иш экен?

– Төрөт үйүндө бир врач башка жакка которулуп кетип жатыптыр. Ошонун ордуна дейт.

– Макул болдуңбу, анан?

– Үй-бүлөм менен сүйлөшүп туруп жообун эртең берейин дедим. Балдарды айтсам, яслиге орноштурууга өзүбүз жардам беребиз дейт. Билбейм эмне кыларымды же иштебей эле эки бала торолуп, буту-колу басканча үйдө болсомбу. Бир жакшы жери ясли төрөт үйүнүн түбүндө эле экен. Иштейинби, эмне кылайын, сен айтчы Толкунбек. Энем болсо иштеп ал деп жатат.

– Толкунбек иштегениңе каршы чыкмак беле. Балдарың болсо жоош. Бакчасы иштеген жериңе жакын болсо, кирди-чыкты өзүң да көз салып турасың да.

– Мейлиң иштесең иште. Иштебесең да өзүң бил. – Аялынын өзүнө саласал кылып койду.

– Сенин ушинтип айтарыңды билгем.

– Мен эмне деп жатам билгенинде. Кызыксың. Иштөөгө көңүлдүүсүңбү, иште. Кечке балдар менен алышып олтурганча, бир эсептен иштеп алганың деле жаман болбос эле. Буту баса элек кичинекей немелерге бакчада кыйын болобу деп жатам. Же үйдө жардам берип каралашар кишиң болбосо. Өзүң ойлоп көрчү, иш деген иш да. Анын түн катмайы, анын командировкага чыкмайы да болот. Декреттик отпускаң али бүтө элек да.

Толкунбектин Жайнагүлдү иштетүүгө көңүлү жогун көрүп турган Кына уулуна минтти:

– Кечке балдарды өкмөт багып берсе, эмнеге кыйналмак эле. Эртең менен өзү ала барып берип, кайра өзү ала келет. Отун алып, от жагып күлала болуп жатпаса, алыстан суу ташыйм дебесе. Бир тамагыңарды жасап жегенге жетишээрсиңер. Кайра, иштеген киши тың болот. Эмчекте эгиз баласынын барын билип туруп, ал жердегилер деле ойлоор. Кантип эле Жакинди бала-маласы менен «кемендиропкөгө» айдашсын.

– Мейли, мейли, иштесин. Мен макулмун, энеке.

Толкунбек ордунан туруп, дубалдын боорунда илинип турган комузун колуна алып, ары жак, бери жагын айландырып карады. Ал бир топтон бери комуз чертпей калган болучу. Комуз күүсүн канчалык уккусу келгени менен, күйөөсүнүн эрте кетип, кеч келип жүргөнүн көрүп туруп, «чарчап жүрсө керек» деп ойлоп, сураган эмес. Чындыгында эле Толкунбектин комуз чертип, жайма-жай олтурууга убактысы жок болучу. Жигит өз күүсүн өзү сагынган немедей, тыштан кирип эле дубалда илинип турган комузун ала олтуруп, кулагын толгоп, тепкесин оңдоп, дароо эле «Төтөп шыңгыраманы» чертип киргенде, келиндин кош кареги жалт дей түштү. Комуздун кубулжуган күүсүнө көңүлү эргип, улам тереңге сүңгүгөн сайын, ат үстүндө ал-

гыр куштай комдонуп, ак калпагын бир жак чекесине айчыланта кийип, жалчылыгын билгизбей, жокчулукка наалат айтып, кедейлигине кейип, ичи оттой жанып, сүйгөн кыздын өтүнүчү боюнча «Төтөп шыңгыраманы» Толкунбек эмес эле, Байбура чертип жаткандай, аны Жайнагүл эмес эле, гүлдүү бадам ак боз атты жылоодон алып, ай жамалы жездей саргайып, жүрөгү арманга толуп, алдыдагы жакшы үмүт, жакшы тилегинин баары кыйрап, астымүстүм түшүп, үмүтсүз титиреп турган Салтанат угуп турган сыяктуу кинонун плёнкасындай болгон кош элес бир заматта көз алдына тартыла түштү.

Ушул саамда күү менен да, күлкү менен да иши жок, кош бешиктин жанында олтурган Кына минтти:

– Толкунбек сен комузуңду коё туруп, Жакиндин алдындагы баланы ал. Мына, бешиктерин жасап койдум, бөлөй койсун.

Жигит энесине башын аста ийкеп коюп, күүнүн аягына чыга чертип токтоду. Жайнагүл ушул күүнүн сырын кайнатасынан уккан күндөн бери, ал үчүн «Төтөп шыңгырама» күү эмес эле, зар заманда зарлап, максатына жетпей арманда өткөн кыз-жигиттин трагедиясы сыяктуу көңүлүнүн түпкүрүндө кыттай уюп калган. Толкунбек комузун ордуна илип, колуктусунун алдында мемиреп, терең уйкуда көшүп жаткан Үсөндү колуна алып, жаагынан шуушуу жыттап кайра-кайра өпкүлөп, бооруна кыса кучактап, жалына баштады.

Уулунун баласаактыгын көрүп турган эне көңүлүндө «Ай байкуш балам ай, сенин ушул арамдан тапкан балаңды бала кылып, өзүм туудум деп тиши менен тилин тиштеп, жан адамга билгизбей, жакынына сыр айтпай, ичинен жеген курттай болуп олтурган, ушул асылзаада колуктуңдун кадырына жетип, күтүп алаар бекенсиң? Күнөө сенден кетпесе мындан кетпейт. Бая күнкү балекеттүү тоголок каттар томолонуп жүрүп олтуруп, Жакинге кайра жетпесе эле болду». Эмелеки күлкү ойногон жүзү күлдөй боло

түшкөн эне, баласын бөлөп жаткан келинин, үнсүз телмире тиктеп туруп, өзүнчө шыпшынып алды...

Толкунбек тамактан кийин, колуна толгон-токой газета, журналдарды кармап алып, өздөрүнүн уктоочу бөлмөсүнө кирип кетти. Балдар уктап, кайнене менен келин экөө олтуруп калышты. Идиш-аягын жыйыштырып жууп жатып, көңүлүн бөксөртүп, жүрөгүн өйүп, ким менен сырдашып, ичин ачаарын билбей жүргөн келин, ой толготуп санаага чөгөт. Ичин иттей тырмап, келемиштей кемирип жүргөн бул жашыруун сырды башка кишиге ишенип айтууга болбосун жакшы билет. Анын ичтейин ачып сырдашаар эң жакын адамы жалгыз кайненеси. Ошондой болсо да Үсөн жөнүндө эртели-кеч кайта-кайта айта берүү, ал кишиге суроо салуу кары адам үчүн оор болчу. Бирок Жайнагүл эмне үчүндүр, Кынага кайталап дагы эле айткысы, дагы эле кайталап сурагысы келип туруп алды.

– Эне! – деди, бир оокумда үнү калтаарып. – Сиз Үсөндү кимден туулган бала деп ойлойсуз?

Күтүлбөгөн жерден берилген бул суроого Кынанын үрөйү уча түштү. Бала жөнүндө эми экинчи менден сурай койбос деп ойлоп жүргөн карынын өңү өзгөрүп, оозунун ичи кургап, шилекейин күрмөп жута албай калды. «Сөзгө сөлтүк, кепке кемтик» кылып олтурган баласына ичинен наалып, дудук болгон немедей тилден калып турду. Көздөрү чекчейип, чанагынан ыргып кетчүдөн бетер келинин үнсүз тиктей берди. Үсөн Толкунбектин өз баласы экенин билип турса да, ойлогон оюн ачык айтуудан дале болсо, келининен даай албай абдаарып турду. Бул балекеттүү бала жөнүндөгү туюк жара кайта-кайта ачылып, кайта-кайта жаңыра бере турган айыкпас дарт болуп калды го, – деп түбү жок терең санаага батып кетти.

– Кызык, эмнеге буулуп калдыңыз, ыя жарыктык? Бул баланын жай маанисин билбеген болсоңуз кеп башка эле. Билесиз да кандай болгонун. Мен, Үсөндү баягы мейманканага Толкунбек менен чогуу келип, бизди көрүп качып

кеткен келиндин баласы болуп жүрбөсүн деп шекшип турам. Бая күнү кошунаныкы бизди чакырганда, аны да чакырыптыр. Кызык болбодубу. Эки баланы көрүп өлүп кете жаздады. Өзүнөн өзү буулугуп, өзүнөн өзү олтургандарга тийишип, жинди немедей болуп олтурду. Анан тамакка күтпөй кетип калды. Толкунбекти менден кызгандыбы, күнүлөдүбү же балдарды көрүп ичи күйдүбү, билбейм деги кабагы ачылбай түнөрүп олтуруп, акыры бирдемеси өлгөн немедей боздоп-ыйлап кетти. Чынымды айтсам, кокустан экөөнүн бирөөнү уурдатып жиберемби деп коркуп калдым андан.

Кына үнсүз, сөзсүз жалдырап олтура берди. Зыйнатты таанырын да айткысы келген жок. Тээ бир топтон кийин мукактанып минтти:

– Э Кудай, бирөөнүн баласы менен бирөөнүн кандай жумушу бар. Балдарга кол салуу колунан келбес. Сага мен бул дүйнөдө да, тиги дүйнөдө да ыраазымын, балам. Бектигиңе баракелде деп батамды берип олтурам. Эми ушул бойдон жабылуу казан жабылуу кала берсин. Үсөн өсүп, улам көзгө көрүнгөн сайын Толкунбекке окшоп бараткарын көрүп туруп, оорумдун үстүнө оору кошулуп баратат. Санаа куруп калсын. Санаа саргайтат тура адамды. Сенин жүрөгүндүн башындагы отту билбейт дейсиңби, мени. Билем, баарын билем. Кантесиң, бул иттин иттигин оор болсо да кечирип кой, балам. Айла барбы.

Ушул кезде Жайнагүлдүн көз жашы эки бетин жууп, жамгырдай төгүлүп жатты. Ыйдан өпкөсү көөп, эки ийни титиреп турду.

– Мен мындан туулган бала экенин билбей калбадыммбы. Чыным менен эле, Толкунбек эгиз уулдуу болдум деп сүйүнсүн деп ойлоп жүрбөйүмбү. А-а-й, ары жок жаным ай, эгиз төрөөнү сөөлөт, мактаныч көрүптүрмүн да.

– Сөөлөтү сөөлөт, мактанычы мактаныч эле болбодубу. Үсөнүң менен Асаныңдын айырмасы деле болбой калды го каралдым, ыйлабачы. Сен капа болсоң, мен да капа

болом. Сенин көз жашыңды, сенин кабагыңдын бүркөлгөнүн көрбөсөм экен дейм. Мен баягы Толкунбек үйдөн безип, Фрунзеде «гүлгаан» болуп жүргөндө эле өлө турган катын болчумун. Күн көрүп, суу ичсин деп Кудай Таалам маңдайыма жакшы бүлөнү, жакшы куда-сөөктү жазып койгон экен. Билсең сен үчүн өлбөй тирүү басып жүрөм, балам. Жаныңдан карыш жылгым жок. Сени, сен төрөп берген балдарымды көрүп тургум келет. Мен болбосом атаң байкуш куруйт. Короо-жай, бирин-эки малды карап багыш керек. Ошонун баарында сенин эмгегиң бар. Аларды кантип талаага таштайбыз...

Жайнагүл кайненесинин сөзүнө муюшкансып унчукпай калды. Кына кетээринде, эки баланы эмчектен чыгарып, мага алып барып бергин деп какшап кетти. Арадан көп убакыт өтпөй Жайнагүл областтык төрөт үйүндө иштеп калды. Эртең менен эки баланы бакчага өзү ала барып, кечинде өзү ала келип жүрдү.

Эки баланын экөө тең там-туң буту басып, эмчектен чыкты. Бирок балдарды Кынанын суроосу боюнча айылга алып барган жок. Анткени кайненесинин ден соолугунун жоктугун бир ойлоп аяса, экинчиси, өзүнүн балдарсыз тура албасын билди. Жайнагүл ишке кирген күндөн баштап, тез эле коллективге аралашып кетти. Ал эми областтык саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы, өзү менен медициналык институтту бирге бүткөн жигит болучу. Баягы Толкунбек менен Зыйнатты театрдан көрүп калып, ич тарлыктан, атайын өзү жигитинин ичин күйгүзүш үчүн почтанын алдынан кезигип, аны өзү токтотуп алып: «Мени менен кичине бирге бассаң», – деп Жайнагүл өтүнүч кылган ушул жигит эмес беле. Анда Жайнагүл бул жигитти анчалык этибарга албай, жалгыз Толкунбек деп толкундап жүргөн кези болучу. Эми ошол өзү теңсине бербеген Султан азыр адам суктанар жигит болгон. Эл депутаттарынын областтык Советинин депутаты, партиянын облас-

ттык комитетинин мүчөсү. Айтор, Султандын ыргыткан ташы жогору кулап турган кези.

Жайнагүлдүн мойнуна нары ардактуу, нары жооптуу милдет жүктөлдү. Анын эмгек сапары ошентип кайра башталды. Төрөт үйүнүн өзүнө тааныш, бирок көптөн бери көрбөй да, аралашпай да сагынып калган дары-дармектин, жарык дүйнөгө жашоого жаңы келген кичинекей наристелердин жанга жагымдуу тааныш жытынан тартып, бардыгы Жайнагүлдүн жүрөгүнө жакын.

Мурда Мансуровдун мындай колу жеңил врач аялы бар экенин угуп-билбеген шаардыктар үчүн бул өзүнчө бир жаңылык сыяктуу туюлду. «Алиги СМУда башкы инженер болуп иштеген Толкунбек деген жигиттин аялын көрдүм. Укмуштай келишимдүү, сулуу аялы бар турбайбы. Ал жөндөмдүү акушер-гинеколог эле болбостон, колу чебер хирург имиш...» деген сыяктуу сөздөр үйдөн үйгө тарап жатты.

Жубайлар эртең мененки бойдон кечинде бир жолугушат. Жайнагүл келери менен балдарынын колдоруна оюнчуктарын карматып олтургузуп коюп, кечки тамакка кам көрө баштайт. А Толкунбек болсо эрте келгени аз, кеч келгени көп. Мурда иштебей өзү үйдө олтурганда Толкунбектен башканы ойлобой, аны чыдамсыздык менен күтүүчү Жайнагүлдүн мүнөзү өзгөрүп кетти. Азыр болсо аны күтүүгө да, ойлоого да убактысы жоктой. Эртең ишке барамын деп, балдарынын бакчага кийип баруучу кийимдерин даярдап, күндө кир жууп, күндө кийим тасмалдайт. Бош боло калса окуганы көбүнчө өз кесибине тиешелүү ар кыл китептер.

Бирок бүгүн антке алган жок. Эмне үчүндүр Толкунбек кечиккен сайын тынчы кетип, жүрөгү өзүнөн өзү опкоолжуп турду. Аны жолдо келатканда кимдир бирөө кастык менен кырсыкка учураткандай болгон бир балекеттүү ой көңүлүнө жармашты да калды. «Эмне үчүн сырын айткан жок? Ай ушул Толкунбектин бектиги ай, укканы уккан жерде, көргөнү көргөн жерде калат го чиркин. Эл-

чилеп элеттен укканын эзели үйгө да айтып келбейт. Эргешбаевдин жаңы салдырып жаткан үйүн жетекчилерге айтып, ички иштер бөлүмүнөн киши ээрчитип барып пломбу салдырган да, аны каматкан да Толкунбек деп, анын ага-тууганы бул жигитке бирди көрсөтөбүз дешип, аңдып жүргөнүн эмне үчүн менден жашырды болду экен?! Же коркот дедиби?»

Жайнагүл эмне кыларын билбеди. Ийненин үстүндө олтургансып токтоно албай турду. Балдарын таштап издеп чыгайын дейт, ага болбойт. Толкунбекти издеймин деп кокус саат болуп өзүм кырсыкка чалдыгып каламбы деп коркот. Анан да, аны издегенде кайдан, кимдикинен издеймин деп ойлойт. Кокусунан эле башына мындай бир ой келе калды. Эргешбаевдин тукум-жураты көп деп укканын эстеди Жайнагүл. Аны Толкунбек өзү да айткан, «Камалдын канат-бутагы жайылган жигит» деп. Ошол жерге-жээктеринин бирөө болбосо, бирөө түн жамынып, артынан аңдып жүрүп, ким көрдү кылып өлтүрүп кетсечи?!. Ушундай жагымсыз ойлорду ойлогондо, бүткөн бою дүркүрөп, денеси муздай түшөт. Санаасы сандап, өзүнөн өзү коркуп, өзүнөн өзү элеңдеп жатып, балдарынын жанына кыйшайып көзү илинип кетти. Эшиктин звоногунун үстөккө-босток чырылдаганынан Жайнагүл чочуп ойгонду. Адегенде эмне болуп, кайда жатканын билбей эс болуп, уйкулуу көзү менен эки жагын элеңдей карап, эшик алдына жеткенде, телефондун үнү арт жагынан чырылдады. Ал, эшиктин звоногу эмес эле, телефондун үнү экенин эми гана ажыратып билди.

– Алло! Алло! Алло!.. Трубкадан кимдир бирөө бир демге тыңшап туруп, кайра илди. «Кээде эле чочугансып, ушинтип телефон аркылуу үнсүз сүйлөшкөн бирөө пайда болду. Кызык. Кимди издейт болду экен» – деди келин өзү менен өзү сүйлөшүп. Анан көңүлүнө мындай деген ой түштү: «Сыягы, ким болсо да Толкунбекти таппай калды го. Балким, ушул Зыйнат. Трубканы алып калар бекен үйүндө болсо деп ойлосо керек...»

Чын эле Зыйнат чалган болучу. Толкунбек экөөнүн көрүшпөгөнүнө бир топ болуп кеткен. Жайнагүл ойлогондой, «үйүндө болсо, өзү алып калабы» деген ниет менен чалып, аялынын үнүн угуп, трубканы кайра илген. Каалаган кишисин эстеп, көңүлү бөксө тартып турганда дарбазанын кнопкасын бирөө басты. Келин элее тыңшады. Таякеси Токтогул үйүнөн чыккандай болду. Зыйнат буларды аябай аячу. Байбичеси көп эле төрөгөн киши экен. Бирок бардыгын өзү берген «Кудай» өзү алып, бала төрөп, бала сүйбөгөн адамдарга окшоп, бир үйдө экөө жалгыз калган, армандуу кишилер болучу. Карыянын үнү угулду.

– Ким бар?

– Ачып коюңуз, таяке.

Жигит карыя менен саламдашып учурашты да, түз эле Зыйнаттын үйүн көздөй шыпылдай басты. Келин өнөрканасынан чыгып, Толкунбекти тосуп турган. Экөө эшик алдынан кезигишти. Сүйүнгөнүнөн Толкунбектин мойнуна асыла кетти.

– Азыр эле ойлоп турган болучумун. Үйүңө телефон чалсам Жайнагүл алды. Мен бир аз тыңшап туруп, унчукпай кайра илип койдум.

– Антип чалбай жүрчү Зыйнат. Суранам сенден. Убактым болгондо өзүм эле сени чалдырбай-эттирбей эле келип жүрбөйүмбү. Сен бүгүн менин эмнеге келгенимди билесиңби? – Келинди имере кучактаган калыбында залга кириштти. – Бая күндөн бери мына бул балекеттүү катты сага алып келип берүүгө убактым жок.

– Эмне кат?

Катарлаша диванга олтурушту.

– Муну баягы кайындарым келгенде, кайнeнеме бирөө алып барып берип кетиптир. Ал киши Жайнагүлгө көрсөтпөй, менин өз энеме ала барып тапшырыптыр. Энем атайы ушул кат үчүн келиптир. Айтпадым беле сага Жанат экөөнүн үйдө экенин.

Зыйнат катты окуй баштады. Улам арылаган сайын өңү бузулуп, колдору калтырап баратты.

– Мындай катты жазган киши Жайнагүлгө дагы жазат? Ушуну менен эле тынчып калбайт, көрөсүң го? – деди Толкунбек сабырсызданып. «Кыламыктан бут сынат, буламыктан тиш сынат» дегендей, анда эмне болот? Үйбүлөдөн ажырап, талаада каламбы. Бул жакшы иш болбой калды. Эмне кылыш керек, өзүң айтчы?

Зыйнаттын оозуна сөз кирбей, мууна түшүп, бир топко кагазды телмире тиктеп туруп, жигитке бурула карап минтти:

– Эмне кылыш керек? – деп менден сурайсың да.

– Анан кимден сурайм. Мындай жагымсыз каттын Жайнагүлгө жетишин каалабайм. Түшүнүп жатасыңбы мени? Ал бул сыяктуу капа-кайгыны көтөрө албайт.

– А менчи? Мен баарын көтөрөм ээ, өлүүнү да, тирүүнү да. Ушундайбы? Мен сага эч ким эмесминби? Сен өлсөң Жайнагүл эле күйүп, мен күйбөйт экемин да. Билсең, мен сени, Жайнагүлдөн эки эсе артык сүйбөсөм, кем сүйбөйм.

– Сүйүү, сүйүү. Тфу! – Жерге түкүрдү. – Ушул сүйүү деген сөзүңдү канча жолу айттым кыскарт деп. Сен эмне, сүйүү деген сөздү кошпой сүйлөй албайсыңбы. – Толкунбек ордунан түнөрүп турду: – Билип турам сенин сүйгөнүңдү бирок мен, сен сүйгөндөй сүйө албасамчы. Менде эки жан, эки жүрөк жок да. Билесиң да менин аялым, балдарым бар экенин. Айтчы, аларды мени эмне кыл дегени турасың? Же балдарыңды ташта, Жайнагүл менен ажыраш, мени ал дейсиңби?

Зыйнаттын өңү өлгөн кишиникиндей кубарып, жашы тегерене түштү.

– Ажыраш, мени ал деп жаткан ким бар. Жашай бер. Балдарым деп, балдарыңды качан болсо бетиңе кармай сүйлөйсүң. Андай баланы мен да тууганмын сенден. Чырды ырбатпа, Толкунбек.Эгер ырбата турган болсоң, ырбатыш оңой.

– Түшүнчү мага Зыйнатка! Эгерде чының менен сүйө турган болсоң мени тозокко салба. «Мойнунан байлаган ит, ууга жарабайт» дегендей, мен сенин жүрөгүңө түшүнүп, кадырыңа жете албагандан кийин, кереги эмне мындай опаасыз турмуштун. Бала туудум деп мага догуруна бербе. Минтип эртели-кеч кайым айтышып, бирибизди-бирибиз капа кылбай, бир жаңсыл болушубуз керек. Ал үчүн ортодогу жашыруун байланышты жакшылык менен үзүп, биротоло үзүл-кезил болгонубуз оң. Ошондо гана сен дагы, мен дагы тынч өмүр сүрө алабыз.

– Жок, жок, антип айтпа. – Толкунбектин оозун алаканы менен баса калды. – Мен сенден ажыраган күнү эле жинди болуп кетээримди билип турам. Макул, бардыгы сен айткандай болсун. Күндө болбосо да, жок дегенде жумасына бир жолу келип турчу.

– Жок, жумасына да келалбаймын.

– Анда эки жумада бир жолу.

– Жок, болбойт.

– Эмесе, айына бир жолу. Бул сенден биринчи да, акыркы да өтүнүчүм болсун. Макул деп койчу ушуга.

– Жок, Зыйнат, айына эмес, жылына бир жолу келалбаймын. Тажап бүттүм, бүтүрөлү бул ишти.

Келин Толкунбектин кош аягын кучактай жыгылып, өксүп жиберди. Өңгөчү үзүлгөнчө өкүрүп ыйлады. А жигит болсо эмне кылаарын билбей, селейип турду. Тээп жиберейин деп ойлоп астаапырылда кылды. Кийинки учурда өтө капа болгондо акыл-эсин жоготуп, талып кала турган ооруга чалдыгып калганын Толкунбек жакшы билүүчү. Жигит ушуну эстей коюп, жоошуй түшү. Ушуларды ойлоп Зыйнатты өйдө кылайын дегенче болбой, бутун кучактаган бойдон колдору тырышып, үнү буулду да калды. Жигит келиндин карышкан манжаларын өзүнөн чыгарды да, жерден көтөрүп, диванды көздөй алып басты. Ошентип, Толкунбек Зыйнаттын эс алышын күтүп, шашкалактап кете албай турду...

Ушул кезде күйөөсүнөн санаасы тынбай олтурган Жайнагүл ачык турган терезенин форточкасынан кимдир бирөө бирдеме түшүрүп жибергенин көрүп, ордунан учуп турду. Тобо, почтальон муну ящикке салбай, эмне үчүн терезеден таштап кетти деп таң кала түштү. Ал конвертти колуна алып, ары-бери айландырып карады. Сыртына «Жайнагүлдүн өзүнө» деп жазылыптыр. Алыстан келген кат эмес экенин дароо билди. Конверттин ичинен бир барак кагазды сууруп чыкты. Жазып окуй баштады. Адегенде Толкунбек бир балекеттүү кырсыкка учурап, өзүмө тике айта алышпай, катка жазып түшүрүп жиберди бекен деп, муундары калтырап кетти. Бирок анда жазылган кабар андай эместей көрүндү. «Жайнагүл, сизге бая күнкү катты жазган мен болучумун. Сыягы, анда жазган сөзүмө ишенген эмес окшойсуз. Менин билишимче күйөөңүз сизди теңсинбесе керек. Аялын теңсинбеген эркек, аялынан коркпойт эмеспи. Ишенбесеңиз, азыр ушул тапта сиздин эриңиз Зыйнат Эсенова деген сүрөтчү келиндикинде жатат. Келсеңиз үстүнөн чыгасыз. Балким, мен сизди аялдамадан акмалап, тосуп турам. Тез келиңиз» деген сыяктуу жагымсыз сөздөрдү окуп, Жайнагүлдүн эси оой түштү. Кызгануу менен аялдык ич тарлык биригип, көөдөнүндө куюндай сапырылып, оттой күйүп чыкты. Анын оюна «Толкунбек менин башымды дагы эле аттап жүргөн турбайбы» деген дүрбөлөң түштү. Муну менен окуянын чын-төгүнүнө жетип, көзүм көрүп, колум менен кармап туруп, анан биротоло ары-бери болоюн деп ойлоду. Адресин кайталап окуса, автобуска түшсө, Эсенованын үйү анчалык деле алыс эместей көрүндү. Бирок оюнда канчалык чамынганы менен, барсамбы, барбасамбы деп, эки анжы болуп, эмне кыларын билбей турду. Анан күйөөсүнүн күнөөсүн көзү менен көрмөйүнчө, ишенгиси келбей кетти. Кантип эле Толкунбек ушундай ишке барсын деп ойлоду. Кокустан чындап эле, тигил катта айтылгандай, Зыйнаттын үйүнөн Толкунбекти кармап аларын эстегенде тула бою титиреп,

жүрөгү опколжуп кетти. Мындай болгондо, күйөөсүнүн кемсинтүүсүнө чыдай албасын билди. «Уятсыздын арамдан туулган баласын жик билгизбей мага бактырганы да жетишет», – деп ойлоду. Жүгүрүп кошунасыныкына кирди. Бир жерде зарыл жумушу чыгып калганын айтып, Кермекаштын эки кызын ээрчитип чыкты. Аларды балдарынын жанына калтырып, өзү алиги белгисиз аял жазган тарапты көздөй бет алды. Айдын нуру менен көчөлөрдөгү электр жарыгы жуурулушуп, айлана сүттөй жарык. Келин жетээри менен көп күттүрбөй, өзү түшүүчү машина да келип токтоду. Жайнагүл алиги аял катка жазган аялдамага келгенде автобустан учуп түштү. Эки жагын элеңдей карап, кайсы тарапка басаарын жакшы аңдай албай токтоп калды. Эмнегедир, келин үй эмес эле, өлүмгө баратхансып, денеси сууга салган чыбыктай титирей баштады. Жаңы эле көчөнүн сол жагына бурула бергенде, арт жагынан: «Ай келин, ал жакка эмес, бул жакта, бери бас», – деген аялдын үнүн укту. Караса башын чапан менен чүмкөй жамынган адамдын карааны туура тушунан көрүндү.

– Сиз Мансуровдун аялысызбы?

– Ооба, кат жазган сизсизби? – деди үрөйү учкан келин.

– Ии, менмин. Жана атайын баламды чаптырдым эле лесепед менен. Эшиги бек экен, форточкасынан түшүрүп жибердим дегенинен, өз колуна бербептирсиң деп урушуп жаттым эле. Эр дегенди кармаш керек синдим. Эсенованын сизден эмне артыкчылыгы бар экен. Бар болгону сүрөт тартат. Ошол да кесиппи? Мен сизди билими жок, үй кызматындагы аял экен деп ойлоп жүрсөм, врач турбайсызбы. Мен кийин уктум. Ой өл-а-а, өз эрин таштап, сиздин эриңизге жармашып алганын кара. Мансуровдун сиз менен кайсы убакта болорун билбейм, күн дебей, түн дебей, ар дайым ар күнү ушул аялдын үйүндө. Жашыруун алышып, тийишип алышкан деп айтышат экен билгендер. Эриңиз бул катынды сүйөт имиш...

Аялдын сөзүн уккан сайын жүрөгү карышкыр көргөн байлоодогу кулундукундай түрсүлдөп, көзү караңгылаша баштады. Жайнагүл түз жолдон бети менен кетүүчүдөй бирде мүдүрүлүп, бирде өз бутуна өзү чалынып келатты. Ал Толкунбекти Зыйнаттын үйүнөн эмес, койнунда жатканын көргөн убакта да, аларга эмне деп айтаарын билген жок. Кандай максатты көздөп баратканын да ойлободу. Эмелеки үйүндө «биротоло ары-бери болом» деген ниети да эми эсине келбей калды.

– Мына, Зыйнат деген сүрөтчү катындын үйү. Сиздин эриңизди кетип калды бекен десем, Кудай жалгап ырас кете элек тура. Ушул жерден эле көрсөтүңүз көргүлүктү. Эртең арызданып обкомго барыңыз. Экөөнү тең сотко бериңиз, эмнесин аяйсыз. Көрдүңүзбү, ээн үй, ээсиз төшөк. Бул Эсенованын өзү сатып алган менчик короо-жайы. Жайкы ашканасына бир чал-кемпирди киргизип алыптыр. Ал эми өзү болсо бир үйдө, жанында жарты киши жок, жалгыз турат. Охо-о-о, Күнболот деген күндөй эле жигит болучу.

Аялдын бул айтып жаткан сөздөрүнүн Жайнагүлдүн кулагына бири кирсе, бири кирген жок. Эмне үчүндүр өзүнөн өзү коркуп, өз күйөөсүн бөтөн бирөөнүн үйүнөн, болгондо да ойношунун үйүнөн көрөрүн эстеген сайын, жүрөгү оозунан ыргып кетүүчүдөй болуп келатты. Ал эч кимди көрбөй да, барбай да ушул жерден эле кайра кетип калгысы келип, эки жагын элеңдей карап, эки бутунан жан кетип, Толкунбектин машинасынын жанына келгенде токтоп калды.

– Э-э-й, кызык экенсиз, эмне туруп калдыңыз, басыңыз бери, – деди тигил аял, келинди колдон шарт кармап.

Жайнагүл аялга ачуусу келип, колун тартып алды.

– Сиз эмнеге мынчалык мени алардын үстүнөн чыгарууга ашыгып жатасыз. Деги максатыңыз эмне?

– То-ба-а, кызык аял экенсиз. Эриңизди күнөөлөбөй, мени күнөөлөйүн деп турасызбы? – деди аял. – Эриңизге

теӊ боло албаган салбар болсоӊуз, анда өзүӊүз билиӊиз. Менин сизге боорум ооруганынан гана...

Жайнагүлдүн деми кыстыга түштү. Ага кандайдыр бир катуу сөз айтып, мизин кайтаргысы келгени менен айта алган жок. Сөз таппай какап калды. Анан, эмнеси болсо да болору болду деп ойлоду ичинен. Жайнагүл Толкунбектин машинасын көргөндө эле эсин жогото баштаган. Кулагы тунуп, каракушу тартышып, мээси кысылып баратты. Дарбазадан киргенде короонун ичиндеги лампочканын сүттөй жарыгы менен мизилдеген тазалык чала-була тартылып өттү.

– Зыйнат Эсенова бул жакта турат, – деп чапан чүмкөнгөн аял шыбырай сүйлөп, Жайнагүлгө ачык турган үйдүн эшигин колу менен жаӊсай берип, көз боочудан бетер, бир заматта ал жерден кайып болду.

Жайнагүл ачык турган коридорго кирип, үч эшиктин кайсынысына кирерин билбей токтоп калды. Ал оӊ тарабындагы жарык чыгып турган бөлмөнү ачты. Адегенде көзүнө үй толо адам бардай туюлуп кетти. Ошол замат бүткүл ой-максатын бирөө сыйкырлап алгансып, эмелеки ыза аралаш буулуп келген көӊүлү алаксый түштү. Анын көзүнө бул үй, үй эмес эле, сүрөт көргөзмөсү сыяктанып көрүндү. Босогодон ары да аттабай, бери да аттабай катты да калды. Төрдө чоӊ рамага салынып, тамда жөлөнүп турган өз сүрөтүн өзү көрүп, кирпиги ирмелбей, зымдай түзөлүп турду. Ооба, бет алдында Толкунбек экөө, эки баласын жетелеп, каалгый тартып жанаша басып келаткан бир бактылуу элес полотнодо ачык маанай менен жадырап турду. Бул бөлмөдө көргөн адамдын көз жоосун алып, жүрөк толкуткан эне менен баланын ар кандай образда тартылган эскиз абалдагы этюддары Жайнагүлдүн жан дүйнөсүн улам жакындатып, магниттей тартып баратты. Жайнагүл түркүн түрдүү портреттер, жаратылышы укмуштай кооз пейзаждар, качанкы көзү өтүп кеткен улуу адамдардын кыл калеминен жаралган эмгектери менен үндөшүп тур-

гансыды. Келин өзүнүн кайда турганын унутуп, башка жерде, башка дүйнөдө саякатта жүргөнсүп, буулуккан деми басылып күлүмсүрөп турду. Ал ушул саамда босогодон төргө кандай өтүп, сүрөттөрдүн арасында канча убакыт турганын да билген жок. Ал эмес өзүн тиктеп эстерин жоготуп турган Толкунбек менен Зыйнатты да байкабады.

Жайнагүл тээ бир оокумда гана кимдир бирөөлөрдүн шоокуму чыккан жакка жалт бурула карады. Анын эмелеки жадырап-жайнап турган бактылуу жүзү уламдан-улам сууп, уламдан-улам кирпиктери ирмелбей, көздөрү Толкунбекке зааркануу менен октой кадала түштү. А Толкунбек болсо, ичээр суусу, көрөөр күнү бүтүп, кудум өлүп бараткан адамдан бетер денеси тоңуп баратты. Анын көөдөнүндө удургуган бир армандуу күү «менин соодам бүттү» деген өкүнүчтүү абаз бороондой уюлгуду. Жайнагүлдүн кош карегы Толкунбектен өтүп, эми Зыйнатка келип токтоду. Анын бардык көргөнү эшиктин туткасын мыжый кармап, катырып койгон кеп кишиге окшоп, босогого сүйөнүп, өңалеттен кетип турган, баягы кошунасыныкынан көргөн жаш аял болду.

Бири-бирине айтышпаганы менен Толкунбек менен Зыйнаттын ойлогон ойлору такыр башка болучу. Алар Жайнагүлдү ушул жерден чатак чыгарып, уруш баштайт экен дешкен. Бирок андай болбоду. Жайнагүл не Толкунбекке, не Зыйнатка бир ооз да жаман сөз айтып, абийирлерине акарат келтирбеди. Ал тек гана үнсүз бурула берди. Эшиктен кандай чыгып кеткенин өзү да билбей калды. Автобус да күтпөдү. Түндүн кайсы убак болгонун да билбеди. Колунда саатын да кароо эсине келбеди. Мурункусундай коркууну да унутту. Тек гана ээн жолдо желдей учуп баратты. Ал балдарын да, үйүн да ойлободу. Бир гана ниетине келген иш Ак-Буранын алкынган суусу болду. Азыр ошол сууга жетип, өз боюн таштап, Толкунбектен өч алгысы келип баратты. Көпүрөнүн орто ченине келип элеңдеп токтой калган Жайнагүл дарыянын шоокумунан селт этти. Көздөрү

ала чакмак болуп, эки жагын карап иримдеп, кара кочкул тартып, караңгыда буулугуп күр-шар түшүп тереңде теминип жаткан кандуу сууну дени өлө тиктеп турду. Көпүрөдөн кандай аттап, кайсы жагынан учуп түшсөм экен деп ойлоду. Ушинтип жаны да, көрөр күнү да бир тутам болуп, жашоодон кечип, тирүүлүктөн өлүмдү артык көрүп турган келиндин кош эмчеги ошол саамда алмак-салмак зыркырап, алмак-салмак сайып алды. Асан менен Үсөн көз алдына тартылды. Балдары эсине түшкөндө келиндин тунарып турган көзү ачылып, эсине келе түштү. «Мен өзүм өлүп, Толкунбектин үстүнө Зыйнатка балдарымды кошуп береминби!?» – деген кыял көңүлүн чарпып өттү. Ушул ойдон улам, өлүмгө башын байлап турган Жайнагүл, дарыянын сүрдүү шоокумунан жалтана түштү. Ошол замат сууга өзү эмес эле артынан келип бирөө түртүп жиберүүчүдөн бетер кетенчиктей берди...

Күтүлбөгөн жерден ушундай окуя болду. Эми анын алда кандай болду деп коркоору да, күтөөрү да жок. Бардык жашоосу да, алдыдагы максаттары да, өмүрлүк жарга болгон ишеними да бүтүндөй түбөлүккө кыйрап, астым-үстүм түштү да калды. Бул Жайнагүл үчүн өлүмдөн катуу иш болду. Бардык күчүн көз жашына чыгарды. Ичиндеги кайгы-капасын кимге айтып, кимге бөлүшөөрүн да билбеди. «Баягы бирин-бири көрбөй калса кусага батып, көксөп туруучу жүрөктөр кайда?» – деп ойлоду. Сүйүүбүз кирдебейт дечү эмес белек. Көңүлүбүздү оорутпай, өмүрүбүздүн акыркы минутасына чейин таза жүрөк, таза махабат менен жашайбыз деп кубанган күндөр, Жайнагүл үчүн түш сыяктуу бардыгы жалган, бардыгы жасалма сыяктуу эле опасыз бир нерсе болду да калды. Адегенде Толкунбекти, кечирим сурап, артымдан келээр деп күткөн. Зыйнаттын үйүнөн мен чыкканда кошо чыгаар деп ойлогон. Бирок андай болбоду. Жайнагүл эринен ажыраганынан да, ага чандырганына күйдү.

Түн бою уйку бетин көрбөй, ыйлап чыкты. Жүрөгү от болуп күйүп, боору кайгыдан эзилип бараткандай сезилди. Электр жарыгын өчүрүп коюп, көөдөнүн муздак паласка төшөп, үстөмөнүнөн жатты. Эртең менен эки көзү эки муштумдай болуп, ак баржак болуп шишиген Жайнагүл Асан менен Үсөндү коляскага олтургузуп, эшик-дарбазаны бекитип көчөгө чыкты. Дарбазанын алдынан машинанын жаңы түшкөн изин көрүп, түндө артынан Толкунбектин келгенин билди. «Акмак, келээрин келип алып, кирүүгө даай албаган экен», – деп ойлоду.

Жайнагүл баамдагандай Толкунбек келген. Бирок «жүзүм бар аядым, жүрөгүм бар корком» дегендей, аялынын алдында кантип актануунун айласын таппай, тээ түндүн бир оокумуна чейин, үйүнө даап кире албай туруп, кайра тарткан.

«Чыгаша ээси баш» дегендей, анан Зыйнатка барып, баягы ичкиликти кадыр салып сураса ичпөөчү Толкунбек, күйүтүнө чыдабай өзү сурап ичип, жумушка да чыкпай, үйүнө да барбай Эсенованыкында жатты. Ал таңдын кандай атканын, кечтин кандай киргенин да билбеди. Каш карарып, тээ эл орунга олтурган кезде, темтеңдеп тышка чыкты. Анан машинасын от алдыра баштады. Зыйнат Толкунбекти көрүп, машинанын ачкычын талашып минтти:

– Ушул кебетең менен кайда барасың, ыя?

– Үйүмө барам. Коё бер, асылбай.

– Массың, эсиңе кел Толкунбек.

– Мени сен атайы мас кылдың да.

– Э айланайын, өзүң сурап ичпедиңби?

– Өзүмбү? Эх, канчык, шайтансың ээ. Мени ушул бойдон кетпей калып калса деп турасың го. Ж-о-о-к, жолдош Эсенова, эч качан андай болбойт. Мен Жайнага барып кечирим сурашым керек.

Толкунбектин «канчык» деген сөзү Зыйнатка октой тийди. Ал колундагы ачкычты жигитти көздөй ыргытып жиберди:

– Мен сени биротоло үй-бүлөңдөн ажыратыш үчүн кастык кылып, ачкычыңды талашып, бербей жаткан экенмин да. Жолдо кандай болот, мас неме деп жатса, сүйлөп турган сөзүн кара.

– Ой кайран жакшы киши, мени аяйт имиш...

Толкунбек машинаны түз айдай, жолдун так ортосу менен кыйшаңдата айдап, катуу келатты. Көчөнүн кесилишинде постто турган ГАИнин инспектору тигил машинанын шофёру мас экенин көрүп, дароо сигнал берди. Толкунбектин машинасы бир топ жерге сүрдүгүп барып, жолдун четине чыга ойт берип токтоду.

– Документиңизди бериңиз! – деди ачуусу келген лейтенант.

– Мени тааныйсыңбы?

– Бул жерде тааныштыктын кандай кереги бар жолдош Мансуров. Документиңизди бериңиз?

– Эмне үчүн документимди берет экенмин?

– Жол жүрүүнүн эрежесин бузуп баратасыз. Мас абалда рулда олтурууга тыюу салынарын билбейсизби? Кана, бериңиз документиңизди?

– Издегениңердин баары жамандык. Билем силерди.

– Кармабаңыз.

– Документим жанымда болбосо, эмнемди берейин. Азыр алып келип берем. – Толкунбек машинаны көздөй бурула берди. Лейтенант далыдан чапчый кармады.

– Кайда барасыз? Айдабайсыз машинаны.

– Коё бер. Жолума жолтоо болбо. Мурдуң кан жалап калат.

– Бекер кызуу кандуулук кылбаңыз. Мастыгыңыздан баатыр сүйлөп жатасыз. Эртең өкүнүп калып жүрбөңүз.

– Мен өкүнөмбү, же сен өкүнөсүңбү? ГАИнин карышкырына оңойлук менен талата койбосмун. Кана, күч сынашып көрөлү! – Толкунбек боюн токтотуп тура калып, тигил жигитти жакадан алды. – Акеңди таанытып коёюнбу?

– Лейтенантты муштайм деп, колун көтөрө бергенде тигил жигит аны кагып жиберди...

Толкунбек соолуктуруучу жайдан чыгаарда штраф төлөөгө акчасы жетпей карайлап калды. «Өлгөндүн үстүнө, көмгөн» деген ушул экен деп кайгыга батты. Анан «Үйүр алышкан жоо, атышарга жакшы» дегендей, ойлонуп турбастан Зыйнатка телефон чалды...

Жайнагүл Толкунбектин мындай кырсыкка учураганын билген жок. «Желип келген жеңе жок, басып келген балдыз жок» дегендей, бул чыны менен эле менден да, балдардан да кечкен экен деп ойлоду. Өзү эле сууп турган жүрөгү таш болуп катып, муз болуп тоңду.

Ошол экинчи сутканын кечинде жумуштан келип, чоң кайыш чемоданды бошотуп, Толкунбектин кийимдерин жыйыштырып, бир баштан иреттеп сала баштады. Аккан жашына ээ болбой, кийимге тып-тып таамп, бүткөн бою калч-калч этип, колдору титиреп жатып, чемодандын оозун тизелей басып бекитип, оозун кулптап, ачкычты кармагычына байлады. Андан кийин жанында үйүлүп турган кагаздары менен документтерин өзүнчө портфелге шыкай толтуруп, экөөнү тең эшик алдына алып барып жакындатып койду.

Балдарынын үстүнө кирген келин кичинекей табуреткага көчүк басып, экөөнү жалдырай тиктеп ой басып олтуруп калды.

Асан менен Үсөн бул кезде жандары тынбай, жыгылып-туруп басып калган кездери болучу. Экөө оюнчуктарын туш келди ыргытышып, бири үйдүн тигил бурчунда жүрсө, бири үйдүн бул бурчунда эмгектеп, ардеме-бирдемелерди кармаган болуп, бири-бири менен сүйлөшүп, бирин-бири чакырган болушат. Тыштан дабыш чыкса, элее калышып, кимдир бирөөнү күткөнсүп, кыймылдарын токтото калышат. Чын эле кимдир бирөөнүн келатканы угулду. Ушуну эле күтүп турушкансып, экөө бирдей алы-жаны калбай эмгектеп жөнөштү. Алар босогого жете бергенде

каалга шарт ачылып, кошуна аял көрүндү. А балдар болсо аны мостоё тиктеп алышып, кайра бурулуп артка жөнөштү. Жайнагүл балдарынын атасын күтүп жатканын түшүнүп, өпкөсү көөп турду. Келин кошунасынын эмне жумуштап келгенин да сураган жок. А, аял мукактана түшүп мындай деди:

– Э, Жакин, мен бир сөз уктум да, балам. Ошонун чынтөгүнүн суроодон оозум батпай турат, кагылайын. Толкунбекти аялы үйүнөн кууп жибериптир. Аны көңүлдөшүнүн үйүнөн кармап алган дешет го. Аны жасаган жанагы Зыйнат деген келин дейби. Баса, андан дагы Толкунбектин «соолуктуруучу жайга» түшүп чыкканын, сүткө барып Камалдын аялынан уктум дүкөндөн. Чогулган элдин ортосунда Толкунбекти жамажайынан шилекейи акканча жамандады.

«Соолуктуруучу жайды» угуп, келиндин көздөрү алая түштү.

– Качан түшүптүр?

– Качан түшкөнүн билбейм, тигил катындын айтымында, мас болуп алып милициялар менен мушташкан имиш го.

– Толкунбектин андай адаты жок эле. Кандайча мас болуп мушташты экен. Өлөөрүнө көрүнсө керек.

– Айткан жерде балаа жок дейт. Деги жанагы аялы үйүнөн кууп жибериптир деген сөз жалган болсо эле болду. Үч уктаса түшкө кирбеген окуя. «Мансуров бала-чакасын, аялын таштап, Эсенованын үйүнө кирип берди» деген сөздү угуп оозум ачылып калды. «Капырай, кечээ эле ойноп-күлүп үйүндө жүрбөдү беле. Колуктусу экөө аябай ынтымактуу жашашчу эле, кандай болуп кетти деп, ишенген жокмун, тигил аялдын сөзүнө. «Маңдай-тескей кошуна олтуруп, мен укпаган сөздү сен кайдан уга койдуң», – десем, «билемин», – дейт.

Келин эч кимге, жакынга да, ыраакка да бул жөнүндө ооз ача элек болучу. Тез эле элге жайылып кеткенине таң

калып турду. «Жамандык жерге жатпайт» деген ушул экен деп, кабагы түшкөн калыбында, аялга карады.

– Чын эжеке, ойдо жок жерден ушундай шумдук болуп кетти.

– Үч бала бар. Толкунбек кайда кетет эле, сен кайда кетет элең. Жаш кезде мындай таарынычтар да, ажырашуулар да, кайра табышуулар да көп болот эмеспи. «Адашкандын айыбы жок, кайрылып үйрүн тапкан соң» дегендей, эртең эле бардыгы кайра ордуна келет. Кой капа болбо, кагылайын...

Кермекаш чыгып кетти. Жайнагүл ойго баткан бойдон кала берди. Кермекаш да барып турган ушакчы деп уккан. Ошондон кийин бул аялдан чочулап, «Коркпогондон өзүң корк, уялбагандан өзүң уял» дегендей, көбүнчө коркконунан эжекелечү Жайнагүл. Кат жазып, өзүн чакырып, «Зыйнаттыкына баштап барып Толкунбектин түбүнө жеткен Эргешбаевдин аялы экенин Жайнагүл эми түшүндү. «Бузуку кара таш жарат» деген ушул экен да» – деди, күйүп-бышып ичинен. Бирок чыныгы күнөөнүн башаты Эргешбаевдин аялы эмес, өз күйөөсү экенин келин мойнуна алып турду. «Аттанганда эле көчүгүң кыйшык болучу» дегендей, Үсөндүн эшик алдына ташталышынан баштап, Зыйнатка чейинки окуяларды эстеп Толкунбектин күнөөсүнүн найза бойлогус экенин ойлоп олтурду.

Кошуна аял тээ бир топтон кийин, Жайнагүлгө кайра кирди.

– Э, Жакин, азыр Зыйнат келиптир биздикине. Болгон окуяны баштан аяк өзү айтты. Кудай урган келин Толкунбекти мурунтан тээ бала кезинен эле сүйүп калган неме тура. Айтымына караганда үйүн бузуп, эр кылып алайын деген оюнда жок экен. Күчү жетсе күйөөсүнүн күнөөсүн бир сапар кечирсин. Бардыгына мен күнөөлүүмүн. Жайнагүл биздикине барган кечте, Толкунбектин «экинчи келбейм» деген сөзүн угуп, ыйлап, капа болуп жатып, талмам кармап жатып калыптырмын. Мен жаңы эле эс алып, баш

көтөргөн кезде, кырсык басып Жайнагүл келип калды. Ишенсе, күйөөсүнүн бардык болгон күнөөсү ошол. Үй-бүлөсүнүн күйүтүнө чыдабай, ичип алып, соолуктуруучу жайга да түшүп чыкты. Мурда мен билген эмес экенмин, аябай санаачыл неме экен. Алда кандай кырсык болот деп коркуп, кечирим сурап келиптир. Бир сапаркы күнөөсүн кечирип кой эми.

Жайнагүл аялды мостоё карады.

– Соолуктуруучу жайга түшкөнү чын экен да. Толкунбектин ордуна кечирим сурап Зыйнат келиптир деңизчи, «Жок эже, болбой калды. Мен Толкунбекти эң ыйык, мөлтүр махабаты менен сүйөт экен деп ишенип жүрүптүрмүн. Бирок мен ойлогондой эмес болуп чыкты. Кулагым менен уксам да ушакпы деп ишенбейт элем. Мен өз көзүм менен көрбөдүмбү. Бети курусун, бул эркектердин сүйүүсү сүйүү эмес эле, ооздорунун жели болучу, жалган неме окшобойбу. Күнөөлүүбү, күнөөсүзбү, сүйөбү, сүйбөйбү, мен Зыйнатка эч кандай доомат коё албаймын. Өз күйөөмө кадырым өтүп, алым жетпегенден кийин ага эмне демекмин. Бир айтаарым, Толкунбекти күтүп алсын. Мени кайра кабыл алат деп ойлобой эле койсун. Кийимдери менен документтерин даярдап чемоданга салып койдум. Азыр ооруканадан машина келет. Ошондон берип жиберем».

Кошунасы ары айтты, бери айтты, бирок Жайнагүл айтканынан кайтпады. Зыйнат ушул кезде Жайнагүлдүн жообун угуу үчүн, Кермекашты чыдамсыздык менен күтүп, ошолордун үйүндө олтурган болучу...

* * *

Толкунбек үчүн Жайнагүл менен ажырашуу аябагандай оор жоготуу болду. Үй эмес шаарга батпай, өзүнөн өзү эле аштан чыккан томпойдой болуп, элден оолактай баштады. Тез эле өңүнөн азып, суу ичкендей арыктап кетти.

Балдары менен Жайнагүлдү эстегенде, кулак уккус, көз көргүс жакка дарексиз тентип кеткиси келет. Кандай үйү күйгөн акмак, Жайнагүлдү Зыйнаттыкына ээрчитип келип, үстүнөн чыгарганын билбей санаага батты. Ал кимдир бирөөнүн, мурда эле Зыйнат экөө жөнүндө кат жазып, кайненесине алып барып берип кеткенин ойлоп, мунун баарын былгытып жүргөн, бир гана киши болуш керек деп, эрдин кесе тиштейт. Душмандын душмандык кылып, кара ниеттик менен жазган катын өз көзү менен көрүп, өз оозу менен окуп олтуруп, алган катынынан бетер Зыйнаттыкына кайра-кайра бара бергенине өкүнүп, айласын таппай турду. «Кайненем байкуш ушундай болоорубузду билип, энемди жиберген экен да. Бирок, мен алардын айткандарын аткарбай ит болдум», – деп уят менен намыстан ичине бычак салалбай, санаадан саргайып жатты. Анысы аз келгенсип, соолуктуруучу жайга түшкөнү бир жактан бетине жабылган көө болду.

Ал эми Зыйнат болсо, Толкунбекти канчалык сүйгөнү менен, анын күтүлбөгөн жерден күйөө болуп калышын ойлогон сайын, бул бурулушка сүйүнөөрүн, же күйүнөөрүн билбей, эки оттун ортосунда калды. Баягы кеч күүгүмдө, Кермекаш Жайнагүлдүн айткан сөзүн төкпөй-чачпай Зыйнатка жеткирип келген болучу. Ошондон кийин гана Толкунбекти Жайнагүл экинчи кабыл албасына көзү жетип ишенип калган. Анын үстүнө ошол эле күнү түн ичинде жигиттин кийим-кечесин бүт бойдон жеткиртип салды. Ушул окуядан баштап «Эми, кандай гана болбосун, Толкунбекти колго алыш керек» деген максат менен Зыйнат жашай баштаган. Ал болсо, жигитти өз боюна тартуу, аны менен түбөлүк жашап калуунун амалы болучу.

Ушул мезгилде Эргешбаевдин иши сотто каралып, тиешелүү жаза берилип, үй ичин конфискациялоого өкүм чыгарылган акыркы күндөрдүн бири. Толкунбек ошол иштер боюнча сотто жүрүп, жаңы бошогон. Басса-турса Камалдын айткан сөзүн эстеп, жүрөгү зырп дей түшөт. Күбө ка-

тары соттун суроосуна жооп берип жаткан Толкунбектин сөзүн, күнөөлүүлөрдүн скамейкасында олтурган Эргешбаев бузду. «Сволоч, баарын былгыткан сенсиң. Тузум урсун. Сенин күнөөңдү да партия менен өкмөт таразалаар. Үч баласы менен жазыгы жок аялыңды таштап, Эсенованын үстүнө кирип бердиң. Анан дагы соолуктуруучу жайга түштүң. Бул сен үчүн күнөө эмес бекен? Эй, журт, мына муну таанып алгыла. Мансуров деген бетбак ушул». – Эстеген сайын Толкунбектин эки бети дуулдап, каны дүргүй түшөт. «Деги мага убал жок. Камал туура айтат», – деп өзүн өзү күнөөлөп, өзүн өзү сөгө берет ичинен.

Толкунбек баягы жүз сексен квартиралуу үйдү пайдаланууга берүү салтанатына барууга камынып жатты. Ал үй эң жогорку сапат менен салынгандыгын айтышып, кабыл алууга келген комиссия мүчөлөрү мактап кетишкен. Бүгүн лента кесилип, жаңы үйгө кирүүчүлөргө өз квартираларынын ачкычы тапшырылат. Бул салтанатка катышууга Толкунбекти баш кылып, ушул жерде иштеген алтын колдуу крулушчуларды кошо чакырышкан. Убакыт болуп калганын начальникке айтып, ал кишинин барар-барбасын биле чыгайын деп, жигит өз кабинетинин эшигин жапты да, түз эле бет маңдайында турган кабинетке кирип барды.

Башкы инженердин көзүнө, үстөлдүн үстүндө жаткан кагазга түшкөн кол кандайдыр тааныштай учурап, ошого көңүлү алагды боло түштү. Баягыда өз энеси атайы көлдөн алып келген тоголок каттагы кол да так эле ушундай болучу. Ал эмес сыясы да, кагазы да бир жерден чыккандай окшош эле. Толкунбек бир демге тиктеп туруп кагазды өзүн көздөй жылдырып минтти:

– Бул арызбы?

– Эргешбаевдин аялы жазып келиптир...

Толкунбектин денеси дүркүрөй түштү. Арыз эмне жөнүндө жазылганын сурагысы да, аны уккусу да келген жок. «М-м, ушулардын колунан келген иш турбайбы», – Толкунбек ойлоно түштү. – «Атти-и-ң, – деди ичинен, –

ошол балакеттүү катты энем мага берген күндөн баштап эле, алды-артымды ойлосом болмок экен. Каап, «төө кыядан өтүп кетти».

Начальник ой басып туна түшкөн Толкунбекти карап минтти:

– Сиз тигил пайдаланууга берилип жаткан курулуштун салтанатына барасызбы?

– Ооба, барамын. Мен сизге ошону айтайын деп киргенмин. Сиз катышпайсызбы?

– Обком партияга чакырып жатышат, тигил парткомдун секретары экөөбүздү. Болбосо жан-дилим менен барат элем. Берки курулушчуларды алып сиз өзүңүз барсаңар болот да.

Толкунбек начальниктин үстүнөн чыкканда, секретарь ага: «Сиздин аялыңыз телефон чалсын», – деп сурады Толкунбек Мансурович. Зарыл жумушу бар окшойт, эки-үч жолу сурап жиберди», – деп ордунан туруп, жаңы келген газета, журналдарды начальниктин кабинетине алып кирип кетти.

Толкунбек өз кабинетин ачып кайра кирди. Трубканы колуна алып, номерди шашып тере баштады. Бирок эч кимден жооп болбой, трубканын «дүүт-түүт» деген добушун тыңшап тура берди. Ошол убакта секретарь кыз эшикти ачып: «Сизди аялыңыз сурап жатат», – деди. Жигит өзү кармап турган трубканы чолуй бир карап алып, ордуна кайра койду. Ошол замат өзүнүн туура эмес чалып жатканын түшүнө коюп, жүрөгү бир серпилип алды. Ооба, ал өзүнүн мурунку үйүнө чалып жаткан болучу. Жигит экинчи аппараттын трубкасын көтөрдү:

– Толкунбек, сенсиңби? – деди Зыйнат шаңк этип.

– Ооба, менмин. Эмне болуп кетти?

– Сен жаңы бүткөн үйүңөрдүн салтанатына бармак эмес белең. Ошону билейин деп телефон чалып жатам...

Пайдаланууга берилип жаткан жүз сексен квартиралуу бул үйдүн курулушунун башка үйлөрдөн айырмаланган ар-

тыкчылыктары, мөөнөтүнөн мурда сапаттуу бүткөрүлгөндүгү эске алынып, Кыргыз ССРинин мамлекеттик курулуш башкармасынын Ардак грамотасы тапшырылды. Мындай сыймык, мындай даңк, Толкунбекти анчалык деле кубандыра койгон жок. Анын жүрөгүн өйүп турган жаман иш али алдыда болучу. Анткени үч баласы менен аялын таштап, Эсенованын үйүнө кирип алгандыгы жана мас болуп соолуктуруучу жайга түшкөн кылмыш иштери партбюродо каралмак болуп жаткан.

Жаңы үйгө кирген адамдардын кубанычы, менин кубанычым, – деп эсептеп, жарпы жазылып туруучу баягы Толкунбекке, бүгүн баары бир болуп, жанын коёрго жер таппай турган учур. Ушундай мезгилде жароокер мүнөзү, жакшы сөзү менен алаксытып турган эң жакын адамдарынын бири жалгыз Зыйнат болду. Толкунбектин карындагы кайгысын, жумурдагы дартын түшүнгөн аялынан башка жан киши болбоду.

Зыйнат Толкунбектин өзгөрүп кеткен мүнөзүнөн, ооруп жүргөн жүрөгүнөн коркуп, өз сүйүүсүн өзү соттоп, өз кыялына өзү наалат айтып жүрдү. Сан жигиттин ичинен жалгыз Толкунбекти жактырып, Толкунбекти сүйүп калган жүрөгүнө капа. Анын Толкунбек менен ай эмес, апта болсо да бирге жашап, бирге турсам көңүлүмдүн мизи кайтып, жүрөгүмдүн оту өчөөр беле деп ойлогон ою жокко чыкты. Ал Толкунбекти көрүүдөн, Толкунбек менен бирге жашоодон өзөгүнүн отун өчүрө албады. Анын толбой турган дүнүйөсү, жетпей турган максаты бала болду. Баягыдай эле, Асан менен Үсөндү өзүнөн алыстата албады. Аларды көргүсү, эркелеткиси келет. Мурда кошунасыныкына барып, алардын кыздарын жиберип, ойнотобуз дедирип, алдырып келип көрүп, көксөсү сууп, кумарын жазып, өөпжыттап кетүүчү Зыйнат, эми ал жакка мурункудай шамшаркыт каттай албай калды. Анткени кокустан Жайнагүлгө көрүнүп калып, ачынып турган адам менен жаман-жакшы айтышып каламбы деп коркту.

Эмнеси болсо да булар жөнүндөгү уу тилдүү ушактар, шаар ичинде биринин үстүнө бири кошулуп, топондой сапырылып жатты. Ал эми Толкунбектин моралдык жактан советтик адамдардын мүнөзүнө туура келбеген адепсиз иштери, СМУнун партиялык бюросунда каралмак болуп, жыйналыштын кайсы күнү өтөөрү жазылып, ар кайсы объектилерде иштеп жаткан коммунисттерге эскертилип кулактандыруулар чапталды. А Толкунбек болсо, бул күндүн тез эле келип, өзүнүн ишинин батыраак эле бир жаңсыл болушун, чыдамсыздык менен күтүп калды.

Бирок эмне үчүндүр Жайнагүл үйүнө барган СМУнун коммунисттери менен партбюронун секретарына күйөөсүн күнөөлөп эчтеке айтпай, арыз да жазып бербей коюптур. Бар болгону «Толкунбекте күнөө жок, аны менен мен өзүм жашагым келбеди» деген мааниде, беш-алты ооз сөз менен кыска гана тил кат жазып бериптир. Ал эми Зыйнат болсо, болгонун болгондой, өзү мурдатан эле Мансуровду сүйөөрүн, кийин экөөнүн ортосунда ойдо жок жерден, капысынан байланыш пайда болгонун, ал байланыш акыры, ушундай окуя менен аяктаганын жашырбай ачык жазып бериптир...

«Жамандык жерге жатпайт» дегендей, жакшылыкка караганда жамандык бат тарап, бат угулуучу неме тура. Толкунбектин чуусу чубалып, Жайнагүлдү балдары менен таштап, башка аялга кетип калганы Мансур менен Кынага октой учуп жетти. Абышка-кемпир бир эле күндө ментинен тайып, кайгыдан картая түшүштү. Акыры баягы балекеттүү кат тоголонуп жүрүп, экөөнүн түбүнө жеткен экен деп Кынанын ичинен кан өтүп турду. Алар баарынан да куда-сөөгүнө эмне деп айтаарын билишпей, заманалары куурулду. Жайнагүл менен неберелеринен ажыроону эстегенде ата-эненин күнү түн болуп турду. Бирде уулун каргаса, бирде Толкунбекти жолдон чыгарып бузган Зыйнатты адам баласы билген канча жамандык, кандай каргыш болсо, ошонун баарын багыштап, экөөнү каргап жатты.

Күн кыскарып, боз кыроо түшүп, ысыктын илеби эчак кайтып калган кеч күз. Бала менен тамтаңдабай эрте жетейин деп Кына биринчи рейс менен учуп кетти. Самолёттон түшүп, такси жалдап кызы экөө келсе, Жайнагүл жалгыз экен. Кайненесин көрүп кучактап жыгылды. Бир айдан бери эч кимге чечилип сырын айтпай, ичмекейи ичинде болуп, арманы артып, бук болуп жүргөн Жайнагүл ботодой боздоп коё берди.

– Талаада калдым, эне. Талаага таштап кетти уулуңуз.

– Сени сыздатып талаага таштаган неме, өзү калсын талаада. Ой, шордуу башым ай, элдин ушагыбы деп ишене бербей келбедим беле. Жакшылык бетин көрбөй калгыр ай, бир башың эки болбой калган шерменде ай, ушинтип карт сөөгүмдү какшатмак экен ээ. Мен бул жерден жөн кетпейм, балам. Жанагы Толкунбек деген томуран калган катынпоздун колуна барып, өлүп берип бир жаңсыл болоюн. Райком, обком дегендер болчу эмес беле. Ага барган жоксуңбу, э кокуй.

Кына өзүнө өзү ээ боло албай боздоп жатты. Өпкөсү көөдөнүнө батпай көөп, деми кыстыкты. Бир кезде мурдунан кан түтөктөп атып кетти. Эненин эси ооп, шалдырай баштады. Жайнагүл эмне кылаарын билбей алдастап калды. Ошол замат «Тез жардамга» телефон чалып, врач чакырды. Өзү ыйлап да, сүйлөп да жатты.

– Кагылайын энеке ай, эмне шумдук болуп кетти, кокуй. Ай эне, эне дейм, көзүңдү аччы. – Башына жаздыкты жапыз жаздап чалкасынан жаткызды. Суу жоолукту муздак сууга нымдап чекесине койду. Бети-башынын канын сүртүп, аккан канга марли коюп, келин жан алакетке түшүп жатты.

Энесинин мурда минтип кызыл-ала болуп жатканын көрбөгөн Жанат энекелеп, жер тепкилеп, кулундай чаңырып, кой дегенге болбой ыйлап жатты. Бир жагынан кызынын үнүнөн калтаарыган Жайнагүл Кынанын тамыры-

нын согушун санаймын деп, кайра-кайра жаңылып, так санай албай койду.

Врач келгенде көз жашын көлдөй төгүп, жалооруй карады.

– Кагылайын доктор, канынын басымын өлчөп көрүңүзчү, мурда. Жигит башын чайкады.

– Өтө жогору экен. Азыр укол берейин. Эртең өзүңөрдүн участкалык врачты чакырыңыз. Бир эсептен мурду канаганы жакшы болуптур. Бир аздан кийин жакшы болуп калыш керек. – Врач карынын жүрөгүн тыңшап көрүп, келинге карады: – Бул кишинин жүрөгү да ооруйбу?

– Ооба, жүрөгү да ооруйт, каны да ашык.

– Сиздин эмнеңиз болот?

Жайнагүл көз жашын сүртүп жооп берди.

– Кайненем.

Врач таңдана түштү.

– Мансуровдун энеси экен да.

– Таң кала турган эч нерсе жок доктор. Эне деген эне да.

Кынанын баш жагында көздөрүн жайнатып, өпкө кагып тикесинен турган Жанат врачка минтти:

– Абаке, энемдин мурду канабайбы эми?

– Канабайт. Азыр бир аздан кийин энең айыгып калат.
– Сиздин кызбы Жайнагүл Казиевна, – деди врач келинге карап.

– И, энесинин кызы.

– Аа, байбиченин кызы тура, ананайын. Болуптур анда, мен кетейин. Өзүңүз деле врачсыз, билесиз да эмне кылышты. Же ооруканага жазайынбы. Бир аз күнү жатып дарыланып чыкса жаман болбос эле.

– Жок, жок, үйдөн эле дарылаймын өзүм. Коркуп кетип эле телефонго чуркаптырмын...

Кынага капа болууга жарабасын Жайнагүл жакшы билүүчү. Келини ошон үчүн бул жакта эмне болуп жатканын билдиргиси келген эмес. Кимден, качан, кайдан укканын да сурай албады.

Эртеси өздөрүнүн участкалык врачы келип, көрүп ал дагы ооруканага жатып дарылануунну сунуш кылды. Бирок Кынанын өзү да, Жайнагүл да макул болбой койду. Керектүү дарыларга рецепт жаздырып алды. Анан врач кеткенден кийин, эненин башына башка жоолук салып, жакшылап байлап, бетинен өөп кызы менен сүйлөшүп минтти:

– Толкунбекке ата-эненин кереги жок болсо, бизге керек. Биз энебиздин ден соолугу үчүн күчүбүздүн жетишинче аракет кылабыз ээ, ушундайбы Жанатка.

Ушул кезде Толкунбек көчөдөн өтүп баратып, эшиктин алдында «Тез жардам» машинасы турганын көрүп үрөйү уча түштү. Ал энесинин келгенин билбей эле, Жайнагүл ооруп калган экен деп коркту. Жумуш күнү аяктаган ченде Асан менен Үсөн тарбыяланып жаткан бакчадан обочороок келип машинасын токтотуп коюп, алыстан акмалап турду. Бир кезде үстүнө күзгү күрөң пальтосун кийип, башына бир байлам ак тыбыт жоолук салынып, бутуна бийик така кара туфлисин кийген Жайнагүл шыпылдай басып бакчанын короосуна кирип кетти да кайра арадан көп убакыт өтпөй эле баласын адатынча бир коляскага бет маңдайлаштыра олтургузуп алып, үйүн көздөй бурулду. Толкунбек ичинен оор дем алып: «Кудая шүгүр, бардыгы аманэсен, дендери таза экен», – деп көңүлү тына түштү. Ошол күнү Толкунбек балдарын терезе парданын жылчыгынан болсо да бир көрүп кетейин деп, эл орунга олтурган кезде машинасын көчөнүн бурчуна токтотуп коюп, ууруларча жалтаңдай басып, залдын терезесинин түбүнө келип токтоду. Терезеден кенедей жылчык калтырбай,пардасын текши тартып салганын көрүп, эмне кылаарын билбей кашекке сүйөнүп, үндү тыңшап тура калды. Үйдүн ичинен кобураган үндөр чыгат. Балдардын чарылдап бири-биринен бирдеме талашкансыган үндөрү угулат. «Эне, Асан менен Үсөнгө сагыз берейинби?» деген кыздын үнүн угуп, жүрөгү булкуп алды. «Энем менен Жанат келген турбай-

бы. «Тез жардам» энеме келген экен да. Жайнагүл экөөбүздү угуп, жүрөгү жаман неме ооруп калса керек» деген ой жүрөгүн устарадай тилип турду. Ушул кезде анын алдына Аккыз эженин өлүмү тартыла түштү. «Эмилдин саатынан ажалдан мурда өлүп кетти эле», – деп ойлоду. Азыр Аккыз эмес, өз уулунун саатынан күйүткө чыдабай энеси Кына да өлүп калуучудай болгон суук санаага батып кетти. Толкунбек бул жерде канча убакытка чейин турганын да билген жок. Тээ бир оокумда гана сенделе басып машинасын көздөй келе жатты.

Жайнагүл күйөөсүнүн минтип ар дайым түн жамынып келип акмалап, Жайнагүлдөн алыстап кете албай айланчыктап жүргөнүн билген жок. Толкунбек мурункудай болбой жашык да болуп кетти. Ал балдары менен аялын көргөн сайын ыйлап келип, ыйлап кетет. Тим эле ата-энеси өлүп, караансыз жетим калган балага окшоп баратты.

Бул арада Жайнагүл мурункуга караганда бир аз чыйралып, кайраттанайын деп калды. Ал кайненесинен болгон окуяны жашырбай, болгонун болгондой, көргөнүн көргөндөй айтып берди. Келининин сөзүн угуп олтуруп Кына, күнөөнү баласы эмес эле, өзү кошо жасагансып, ага кошумча адамдан бетер, айыптуудай муңайым. Ал келининин текшерип келген адамдарга кандай түшүнүк жазып бергенин укканда серпиле түштү.

– Э Кудай, ал акмактын эмнесин аядың. Тигил шуркуя жөнүндө да эчтеке жазган эмес турбайсыңбы. Жанагы сени чакырган райкомго (райком дегени партиянын шаардык комитети) айтыш керек болучу. Чолпондой болгон күйөөңдү тарттырып жибергенге ичиң күйгөн эмес экен да.

Жайнагүл жашын сүрттү.

– Менин Толкунбектен бир эмес, бир нече жолу көңүлүмдүн сууганын сизди түшүнөт го дечү элем. Көрсө, али түшүнө элек турбайсызбы. Биринчиси, баягы биз адеп ушул жерге келип мейманканага түшкөндөгү окуя, а экинчиси болсо Үсөндүн Толкунбекке окшоп калышы, ал эми

үчүнчүсү болсо бая күнкү Зыйнаттын үйүнөн үстүнөн чыкканым. Буга чейин кечирдим го бардыгын. Эшигибиздин алдына таштап кеткен баланы адегенде кимдики экендигин эч кимибиз билген жокпуз. Сиз, атам үчөөбүз болуп орой көзүбүз чарай туруп эле кеңешип, эгиз төрөлдү болуп... кан бастыга жин басты болду да калды. Биз бул жөнүндө кимге айттык? Эч кимге оозубуздан чыкпады. Бирөөнүн арамдан туулган баласынын эмне кереги бар деп жерийби деген ой менен Толкунбекке да айтпадык. Ага айтылбагандан кийин, өзүмдүн карачечекей бир туугандарыма да чындыкты айтпай, жашырып койдук. Билгенден энем билди. Бара-бара Асан менен Үсөн бир атанын канынан чызылып чыккан кадимки эгиздердей окшош болуп чыга келди. Кимге окшоду, Толкунбекке окшоду. Ушул иш маган жеңил болдубу эне. Жеңил болгон жок. Ичимден жеген курттай болуп, санаа менен канча түндү уйкусуз өткөрүп жүрдүм. Мен эчен-эчен бул жашыруун ишти ачыкка чыгарып, эчен-эчен Толкунбек менен ары, же бери болоюн дедим. Бирок анте албадым. Атам менен сизди кыйбадым. Сиздин ден соолугуңузду бузуп, өлгөндүн үстүнө көмгөн кылбайын дедим. Сиз ушул күнгө чейин Толкунбек экөөбүздүн өмүрүбүздү бири-бирине бириктирип турган алтын түркүгүбүз болдуңуз. Бардыгына чыдадым, бардыгын көтөрдүм. Көрсө, чыдамдын да чыдабай турган акыры болот турбайбы. Ошентип, күндөй болгон күйөөмдү Зыйнатка кыйып койдум. Мейли жашай беришсин экөө. Мен да куру кол эмесмин. Сиз барсыз, атам бар, балдарым бар. Бир туугандарым, энем, эже-сиңдилерим турат. Азыр мен Үсөндү таштанды бала деп айтмак турсун, андай ойду оюма да алгым келбей калды. Аны күндөн күнгө жакшы көрүп, Асандан мурда сагынып туруучу болуп баратам. Байкушум, бая күнү экөө эки тиземде олтурушкан эле ойноп, Толкунбектин акмактыгын ойлоп, көзүмдүн жашы бир убакта төгүлүп кетти. Бир кезде Үсөн мыйтыйган кичинекей колдору менен көзүмдүн жашын аарчымыш болуп

коюп, анан кулуюп, башын көөдөнүмө такап, эки эмчегимдин ортосунан мурдун албай жыттагансып туруп, улутунуп коёт. «Ой көйнөгүңдү уй жегир, эмнеге мынчалык улутундуң, эмнени түшүндүң?» – деп сай сөөгүм сыздай түштү. А Асан болсо антпейт. Маңыроо. Үсөн болсо өтө сезимтал бала. Кээде: «Ма-ма, ай-ай, мама ай-ай», – деп бир эркелеп, бетин бетиме такап кетет дейсиз, тим эле укмуш. Минтип тилдери чыгып, буттары басайын деп там-туң шилтегенге жарап калышты. Жазга чейин тыңып алышса, эптеп «мал» болуп кетишээр.

– Э балам ай, дендери сак, кырсыктан тышкары болсо, «мал» болбогондо кайда барар дейсиң. Деги өзүңдүн ден соолугуң болуп, киши көзүн карабай, чүрпөлөрүңдү багып алсаң болду. Толкунбектин эми багары да бир катын, карары да бир катын болгон тура. Өкмөткө айтып балдарыңа акча кестирип ал андан.

– Жок, эне, арыз да бербейм, акча да албайм. Толкунбексиз эле балдарымды гүлдөй багып алам. Арыз берсе өзү берсин, мен эч кайда барбайм да, арыз да бербейм. Ал жанагы Зыйнат деген аял Толкунбекке бактыруучу аялдардан эмес. Айда алтын, күндө күмүш табат. Чындыгында таланттуу аял экен. Мен мурда сүрөтчү десе, кандай сүрөтчү болду экен деп ойлоочумун... Көрсө...

Эртеси Кынага тамак-ашын берип, уколун куюп, эки баласын бакчага жеткирип коюп, Жайнагүл жумушуна кетти. Байбиче келини кеткенден кийин эмне кылаарын билбей, заманасы куурулуп, санаасы санга бөлүнүп олтурду. Райкомго барып, өз баласы менен жанагы Эсендин кызы экөөнүн үстүнөн арыз берип, түрмөгө каматып салгысы келип, ниети бузулуп турду. Ары ойлонду, бери ойлонду. Келининин эмне үчүн арызданбай, чыдап турганына таң калды. «Кокус райкомго арызданып барсам, эмне болоор эле? Аялы арызданбай, жалгыз баласынын үстүнөн энеси арызданып чуркап жүрөт дешеби. Же акыйкатчыл өкмөт булардын кылган кылыктарын өзү акыйкаттайбы»? – Өзү

менен өзү сүйлөшүп жатты. «Жайнагүлдөй жайнаган жакшы колуктуга туш болду, эми оңолот го дечү элем. Оңолот го дебей эле, оңолуп адам болду деп санаам тынып калбады беле. Кантейин, сыздаттың Толкунбек баарыбызды. Сыздап калаарсың акыры. Ак сүтүмө, ак чачыма койдум, Кудай жеткирсин. Жанагы тузум урган Зыйнат деген илбис Жакинимдей болуп жалдырап, балдарымдай болуп боз ала болуп калсын. Көзүнөн жаш, көкүрөгүнөн дарт кетпей жүрүп өтсүн».

Ушул кезде Жайнагүл кайненесинен санаасы тынбай, эмне болуп жатат деп келген. Тышкы эшиктен өтүп, ичкери үйдүн босогосуна жеткенде, угуп токтоп калды. «Бул киши ким менен сүйлөшүп жатат, капаланып. Же энесинин келгенин угуп, менин жумушка кеткенимден пайдаланып Толкунбек келди бекен?» – Күйөөсүн эстегенде жүрөгү атып кетти. Коркконунан муундарын майда калтырак басты. «Жок, жок, ал кантип келсин даап. Аны бүгүн парткомдо карайт деп жатпады беле?»

Эшикти аяр тартты. Бек экен. Ичинен илип алышыптыр. Звонокту басты. Ошол замат эшикти тырмалап ачып, Жайнагүлдү көргөн Жанат кыйкырып жиберди:

– Эне-ке-е! Жайна жеңем келди! – Жайнагүлдү кучактай кетти.

– Авам качан келет, ыя?

– Аваң тээ ыраак жакка командировкага кеткен. Жакында келбейт, кагылайын. Абаңды көп эле күтө бербечи минтип.

Жанаттын кабагы түшүп, шагы сына түшкөндөй, көздөрү киртийип, оозу мурчуя түштү. Ыйлап жиберүүчүдөй болуп Жайнагүлдөн четтей берди.

– Мен абамды сагындым.

– Сагынсаң эмне кылайын. – Жайнагүл үйгө кирди. Кайненесин көрүп, эч ким жок эле кызы экөө сүйлөшүп жаткан тура, – деп ойлоду.

– Эне, ден соолугуңуз кандай? Башыңыз оорубайбы? – деди келин.

– Ой ден соолугу менен жерге кирсин. Менин ден соолугум эми оңолмок беле?

– Үнүңүздү угуп, үйгө бирөө келип сүйлөшүп жаткан экен деп ойлоптурмун.

– Эч ким келген жок, балам. Санаачыл, кайгылуу киши ырчы да, сөзмөр да болуп кетет окшобойбу. Өз арманымды өзүмө айтып, өзүм менен өзүм сүйлөшүп коюп олтурам, балам.

– Атайын сиз үчүн келдим эрте. Кана, каныңыздын басымын өлчөп көрөйүнчү, адегенде. Анан дары куям.

Келин кечээгиге караганда Кынанын канынын басымы төмөндөй түшкөнүн көрүп кубанып кетти.

– Сакаймак белем дейсиз да жарыктык. Каныңыз нормага түшөйүн деп калыптыр, төмөндөп. Дарт батмандап тийип, мыскалдап чыгат да...

Жайнагүл кечинде Толкунбектин партиялык жаза алып, кызматтан бошогонун угуп келди. Бирок бул жөнүндө Кынага айтпады.

Эртеси Жайнагүл жумуштан түштө үйүнө келе албай калды. Кошунасыныкына телефон чалып, Кермекашты кайненеси менен кызына чай берип коюусун өтүндү. Медсестра барып укол куярын айтты. Кермекаш Кынанын келгенин укканы менен учураша элек болучу. Жайнагүл айтаары менен илгирбей чыкты. Байбиче менен учурашып, келининин аял төрөтүп, бошобой калганын айтып, сүйлөшүп олтурду. Аңгыча медсестра келип укол куюп, Кынага дары берди. Чай үстүндө эки аял аркы-беркини сүйлөшүп олтурушуп, сөздөн сөз чыгып, Жайнагүл менен Толкунбекке өтүп кетишти.

– Анткен менен келиниңиз кыйын экен байбиче. Толкунбектин бир күнөөсүн кечирип койсо болмок эле. Айтсак асман айга түйүлүп болбой койбодубу. Кууракан жанагы Зыйнат деген сүрөтчү келин өзү биздикине келип, мени

жиберди. «Жайнагүлгө айтыңыз. Бардыгына мен күнөөлүүмүн. Толкунбекти кечирип койсун деп. Миз бакбай койду го чиркин. Балдар болгондон кийин, кечирип койсо болмок. Уулуңуздун азыркы колуктусу да «мен» деген, бирден бир келиндердин бири. Иштеген иши элге да, өкмөткө да жагып, сыйлыктын үстүнө сыйлык алып ташы жогору кулап турган неме. Акча деген ошондо, дүнүйө деген ошондо. Кызыл чиедей жаш балдары менен талаада калган Жайнагүл эле талаада калды. Кечээ Толкунбекти кызматынан алып, партиялык катуу сөгүш бериптир. Элдин айтымына караганда балаңыз ичип кеткен имиш. Эми ушул жакшы болобу. Өзүңүз эле ойлоп көрүңүзчү. Эркек деген эркек да. «Тебетейлүүгө теңдеш жок», – деп ата-бабабыз бекер айтыптырбы.

Кына Кермекаштын сөзүн үн катпай угуп олтурду. «Куураган Жайнагүл ай, оор жаныңды жеңил, жакшы жаныңды жаман кылды го жанагы Толкунбек деген ит, – деди ичинен, аялды бир карап алып, анан буга эмне деп айтсам экен деп, алдындагы чыныны тиктеп ойлоно калды.

– Сөгүш берип, кызматынан алса, партия менен өкмөт Толкунбекти аяган экен. Жаштыгына караса керек. Анын үстүнө Жакин арыз бербей койгон тура. Эгерде менин оюмча болсо, кызматтан да алып, партиядан да чыгарып, жанагы сүрөтчү катын экөөнү соттоп туруп барса келбес жерге айдап жиберсе, көксөм ошондо суумак. Оо, айтасың да кошуна, Жайнакедей жан болобу. Узун сөздүн кыскасы ушул. Мен уулум эмес, келинимдин жакшылыгынан өлбөй тирүү жүрөмүн. Толкунбек тозоку тозултту го бизди. Жанагы Эсендин кызы Зыйнат деген шуркуя ылайым жакшылык бетин көрбөй, көрүнгөндүн эрине көз артып жүрүп өтсүн дүйнөдөн. Кантейин, мына бул балдарым, Жакиним аман болсун. – Көз жашы мөлт дей түштү.

Баятадан Кынанын оозун аңкая тиктеп олтурган аял шыпшынып койду. Ал көңүлүндө келинин күнөөлөйт, жал-

гыз баласын жамандыкка кыймак беле деп ойлогон. «Тобо, өз баласынан келинин жакшы көргөн да эне болот экен ээ. Кара башын жечү кемпир тура. Бул келини тууган баланы, Кудай берсе Зыйнат деле тууйт да», – Экөө унчугушпай калды. Кына бетаарчысы менен көз жашын сүрттү да, жанында тизесин баса олтуруп, эки көзү энесинен өтүп, жалжылдап турган кызынын чачынан сылады.

– Каралдым, энем эмнеге ыйлап жатат деп коркуп турасың го ээ? Силердин астыңарга кетээр күнүм бар бекен. Келиним да Жайнагүл, кызым да Жайнагүл деп жүрүп кыздуу да болдум. Толкунбек куруп калсын кошуна. Чолпондой болгон балдарын таштап, айнектей болгон колуктусунан, кайын журтунан ажырады. Кишиби ошо. Сөөгүмдү сыздатты го сыздап өлгүр. Адам бирди көрөрдө, бир жагынан дүнүйөгө напсисин агытып, бир жагынан аягынан бузулуп кетет тура. «Бирөөнүн катыны бирөөгө кыз көрүнөт» деген ушул экен кошуна. Төрүбүздөн көрүбүз жакын калган убакта талаага таштап баса берди, бир бузулган шермендениn тилине кирип.

Кына дагы унчукпай калды. Аялдын кетип калуусун каалап, сүйбөй турду. Бирок ал кетмек турсун, кайра-кайра шыпшынып, «ушундай да мээримсиз эне болот экен ээ» дегенсип, байбичени талмоорсуй тиктейт. Бир паска жымжырт боло калган тынчтыкты эшиктин чырылдаган звоногу бузду. Жаңы эле энесинин тизесине башын коюп, көзү илинип, көшүп бараткан Жанат, ордунан тура калып эшик жакты тиктеп калды.

– Ким келди, ыя эне?

– Билбейм, балам. Капырай эшикти илбей эле койбойсуңбу.

– Жайна жеңем илип ал деген болучу.

Кермекаш туруп эшикти ачты. Аңгыча артынчак-үртүнчөгүн көтөрүнүп, бышылдап-күшүлдөп тыштан Тумар көрүндү. Ошол замат Жанат кыйкырып жиберди.

– Э-н-е, таянем келди. – Улактай секирип барып Тумарга жабыша түштү.

– Алдыңа кетейин, сексеңдеген, силер да быякта белеңер? – Кызды чекесинен өптү. – Таянең кара жерге кирсин. Ушул жерге өлгөн-талганда араң жетпедимби. Үйүңөрдөн да жаңылып калыптырмын. Тээ көчөнүн ортосундагы, бир окшош там менен алмаштырып, ошондо түшүп калып шорум шорподой кайнабадыбы.

Тумар кудагыйы менен мурункусундай эле кучакташып, өбүшүп-жыттатышып көрүштү. Кыздарынан да, уулдарынан да эч кимисин ээрчитпей өзү жалгыз келиптир. Кынанын ооруп жатканын көрүп капа болду. Аркы-беркини ойлоп санаасы санга бөлүндү. «Баарынан да ушул байкушка убал болбодубу. Бул өтүң жарылган Толкунбек Жайнагүлдөн кандайча көңүлү калды болду экен. Ай таң, азыркы келиндер да оңой эмес. Эр коруйт деген бирдемелери бар булардын. Кемигинде да, керкисинде да болуш керек», – деп ойлоп турду ичинен.

– Силер менен да кабарлаша албай калдым кудагый. Фрунзеге чейин совхоздун киши ташуучу машинасы менен келдим. Мен байкабайм, тескейдин жолуна салганын. Тээ кайда, бир топ узаганда билип жүрөм. Көрсө, жолдо жумушу бар немелер турбайбы. Өзүңүз качан келдиңиз эле, кудагый?

– Эки түнөдүм. Үчүнчү күн болот бүгүн. Келээрим менен мурдумдан кан токтобой түтүктөп канап, аз жерден өлүп кала жаздадым. Ажалдын жоктугу ай. Өлүп калсам жакшы болбойт беле. Ажал жетип, суу түгөнүп, күн бүтпөсө, оорудан адам өлбөйт экен кудагый. Байкуш Жакиним, эмне кыларын билбей чарк көпөлөк айланып кетти го. Ал болбосо ажал жакын болучу. Жеткен ажалды желкеден алып, кууп чыкты окшойт.

Тумар оор улутунду.

– Өлгөндөр эмне тааптыр. Өлбөй өмүр сүрүңүз кудагый. Андан көрө мына бул жаман кызыңыздын бой жетке-

нин көрүп, конушуна кондуруп, чекеңиз тердеп бир чыны чайын ичип, көйнөгүн кийгенден кийин, анан өлүмгө камыныңыз. Көрүнгөн тоонун ыраагы жок, ары-бери караганча Асан менен Үсөн да эр жетип калат.

Кошуна аял кол-аягына жукпай, чайды кайнатып, дасторконду жайып, нан-пан, жер-жемишин биринин артынан бирин коё баштады. Тумар өзүнүн балдарына алып келген тамак-ашын идиштен чыгарып, кудагыйынын алдына койду. Муну көргөн Кына минтип кыйылды:

– Жакин келгенде чогуу ооз тийип, чогуу жейличи кудагый. Өзүнө арналган тамактын алдын өзү жесин да. Ары эле алып коё туруңузчу.

Тумар кесе айтты.

– Ал эмне дегениңиз! Сиз турганда Жайнагүл мурда ооз тийчү беле. Алыңыз. Келиниңиз сиз менен биздей болгончо далайды ооз тийип, далайды жээр. Аа, байкуш кудагыйым, дегеле кыйратып, баарын жеп жиберүүчүдөн бетер, Жайнагүл келгенде деп коёт. «Эненин көөнү балада, баланын көөнү талаада», – деп ушун үчүн айтылат тура.

Эки аялдын ынтымагына таң калган берки аял бирде Кынага, бирде Тумарга карайт. Алар менен сүйлөшүп, чай куюп берип олтурду. Толкунбек жөнүндө сөз чыгаар бекен деп күттү. Жайнагүлдүн энеси кудагыйына качан доомат коёр экен деп ойлоду. Бирок Тумардан сөз чыкпады. Балким, кыз-күйөөсү жөнүндө эч нерсе укпай келсе керек деп жыйынтык чыгарып койду.

А Кына болсо кудагыйынын сырын билет. Ал, жеринен аркы-беркини терең ойлогон, салабаттуу, токтоо, нарктуу аял деп ойлоп олтурду. Балдарынын чатагын угуп келгенин билди. Сыр билгизбей зымпыйган байкуш кудагыйым ай. Өтүң жарылган Толкунбек адамдын адамдыгын, кадыр-баркын таразалап билбеген бир айбан неме экен го. – Кайра-кайра үшкүрүп, кайра-кайра улутуна дем алат. Тумарды тик кароодон жалтанат.

– Атаңдын көрү ай, – деди Кына кейип, – колумдан эч нерсе келбей бүк түшүп жатып калганымды көрчү. Эртең менен эле камыр туруш чалып койдум эле. Кичине камыр жууруп коёюн деп ордумдан туруп басайын десем, башым айланып кеткенинен кайра жаттым. Тим эле көздөрүм тунарып, муунум калчылдайт.

– Ой, кокуй ай, өзүңүз араң жатып камырды эмне кылат элеңиз. Наныңар бар турбайбы. Мен да кичине боорсок бышыра келдим. Анын баарын ким жеп, ким түгөтөт эле.

– А кудагый, нан жогунан жасайын деп жаткан жерим жок. Жанагы Жакин, бир боюнда бар аялга «апараз» жасайт экен. Бул жерге жумушка орношкону биринчи жолу баланы ичтен союп алып жатпайбы. Баламдын иши оң болуп, эне менен баланын өмүрүн аман алып калса Кудайга жалынып, жыт чыгарып коёюн деп оюма кетип калды эле.

– Андай болсо жөнү бар экен кудагый. Аны мен түшүнбөй жатпайымбы. Камырды Кудай алсын, азыр эле жуура коём мен.

Кермекаш комсуна түштү.

– Капырай жарыктык, аны баятадан мага деле айтып койсоңуз го. – Аял ордунан учуп турду. – Сиз олтура бериңиз, апа. Мен эле жуура коём алеки заматта...

Үйүнө энеси келип, кудагый менен кудагый көрүшүп, курсактагы купуя сырларын бирине-бири айта албай, биринен-бири жазганып, бирин-бири аяп, тигил аялдын көзүнчө ачык сүйлөшө албай олтурушкан кезде, төрөт үйүндө өмүр менен өлүм бирин-бири жеңе албай, Жайнагүлдүн колунда кармашып жаткан болучу. Медсестранын кайра-кайра сүрткөнүнө болбой врачтын маңдайынан тер мончоктойт. Жайнагүлдүн шадылуу, ичке манжалары шамдагайлык менен кыймылдап, хирургиялык аспаптар биринин артынан бири көзгө илээшпей алмашып жатты.

Келин саатын караса алтыдан небак өтүп, жети болоюн деп калыптыр. Астыңкы кабатка шашып түшүп, де-

журный врач менен медсестрага тигил операция болгон аялды тез-тез карап турууну эскертип, оорулардын тарыхы жазылган китепчелерди колу менен таптай басып көрсөттү. Мына, керек болуп калса, бардыгы өз ордунда...

Жайнагүл бакчага келсе, бардык балдарды ата-энеси алып кетип, жалгыз Асан менен Үсөн калып, аларды тарбиячы эки тизесине экөөнү олтургузуп алып, эркелетип олтуруптур. Балдар энесин көрөрү менен аялдын алдынан томолонуп түшүп, ушунчалык тездик менен эмгектеп жөнөштү. Жайнагүл жүйүртө басып олтура калып, эки колун эки жакка жайып жиберип, жалына кетти.

– О-ми-и-й, тим эле тызылдайт го балдарым жарышып. Баскандан эмгектеген оңой экен го ыя, силерге. – Үсөндөн Асан мурда жетти. – Ой, сен эмнеге артта калып калдың, ыя күчүгүм? – Эне мурда жеткен Асанды бир жак ыптасына, Үсөндү экинчи ыптасына кучактап, экөөнү алмак-салмак өөп, алмак-салмак кайра-кайра жыттап жатты. – Каралдыларым, караган-буталарым, ырыс-кешиктерим. – Үсөн адатынча Жайнагүлдүн көкүрөгүнө башын жөлөп, рахаттана дем алып, дым чыкпай калды. – Бул эмне деген өнөрү экен ыя, баланын. Сагынып кеткендегиси го. О, жамандын өнөрү да жаман. – Төбөсүнөн жыттады. – Кана, балдарым кийимдерди кийгиле. Үйдө энең менен эжең эмне кылып жатышат болду экен?

Жайнагүл балдарын көрүп, кубанычтан ошенттиби, айтор, чарчаганын да билбеди. Ал Асан менен Үсөндү адатынча коляскага маңдай-тескей олтургузуп алып шайдоот, көңүлдүү келди үйгө. Анткени анын кубанычы, операциянын ийгиликтүү өтүшү болучу. Болгондо да жаңы иштеген жериндеги биринчи операция. Билген кишиге бул өзүнчө эле экзаменден өтүү эле. Чындыгында Казиева жаңы коллективге өзүнүн жөндөмдүү врач эле эмес, өз ишин жакшы билген мыкты хирург экендигин көрсөтүп койду.

Эшик ачык экен. Энесин келеттен кабары жок, өзү менен өзү болуп келген Жайнагүл Тумарды тыштан көрүп

«Ой энекебайым» деп кучактап калды. Эне кызынын бетинен өөп, көздөрүнө жаш айлана түшүп барып чыйралды. «Кабагы ачык экен» деп Жайнагүлдү көз токтотуп бир карап алды да, коляскада бети менен кетүүчүдөй, экөө бирдей, уядан учуучу чабалекейдин балапандарына окшоп, жерге түшүрүүгө оңтойлорун келтире албай комдонуп турган Асан менен Үсөнгө далбас урду.

– Окшошкон гана каралдыларым, сары ооз балапандарым, булардын турган турпаттарын карап койгула, журт. Жыгылаарын билишпеген макоолорум. – Экөөнү энелик мээрим менен өөп-өөп алды.

Бөбөктөрүнүн жанында эбелек болуп эзилип: «Сен Асансыңбы же Үсөнсүңбү? А сенчи, Үсөнсүңбү, же Асансыңбы?» – деп улам биринин колун силкилдете кармап турган Жанат таянесине карады...

– Таяне, сен айтчы, бул Асанбы же Үсөнбү? Тапчы таяне?

Тумар эки баланы алмак-салмак көз токтотуп карап калды.

– Ии жаман арам, мени кантээр экен деп сынап жатканын кара. Мына бул Үсөн, а бул Асан! Туура таптымбы? Тааныйт бекенмин, бөбөктөрүңдү.

Балдардын бирин Жайнагүл, бирин Тумар алды. Бардыгы ээрчишип үйдү көздөй басышты. А Жанат болсо таесинин жолун торой басып, кетенчиктеп кыткылыктап күлөт.

– Үсөндү Асан дейсиң да таяне. Жакасындагы окууну окубайсыңбы. Калп эле билем дейт экенсиң.

– Сен окуй аласыңбы?

– Ооба, мен билемин.

Астына төшөк салып, экөөнү жанаша олтургузган балдардын улам бирин кучактап өпкүлөп, Жанат энесин туурап жалына баштады: «Ий, кичинекей кулундарым ий, ий кичинекей булбулдарым ий, козуларым ий, каралдыларым ий...»

Асан менен Үсөн Жанаттан жүдөп чарылдашып, өздөрүнчө айбат көрсөтүп чапчылай башташты.

– Ай Жанат, балдарга дайны жок жабышпай, ары турчу кагылайын. Ыйлатасың, алар сенин жакшы көргөнүңдү да, ойнотконуңду да билишпейт. Жүдөтпөй, өзүңчө ойночу ар жакка.

Ар жактан Кына келинине карап минтти:

– Жанакы «апараз» жасайм деп жаткан аял эмне болду, ыя балам? Санаам тынбай, алда кандай болот деп коркуп олтурдум. Кабагың ачык, маңдайың жарык келгениңден санаам тынып олтурат. «Апараз» жасадыңбы же жасабай эле төрөттүңбү?

– Жасадым эне, баары жакшы болду. Эгиз экен. Бирөө кыз, бирөө уул. Энеси да аман, балдары да аман.

– Ой, оозуңдан айланайын. Ырас болгон тура. Тогуз токоч айтып койдум эле. Камырың ачып турат. Жыт чыгарып, майга бышыра кой эми. Кудагыйдын да курсагы ачты. Эчак келгенде бир чай ичти эле, ошол бойдон олтурат...

Жайнагүл нанын бышырып, самоор коюп Кына менен Тумарга жакшылап чай берди. Ушул убакка чейин Толкунбек жөнүндө Тумар бир ооз сөз козгоп да, сурап да койгон жок. Кына менен Жайнагүл бирин-бири карап коюп дымып олтурушту. Экөөнүн тең тынчын алып жаткан кайгы, болгон окуяны эмне деп айтып, кандайча угузуу болуп турду. Ушул саамда баятадан бери кызын алдыртан сынай тиктеп олтурган эне сөздү мындай деп баштады:

– И, эмне унчукпайсың жалдырап. Өңүңдөн азып, арыктап да алыптырсың. Толкунбек экөөң эмне болуп жүрөсүңөр? Кудагыйдан сурай албадым. «Куу алган кушта эмне сын» дегендей, бул байкушта эмне айып. Абалын көрүп туруп эмне дейт элем. Кына көңүлүндө мени укпай келди деп ойлоп турат. Сен дагы. Бирок мен бардыгын угуп келдим. Толкунбектин башка аялга үйлөнүп, үстүнө кирип алыптыр дегендери кандай? Чынбы? Же тим эле

катын ушакпы? Шаар болуп олтуруп, бала-чакасын, ата-энесин таштап, бир аялдан чыгып, бир аялдын үйүнө кирип алганынын себеби эмнеде экен?

Жайнагүл жер тиктеди. Муундары бошоп, үнү каргылданып чыкты.

– Өзү эле кетип калды.

– Өзү эле? Кантип эле жылан чакпай, жылкы теппей, өзү кетип калсын. Ортоңордо бир бузуку болгон да. Ой шумдук ой, шумдук. Экөөңдү ажырашат деп ким ойлоптур?

– Билбейм эне, бузуку болдубу, же өзү бузулуп кеттиби. Менимче, өзү бузулуп кетти. Бир художник аялдын үйүнөн өзүм кармап алдым. Ошону менен көптөн бери, биз көчүп келе электе эле байланышы бар экен.

Тумар селее түштү.

– Өзүм кармап алдым дейсиңби? Күйөөңдүн артынан өзүң издеп бардың беле?

– Ооба, эне, бирөө кат жазып чакырганынан баргамын. Мени ал үйгө ошол чоочун аял баштап кирди...

Жайнагүл түнөрүп олтуруп, энесине болгонун болгондой, көргөнүн көргөндөй, төкпөй-чачпай бардыгын айтып берди.

– Зыйнат эртеси кошунаны мага киргизип, бул ишке Толкунбек эмес, өзү күнөөлүү экенин айтып, кечирим сураптыр. Мен кечире албасымды айтып, болбой койдум. Экөө жашай беришсин дедим.

Кызынын сөзүн бөлбөй, кунт коюп угуп олтурган Тумар, бир оокумда башын көтөрө берип, кызын жалт карады. Өкүнүчтүү көзү менен бир демге тиктеп туруп, башын чайкай берип мындай деди:

– Анда ал келин сенден эстүү экен, балам. Акмак болсо Толкунбекти актап, күнөөнү өз мойнуна алып, сенден кечирим сурабайт болучу. Шаары бузулбасын деген экен да. Алда катыгүн ай, күйөөң жаңылбай эле, өзүң жаңылган турбайсыңбы. «Жаман катын эр коруйт, жаман эркек жер

коруйт» дегендей, сен ошол эр коруган жаман катындын бири болгон турбайсыңбы. Толкунбектин көзү жок, Теңири турат, чындыгында сени мына бул он ай көтөрүп, омурткасы сыздап төрөгөн энесинен он эсе эмес, жүз эсе жакшы көрүүчү. Жаңылса жаңылып калгандыр, күлсө күлүп койгондур. Бул жакта канча жылы бой жүргөнүн билесиңби?

«Жаш кезде кетет жаңылыш,
Жарабайт ага таарыныш...» –

деп өзүңөр эле какшап-боздоп ырдап жүрбөйсүңөрбү. «Бирөө кат жазып, чакырганынан бардым» дейсиң. Көрө албаган бузуку душман ошентип бузат. Экөөңө ак санаган адам болсо Толкунбектин тоодой күнөөсү болсо да, сага айтмак эмес. Тескерисинче, көзү менен көрүп турса да жашырып, жапмак, актамак. Ал кат жазган аял ким экен, сага ушул бөлүнүп-жарылуудан кийин кезиктиби?

Жайнагүл башын чайкады.

– Көргөн жокмун.

– Мына көрдүңбү, душман кандай?

Жайнагүл булактай аккан көз жашын кол жоолугу менен сүртүп, канталаган көзү менен энесине таарынычтуу карады:

– Тобо, таң калам да сиздин мүнөзүңүзгө. Деги кызык эле кишисиз. Ушунча болуп, эне өңдөнүп кыздарыңызды жактап, кыздарыңыздын сөзүн сүйлөгөн күндөрүңүз болобу?

– Эмне, баягы Саадаттын энесиндей болсо деп турасыңбы?

– Саадаттын энеси эмне болду эле, – деди Жайнагүл.

– Аны уга элек турбайсыңбы. Уга элек болсоң угуп тур. Саадат келин болуп келгени эки жылга жакын болуп калган. Кайын энесин билесиң кызматкер эмес беле. Өзү аялзаттын тазасы эле байкуш. Мен деле өзүмдү бир топ аялдын алды болбосом да, жоон ортосу деп билүүчүмүн. Бирок Зулайканын жууган кирине, кармаган казан-аягына

көзүм түшүп турар эле. Жөнөкөй эле айнек идиштери да хрусталга окшоп жаркырап, чынылары андан бетер өз нуруна өзү чагылышып туруучу. Күндөрдүн биринде эртең менен Саадат кир жууймун деп камынып жатканын көрүп, бир коро кир болуп калган сыйга кийүүчү адеми көйнөгүн алып чыгып, «көбүккө чаап, таза чайкап жайып койчу», деп келинине берип коюп, өзү жумушка кетиптир. Зулайка түшкү тамакка үйүнө келсе, келини кирлерин жууп бүтүп калыптыр. Жайган кирлердин ичинде өз көйнөгүнүн көрүнбөгөнүнөн, ырас чала кургатып алып койгон экен деп, үйгө кирип баратып, машинанын ичиндеги булгалактап жаткан кирлерге көзү кадала түшөт. Машинаны дароо токтотуп караса, батек-байпактын арасында аралашып жаткан өзүнүн баягы сый көйнөгү болуп чыгат. Эненин азат бою тик туруп, көңүлү чөгүп капа болот: «Э Кудай, жакшы көргөн жалгыз келинимден көргөн сыйым ушул болсо, көрө элегим кандай болду экен» – деп, жүрөгү бузулган байкуш келинин жанына чакырып алып, капаттана минтип айтыптыр: «Э, алдыңа кетейин, бир самын сыйпап, колго чайкап жайып кой дебедим беле. Бул көйнөктү кийип же мор тазалабасам, же даараткана түшүп кайра чыкпасам, бул эмне деген жууш. Бул кылыгың мага жакпай калды», – дептир. Анда тайбас келини уялып калуунун ордуна минтип мистеңдеген имиш: «Мен сиздин көйнөгүңүзгө башка бирөөнүн батек-байпагын кошкон жокмун, өз балаңыздыкы болгондон кийин, эчтеке болбойт экен деп ойлодум. Кир жууй албайт десеңиз мындан ары мага эчтекеңизди бербеңиз», – дептир. Анан Зулайка өз көйнөгүн тигил шакмарактап жаткан кирден бөлүп алып, кайра жууп жайып, жумушуна кетип калыптыр. Кечинде жумуштан келсе, столдун үстүндө мындай деген кагаз жатат дейт күйөөсүнө жазган: «Мен экинчи бул үйгө келгис болуп биротоло кеттим. Энеңе кирди жакшы жууп, казан-аякты таза кармаган, үйдү жакшы туткан келин алып келип бергин. Анын мага берген көйнөгүн жууганымды жактырбай,

жаман-жакшы сөзү тийди» деген сөздөрдү окуп, эмне кылаарын билбей калыптыр. Кокус балам келсе түшүнбөй дагы мени капа кылар деп ойлоп, кагазды тытып салып, ошол эле замат, келининин артынан кудасыныкына барып түшүптүр. Барса кудагыйы эмне дептир дебейсиңби: «Көйнөгүмдү кирдин артында жууйсуң деп, Саадатты күнөөлөгөнүң эмнең, ыя кудагый. А жуубай койсо кантет элең. Угуп алып капа болуп олтурам. Менин кызымды, киримди таза жууп бербейт десең ачыгынды айт. Ичиме баткан бала сыртыма да батат. Жиним келсе таптакыр жибербей алып калсам кантесиң?» – деп, кайра күнөөнү Зулайкага жүктөгөн имиш. Тим эле күйбөгөн жери күл болуп кетет айтса. – Калп болсо да «Таза кийимди таза жууш керек. Ортоңордо жалгыз энеңер бар экен. Ошол кишинин бир көйнөгүн тыңдап жууп бере албаган, сенде тура күнөө. Экинчи минтип, болор-болбос иш үчүн качпай жүр», – деп айта албаптыр чиркин.

– Атаны каран күн айе, анан эмне болуптур? – деди баятадан кудагыйынын сөзүн кунт коюп угуп олтурган Кына.

– Э куруп калсын, «экинчи сага көйнөк эмес, бетаарчымды жуудурбайын» – деп, жалынып-жалбарып жатып араң дегенде алып келиптир. Эмики жаштар ушундай кыйын чыкпадыбы, кудагый.

– Ии де, кыздын энесинде экен да кептин баары.

– Кызды жакшы кылган да эне, жаман кылган да эне. Мен мындай ишке чыдабаймын кудагый. Калыстык керек да. – Тумар кызына карады. – Ой кулунум ай, бул дүйнөдө жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болобу. Күйөөң өзүң деп тургандан кийин, эмне кереги бар эле, ошол жерге барыштын. Душмандын чырагына май тамызып, арам максатын аткарып берген турбайсыңбы. Алар эми «Ырас болду, сооп болду. Камгактай болгон жеңил аял экен. Бир желге туруштук бере алган жок» – деп табалап, күлүп турушат да сыртыңдан карап. Али да кеч эмес, балам. «Эсиң барда

этегинди жап», – дейт. Толкунбек кайталап киши жиберсе, же өзү кечирим сурап келсе, жок дебей бардыгын суруга салып, кечирип кой.

– Жок, кеч болуп калды, эне.

– Эмнеге кеч болот. Эч кандай кеч болбойт. «Эрди-катын урушат, эртеси кайра табышат». Анын эмнеси бар экен. Өз күйөөң да.

– Аны жумуштан бошотуп коюшуптур. Ал эмес партиядан чыгармак экен. Жыйналышта кол көтөрүүгө келгенде жумушчулар баш болуп, өзү менен бирге иштеген коллективи «партияда калсын» дешип, түп көтөрө чуу түшүп туруп алышыптыр. «Сөгүш менен кызматында калсын», – деп сурашса, башка жактан келип, жыйналышка катышып жаткан өкүлдөр болбой коюшуптур. Анын үстүнө «соолуктуруучу жайга» түшүп чыккан тура...

Кына баласына канчалык таарынып, жаман көрүп тургана менен Жайнагүлдүн сөзүн угуп жүрөгү бузулду. «Аттиң ай, кайран балам, кызматсыз талаада калган тура» – деп кейиди. Анын оюу боюнча, Толкунбек кызматтан да бошоп, партиядан да чыккан экен деп түшүндү. «Өкмөт ичкенди койдура албай жатса, бул кандайча ичип, колго түшүп калды экен?.. Эми ага эч жерден орун берилбейт экен», – деп ойлоду. Бирок баласынын күнөөсүн эстеп келип, кайрадан чыйралып, жини келип келинине минтти:

– Сооп болуптур. Аны эч ким эчтеке кылган жок. Өзүнө өзү ор казды. Ырас, партиядан да чыгып, жумушунан да бошоп, ажеп гана болгон экен. Үй-бүлөсүн таштаган адам кандай болот экен, билсин.

Жайнагүл шылкыйып олтурган калыбында кайненесине минтти:

– Жок эне, партиядан чыгарбаптыр. Жумуштан эле бошотту деп уктум. Партиялык жаза дегеним, катуу сөгүш берилген имиш. Угушума караганда Толкунбек бул жерден биротоло кетет окшойт башка жакка.

Тумар башын чайкады.

– Пай, пай, пай, «бир катындын кесепети кырк эшекке жүк болот» дешчү эле карылар. Бир катындын жүгү кырк эшек болсо, эки катындын кесепети канча эшек болуп кетет деги. Кайран гана балам ай, жаркылдаган. «Кайда барсаң аман бол, алтын бооң менде бар». Сен да бирөөнүн эр жалгызысың, аман бол.

Кына кудагыйынын жакшы сөзүн угуп, эркеп ыйлап жиберди.

– Ыйлабаңыз кудагый, мына бул жерде бир эмес төрт балаңыз турат. Толкунбек үчүн буларды унутуу оңойго турбас. «Ат айланып мамысын табат», – дейт. Акыры башка үчүн болбосо да, мына бул балдары үчүн айланып учат. Эми Жакин айланайын, сен да салаңдап-салбырабай өзүңдү колго ал. Ургаачынын жаман-жакшысы эри жок, колу-жолу бош, бой-бойдок жүргөн кезинде билинет. Жаман аялдардын жабуусу эр менен бала. «Жакшы аял жаман эрди жакшы, жакшы эрди башчы, башчы эрди падыша кылат» экен балам. Бирок сен анте албай өксүп калдың бул жагынан. Эмики сенден суранарым өзүңдү жакшы кармап, жакшы алып жүр. Элдин өйдө-ылдый сөзүн укпа. Балдарыңды тарбияла, адамгерчиликтүү, ак ниет, чынчылдыкка үйрөт. Ишиңди жакшы иштеп, эмгегиң менен элге жак. Мына бул чүкчүйгөн оорукчан энең менен кайнатаңды колуңдан чыгарба, кызым.

Жайнагүл энесинин сөзүнө каяша да айткан жок, ката деп каккан да жок. Үнсүз ичинен солуктап, көз жашын төгүп олтурду. Толкунбектен тирүүлөй ажырап күйгөнчө, өлүп калып күйүтүн тартуу Жайнагүл үчүн жеңил болуп турду...

* * *

Партиядан чыгып калсам кандай күн, кандай арга болот? Кызматтан куулсам мейли эле. Партбилеттен кантип ажырайм, деп бир жагынан кайгы тартса, бир жагынан балдарын сагынып, Жайнагүл менен ата-энесин эстей бе-

рип, бат эле ийне жеген иттей болуп арыктап кетти. Анын үстүнө эшигинин алдында турган «Тез жардам» машинасын көргөндөн бери, энесин ойлоп санаасы сан.

– Зыйнат, – деди түнкү тамакты ичип олтуруп, кабагына кар жааган Толкунбек, – бирдеме айтсам капа болбойсуңбу?

– Айта бер, мен капалыктан кийин туулганмын, – деди күлүмсүрөгөн болуп.

– Анда угуп тур. Мен кечинде биздин көчөнүн бурулушунан өтүп баратып, эшиктин алдынан «Тез жардам» машинасынын турганын көрүп эсим чыгып кетти. Балдар ооруп калганбы деп корктум. Кечиккеним ошол болду. Анан машинаны бери жакка токтотуп коюп, үйгө барып терезеден карадым. Энем келиптир. Ооруп жаткан ошол киши экен. Эртең мен бошобоймун. Аны өзүң билесиң. Партбилетимди берип чыкпасам эле болду. Сен үйдөсүң да. Акырын басып барып, берки эжеден энемдин абалын билип келсең дедим эле. Кайгыдан баягы сенин энеңе окшоп өлүп калабы деп коркуп турам.

Зыйнаттын көздөрү алая түштү. Кокус энеси бирдеме болуп кетсе, Толкунбектен ажырап калуучудай болгон бир суук сезим көөдөнүн аралап өттү. Анда энесине барып, ошол бойдон Жайнагүл менен табышып калып калуучудай болуп кетти. Эл бар, журт бар, көпчүлүк жаалаcard, Жайнагүл журттан чыкмак беле деп ойлоду. Ал көчөгө экинчи баргысы келбей турса да, Зыйнат Толкунбектин айтканын аткарбай коюуга болбосун билди. Күйөөсүнө убада берди.

Таң атканча жанын жай алдырбай, эртеңки болуучу СМУдагы партиялык бюро жүрөгүндө кадалган ийнедей тынчтык бербей чыкты. Ишемби күнү буюрса ишим бүтөт деп ойлоду. Ошентип, уйку бетин көрбөй чабак уруп жатып таңды атырды. Толкунбек үйдөн чыгаарда партбилетин тээ бир оокумга чейин кармалап туруп, адегенде эки көзүнө тийгизип, анан оозуна алып барып сыртын өөп туруп, жаңы костюмунун ички чөнтөгүнө салды. Ал съездге

баруучу делегаттан бетер, салтанаттуу кийинип, галстугун байланып, трюмонун алдында турду. А Зыйнат болсо анын жарытып тамак ичпей койгонуна бушайман болуп, маңдайына келип, жака-башын оңдоп, үстү-башын түздөгөн болду.

– Тамак да ичпедиң жарытып. Санаачыл окшойсуң аябай. Тез эле өзгөрүп кеттиң. Кайратсыз экенсиң.

– Муну менен эмне дегени турасың мага, кандайча кайраттуу болушум керек эле. Башыма түн түшүп турганды көрүп туруп, шылдың кылгың келет ээ, менин кайратымды сынап. – Толкунбек Зыйнатты алая карады.

Аял тайсалдай түштү.

– Оюмда арамдыгым жок эле айта салдым. Катуу айтсам кечирип кой. Болуптур, ак жолуң ачылсын. Элге сыр билгизбей, башыңды өөдө көтөрүп бассаң шылкыйбай.

– Ооба, даражам көтөрүлүп жатпайбы.

Зыйнат эмне деп айтаарын билбей калды. А жигит болсо сумсайган калыбында, аялына көңүл бурбаган бойдон чыгып кетти. А келин болсо ырым кылып үйүн шыпырбады, пол да жуубады. Экөө тамак ичкен столдун үстүн бир аз иретке салып туруп, кайра жер-жемиш, мөмө-чөмөнү, жаңы бышкан нандан көбөйтө коюп, үстүн жаап койду.

Келиндин тилеген тилеги Толкунбек үчүн башка болучу. Аны кызматтан бошотуп салаарын чыдамсыздык менен күтүп жатты. Анан дагы партияда калуу, калбасы Зыйнат үчүн баары бир болучу. Толкунбектин иши бүтсө, биз да бир жаңсыл болобуз деп ойлоду. Бул анын түпкү максаты эле. Күйөөсү экөө башка шаарга, башка республикага жер которуп кетүү болучу. Бул жерде болсо эрте-ли-кеч аялын, бала-чакасын көрүп көңүлү бузула береrин түшүндү. Алыстап кетсек, алаксып кетээр деп ойлоду. Ушул кезде Зыйнат «Волга» автомашинасын алууга берген заявкасы ийгиликтүү чечилип, эми ошол машинанын соода уюмуна келишин күтүп калган кези болучу.

Толкунбек чыгаары менен Кермекаштыкына барып, Кынанын абалын билип келүү үчүн кийинип жаткан. Ошол кезде ондой берди болуп Зыйнатка шаардык соода уюмунан телефон чалып, машина келгенин айтып кабарлашты. Зыйнат муну жакшы жөрөлгө деп жоруп, камдап койгон акчасын сумкасына салып, эшиктерин шарт-шарт бекитип, тажеңеси менен таякесине, кайда барарын айтып, ачкычты берди да, чакырган машинасын күтүп дарбазанын сыртына чыкты. Зыйнатты машина да көпкө күттүрбөдү. Ары-бери караганча болбой, желдей учуп такси да келип калды. Ал эки жакка бурулбастан, тиешелүү магазинге барып, акчасын төгүп кагазын алып, соода складынын короосунда тизилип турган «Волга» автомашиналарынын ичинен крем түстүүсүн тандап, ачкычын алды. Кубанганынан эки бети чоктой жанып, эки жагын бир демге айланта карап туруп, эшигин ачып: «Оң иш, оң жолуңа баштап, ак жолтой машина бол. Ичинде бала олтуруп, бала ойноп бакытка толсун», – деп, кабинага кирди. Зыйнат машина аламын деп мурунтан эле даярданып жүргөн. Колунда алты айлык шофёрдук курсту бүтүп, «III класстагы шофёр» документи бар болучу. Ал кезде машина алам деп далалат кылып жүргөнү менен Толкунбекке турмушка чыгуу үч уктаса түшүндө жок болучу. Эми минтип «Иши оңолор кишинин ити чөп жейт» болуп, керек убагында бул машинанын колго тийип турганына маңдайы жарылып турду. Ошентип, бул автомашина күйөөсүнүн көңүлүн көтөрүп, Толкунбекке тартуулаган Зыйнаттын биринчи белеги болуп калды. Машинаны короого киргизип коюп, үйгө кирип куттуктоо открыткасын алып мындай деп жазды: «Сүйүктүү жарым Толкунбек! Бул машина, сенин махабатыңдын кулу болгон «аялың» (аялың деген сөздү тырмакчага алды) Зыйнаттан белек. Сага бекем ден соолук, бактылуу турмуш, ишиңе ийгилик тилеймин», – деп толтурулган открытканы конвертке салып, сыртына Толкунбек-

тин атын жазып, кабинаны ачып, руль жактагы орундуктун үстүнө койду.

Зыйнат машинанын артынан чуркап жүрүп, убактынын түш болгонун да билбей калды. Ал бир убакта саатын карап туруп: «Байкуш Толкунбек, кандай иштин ичинен чыкты экен. Күлүп келээр бекен, же кабагы карыш түшүп, капалуу келээр бекен?!» – деп ойлоду. Анын энесинен кабар ал деген сөзүн орундата албай калганына кейип, ашканага чыгып баратып, кайра тартты. Оюна Жайнагүлдүн кошунасы түштү. «Эжеден сурап көрөйүн» – деп трубканы колуна алып, номерди терип бүтөөрү менен, үй ээсинин үнү шаңк этти.

– Саламатсызбы, эже. Мен Зыйнатмын... Кандай жакшы турасыңарбы?

– Биз жакшы элебиз. Силер өзүңөр кандайсыңар? Кадыр-көңүл тынч, капа-кайгы жокпу? – деди трубкадагы үн.

– Бирөөнүн күйөөсүн тартып алган кишиде да капа-кайгы болуучу беле. Жакшы эле турабыз. Мен Толкунбектин энесинин абалын билейинчи, – деп эле телефон чалып калдым. Ал киши ооруп жатат дейби?

– Ооба, бул жерге келип ооруп калыптыр. Азыр эле Жайнагүл телефон менен айтты, энеме укол куйганы сестра бармак эле деп, сиз кирип абалын билип коёсузбу дегенинен чыгайын деп камынып жаткамын. Ал киши келгенден бери да колум бошоп, учураша элек элем кирип. Баса, Зыйнат, Толкунбекти бүгүнкү СМУнун партиялык бюросунда карап, кызматынан алыптыр дешкени чынбы? Азыр эле сенин алдыңда уктум, – деди Кермекаш.

Зыйнаттын көктөн тилегени жерден табылгансып, көңүлү тына жеңилдене дем алып минтти:

– Мен эч нерсе уга элекмин ал жөнүндө. Келип калабы деп күтүп олтурам. А партиялыгы эмне болгонун укпадыңызбы?

– Кудай акы, аны уккан жокмун.

– Тобо, «жамандык жерге жатпайт» деген ушул экен да. Аны сиз кимден уктуңуз?

– СМУдан бирөө айтты деп эки-үч аял кеп салып жатышыптыр тиги суу алган жерде. Деги өзүңөр кандай жашап жатасыңар? Толкунбек түбөлүк күйөө болуп берүүчүдөйбү деги?

– Орто эле, жеке. Күтүүсүз жерден ушундай бурулуш болуп кетпедиби. Түбөлүк күйөө болоор-болбосун ким билсин, бардыгын келечек көрсөтөт да. Мен балдарын да, Жайнагүлдү да, Толкунбекти да аяйм. Азыр мага үй-бүлөсүн эстеп, балдарын сагынып тургандай эле болуп турат.

– Элдин эрин тартып алган жалгыз сен эле эмессиң жер жүзүндө. Толкунбек жаман жигит эмес. «Колго тийген коёнду, коё берген оңорбу», – дейт. Болоору болгондон кийин эми бек карма, жаның болсо. Аялдардын алдооч баштыгы көп болот эмеспи.

– Алдап канча күнү кармамак элем. Эмне кылайын, турса турар, турбаса кетээр. Мен Жайнагүлдү көрсөм алыстан качуучу болдум. Билесизби, бет алды жолукkандан бир чети уялам, бир чети сүрдөнөм. «Баланын ырайына карап ат кой» дегендей, өңүнө жараша акылы артык аял тура. Андан башка бирөө болсо, баягы биздин үйгө келгенде абийирибизди айрандай төгөт болучу. Билесизби, ал менин өзүмдү эмес, талантымды сыйладыбы деп калдым.

– Ой, таланттан айланабы, эринен коркуп, сенден сүрдөгөн да. Эси жок келиндер өңү жылма болсо эле, акылдуусунуп калат тура.

Зыйнат бул аялды баягы агасы Эмил келип, биринчи жолу өзүнүн үйүндө конокто болгондон баштап билүүчү. Андан кийин Толкунбектерди чакырганда Зыйнатты кошо чакырып, алардын үйүндө биринчи жолу болгон. Ошондон кийин Асан менен Үсөндү көргүсү келгенде бара коюп жүрдү. Анан баягы жоболондуу окуядан кийин Толкунбек үчүн Жайнагүлдөн кечирим сураганы барды. Аялдын азыркы Жайнагүл жөнүндө айткан сөзү Зыйнатка жаккан жок.

Ошондо Толкунбектер менен болгон аз эле убакыттын ичинде Жайнагүлгө жалынып, асты-үстүнө түшүп, Асан менен Үсөнгө жан-алы калбай, кың десе кыздарын чакырып, «алгыла, көтөргүлө, ойноткула» деп жанын койбой жатканын эстеп, өзүнчө мыйыгынан күлүп койду. «Өң көрдү, жүз тайды», – деп ушундай адамдарды айтса керек, деген ойду ойлоп, трубканы илип, ашкананы көздөй басты. Зыйнат бармактай бала кезинен эле тамакты даамдуулап жасоого бышкан кыз болучу. Баарынан да камырды көркүнө чыгаруучу. Кээде өз ичинен ойлоп: «Атаңдын кө-р-ү-ү, бири кем дүнүйө ай. Күйөөм болуп ушундай түркүн түрдүү тамактарды жасап турсам эмне», – деп арман кылып калуучу. Тажеңеси менен таякеси көчүп келе элек кезинде казан асып, от жагып тамак жасаган күнү аз болоор эле. Аны да Толкунбек келип калабы деген үмүт менен бышыра турган. Бирок андай күндөрдө Толкунбек кээде келсе, кээде келбей калуучу. А Зыйнат болсо даярдаган тамагынын даамын татып көргөнү болбосо, ачка бойдон төшөгүнө кулачу.

Эми болсо күтөөрү бар. Толкунбек келгенде столдун үстү жайнап, берекеси ашып-ташып турганы турган. Азыркы Зыйнатка жетпеген бир кымбат нерсеси, ал бала. Толкунбек келгенден бери «Үмүтсүз шайтан» деп күйөөсүнө айтпай, эмчи-домчу кемпирлерге барып көрүнүүнү көңүлүндө эңсеп жүрдү. Догдурга көрүнүү да көңүлүндө болду. Биринен болбосо биринен шыпаа болуп калаар деген ишеним аны дарылануга жетелеп турду.

Бүгүн столдун үстү майрам түрүндө, айрыкча бир өзгөчөлүк менен жасалган. Парниктен сатылып келинген жоогазындын тирүү тестеси бажырайып адамдын көз жоосун алат. Өңчөй хрусталь менен кымбат баалуу фарфор идиштерге салынган жер-жемиштер, колго бышырылган таттуу нандар, салаттар. Ашканада тажеңеси жасап жаткан даамдуу тамактын жыты алыстан мурунга келет.

Бир кезде кыйч этип дарбаза ачылгандай болду. Зыйнат ашканадан жүгүрүп чыкты. Көздөрү киртийип, каба-

гы түшүп, чарчаңкы тарткан Толкунбек машинанын жанына келип токтоп калды. Ошол саамда колун фартугунун чөнтөгүнө салып, машинанын ачкычын мыжый кармаган Зыйнат күйөөсүнүн жанына келип токтоду.

– Ким келди үйгө?

– Эмне болду? – билип турса да анткор сурады.

– И, машинанын туруп калганынан айтам да. Номери да жок экен. Жаңы алган го.

– Жаңы алыптыр бир келин. Өзү айдап келип ушул короого киргизип койду. Күйөөсүн майрамы менен куттуктап ушул «Волганы» сый кылам дейт.

– Да-а-а, ошондой дечи.

– Ошондой. Жакшы аял бекен?

– Ким билет. Машина алган аял болсо эле жакшы болуп калабы? Бирөөнүн машина алганын коюп, эмне болдуң деп сурабайсыңбы, мени?

Зыйнат мостоё түштү.

– Баса эмне болдуң?

– Жумуштан алышты. Учёттук карточкама жазып, катуу сөгүш алып чыктым. Жакшы бекен?

Күйөөсүнүн каруусунан кыса кармап минтти:

– Ушунун баары сенин кесепетиң деп турасың ээ? Кызматтан алаарын өзүбүз деле айтып жатпадык беле. Сөгүш алсаң да, партияда калганың жакшы болуптур. Куттуктайм. Мына бул машина менин сага берген белегим. Кабыл алып кой.

Толкунбек ачкычты колуна кармаган бойдон ката түштү.

– Эмне машина?

– Мен алган машина.

– Сен качан алдың?

– Эртең менен, шаардык соодадан телефон чалышты, машина келди деп. Барып акчасын төгүп, айдап келдим. Эмне, машина алган жаманбы? Мурда машинага заявка бергенимди сага айткан эмесмин. Алганда эле айтайын деп

ойлогон болучумун. Буга кезекке турганым качан, эл депутаттарынын шаардык аткаруу комитети тарабынан чечим өткөн жылы эле чыккан. Ошондон бери машина келбей жүрүп, Кудай жалгап эми келиптир. Сүйүнүп калдым.

Бирок Толкунбекти Зыйнаттын бул белеги баланын оюнчугунчалык да көңүлүн көтөрүп, кызыктыра алган жок. Ал эч сөз айтпай кабагы карыш түшүп түнөргөндөн түнөрүп үнсүз, телмирип турду. Колуна көңүлсүз бош кармап турган машинанын ачкычы жерге кандай түшүп кеткенин да байкабады. Жигиттин көз алдына машина эмес эле Жайнагүл менен балдарынын элеси тартылып, көңүлү чалдыкуйду боло түштү. Аялынын алдына өзү барып кечирим сурабаганына дагы эле болсо өкүнүчү өрттөй жанып турду. «Жакшы көрүп сүйгөн адамынын алдында күнөө кылуудан оор эч нерсе жок турбайбы. Уялганымдан даай албай койбодумбу. Бетин кароого батына албадым. Эми минтип, көчпөй-конбой олтуруп өз ордомду өзүм бузуп, өз балдарыма өзүм чыккынчылык кылып, бөтөн үйгө, бөтөн аялга көз каранды болуп киренди кирип бердим. Мен кишиминби! Ушундай тозокко калып көргөн күндөн, уу ичип өлгөнүм артык болуп турат! Эмне кылышым керек?! Толкунбектин суркуну качып турду. – Мени өрттөп өлтүрөр киши жок. Айбан экенмин.

Күйөөсүнүн мүнөзүн байкап, анын көңүлү бузулуп турганын көрүп турган Зыйнат, жерге түшкөн ачкычты, аста көтөрүп алып минтти:

– Ачкычты эмнеге таштап койдуң? – деди тап билгизбей.

– Ачкыч?! – Уйкудан жаңы ойгонгондой аялды жалт карады. Зыйнат ага кайра сунуп турган ачкычка колун көңүлсүз узатты.

– Эмне, менин сыйлыгым жакпай калдыбы сага! Жок дегенде, калп болсо да, көңүл үчүн өз колуң менен ичин ачып көрүп, ракмат айтып койсоң боло?

Зыйнаттын сөзүнөн кийин эшигин ачып, ичи-тышын бир сыйра караган болуп, шалдайып турду. Ушул саамда

анын кулагына кандайдыр бир жагымсыз сөздөр угулуп, мээси кысыла түштү. «Мансуров да жигитпи. Мончоктой болгон балдарын, айнектей болгон аялын таштап, Эсенованын сатып берген машинасына кубанып, Кудайга колу жеткенсип, тим эле чалкалап калыптыр. Ары жок неме тура!» Жигит башын силкип алды. Көңүлү аяздуу боро-ондой уйгу-туйгу түшүп, машинаны жансыз тиктеп турду. «Бул да бир байкуш экен. Мен үчүн көпөлөктөй жанын көлгө уруп жүрөт». Анын көз алдына, баягы өзү үйүндө жүргөндөгү боорукер, акылдуу, жароокер кыздын элеси тартылганда, Толкунбектин мүнөзү өзгөрө түштү. Азыр жанында ошол жазыгы жок, сезимтал нористе кыз тургандай болгон, жылуулук денесин каптап өттү. Толкунбектин кирпиги аста көтөрүлүп, машинанын аркы бетинде, өзүнөн көз албай, муңайым тиктеп турган Зыйнатка минтип карады:

– Ракмат, сыйлыгыңа. Бирок мен сенин ушул эмгегиңе татыктуу, түбөлүгү түз жар болуп бере алар бекенмин. Минтип иштен да бошотуп салышты. Бул жерде эмнеге туруп калдык, үйгө кирбейбизби?

Зыйнат Толкунбектин жумшара түшкөн мүнөзүн көрүп, жанына келип, башын көөдөнүнө жөлөп, шолоктоп ыйлап жиберди.

– Кечир мени Толкунбек. Түшүнүп турам абалыңа. Бардыгы менин кесепетимден болуп кетти. Кандай кылайын, айтчы?

– Ыйлаба. Бардыгы бүттү. Кызматтан бошоп, жаза алганыма өзүм да жеңилдей түштүм. Турмуштун мендеги эки ача агымы, кантсе да бир нукка түштү сыяктанат. Кантейин, сүйгөн жардан бөлүнүп, бала-чакасынан ажыраган, бактысыз адам, жалганда жалгыз эле мен эмес чыгармын. Эми мындан ары ар дайым сени менен болом. – Аялды тек гана ээгинен суз эркелетип койду...

Бирок Толкунбек жүрөгү менен берилип, анчалык эзилип кетпесе да, бул күн Зыйнаттын кубанычка карк бол-

гон өмүрүндөгү биринчи күн болду. Анын оюн оболоткон «Эми мындан ары, ар дайым сени менен болом» деген жигиттин бир ооз сөзү эле. Толкунбек залдагы столдун үстүн көрүп Зыйнатты күттү. Мейман чакырган экен деп ойлоду.

– Олтурбайсыңбы? – деди аялы, ак чайнектеги демделген чайды көтөрүп келатып.

– Бул кандай салтанат. Конок келеби?

– Ким келмек эле. Өз үйүбүзгө өзүбүз конок болууга болбойбу. Менин бул шаарда тааныштарым болгону менен, көздөй жолдош-жоролорум жок. Эми ойлосом сен деп жүрүп, баарынан четтеп калыптырмын. Бул короодогу өзүбүздүн таяке, таженеңени чакырып коёюнбу, эмне кылайын?

– Эмне кылайын деген да сөз болобу. Чакыр.

Зыйнат күйөөсүнө чай куюп берип, чыгып кеткенден кийин Толкунбек өзүнчө ойго батты. «Ууру кылсаң жалгыз кыл, экөө болсо бири айгак» дегендей жашаган экен да. Азыр эле Зыйнатка айтып, «эми бир жаңсыл болдум» деп өзүн өзү сооротуп, тынчтандырып турган жигиттин оюна от түшкөнсүп, жүрөгү булкуп алды. Оозуна салган бир тиштем наны тамагынан ары өтпөй, кургак талкан сугунуп алгансып кекиртегине тыгыла түштү. Ал биринчи Жайнагүлдү ойлоп кетти. Энесин эстеди. Балдарын көргүсү келип сагынып турганын билди. Кайненеси Тумар оюна түшкөндө эки бети оттой жанып, уялганынан муундары бошоп, өзүнөн өзү калтырай түштү. Балдарым менен Жакинди көрбөй канчага чыдаар экенмин, – деп ойлоду. «Эми сенин күнөөңдү Жайнагүл да, башкасы да эч качан кечирбейт» деген бирөөнүн суук үнү кулагына угулгансып кетти. Ооба, эми алар кечирбей калды, – деп койду өзү менен өзү сүйлөшүп. Анткени алардын, алган жарымдын тунук ишенимине көө жаап салбадымбы. Колдун көөсүн жууса кетээр, ал эми көңүлдүн көөсүн эч ким жууп чыгара албас...

Эмнеси болсо да Толкунбек өзү айткандай бир жаңсыл болду да калды. Зыйнат экөөнүн турмушу да, жашоосу да

кадыресе үй-бүлөнүн катарында өтө баштады. Жигиттин кийген кийими да өзгөрдү, өзү да өзгөрдү. Зыңгырады да калды. Баягы Жайнагүл менен жашап жаткандагы кийген кийимдери азыр эч нерсеге арзыбаган бир нерсе сыяктуу болду да калды. Кыш түшүп калган. Күн суук болучу. Бир сапар норка жакалуу, ичин көрпөлөп жасаган шабро пальтосу менен жакасына түспөлдөш, жарашыктуу тигилген норка тумагын кийип, колонкага жакын жерге токтоп, Толкунбек машинасына суу куюп жаткан болучу. Ушул маалда эки баласын чанага олтургузуп, упчулап-тумчулап алып, таза аба жутуп сейилдеп жүргөн Жайнагүл, ошол суу проводунун жанынан өтүп баратып, Толкунбекти таанывай артынан бир карап алды. Башка жактан келген неме болсо керек деп, өтө берип машинанын кайдан экенин көрсөмбү дегенсип, кылчая дагы бир карады. Ошол саамда өзүн ээрчий карап турган жигиттин көзү көзүнө чагылыша түштү. Келиндин жүрөгү атып кетти. Толкунбек экенин таанып, аягынан жан кетип, дене бою дүркүрөп, төбөсүнө чейин бир жагымсыз толкун атыла түшкөндөй болду.

Бул кезде балдары да, Жайнагүл да көңүлүнөн алыстап, Зыйнат менен алынышып калган кези болучу. «Малды көрүп пайгамбар жолдон чыгыптыр» дегендей, Толкунбек жашоонун ракатына белчесинен батып, эч кимден көрбөгөн, эч кимден күтпөгөн сыйды ал жалгыз гана Зыйнаттан көргөндөй көкүрөгү көк тиреп калган кези.

Буга чейин жашоо менен жан жыргатуунун эмне экенинин даамын татпай, жапайы турмушта жүргөндөй болгон бир доор түш сыяктуу болуп артта кала берди. Баягы жаман жолдо жүргөн күндөр да, ал жолдон алып чыгып турмуштун даңгыр, таза жолуна салган адамдардын эмгектери да эсинен чыгып, көөдөнүнөн оолактай баштады.

Толкунбек жумуштан бошоп калгандан кийин, Зыйнат күйөөсүн алаксытып, көңүлүн көтөрүү максатында туристтик путевка менен Ленинград, Волгоград сыяктуу ылгый

баатыр шаарларды кыдырып келүү үчүн саякатка жөнөп кетишти. Кайтып келатып Москвада болгон кездеринде Зыйнат Толкунбекти Бүткүлсоюздук сүрөт көргөзмөсүнө ээрчитип барды. Ал жерде Кыргызстандын сүрөтчүлүк искусствосу боюнча алдыңкы художниктеринин кыл калеминен жаралган эң мыкты деген чыгармалары коюлган залда Зыйнаттын да эмгектери бар болучу. Толкунбек бул ажайып дүйнөдөн өз жубайынын, өзү мурда көрбөгөн не бир сонун живопистерин көрдү. Андан дагы ошол жерде иштеген коллективдин Зыйнатты башкача бир достук көз караштa, жогорку даражадагы улуу адамдардан бетер кубанычтуулук менен тосуп алгандары Толкунбекти айрыкча сыймыкка бөлөдү. Ошол жерде сүрөт көргөзмөсүн аралап көрүп жүргөн москвалыктарды, башка союздук республикалардан келген көрүүчүлөрдү Эсенованын эмгектери кызыктырып жатканынын күбөсү катары Толкунбек да толкундап турду. Ондогон адамдар Зыйнаттан автограф алып калууга шашылып жатышты. Мындай жагдай, мындай көрүнүштөр Толкунбектин жүрөгүн Зыйнатка дагы бир укум жакындаткандай болду. «Тобо, колдо бар алтындын баркы жок», – деген ушул экен да деп ойлоду жигит. Мен Зыйнаттын ким экендигин да, анын талантынын баркын билген да, баалаган да эмес турбайымбы деген ойдо калды.

Жигит ушундай сонундар дүйнөсүндө шапар тээп жүрүп, Асан менен Үсөндү да унутуп калды. Баягы, Жайнагүл, бала деп, жалындап сокчу жүрөктөгү мээрим, азыр Зыйнаттын махабаттуу адамгерчилиги, кереметтүү эмгеги менен алмашты.

Зыйнат Толкунбектин мүнөзүн да, жүрөгүн да көңүлүндө сынап жүрдү. Күндөр өтүп жатты. Кыраакы аял, акыры анын үй-бүлөсүн мурункудай эстебей баратканын күн өткөн сайын көбүрөөк сезе баштады. Бирок Толкунбек унутканы менен Зыйнат Асан менен Үсөндү унуткан жок. Эмилдин балдарына, сиңдилерине деп шылтоолоп саякатта жүргөн мезгилдеринде алган белектерин Москвага келгенде

бөлүштүрө баштады. Ал Толкунбекке айтпай Асан менен Үсөнгө деп арнап алган окшош костюм менен Жайнагүлгө алган көйнөктүк кездемени өзүнчө, Толкунбектин ата-энеси менен Жанатка алган белектерин почта аркылуу өз-өзүнө жиберип ийди.

Алар саякаттары аяктап, алыскы жолдон кайтып келгенде, Зыйнат бир арасат ишке дуушар болду. Үйүн ачып кирери менен таяке, тажеңеси, тигилердин артынан ээрчий кирищти. Кол алышып көрүшүп, аман-эсен келгендерине карыя алакан жайып дуба кылды. Зыйнаттын көзү тигилер алып кирген бандеролдон өтүп турду. «Мен жиберген посылкага окшош экен» деп ойлонгончо болбой, тажеңеси кучагындагы газета, журналдарга аралаш, тигини да стол үстүнө койду.

– Бул эмне, посылкабы? – деди Толкунбек адресин карап. Ошол замат жигиттин көзү Зыйнатты суроолуу тиктеп мостоё түштү. Бирок келин аны караган да, посылканын өз үйүнө келгенине таңданган да жок. Тек гана үндөбөгөн калыбында ордунан турду. Жерде турган чемодандардын бирин ачып, байбичеге алып келген белектерин берди.

Карылар кубанычтан көздөрү нурданып, ууртгарынан күлкү төгүлүп, Зыйнатты алкап жиберишти.

– Ракмат алдыңа кетейиндер. Ылайым кем болбогула. Бириңердин убайыңарды бириңер көргүлө. Мен самоор коёюн, тигил үйгө барып чай ичкиле. Самоордун чайын жакшы көрүүчү эмес белең, сагынгандырсың. Силерди келип калабы деп бүгүн эртелеп нан жапкамын.

– Жарайт, жарайт, тажеңе, кайнаганда баралы.

Үйдүн ичи мемиреп жылуу экен. Дароо экөө тең ичкитышкы кийимдерин чечинишип, башка кийимдерин кийишти. Толкунбек кайра чыгып газета, журналдар додо болуп үйүлүп жаткан столдун жанына келип, ак материалга дыкан оролуп тигилген алиги, бандеролго окшогон сүйрү баштыкка көзү дагы түштү. Анда Толкунбектин мурдагы

үйүнүн адреси менен жиберилген Жайнагүлдүн фамилиясы бар болучу. «Тобо, Зыйнаттын колу экен. Кайсы убакта жиберүүгө үлгүрдү экен бул посылканы. Кызык. Муну менден жашырып айтпаганы кандай? Анан, Жайнагүлгө барбай, кайра бул жакка келип калышын түшүнбөй, ойго батып турганда, жанына Зыйнат келип минтти:

– Эки айдан бери тим эле тоо болуп үйүлүп кетиптир го газета, журналдар. Кат-кабар бар бекен?

– Зыйнаш, кат-кабардан мурда мына бул посылканын сырына түшүнбөй жатам да. Сенин унчукпаганыңдан кийин, мен да жана сурай алган жокмун таякелерден. Адреси чаташкан эмне болгон посылка? Муну жазган сенин колуңбу, же?

– Ооба, менин колум, көрүп турбайсыңбы?

– Жайнагүлгө бирдеме жибердиң беле?

– Асан менен Үсөнгө костюм салганмын.

Толкунбек Зыйнаттын эмне үчүн, кандай себептен жибергенин териштирип сураган да жок. Айткандан эле:

– Бекер кылыптырсың. Бир ооз маган кеңешсең болмок экен. Костюм эмес, ага каптаган алтыныңдын кереги жок. Ушуга кандайча акылың жетпей калды...

Зыйнаттын эмки кайгысы Толкунбектин ата-энесине жиберген посылкасында болуп турду. Кокус Жайнагүлгө айтса, кайра жибертип жиберүүчүдөй болгон олку-солкулук жүрөгүн өйүй баштады.

– Мен дагы бир посылка жибергенмин, – деди Зыйнат кабатырланып. – Эми ал да кайра келеби?

– Кимге? Дагы Жайнагүлгөбү?

– Жок, сенин ата-энеңе.

Толкунбек аялын тиктеген калыбында ойлоно түштү.

– Тобо, мунун баарын кайсы убакта, кайдан жиберип жүрөсүң. Бирге жатып, бирге туруп жүрүп билбей калганыма таң калып олтурам. Жиберсе кайра жиберип да коюшат. Эчтеке айталбаймын. Эмне, Москвадан салдың беле?

– Ооба.

– Айылдагыларга ким жиберди деп жаздың эле?

– Сени.

Толкунбек башын чайкап унчукпай калды. Анан кайра келген бандеролдун тигиштерин сөгүп ача баштады. Анда балдарына атайын заказ менен тигилгендей болгон татынакай окшош костюм, бурап койсо үн чыгарып, өзү басуучу пилдин кичинекей балдары менен энеси бар экен. Экөө эки жерде түнөрүп карап турушуп, Асан менен Үсөндүн ушул костюмдарды кийбей, оюнчуктарды ойнобой калганына ичтери сыйрылды. Тээ бир оокумда Зыйнат күйөөсүнө карады:

– Жүрү эми, чал-кемпирдин чайын ичип чыгалы. Күтүп калышты го.

Үй ээлеринин маңдайлары жаркып, «балдарынын» барган жерлеринен эмнелерди көрүшкөнүн, кандай шаар, кандай жерлерде болушкандыктарын жарыша сурап жатышты.

– Мен согуш мезгилинде Киевде, андан кийин Севастополдо салгылаштым. Кайран шаарларды кан менен бошоттук эле. Фашисттер тарпын чыгара талкалабадыбы. Ошон үчүн согуш, ошон үчүн душман экен да.

– Оо, эми көрчү болсоңуз, ал жерлерди тааныбайсыз. Эмнесин айтасыз, көргөн адамдын көзү тоюп, көңүлү көккө сермелет. Баскан-турган жерлердин баары тим эле күзгүдөй жаркырайт. Ушундай тазаликты көрүп туруп, ширенкенин талын таштоодон, айбыгасың. Андагы талкаланган имараттардын ордуна асман мелжиген кабат-кабат үйлөр салынган. Дүкөндөр толо дүнүйө, тамак-аш. Барчылык да, токчулук да бизде тура, таяке. Ылайым ушул күнүбүз кут болсо экен...

– Ии, болсун, болсун! Жакшы сөзүңөр бар экен.

– Бир барып, өзүңүз салгылашып, өзүңүз душмандан бошоткон жерлерди көрүп келсеңиз, он жашка жашарып кайтар элеңиз...

– Толкунбектин ушинтип кызуу сөзгө кирип, сүйлөшүп олтурганынан пайдаланып, Зыйнат тажеңесине эңкее бе-

рип, жанагы посылканы ким алып келгенин шыбырай сурады. – «Алиги, оорулууларга баруучу дөгдүрдүн машинасын айдаган орус жигит келип, Эсеновага берип коюңуз», – деп таштап кетти балам. – М-м, – деп ичинен улутуна дем алып, унчукпай калды муну уккан келин.

Алар кошунасыныкынан чыкканда күндүзгү бошоң тарткан көпшөк карлар кайра муздай тоңуп, түн чыкыроон тартып турган. Зыйнат күйөөсүн колтуктап алып, салмагын сала басты.

– Эмне кылалы, кийинип алып бир аз аба жутуп келелиби басып?

– Албетте, ушул бойдон жатып алсак, ашказандын шору катат го.

Алар таза абада бир саатча басып жүрүп, чыйрыгып үшүй баштаганда гана кайра тартышты. Экөө эртеңки күндү кандай өткөрөрдү, кайда барууну сүйлөшүп жатышып, бир сөзгө келе албай коюшту. Бири тоого барып лыжа тебебиз десе, бири музга барып кечинде коньки тебебиз дейт. Акыры бул талашты үйүнө келгенде, каракөтөн кармашып, ошондон кийин жыйынтык чыгарышмак болушту.

Эртеси ойдо жок жерден түндөгү лыжа менен тоого барабыз деген пландары бузулду да калды. Толкунбек гараждан машинасын айдап чыгып, үстү-башын айнегине чейин жалтырата сүртүп, чехолдорун чыгарып, башкасын кийгизди. Анан бир чоң түйүнчөк болуп түйүлгөн кирлерин кир жуучу жайга өткөргөнү салышты да аялы экөө жөнөп кетишти.

Өзүнүн үйүнүн терезесинен карап турган тажеңеси өзүнчө ойго батат. «Бечара, Зыйнат акылы бар, эстүү киши болуптур. Бул сүрөтчүлүк деген чоң кесип экен го. Анан муну өкмөттүн жогору баалаганын кара. Күйөөсү үйүнөн чыгып, жумуштан бошоп кайра келгенче жаркыраган бир «Волганы» алып келип токтотуп койду. Илгери ат мингизген атак эле. Азыр адам бири-бирине ат ордуна машина мингизип калган заман болгон тура. Ой бо-о-о-й, бул, дүнүйө

дегендин кызыгы оңой эмес экен го чиркин. Бала-чакасын, айнектей болгон колуктусун унутуп, Зыйнаттын үйүнө баш-оту менен кирип берди бул жигит». Аял ушуларды ойлоп туруп, оор улутунуп алды: «Бирөө балага жетпей зар эңгиреп жүрсө, бирөө баладан безип!» «Бирөөгө зар дүнүйө, бирөөгө кор дүнүйө», – деп ошол үчүн айтат тура.

Бир демге ой басып туруп, түшкү тамакка эмне жасасам экен дегенсип, казан-аяк жагын бир карап алып, кой, «бекер турганча бекер иште» дегендей, балдарга каттама жасап берейин деп ойлоду. Балакетиңди алайын, Зыйнат каттаманы жакшы көрөт эмеспи. Өзүнүн түшкү тамакка ушуну ойлоп тапканына кубанып да кетти. Жаңы эле идиш алып унга чыгайын дегенче болбой, машинанын үнү дүр дей түшүп, дарбаза шарт ачылды.

– Ырыс тажеңе, – деди Зыйнат колундагы баштыкты машинадан алып.

Аял Зыйнаттын үнү чыгаар-чыкпастан эле үйдөн жүгүрүп чыкты.

– Тез эле келип калдыңар го, кызым?

Келин колундагысын аялга берип жатып сүйлөдү:

– Бат эле келдик. Бул эт. Өзүңүз билип түшкө бир түзүк тамак жасаарсыз. Менин бул сапар тамак жасоого пайдам тийбейт. Үй ичин бир сыйра кар барда күбүп-кагып алалы дедим.

– И-и, ошенткиле. Күн узарып, кыштын шайы ооп калбадыбы. Мен өзүм эле жетишем, балам. – Ырыс апа үйүн көздөй кетип баратып, кылчая карады. – Эгерде аш манты жасап берсем кандай болоор эле?

– Болот, болот, тажеңе.

Толкунбек менен Зыйнат жууркан-төшөктөрүн, килем-килчелерин, жерге салган паластарын бүт алып чыгып, күнгө жайып жаңы эле бүтүшкөн. Толкунбек кермелердин оор салмактан чоюлуп кеткендерине тирөөч коюп жаткан. А Зыйнат болсо эми гана полдорду жууганы чылапчынга суу куюп, үй жуучу чүпүрөктү жаңыдан эле колуна алган.

Ушул кезде Толкунбек менен алы-жаны калбай эпилдеп учурашып жаткан аялдын үнү Зыйнаттын кулагына шак дей түштү. Тааныш адамдын добушу сыяктанат, ким болуп кетти деген кыялда кылчайып караганча болбой колуна сумка кармаган Толкунбектин баягы Акмат деген кошунасынын аялы Кермекаш эже Зыйнатты карап жарк этти. Зыйнат да аялды көрүп, чыны менен эле, эмне деп айтаарын билбей сүйүнүп кетти.

– Оо, келиңиз эже, келиңиз! – Келин колун чайкап, аял менен кол алышты. – Бизди эстеген экенсиз да.

Ал эми Кермекаш болсо Зыйнатты кучактап, эки бетинен эки өптү.

– Эстебей анан. Баягыда бир аябай камынып алгамын. Учурашканча, Толкунбек экөөнүн баш кошконун куттуктайын деп, чыкканы жатсам, ким бирөө: «Алар туристтик путевка менен саякаттап жер кыдырып кетишти» – деп айтса, оозубуз ачылып, эсибиз ооп калыптыр. Ошондогу өкүнгөнүм ай, аябай капа болбодумбу. «Буйругу жок ашка мурун канайт» деген ошондой болот экен. Кандай деги, барган жериңер багып, кыз көңүлгө жагып дегендей, жакшы барып, жакшы келдиңерби. Ленинград менен Москвада биздин Кыргызстанда болбогон не бир сонун буюмдар болот дейт го. Тим эле көптүгүнөн үйүлү-ү-п, үйүлү-үү-п турат имиш. Дүнүйөнү аябай басып эле келсеңер керек. – Аял акырын сүйлөп, Зыйнаттын кулагына оозун жакындатып: – Толкунбек момундай жигит, – деп баш бармагын көрсөтүп койду. – Качан келдиңер?

– Эки күн болду. – Зыйнат аялдын эчтеке көрбөгөндөй, жамажайынан шилекейи акканча дүнүйө деп, өлүп-өчүп сүйлөп жатканына итатайы тутулуп, куйкасы куруша түштү.

– Келип алып эле кырынып-жышынып, үйүңөрдү тазалап кирген экенсиңер да.

– Ооба, эже, бир сыйра кагып-күбүп алалы дедик. – Зыйнат үй жууганы жаткан чүпүрөгүн чылапчындагы сууга

кайра таштады. Ушундай кысталыш мезгилде чакырылбай келген мейманына ичинде: «Же эрте келбей, же эртең келбей» дегенсип турду. Бирок сыр билгизбеди. – Үйгө кириңиз. Кап, баарын чыгарып салбадык беле. «Конок менен өлүм айтып келбейт» деген ушул да, демиш болуп койду.

– Үй жууганы жаткансың го?

– Ооба, жууюн деп жаткамын. Мейли эми кийин деле жуулар.

– Кийин деген эмнеси. Баштаган ишти таштаган кантип болсун. Мен деле пол жууп, үй кармап жүргөн катынмын. – Кермекаш чечине баштады. – Келе жанагы үй жууган чүпүрөгүңдү. Кудай ала койсун, сокур ит итаягын жалаганча ары-бери кылып жиберем.

– Жок, жок, мен өзүм эле жууйм эже, азыр жуулбаса кийин жуулар. Шашылыш жок. Үй жууган колуңуздан айлансын. Үйгө келген мейманга жумуш жасатып, үй тазалатып жинди белем.

Аял шымаланып, чылапчындагы чүпүрөккө кол узатты. Зыйнат Кермекаш жаңы эле суудан алган чүпүрөктү талаша баштады.

– Кагылайын, намыстанбай эле койчу, Зыйнат пол жуудурду деп көчөгө чыгып кыйкырмак белем. Мен өзүм сурап жатпайымбы.

– Бул ишиңиз жарашпай эле калды. Бекер эле көжөлүп жатасыз. Бериңиз өзүмө.

Эки аял үй жууган чүпүрөктүн бир жагын бири, бир жагын бири кармап коё бербей турушту. Зыйнат тажаганда чүпүрөктү коё берип туруп калды. Толкунбек ушул маалда эшик алдында Кермекаштан көз албай тиктеп турган болучу. Өзүнчө күлүмсүрөп, башын чайкады. Зыйнат тигил аял бир бөлмөнү жууп чыкканча, өзү калган бардык бөлмөлөрдү мөлтүрөтө жууп, айнек-терезелерди, жыгачташтын бардыгын жаналакетке түшүп сүрүп чыкты.

Демиккен аял Зыйнаттын шамдагай-шайдооттугун көрүп туруп ыраазы болду. Кудая тобо, үй кармап, оокат кылышты кандай үйрөндү болду экен, – деп ойлоп минтти:

– Азамат турбайсыңбы. Мен сени сүрөт тартып коюп эле, койкоюп боюн жасап, өңүн сылагандан башканы билбеген ак кол, ак чүчтүн бири го дечү элем. Көрсө, өнөрдүн баары сенде жаткан турбайбы.

Зыйнат каткырып күлдү.

– Кудай аял кылып жаратканда кийин, аялдык сапат да болуш керек да, жеке...

Толкунбек менен Зыйнат жайылган оокаттарын күбүп-кагып, үйүнө алып киришип, бир заматта жыйнаштырып жиберишти. Анан мейман аялды Зыйнат залга баштап кирди. Кермекаш эки жагын тегерете карап, эмне дүнүйөсү бар экен деп сынап жаткандай туюлду. Аял аста, мурдун чүйрүп койду. «Оокат дегендей оокаты деле, дүнүйө дегендей дүнүйөсү деле жок, жупуну жашаган неме тура. Тапканынын баарын эркектер менен жүрүп, эки жакка барып, көңүл ачканга жумшаса керек. Бой-бойдок адамдын кылаары ушул да. «Күндүк өмүрү болсо, түштүгүнө жорго минип» жашаган неме да. Анан эмне, эңкейген кары, эмгектеген балдары болбосо. Түлкүдөй жойлоп жүрүп, бирөөнүн ак никелүү эрин тартып алды. Толкунбек мунун эмнесине кызыкты экен». Келген аял ушуларды ойлоп олтурду. Анын ичин өзгөчө көптүрүп турган дагы бир нерсе болду. «Силердикине барганда ичип-жешип туралы, биздикине келгенде ойноп-күлүп туралы» деген сөз оюна кайра-кайра түшө берди. «Тобо, жок дегенде койгон чайы, жайган дасторкону жок, какшыган немелер го. Зыйнат барганда айтаарга сөзүмдү, берерге ашымды таппай калуучу эмес белем. Дагы кой союп, конокко чакырам муну. Буга караганда Жайнагүл жайыл дасторкон келин тура. Толкунбек таштап кетсе да, казаны бөксө кайнай элек. А бул азезил болсо, жыланга ак чачпаган жезтырмактын бири тура. Мында деп алып кел-

ген сумкасын эстеп, бергиси келбей айнып калды. Буларга бергенче үйүмө кайра алып кетейин. Талаада жаткан оокат бар бекен. Ошентип, эки жагын айланта карап, булардын турган турмуштарына, жыйган дүйнөсүнө ыраазы болбой, сабыры салкын тартып олтурду. Сумкасындагы баягы жанын жай алдырбаган бир шише арак менен бир килограмм конфети дагы эле жадысына жабышып, оюнан оолактабай, мээсин чукуп жатты. Ушул убакта тыштан Толкунбек менен Зыйнат ээрчише кирди.

– Мен кетейин, – деди аял ордунан козголо берип. – Мына бул жогору жакта бир тааныш дүкөнчүнүкүнө барып келатып эле, силердин үйдү көрүп кире калдым.

– Эмнеге кетесиз, тамак ичиңиз олтуруп.

– Ракмат. «Асыла элек ашка күткөнчө, атаңдын башына күт» дегендей, быша элек ашка кайдан күтөм. Жайнагүл экөөбүз да бир жакка бармак элек. Эрте келиңиз эже, – деп калды эле. – Бул сөздү Зыйнатты кантээр экен дегенсип, азыр эле оюнан чыгарып айта салды.

Зыйнат эчтеке айтпай дасторкон жая баштады.

– Антип «Асыла элек ашка күткөнчө...» – деп катуу кетпеңиз эже. Биздин тамак өзү эле быш десек бышып, түш десек түшүп калат дасторконго.

Кермекаш чыны менен эле таң калып олтурду. «Э Кудай, эчтекеден эчтеке жок эле дасторкон жайган эмнеси. Же муздак бирдеме менен узатайын деп жатабы».

Кермекаш ушинтип ойлоп олтурган кезде, эшик ачылып, Ырыс апа, булоолонтуп аш мантысын көтөрүп келип, дасторкондун ортосуна койду. Анын артынан көк бусун көккө бүркүп, ак самоор кирди.

– Булар ким? Корооңордо башка кишилер да бар турбайбы ээ. Биз дагы силерди өздөрү эле жалгыз турат экен дептирбиз. Квартиранттар го?

– Жо, квартирант эмес, бир тууган таякем. Көчүрүп келип алганмын. Көп болду. Кана, ашка караңыз эже. Муздап калбасын. Биз жакта муну аш манты деп коёт.

Кермекаш келгенден бери Толкунбектин эсине Асан менен Үсөн, Жайнагүл баш болуп кайра-кайра түшүп турду. Зыйнаттын көзүнчө аларды даап да сурай алган жок. Ал эми Кермекаш болсо, Толкунбек балдарын сурар бекен деген ойдо, аны сынай тиктей берет.

– Аштан алыңыз, чайдан ичиңиз...

– Ичтим алдыңа кетейиндер. Эмесе, дасторконго бата кылып коёлу. Менин ниетим силер үчүн ак. Ошон үчүн ак даамыңардын үстүнөн чыгып олтурам. Омийин, экөөңдү бак даарып, кызыр даарысын, алдыңарды бала, артыңарды мал бассын...

– Ой, ракмат, айтканыңыз келсин, – деди Зыйнат аялдын сөзүн кубаттаган болуп.

Зыйнат бул аял жөнүндө жакшы сөз уккан эмес. Баягы үйүнө конокко чакырганын бирөөлөргө айтса, «О, кокуй, андан сак бол. Кермекаш деген кер ооз аял. Эки жүздүү, ушакчы неме» деген. Ошондон кийин Кермекаштан чочуп калган. Бирок Асан менен Үсөн үчүн аргасыз баруучу. Кийин барып Жайнагүл күйөөсүнүн күнөөсүн кечирип коюусун сураган. Бирок бул аял ага бузуп айтканын, же түзөп айтканын ушул убакка чейин билбеген бойдон калды. Зыйнат азыр бул аялдын, жок шылтоону айтып баса келгенинен шектенип, анчалык ачыла бербей олтурду. «Биздикине кандайча келип калды. Өтүп баратып эле кире калган имиш. Жок, жок, бул атайы келди. Максаты эмне болду экен? Кетем деп шашылымыш болуп дасторконго бата кылып коюп, эмнеге олтуруп калды кетпей». – Зыйнат ушуларды ойлоду. А Кермекаш болсо сөздү кайсы жактан, эмне кылып баштаарын билбей, үй ээлерин алмай-термей карап, бир аз унчукпай олтуруп, анан минтти:

– Баягыда, Толкунбекти иштеген жеринде карайт экен деген күнү, мага кайненемдин ден соолугун билип бериңиз деп телефон чалбадың беле, Зыйнат. Ошондо эмне болду дебейсиңби? Баса, сенден мурда Жайнагүл да кайненеме чай берип коюңуз деп сураган. Калп-чынын билбейм, өзү

бир төрөй албай жаткан аялга «апарасия» жасаганы жаткан имиш. Эки келиндин тапшырмасы эки жагымдан кулагымды чуулдатканынан, жумушумду таштап басып бардым. Толкунбектин энеси чын эле ооруп төшөктө жатыптыр. Аңгыча бир орус кыз келип укол куюп кетти. Байбичеге чай кайнатып, чай бердим. Тим эле зымпыйган бек киши экен, унчукпай тунуп олтурду. Мен Толкунбектин жумуштан бошогонун экөөң мага телефон чала электе эле көчөдөн уккамын. Сөздү өзүм баштадым. Баласынын жумуштан бошогонун айтсам, кабагым-кашым деп бир кейип койсочу. Толкунбек көңүлүнө албасын, жаман киши экен энең. Жалгыз эле өз баласы эмес, Зыйнатты кошуп туруп каргай турган болсо, адам жанына тура албайт. Кызматтан бошомоктон экөөнү кошоктоп туруп, барса келбес жакка айдап жиберер күнү кайда. Мен Толкунбектин кызматтан бошогонун эмес, өлгөнүн уксам көксөм сууйт эле десе болобу. И-и-й бетим, тим эле дене боюм үркүп, эсим оогонунан оозума сөз кирбей калыптыр. Толкунбек менен Зыйнатка тилеген тилегиң кара башыңа көрүнсүн дедим ичимден. Ал эми жанагы келинди ыймандуу, эстүү келин десем, болбогон неме экен. Декабрь айынын эчеси экени эсимде жок. Иши кылып жаңы жылга жакындап калган. Балдарынын туулган күнү экен. Кошуналарды чакырыптыр. Өзү менен бирге иштешкен врачтары болду. Жанагы областтык саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы дейби, ошол жигит экөө институтту бирге бүтүрүшкөн имиш. Тим эле Жайнагүлдүн көзү андан, анын көзү Жайнагүлдөн өтөт, укмушуң ку-у-ур. Жакинтай, Жакинтай десе тим эле оозу эп дей түшөт экен... Көпчүлүктү көзүнө иле турган эмес ал жигит.

– Анын аялы келиптирби? – деди Зыйнат Кермекашты сустая тиктеп.

– Кайда кетти эле? Олтурду чогуу эле. Бир шүмшүйгөн өңү суук кара келин экен. Ошол Султан деген жигит мурда эле арман кылат деп уккамын, катынга жарыбадым деп.

«Жаман катындын жабуусу бала тура. Удаа-удаасы менен алты баланы төгүп-төгүп жиберип, орун-очок алып олтуруп калган имиш. Күйөөсү сүйбөйт деп ушактап жүрүшөт эл.

– Мурда эмнеге алыптыр сүйбөсө? – деди Зыйнат чыртылдап.

– Ой, балам ай, сүйүүдө жаңылыштык болбойт дейсиңби. Кээде жаштыктан, кээде мастыктан боло берет тура ар кандай тайгак тагдырлар. Толкунбек таштап кеткенден бери Жайнагүлдүн басыгы да мурдагыдай болбой бузулуп баратат. Кээде жигиттер келип терезесине сүйөнүп, качан чыгаар экен деп акыйып, кароолчудан бетер айнектен көз албай шыкаалап тургандарын да көрүп жатам...

Толкунбек аялдын сөзүн угуп олтуруп жадап да кетти. Мынчалык ушакчы аял экенин мурда байкаган эмес болуучу. Ал облздравдын башчысы жөнүндө айткан сөзүн угуп, ичи тарып, кызганычтан жүрөгү каарылып турду. Бирок алиги Султан Магзимовдун жаман жигит эмес экенин, ал институтту кызыл диплом менен бүткөнүн, Жайнагүлдөн ошондо эле уккан. Толкунбек ушул жерде эмне үчүндүр көңүлү бузулуп, Султандан чындап эле шек санай баштады. Бирок шек санаганда, санабаганда эмне. Азыр Жайнагүл менен Толкунбектин закондуу ажырашпаганы эле болбосо, бири-бирине ээ болуп, бир үйдө эрди-катын болуп жашап жаткан жок да. Толкунбек болсо аялдуу. А Жайнагүл болсо, эри жок башы ачык аял. Бирок ачык болмоктон эмне болсо да, ал акылдуу келин да.

Баятадан Кермекаштын сөзүн угуп олтуруп Зыйнат Толкунбектен уялганынан эмне деп айтаарын билбей, ыңгайсыз абалда калды. Көңүлүндө атайы эле кастык менен бул ушак-айыңды Зыйнат өзү уюштургандай болуп турду. Акыры келин Кермекаштын сөзүнө чыдабай кетти.

– Эже, бая эле кетем деп шашкалактап жаттыңыз эле. Деги баятан бери Жайнагүл жөнүндө көп сөз сүйлөдүңүз. Мага караганда кудайы кошунасыңар. «Кошуна ыраазы болбой, Кудай ыраазы болбойт» деген сөз бекер жеринен

айтылып калбаса керек. Алыш-чалыш, катышыбыз болбосо да Жайнагүлдүн жакшы аял экенине түшүнөмүн. Анын сиз айткандай ыплас ишке барарына көзүм жетпей турат. Ишенбейм. Башкага жеңдирсе да шайкелеңдикке жеңдирбес, бек аял болуш керек деп ойлоймун. Анын ордуна, мына мени сөз кылсаңыз, мени ушактасаңыз туура болмок. Мен анын эри менен көңүлүм жакын болуп жүрүп, акыры тийип алдым. Үч баласы менен тирүүлөй жесир калды. Чындыгында Толкунбек аны чанып ажырашкан жок. Тескерисинче, Жайнагүл Толкунбекти чанып кетти. Аны Толкунбек экөөбүздүн үстүбүздөн атайы эле душмандык кылып бирөө ээрчитип келип чыгарып койду. Ошондо эмне деди мага. Эч нерсе. Ал мени күнөөлөштүн ордуна, менин тарткан сүрөттөрүмө суктанып күлүмсүрөп, кубанычтуу толкундоо менен жайнап карап турганын өз көзүм менен көрдүм. Ооба, ал менин өзүмдү сыйлабаса да, талантымды, эмгегимди сыйлады. Мен Жайнагүлгө ушундай деп түшүндүм. Бул эмне деген айкөл аял. Эгерде ошол Жайнагүлдүн ордунда мен же сиз болсоңуз эмне болоор элек. Өрт коёт болучубуз. Үйдү үстүбүзгө, айлананы асманга көтөрмөкпүз. Анан сиз ушундай айыбы жок асылзатты бизге уялбай жамандап олтурасыз. Балким, сиз мындан баргандан кийин анда кирерсиз? Бизди жамандаарсыз. Биз жөнүндө айтпаганды айтып, дебегенди дээрсиз. Жайнагүлдүн жаралуу жүрөгүн уу сөздүү ушактарыңыз менен дагы оорутаарсыз. А балким, мен Толкунбек менен жөн гана убактылуу жашап жаткандырмын. Бүгүн болбосо эртең, эртең болбосо дагы бир күнү Жайнагүл менен Толкунбек кайра табышаар, кайра жашаар чогуу. Анткени ортодо балдары бар да. Мага түбөлүк эр болот деп мен буга али ишене элекмин.

Зыйнат башын кош колдоп басып унчукпай калып, тээ бир оокумдан кийин, сөзүн минтип улады:

– Мен Толкунбекти сүйгөндүгүм үчүн күнөөлүүмүн. Адам өзүнүн сүйүүгө толгон жүрөгүн өзү башкара албай калат экен.

Кермекаш Зыйнаттын сөзүн угуп, ысык сүт ууртап алгансып, оозуна сөз кирбей туттукту да калды. Сөз ушуну менен бүткөндөй бардыгы тымтырс боло түштү.

Зыйнат Кермекаштын алдындагы чыныга колун узатты.

– Калп эле, эрте бата кылган экенбиз шашып. Олтуруңуз, дагы бир чыны чай ичиңиз.

– Жок, ракмат, ичтим. Убара болбой эле кой.

– Баса, эже, Толкунбектин энеси оорусунан сакайып, абдан жакшы болуп кеттиби?

– Ал кишинин үйүнө кеткени качан. Жайнагүлдүн энеси экөөнү, бир депутат болгон, Сады деген Социалисттик Эмгектин Баатыры бар экен го, кайра-кайра депутат болуп шайланып келаткан, ошол келип алып кеткен самолёт менен. Энеңердин ден соолугун дарылап жатып оңоду го келини.

– Балдары басып жүрөбү? – деди Зыйнат.

– Ии, басмак түгүл чуркап жүрүшөт.

Зыйнат аялга көйнөк кийгизсемби, жоолук салсамбы деп келгенден бери кайсынысын ылайыкташтырарын билбей ойлоп турган. А дедирбей эле бирде Кынаны, бирде Жайнагүлдү, алмак-салмак дайны жок сөздөрдү айтып жамандап киргенде, эч нерсе бергиси келбей тырыша түштү. Мындай немелер берген белегинден да сөз чыгарып, түлкү тиштетмей ойнотчу неме деп ойлоп, айнып калды. Буга бергенди, багар-көрөрү жок мусапырга берсе, ошонун сообу тиет, – деп сарандык жагына оой түштү. Ар жактан бир топ конфет, печеньелерди алып келип, сумкасына салганы оозун ачып алып, ичиндеги арагы менен, салафан баштыкка салынган конфетти көрүп чочуп кетти. Ошол саамда Кермекаш булардыкына деп алып келгендерин бербей айнып калганын эстеп, сумкасын алганга үлгүрбөй калды. Ал жеткенче Зыйнат таттууларды сумкага салып койгон. Ошентип экөөнүкү «сеники сенге, меники менге» болду да калды. Зыйнат аялды дарбазага чейин узатып чык-

ты. Короонун ортосунда турган «Волганы» сурайм деп сурабай калганын эстеп, күлүмсүрөгөн болду.

– Машинаны жаңы алгансыңарбы?

– Ооба, Москвага кетээрдин алдында алганбыз.

– Ии, кымбат болсо керек.

– Арзан оокат барбы, эже, – деди дарбазанын туткасын кармап турган калыбында чыгып бараткан аялды узата карап...

Кермекаштын баягы айткан сөзүнөн кийин Толкунбек Жайнагүлдү алдыртан аңдый баштады. Эмне үчүн аңдып жүргөнүн өзү да билбеди. Зыйнат экөө кар эрий баштагандан бери тоого барып лыжа теппей да калышты. Зыйнат өз ишин уланта берди. А Толкунбек болсо али иштей элек. «Кардың ачса карындаш изде» дегендей бая күнү Алма-Атада бир чоң курулуш уюмунда жетекчи болуп иштеген жолдошунукуна Зыйнатты ээрчитип барып келген. Ал Толкунбекке убада берип, орун кандай болсо, ошондой телеграмма беребиз деп узаткан.

Күн узарып, карлар эрий баштады. Баягыдай машинасын күүгүм талаш бир жерге токтотуп коюп, Жайнагүлдүн терезесинен карай албай да калды. Анткени саат алтыда эмес жетиде да күн батпай калган. Иштеген иши жок туруп үйгө жөндөн жөн эле кечигип баруу да Толкунбек үчүн ылайыксыз болду. Кайда жүрдүң түнгө чейин десе, Зыйнатка эмне деп жооп берет. «Тигил тоонун, бул тоонун башын самаган кийик ачка өлүптүр» дегендей Жайнагүлдөн ажырап, кайып каскагынан Зыйнатка келип ойдо жок жерден өзүнөн өзү кирип калды. Эми мындан ажыраса кайда барат. Эки ортодо өзүн аразат калтыргысы келбеди. Ошентип, канчалык үйүнө барууга ыктытып, көңүлү көксөгөнү менен баралбады. «Эки жол айры болсо, ит башы каңгы болот» болуп жүргөндө, жаркырап жаз да кирип келди. Баягы жыгылып-туруп жаңы эле там-туң басайын деп, эки шилтеп, бир шилтеп калган Асан менен Үсөн азыр эч кимге залакасы тийбей тыңып алышкан. Жайнагүл аларды

эми кээде эле шашылышта коляскага олтургузуп бакчага алып барбаса көпчүлүк убакта экөөнү тепеңдетип, эки колуна жетелеп барып, кайра кечинде жетелеп келет. Толкунбек балдарын сагынганда көбүнчө бакчага келип көрүп кетүүчү болгон. Экөөнү эки тизесине олтургузуп алып, алмай-термей өөп, алмай-термей жыттап, сагынычын басып жүрдү. Бул сырды бир өзү, бир бакчада иштеген нянялар менен тарбыячылар гана билүүчү. Балдарына адеп келгенде ал жерде иштегендер каршылык көрсөтүшүп жүз үйүрбөй, Асан менен Үсөндү бермек турсун көрсөтпөй коюшкан. Кокус экөөнүн бирин уурдатып жиберишсе, эмине болоорду алар жакшы билишет да. Бирок Толкунбек андай жамандыкка барбасын айтып, баарынын көңүлүн таап, санааларын тынчытып койду.

Бирок бала деп жүрөгүндө эстеп, көңүлүндө сагынганы менен Зыйнатты көргөндө бардыгы эсинен чыгып кетүүчү болду. Аялынын ажары, аялынын өзү үчүн көргөн камкордугу, көөдөндө көрүнбөй көмүскө жаткан кирдин баарын жууп турду. Зыйнат Толкунбекке мурункудан да жакын, мурункудан да сүйүүсү артып, ашып-ташып кеткен. Көңүлүн калтырып, жүрөгүн ооруткусу келүүчү эмес. Колунан келсе, канатына канат байлап, асманга учургусу келчү. Ошон үчүн өзүн Толкунбектин алдында күнөөлүү да, милдеттүү да адам катарында сезчү. Ал эмес, күйөөсүнүн өз үйүн акмалап, балдарын чөйрөлөп айланчыктап жүргөнүн билсе да билмексен, укса да укмаксан болуп, ичинен сызып тим болуучу. Зыйнаттын дагы бир артыкчылыгы Толкунбекке он сом береби, жүз сом береби, же миң сом береби, аны кайта эмне кылдың, кайда жумшадың деп сурабагандыгы болучу. Деги, күйөө алдында өзүн ыйбалуу, ары адептүү кармачу. Толкунбектин айтканын дегеле эки кылуучу эмес.

Анткен менен өз чыгармачылык ишинде Зыйнат мурункуга караганда жигердүү иштеди. Не бир сонун портреттерди, пейзаждарды тартууга жетишти. Көптөгөн эм-

гектери мурункуларына караганда айырмаланып, өзгөчө бир чебердик менен полотного түшкөнү айтпаса да билинип турду. Бул да болсо Толкунбектин мага берген деми болсо керек деп, өз эмгектерин өзү карап туруп, өзүнө өзү ыраазы болуп чалкып кетүүчү. Чындыгында эле, анын чыгармага болгон ажайып, тубаса таланты Толкунбекке байланышып, аны менен бекем туташып тургандай болгон бир кереметтүү күч бар болучу.

Толкунбек бош жүрүүдөн тажап, канчалык бул жерден көздөн далдаа болууну чыдамсыздык менен күткөнү менен, казак досунун убадасы создугуп баратты. Иштеп көнгөн киши үчүн эмгексиз жүрүүдөн жаман эч нерсе жок болду. Өзү да шаарга батпай калды. Баягы мурда көрсөм, балдарыма барсам деп эңсөөчү көңүлү күндөн күнгө сууп, күндөн күнгө алыстай баштады. Анткени аларга көрүнүүдөн тартынып, өзүн көрсөткүсү келбей калды. Эсептеп олтурса, жумуштан бошогондон бери зымырык куштай учуп жарым жыл жарым мүнөттөй өтүп кетиптир. Бул жерде калып иштөөнү каалабаган Толкунбек, чакырган курулуш уюмдарынын эч бирине барбай койду. Деги эмнеси болсо да үй-бүлөсүнүн көзүнө көп көзүкпөй тез эле, бул жерден жоголгусу келди.

Жигит ушуларды ойлоп жатты. Анан Жайнагүл менен ажырашкандан кийин энесинин ден соолугун көрүш үчүн, артынан айылга барганын эстеди. Зыйнат Мансурга да, Кынага да адеми кездемелерден ательеге ичти-тышты кийимдерди тиктирип, Жанатка деп баштан аягына чейин бир сыйрасын камдап, кант-чайын алып өзү узаткан биринчи күн Толкунбектин жүрөгүнөн алигиче кете элек. Чогуу эле барып келели десе Зыйнат болбоду. «Ачуулуунун алдынан чыкпа деген сөз бар, Толкунбек. Өзүң эле жалгыз барып, ата-энеңдин абалын көрүп кел. Кыялдары кандай экен? Кандай кабыл алышаарын байкаарсың. Балким, күнөөңдү кечирип калышат. Кантип эле жалгыз баласынан кол үзүп кетишсин. Алар адегенде сени кечирип, анан мени өздөрү

келсин деп уруксат берип чакырган кезде гана барамын», – деди. Бирок андай болгон жок, деп ойлоду Толкунбек. – Мен барганда атам менен энем экөө тең үйдө жок экен. Көлөкөм ай, Жанат мени көрүп эле, бактын түбүндө кыздар менен ойноп жаткан жеринен учуп турду. «Абам келди Кудай, абам келди», – деп мени көздөй тыз койду. Мен аны кичинекей кезиндей эле көтөрүп алып боорума басып, өпкүлөп жибердим. Жыттадым. Көптөн бери үч баламдын эч кимисин көрбөй куса болуп калганымды ошондо билдим. Ал да мени мойнумдан орой кучактап алып коё бербей өөп-жыттап бетин-бетиме тийгизип, кубанычы койнуна батпай турду. Анан бир убакта: «Асан менен Үсөндү, Жайна жеңемди, эмне үчүн ала келген жоксуң?» – деп сурады. «Энем экөөбүзгө Жайна жеңем көйнөк алып берди. Ошондо энем ооруп, мурду канап жатканда сен кайда кеттиң эле?» – Менин жооп беришимди күтпөй Жанат суроонун үстүнө суроолорду жаадырып жатты. Мен эмне деп айтаарымды билбей мукактана түштүм. Баарынан да бармактай баланын сураган суроолоруна жооп таба албаган жаман тура...

Энем мени көрүп бардык күчүн көз жашынан чыгарды. Мен адегенде атам менен, анан энем менен учураштым.

– Кандай турасыңар? – дедим, атамдын түрүнөн жүрөгүм оозума тыгылып.

– Эмне, бизди өлүп калат дедиң беле, – деди энем. – Мен ошол жерде өлүп калсам деле келмек эмес турбайсыңбы. Мындан көрөкчө атаң экөөбүздү неге өлтүрүп салган жоксуң? Кантейин, Кудай жеткирсин. Жанагы Эсендин шайтан кызына барып, колуна өлүп берейин дедим эле, шоруң каткан Жайнагүл болбой койбодубу?

– Күтүүсүздөн ушундай бир ойдо жок иш болуп кетти, кечирип кой энеке. Мындай болуп, бала-чакадан, Жакинден ажыроо дегеле оюмда жок болчу. «Чыгашага ээси баш» дегендей, бир чети Жайнагүлдөн деле болуп кетти. Киши өлтүрсө деле кечирет турбайбы. Бир күнөөмдү кечирип

койбоду го келиниңиз. Зыйнат деле жаман киши эмес. Өзүңөр билген, өзүңөр катышып-чатышып жүргөн Эсен менен Аккыздын кызы. Кечирип койчу эми ыйлабай. – Мен энемдин мойнунан кучактап, бетинен өптүм. – Атаке, сиз да кечирип коюңуз. – Атамдын сүрүнөн, дит багып тике карай албай турдум. Чемодан, сумкаларды ачып, алып келген белектеримди алдыларына коё баштадым. Жанаттын кийимдерин өзүнө кийгизейин деп ойлодум.

Ошол саамда жаңы эле алдына койгон белектерди энем жаман көзү менен бир карап алып, буту менен тээп жиберди.

– Азыр өрттөп салам. Жогот буларыңды көзүмө көрсөтпөй.

Баятадан үн-сөз жок, көздөрү канталап, муруттары сербейип кумсарып олтурган атам, мени жеп жиберүүчүдөй акшыя бир карап алды:

– Жайнагүл эмне деген келин эле ыя, ит. – Ок жеген аюудай бакырды атам. – Ушул жерде элдин бетин карай албай шерменде болуп олтурабыз. «Катын албай кайын ал», – дейт. Өңгөнү тапсаң да Садыдай кайнаганы, Тумардай кайненени, төгөрөктүн төрт бурчунан төрт айлансаң таппассың. Ошондой эле Зыйнатта мурунтан көңүлүң болсо, эмнеге аны албай, Жайнагүлгө үйлөндүң эле? «Жакшылыкка жамандык» деген ушул экен да. Башканы унутсаң да Сады менен Жайнагүлдүн эмгегин унута турган эмес элең. Болуптур, күнүңдү көрө бер. Экинчи атам бар, энем бар, балдарым бар деп ойлобой эле кой. Биз өлсөк бизге топурак салбай эле кой. А мен болсом сага салуучу топурагымды даярдап, түйүп койдум, ала кет анан унутпай. Кечтим сендей тукумдан. Чолпондой болгон балдарымды көмгөндө өлбөгөн, сенден ажыраганда өлмөк белем.

– Койчу ата, кантип ошол болсун. Мен силерди кантип ойлобой коё алам. Атасы баласынан кечкенден Тейитбектен башка кайсы атаны көрдүң эле?

– Эй, кемпир, мына бул ары жок акмак балаңдын сөзүн угуп жатасыңбы? – деди атам энеме. – Мен буга Тейитбек

болуп калган турбайымбы. Эй, макоо, Тейитбек мен эмес, сен болуп олтурбайсыңбы. – Атам жаалданып турду. Мени көзүндө огу болсо атып жиберүүчүдөй карады. Өңү мурдагыдан да кубарып, эки көзүнө кыпкызыл кан толуп кеткенин көрүп чочуп кеттим. Ал бирөөгө катуу наараазы болуп, аябай ачуусу келгенде гана ушинтип өлөөр-тирилерин билбей кетүүчү. Атамды мурда билгендер, согуштан ушинтип каны бузулуп келди деп калышчу.

Энем чатактын ырбаарын билдиби, атама карап минтти:

– Койчу эми, кечке эле капааттана бербей. Карачы, сенин үнүң катуу чыкса, Жанатың элеңдеп коркуп жатат.

Энемди кагып салды атам.

– Былжыраган акмак, жаагыңды басчы, сайрабай. Эй, балдардын кусуру урган бузулган акмак. Мен сага Тейитбек болуп калган экенмин да, – деп кайталады сөзүн.

Тим эле жаак эттери түйүлүп, тиштери кычырайт.

Атам бир убакта ордунан учуп туруп, ички үйгө атып кирди. Ошол замат бир колуна мылтык, бир колуна чып этменин огун кармап кайра чыкты. Мен ордумдан туруп, кетенчиктей бердим. Энем да ордунан шашып турду:

– Муну эмне кыласың? – деди энем, колдору калтырап, мылтыкты октой албай буйдалып жаткан абышкасынын маңдайына тура калып.

– Итти атамын.

– Кайсы итти кокуй?

– Мына бул Толкунбек деген итти. Итке иттей өлүм керек. Жайнагүл менен үч бала үчүн, мен муну өз колум менен жайлап салып, өкмөткө өзүм барып берем.

– Жинди болбо, кокуй Мансур. Бир ачууңду мага бер, айланайын абышка, сакалыңдан секет кетейин. – Энем мылтыкты атамдан талаша баштады.

Жанаттын чырылдап атам менен энемдин аяк астында жүргөнү көзүмө бир көрүндү.

– Ата, абамды атпа. Өлтүрбө абамды. Ата-ке-б-а-й! О-о-й, а-та!

– Тур нары, кармаба, коё бер мылтыкты. – Энемди түртүп жиберди. Атам мылтыкты кандай октоп, кандай таамай мээлөөгө жетишкенин билбейм бир кезде мылтык тарс дей түштү. Коркконумдан октон мурда жыгылып кетиптирмин. Энем бир кезде абышкасы менен кармашып жатып мылтыкты колунан жулуп алды. Эсимди жыйып, башымды көтөрүп, мылтыктын огу кайсыл жерге тийди экен деп карасам, дубалга тийип, тамды көзөп кетиптир. Эгерде жата калбаганымда башымды талкалай атып салмак экен. Атам дагы эле мага сүйлөнүп жатты. – Күнөөсүз чолпондой болгон үч баладан кечкенге караганда бир баладан кечип, жайлап коюш күнөө эмес, – деп, демигип турду. – Дагы уялбай Эсен менен Аккызды айтып коёт. Алар эмне, кызын биреөнүн шаарын бузуп, жүзү каралык кылсын деп, тууп тукум калтырыптырбы. – Коё берчи, дегеле ушул чочкодон келгенди көрдүм, – деп дагы эле буркан-шаркан түшүп, энеме ээ бербей жатты. Ошол саамда энем мага «кет» деген ишаарат көрсөттү.

Коркконумдан оозума сөз кирбей муундарым калчылдайт. Атамдын сөзү сөөгүмдөн өтүп, чучугума жетти. «Ойлобой сүйлөгөн онтобой ооруга жолугат» дегендей, башка күнөөм аз келгенсип, бул Тейитбек деген жомокту кайдан эстеп, кайдан айта салганымды өзүм да билбей калдым. Тутана албай турган отко байкоостон өзүм бензин куюп алганымды түшүнүп турдум. Атам менен эми экинчи көрүшпөөчүдөй болуп эшикке чыктым. Көзүм караңгылап, кулагым чуулдайт. Жуп машинага жетип, эшигин ача бергенимде Жанаттын: «Аба, кетпе!» – деп чырылдап, ыйлаган үнүн угуп көзүмдү жумуп жибердим. Болору болду дедим көңүлүмдө. Машинаны короодон кандай айдап чыкканымды өзүм да билбей калдым...» Толкунбектин ою ушул жерге келгенде эшиктен Зыйнат кирип, төшөктөн али турбай сулк жаткан күйөөсүнүн жанына барып бетин бетине тийгизди.

– Тур тамак ичели. Карачы мен муздап калдым. – Кош колун күйөөсүнүн койнуна сойлотту.

Толкунбек ичиркене түшүп, анан аялынын эки колун колтугуна кысты.

– Тү-ү-ү, ак жайдын күнү да адам ушундай муздайбы.

– Муздак сууга кир чайкадым. Бүгүн көпкө уктадың го. – Күйөөсүн тиктеди. – Эмне, бир жериң ооруп турган жокпу? – Зыйнат Толкунбектин капа болгонун билип, ачык айтпай ошентип сурады.

– Жок, эч жерим оорубай эле турам. Азыр эле көзүм илинип кетсе, Жанат түшүмө кирип жатыптыр. – Жигит калп айтты. – Мен айылдагы үйгө барыптырмын. Машинага түшүп кетейин деп жатсам: «Абаке, кетпе!» – деп чыңырып, артымдан чуркап келатканда чочуп ойгонуп кеттим. – Толкунбек эки колун төбөсүнө алып, оор улутунду. – Иштебей да жаман болдум. Көлгө кетип калсам бекен. Тигил Жакан деген казак достон да кабар болбос болду го. Алысыраак кетип калсак дедим эле, болбосо бул жерде деле күндө чакырып жатышпайбы.

Зыйнат унчукпай Толкунбекти тиктей берди. Анан бул көз карашында күйөөсүн аёо сезими менен сүйүү сезими аралашып жалооруп, эмне деп акыл берерин билбей турду. Анан эки колу менен Толкунбектин эки колун кармап, өзүн көздөй тартып, тургузайын дегенче болбой жигит Зыйнатты камынтпай кучактап төшөккө тартып кирип, өпкүлөп жиберди.

– Кандай десең андай де, мен Россияга кетем. Ошол жерден бир курулуш уюмуна орношуп, шыбакчы болобу, кыш кыноочу болобу, же ширетүүчү болобу, мага баары бир, иштеп кете берем. Сөгүштү алдырыш үчүн да иштеш керек да. Убакыт өтүп баратат.

– Бул жерге калууга экөөбүз тең даай албай жатпайбызбы. Россияга кетсек кетип да калабыз. Анын эмнеси бар экен...

Ушул кезде шаарда да Мансуровдун эч жерде иштебей, бош жүргөнүн угуп, жетекчилердин да тынчы кете баштаган болучу. Мындай өз ишин жакшы билген, жөндөмдүү адисти колдон чыгарып жиберүү, алар үчүн да ойлоно турган иш болду. Анын үстүнө баягы жүз сексен квартиралуу үйдүн даңкы таш жарып, адамдардын кызыгуусун туудуруп жаткан болучу. «Эмне үчүн ушундай үйдү көбүрөөк курушпайт» деген сөздөр да, суроолор да көп түшүп жаткан.

Толкунбек Россияга кетүүгө чындап эле өзүн өзү бекитип, бел байлап турган кезде ондой берди болуп, Алма-Атадан Толкунбекти чакырган телеграмма келип калса болобу. Буга бир чети кубанса, бир чети барса келбес жолго кетип жаткансыган бир салмактуу ой төбөсүнөн ылдый басып тургандай болду. Ал болсо балдары менен Жайнагүлдү алыстан болсо да анда-санда көрүп турушу көңүлүнө төтөп болуп жүргөнүн Толкунбек эми билди. Алардан алыстоо Толкунбек үчүн өзүнчө эле адамга айтпай турган жашыруун оору болду.

Зыйнат экөө эртең эрте жолго чыгып, күн ысый электе жөнөп кетебиз деп сүйлөшкөн. Бирок мындай түнтарсынан эле жолго чыгуу Толкунбекти шаштырып салды. Асаным менен Үсөнүмдү көрбөй кантип кетемин деп боор толгоп турду. Анан дагы өзүнүн бул кетиши Жайнагүлдүн моралдык жактан бузулуп кетишине жол ачып берүүчүдөй туюлду. Ал баарынан да Султандан шектенип, арам ойдон жүрөгү мыжыла баштады. Эмнеси болсо да яслиге барып, балдарын эртерээк көрүп, алар менен коштошуп келмек болуп өзү менен өзү сүйлөшүп, өзү менен өзү кеңешип койду. Андан да Жайнагүлгө кат жазып, өз үйүнүн эшигинин алдындагы почта ящигине салып кетмек болду. Ал биринчи жолу батынып Жайнагүлгө кат жазууга киришти. «Жакин! – деп баштады катты, сен менин күнөөмдү кечирбесиңди түшүнөмүн. Ошентсе да ортобузда балдар бар эмеспи. Мен чынымды айтсам, башканы унутсам да сени ме-

нен балдарымды унута ала турган эмесмин. Уктасам түшүмдөн, ойгонсом өңүмдөн кетпейсиңер. Сен мени сотко берет го деп ойлогон элем. Бирок анткен жоксуң. Толкунбек иттик кылса да, мен иттик кылбайын десең керек. Балдарга да, сага да бардык жагынан милдеттүү элем. Силердин менден алуучу насибиңерди сотсуз эле өзүм берип турушум керек экенин түшүнөмүн. Бул жерден биротоло кетип жатамын. Азыр барып бакчадагы балдарым менен коштошомун. Өбөм, жыттайм, ыйлайм. Анан сени алыстан акмалап карап туруп, караанынды көргөнгө каниет кылып кайра тартам. Андан чыгып, бул катты үйдүн алдындагы почта ящигине таштайм. Иштен бошоп калгандан бери эч кайда иш сурап барбадым. Чакырган жерлерге иштегим келбеди. Анткени сени, балдарымды таштап коюп бөтөн үйдө, бөтөн аял менен бирге жашап туруп, бир шаарда иштей албадым. Барган жеримде, иштей баштаган күнүмдөн тартып колумдан канча келсе, ошончолук жардамымды жиберип турам. Аман болгула. Ишиңе ийгилик, баарыңарга ден соолук тилейм.

*Бетиңден өөп, өзүңдүн Толкунбегиң».*

Жигит катты жазып, конвертке салып бекитти да, кийип турган костюмунун чөнтөгүнө салып, сыртка чыкты. Толкунбек баягы үйүнө барып келгенде ата-энесинин кандай кабыл алганын Зыйнатка ачык айткан эмес.

– Мен почтага барып, үйгө кат салып келейин, – деди тышта, күйөөсүнүн кийимдерин тазалап жаткан аялына.

– Барып кел, – деди кандайдыр бир нерседен шектенгендей болгон Зыйнат.

Жигит чыгып кетти. А Зыйнат болсо, жасап жаткан жумушун токтотуп, Толкунбектин кайда барарын билгиси келди. Ошол замат үйгө кирип, шашып-бушуп көйнөк которуп, бутуна жапыс така сандалетин салып, колуна тамак-аш салуучу сумкасын алды.

Зыйнаттын Толкунбектин артынан издеп чыгышынын да себеби бар болучу. Анткени баягыда Жайнагүлгө жазгандай болгон тоголок каттар, азыр Зыйнатка тоголонуп келе баштаган. Анда, Толкунбектин ар дайым өз үйүнө барып жүргөнү укмуштай сүрөттөө менен жазылат. Кат жазгандар, анын бакчага балдарына барганын да унутпайт. Бирок Толкунбек тоголок катта жазылгандай үйүнөн анчалык деле шамшаркыт чыгып кеткен учуру, конуп-түнөп калган мезгили болбоду. Эмнеси болсо да бүгүн бир байкап көрөйүн деген ниет менен артынан куба чыккан себеби да ошол болучу.

Толкунбек эч жакка бурулбай түз эле жүрүп олтуруп Асан менен Үсөн тарбыяланып жаткан бакчага келип бир тийди да, эки жагын абайлап бир демге карап туруп, дарбазадан шыр кирип кетти. Зыйнат болсо тактайдан жасалган тосмонун түбүндөгү жол менен, бирөө байкап калбасын деген ойдо басар-басмаксан болуп баратты. Бирок жигиттин киргенинен чыкканы бат болду. Ал чөнтөгүнөн беtаарчысын алып, маңдай терин сүрттү. Зыйнат Асан менен Үсөндүн бакчада жок экенин дароо билди. Бактыга жараша Жайнагүл бүгүн балдарын бакчага алып келген эмес болучу. Толкунбек анан түз эле жогору карай басты, Зыйнат күйөөсү узаары менен артынан арышын керди. А Толкунбек болсо өзүнүн мурдагы үйүнүн дарбазасынын алдына келип, чөнтөгүнөн конвертти алып, эшигинин алдында, дарбазада илинип турган почта ящигине колдору титиреп жатып араң түшүрдү. Жигиттин кулагына кандайдыр Сады Казиевичтин үнүнө окшогон үн угулуп кетти. Асан менен Үсөндүн чурулдаган дабыштары, балдырап бирибири менен сүйлөшкөн сөздөрү кулагына даана угулду.

– Папа, папа, – деген биринин сөзүнө Жайнагүл ачуулуу бурк этти.

– Кайдагы папа?! Ой байкуштар ай, пападан үмүтү үзүлбөгөн.

– Кимиси ал, папасын эстеп жаткан, – деген Гүлайымдын үнү шаңк этти.

– Асанбы, Үсөнбү, кимиси экенин байкабай калдым. Экөө тең Толкунбекти унутушпайт жарыбагырлар. Алмак-салмак эле папалай беришет. Ыйласа да папалап ыйлашчу болду булар.

Короодон жанга жагымдуу, сагынычтуу сөздөрдү угуп, аярлай калган Толкунбек машинанын сигналынан селт этти. Ал кайра артына кандай бурулганын өзү да билбей калды.

Зыйнат Толкунбектин Жайнагүлдүн үйүнө кирип кеткенин, же кирбей эле кайра кеткенин билбей адашып калды. Эмне кылсам экен деп ойлоду. Өзү да Асан менен Үсөндү көргүсү келип, ичи эңшерилип турганын билди. Кермекаш аяш жеңесин да баягы өздөрүнүкүнө барып кеткен бойдон көрө элек. Эмнеси болсо да ушулардыкына кирип, чала кетейин деп ойлоду. Балким, Толкунбекти билип берер.

Зыйнат эшикти ачып-ачпай эле босогодон Кермекаш менен беттеше түшүп, күлүп жиберди. А Кермекаш болсо маймыл көргөн немеден бетер чочуп кетти.

– Апей кагылайын, шайтандай болуп кайдан чыга калдың? – деди үй ээси Зыйнатты чочулай карап.

– Мен дагы баягы өзүңүзгө окшоп эле, өтүп баратып кире калдым.

– Кире калсаң кир эми. Мени бул кошунаныкы чакырганынан ошондо бараттым эле. Фрунзеден кечээ Жайнагүлдүн баягы депутат баатыр агасы аялы менен келиптир. Жайнагүл да отпуска алып, Ысык-Көлгө кетип жатат. Балдарын кайнатасыныкына таштап, өзү «Аврора» деген пансионатка барып дем алат имиш.

– М-м, ошондой деңиз.

– Ошондой. Чай койсом болот эле, бирок...

– Жок, жок, эч нерсенин кереги жок. Чакырган жериңизге кире бериңиз, мен да кетем, – деди тикесинен турган Зыйнат Толкунбектин анда кирбегенин дароо билип.

– Эч нерсе ичпей, куру ооз кеттиң, капа болбо.

– Капачылык жок эже, жакшы калыңыз.

Зыйнат чыгып кетти. Бая өзү барганда, ошончо шаар кыдырып жол басып келип жатып, бир чарчы чүпүрөктү илүү кылып койбогонуна, Кермекаштын Зыйнатка жини келип, таарынып калган. Ошондо, Толкунбек экөөнү Жайнагүлгө өлгөндөй жамандап келген. «Баарынан да мен барсам Толкунбек пол жууп жатыптыр. Уялганымдан, колундагы тряпканы алып, үйүн жууп чыкпадымбы», – деп толгон-токой сөздү чыгарып, калпты чындай кылып айтып келген болучу.

Аялы келгенде Толкунбек жаңы эле үйүнө келип олтурган. Зыйнаттын ичи туз куйгандай ачышып турса да, күйөөсүнө ооз да ачпады, сыр да билгизбеди. Балдарын көргөнү барганын ойлоп, өзүнөн өзү бук болуп турду. Бир туруп ичи күйүп, өзөгү өрттөнсө, бир туруп аркы-беркини ойлоп, Толкунбекти аяп, ага боору ооруп турду...

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

Өз жеринен бул жерге бакыт издеп келаткан кыргыз уулун казак калаасы өз боорундай кучак жайып тосуп алгандай болуп көрүндү. Шаарга кире бериште «Ак жолтой боло көр, айланайын бир боордош казак жери. Мен сенден коноорго туур издеп, тууган издеп келатам» деген тымызын ой-тилек менен тасмадай созулган асфальттан көзүн албай, жолдун таманын теше тиктеп, кош колу рулда келаткан жигиттин жүрөгү бирде алып учуп, бирде дүпөйүл согот. Алар түз эле баягы өзүн телеграмма берип чакырган жолдошунун үйүн көздөй бет алды. Толкунбектин жанында команда берген офицерге окшоп: «...эми оңго, азыр экинчи көчөдөн солго буруласың. Бул Курмангазы атындагы проспект. Түз эле айдай бер. Ана, тээтигил тогуз кабат үйгө жеткенде, ошонун короосун көздөй имерил», – деп Зыйнат келет.

– Пай, пай, пай, тим эле жонумдан тер акты. – Машина токтоору менен Толкунбек эки колун таштап шалдырай түштү. – Кыймыл укмуш да бул жерде. Тим эле Москванын көчөсүндө бараткандай сүрдөдүм. Сенин эске тутууң укмуш экен, Зыйнат...

Балкондо бир нерсе кылып жаткан Галия машинанын номерин көрүп, күйөөсүнө угуза сүйлөдү:

– Жакан! Кантсе да биздин меймандар келди.

– Кана? Оо, биздин кыргыз агайындар келген тура, – деди жигит шаша сүйлөп. – Бол, астынан тосолук.

Галия менен Жакан чыгып баратып, Толкунбектер менен эшик алдынан беттешип калды.

– Ойба-а-й, Толоке, келишиңиз менен!

Достор кучакташып көрүштү ...Арадан эки-үч күн өтпөй, Жакан өзү начальник болуп иштеген ПМКнын жаңыдан фундаменти курулуп бүтүп калган турак үйдүн курулушуна Толкунбекти бригадир кылып дайындады. «Сөгүшүңдү алдыргандан кийин дароо башка кызматка которобуз», – деп убада берди начальник. Жаңы жер, жаңы иш, жаңы коллектив менен жуурулушуп кетүү Толкунбек үчүн оңойго турган жок. Ал жердегилер Толкунбекти адегенде эч нерсе билбеген кол бала сыяктуу, анчейин тогото беришпей жүрүштү. Бири бирди айтса, экинчиси экини айтат. Мастер мындай деди десе, прораб мындай деди дейт. Жигит алардын сөзүн унчукпай угуп, сырын ичине катат. Биринчи жолу бул жерге Жакан өзү курулушчулар менен Толкунбекти тааныштырганы алып келгенде өзүнүн билими жөнүндө да, мурда башкы инженер болуп иштегендиги боюнча да, сураныып жатып эчтеке айттырбай койгон. Начальник бар болгону: «Бул жигит мындан ары силер менен чогуу иштейт бригадир болуп. Өз ишин жакшы билген тажрыйбалуу курулушчу. Бириңе-бириң туура түшүнүп, бир туугандай болуп жуурулушуп кетээриңерге ишенемин», – деген. Бирок ошондой болсо да «Үйрөнбөгөн бейишинден, үйрөнгөн тозогуң артык» дегендей, жүрөксүгөн бир иш болду. Бир жума бою Толкунбек эч иштебей, тигилерди өзүнчө байкап, сүйлөшкөн сөздөрүн угуп, иштеген иштерин көрүп, унчукпай жүрө берди. Бардыгы эле анан калса, Толкунбек чет мамлекеттен келген шектүү адамдан бетер, ага сынагандай карап, сактана сүйлөшөт. Кээде жумушчулар эле эмес мастер деле кантээр экен дегенсип, кычаштык менен өзү билип турган ишин да билмексен болуп сурай берет. Толкунбек болсо, алардын сынап жатканын байкабай эле сураган суроолоруна сөз менен эмес, иш менен практика жүзүндө жооп бергенди жакшы көрөт. Курулушта жашы-

нан иштеп, башынан шамдагайлыкка, тыкандыкка, чыгымдуулукка, брак чыгарбай сапаттуу иштөөгө көнгөн жигит, бөтөн жер, бөтөн эл, бөтөн коллективде мурдагыдан да шайдоот болуп кеткенсиди. Анын бардык максаты өз кесиптештеринин ишенимине ээ болуу, аларга жагуу. Ооба, ал ушинтип жүрүп бат эле өзү менен бирге иштеген коллективи менен кандай таанышып, кандай алынышып кеткенин билбей да калды. Көрсө, жумушчу деген калк бирин-бири тез сынап, бирин-бири тез таанып билишет окшобойбу. Ал жумушчу менен жумушчу болуп, эмгектин кайнап жаткан жерине сүңгүп кетти. Өзүнүн не кыргыз, не казак, не орус экенин да жакшы ажырата албай калды. Эмнеси болсо да алар менен жалпы тил табышканына сүйүндү. Бул Толкунбектин биринчи жеңиши болучу. Баарынан да ушул карапайым адамдардын мүнөздөрү менен мүнөздөрү, ниеттери менен тилектери, ал эмес өздөрүнчө, же бири менен бири сөгүнүп кеткен кээ бир кыялдары бардык жерде, бардык курулушта бирдей окшоштугу Толкунбекти таңдантат. Жумушчулардын үндөрүн, сүйлөшүп жаткан сөздөрүн угуп, өзүнүн кайда иштеп жатканын да кээде толук ажырата албай калат.

– Ми-шаа-а! Э-э-й, тирүүсүңбү же өлүп калдыңбы? Кана, аралашма, – деген аялдын сөзүнө удаалаш, ар жактан эркектин сөгүнгөн үнү угулду.

– Жаагың сынган жез тумшук ажатканага кирип чыгууга да убакыт бербес болду.

– Эй, макоо, – дейт тигил аял жиндене, – ушундай шашылышта, кандай акмак ишти токтотуп коюп, ажатканага барат экен, ыя? Эртең менен үйүңдөн чыгаарда төгө чыккан жок белең? Азыр түшкү дем алыш боло элек, уктуңбу?

Толкунбек тигилердин сөзүн угуп быртс күлдү.

– Кудая тобо, кадим эле баягы биздин Екатерина Ивановна менен Сергей Сергеевичтин өзү. Алар да майын чыгара иштеп, майын чыгара сөгүнүшчү эле. Шумдугуң кур-

гур, дегеле курулушчулардын топурагын бир жерден алышса керек...

Толкунбек баягы Жакан ээрчитип келгендеги сөз бойдон: «Мен бул жерге келгенге чейин СМУда башкы инженер болуп иштегенмин. Курулуш боюнча жогорку билимим бар», – деп жан кишиге айтып, жан кишиге мактанган да жок, көтөрүлгөн да жок. Ал эмес жогортон ылдый карай кулап түшүп, жумушчу болуп калдым деп басына да койбоду. Ал эч кимге ачык сырын айтпаса деле өз жөндөмүн өзү жакшы билет. Толкунбек инженер менен прорабдан, мастер менен бригадирден баштап кимиси эмне иштээрин, алардын аткаруучу милдеттерин беш колундай түшүнөт. Чын-чынына келгенде бригаданын бригадири деген курулуштун атасы эмеспи. Ал адам курулушта кандай татаал иш болсо да билиш керек. Бүтпөгөндү бүтөөгө, кыйшайганды түзөөгө билгичтик менен жетекчилик кылып иштөөчү мастерден кийинки адам бригадир эмегенде ким?

Бул объектиге келээри менен, өзүнө тиешелүү болбосо да адегенде эле курулуштун чиймелери, анын долбоору менен таанышып чыккан болучу. «Бул беш кабат үйдүн курулушу аяктаган кезде шаардын чет көчөлөрүнүн биринин көркүн ачып, көргөн жандын көз жоосун алган, жашоого бардык шарт, бардык ыңгайлуулугу менен айырмаланган дагы бир имарат пайда болуп чыга келет экен», – деп ойлоду Толкунбек. «Вай, вай, вай, Алма-Атанын куруп жаткан курулуштарына, салып жаткан имараттарына кандай адам кине коё алат. Шаарыбыз мындан ары кеңдикке карай өспөстөн, асман мелжиген бийиктикке карай канат сермеш керек», – деп айткан Жакандын сөзүн ойлоп келаткан жигит, курулуштун жанына келип токтоду. Ошол замат бригадирдин бүтүндөй ою жаңыдан бетон блоктор коюлуп бүткөн фундаментке сүңгүп кетти. Ал бүткөн ишти дагы бир сыйра текшерип чыккандан кийин гана курулуштун дубалдарын тургузууга көмөктөшө баштады.

– Үй куруу фундамент тургузуудан башталат, – деди Толкунбек жанына келген жаш жумушчуга карап. – Сен жигит, фундамент имараттын эң маанилүү конструктивдик элементтеринин бири болуп саналаарын түшүнөсүңбү? Эми тез эле иштеген ишибиз көзгө көрүнө баштайт. – Оюнда мындан аркы иштеле турган иштерди көңүлүнөн өткөрүп ой толгонуп турган Толкунбек ушинтип кобурады...

Ошол эле күнү жумушчулар курулуштун булуң-бурчуна темир арматураларды коюп бекиткенден кийин, аларды бетон менен толтурууга киришишти.

Толкунбек мурда мындай иштерге көпчүлүк убакта оозеки гана көргөзмө берүүчү. Кай бир учурларда гана курулушчулар байкоостон калпыстык кетирип жатканда же болбосо адам күчү жетишпей иш токтоп кала турган учурларда өзү аралашып кетпесе, минтип такай туруп иштей элек болучу.

Кечинде үйгө аябай чаалыгып кайтты. Күйөөсүнүн келээр жагын карап, балкондо турган Зыйнат Толкунбектин келатканын көрүп ичи эңшериле түштү. «Бул байкуштун кебетеси таза келишип калган го. Эмнеге эле жөө кетет куурап. Шаардын тээ четине жеткенче качан. Жок дегенде кайра келатканда жумушчуларды тарткан машина менен жетип албайбы. Жөө басуу адамга пайдалуу деген принцибин өлсө да адамга бербейт экен да бул өзү». Аял ойлогон оюнун аягына чыкканча болбой Толкунбек да келип калды. Балкондон шаша чыгып, күйөөсүнүн алдынан утурлай басып, тосуп алды. Аялынын көзүнө күйөөсүнүн кашкайып агарган тиши менен жайнаган көзүнөн башка таза эч жери калбагандай болуп көрүнүп кетти. Бирок анткени менен Толкунбектин кабагы жаркырап, ууртары жыйрыла күлүңдөп турушунан келиндин көңүлү жай боло түштү.

– Зыйнатка, мен кирмин, көрүп турасыңбы башымдан аягыма чейинки чаңды, – деп мойнунан кучактай калган аялынын маңдайына эрдин акырын тийгизип өөп койду.

Аңгыча ары жактан көрүнгөн Галия:

– Аябай чарчаган кебетеңиз бар. Анын үстүнө бүгүн күн бөтөнчө ысыды. Талаада ачык асмандын алдында иштеген сиздер эмес, көлөкөдө олтуруп Зыйнат экөөбүз ысыкка чыдабай канча жолу душка кирбедик.

– Балык болуп кетпесеңиздер эле болду.

Галия күлдү.

– Аяш, душка кирсеңиз, бардыгын даярдап койдум.

Аңгыча эки баласын бакчадан алып Жакан да келип калды. Толкунбек менен кол алышып, көптөн бери көрүшпөгөндөн бетер достук мээрим менен жайдары учурашты.

– Кандай ал-абал?! Көнөйүн деп калдыңбы же дагы эле «койго келген жат эчкидей» болуп, жумушчулар менен сиңишип кете албай жатасыңбы?

– Жок, Жаке дурус, бири-бирибиз менен көнүшүп калдык. Бүгүн үйдүн керегесин көтөрө баштадык...

Толкунбек өзүнө бирдеме жетпегенсип, өзүнөн өзү көңүлү бөксөрүп, коңултактап турду. Анан Абай менен Жабайды издеп, эки жагын карап минтти:

– Балдар келбеди беле?

– Галия кийим которгону алып кирди го аркы бөлмөгө:

Толкунбек балдарды чакыра баштады:

– Жа-ба-а-й! Э-э-й, Аб-а-а-й, кайдасыңар?! Келгилечи мында. – Толкунбек эки баланы ушинтип чакырып жатып, өзүнүн Жанаты менен эгиз уулдары Асан, Үсөн эсине түшүп, эси эндиреп, жүрөгү сызыла түштү. Бөбөктөрүн чакырган кызынын үнү да, сөзү да кулагына угулуп турду. «Эй, Асан, сен кимсиң, Асансыңбы, же Үсөнсүңбү? Эй, Үсөн, сенчи, Үсөнсүңбү же Асансыңбы?» – Толкунбектин көзүнө жаш айлана түшкөнүн өзүнөн башка эч ким байкабады. Ушул саамда алдына Абай менен Жабай жарыша чуркап келип тура калды. А Толкунбек болсо башка балдар эмес, өз балдарын көргөнсүп, экөөнү эки колуна көтөрүп алып алмак-салмак өпкүлөп жиберди.

– Сенин атың ким? Абайбы же Жабайбы? – деди Жанатты туурап.

– Мен Абаймын. Мына Жабай, – деди тестиери.

– А, мен сени Жабай экен деп жаткан турбайымбы, – деп күлө багып экөөнү эки тизесине кондуруп, диванга барып олтурду.

А Жакан болсо, кечээ жакында эле фундаменти жаңыдан казыла баштаган имаратка, минтип тез эле жан кирип, керегеси көтөрүлүп жатканына кубанбай коё алган жок. Кыргыз досунун жаш болсо да, түшүнүгү терең, эмгекчил экенине ыраазы болду. Толкунбек менен кеңешип иштесе жаман болбосун да ойлоп койду ичинен.

Азыр Толкунбек баягы Толкунбек болбой эле карапайым жумушчу болду да калды. Анын бардык аракети өзү иштеп жаткан турак үйдүн курулушун тез аранын ичинде, мөөнөтүнөн мурда бүткөрүп пайдаланууга берүүдө болуп калды. Бул үчүн күн тынымын, түн уйкусун коюп, жигердүүлүк менен иштеп жатты. Кыш кыноодо бул жигиттин шамдагайлыгына адам жетүүчү эмес. Ал мындай артыкчылыкка кайын агасы Сады Казиевич менен иштеп жүргөндө жетишкен болучу.

Ал Жакандын келгенин көргөн да, билген да жок. Колу колуна тийбей, жанында кынабы менен үйүлүп турган кирпичтер көзгө илээшпей, бир калыпта төгүлгөн аралашма менен жиги билинбей тизилип жатты. Толкунбектин иштеп жаткан ишин айгинелеп жаткансып, аралашмага чөгөрүлгөн кирпичти балка менен тыкылдатып, бир калыпта урулган үн тынымсыз улана берет.

Жакан менен бирге келген адамдар, бир топко кызыгуу менен карап туруп, өздөрүнчө сүйлөшө кетишти.

– Машинадай иштейт экен, – деди биринчиси.

– Алиги, сиз айткан кыргыз жигит ушулбу? – деди экинчиси.

– Ооба, ушул жигит. Мурун, бизге келгенге чейин СМУда башкы инженер болуп иштеген...

– Булар эмне, дем алышсыз, тамак ичпей иштешеби? – деди тигилер Жаканга карап.

Толкунбектин кыш кынаган шамдагайлыгына таң калып жатып, дем алуу убактысын, Жакан да унутуп калыптыр. Ал эми курулушта иштеп жаткан жалпы жумушчулар, түшкү дем алуу убагы болгонун билишсе да, Мансуровдун баш көтөрбөй иштеп жатканынан улам, басып кете алышпады. Ушул маалда Жакандын үнү заңк этти:

– Толоке, иш илгери болсун. Бүгүн силер дем алышсыз, эс албай иштейли дедиңерби. Баарың эле эки жагыңарды карабай калыптырсыңар.

– Эмне, түшкү дем алыш болуп калдыбы? – деп сурады Жакандан, кыш кынап жаткан калыбын бузбай.

– Кичинеңерден чоңуңарга чейин, баарыңардын билегиңерде бирден саат жүргөнсүйт. Алар эмне, иштебейби? Же баарыңар оюнчук саат тагынып алгансыңарбы?

Толкунбек каткырып күлдү.

– Ха-ха-ха! Баарыбыздын саатыбыз токтобой эле иштеп жатат, бирок ошону кароого убактынын жоктугун көрбөйсүзбү!

– Саат он экиден өтүп кетти. Эс алгыла эми. Ден соолукту да сакташ керек. Убагында түштөнбөсө болобу.

Толкунбек аралашманы тегиздеп, кыш кынап жаткан калагы менен балкасын кирпичтин үстүнө коюп, жумушчуларга кыйкыра сүйлөдү:

– Жолдоштор, дем алыш...

Жакан жанындагы жигиттер менен Толкунбекти тааныштыра баштады. Алардын бири партиянын Алма-Ата шааркомунун өнөр жай бөлүмүнүн башчысы, экинчиси, эл депутаттарынын шаардык аткаруу комитетинин председателинин орунбасары, үчүнчүсү, курулуш трестинин инженери, дагы бирөө республикалык газетадан келген кабарчы болуп чыкты. Бардыгы Мансуров менен кол алышып учурашты.

– Сиздер бул турак жайды пайдаланууга кайсы убакта бере аласыздар, жолдош Мансуров? – деди таанышкандан кийин жигиттердин бири.

Толкунбек бул курулуш жөнүндө, булардан мурда эле өзү ой толгонуп, мүмкүн болушунча мөөнөтүнөн мурда пайдаланууга берүү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланып, шашып иштеп жаткан кези болучу. Анткени курулуштун сапаттуу жана тез бүтүшү келечектеги, өзүнүн бөгөттө турган жолунун ачкычы сыяктуу болуп сезилүүчү. Бригадир бир демге ойлонуп туруп ишенимдүү жооп берди:

– Келерки жылдын майына карата, бүтүп пайдаланууга беребизби деген үмүтүбүз бар. Мен азыр убактылуу мастердик милдетти да кошумча аткарып жатам. Мастерибиз ден соолугун чыңап, дем алуудан келгенден кийин бул жөнүндө прораб болуп, дагы өзүбүзчө сүйлөшөбүз го. Керектүү курулуш материалдары менен ойдогудай үзгүлтүксүз жабдылып, анан дагы жумушчу колдун жетиштүү болушунун өзү да курулуштун тездешине өбөлгө болоору баарыбызга белгилүү иш эмеспи. Бул жагы бизде мыкты уюштурулган деп мактанып коюуга толук негиз бар. Бардыгы өз-өз орду менен убагында жеткирилип жатат.

Тигил партиялык, советтик органдардан келген өкүлдөр Толкунбектин көркүнө да, иштеген ишине да, оюбаган токтоо мүнөзүнө, анан чечкиндүү сүйлөгөн орундуу сөздөрүнө ыраазы болушуп кош айтышты...

Ары-бери караганча болбой жай өтүп, күз аяктап, анан кылычын алып кыш келди. Жаңы жылга чейин үйдүн дубалдары көтөрүлүп, асты тактайланып, үстү жабылып эчак бүткөн. Азыр бардык күч курулуштун ички жумуштарына жумшалып жаткан кез. Терезелердин рамалары коюлуп, айнектелип бүткөндүктөн, бороон-чапкындуу суук күндө бул жерде иштөө жумушчулар үчүн ыңгайлуу болду. Айрым даяр болгон кабаттарда батареялар биринин артынан бири коюлуп жатты. Курулушчулар мүнөттү текке кетирбей шайдооттук менен иштей беришти.

Ошентип, курулуш деп күнү-түнү дебей күжүлдөп жүрүшүп, күндүн кандай узарып, кардын кандай эрип, жаз жарышынын кандай кирип келгенин бригаданын мүчөлөрү билбей да калышты. Бул объектиге экинчи смен болуп, дагы бир курулуш бригадасы кошулган күндөн баштап, социалисттик мелдеш күч алды. Бирок биринчиликти колдон чыгарбай кармап келаткан дагы эле Мансуров болду. Курулуштун темпи ушунчалык тездик менен илгерилей берди.

Ушул кезде партиянын шаардык комитети менен эл депутаттарынын шаардык аткаруу комитети тарабынан Мансуровдун эмгеги жогору бааланып, өзү салып жаткан беш кабат үйдүн курулушу бүтүп, пайдаланууга берилген кезде, ага каалаган подъезден, каалаган кабаттан, кезексиз квартира берилсин деген чечим, шаардык үй башкармасына берилген...

«Курулган иш куру калбайт» дегендей, курулушчулар убадасына турду. Биринчи майга карата баягы беш кабат үй бүтүп, канча адамга жаркыраган жаңы үйгө ордер берилип, ачкычтар тапшырылды. Алардын арасында Толкунбектин өзү бар болучу. Бул жакка көчүп келгенден бери Зыйнаттын санаасы тынып, эми мындан ары турмушубуз да, жашообуз да кадыресе үй-бүлөнүн катарында өтөөр деген ойдо болду да калды. Бирок сыртынан сыр билгизбегени менен Толкунбек үч баласы менен Жайнагүлдү эстегенде жүрөгү от болуп күйүп, ичи кайрылат да турат. Ал баягы катка жазган убадасы боюнча ай сайын маянасынын көбүн Жайнагүлгө жиберип турду. Толкунбектин айыкпаган экинчи дарты, баягыда үйгө баргандагы атасынын катаал мамилеси болду. Катын-баласынан ажыраган шору аз келгенсип, атып салам деп мылтыгын октоп, үйүнөн ажалы жогунан өлбөй аман качып чыкканын эстегенде тим эле жүрөгүнөн кан тамчылап, эмне кыларын билбей кайгып жүрдү...

* * *

Кермекаш баягы Зыйнаттыкына барып келгенден бери, ал жөнүндө жакшы сөз айтпай калган. Баарынан да Толкунбекти «Пол жууп жатыптыр» деген сөзү узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына тараган. Андан кийинки тапкан дагы бир айыңы Зыйнаттын туубастыгы эле. Кермекаштын сөзү боюнча Зыйнат Маскөөгө төрөтү боюнча барып, жолу болбой келгени болду. Аны көргөн догдур: «Убара болбо, төрөбөйсүң, жаман жолдо көп жүрүп, бузулуп калыптырсың. Эми сага медицинанын алы жетпейт», – деп айткан имиш. «Калпты чындай айтса, чын чычайып чыга качыптыр» дегендей, оозунан чыккан жалган сөздөрдү көзү менен көрүп, кулагы менен уккан сыяктуу айтып жүрдү.

Зыйнат жөнүндө кошунасынан ушундай укмуштуу сөздөрдү угуп олтуруп: «Мейли, ылайым ошентип кың деген баланын үнүнө зар болуп жүрүп өтсүн» – деп, ойлоду Жайнагүл ичинен тынып. Чындыгында келин Толкунбекти эстебейин, унутайын деп канчалык аракет кылганы менен аны эстебей да коё албады, унута да албады. Анан Зыйнат экөө Казакстанга барып, Алма-Атага ишке орношконун угуп, көздөн далдаа болгонуна бир чети сүйүнсө, бир чети күйүндү. Баягы кетээр алдында почта ящигине таштап кеткен Толкунбектин катын окуп алып, эмне үчүндүр аябай ыйлап, капа болгон. Ошондо Сады аялынан бул кабарды угуп, карындашын какыс-кукус кылып минтип айткан:

– Күйөөдөн ажырашкан жалгыз эле сен бекенсиң, айланайын. Бир өкүнүчтүүсү энем айткандай, анын бир күнөөсүн кечире албаптырсың. Эми болору болду. Мындан ары элге-журтка шылдың болбой тың бол. Үйүң үстүндө, казанын астыңда, балдарың жаныңда. Кудагый менен куда сен үчүн, сенин балдарың үчүн куурап, жалгыз баласынан кечип олтурушат. Турмуш деген ушундай ойку-кайкысы көп, тата-ал нерсе болот тура. Силерди ажырашып, чабылып-чачылат деп ким ойлоптур. Эми Жакин, менин тилимди ал да,

үйүңдү Фрунзеге алмашып, илим-билимдин артынан түш. Менин агалык кеңешим ушул. Али жашсың. Келечегиң, көрөр күнүң, сүрөр өмүрүң алдыда. «Ургаачынын чырагы кырк», – деп коюшат эмеспи.

– Ой, кызык сүйлөйт абам, чырагым кырк болуп, келечегим алдыда болгондо, балдарымды таштап эрге тиймек белем. Илимдин артынан түшүшүм мүмкүн. А бирок... – Жайнагүл башын чайкады...

Агасы Сады Казиевичтин айткан сөздөрүнүн жүйөөсү бардай туюлду Жайнагүлгө. Ошондон кийин баягы Толкунбек үйүнө түшүрүп салган Зыйнаттын каты, анан дагы экөөнү театрдан көргөнү, биринин артынан бири эсине түшө берди: «Бирок Толкунбектин тилеген тилеги мен үчүн Ала-Тоодой эмес беле, – деп ойлоду Жайнагүл. – Же эркектерде жалган сүйүү, жалган тилектер боло береби?»

Бирок күйөөсүнүн күнөөсүн күнү-түнү көңүлүнөн өткөргөнү менен Толкунбекти унутуу Жайнагүл үчүн кыйын болду. Аны эстегенде ичи туз куйгандай ачышып кете турган бир айыкпас дартка жолукту да калды. Өзү эле арык чырай, ак сөөк, чилетир неме, ого бетер аарчыган чийдей болуп, арыктагандан арыктап, өң-түсүнөн кете баштады. Кечээ эле шаар-базар болуп, оюн-күлкү, комуз күүсүнө толуп турган үй ичи азыр андай болбой аңгырай түштү.

Алма-Атага жумушка орношуп кеткенинен дагы, Толкунбектин Зыйнатты көчүрүп кетиши, Жайнагүлгө согулган экинчи сокку болду. Көрсө, оюнда мага болбосо да, балдары үчүн кайрылат деп күтүп, үмүтүн үзбөй жүргөн кебетеси бардай. Эми Жайнагүл чындап эле Толкунбектен түңүлүп, үмүтүн биротоло үзө баштады. «Баары бүттү», – деп ойлоду.

...Күндөр өтүп жатты. Балдар болсо жаз алды менен дүркүрөп өскөн жоогазындан бетер биринен-бири бой талашкансып, чоңойгондон чоңоюп, уламдан-улам көзгө көрүнө беришти.

Күндөрдүн биринде мындай бир ойдо жок жерден күтүлбөгөн окуя болду. Дем алыш болучу. Жайнагүл газета, журналдарды окуп, үйүндө жалгыз олтурган. Күнүтүнү менен күн нөшөрлөп жаап, жаңы эле сергип, арты ачылайын деп түрүлүп келаткан. Жер-суунун баары суу, жолдор баткак. Асан менен Үсөн залда ойноп жатышкан болучу.

Бир кезде тыштан ызы-чуу түшкөн эки-үч адам үйгө атып кирешти. Эки баланы экөө көтөрүп алган. Асан менен Үсөндү бирөө баткакка оонатып алгансып, көздөрүнөн бери ылай, үстү-башы шөмтүрөп суу. Ыйлоого шайлары келбей, солуктап өпкө кагышат. Энесин көрүп, тигилердин колунан жерге суурулуп түшүштү. Балдарынын кебетелерин көрүп, Жайнагүлдүн жүрөгү атып кетти.

– Э кокуй, азыр эле үйдө эмес белеңер. Кагылайы-ы-н, бул эмне деген шумдуктуу көрүнүш болуп кетти. – Муун-муунуна тийбей калтыраган аял өзүн балдарына атты.

– Ой кокуй күн десе, балдарга сак болбойсузбу. Азыр эле үйдө эмес белеңер деп коёсуз да. – Башын чайкашты тигилер. – Ушул эки баланын кесепетинен машина авария болду. Дагы ары жактан адамдар чыга калбаганда өлүп калышат болучу булар.

Полго олтура калып Асан менен Үсөндүн үстүндөгү кийимдерин чечип, муун-муунуна тийбеген Жайнагүл жансыз жалдыраган калыбында тигилерге карап үн катты:

– Өлүп калат болучу, дейсизби?

– Ооба, өлүп калышат болучу. Мына бул аркы көчөдө экөө жолдун ортосуна түшүп алып, жетелешип кетип баратышыптыр. Аңгыча туура көчөдөн бир жеңил машина желдей сызып чыга калган имиш. Ар жактан келаткан аял бакырып барып, балдарды баса жыгылыптыр. Көрсө, шофёр ичип алган неме тура. Аялдын чаңырган ачуу үнүн угуп, капысынан катуу тормоз берген экен, буларга жарым метрче жетпей бурулуп барып, ары жагындагы килейген теректи сүзүптүр. Машинанын эшиги ачылып ке-

тип, шофёр ыргып кетиптир. Башы менен катуу тийген окшойт, абалы оор деп жатышат. Мына ушундай аяш. Эгерде жанагы аял болбогондо эки балаңыздан бирдей кол жууп калмак экенсиз. Эси жок немелерди ээн коё бербей сак болуш керек да.

Жайнагүлдүн жүрөгү титиреп, муундары калчылдап турду. Балдарын өлүмдөн алып калган аялдын ким экенин да сураган жок. Коркконунан аны суроо оюна да келбеди.

– Э Кудай, кайсы убакта тышка чыгып кеттиңер эле? Карап туруп кара көзүм кашайып кала жаздаган тура. – Эне экөөнү алмак-салмак өпкүлөп жалынып жатты.

Балдарды алып келген жигиттерге эмне деп алкыш айтаарын да билбеди. Алар чыгып баратып Жайнагүлгө караштьы:

– Болуптур, жакшы калыңыз. Балдарыңызга мындан ары сак болуңуз.

– Ракмат силерге, бул жакшылыгыңарды унутпасмын. – Жайнагүл тигилер чыгып кеткенден кийин, балдарынан кайта сурады. – Айткылачы, кайда бараттыңар эле?

– Эже бизди чакырган?

– Кайсы эже?

– Эже.

– Ай окшошкон макоолор, таанбаган эже чакырса эле бара бересиңерби?

– Конфет берем деди.

– Конфети менен куруп калсын, жегиңер келсе үйдө толуп жатпайбы. Мени тирүүлөй, ажалдан мурда өлтүрөсүңөр го, эмитен минтип жүрсөңөр. Ал кайдагы неме экен, силерди көрүп ичи эзилип кеткен.

Тыштан кирген кошунанын кыздары жарыша сүйлөдү.

– Жайнагүл эже, ал аял биздикине келип жүргөн Зыйнат эже экен. Асан менен Үсөндү аябай жакшы көрөт да. Кечээ биздикине келгенде сураган болучу.

– Эмне деп сурады эле? – Жайнагүл мостоё түштү.

– Мени айтпай, ойнотобуз деп ээрчитип келгилечи, көргүм келип жатат деген. Анан апам такыр болбой койгон. Жайнагүл укса жаман көрөт бизди деп.

– Азыр Зыйнат кайда?

– Кетип калды. Ал шофёр күнөөлүү деп айтты милицияга. Билесизби, эже, кокустан Зыйнат эже ошол жерде болбосо, машина экөөнү тең тебелеп кетет болучу.

– А жарадар шофёр эмне болду?

– «Тез жардам» келип, доктурга алып кетти.

Жайнагүлдүн санаасы санга бөлүнүп турду. Эмнеге эки балага имерчиктеп, бул жакта жүрөт деп ойлоп турду. Жүрөгүн басып, бир аз олтургандан кийин тышка чыгып, эки баласын колуна жетелеп алып, кошунасыныкына кирди. Кермекаш да, эми эле болгон окуяны угуп, булардыкына кирейин деп камынып жаткан.

– И-и-й катыгүн, Кудай чоң сактаган экен ээ балдарды. Угуп алып төбө чачым тик турду, жүрөгүм титиреп. Балдарың аз эле жерден калган тура катыгүн.

Жайнагүл ыйлап жиберди.

– Жанагы Толкунбектин катыны чакырып, конфет көрсөткөн го бул макоолорго. Анан конфет жейбиз деп, ошого баратып, капысынан туура тушунан машина чыгып, өлүп кала жаздаган тура, экөө бирдей.

– Ий өлүгүңдү көрөйүн, шерменде десе, Толкунбекти ээлеп алгандан кийин болбодубу. Балдардын балекет-мейнетин алабы, канчык. Андай эле бала керек болсо тууп албайбы. Кечинде келиптир тайгандай болуп. Асан менен Үсөндү өөп кетейин дедим эле деп. Айтасың, тайбастын тайбасы экен, уяты жок. Жүрөгүндө жалы бар эмеби дейм. Болбосо кандай аял даай алат, ыя.

– Бул жакка эмнеге келиптир, айткан жокпу? Же атайын эле Асан менен Үсөндү көрүш үчүн келген бекен?

– Бир жүк тартуучу жабык машина менен жүрөт. Айтымына караганда үйүндө калган сүрөттөрүн алып кеткени келген имиш. Баса, менден Толкунбектин бул жакка

келип жүргөнүн көргөн жоксузбу деп сурады. Деги күйөөң экөөң кандай турасыңар деп сурамыш болдум сыр билгизбей. Балдарын эстеп, сагынат бекен десем ичинен улутунуп койду.

– Кандай турмак элек турабыз. Үй-бүлөсүн сагынса сагынып, ойлосо ойлоп жүргөндүр. Фрунзеге барып бир жумадан ашык жүрүп келгенинен балдарына келди бекен деп ойлодум эле ичимде, – дейт.

– Мен анын ичин күйгүзүп койдум. Жайнагүл партияга өттү дедим. Ал эмес областтык Советке депутат болуп шайланды. Эми аспирантурага барып, сырттан окууга өтөм деп камынып жатканыңды айттым. Кунт коюп укту. Бирок лам деп ооз ачкан жок.

– Ой эжеке, анын эмнесин сүйүнчүлөй койдуңуз ага. Деги ичиңизге эчтеке жатпайт экен. Өтөмүнбү, өтпөймүнбү, аны бир Кудайдын өзү билет да. Ким билет кандай болоорун.

– Эчтеке болбойт. Жети жылдык окуусун бүткөн сен «аспирантка» өтпөй калмак белең. Ал деле тарткан сүрөтү менен сүлкүлдөп мактанып жүрбөйбү. Ий, ботом, сүрөткө караганда догдурлук кесип, бардык кесиптен жогору да. Өлүм менен кармашып, ажал менен арбашып, өлгөн жанды тиргизип, өчкөн отту тамызган догдур да. Калп айткан менен болобу, силердикиндей асыл кесип жок го дүйнөдө!

– Кермекаш эже, – деди Жайнагүл күлүмсүрөп, – адам баласына таандык канча кесип болсо, ошонун баары ардактуу. Чынымды айтсам, Эсенова чоң таланттуу аял экен. Билесизби, баягыда мен алардыкына барганымды эстесем эмдигиче өкүнөм. Мен күйөөмдү Зыйнаттын үйүнөн кармап алсам да, аларга бир ооз сөз айтпай чыгып кете бердим. Эмне үчүн кете бердим, билесизби? Мен алардан коркконумдан, же сүрдөгөнүмдөн унчукпай чыгып кеткеним жок. Мен ошондо Зыйнаттын өзүн эмес анын эмгегин, талантын баалаcам керек. Мындай таланттуу адамдар дүйнөгө дайым эле келе бербейт эмеспи.

– Ой койчу, сүрөт-пүрөтүнүн өлүк-тиригин көрөйүн ошонун. Мен болсом ошол жерден бетин чарыктай тытып, абийирин айрандай төгүп келет болучумун. Анын таланты деп күйөөңдү таштап баса бергениң кантип жакшылык болсун. Койчу айланайын, кеңдиктин да кеңдиги, кечиримдин да чеги бар да.

Жайнагүл улутунуп алды. Кабагы түшүп, өңү суз тартып турду.

– Айтасыз да ошентип. Ыр эмес, жомок эмес, күндө угуп, күндө күйүп жүргөнчө, бир күйүп, бир өчтүм. Мендеги Толкунбек үчүн болгон тилеген тилегим, ойлогон оюм, ага болгон бардык махабатым астым-үстүм түшүп, бардыгы бир заматта кыйрап бүттү. Эми жашай беришсин экөө. Өз күйөөмө алым жетип, сөзүм өтпөгөндөн кийин, ал аял менен уруштум эмне, урушпадым эмне.

Кермекаш Жайнагүлдүн оозун тиктеп туруп, бир оокумда минтип тамшана сүйлөдү:

– Тобо, Кудай, мен бир нерсеге таңгалып жүрөм да Жайнагүл. Эми ушинтип эле, жалгыз баласы менен эне-атасы биротоло кол үзүшүп, силер деп калабы.

– Ой эжеке ай, мен аларды балаңарга барбагыла, алар менен катышпагыла деп бузуп жатат дейсизби. Энеме да айтам, атама да айтам. «Толкунбекти жакшы эле күнөөлөдүңөр. Соттолгон кишинин деле акталуучу күнү болот тура. Жалгыз балаңардын күнөөсүн кечирип эле койбойсуңарбы», – деп. Болушпайт. Биз өлсөк топурак салбай эле койсун. Элим бар, журтум бар, Кудай ошол элден ажыратпасын, элден топурак буюрсун дешет. Күнүн көрүп, темтеңдеп жүрө берсин, – деп атам миз бакпайт.

Кермекаш адегенде Зыйнат менен Толкунбекти Жайнагүлгө, Жайнагүлдү Толкунбек менен Зыйнатка жамандап, эки үйдүн ортосун чаңдатып жүрдү. Ал эмес, шаарда кимдин эмне болгонун, ким менен кимдин ажырашканын, кимдердин кайра табышканын, кайсы жетекчи эмне болуп

кызматтан бошонгонун, деги койчу, жан киши уга электе, ушул аял биринчи угуучу.

Бирок Жайнагүл анын айткан сөздөрүн анчалык эти-барга алган жок. Ушактын учугун чубабай да, сурабай да тим болучу. Кермекаш адегенде айтаарын айтып, дээрин деп коюп, Жайнагүлдүн унчукпай койгонуна жини келип да жүрдү. Кийин, укканын да, көргөнүн да бул келинге ооз ачып айтпай да калды.

Кермекашка Жайнагүл да ачылып эчтеке айтуучу эмес. Бирок кызыл кайнаган чайы болсо да, жалгыз ичпей эже-келеп чакырып туруучу. Кокустан чакыртпай эле өзү кире калганда, ордунан учуп туруп, жайдары жүз менен тосуп алуучу. Улууну урматтап, кичүүнү сыйлап көнгөн Жай-нагүл ага берерге эчтекесин таппай кетүүчү. Асан менен Үсөндү кээде, өзү жумуштан кечиккенде Кермекаш бакча-дан алып да коюп жүрдү. Ошентип жүрүп эки үйдүн ирегеси бөлүнбөй, ынтымактуу кошуналардан болуп кетишти. Эми Жайнагүл кокус командировкага бир жакка кетип кала турган болсо, такай эки бала ошондо калуучу болду. Бул кызматы үчүн маянасы тийген сайын, албайм десе болбой отуз-кырк сомду «чай алып ичиңиз» деп колуна кармата салуучу. «Таш, ташты эриткен аш» дегендей Кермекаш Жайнагүл үчүн жанын үзүп чыга келди. Кайда барса мак-таганы да, жактаганы да, таламын талашканы да ушул кошунасы болду да калды. Кокус бир жакка кетсе үй-жай-ынын ачкычы бүтүндөй Кермекашта калат. Жайнагүл ко-кустан командировкага кетип, келер убагы жакындаганда кыздарын тим эле кууруп жиберет:

– Үйүнүн ичин желдетип, чаң-чуңун сүртүп, полдорун жаркыратып таза жууп чыккыла. Оокаттарынын баары өз ордунда турсун, уктуңарбы кыздарым деп, аял буйрук-ту берип коюп, кайра-кайра кирип текшерип турат...

Азыр да ушундай болду. Бир малчынын аялынын тол-гоосу катуу болуп, төрөй албай жаткандыгы жөнүндө ра-диограмма аркылуу врач чакырылды. Бул жерге бир бар-

са вертолёт, бир барса «ЗИЛ» сыяктуу күчтүү автомашиналар гана каттай тургандыгын медиктер жакшы билүүчү.

Төрөт үйүнүн башкы врачы Жайнагүлдү өзүнө чакырып, жайлоодо болуп жаткан абалды түшүндүрүп минтти:

– Жайнагүл Казиевна, балдарыңыздын карай турган адам барбы үйдө? Айла кетип, сизден башка ылайыктуу киши болбой турат. Врачтардын бири командировкада, бири отпускада, дагы бири тигинтип ооруп, ооруканада жатып калыптыр. Жардам бериңиз?

Жайнагүл абалды көрүп туруп жок дей албады. Балдарын кошунасы Кермекашка табыштап коюп, жолго чыгууга туура келди. Бирок бир жаман жери аба ырайы бузулуп, ал жакка вертолёт учпай жаткан учур болучу. Башкы врач чарбанын жетекчилери менен байланышып, Жайнагүлдү совхоздун борборуна чейин өздөрүнүн «Тез жардамы» менен жеткирип келишти. Казиева ал жерден туз жүктөлгөн автомашинага олтуруп жөнөп кетти.

Айлана сурданып, асманды бүтүндөй кара булут каптап, жаандын алгачкы тамчылары машинанын айнегине анда-санда тып дей түшөт. Жолдо шофёр экөө тээ бир оокумга чейин үн катпай жүрүп олтурушту. Бул жакка түнү менен жаан жаагандыктан жолдун баткагы тоборсуй элек болучу. Жайнагүл врачтардын карааны көздөн учуп, чыдамсыздык менен күтүп жаткан аялды ойлоп, өзүнүн кечигип бараткандыгына камсыгып келатты. Анын көзүнө бул машина тим эле ташбакадай болуп, ордунан араң эле жылган сыяктуу болуп көрүнөт. Минтип, жөө жыландай сүйрөлүп жеткенче, толготуп жаткан аял мерт болуп калуучудай, ушундай коркунучтуу сезимдин кучагынан чыга албай бараткан врачтын оюн шофёрдун үнү бузду:

– Бул жакка мурда келдиңиз беле? – деди жигит келинге бурула карап.

– Жок, биринчи жолу келатышым. Культцентрге канча саатта жетебиз?

– Аба ырайынын минтип бузулуп турганын карабайсызбы. Жол кырсыгынан тышкары болсок түнкү саат он бир, он экилерде жетип калар бекенбиз. Мындайда так айтуу да кыйын.

Мынчалык алыс жол жүрөрүн ойлобогон Жайнагүл, жигиттин айткан жообун угуп ичиркене түштү. Баарынан да толготуп жаткан аялга кечигип бартканына жаны кейиди. «Деги биз жеткенче аман болгой эле». Жардам бергенге жетишсем экен, мынча болду», – деп ойлоду. Жайнагүлдүн тынчсызданып келатканын баамдаган шофёр:

– Күн ачык болгондо, кечки саат ондордо жетип барат болучубуз. Анын үстүнө жүк оор. Өчөшкөнсүп Кудайдын күнү кайрадан дагы жааганы турганын көрбөйсүзбү...

Булар ушинтип сүйлөшүп олтуруп, өр таяна бергенин Жайнагүл байкабай калды. Жаан уламдан-улам катуулап келатты.

– Т-ү-ү, күн катуулап келди го. Деги орто жолдо калбасак болду! – Келиндин тынчы кете баштады. – Мени күтүп, жол карап жатышат го акыйышып. Эми эмне кылыш керек, айла кетти го, ыя!

Капчыгайды өрдөп келатышты. Жайнагүлдүн көзүнө эки жагы асман мелжиген аска-зоо, тоо-токойдон башка эч нерсе көрүнбөдү. Көрсө, бул жердин ою менен тоосу адам айдагандай жыш өскөн жапайы алма менен жаңгак, мисте менен жийденин мекени экен. Жайнагүл айнекке жабыша калып суктана карайт.

– Тээтетиги капкара болуп дүңкүйүп созулуп жаткан тоонун бир бети Алмалуу, ал эми тигил жагы Жаңгактуу төр деп аталат. Биз бараткан жерди Жийделүү өрөөн дешет. Мистелүү-Булакка жетишке дагы элүү чакырымча бар. Бул жерде жайда болсун, күздө болсун машина менен жол жүрүү сонун да. Жанында жакшы жолдошу болуп салт атчан жайлоого келген киши, эмне деген ракат алар эле.

Жайнагүл машинанын өмбүл-дөмбүл жолдо кайра-кайра секирип, экчегенине карабай көзү илинип кетип жатты.

Ушул бойдон, кырсыктан тышкары болуп, токтобой жүрүп олтурсак, түнкү саат он эки ченде жетип барабыз деген шофёрдун жанагы айткан сөзүн сап кармаган Жайнагүл, саатын кайра-кайра тынчсыздана карайт.

Көзгө сайса көрүнгүс болуп түн пардасы тартылган. Талыкшыган Жайнагүлдүн көзү жаңы эле илинип бараткан-да түбү жок орго кулап түшкөнсүп машина бир катуу силкинип алып тарс этти. Келин башы менен кабинанын төбөсүн бир сүзүп алып, анан бети менен кете жаздап барып оңолду. Ошол замат машинанын мотору иштебей токтоп калганын көрүп жүрөгү болк этти.

– Эмне болду? – деди келин кабинадан түшүп бараткан шофёрго элее карап. – Бул жерде аң бар го?

– Билбейм эмне балекет болгонун. Сыягы, кыян жүрүп, жолдун бир жерин суу жеп кеткен окшойт. Кап, жакшы эле сак келаттым эле, кандайча байкабай калганымды өзүм да билбей калдым.

– Кокус уктап кеткен жок белеңиз?

– Кайдагы уйку? Мындай мезгилде шофёрдо балекеттин уйкусу болобу.

Машинанын өчкөн фарасын кайра күйгүзүп, алдыңкы кош дөңгөлөк баткан жердин ар жак, бер жагына чыгып карап көрүп, шофёр кабинага кайра кирди. Машина от алып, мотор күрүлдөп кайра баштан иштей баштады. Бирок кош дөгөлөк чимирик болуп таман алдындагы суу аралаш суюк ылайды туш-тушка тынымсыз чачыратып жатты. Шофёр кабинадан кайра түштү. Келин машинадан түшүүнү ойлоп, эмне болуп дөңгөлөктөрдүн кандай тыгылганын көрсөмбү деп кабинанын эшигин ачып, бутун тепкичке коюп баратып, кайра тартып алды.

– Түү, жаан аябай катуу го ыя? Эми эмне болот?

– Суу болосуз, олтура бериңиз түшпөй.

– Культцентрге канча бар дагы?

– Алтымыш-жетимиш километрче калды го.

– Атаны арман күн айе, итабар жер бар турбайбы дагы. Кап, терең тыгылган го. Эми эмне болот?

Шофёр келиндин сөзүнө жооп да берген жок, көңүлүн тындырып сөз да айткан жок. Ал машинанын тумшугу сайылган жердин топурагын күрөктөп алып ыргытып жатып эч кандай майнап чыгара албады. Жаандан эзилген кара топурак, тим эле чалмакей чалгандай болуп жатты. Кабинадан чый-пыйы чыгып, чыдамы кетип олтурган Жайнагүлдүн көзү бир кезде илинип кетти. Ал мотордун үнүн да, кабинанын эшигинин ачылып жабылганын да укпай калды. Тээ бир оокумда машинанын катуу жүткүнгөнүнөн чочуп ойгонду. Таңдын аппак атканын көрүп, таңдана түштү: «Тобо, ушундай алааматта да адам уктайт экен ээ», – деп өзүнө өзү таң калып, эки жагын элеңдей карады. Жайнагүлдүн көзүнө күн кичине сергийин деп калгандай көрүндү.

– Түндө эле ушундай кылсам болмок экен, эсимди Кудай алган да, – деди көзүнөн бери сыгып алма суу болуп шөмтүрөгөн жигит. Эки-үч кучак жылгын менен кара талдан кыйып келип төшөбөдүмбү. Тээ, Көк-Булактын ары өйүзүндөгү бал челекчиге барып, балта алып келбедимби. Балтасын кайра келатканда таштай кетейин деп сүйлөштүм.

– Аябай убара болгон турбайсызбы? Суук тийип калбаса экен эми. Дары ичип алыңызчы. – Эки таблетка аспирин берди. – Мен тим эле өлгөн немедей уктаган экенмин.

– Ырас уктадыңыз. Мен дагы сизди ойготуп албасам экен деп этият кыймылдап жаттым. Буюрса эми бир жарым, эки саатта кирип барабыз. Үшүгөн жоксузбу?

– Жок, жок үшүгөн жокмун. Маган кабатыр болбой эле коюңуз. Өзүңүздү ооруп калбаса экен деп турам. Кийимиңиздин баары суу.

– Кудай сактасын, – деди кабинага кирип олтуруп жаткан жигит, – биз мындай жаан-чачындын, мындай тыгылуунун далайын баштан өткөрүп келатпайбызбы. Жаркыра-

ган жайда эмес, кычыраган кышта талаага түнөп калган күндөр канча дейсиз?

Машина күн аркан бою көтөрүлүп калган кезде, бирибирине жамаатташ тигилген боз үйлөрдөн анчалык алыс эмес жердеги учурмалуу жыгач үйдүн алдына барып токтоду. Врачтын машина менен кеткенин угуп, чыдамсыздык менен күтүп жаткан адамдар ары жактан да, бери жактан да чуркап келишип, айланага толуп кетишти. Дарыдармек, операция жасоочу медикаменттер салынган сандыкчасын көтөрүп, Жайнагүл кабина ачылаары менен чыга келди.

Антаңдап, шашып турган бир топ адамдардын көздөрү жылдыздай жайнап келинден өтүп, кыпылдап турушканын дароо байкаган Жайнагүл, тигилер менен жалпы саламдашкандан кийин, ак халат кийип медпункттан чыккан аялга карады.

– Кана, кайда барабыз?

– Жүрүңүз ооруканага? Сизди кечээтен бери күтүп жатабыз. Биз түндө келет экен деп ойлогон болучубуз.

– Кечээ аба ырайы бузулуп, вертолёт учпай, мына бул туз тарткан машина менен чыкканмын. Түндө жолдо тыгылып, талаага түнөп калбадыкпы. Пай, пай, пай, бир суткага жакын жолдо жүрөт деген кантип болсун. Деги оорулуунун абалы кандай? Түзүкпү, ошону айтыңызчы?

– Түзүк деле эмес. Аябай кыйналып жатат. Андан башка азыркы сизди алып келген шофёр жигиттин атасы да ооруп калыптыр. Ал кишинин абалы да оор.

Жайнагүл ординатордук кабинетке кирип дароо чечинип, бети-колун жуунуп, чемоданынан өзүнүн халаты менен такыясын алып кийди.

– Ал кишинин эмнеси ооруйт экен?

– Билбейм, сокур ичеги болсо керек деп ойлоп жатам. Ичим деп, жанын коёрго жер таппай, тынымсыз эле окшуп, кусуп жатат. Муну угуп келиндин жүрөгү болк дей түштү. «Кокустан сокур ичегиси жарылып кетсе эмне бо-

лот? А балким, андан башка дарт болсочу?» Ушуларды ойлоп, үрөйү учуп кетти. Жайнагүл төрөй албай жаткан аялдын үстүнө кирерден мурда эле, акушеркага операцияга керек болуучу медикаменттерди не бар, не жок, кайнатып даярдоого буйрук берди.

Врач киргенде койчо онтоп, аяк серпүүгө дарманы келбей, колдору шалдайып, курсагы чедирейип, эриндери чарт жарылып, өңү кара көк тартып жаткан аял тунарыңкы көздөрү менен келинди бир карап алып, оозун кыбыратты:

– Келет деп күтүп жаткан келин ушулбу?

– Ии, менмин эже.

– Жаным калбайт го. Кечээтен бери бала да кыймылдабай калды.

Жайнагүл оорулуунун ичин ачып көрө баштады. Врачтын колу курсакка тиер-тийбестен эле аялдын үнү Кудайга угулуп, кыйкырып ийди.

– Коку-у-й, акырын айланайын. Тийбе ичиме. Андан көрө мени көп кыйнабай, тындым кылып салчы. Сообум тийсин, ошентчи. Сойсоң союп, кескилесең кескилеп, ары-бери кылчы, сиңдим.

Жайнагүл чочуп кетти. Ал, толготкон аялдын ичине кол тийгизбей кокуйлаганын буга чейин кезиктире элек болучу.

– Бул эмнеси катыгүн? – Акушеркага карады. – Оорунун тарыхы жазылды беле? Берчи? – Жанында көздөрү алайып, өзүнөн өзү коркуп, оорунун тарыхы жазылган китепчени кармап турган акушерканын колунан кагазды алып, окуй баштады. «Бул беш кыздан кийинки алтынчы баласы экен. Боюнан да түшпөптүр, бала да алдырбаптыр. Ушунча болуп суук тийип ооруп да көрбөптүр. Толгоонун башталган күнү күйөөсү экөө чатакташып, ичке тээп жибериптир. Ошондон тартып толгоо бирде келип, бирде жанып туруп алыптыр. Анан, төрөттүн кечеңдеп баратканынан, аны тездетүү максатында кыргызча «тартуу» колдо-

нушуптур. Ушундан кийин өзү эле солгундап турган толгоо таптакыр жанып кетиптир. Ооруканага алынып келгени эки күн болуптур. Акушерка жанган толгоону чакыруучу «синэстролдон» алты жолу укол бериптир. Бирок бул аракеттен эч кандай жардам болбой коюптур...»

– Тарткан эмнеси? – деди, китепченин бетин жапкан врач, алайып.

– Э, катыгүн, тартканды билбейсиңби? – деди оорулуу келин онтоп. – Төрөй албай жаткан аялды чөгөлөтүп олтургузуп, алабаканды боз үйгө тиреп коюп, ошону кармата тып, эркектер артынан, белден кучактап туруп ичин сыгат экен. Илгери төрөй албай жаткан аялдарды ошентип төрөтүшчү тура.

Бул адам баласынын түшүнө кирбей турган шумдуктуу сөздү угуп, Жайнагүл чочуп кетти.

– Катыгүн, катыгүн, тартат деген эмнеси. Ошондой кантип болсун. Мунун өзү жаткан жапайычылык да...

Врач толгоосу эчак жанып кеткен бул аялдын баласынын ичтен өлүп калганын да, өлүү баланы өзү төрөй албасын да дароо билди. Жайнагүл аялды креслого алып барбай эле, түз эле операция столуна деп буюрду. Врачтын сөзүн уккан аял, Жайнагүлгө жалдырап минтти:

– Мындай эле, сойбой төрөтө албайт турбайсыңбы, сен дагы?

– Төрөтө албайм эже. Толгоо болбосо кайдан? – деди Жайнагүл. – Жанагы тепкен менен тарткандан бузулган да баары.

– Ооба, ошондон да болдубу, билбейм. Тим эле ичти күчкө салып сыгат экен го. Мурда эле ооруп турган курсагым, ошондон кийин күчөп калбадыбы. Илгери догдур жок кезде, ошентип эле төрөтүп алуучу экен го кыргыздар. Ажалы жогу аман-эсен төрөп, ажалдуусу өлүп калуучу тура. Эми өзүм кантээр экенмин?! – Аял ыйлап жиберди.

– Капа болбоңуз эже. Жаныңызды аман сактап калууга аракет кылабыз.

– Билбейм, коркуп жатам...

Врач, аялды насилкага салышып жаткан акушеркага карады:

– Канынын группасы чыктыбы?

– Чыкты, экинчи группа экен...

Аялга наркозду Жайнагүл өзү берди. Эми операция убагында оорулуунун канынын басымын, жүрөгүнүн согушун, көзүнүн карегине чейин кылдаттык менен байкоо жүргүзүп карап туруучу эч ким болбой калды. Тигил акушерка болсо операциялык аспаптарды алып берип турууга араң үлгүрүп жатты. Аялдын ичи киндиктен ылдый туурасынан кесилип, кыпчыгычтар менен кандар буулуп жатты. Балага жеткенде врачтын жүрөгү атып кетти. Анткени баланын жаткан жери тонуна чейин бүтүндөй карарып, кандар уюп калган. Ал эмес анда айрык бар экенин көрүп, денеси дүр дей түштү. Врач курсакта жатып карарып кеткен эркек баланы колуна алып, санитарка даярдап турган шейшепке салды. Жайнагүл эми эненин өзүн аман алып калуунун гана аракетинде шашып жатты. Аялзатынын эң ыйык, эң кымбат организминин бири баланын үйү-жайы менен кошо кесилип алынды. Ошентип операция аяктап, кесилген жерлер тигилип да бүттү. Колундагы мээлейди дароо чечип, оозу-мурдуна тарткан масканы алууга дарманы келбей, уйкуда жаткан аялдын баш жагына барып, көздөрүнүн карегин ачып карап, тамырын кармап, жүрөгүн тыңшап көргөндөн кийин эси ордуна келе түштү. Дары жыттатып, Жайнагүл аялды жаака акырын чапкылап ойгото баштады.

Тээ бир оокумда оорулуу эс-мас көзүн ачып, мандайында турган врачты караган болуп туруп, көзүн кайра жумду.

– Көзүңүздү ачыңыз, кана! – деп кайра кыймылдатты.

Аял врачты эми эле жаңы көрүп жаткансып, кайра баштан бүшүркөй карап, тиктеп калды. Анан тээ бир оокумдан кийин минтип сурады:

– Сиз врачсызбы?

– Ооба, мен врачмын. Мына эми, бардыгы жакшы болду. Мындан ары көп жашайсыз, эже. – Жайнагүл жанында турган аялдарга кайрылды. – Кана, ордуна алып барып жаткырып, ичине муздак грелка койгула. Аялдын үй-бүлөсү бул жердеби?

– Бардыгы тышта күтүп турушат.

– Анда аркы бөлмөгө киришсин. Азыр мен чыгам.

Жайнагүл чыкканда баягы үрөйлөрү учуп турган адамдардын түрү өзгөрүп, жүздөрүндө кубанычтын учкуну ойноп турган. Сыягы, аялдын өлбөй аман калганына кубанышса керек.

– Кагылып кетейин, баласына ыраазы, келинимдин алтын жанынын аман калганына, эмне деген алкыш айтаарымды билбей турам сага. Ракмат балам, ылайым кем болбо. Зоболоң мындан да көтөрүлүп, канат-бутагың өсүп, этек-жеңиң жайылсын.

– Балаңар эненин ичинде эле өлүп калыптыр. Аялыңыз эми экинчи эне болуудан калды, жигит. Анткени толгоонун башталышында жолдошуңузду ичке тепкениңизди, мен операция убагында билдим. Андан калганын «тартып төрөтөбүз» деп жатып, ишти таптакыр иштен чыгарып салыпсыңар. Баланын жаткан жери, үйүнө чейин айрылып, бала да, башкасы да бүтүндөй карарып кетиптир. – Акушерка менен санитаркага карады: – Баланы мында алып келгиле.

Ары-бери караганча баланын сөөгүн, үй-пүйү, тон-пону менен чогуу алып чыгышып, тургандардын алдына койду. Муну көргөн чоң эне ыйлап жиберди.

– Аттиң ай, ушундай болоорун билгемин.

– А тартууну ким чыгарды эле? Сенби же менби? – деди энесин алая караган жигит.

– Мен жерге кирбей койбодумбу. Мындай болот деп ким ойлоптур. Келинге айтсам, көңүлдөнүп койбодубу шордуу

арам. Тигил-бул дебей мына бул акушер келинди чакырсак эмне!..

Булар ушинтип өздөрү менен өздөрү болуп жатканда Жайнагүл экинчи оорулуунун абалын көрүп, жанын оозуна тиштеп турду:

– Мен сизди, күн ушул бойдон ачылып кетсе, вертолёт чакырып, өзүм менен кошо шаарга ала кетейин, карыя. Ал жерде атайын адистер, мыкты хирургдар бар. Мен аялдардын догдурумун да ата, сиз ушуга түшүнүп жатасызбы?

Карылык каршы келип, оорудан алы тайып, көзүнүн курчу, билегинин күчү кетип турган карыя башын чайкай берип минтти:

– Олда балам айе, союучу иш болсо, өзүң эле сойчу ушул жерден. Ажалым жетсе аны көрөйүн, жок, көрөр күн, ичээр суум болсо аны көрөйүн. Ылайым бала-чаканы убара кылбай өлүп кетээр күнүм кайда. Карыганда калжаңдатып, ары-бери сүйрөбөчү кызым. Өлсөм доом жок деп оозумдан сөз, колумдан кат берейин. Ушуга макул деп койчу, алтын кызым.

Жайнагүл карыянын оорусунун тарыхы жазылган китепчени алып карап көрсө, сексенди серпейин деп турган чагы экен. Карап туруп өз ичинен таңдана түштү. «Тобо, тиштери тим эле күрүчтөй экен. Бетинде да бырыштары анчейин. Алтымыштан ашыкты, бул кишиге ким берет. Чачын ак аралай баштаганы менен сакал-муруту ошол бойдон, келбет-сыны менен карыган киши экен», – деп ой толгонуп туруп минтти:

– Кокус, кийин-соңгу, бала-чакаңыздын дооматы болсо кантем, ата. Жашоодон тоё турган мезгилиңиз келе элек экен. Жаман айтпай жакшы жок, кокустан операция оңунан чыкпай калса, шорум кайнады го. Сиздин алтындай болгон өмүрүңүзгө жооп берүү мен үчүн кымбатка турар.

– Айттым го, балам, өлсөм доом жок деп. Балдарды бери чакыргылачы, киришсин.

Тыштан үрбөй-дүрбөй бала-чака болуп бир короо киши кирип келатышты. Жайнагүл көрүп турган көзүнө ишенбей, таңдана түштү. Булар балким жайлоого эс алууга келген орустар болсо керек деген ой менен жанында турган акушеркага минтти:

– Э Кудай, бул кишинин балдары, байбичеси кирсин дебедим беле. Көздөрүн ачык асмандай мөлтүлдөтүшүп, булар кайдан пайда боло калышты. Ооруга сонуркаган немелер го, ыя шумдук. – Анан жакадан өзүн алып келген, сары чийкил көк көз шофёрго карап, – Сиз эмнеге келдиңиз мында? – деди.

Жигит көк көздөрүн күлүңдөтүп, буула түшүп, жооп бергенче, жанында турган орус байбиче шаңк этти.

– Аа, кагылайын кызым, бул кишинин байбичеси мен болом. Ботом, сен деле айтып, түшүндүрүп койбойсуңбу, – деди абышкасына карап. – Ушул тургандардын баары эле биздин өзүбүздүн балдар, небере-чөбөрөлөрүбүз. Кудай ургандар, анан калса, көздөрүн чөкөтаандай кылып, мени тартып калган тура баары. – Тамашага чала сүйлөдү: – Татар да эмесмин, орус да эмесмин, хахолдун анык өзүмүн. Болгондо да Украинанын Полтава шаарынан болом.

Жайнагүл буларды тил билбейт экен деп байкабай айткан жанагы сөзүнө сынып калды. Байбичеден кечирим сурады.

– Ой апакебай, мени кечирип коюңуз, байкабай эле. – Башын чайкады. – Көрбөгөн жердин ой-чуңкуру көп деп ошон үчүн айтышат тура.

– Ий, кагылайын, ошол да ойго алуучу сөз болуп калыптырбы. Эчтеке эмес алдыңа кетейин. Ала кушту атынан чакыр дейт. – Жайнагүлдүн кулагына шыбырады: – Бул Кудай түгөткөндө абышканыкына караганда менин махабатым күчтүү окшойт. Жети баланын энеси болдум. Жетөө тең мага окшоп, сары ооз балапандай болуп калышты. Жалгыз эле сен эмес, балдарым менен кыздарымды көргөндөрдүн бардыгы ушинтип жаңылышат, биринчи

көргөндө. Окшоштуктун баары махабаттан дегендери чынбы, ким билсин.

Жайнагүл бырс күлдү.

– Ооба, ооба, ошондой да болот.

– Ой байбиче, сен бул балага таржымалыңды айтып алаксытпай, мени ары-бери кылбайсыңарбы. Догдур кыз мени шаарга алып кетемин дейт. Ары-бери сүйрөбөй ушул жерден эле бирдеме кылсынчы, өз колу менен. Айтып өзүңөр сүйлөшкүлөчү. Катыңды сойгон догдур, эмне, эркекти соё албай калабы?

– Менимче, сокур ичеги болуш керек бул кишиники, – деди байбиче. – Карыган немени убара кылып ары-бери сүйрөбөй, операция жасала турган иш болсо, өзүң эле жасачы кызым. Кокус жолдо бараткaнда жарылып кетсе, ошондо балекет болот да.

Байбиченин «жарылып кетсе» деген сөзүн угуп, Жайнагүл ойлоно түштү. Мындай катуу оорулууну көрүп туруп жардам көрсөтпөй терсаяктык кылуу медицина кызматкерлери үчүн кечиримсиз күнөө экенин Жайнагүл жакшы билүүчү. Ал медицина институтунда окуп жүргөн кезинде мугалимдеринин, кандай гана учурда болбосун оорулууга жардам көрсөтүү ырайымдуулугу, алардын милдети жөнүндө айткан сөздөрүн эчен уккан. Ушуларды эстеп келип, келин минтип ойлоду: «Мындай болгондон кийин эмнеге убактыны өткөрүп карап турам. «Тобокел түбү жел кайык, өтөөрсүң да кетээрсиң» дегендей, бир чымыркaнып көрөйүн. Балким, бардыгы жайында болуп калгысы бардыр», – деп өзү менен өзү сүйлөшүп, өзү менен өзү макулдашып алды.

Үй-бүлөсүн бүт бойдон тышка чыгарышты. Адегенде карыянын ичин тазалап, клизма жасашты. Бардык медикаменттер даяр болду. Келин колун щёткалап, самынды баржактата сыйпап, кайра-кайра жууп кургатып туруп, спирт менен чайкады.

– Ата! – деди Жайнагүл. – Операцияны наркозсуз жасайбыз, чыдай аласызбы?

– Мейлиң балам, чыдайм го.

Кесилүүчү жерине укол берилип, эт жансыздандырылып, муздатылгандан кийин, хирург ал жерди узунунан сөөмдөй жерин тилип, ичегилерди ыгы менен сууруп чыга баштаганда карыянын чекеси тырышып, өңү өзгөрүп, эрдин кымтып, кесе тиштеп алды. Ал оюнда сокур ичегини албай эле, иче-карыным менен кошо өпкө-боорумду бүт эле сууруп баратабы деп ойлоду. Арадан көп убакыт өтпөй, үйлөгөн мөөндөй болуп жарылууга даяр турган, узуну карышка жакын көгүлтүр ичегини кесип, пинцет менен чымчый кармап карыяга көрсөттү.

– Ата, мынакей алиги сиздин жаныңызды жай алдырбай куурaтып жаткан сокур ичеги деген балекет. Көрдүңүзбү? – Оорулуу чекеси тырышкан калыбында башын ийкеген болду. Жайнагүл кесилген ичегини тигип бүтүп, карыяга кайрылды:

– Кана, ата, дем алыңыз. Жакшыраак, и дагы, дагы... Бул кезде сыртка чыккан ичегилер тигил киши дем алган сайын өз ордуна акырындык менен жылып кирип баратты.

Операция бүттү. Карыяны балдары замбилге салып, көтөрүп барып, өзүнүн кроватына жаткырышты...

Бул күн Жайнагүл үчүн өзгөчө эстен кеткис күн болду. Ал болгондо да бакандай болгон эки кишиге биринин артынан бирине операция жасады. Баарынан кубанычтуусу экөө тең ийгиликтүү аяктады. Бул врач үчүн оңойго турган жок. Жайнагүл маскасын алып, эки бети албырып, маңдайынан аккан тери али кургай электигин, ординатордук кабинет деп эсептелген бөлмөгө коюлган трюмодон көрдү. Колу-бетин жууп, сүртүнүп, графинде турган муздак суудан стаканга мелт-калт куюп, аптыга жутуп алып, стаканды ордуна тарс коюп, креслого боюн салмактуу таштап олтура кетти. Эмне үчүндүр көздөрү чыбырчыктап,

башы айланды. «Тобо, кудурет, бул эмнеси?» – деп эки колдоп башын басып, көздөрүн жумуп жиберди. Аңгыча тыштан акушерка аял кирип, бирдеме айтуучудай болуп, оозун эптеп баратып, кайра токтоп калды. Анткени врачтын эки колу шалдырап, мойну креслонун жөлөнгүчүнүн бир жагына кыйшайып, жансыз немедей жаткан.

– Жайнагүл Казиевна! Сизге эмне болду? Туруп, тигил диванга жатыңызчы, – аял колтуктан алып өйдө көтөрдү. – Аябай чарчаган окшойсуз. Анын үстүнө түнү менен жаанда жол жүрүп, эзилдиңиз да. – Акушерка келинди тургузуп, диванды көздөй колтуктай бергенде, тыштан алиги операция болгон жылкычынын байбичеси кирди.

– Э катыгүн, эмне болуп кетти, ыя, алдыңа кетейин? Бир жериң ооруп турган жокпу? Же бул жердин абасы бийиктик кылып жатабы?

– Билбейм эмне болгонумду, башым айланып, өзүнөн өзү эле көздөрүм караңгылашып жатат.

– Оо, кокуй, – деди байбиче, алаканын шак коюп, – бул бала ачка турбайбы. Карабайсыңбы эриндери кеберсип, өңүнүн кубарып турганын. Тышта балдарга айткылачы, тезирээк жанагы көөкөрдөгү кымызды алып келишсин. Катыгүн ай, мурда кандай эстебедик.

Жайнагүл ошондо гана, өзөгүнүн үзө тартып турганын, кечээ түштө тамактанган бойдон, оозуна наар ала электигин билди. Кымызды көрүп, муундары калтырап кетти. Каны катып турган Жайнагүл кымызды кандай жутуп жибергенин өзү да билбей калды. Бошогон чыныны кайра берип жатып күлүмсүрөдү.

– Кудая тобо, ачкалыктан да муундар ушунчалык калтырайт экен ээ. Эгерде операция убагында мындай абалга келгенимде жакшы болмок эмес. Бөөдө адамды майып кылып алышым ыктымал эле. Билбейм, оорулууларды көргөндө өзүмдү бүтүндөй унутуп калган окшоймун. Адам башкасына чыдаса да, ачкалыкка чыдабайт экен го.

– Жүрү кагылайын, биздикинде чай кайнап жатат. Ысык бирдеме ууртап, эс алып албасаң болбойт. Кымыздан дагы кичине жутасыңбы? – Байбиче столдун үстүндө турган көөкөргө кол узатты эле, Жайнагүл башын чайкады:

– Жок, жок, апа, куйбай эле коюңуз. Эми кымыз ичпейм. Ансыз деле мас болгон немедей, бүткүл денем ымырчымыр болуп чыкты. Ач курсакка ичкендики болсо керек. Андан көрө чай ичейин. – Көөкөрүн колуна кармап ордунан турган аялга карады. – Азыр апа, мен операция болгондорду бир сыйра көрүп чыгайын. Сиз бүгүнчө алиги аялдын жанынан карыш жыла көрбөңүз, – деди Жайнагүл акушеркага. – Жанында бир киши такай туруш керек. Эсиңде болсун, эч кимисине бир тамчы суу берүүчү болбогула. Азыр буларга эч нерсе ичүүгө да болбойт. Эмки калган өмүр өзүңөрдүн колуңарда.

...Жайнагүл аялдын температурасы түшпөй, эртеси да кетпей калды. Ал эми берки карыя болсо, экинчи күнү эле кекиликтей болуп, баш көтөрүп, тамак сурай баштады...

Эртең менен Жайнагүлгө чай берип олтурган аял сурап калды:

– Бул кишилерге эмне тамак бериш керек?

Врач көңүлүндө: «Кап, канаттуунун сорпосу болсо жакшы болот эле», – деп ойлоп минтти:

– Эки кишиге бир тоок болсо, бир эмес эки күнгө жетет эле. Эми ал жок да бул жерде. Шаар да алыс, район да алыс. Айылга жетүү андан да кыйын.

...Жайнагүлдү ошол күнү түшкү чайга чабандын энеси чакырып келиптир.

– Алдыңа кетейин, үйгө кирип, менин колумдан да даам ооз тие кет.

– Уулуңуз кайда?

– Жайыттан азыр келди. Үйдө.

Жайнагүл алардын тамагына караган жок. Ошол чабан жигит үйүндө болсо, медпунктка чакыртып алып, аялы

жөнүндө сүйлөшсөм деп мурда эле ойлоп турган болучу. Врач илгиртпей барды. «Кыздуу үйдө кыл жатпайт» дегендей, тим эле боз үйдүн ичи мизилдейт. Кыздарынын алды он беш, эң кичинеси үчтө экен. Жылдыздай жанган татынакай кыздарды төрөп берип отурган аялды да ушинтип кордойт экен ээ. «Бирөө ичээрге суу таппаса, бирөөгө кечүүгө кечүү табылбайт» деген ушул экен да деп ойлоду, келин.

– Уулуңуздун өзү менен сүйлөшөйүнчү, – деди Жайнагүл, аялдын сөзүн бөлүп.

– Сүйлөш кагылайын. Айтуучу акылың болсо айт.

– Сиз канчадасыз апа?

– Ушу боз кыроодо жетимиш төрткө толуп, жетимиш бешке кетем.

– Сизчи, жигит?

– Отуз алтыдамын.

Жайнагүлдүн кабагы чытыла түшүп, улутунуп алды.

– Эр жигиттин сүйрүсүнө сүт толуп, ийрисине эт толуп, акылы артып, болуп-толуп турган кези жыйырма беш менен кырктын ортосу. Апаны ардактап, алган жардын көңүлүн көтөрүп, кадырына жете турган мезгил да ушул чак. Айтыңызчы, аялыңызды эмне үчүн шордотуп, ушундай абалга алып келдиңиз? Балта-керкиси колунда, тышка чыгып эркектин, үйгө кирип ургаачынын жумушун аткарган, тың аялыңыз бар экен. Жаман көрсөңүз жаман көрүңүз, начар жигит экенсиз. Илгеркидей киши өлтүрүп, кунга келген аял эмес да. Бул да адам баласы. Ошончолук запкы көрсөтүп жазалагандай, бул байкуш келиндин эмне кылган кылмышы бар. Кылдан кыйкым таппай, койдун койго кошулуп кеткенине да ушинтип урабы. Ай-күнүнө жетип, толготуп турган аялга, күйөөсү мындай мамиле кылаарын дегеле уккан эмесмин. Кокус жолдошуңуз сотко берсе, сиз эки статья менен соттолосуз. Биринчиси киши өлтүргүч катары бир башка статья менен, экинчиси болсо, жырткычтык менен адамдын өмүрүнө зыян келтиргенди-

гиңиз үчүн, өзүнчө статья колдонуларын, мен юрист болбосом да түшүнүп турам.

Жайнагүл ойго батып, төнө түштү. Ортодогу тынчтыкты байбиче бузду:

– Бул догдур келин айткандай, жооп берип жат эми. Өз убалың өзүңө, кантейин. Же бир, башкалар өңдөнүп, ичкилик ичкен неме болсоңчу, мастыгынан болду дегендей. Кой койго кошулуп кетти деп, күнөөсүз немени уруп. Аны деле аман-эсен бөлүп алдың го. Жетпей калганы бир кой экен. Акмак балам ай, бир кой эмес, жүз кой жоголсо да, ордуна кошо турган кой-козуң бар го. Акча десе акчалуу, дүнүйө десең дүнүйөлүүсүң. Адам бирди көрөрдө ушинтип битин сыгып, канын жалап калуучу неме тура. Марттыгы деле, жоомарттыгы деле бар, ак көңүл, жайыл дасторкон ит эле. Эми эмне деген шумдук болот?

– Бир кой үчүн уруш чыккан жок да, жарыктык! Чырдын башы койдун койго кошулганынан башталды. Билесиз го келиниңиздин сырын...

Булардын сөзүн угуп олтуруп Жайнагүлдүн эсине, тигил карыянын кемпиринин айткан сөзү түштү. «Кемигинде да бар, керкисинде да бар» дегендей, келиндин өзүндө да күнөө бар. Аялдар тендигине жеткени, кутурбадыбы катындар. Азыр ким көптү – аял көптү, ким чоң сүйлөйт – аял чоң сүйлөйт, кимдин сөзү өтөт – аялдын сөзү өтөт. Бул келин чабан болгондо, эмнени кыйратып жатат дейсиң. Койду койдой багып, бир башын чыгымга бербей, акчаны ай сайын боолап алып, аялын кутуртуп жаткан жанагы жаман кара жигит. Келиндин малда эмгеги жок, жардам бербейт десем, Кудайга күнөөкөр болормун. Тыңы тың. Иштэрман эле неме. Бирок бул келиндин кемчилиги эле, тилинин узундугу. Угуп эле жүрбөйбүзбү, ууктуруп жиберет го байкуш баланы. Бул жолку экөөнүн урушунда үйүндө кайненеси да, кыздары да жок экен. Тигил чоң сууга кир чайкайбыз деп кетишиптир. Оозу-мурдунан чыгып, толготуп турган колуктусун бекер жеринен эле, кардын жара

тепти дейсиңби?» Ушуларды эстеп: «Ырас эле, тигил киши айткандай күнөө бирөөндө эле болбосо керек. Тутана албай турган отко, бензинди байкуш келин өзү чачып алган экен го», – деп ойлоду Жайнагүл.

– Ооба, Жайнагүл Казиевна, жаман иш болду. Туура, бардыгына мен өзүм күнөөлүүмүн. Койдун койго кошулуп, чачылганын көрүп каным кызып кеткен тура. Анын үстүнө, тигил шордуу аялымдын тили да кошул-ташыл болуп кетти окшойт. Кандайча тээп жибергенимди өзүм да билбейм. Коркутам дедим да. Анын толготуп турганын да билген эмесмин. Эмне кылайын, соттосо соттолуп кетем да...

«Атаңдын көр-ү-ү, – деди Жайнагүл ичинен, – турмушта эмнелер гана болбойт ээ. Эми тигил бечара аял, ушул абалы менен эри менен чогуу кантип жашаар экен. Акыры, баары бир турмуш болбойт го. Каны толук, жаш жигит аялсыз жашай алмак беле?» Ушуларды ойлоп, кабыргасы кайышып турду. Эртең мененки обходдо бул жигиттин аялы менен сүйлөшкөнүн эстеди:

– Айтыңызчы, доктор, мен сакайып, кадимкидей мурунку абалыма келе аламбы? Мындан ары төрөймүнбү же төрөбөймүнбү? Бир уул төрөп алсам деп самоочу элем. Күйөөм да эркек төрөбөйсүң деп күнөөлөп калуучу эле.

– Сиз мени угуп туруңузчу, – деди Жайнагүл аялдын кроватынын жанына жакындай олтуруп. – Эркек бала, бала болуп, кыз бала, бала эмес бекен. Биздин ушул жыргалдуу заманыбызда уул менен кыздын айырмасы деле болбой калбадыбы. Эмки сиздин энелик милдетиңиз, беш кызыңызды тарбыялоо, окутуп адам кылуу. Бала да, башкасы да, бүтүндөй карарып кетиптир. Жашырбай ачык айтканда, мындан ары төрөбөйсүз эже. Мен бул сөздү, сиз абдан жакшы болуп сакайгандан кийин айтышым керек эле. Өзүңүз сураган соң айтууга туура келди. Анын үстүнө мен да кетишим керек. Баарынан да сиздин бактыңыз тирүү калгандыгыңыз. Өзүңүздү өзүңүз сактап, мурункудай эле алдуу-күчтүү бойдон кала бересиз. Күйөөңүз деле жаман жи-

гит көрүнбөйт. Ишиңер да жакшы экен. Жакшы да турат экенсиңер. Кырсык таман астында деген ушул.

Аялдын жашы кош карегинен сызылып, эки кулагын көздөй мөлтүлдөп, капкара болуп жаздыкта жайылып жаткан чачынын арасына кирип, жок болуп жатты.

– Төрөбөсөм кантейин, кечирем да күнөөсүн. Агартып уул туубасам да, кызартып кыз туудум. Ыйкы-тыйкы болуп жашаган кээ бир мезгилдерди, жакшы өткөн кубанычтуу күндөрүбүз жууп турууучу эле. Кээде менин аялдык кыялымды көтөрө албай, катуу тийген камчысы жанымды кейитсе, кээде эркектик жылуу мээрими, жакшы сөзү көкөйдөгү көөнү тазартып, жүрөктөгү музду эритип жиберүүчү. Эрди-катын жөнүндөгү «Бири-биринин ысыгына күйүп, суугуна тоңуп жашайт» деген сөз, ушундан улам калса керек. Бирок мен күйөөмдү «кызыл камчы» деп күнөөлөп, аны менен ажырашып, кыздарымды тирүүлөй жетим кылып, шаарымды бузуу колумдан келбесине көзүм жетип турат. Балким, кемчилик жалгыз эле андан эмес, менин өзүмдөн да кеткендир...

Жайнагүл аялды телмире тиктеп турду. «Эмнеси болсо да эстүү ургаачы экен», – деп ойлоду. Өзү тилинен таап, миң күнөөлүү болсо да, айткан сөзүнө ыраазы болду. Бул аялдын ордунда башка, чабал бирөө болсо, эринин аягын асманга чыгарат эле. «Жакшынын бир аты тажаал, жамандын бир аты жоош» деген сөздүн чындыгы болсо керек...

Оорулууларга козунун аркасынан эки-үч омуртканы чийки кезинде, бир сыйра ак шапак кылып жуудуруп салып, бышырып, тузун мала даам татытып, бир чай чыныдан сорпо берүүнү экинчи күнү сунуш кылды. Жайнагүлдүн өңгөчө тынчсызданып корккону карыя болуп турду. Ага кайра-кайра кирип: «Ата, кандай абалыңыз? Ичиңизден жел чыгып жатабы? – деп адегенде эле ушуну сурайт. Ал эми тигил киши болсо: «Бул чунак келин, менин ичимден желдин чыгышына эмнеге эле мынчалык кызыгып кал-

ды?» – деп ойлоп, мыйыгынан шек алдырбай акырын күлүп коёт. Ичтен жел чыкпай калуу деген, ичегинин операциядан кийин өз ордунан туура эмес орун алуу коркунучу тууларын, врачтан угуп түшүнгөндөн кийин гана карыя: «Ал түгөнгөн жел тынымсыз эле чыгып жатат, айланайын кызым» – деп, кысына түшүп жооп берди.

Жөнөөр алдында карыяга да, тигил аялга да кирип, экөөнө тең болгон кеңештерин айтып, перевязканы кандай жасап, тигилген жарааттагы жипти кайсы күнү, кандай алаарын акушеркага алдын ала, анын билгенине карабай, дагы бир сыйра түшүндүрүп, вертолёт келсе учамын деп турган күнү Жайнагүл капысынан капканга түшкөн макулуктай болду. «Шаардан догдур келди» деп угушуп келишкен сыркоо адамдарды көрүп, врачтын шаштысы кетип калды. Көрбөймүн деп айта албады.

...Шаарга, областтык ооруканага баруучу үч киши болду. Буларды Жайнагүл өзү менен кошо ала кетмек болду...

* * *

Жайнагүл өзү менен алып келген оору адамдарды вертолёттон түшүрүп, «Тез жардамды» чакырып, бардыгын тиешелүү ооруканаларга жеткирип санаасы тынды. Ал көңүлүндө: «Балким кызын алып, энем келип калды бекен?» – деген ойдо жүргөн. Анткени баягы бир телефон менен сүйлөшкөндө «Жанат экөөбүз барып калаар бекенбиз» деген болучу Кына. «Энем келсе, балдары менен «кырман төшөк» салып алып, өздөрүнчө бир айылдуу кишидей болуп, чуру-чуу түшүп жыргап жаткандыр», – деп ойлоп көңүлү толуп койду. «Тез жардам» эшигинин алдына токтогондо гана ою чачылып кетти. Караса, үйүндө күйгөн жарык да, дымыр эткен жан да жок, тим эле кулак-мурунду кескендей болгон, дүлөй тынчтык бүтүндөй бул жерди үстүнөн басып тургандай болуп, көңүлү чөгө түштү. Ушул саамда ээсиз, талаада калган бир бөтөн үй, бөтөн жайга

келгенсип, жалгызсырап, өзүнөн өзү ыйлагысы келип, мууну бошоп, дарбазага сүйөнүп тура калганын байкай коюп, боюн дароо тартып алды. Анын бул жерде жалдырап, жалгыз турганын бирөө карап тургансып эки жагын элеңдей карап, кошунасынын үйүн көздөй, сумкасын көтөрүп майыша басты. Дабыш чыгарбай келип, жарык чыгып турган терезенин тушуна келип токтоду. Кулак түрүп, канчалык тыңшаганы менен Асан менен Үсөндүн үнү да, башкалардын сүйлөшкөн сөздөрү да угулбады. Жайнагүлдүн жүрөгү опкоолжуй баштады. «Бул кезде уктай коюучу эмес эле. Байкуш балдарым, кокус суук тийип, сасыктумоолоп калышкан жок бекен» деген арасат ойдо колу терезеге салмактуу көтөрүлдү. Ошол замат эки кыз жарыша чуркап келип, терезенин пардасын ачып, шыкаалап тура калышты.

– Мен Жайнагүлмүн, ачып койгула эшигиңерди, – деди келин.

– Жайнагүл э-ж-е-е-м, – деген кыздардын үнү үйдү үч көтөрүп кетти. Алардын үнүнө аралаш «ап-а-а, ап-а-а» деп, өз балдарынын чый-мыйы чыгып чыңырган үндөрүн, Жайнагүл дароо тааныды.

«Байкуш балдарым, үнүмдү угалбай эле араң турушкан экен сагынышып» – деп, зээни кейий түштү.

Дарбаза ачылары менен Жайнагүл түз эле үйдү көздөй атырылды. Асан менен Үсөн энесин көрүп, экөө эки жактан ыйлап жиберишти. Бири сол тизесин, бири оң тизесин кучактап, буттары тынымсыз секирип жатты. Эне жүйүртө басып олтура калып уулдарынын көздөрүнөн алмак-салмак өөп, баштарынан жыттап ыйлап жиберди. Келин тээ бир оокумда ордунан туруп, экөөнү эки колуна жетелеп илгери басты.

– Кермекаш эжем үйдө жокпу?

– Азыр келет. Атам экөө бир жакка чыгышты.

– Аа, ошондой, силердин дымырап унчукпай олтурганыңар. Корктуңарбы, ушунчаңар жүрүп?

– Корктук. Баятадан бери эле, тынбай ажылдап ит үрүп жатты. Биз ууру келген экен деп ойлодук. Анын үстүнө апам менен атам, бирөө келсе эшикти ачпагыла деген.

Жайнагүл балдарын кайра баштан өпкүлөп, кайра баштан жыттап, бооруна кайра-кайра кысып минтти:

– Менин Асаным менен Үсөнүм кандай жүрүштү? Ыйлап, чатак кылышып силерди беймаза кылган жокпу деги?

– Түндө Үсөн аябай жаман уктады. Кайра-кайра ойгонуп, «апалап» ыйлап чыкты. А Асан болсо Үсөнгө караганда жоош экен, көп ыйлап, чатак кылган жок. Бирдемеге таарынса эле «папама айтам» дей берет экен. Экөө тең сизди аябай сагынышты. Уктап жатып да «апалап» ыйлашат. Өзгөчө Үсөн.

Эне, балдар бири-бирин айлап-жылдап көрүшпөй куса болушкандан бетер сагынычтары таркабай өбүшүп-жыттышып, жалынып-жалбарышып, эзилишип олтурганда үй ээлери да келип калышты.

– Ох-о-о, Жакин келген турбайбы. Кандай айланайын, жакшы келдиңби арбай-ачпай, – деди үй ээси.

– Ий, ырас болбодубу келгениң. Келчи көрүшүп коёлу. – Жайнагүл балдарын алдынан түшүрүп, ордунан туруп, Кермекаш менен кучакташып көрүштү. – Балдарың тим эле куса болуп кетишти окшойт. Бакчадан келишсе эле, биздин үйгө киргилери келишпей, өз үйлөрүн көздөй имерилип, качып турушат. Ой, мына бул Үсөнүң, Асанга караганда сага жакын болот. Эшик ачылабы ай, дарбаза кыйчылдайбы ай, тим эле угар кулак, элеңдей түшүп ошол замат ордунан «апа!» деп секирип турат. Түз эле үйүн көздөй чуркайт. Андан дагы көздөрүн алакандай кылып жашылдантып, тамак ичпей бизди карап улутунуп томсоруп турганычы. Кимди жакшы көрөсүң десек апамды жакшы көрөмүн дейт. Ал эми Асандан кимди жакшы көрөсүң десек папамды дейт. Бул папасын кайдан жүрүп мынчалык көкүрөгүнө түйүп калганын билбейм.

– Толкунбек келген сайын буларды көргөнү бакчага барат экен да. Ал жерде эки жүздүүлөр жок дейсизби. Толкунбекке жасакерленип, Асан менен Үсөнгө папаңар келди дейт тура. Анан жакшы көрөт да атасын. Бул жерде экенде эле баруучу балдарга. Угуп, уурдап кетеби деп коркуп да жүрдүм.

– Уурдагандай балдарда эмне акысы бар. Андай эки бала керек болсо, катынын тууп бер дебейби. Толкунбек куруп калсын, аябай алжыбадыбы...

...Асан менен Үсөн Жайнагүлдүн эки тизесинде чокчоюп олтуруп алышып, бири менен бири ойноп, тим эле кабактары ачылып, күлкүлөрү чыгып, дүнүйөсү түгөл, телегейи тегиз болуп жыргап калышты.

– Жүргүлө балдарым, кетели эми. Апаң менен атаңа, эжелериңе ракмат айталы. Мен аябай чарчап келдим. Абасы бийиктик кылдыбы же балдарымды эстегендиктенби, көзүмдүн чарасы толуп, бир жакшы уктай албай да койдум. Экөөңөрдүн demиңерден дем алып, бир жыргап уктайын дейсиң.

Кермекаш чочуп кетти.

– Чарчасаң чай ичип алып, балдарыңды жаныңа алып диванга кыйшайып эс ала бер. Тышта тамак бышып жатат. Кантсе да бүгүн Жайнагүл келип калаар деп ойлоп, атайын арнап тамак жасап жаткамын. Кетебиз деген эмнеси. – Кермекаш кыздарын шаштыра сүйлөп, буйрук берди. – Болгула, кана чайыңар, төөнүн этин берүүчүдөй болуп кантесиңер кагылайындар. Бол, алып келгиле.

Жайнагүл бир-эки чыны чай ичип, диванга кыйшаяры менен көзү илинип кетти. «Уктап калды, чарчаган тура. Тамак бышканда ойготорбуз. Киши соёт деген оңойбу. Анан калса тим эле жердин түбүнө барбадыбы. Бараткандa жанагы тынчы жок лөкүйгөн машина менен жол жүрүп, андан бетер союлду да...»

Ушинтип Кермекаш Жайнагүлдү атынан айтпай, Жакин, Жакинтай деп эркелетип сүйлөп, өпкө-жүрөгүн чаап,

мээримин төгүп, үзүлүп-түшүп калган кез. А Жайнагүл болсо, ушундай ушакчы, тажаал, эки үйдү эриктирбеген, бир үйдү бириктирбеген аялдын кыялын таап, кынына киргизип, бир туугандай болгон, кыйышпас кошуна болуп кеткенине ыраазы...

Жайнагүл өз үйүнө келгенде эки уулун эки жагына жаткырып алып, тээ бир топко чейин балдарынын ою менен ойнотуп, өбүшүп-жытташып, эркелешип, кандай уктагандарын да билбей калды.

Малчылар үчүн Казиеванын жайлоого келиши өзүнчө эле бир унутулгус иш болду. Алар доктор келин кеткенден кийин, ага газета аркылуу малчылардын атынан алкыш айтып коюуну сурап, республикалык газетадан барган кабарчыларга өтүнүч кат жазып беришти. Ал эми операция болгон адамдар Жайнагүлдү ооздорунан түшүрбөй, даңаза кылып жүрүштү. Сулуулугун бирөө айтса, сымбатын бирөө толуктайт. Боорукерлигин бирөө айтса, акылын бири толуктап, тим эле абаз кылып жатышты. Жайнагүл ушуну менен эле чектелип калган жок. Ага эң эле татаал, оор операцияларга чейин катышууга туура келди. Эл ишенимине ээ болуп, калк кадырына татыктуу болду. Мындай ийгилик Жайнагүлдү бул жерге биротоло кеткис кылып бекитип салган сыяктуу болду да калды.

Бирок ошондой болсо да, анын жетпей турган кемчил дүйнөсү, толбой турган бактысы, арылбас арманы бар болучу. Ал болсо көпөлөктөй болгон Асан менен Үсөндү белине таңуу кылып, алты бөлмө болгон тамда жалгыз калышы эле.

Бүгүн күнгө ишемби. Жайдын болуп-толуп турган кези. Жайнагүл түшүндө ыйлап жатып ойгонуп кетти. Саамай чачы ымдашып, жаздыгы суу болуп калыптыр. Жүрөгү опкоолжуп, алеп-желеп болуп, делебеси козголгон калыбында, башын көтөрүп бирөөнү издегенсип эки жагын айланта карап алды. Тобо, Толкунбекти кадим өзүндөй көрдүм, – деди өпкөсүнүн көпкөнүн баса албай. Жанында

томурайып уктап жаткан балдарынын тээп салган шейшептерин кайра оңдоп жаап, кайрадан башын жаздыкка коюп, көргөн түшүн бир баштан эсине түшүрө баштады. «Жайнагүл эшикке чыкса, Толкунбек үйгө кире албай, босогодо сүйөнүп, кимдир бирөөлөрдөн өзүн далдалагансып туруптур. Э Кудай, бул жерде эмнеге көшөгөлөнүп турасың, үйгө кирбей. Келгениң ырас болбодубу. Эртең командировкага кетсем, балдарды кайда таштаарымды билбей айлам кетип турбадым беле, дейт. Анан экөө кандайдыр бир төшөккө жатып калган болот. Мен сени сагындым Жакин, деп адатынча жалына баштайт. Сенден башка аялга кучагым толбой койду десе, Жайнагүл ага таарынчысын айтат. Сен менин башымды аттап, башка аял менен кетип калбадыңбы? Эмне үчүн ошенттиң? Менин сагынып, куса болуп жүргөнүмдү да билбей койдуң. Ал эмес энеңдин өлгөнүн айтып телеграмма жиберсем да келбедиң. Байкуш энем, сен деп жүрүп, экөөбүздүн күйүтүбүздү көтөрө албай өлүп кетти. Жайнагүл кайненесинин өлгөнүн эстеп, ичи оттой жанып ыйлай баштайт. Толкунбек да ыйлайт. Акыры экөө бирин-бири соорото албай эстери оойт». – Тобо, бул эмне деген түш. Түшүндө ыйлаган адам сүйүнөт дешчү эле. Байкуш энемди өлдү дегеним кызык, – дейт өзү менен өзү сүйлөшүп...

Түндө түшүндө көргөндүктөнбү, айтор, эртеден бери Жайнагүлдүн көңүлүнөн Толкунбек кетпей койду. Эмне үчүндүр оюна кайра-кайра кылт этип түшүп туруп алды. Анан дагы баягы өзү операция жасаган чабан аялдын айткан сөзү Жайнагүлдү көп ойлонто турган болуп кетти». Капырай, өзү жапжаш туруп, жарым жандуу, жарты сандуу болуп жатса да күйөөсүн жамандыкка кыйгысы жок. «Бир этегимди жел ачкан, бир этегимди ушул күйөөм ачкан», мунун да эчен жыргаткан жыргалы болгон да, – деп коёт дагы, өлүү менен тирүүнүн ортосунда жатса да.

Кийинки күндөрдө Жайнагүл Үсөндү башка аял тууду деп айтмак турсун оюна алууга дити барбай калган. Асан

менен Үсөндүн айырмасы билинбей, жүрөгү менен жүрөгү, жаны менен жаны бир болуп кеткен. Баарынан да эненин эбедейин эзилтип, эт жүрөгүн элжиреткен бир кыялы, Үсөндүн баягы эле Жайнагүлдүн көкүрөгүнө кумар тутуусу болучу. Энесин жыттап жатып, кээде мемиреп таттуу уйкуга кетүүчү. Жайнагүл менен чогуу жатканда жыргап, тим эле уузга тойгон кулундай болуп дардая жатып, бут серппей уктоочу. Кокустан, ойноп жатканда болобу, же тамак ичип олтурганда болобу, Жайнагүлдүн «Үсөн!» деп чакырган үнү чыкканда, ошол замат селт этип, «И» деп ордунан октой учуп туруучу. Ал эми Асандын кыялы да өзүнчө бир кызык. «Асан!» деп энеси эки-үч жолу кайталап чакырмайынча ордунан козголуп да коюучу эмес. Кээде Асан ошентип укса да укмаксан болуп, тоотпой олтура бергенде Үсөн анын жанына чуркап жетчү. «Жүйү, апа чакыйып жатат!» – деп колунан тартып, кудуңдап кетүүчү. Кокустан Жайнагүл бир жерим деп онтолоп, кабагы бүркөлүп калса, Үсөндүн көздөрү жашылданып: «Апа, башың оюп жатабы?» – деп мойнунан кучактап, жаагын жаагына тийгизип, өөп коюучу. Үсөн деги жеринен ушундай сезимтал, жароокер, энеге өзгөчө жакын бала. Кээде анын ушундай кыял-жоругунан эненин ичи тарып, аман жүрсө экен, деги баладан башкача болуп баратат деп ойлоочу. Ушундан улам өз энеси Тумардын айткан бир сөзү келиндин эсине кайта-кайта түшө берүүчү. Ал болсо, эне чакырабы, ата чакырабы, же башка бирөөлөр чакырабы, адамдын үнү чыкканда селт этип, «ыя» деп тура калбаган бала да балабы деген сөзү болучу.

...Бүгүн бул үйдө майрам, бул үйдө той. Жанат эс тартып бою өсүп, киши болоюн деп калгандай. А Кына болсо, кайгыдан кайра тартып, чыйралып калган. Жайнагүл кайненеси менен кызынын келгенине кубанычы койнуна батпай толкундайт. Тим эле айтаарга сөз таппай, кызы менен энесин кайра-кайра тойбой карай берет. А Асан менен Үсөн

болсо чоң энесине жакындап келип эле, кыткылыктап күлүшүп, кайта ойт беришет.

– Эй, окшошкон гана макоолор, энеңерге өптүргүлө. Акмаксыңар го ыя, бул эмнеси өз энесинен өздөрү качкандары. Канча күндөн бери энем келет, Жанат эжем келет деп жүрүшөт да, келишсе учурашып, өптүргөндү билишпейт.

– Мен папама өптүрөм, – деди Үсөн турган ордунда секирип ойноп.

– Мен да папама өптүрөм. Сен папа эмессиң да, – дейт Асан.

Балдардын сөзүн угуп Кынанын көздөрүнө жаш айлана түштү. Үнү буулуп, эрдин бир демге кымтып туруп, анан минтти:

– О папаңар менен памыран калгырлар десе, кана папаңар, жок да. Силерди балдарым деп эстеп, сагынса келбейби. Силердин кусуруңар ургусу бардыр, ал чочкону. Сөөгүмдү сыздатты го ал айбан. Тобо, атасы бар экенин, анын бир жерде сандалып жүргөнүн түшүнөт ээ ушулар.

– Эне, канча күнгө келдиңиз? Көпкө жүрөсүзбү?

– Абышкага бир айда келем десем, макул болду байкуш. Сен үчүн, мына бул үч бала үчүн көнөт да шордуу. «Тилипон» кургуру да иштебей калды. Анын иштеп турганы да жакшы экен. Силер менен сүйлөшө албай кулак-мурунду кескендей болуп олтуруп калдык.

– Баса ошондой, чалсам эле эч ким жооп бербейт. Жанагы нөл сегиз дегенге айтсаңар болмок экен, телефонубуз иштебей жатат деп.

– Аны деле ойлогон жокмун. Кийин өзүң барганда оңдотуп берерсиң, балам. Силер менен сүйлөшкөнгө карайм, болбосо «тилипондун» бизге кереги эмне эле.

– Жанатыңыз бирдемеге жарап калдыбы?

– И, жарап калды, балам. Иттен илгери, кишиден кийин деген ушул. Серендеп үй жыйнамыш болот, чыны жуумуш болот. Кенедей немени ителеп жумшаба деп, атаң ортого түшөт да турат. Ансыз деле билем да өзүм.

– Кокуй күн, антип бекерпоздукка үйрөтпөңүз. Тим койсоңуз, бекерчиликтин кынуусун алып, жанынын тынчын көздөп, эр баба болуп, жалкоо жагына ооп кетет. Мен мындай чагымда камыр жууруп, уй саап, баарын жасачумун.

– Койчу кагылайын, балам, андан ары тим эле аша чаап баратасың. Ушул кымындай болгон байкуштун колунан камыр жууруган кантип келсин.

– Ишенбейсиз да жарыктык. Чын эле айтам.

– Эне, мага деле камыр жууруганды үйрөтсөңүз, – деди Жайнагүл менен Кынанын сөзүн угуп олтурган кыз.

– Үйрөнөсүң, балам.

Жайнагүл кызын өзүнө тартып бетинен өптү.

– Кагылып кетейин серейген, чач койгонду эмне кылат экенсиң, кырктырып эле салсаңчы.

Эки колу менен бант байлаган, өрүмгө келип калган чачын баса калды.

– Кырктырбайм, кырктырбайм.

– Ыйлап алдырбай койбодубу. Мейли эми, өрүмгө жарап калды.

– Папаң келип жүрөбү? – деди Жайнагүл.

– Кайсы папам?

– Эче папаң бар эле?

– А, Толкунбек абамбы? Келген ээ, эне баягыда-а-а.

– Буга баары эле баягыда боло берет. Бир жума болуп калды го, келип кеткенине.

– Атамды мен жаман көрөм! – деди Жанат кабагын карыш салып.

– Эмне үчүн? – деп сурады Жайнагүл чочуп.

– Толкунбек абам келсе эле, уруша берет кечке эле. Баягыда-а, атам мылтык менен атып салам дегенде Толкунбек абам качып кеткенин сен уктуң беле, ыя Жайнагүл жеңе? Анан мылтыктын огу тамдын боорун тешип кеткен болучу. Анан, Толкунбек абам дагы келсе, дагы эле тилдей берет экен атам. Экинчи үйгө келбегин дейт. Мен ыйлагам ошондо.

– Абам мында келди беле, ыя Жайна жеңе?

– Жок, келбейт.

– Эмне үчүн?

– Жумуштан колу бошобойт го.

– Аа, бошосо келет эле ээ. Мен абамды аябай сагындым. Сенчи, ыя Жайна жеңе, сагындыңбы?

– Сагынбай эле турам! – деди келин.

Жанат ар жакта өздөрү менен өздөрү болуп ойноп жаткан бөбөктөрүнө карады.

– Ай Асан, ай Үсөн, силер папаны сагындыңарбы? Тигине папа?

– Па-па-а! – Ордунан кыйкырып тура калышты.

– Папа келди! – деди Жанат кайталап.

Экөө бирдей ойноп жаткан оюнчуктарын ыргытып жиберип, эшикти көздөй жүгүрүштү.

– Па-па-а, па-па-а! – Үн алыша кыйкырып баратышты.

Жайнагүл Жанатты силке кармады.

– Сен эмне, жинди болуп жатасыңбы. Тынч ойноп жаткан балдарды делөөрүтүп. Абаң саган барганы менен Асан менен Үсөнгө келбейт. Уктуңбу. Экинчи бөбөктөрүңө мындай сөздү айтпай жүр. Келбеген немени келди деп, үмүткөр кылган кантип жакшы болсун.

Асан менен Үсөнгө далистен жетип, Жайнагүл эки уулун эки колуна жетелеп бөлмөгө кайра кирди.

А Жанат болсо бирде энесин, бирде Жайнагүлдү алмай-термей карап, Толкунбекти эстеп бакырып ыйлагысы келип, эриндери эмшеңдеп ата жытын сагынып турду...

* * *

Толкунбектин мартабасын казак жеринде көтөрүп турган негизги түркүк – өзүнүн иш билги жөндөмдүүлүгү болду. Ал бул жерде эң мыкты деген куруучулардын катарына кирип калган кези. Бул жерге келгенден бери Толкунбектин көңүлүн айрыкча өзүнө буруп кызыктырган иш,

жаңыдан фундаменти курулуп бүтүп, керегелерин тургуза баштаган тогуз кабат үй болду. Мындай курулушта ал жетекчилик кылып көрө элек болучу. Ошон үчүн өзүн кызыктырган мындай татаал курулушта иштөө, анын ички дүйнөсүн терең өздөштүрүп, ийне-жибине чейин билүү Мансуров үчүн жеңиш болучу.

Убакыт суудай агып жатты. Баягы тогуз кабат үйдүн курулушу күндөн күнгө эмес, саат сайын өйдөлөп, туш-тарапка канат жайып, бийиктикке сермелип, көргөн жандын көз жоосун алып баратты.

Толкунбектин партиялык жазасы эчак алынып ташталган. Баягы кызматка Жакан жаңы алып келгенде «Партиялык жазасы бар неме экен» деп ПМКнын партиялык бюросунун мүчөлөрү ыргылжың болуп, ары кетип, бери кетип жатышып араң макул болушкандарын Толкунбек али унута элек. Ошондо Жакан: «Мен Толкунбек Мансуровдун иштеген мурунку жеринен берилген мүнөздөмөнүн негизинде, бул жигитти билип турамын. Иштерман, таланттуу куруучу. Эгерде, өз ишинде келтирилген кемчиликтер болсо, ал жактан мындай мүнөздөмө дегеле келмек эмес. Мансуровдун бар болгон айыбы, аялы менен ажырашып, башка аялга үйлөнгөндүгү. «Караганга чымчык корголойт» дегендей, казак калкын эш тутуп, бир тууган деп бизге келип олтурса, жазасы бар экен деп, жумушка албай коюу кантип болсун. Эгерде бул жигитке ишенбей турсаңар, бул үчүн мен өзүм коммунисттик абийирим менен жооп берейин» деп бардыгын өз мойнуна алып жатып, жумушка алган. Ошондогу партбюронун жана ПМКнын начальнигинин ишенимин Толкунбек эмгек менен актап, эмгек менен калк көзүнө көрүнүп, топту жарып, чыгаан күлүктөй болуп чыга челди. Мансуровдун ушундай жөндөмдүүлүгүн билген Жакан тогуз кабат үйдүн керегеси жарым-жартылай көтөрүлүп калган кезде мастерликке которуп приказ чыгарды. Өз күчүнө өзү ишенген Толкунбек, начальнигинин ишенимине каршы чыга алган жок. Анткени бир объекти-

ни колго алып, башынан аягына чейин иштеп, өз колунан чыгаруу Толкунбек үчүн ыңгайлуу да, пайдалуу болучу. Анын үстүнө азыркы өзү жумушчу менен жумушчу болуп иштеп жаткан турак жайдын архитектурасы Толкунбектин кызыгуусун арттырып турду. Ошентип, тогуз кабат үйдүн курулушунун башталганынан бери жети-сегиз айга жакын болуп калган болучу. Бул аралыкта негизги жумуштар бүтүп, керегелери көтөрүлүп, лифттер орнотулуп, акыркы жумуштар иштелип жатты. Курулушту ушул жарым жылдыктын аягына чейин толук бүтүп, пайдаланууга беребиз деп бир даары айтса, бир даары ага шаабыз жетпейт дешип, смен менен смендин, бригада менен бригаданын ортосунда талаш-тартыштар да болуп жатты.

Курулуш деп жүрүп кээде Толкунбек өзүн унутуп калгандай болгон абалга жетип калган учурлар да болду. Ал балдарын, Жайнагүлдү, ал тургай ата-энесин эстегенге да убактысы болбой баратты. Толкунбек айласы жоктон гана дем алыш күндөрү эс алууга аргасыз болот. Зыйнат күйөөсүнүн күнү-түнү иштеп, чарчап жүргөнүн билет. Ошон үчүн дем алыш күндөрдү дем алыштай пайдаланып, толук эс алып алса экен деп, бардык шартты түзүп, күйөөсүнүн алдында ак көпөлөк болуп айланып турат.

Көргөндөр Зыйнат менен Толкунбекти бири-бирине төп келген жубайлар экен дешип суктана карашат. Талантуу эркек менен таланттуу аялдын баш кошушу майга куймак куйгандай эле иш эмеспи чынында. Мындай бакыт көрүнгөн адамдын үлүшүнө туура келе бербеси баарыга белгилүү жумуш да. Ар күнү кечте Галия Жакандан сурай берет:

– Неге Зыйнат менен Толкунбек биздикине каттабай калышты. Сен көрүп жүрөсүңбү, аяштарыңды?

– Ие, көрүп эле жүрөм. Толкунбекке эртең менен эле жолуктум, бирок биздикине эмне үчүн келбей калдыңар деп сурабадым. Алардыкы белгилүү да. Зыйнаттын да, Толкунбектин да бизге келүүгө убактылары жок болсо керек.

...Булар ушинтип сүйлөшүп жатышкан кезде, эшик шыңгырап калды. Ошол замат Жакан туруп, эшикти ачаары менен эле кыйкырып жиберди:

– А Галия, күткөн досторуң келди, сүйүнчү!

– Капырай, ал кимдер экен менин күткөн досторум! – Галия аш үйдөн шашкалактап чыга келди. – А-а-а, Зыйнат сенсиңби?! – Экөө кучакташып калды. – Кандай, соосаламат турасыңарбы? Толоке, салам айттык. Жогору чыгыңыздар!

– Кандай, Галия саламатсызбы? Биз ушинтип эле чакырылбай келип калдык. Жакандын туулган күнүн куру болсо да, куттуктап коёлу деп эле...

Жакан менен Галия бирин-бири карап туруп, күлүп жиберишти. Анан Галия алаканын шак койду.

– Ойпурум ай, карап туруп Жакандын туулган күнүн мен да, өзү да унутуп калган турбайбызбы. Бул эмне деген күнөө, бакандай болгон адамдын туулган күнүн унутуу. Сиздер болбогондо эстелбеген бойдон калмак тура. Биз Толкунбек менен Зыйнатка алкыш айтышыбыз керек, ыя Жакан.

– Биз сиздер жөнүндө азыр эле Галия экөөбүз сөз кылганбыз. Эмне үчүн келбей калды бизге деп, аяшыңар кабатыр болгонунан, мен силерди бир чети мактап, бир чети актап да койдум.

– Кандайча мактадыңыз экенсиз! – деди Зыйнат күлүмсүрөп.

– Мактоого татыктуу адамдарды макташ керек. Бириң таланты таш жарган көрүнүктүү художник, бириң талантту курууч болсоңор...

Толкунбек күлдү.

– Мен, тескерисинче, мактоого татыктуу деле адам эмесмин. Ал эми Зыйнат болсо, чыны менен эле бардык жагынан таланттуу.

Зыйнат кызаңдай түштү.

– Эмнеге какшыктайсың? Тим эле бардык жагынан дейт тура.

– Мен сени какшыктап жүрүүчү белем. Чындыгын айтып жатам.

Жакан каткырып күлдү.

– Түү-ү, мактоо жарашпаган адамдар да болот экен ээ. Эгерде менин Галиямды ушинтип бирөө мактаган болсо, бул жөн эле, канаты жок учат болучу. – Бардыгы күлүп калышты. – Энди Галиянын мактана турганы да, мактай турганы да балдары болуп калды. Өткөн дем алышта Каркырага чейин барып келдик. Биз балдарды сагынсак, балдар бизди сагынмак түгүл, ойлоп да койбоптур. Акем менен шешем тим эле карыш казы алгандай жыргап калышыптыр. Бул казак менен кыргыз: «Баланын баласы балдан таттуу», – деп бекер айтпаптыр дос. Абай менен Жабай аттан түшпөй балээ болуптур. А Айгеримим азамат, шешемдин колуна кол, аягына аяк болуп калыптыр. Калаага кеткиси жок.

Жакан балдарын айтып кеп сала баштаганда эле Толкунбек өз балдарын эстеп, өз ата-энесин ойлоп, ичи сыйрылып турду. Азыркы Жакандын сөзүн Толкунбек такыр башкача түшүндү. «Менин аялымдын сыйы да, сыймыгы да балдары. Экөөбүзгө андан артык бакыттын да, байлыктын да кереги жок», – деп жаткандай туюлду. Ал эми Зыйнат болсо өзүнөн мурда Толкунбекти ойлоду. Оңбогон Жакан, өз балдарын айтам деп, Толкунбектин жүрөктөгү жарасын тырмап алды. Же мунун мага атайын тийгизип айткан сөзүбү. Баягыда атасы: «Туубаган катындан, тууган улактуу эчки өйдө», – деди эле. Эми Жакандын азыркы айтуусу боюнча, менин бактымдан Галиянын зоболосу бийиктик кылат турбайбы?!

Кабагы бүркөлө түштү. Ал дароо Толкунбекти карады. Жигит аялына сыр билгизбей күлүп койду. Күйөөсүнүн кабагын көрүп, Зыйнаттын кабатыр көңүлү ордуна келе түштү...

Алар Жакандыкынан чыкканда түндүн бир далайы болуп калган. Машинанын ичинде жымжырттык өкүм сүрөт. Толкунбек алдын ойлуу тиктеп, үнсүз келатты. А Зыйнат болсо өзүнөн өзү буулугуп, өзүнөн өзү ыйлагысы келип, деми ичине батпай, кайра-кайра улутунуп, үшкүрүк аралаш дем тартат.

– Сен эмне, бир жериң ооруп жатабы? – деди бир оокумда Толкунбек аялына карабаган калыбында.

– Оорубай эле келатам.

– Анан эмне, үшкүрүгүң таш жарып, бышкырыгың баш жарып, мындай жолдо баягы сүйлөөчү сөздөрүң да, күлүүчү күлкүң да, ырдоочу ырың да жок, өзүңчө эле бир күйүткө күйүп келаткан чоочун адам сыяктуу болуп түнөрүп калдың?

– Мен сен жөнүндө ойлонуп түнөрүп келатам.

– Мен жөнүндөбү? Кызык экен, эмне деп ойлоп жатасың?

– Айтайынбы?

– Айт, эгер жашыруун болбосо.

– Жаңа Жакан балдарын айтып жатканда, күлүмүш болуп сыр билгизбегениң менен, өңүң бир кызык болуп кетти.

– Кандай болуп кеттим? – Кекээрлүү сурады.

– Кабагың түшүп, өңүң өчүп, көздөрүңдө кандайдыр кусалыктын учкуну түнөп, күрөө тамырларыңдын адаттан тышкары балкылдап согушу гана тирүүлүгүңдү айгинелеп тургансып көрүндү менин көзүмө. Ошол саамда балдарыңды, Асан менен Үсөндү, Жанатты, ата-энеңди, Жайнагүлүңдү ойлоп кан жутуп турганыңды дароо билдим.

– Капырай, укмушсуң го. Ойлогонуңдун баары эле жамандык менен арамдык ээ.

– Сенин ойлогонуңдун баары жакшылыкпы?

– Ошол жакшылык ойлогондугумдан сенин жаныңда жүрбөйүмбү.

Зыйнат унчукпай калды, буулуп.

Машина үйдүн жанына келип токтоп, Толкунбек кабинадан чыкты. Бул кезде Зыйнат жөндөн-жөн эле ыйлап

жаткан болучу. Толкунбек аялы олтурган жактын эшигин ачты.

– Түшпөйсүңбү?

– Жеттикпи?

– Арак ичпей эле, кымызга мас болгон немесиң го дейм.

– Мени мас кылган сенсиң.

Толкунбек мыскыл күлүп, ийинин куушурду.

– Түшүнсөм Кудай урсун.

– Түшүнөсүң.

– Менин ичиме кирип чыккансып, балдарыңды, аялыңды, ата-энеңди эстеп жатасың деп курулай ой жооруп, жөндөн жөн эле күнөөлөгөн кантип болсун.

– Кудай урсун ойлогон жокмун, эч кимди дечи.

– Эмнеге карганам. А эстесем, ойлосом эмне болот экен. Сагындым балдарымды, ойлодум балдарымды. Эмне, балдарымды ичимден ойлоого да тыюу саласыңбы. Же алар менин балдарым экени, мен алардын атасы экеним жалган беле. Ай түшчү, эшиктин алдына келип, машинада ичтитышты болуп туруп алып кайым айтышпайлы. Мен машинаны гаражга коюп келгенден кийин сүйлөшөлү сөздүн калганын.

...Аял күйөөсүнүн эмелеки тыштан айткан сөзүн кайталап минтти:

– Балдарыңды сагынган экенсиң да, ээ.

– Сен эмдигиче, эчакгы ичтен түшүп өлгөн, кызыл эт балаңды унутпай, эстеген сайын ыйлайсың, бала деген ошондой болот. Сен өлгөн балаңды сагынсаң, мен тирүү балдарымды сагынбаймынбы. Сагындым.

– Билем сагынганыңды.

– Айтып берүүчүң бар турбайбы. Мен көзү ачыктыгыңды байкабай жүрүптүрмүн мурда.

– Бирөөнүн балдарын көрсөң эле, кыялың бузула түшмөй адатың бар сенин. Чылада оонап жаткан балдарды да, булганарыңды билбей төбөңө көтөрүп, мойнуңа

мингизип аласың. Оюңда, мени түшүнбөйт, билбейт деп турасыңбы, айтып берүүчүм жок эле, баарын билем, баарын түшүнөм. Эмне кылайын, сени сүйүп калыптырмын. Алаксыр бекен, кабагы бүркөлбөсө экен деп, колумдан келгендин баарын сенден аяган жокмун. Жөө жүрбөсүн деп, башың кирип, бутуң кире элек жатканда машина алып бердим. Колумдан келсе самолёт сатып берип, асман менен учуруп, жер шарын чарк айлантып чыгайын дейм, ага оюм жеткени менен колум жетпей жатпайбы. Мен жападан жалгыз сен үчүн жашап, сен үчүн иштеп, канатымды каккылап жүргөнүмдү кандай билбейсиң?

Толкунбектин көзү канталап кетти. Аялын жеп жиберүүчүдөй акырая карап минтти:

– Урдум мен, сенин машинаң менен самолётуңду. Эмне, машина менен самолёт мага бала, ата-эне болуп береби. Мага бала керек, бала! Түшүндүңбү? Мен үчүн канатыңды каккылап, убара болбой эле кой Зыйнат. Мен багууда калган, алсыз, дармансыз адам эмесмин. Тоону томкоруп, ойду омкоро турган кезим. Сен тапкан акчаны мен да таап жатам. Машина, машина! Эмне, азыркы минип жүргөн машинада менин үлүшүм жокпу?

Зыйнаттын өңү кубарып, эриндери өзүнөн өзү кыймылдап, үнү ыза менен кемсинүүдөн муңканып чыкты:

– Сага керек бала, мага да керек болучу, Толкунбек. Эми эмне кыл дейсиң? Мен да балалуу болгомун, мен да бала туугамын. Кайда ошол бала? Ал болгондо мен да минтип куурап олтурбайт болучумун. Эчакկы ымыркайында өлгөн балаңды унутпайсың деп күнөөлөп, өзүңдүн күйүтүңдөн менин күйүтүмдү жеңил ойлоп олтурасың. Ал тирүү болгондо канчага чыгаарын, кандай бала болоорун элестетип көрчү. Аны көз көрүнөө сен жоготуп, сен өлтүрбөдүң беле. Сен балдарыңдан тирүүлөй ажырасаң, мен өлүп ажырап олтурам. Кана, өзүң эле таразалап көрчү калыс болуп, кимибиздин күйүтүбүз күчтүү болор экен.

Залда ары-бери басып турган Толкунбек, бурулуп келип креслодо олтурган Зыйнатты жакадан муунта кармап туруп, жаакка тартып жиберди.

– Баламды сен өлтүрдүң деген сөзүндү качан коёсуң деги. Мен киши өлтүргүч болгон турбаймынбы ыя, сага? Деги ошол никесиз туулуп, тоңуп өлгөн баланды менден туудуңбу, башкадан туудуңбу, мен кайдан билейин. Сорпо ичкен да ууру, эт жеген да ууру болуп, башкалардын супсунуна түшүп жүрүп, алардын ордуна мен тутулуп калбадым бекен?! Же мага чейин наристе бойдон белең? Ушундай суук сөзүндү качан коёсуң сен. Экөөбүз, арай көзүбүз чарай олтуруп эле, кеңешип-кептешип туруп иштеген иш эмес беле. Эми ошол балекеттүү баланын ажалына мен эле себепкер болуп кала беремби? Анын тоңуп өлүп калаарын кимибиз ойлодук эле. Сен мени азезилдей азгырып, өз торуңа түшүргөнүңдү билесиңби? Билесиң. Бирок мен сени алайын, Жайнагүлдөн ажырап, балдарымды таштайын деген ой үч уктасам түшүмдө жок болучу. Сен мени ага катарында үйүңө чакырып барган күнү, башымдан бактым учаарын билбей ит болбодумбу.

– Туура айтасың Толкунбек, сен да ит болдуң, мен да ит болдум. Сен экөөбүз бир үйдө эрди-катын болуп чогуу жашаган күндөн баштап канымды да, акылымды да сага сүлүктөй сордуруп бүттүм. Асылыңдан азабыңды көбүрөөк тарттым. Ар түнү, уйкуга көзүң жумулду дегенче Жайнагүлдү чакырып төшөгүңдөн элирип тура качсаң, балдарыңды чакырып сүйлөнө берсең, жүрөгү жаралуу адам эмес, жүрөгү таза адам да жинди болуп кетүүчүдөй.

– Кызык, мен сага атайын эле нервиңе тийиш үчүн жасап жаткансып сүйлөйсүң да. Жайнагүлдөн кадыркөңүлүм калбаса, уктап жатып чакырса чакыргандырмын, Асан менен Үсөндү айтсам айткандырмын. Бирок мен алар менен эмес, сени менен жашап жатпаймынбы. Мени эми, эмне кыл деп турасың?

– Сүйүүдө көз жок деген ушул экен да. Эгерде мен сени сүйбөгөн болсом, мынчалыкка сен барам десең да, мен бармак эмесмин. «Тартып өпкөн жел өпкөн, сурап ичкен суу ичкен» деген чын турбайбы.

– Койчу эми, калп эле түштөн кийин наалыбай. Болоору болуп, боёгу канды да. Таштайлычы, ушул сөздү.

– Таштабаса эмне кыласың? Сага кайра жакшы да. Үйүң үй, жайың жай, бардыгы ордунда. Бир гана сен жоксуң. Көп болсо кайра Жайнагүлгө барарсың, жаңылдым-жаздым деп кечирим сурап.

Толкунбек аялынын жанына барып, бир колу менен ээгинен көтөрүп туруп:

– Тилиң тишиңе күбө! – деп колун кайра тартып алды.

Зыйнат Толкунбекке экинчи каяша да айтпай, сөз да сүйлөбөй, диванда бүк түшүп, ыйлап жатты. Бул күнү ал экөө эки башка жатып, эки башка турду.

...Толкунбек керээли кечке санаасы санга бөлүнүп кабагы ачылбай, капалуу жүрдү. «Зыйнат менен же нике кагазым болбосо, же тууган балдары болбосо, эмнесине карап турам. Кетип калсам эмне болот?» – деп ойлоду. Бирок анын тарткынчактап турган коркунучтуу иши башка болучу. «Жайнагүл кабыл албай койсо, кантем!» – деп ошондон коркту. Баарынан да кайнене, кайнага дегендей, кайын журту менен Толкунбектин кайрадан беттешүүсү өлүмдөн катуу иш болуп турду. Аларга эмне деп айтат. Толкунбектин тоодой күнөөсүн кечиришеби же кечиришпейби? Ушуларды кайра-кайра эстей берип, жүрөгү да бузулду. Жигит эртеден кечке санаадан чөгүп, сабыркап жүрүп, кандай иштеп, күндүн кандай өткөнүн да билбей калды.

Жумуш күнү аяктап, биринчи сменада иштегендердин ордун экинчи смен ээлеп, кечки жумуш кайра башталды. Үйдүн толук бүткөн бөлмөлөрүнө салынган кулпулардын ачкычтарын кармалап турган Толкунбектин жанына экинчи смендин бригадири келип токтоду.

– Салам алейкум.

– Алейкума салам. Биринчи смен мына бул эшик алдындагы аянтты толук түзөтүп чыгышты. Газондорду бөлүп, жолдорду асфальттоону күндүз жүргүзөбүз го дейм.

– Ооба, күндүз асфальттабаса калтыс кетип калышы ыктымал. Биринчилер бир топ жумушту ойсуратып салган сыягы бар. Биз ички жумушту кайсы кабаттан баштайбыз?

– Жетинчи кабаттын бүтө элек бөлмөлөрү бүт акталып, сырдалып, айнектери жуулуп, паркеттери тазаланып бүттү. Алардын баарына кулпулар салынып, бекитилди. Силер эми сегизинчи кабаттан баштап иштей баштайсыңар. Мурункудай эле бүткөн квартираларды ошол замат бекитип, ачкычын өзүң аласың. – Мастер жанына келген биринчи смендин бригадирине карап минтти: – Складдын ачкычын берип, калган материалдарды тактап өткөрүп бер буларга.

Жигиттер өздөрүнүн басмырт турган мастерине, баштарын ийкеп коюп, курулушту көздөй басышты. А Толкунбек болсо эки колун артына алып, кыймылсыз тура берди. «Эмне кылсам экен, үйгө барбай эле, Жакандыкына барып, болгон ишти айтсамбы, жумуштан бошоном десемби. «Иттен жок, же ит байлаган жиптен жок» дегендей, Зыйнаттан да жок, Жайнагүлдөн да жок, кокус эки ортодо талаада калсамчы. Ай, мейли, – деди бир оокумда өз колун өзү силкип, анда өмүр бою тапкан-ташынганымды балдарыма, ата-энеме берип, кечил өтсөм эмне болот? – Көңүлү бузулуп, толук бир жыйынтыкка келалбай, санаасы санга бөлүнүп турду. Ушул маалда кимдир бирөөнүн дабышы чыгып, ал улам жакындап келаткандай болду. Жигит дабыш чыккан жакка жалт бурулду. Караса Жакан. Толкунбек күлүп жиберди.

– Буюрса, ушул айда болбосо да аркы айдын аяк ченинде пайдаланууга берилип калаар деп ойлойм! – деди Жакан бетаарчысы менен маңдай терин сүртүп.

– Ооба, мен да ошону ойлоп карап турам. Экинчи смен да ишке киришти. Бүгүн биз, – колунда кармап турган ачкычтарды көрсөттү, – мына мынча үйдү кулпуладык. Кечээ тигил смен биринчиден бир үйдү ашык бекитти. Бирок бүгүн кечээки күнгө караганда, өзүбүздүн эсеп боюнча биринчи смен эки квартираны ашык бүттү. Биздин колду кармаса бассейндин жумушу кармайт. Анда бүгүн эки ширетүүчү такай иштеди. Буюрса, ушул темп менен иштесек, жаман болбойт го деп турам.

Жакан сөздү минтип бөлдү:

– Сени издеп барсам, Зыйнат келе элек дейт. Болду-болбоду объектиде болсо керек деп ойлодум эле, туура чыкты. Жүрү, кетесиңби? Нарынколдон шешемдин иниси кымыз берип жибериптир. Билесиң го баягы Ленин атындагы колхоздун жылкычысын. Өгүнү биз дем алышта барганда куру кеткенибизге өкүнүп калса керек.

Жакандын Толкунбекти издеп артынан курулушка келишинин да экинчи себеби бар болучу. Аяшынын келгенин көрүп, Зыйнат ыйлап жиберген. Түндөтөн берки болгон ортодогу ыйкы-тыйкыны айтып, арызга олтурган. Бирок Жакан Зыйнатты жактап, Толкунбекти күнөөлүү деп ооз ачкан да жок. «Албетте, балалуу киши баласын сагынбай коймок беле. Сен деп бардыгына кайыл болуп, азап-тозокту аркалап келгенден кийин, кандай гана иш болбосун көтөрүшүң керек. Толкунбек адамгерчиликтүү жигит. Аны сен кеткен бойдон келбей коёт экен, койнума жатпаган бойдон жатпай калат экен деп кан жутпай эле кой. Балким, иштери менен жүргөндүр. Балким, сени кантээр экен деп жаткандыр. Жаңы үйдү бүтүп пайдаланууга берүү үчүн алар күнү-түнү дебей, жан тынымын коюп иштеп жатышат. Мансуровдун эмгегин баалаш керек. Ал кайда болсо жерде калбай турган керектүү жигит. Ушул тогуз кабат үй пайдаланууга берилгенден кийин, Толкунбекти башка жумушка которобуз. Кечээ эле курулуш трестинде ушул боюнча сөз болду. Болуптур Зыйнат, сен тигил идишти

бошотуп кой мен келгенче. Кабатыр болбой «чалыңды» күтүп тур, – деп кайра чыккан. Бирок, сырга сынбас Жакан Толкунбекке Зыйнаттан уккан сөзүн айтпады.

Тигилер келгенде Зыйнат күйөөсүн да, Жаканды да эч нерсе болбогон немедей, жадырап-жайнап тосуп алды. Эмнеге кечиккенин, эмне үчүн эртең менен жөө кеткенин да сурабады. Адатынча буту-бутуна тийбей, сүлгү камдап, үйгө кийүүчү кийимдерин ваннага алып кирип даярдап койду.

– Сен жуунуп чыкканча мен чай даярдап жиберейин. Ага чейин бир чыны кымыз ичип ал. Жакан олтуруп тамак ичип кетсин. Галияны барып өзүң алып келээрсиң, – деди Зыйнат Толкунбекке.

– Жок, жок, биздикинде мени күтүп жаткан адамдар бар. Ракмат, мен кайтышым керек.

Жакан кымыздан бошогон бидонду алып, коштошуп чыгып кетти. Толкунбек душка кирип, чайынып кайра чыкты. Ал аялына сүйлөгөн да жок, караган да жок.

Ал эми Зыйнат болсо столдун үстүн даярдап жатып Толкунбекти кайра-кайра жалтактай карайт. Көздөрүнүн чынысы канталап, өпкөсү көөп, бакырып ыйлап жиберүүгө даяр турганын байкаса да, байкамаксан болуп, жигит үнсүз. Зыйнат болсо түндөгү ачуусу да, таарынчысы да тарап, канткенде күйөөсүнүн кабагын ачып, көңүлүн табарын билбей турган. Ал бир кезде Толкунбектин алдына барып, капысынан эле тизесин кучактай калды.

– Мени кечирип кой Толкунбек, чындыгында эле бардыгына мен күнөөлүүмүн. Түшүнөм баарын. Бирок сен үчүн менин жүрөгүм да, көңүлүм да таза. Эгерде көөдөнүмдү жарып көрсөң, кан ордуна сүт чыгаарына ишенип кой. Менин бар болгон күнөөм, сени сүйгөндүгүм. Ошон үчүн ич тарлыктын кесепетинен оозумдан чыгып кеткен катуу айткан сөздөрүм болсо кечирип кой.

Толкунбектин дили чындап эле карарып турган. Эчен-эчен тээп жибере жаздап барып, астапырылда кылды. Анын көз алдына, баягы, элеси эмдигиче эсинен өчүп бүтпөгөн,

бир кездеги балакатка жетип-жетпеген, эселек кыздын кебете-кешпири көз алдына тартыла түшкөндө, жүрөгүндөгү тоңуп турган муз акырындык менен эрип бараткансыды. Ошондогу тартыш турмуш, жетишпеген мүчүлүш күндөрдү эстеди. Зыйнаттын мүнөзү энеси Аккыздыкына окшоп, жайдары, анан ак көңүл болучу. Чындыгында, маркум эже, эмне деген киши эле, – деп ойлоду.

Өлүм алдында ошол күнөөсү жок, баёо жүрөк балапан кызын өзүнө табыштаган аманат сөзү кулагына кадимкидей угулуп кетти. Азыр, Толкунбектин алдында, ошол эч нерсе менен иши жок, эне сүтү оозунан кете элек секелек жетим, өз аягын кучактап ыйлап жаткандай болгон бир боор ооруткан жылуу сезим, көңүлүн көлкүлдөтүп жиберди.

– Зыйнатка, – деди Толкунбек ордунан козголо берип, кандайдыр өнтөлөгөн үн менен аялын колтуктан алып өйдө көтөрүп. – Болуптур, сен да мени кечирип кой. – Келин ордунан салмактуу көтөрүлдү. Жигит жашка жуулган аялынын бетин кол жоолугу менен сүртүп, ээгинен көтөрүп, чекесинен өөп койду.

«Эрди-катын урушат, эртеси кайра табышат» дегендей, Зыйнат менен Толкунбектин ортосунда эч нерсе болбогонсуп, кайра эле мурунку калыбында, кадыресе жашап калышты. Бирок эмне үчүндүр ойноп оюнга, күлүп күлкүгө тойбогон, шаан-шөкөтү көп ыракаттуу күндөр барган сайын солгундап, уламдан-улам сууй баштагансып баратты. Экөө тең ойчул, экөө тең санаачыл болгонсуп, арыктап да кетишти.

Төшөккө жатаар алдында Толкунбек өзүнөн өзү коркуп, чочулап туруучу болду. Анткени кандай карайлап уйкусу келип турса да, жаздыкка башы тиери менен, уясынан чочуган куштай болуп уйкусу качат да кетет. Анын кийинки убакта ойлогону да Жайнагүл, эстегени да Жайнагүл, сагынганы да Жайнагүл. Анын бүтүндөй турпаты көз алдына тартылат да турат. Баарынан да баягы өзүнүн

артынан келип, Зыйнаттын тарткан сүрөттөрүн эчтекеден эчтеке жок, жай адамдан бетер эрий карап, күлүмсүрөп турушу көңүлүнөн кетпейт. Ошондо душманынын үйүнө келип алып, эмнени ойлоп, кандайча кыялга батып жыргап кетти экен. Анан ал Зыйнат экөөбүздү көргөндө, жайнап турган эмелеки жүзү өзгөрүп, муздай тоңо түштү. Көздөрүн Толкунбекке октой бир кадап алып, шарт бурулуп чыгып кеткенин эстей берет. Көрсө, Жайнагүл ошондо мени кан чыгарбай, түбөлүккө чала өлүк кылып муураздап кеткен тура, – деп катуу чаалыгып, чарчап турган немедей үшкүрүнөт. Асан менен Үсөнду эстегенде өзөгү өрт болуп күйүп кетет. Бакчага барганда жаздым дедирбей таанып, «Па-па-а!, Па-па-а!» – дешип, экөө эки жагынан чыгып, экөө эки акырегине баштарын жөлөп алып, кичинекей быйтыйган татынакай колдорун мойнуна арта салып, кыткылыктап күлүшүп, дүнүйөсү түгөл болуп эки уулу менен эзилишип, сагынычтары таркабай турган мезгилдерин эстегенде, аларга күн күнөбөй, түн түнөбөй, куштай учуп жеткиси келип, иштеп жаткан жумушуна, жашап жаткан күнүнө кайыл болуп кетет. Ал эми Жанатты ойлогондо көздөрүнө жаш айлана түшөт. «Аба, сен Асан менен Үсөнгө бардыңбы? Эмне үчүн ыраак жерде иштеп жүрөсүң? Мен сени күндө эле сагынам. Абам келип калса экен деп жолду карай берем, карай берем!» деген сөздөрүн ойлойт. Анан дагы жатаар алдында жүрөкзаада болгон дагы бир иш, көзү илинип кетсе эле бирде Жайнагүлдү, бирде Асан менен Үсөнду чакырып өзүнчө сүйлөнсө, кээде уйкусурап элирип төшөктөн тура качкан бир балекеттүү дарттын пайда болушу болду. Ушинтип санаага алдырып, уктаса уктап, уктабаса уктабай, эртең менен жумушка чала жан немедей кетүүсү көбөйүп баратты.

Толкунбектин уктабай, тынчы кетип жатканын туюп жаткан Зыйнаттын да санаасы саман. Күйөөсүнүн эмнелерди ойлоп жатканын так билбесе да түшүнөт. Экөө бир

төшөктө жанаша жатып, эки башка жигерсиз ойдун жибин чубап, эки түрлүү түмөн түйшүктүн түйдөгүн тытат.

Бири-биринин уктабай, уйкусу качып ойгоо жатканын билишсе да үн катып сүйлөшүп койбойт. «Эмне болуп тынчың кетип, уктай албай жатасың», – деп эри аялынан, аялы эринен сурабайт. Мына ушундай туңгуюк турмушка туш келем деп мурда булар ойлошту бекен?! Жок, алар адегенде эле: «Таш түшсө таалайымдан, кум түшсө Кудайымдан көрдүм», – деп тагдырларын тобокелге салышкан адамдар болучу. Ушинтип жатып түндүн тээ бир оокумунда биринин артынан бири уйкуга кетишет. Ошол күнү эртең менен Зыйнат турганда Толкунбек жумушка кетип жаткан болучу. Аял күйөөсүнө минтти:

– Кечээ эмнеге жөө кеттиң, машинаң туруп. Мени коркутам деп өз жаныңды өзүң кыйнабай минип ал да.

– Сени коркутпай эле өзүм жеттим.

– Койчу эми, жөө баскандын да жөнү бар эмеспи. Кудай ай, кандай бир таалайы тайкы, бактысыз шордуу болдум. Акыры мен сен деп жүрүп, ажалдан мурда өлөм го. – Өзүнөн өзү жерди тепкилеп ыйлап жиберди. Ал күйөөсүнүн азыр да жөө кетип баратканына капа болду. Анткени Толкунбектин баса турган жолу алыс болучу.

Толкунбек кетип баратып эшик алдына жетип кайра бурулду. Зыйнатты тиктеп туруп, бырс күлдү.

– Сенин кыялдарыңдын кээ бири, баягы эле бала кезиңдеги бойдон. «Кыз кезимдеги кылыгым, катын кезимдеги каадам», – деп ушул сага окшогон бирөө айтса керек. Төшөктө ооруп, ордунан козголо албай жаткан Аккыз эжеден чыгаруучу элең го, башкалардан чыгаралбаган ачуукүчүңдү. Ошондо да ушинтип, курудан-куру Кудайдын жерин тепкилеп, ыйлап-сыктап коркутаар элең. Мен үчүн анчалык деле каныңды бузуп, күйүп-бышпай эле кой. Түшүнүп турам жүрөгүңө, билем сенин кимдигиңди. Анан калса дайны жок эле, жаш балага окшоп көзүңдүн жашы кирпигиңдин учунда эле илинип турат. Ый менен эч ким,

эч кимди коркута албайт. – Ээгинен эркелетип коюп чыгып кетти...

Акыры баягы тогуз кабат үйдүн пайдаланылууга берилүүчү акыркы күнү да келип жетти. Бул күн шаардыктар үчүн өзүнчө эле майрам болду. Ар кайсы мекемелерден, уюмдардан өкүлдөр көп чогулду. Партиянын шаардык комитетинин биринчи секретары сөз сүйлөп, лентаны Улуу Ата Мекендик согуштун ветераны. I, II, III даражадагы «Даңк» ордендеринин толук кавалери кести. Сүрөтчүлөр менен кабарчылардын бири ПМКнын начальнигинен, бири башкы инженерден, дагы бирөө Мансуровдон интервью алып да, сүрөткө тартып да жатышты. Ошол үйгө кирүү укугуна ээ болуп ордер менен ачкычты чогуу алган адамдардын кубанычтары коюндарына батпай, бирин-бири куттуктап, жакшы санаалаштык каалоолорду айткан сөздөр, шаңдуу күлкүлөр теребелди термелтип, обого сермелди. Толкунбектин маңдайынан тер чыпылдап, кубанычтан жүрөгү көөдөнүнө батпай, түрсүл согот. Ушундай кубанычтуу мезгилде Зыйнат күйөөсүнө айтайын деген өзүнүн жаңылыгын айтпай, шаан-шөкөттүн бүтүшүн күтүп турду.

Жакан Зыйнаттын сунган колун алып жарк этти. Келин күлүп:

– Ийгилигиңиз менен куттуктаймын, Жакан Усаевич! Кандай сонун иш болду.

– Үстүнө чыгып көрдүңүзбү?

– Көрдүм, көрдүм. Бир керемет курулуш болуптур.

– Ракмат. Бул үйдү курууда, Толкунбектин үлүшү тим эле кыргыз менен казактын Ала-Тоосунан да бийик болуп кетти го деп турам. Менден мурда куттуктоочу адамыңыз ошол сиздин күйөөңүз. Бир сөз менен айтканда мен бычмачы болсом, тигүүчү устат Толкунбек Мансурович го.

Зыйнат Жакандын сөзүнөн кийин күйөөсүн куттуктады.

– Кечиресиң Толкунбек, «Колдо бар алтындын баркы жок» деген ушул. Ийгилигиң кут болсун. Даражаң ушул

заңгыраган үйдөй болуп, көтөрүлө берсин. Сен элди-журтту кубантсаң, менин да өзүмдү өзүм кубанта турган бир ишим болуп калды.

– И, болсун, болсун. Бирок керт башыңдан ашпаганы кызык экен.

– Менин кубанычым, Москвадан телеграмма келиптир. Москвада өтүүчү көргөзмөдөн кийин, Индиянын көз карандысыз республика болгондугунун 50 жылдык юбилейинин урматына Делиде ачыла турган көркөм сүрөт көргөзмөсүнө катышууга учат экенбиз. Буюрса быйыл той көп экен. Индостандан келгенден кийин Киевде, Түркияда өтө тургандыгын жазыптыр. Мына телеграмма.

Толкунбек телеграмманы колуна алып окуп чыгып, аялын жадырай карап кучактап чекесинен өөп, колун кыса кармады.

– Кут болсун, сонун болгон турбайбы.

Экөө бирин-бири куттуктап турушту.

Кубанычтан терисине батпай толкундап турган Зыйнат күйөөсүнүн бул жерден жакында кете койбосуна түшүндүбү, же башка жетекчилердин аялдарынын эч кимисинин бул жерге келбегендигинен тартынып кеткиси келдиби, жанына жакын келип, Толкунбектин жеңинен акырын тартты:

– Мен кете берейинби?

– Мейлиң, өзүң бил. Мен тигилер кетмейинче кете албаймын го. Жакан мени жеткирип коёр. Сен жөө баспай, машинаны минип кете бер. Автобус тосуп жүрөсүңбү. Аялдамага да бир топ бар. – Чөнтөгүнөн ачкычты алып сунду.

– Жок, жок, мен троллейбус, же автобус менен эле кетем. Жинди белем, жолдошторуңдун алдында сени жөө таштап, машина минип. – Келин колуна кармап турган сумкасын, оң ийнине боосунан салып, басып кетти...

Зыйнат үйгө келип чечинип, тамак асып коюп, бая күнү издеп таппай койгон, өзүнүн «СССР художниктер Союзунун мүчөсү» деген күбөлүгүн кайрадан, кагаздардын ичин

тытып издей баштады. Ары карады, бери карады. Ал эмес китеп текчесинде тизилип турган китептердин да ичин ачып, тинтип чыкты. Акыры, жедеп эч жерден таппай Толкунбектин жумушчу столунун шкафтарын ачып, балким, бир жерде жатса, өзүнө салып койбосун деген үмүт менен папкадан папкаларды ачып издеп кирди. Бир кезде «Эң керектүү документтер» деген папканы көрүп, мында кандай зарыл керектүү кагаздар сакталат болду экен, – деп кызыга кеткен Зыйнат, акырын ачып көрдү. Караса, өңчөй эле үйлөрдүн долбоорунун чиймелери салыныптыр. Анын арасында төрт бүктөлүп сакталган Кыргызстандан чыккан республикалык газетанын номерин көрүп, сууруп алды. Өз жеринен чыккан бул газет көзүнө ысык, жүрөгүнө жакын көрүнүп кетти. Бөтөн эл, бөтөн жерде жүргөндө өз мекениңдин газета, журналдарын окуп, анда болуп жаткан жаңылыктар менен эски болсо да таанышуу ар бир адам үчүн кубаныч тартуулаары ар кимге белгилүү да. Адегенде эле газетанын санын карады. Окуса мындан эчак мурда чыккан газета болуп чыкты. «Мынчалык кастарлап, эмнеге катып жүрдү болду экен?» – деп ойлоду. «Балким, өзүнө керектүү макалалар чыкты бекен?» – деген ниет менен газетаны жайып карай баштады. Зыйнат үчүнчү бетке келгенде Жайнагүлдүн сүрөтүн көрүп көздөрү чекчее түштү. «Түйшүк түрмөгүндөгү өмүр» деген очеркти ал кандай окуп чыкканын да билбей калды. Аягына чыгып, ойго батып, өзүнөн өзү нес болуп турду. Бул баягы алыскы жайлоого барып, эки адамды операция жасагандыгы жөнүндө жазылган очерк болучу. «Мына, мени менен бирге жашап, ысыгыма күйүп, суугума тоңчу эримдин жайы. Куураган Зыйнат, бул сага түбөлүк түгөй болуп бербейт го. Төрөбөс да болуп калдым. Бала үчүн барбаган жерим, көрүнбөгөн эмчи-домчум, догдурум да калбады. Баары эле чогулуп, макулдашып алгансып «Убара болбо, кызым, эне болуудан калып калыптырсың» деген жагымсыз сөздөн башка-

ны айтышпай коюшту. Жок дегенде Толкунбекке бирди төрөп берсем алаксып, зарына басты болуп калат эле. Эми минтип, балдарым, балдарым деп какылдап, Жайнагүлдү унутпай, анын өзү эмес газетага чыккан очерки менен сүрөтүн кастарлап, катып жүргөнүн кандай деп түшүнүүгө болот. Газетаны кайдан алды болду экен? Эмне үчүн мага айтпай, көрсөтпөй түпкүрдүн түбүнө катып салган. Көрбөсүн, муну окуса ичи күйөт десе керек деген сыяктуу кат-кат ойлорду ойлоп өзү менен өзү сүйлөшүп, өзүнө өзү суроо берип санаасы бузулуп турду. Анын оюнда күйөө эмес эле, убактылуу үйүндө жүргөн квартирант менен жашап жаткандай болуп туюлду. Мен Толкунбекти капаска салган куштай күч менен кармап турган жокмунбу? Алгачкы жылдагы көргөн күндөр, сүргөн өмүрлөр, төгөрөктүн төрт бурчун чарк айланып учуп, өз мекенибиздин баатыр шаарларын биринин артынан бирин кыдырып жүргөн саякаттар, Толкунбектин күнүмдүк эле арзыбаган кызыкчылыгы сыяктуу сезилди Зыйнатка. Анан экөөнүн ортосунда муздак аба менен ысык аба кабышкандай болгон салкындыктын өкүм сүрө баштаганын ойлоп турду. «Күндөн күнгө бетибиз ачылып, бирибиздин сөзүбүздү бирибиз көтөрбөй да баратабыз. Бир үйдө эки кишинин ой-максаты бир жерде болбой, эки башка тилекте, эки башка максатта жашаган турмуш кантип турмуш болсун. Бул Жайнагүл менен балдарын ойлоп жатып уктап, ойлоп жатып ойгонуучу болду. Ошон үчүн болсо керек бирде Жайнагүлдү, бирде Асан менен Үсөндү, Жанатты чакырып уйкусураганы. Буга да бир азап болду».

Зыйнат ушундай ойлорду ойлоп, эс болуп олтуруп, акыры мындай деген жыйынтыкка келди. Ал Толкунбекке кат жазып туруп, жуп үйдөн чыгып кетээр алдында калтырып кетмек болду. Андан кийин Жайнагүл экөөбүздүн кимибизди тандаары, кимибиз менен түбөлүк бирге калаары белгилүү болоор, – деп өзү менен өзү макулдашып койду. Ал баарынан дагы Толкунбекке болгон махабатына, ага

кылган кызматына куйду. Бул үчүн менин кылган эмгегим, тарткан азабым тыйынга татыбады...

Ооба, Зыйнаттын санаасы санга бөлүнүп турду. Ал Эмилди эстегенде, ичи туз куйгандай ачышып, көңүлү чөктү. Толкунбек деп жүрүп, өз агасына жардам бере албаганына өкүндү. Толкунбек экөө жаш кездеринде жакын да, жакшы да жолдош болгондору менен, кийин катышпай калышты. Эмил армиялык милдетин өтөп келгенден кийин соода-сатык окуу жайынын курсуна кирип, аны ийгиликтүү бүтүрүп чыккан болучу. Бирок бул багытта өз ордун таап иштеп кете албады. Ары урунуп, бери урунуп жүрүп, акыры сүт заводуна кассир болуп орношту. Бир жылга жакын иштегенден кийин «Кассага ууру кирди» деген шылтоо менен өз сейфин өзү ачып, андан жумушчулардын маянасына төлөнүүчү акчаны бүт уурдап алды. Кылмыштуу сот жообуна тартылды. Кийин поселенияга чыгып, үйүнө келип-кетип жүрдү. Мындай болуунун себеби да Эмилдин кийлигишүүсүнөн болду. Бирок Зыйнат айда алтын, күндө күмүш таап, түн уйкусун, күн тынымын коюп иштегени менен, жалгыз эле агасы Эмил эмес бардык ага-инисине, сиңдилерине мурункудай көңүл бөлбөй, аларга жардам эмес, катышпай, жалгыз Толкунбек деп жашап, Толкунбек деп иштеп калган. Ойлогону да, издегени да көбүнчө акча болду. Эч кимге билгизбей, өндүрүш жайлары менен райондун чарбаларынан, ар кандай плакаттарды, көргөзмөлүү агитацияларды жана ошондой эле жаратылыштын кооз пейзаждарын тартып берүү үчүн заказды алып турду...

Ажырашуу жөнүндө Толкунбек озунуп сөз козгой электе, Зыйнаттын башташы ылайыктуу болуп көрүндү. Баары бир экөөнүн турмушу түбөлүктүү болбосун ал жакшы билди. Анан кагаз-калемин алып, эмне деп, кандай сөздөн баштаарын билбей, тээ бир оокумга чейин, өз акылын өзү жөнгө сала албай турду. Акыры Зыйнат ушул күнү чымырканып олтуруп Толкунбекке акыркы катын жазды.

Бирок эмне деп жазганын өзүнөн башка жан киши билбеди. Конвертке салып, оозун чаптап, сыртына «Толкунбекке Зыйнаттан» деген эки сөздү жазып, катып койду.

Ушул мезгилде анын оюна күтүлбөгөн жерден бир иш кылт этти. Алар эртең Жаканды баш кылып жолдошторуна тамак беришмек болучу. Бирок Зыйнат аларды эртеңкиге калтырбай эле бүгүн чакырып кутулгусу келип турду. Анан эртең Толкунбек менен ээн-эркин болууну, аны менен акыркы жолу жүрөгү кандай кааласа, ошондой эркелеп, ошондой эркелетип коштошкусу келди. Мындан ары Толкунбекти кайра айланып көрөр-көрбөсүнө көзү жетпеди. «Карыш ажыраган карыганча көрүшпөйт» дегендей, чындыгында эле минтип бирге жашоо бактысы экинчи кайта айланып келбей калар. Ошентип, көз алдына баягы адамдын жан дүйнөсүн кемирүүчү жалгыздык өкүм сүрөрү көз алдына элестейт. Анда жалгыз болсо да күтөөрү, эстээри бар эле. Толкунбекти ойлоп, Толкунбекти сагынып, аны күтүп олтуруп күндүн кандай батып, таңдын кандай атканын да билбей калуучу. Толкунбектен ажыраса эми андай ажайып турмуш болбой калат. Ойлоп олтуруп, Зыйнаттын заманасы куурулду.

Толкунбек түшкү тамакка күндөгүдөн эрте келди. Аялы күйөөсүн кучагын жайып делбиреп тосту. Бирок ал Толкунбекти өпкөн да, ага эркелеген да жок. Тек гана мойнунан кучактап, ийнине чекесин жөлөп, буулугуп ыйлап жиберди. Эч нерсеге түшүнбөгөн жигит, аялынын көз жашын көрүп чочуп кетти.

– Капырай, бул эмне деген ыйың? Же кубанычтан эмне кылаарыңды билбей ыйлап жатасыңбы?

– Кубанычы кубаныч дечи. Бирок эмне үчүндүр, өзүмчө эле ыйлагым келип, туталанып турам. Сени кайрылып көрбөөчүдөй болуп, ичим эңшерилип, көңүлүм бөксөрүп турат. Сенден бир өтүнөөр өтүнүчүм бар. Орундатсаң айтам, орундатпасаң айтпайм. Айтчы, орундатасыңбы?

– Деги колумдан келе турган ишпи?

– Келет. Келбеген ишти өзүм да сурабайм да.

– Айт.

– Жок, айтпайм. Сен мурда дегениңди дегендей, айтканыңды айткандай орундатам деп убада бер.

– Болуптур, орундатам.

– Орундатсаң өтүнүчтүн шарты мындай: Мен үйдөн чыгып кетмейинче, мага катуу айтпайсың, бул бир де, кабагыңды бүркөбөйсүң, бул эки де, өп деген жеримден өөп, өптүр деген жеримден өптүрөсүң, бул үч де, мени унутпай дайым эстеп жүрөсүң, бул төрт де. Ушул өтүнүчтөрүмдү толук орундатканыңда гана санаам тынч, көңүлүм куунак, жүрөгүм чалкыган бойдон Москвага барып бир тиеримди эмитеден эсиңе салып коёюн. Ушуга макулсуңбу? Макул болбосоң чыныңды айт?

– Албетте, макулмун.

Дагы бир өтүнүчүм, эртең чакырабыз деген меймандарды, бүгүн чакыралы десем, эмне дээр элең?

– Эмне үчүн?

– Эмне үчүн дейсиңби? Мен эртең сени менен өзүм гана болгум келет.

Толкунбек ойлоно түштү. Анан Зыйнатты тиктеген калыбында күлүмсүрөп минтип сурады:

– Камылгаң бүгүнкүгө жетеби?

– Жетет. Азыр саат араң эле бир. Эмне алыш керек, канча алыш керек, баарынын тизмесин тизип туруп колуңа берем. Ошолорду алып келип берсең болду. Эт болсо бар. Деги башкасын унутсаң да кымызды унута көрбө. Алты жарымга чакырсак болобу. Ошондо меймандар жетиде араң келет.

– Алты жарым туура эле болот...

Толкунбектер ошол күнү конок чакырышты. Меймандардын көпчүлүгү курулуш жаатында иштегендер менен Зыйнаттын ошол жердеги кесиптештери болучу.

Столдун үстү кыз берип, келин алып жаткан тойго окшойт. Зыйнат менен кошо чуркап, чарк айланып жүргөн

Толкунбек. Аларды карап олтурган жолдош-жоролору ынтымагына ичтери жылып, маңдайлары жаркырайт. Меймандардын суроолору боюнча Толкунбек комузду күүгө салса, Зыйнат ага кошулуп, сагыныч, сүйүү, таркабаган кумар сыяктуу кыргыз ырларын биринин артына бирин жамгырдай төгөт.

Зыйнат өз жүрөгүн эзген, өзүнүн керт башына тиешелүү болгон ырларды ырдаганда жүрөктүн тереңинен сызылып чыккан мукам үнү муңдуу оболоп, көздөрүнө айлана түшкөн мөлтүр жаштар, лампочканын жарыгына чагылыша түшүп, мөлтүлдөп турду.

Комузу менен домбура, жигиттер менен келиндердин ырлары бирде казакча, бирде кыргызча алмак-салмак таңшып, үйдүн ичи күү менен ырга толуп, тамашага тамаша уланып, күлкүгө күлкү кошулуп жатты. Зыйнаттын ою ушул мезгилде самандай сапырылып, заманасы куурулуп турганын эч бир адам билген да, байкаган да жок. Ал Толкунбек экөө баш кошкондо эл чакырып, тамак эмес, чай берген эмес. «Жеткенден жети муштум, жетпегенден бир муштум жеп» дегендей эле бирдеме болгон. Алар башкаларга окшоп никеге да турушкан жок. Никесиз болсо да, ошол эки өмүрдүн учугу бир түйүнгө түйүлүп жатканда ырдалбаган ырды, чертилбеген комузду, эми түбөлүк ажырашаар алдында ырдап, ажырашаар алдында чертип, анда укпаган жакшы тилек, жан эриткен каалоолорду, бирге жашап өткөргөн күндөрүнүн сапары аяктап турган кезинде угуп олтурганына ичинен сызып, түтүнү жок күйүп олтурду. Анда-санда Толкунбекти жалжылдап аяй карап коёт. «Байкушум, бул үлпөт, экөөбүздүн ажыраш аягыбыз экенин сен али билбейсиң», – дейт каректери чачырап.

Зыйнаттын ушинтип ой баса түшүп, санаага чөгүп барып кайра тартып олтурганын көпчүлүктүн ичинен жалгыз гана Галия байкады. Балким, күйөөсүнүн бир үйдө жалгыз калып, өзү айлап жүрүүчү алыскы сапарга кетип жаткандыгынан улам ушинтип, санаасы тынбай жатса ке-

рек деген жыйынтыкка келип, аны анчалык деле этибарга алганы жок.

Тамак ичилип бүтүп, оюн-тамаша аяктап, келген меймандар дасторконго ракматтарын айтып, Зыйнатка ак жол, чыгармачылык ийгилик каалашып, орундарынан турушту. Толкунбек кай бир жөө келген жолдошторун жеткирмекке машинасын от алдырды...

Кийинки күндөрдө Толкунбек да эки кишилик турмушка көнүп калган. Үйгө киргенде ачык турган терезелерден атылып кирген таза абадан, залдын ичиндеги эмелеки тамак-аш менен тамекинин жагымсыз жытынан тазарып, өкүм сүргөн тынчтыктан, көңүлү көтөрүлүп, мээси сергий түшкөнсүдү. Аялынын кетээрин ойлоп, ичи ооругансып, жүрөгү дүпөйүл тартып турган жигит, аялын издеп залдан ашканага кирди. Бул кезде Зыйнат жууган идиштерин бир башынан столдун үстүнө көмкөрүп, үстү-үстүнө ирети менен коюп жаткан болучу. Толкунбек Зыйнаттын колундагы тарелкаларды чайкатпай аста алып столго койду да, «калганын эртең менен жууп, мен өзүм жыйнап берем» – деп, билегинен кармап, өзүн көздөй тартты.

– Жүрү эс алабыз.

– Койчу эми, биротоло колдон чыгарып салайын. Өзүм да бүтүп калдым. Бар, жата бер сен. Идиш-аякты бирин жууп, бирин жуубай жайнатып, эртеңке таштаган жакшы болмок беле.

Аялынын тил албасын билгенден кийин Толкунбек кийимчен бойдон барып, кроваттын үстүнө жата кетти. Зыйнат өз жумушун бүтүп, өздөрүнүн уктоочу бөлмөсүнө киргенде жигит уктап кеткен болучу. Ал аны ойготкон да жок. Тек гана жанында Толкунбектин жүзүнөн көзүн албай тиктеп тура берди. Ичинен баягы арылбаган арманы кайра баштан эсине түшүп, төрөбөй калганына арман кылды. Ортобузда бала болсо мындай бактысыздык болбойт эле. Жайнагүл төрөгөн баланы Зыйнат деле төрөп берип жатпайбы. Баланын баладан эмне айырмасы бар. Андагы бал-

дарды жетим калат деп, бул балдарымды атасыз калтырамбы деп ойлойт эле го. Зыйнат күйөөсүнүн жанында канча убакыт олтурганын да билбей калды. Толкунбектин бир жакшы жери кандай чарчап чаалыгып, уйкудан калып турса да бир тук этип алса эле эс алып калуучу. Зыйнат бетинен өбөйүн деп эңкее бергенде, көзүнүн жашы Толкунбектин бетине тып дей түштү. Ошол замат, уктап жаткан жигит ойгонуп кетти.

– Жатпайсыңбы?

– Жатам.

– Эмне, ыйладыңбы дагы?

– Сен мени сагынасыңбы? – Күйөөсүнүн көөдөнүнө башын койду.

– Сагынам. А сенчи?

Келин башын көтөрдү.

– Мен сенин жаныңдан карыш чыксам эле, карыганча көрүшпөй калуучудай тынчсыздана берем. Бирок айла жок, шартка байланыштуу ажырашууга туура келет. Билбейм Толкунбек, сенсиз кантип чыдап, сенсиз кантип көнөөр экенмин.

– Койчу, тим эле барса келбес сапарга кетип жаткансып сүйлөйсүң да. Дайны жок, пайдасыз убайымдын эмне кереги бар. Москвада көргөзмө ачылаар алдында, балким, барып калам, мүмкүн Делиге өзүм узатаармын. Көрөбүз аны. Телефон менен байланышып турабыз да.

– А мен ушул сапарымдан кайтпай, кокус жаздым тайып өлүп калсам, ыйлап кайгырар белең. Чынымды айтсам жакындан бери өлүм деген балекет оюмдан кетпей, бассам-турсам өзүм менен бирге жашап, бирге жүрүүчү болду.

Толкунбек аялын алая карады.

– Ушундай жарабаган ашык сөздүн кереги эмне. Ажал жетсе баарыбыз өлөбүз. Өлбөй турган ким бар экен. Бирок жакшылыкка баратып, мындай орду жок, опосуз ойду ойлоо жакшы эмес Зыйнат. Койчу, кайдагы бир болбогон

сөздөрдү тантыбай. Тур, жатабыз. Эгерде жолго чыккандан корксоң, мени жалгыз таштап кеткиң келбесе, барбай эле кой.

Толкунбек Зыйнат менен бирге жашап турган жылдардын ичинде аялын мынчалык үзүлүп-түшүп эркелетип көрө элек болучу, эрди-катындык эзилишкен мезгилдер көп эле болду дечи. Бирок мынчалык күйөөсүнүн мээримине батып көрбөгөн Зыйнат Толкунбектин махабатына мас болуп турду.

Жигиттин ою ушуга кетти. Бул бечаранын сүйүүсүнө татыктуу эмнелерди иштедим. Бир жолу болсо да көңүлүн чын пейилден кубанта албадым. Мен Жайнагүлдү сүйүп, Жайнагүлгө берилгенчелик, буга бериле албай койдум. Чындыгында Жайнагүл бул дүйнөгө бир жаралып калган асылзат тура. Эгерде «тигил дүйнөнүн бар экени чын болсо, ал менин ушул күнөөм үчүн кара эшек кылып минээр эле. Толкунбектин көз алдына Жайнагүлдүн элеси келди. Анын карагаттай мөлтүрөгөн, бажырайган оттуу көздөрү, жигиттин көзүнөн өтүп, эти этине тийип тургандай болгон жан жыргаткан бир кусалуу жылуулук денесин каптап өткөндөй болду. Толкунбек ушул мүнөттө Зыйнатты көрбөй эле, Жайнагүлдү көрүп тургансып, өзүн өзү кармай албай Зыйнатты өлүп-тирилип туш келди өпкүлөп, бооруна басып, кандай жалынып, эмне деп сүйлөп жатканын өзү да билбей калды. Жан жыргаткан жакшы сөзгө Зыйнаттын эрип турган денесин үркүткөн жагымсыз сөз Жайнагүлдүн аты болду. Толкунбек Зыйнат деп айтуунун ордуна, бир айтып, бир койбой, кайра-кайра Жакин, Жакинтайым, алтыным, ырысым, – деп ойго келбеген дагы-дагы толгон токой сөздөрдү айтып, өпкө-жүрөгүн чаба бериши аялдын ансыз деле көтөрүлө албай чөгүп турган көңүлүн ого бетер бөксөртүп салды.

– Мен сенин көзүңө Жайнагүл көрүнүп кеттимби? Коё берчи, Жакинтайлабай. Кандайча мага мынчалык эзилип кетти десем, Жайнагүлүңдү эстеп кеткен турбайсыңбы. Жок

дегенде мен кеткенче акыл-эсиңди токтотуп, кармай турсаң эмне болот.

Толкунбектин эмелеки алоо болуп турган денесине бирөө муздак суу куюп жибергенсип, ичиркене түштү.

– Эмне, мен Жайнагүл дедимби? Кызык. Дегеле аны ойлогон эмес болучумун. – Жигит супсуну сууй үн катты. Ошону да күнөө деп таарынабы. Мен Жайнагүл эмес, сенин койнуңда жатамын го. Дагы эмне керек, айтчы?

– Эгерде мен Толкунбек деген сөздүн ордуна Күнболоттун атын миң кайталап айтып жалына берсем, кандай болоор эле.

– Айта бер, Кудай урсун бирдеме десем.

– Айтпаймын. Толкунбек жашаган жүрөктөн Күнболот орун таппай чыга бергенин билбейсиңби. Болуптур, Жайнагүл десең Жайнагүл дей бер. Мен аны кандай сүйүп, кандай көрөрүңдү башынан билем. Бирок ошондой болсо да, жок дегенде мен ушул эшиктен чыгып кеткенче эстесең да, күйсөң да ичиңден эстеп, ичиңден күйө турсаң боло. «Кулак укса курсак кайнайт» дегенди билбейсиңби. Мен сенден сурадым эле го, эртеңке чейин жагымсыз сөздү кулагыма угузбагын деп. Балким, мен кайрылып келгенче Жайнагүлүңө кетип да калаарсың. Анткени андан кадыркөңүлүң калган жок да. Деги Жайнагүл жакшы аял экен. Токтоолугу менен намыскөйлүгүнүн күчтүүлүгү мени ушул күнгө чейин таңгалдырат. Чынымды айтсам, мен эч качан Жайнагүл боло албаймын. Анткени анын кыялы менен менин кыялымдын ортосундагы айырма асман менен жердей. Ичимдин тардыгы, ачуумдун чукулдугу, көтөрүмүмдүн жоктугу өмүрүм менен бирге жашап, сөөгүм менен бирге жатат болсо керек. Жакшы көргөн жарыңдан, жакшынакай балдарыңдан ажырап, мен деп башка жакта жүрөсүң. Ошондой болсо да Жайнагүлдөн кызгана берем сени. Алыскы сапарга чыгаар алдында көңүлүмдү калтырбачы Толкунбек. Байбурадан Салтанат сурагандай, менин сенден сурарым, жалган болсо да сенин алдамчы махабатыңдан,

жалган мээриминден алган демөөрүм өчкөнчө мага кубаныч, бакыт, чыгармачылык ийгиликтин символу болуп, көңүлүмдө туу болуп желбиреп турсун.

Бардыгына көнүп, колунан канча келсе, ошончолук Зыйнаттын көңүлүн алууга Толкунбек даяр турду. Бирок ал, аялынын өтүнүчүнүн түпкү максатына түшүнбөдү. Тек гана анын мага болгон баягы эскирбеген көп сүйүүсүнүн бири деп ойлоп койду. Экөөнүн ортосунда келечек максаттар жөнүндө сөз да болбоду. Демейде, алдыда алуучу калем акы, берилүүчү сыйлыктар жөнүндө эсептеп, үй ичине эмне алыш керек, кимиси кандай кийим киет, ошол сыяктуу сөздөрдү биринчи орунга коюучу Зыйнат, бул сапар алар жөнүндө ооз ачпады.

Эртеси үйүнө эч ким келбеди, эч кимди күтүшпөдү. Зыйнат ар түрдүү даамдуу тамак-аштарды жасап, өздөрүнчө ээн-эркин олтурушту. Бул күн да, бул түн да алар үчүн унутулгус, кадыр түн тоскон менен барабар болду. Ойноп оюнга, күлүп күлкүгө тойбогон Зыйнаттын сүйүүгө кумар армандуу жүрөгү үчүн Толкунбек менен бирге жашап, бирге өткөргөн мезгилдери күн эмес, секундча да көрүнбөй, ачып көздү-жумганча өттү да кетти.

Эртеси эртең менен алыскы сапарга чыгаар алдында баягы Толкунбекке жазган катты байкатпай туруп, столдун үстүнө ачык жерге коюп кетти. Жигит самолёт жерден көтөрүлүп, өз сапарына багыт алып узап кеткенче карап туруп, кайра тартты. Уктап уйкусу канбаган немениn денеси талыкшып, жаны жер тартат. Жолдо келатып ойлоп оюнан, эстеп эсинен кетпеген жалгыз Зыйнат болду. Анын акыркы күндөрдөгү кыялынын өзгөргөнү, жигитке өзүнчө бир жаңылыктай туюлду. Аялынын кээ бир айткан сөздөрүн эстеп ичи эңшерилип, эмитеден эле жалгызсырай түшкөнсүдү. Эки-үч айга чейин жалгыз жашоо ага кыяматтай сезилди.

Жигит машинасын дароо эле гаражга киргизип коюп үйүнө кирди. Эки киши болсо да Зыйнат барда үй-бүлөлүү,

акар-чакар адамдай болуп, жалгыздыкты байкабай жүргөнүн Толкунбек эми гана билди. Ары-бери басып, бул үйдөн тигил үйгө, тигил үйдөн бул үйгө кирип, бардык бөлмөлөрдү бир сыйра кыдырып чыккандан кийин диванга барып, бир жаздыкты башына коюп кыйшаяры менен көзү илинип кетти. Толкунбек ошол жаткан бойдон эртеси эртең менен бир ойгонду. Кийим чечпей бүкүлүү бойдон жатып, жайсыз турса да, сууткан аттай болуп, уйкусу канып, көңүлү куунак тартып, көтөрүңкү турду. Адатынча эртең мененки гимнастикалык көнүгүүлөрдү жасап, муздак душ алды. Ашканага кирип, муздаткычтан сүт алып, газга коюп, бир тилим нан менен ичти да жаңы курулуп жаткан шаардан анчалык алыс эмес жердеги совхоздун маданий Дворецинин объектисине жөнөп кетти. Мансуров маданий Дворецтин курулушуна мастерликке бекитилген болучу. Курулуштун долбоору менен таанышып, чийилген чиймеге көңүлүндө ыраазы болучу. Ага казак жигиттеринин архитектуралык эмгектери айрыкча жакты. Мындай Дворецтер Казакстанда көп болучу. Бул жай бүткөндө, сахнаны эсептебегенде эле элдик театрдын чыгармачылык коллективтеринин ар бирине тиешелүү бир нече кабинеттер, декорацияларды сактоочу склад, актерлордун кийимдерин сактоочу бөлмө, кенен жарык фойе, көрүүчүлөр чечинүүчү гардеробдук жай, дубал менен дубал болуп бийик орнотулган күзгүлөр, имараттын бир жак башында буфет үчүн бөлмө, мындан тышкары бардык ыңгайлуулугу бар айылдык библиотека. Маданият Дворецинин подвалы деп эсептелген алдыңкы кабатта совхоздун эмгекчилери үчүн зарыл болгон ар түрдүү тейлөөчү кабинеттер да болот. Бул жерде жайы-кышы дебей ысык жана муздак суулар кош трубадан бирдей келип турат.

Толкунбек эки экскаватордун жарыша иштеп, болот тиштүү сузгучтары менен топурак-таштарды аралаштыра сузуп алып, машиналардын шаштысын кетирип, биринин артынан бирин жүктөп узатып жатканын карап күлүмсүрөп

турду. Жанына басып келген жигиттин саламына алик алып учурашкандан кийин, Толкунбек өзү менен өзү сүйлөшүп минтти: «Да-а, мындай жайдын болушу айылдын ажарын ачкан, өзүнчө эле бир ажайып дүйнө да. Жаштар үчүн да, карылар үчүн да сыймык. Ушинтип, шаар менен айыл-кыштактын айырмасы акырындык менен билинбей баратат. Пай, пай, пай десең, эмне деген жетишкендик!»

– Мага айтып жатасызбы! – деди катарында турган жаш жигит.

Толкунбек жалт карады.

– Жок, мен сага эмес, өзүмө айтып жатам. Сен ушул совхоздо жашайсыңбы?

– Ие, аке, совхоздо жумушчу болуп иштейм.

– Дурус. Карачы, силерге окшогон совхоздун жумушчулары үчүн кандай камкордук көрүлүп жатат. Буга сыймыктанышыңар керек. Мен баятадан бери бул маданий Дворецинин бүтүп, пайдаланууга берилген кезин көз алдыма элестетип, өзүмчө эле ракатка батып турам.

– Курулушта иштегендер маянаны көп алабы?

– Кандай деп айтсам, көп алгандар көп, аз алгандар аз алат. Ар кандай?

– Эмне үчүн?

– Эмне үчүн дейсиңби? «Ким иштесе, тиштейт» деген макалды уктуң беле?

– Ооба уккамын.

– Уксаң ошол. Кимде ким жакшы, сапаттуу, нормадан ашык иштесе, ал адам көп алат эмгек акыны. Ким ишинен брак чыгарып, жакшы иштей албаса, ал албетте аз алат. Балким, силерде да ошондой болсо керек. Же андай эмеспи?

– Оо, бизде эмгек тартиби силердикинен катуу. Мисалы, мен жерди ала сугарсам, ал жерден кабыл алышпайт. Кайра акысыз сугарууга туура келет.

– Мына, көрдүңбү, бардык жерде тартип болуш керек. Тартип болбогон жерде ийгилик да болбойт.

– Деги калаада иштеп, калаада жашоо жакшы да, ыя агай. Мен калаада иштегенди ушунчалык каалайм. Калаалыктарча жашап, калаалыктарча иштегим келет. Маданияттуу болууну ким жаман көрсүн. Эгерде сиздерге барсам жумушка аласыздарбы?

Толкунбек күлүмсүрөп, ийнин куушурду.

– Эмне билимиң бар?

– Онунчу классты бүткөндөн кийин чарбада бир аз иштеп туруп, армиялык милдетти өтөөгө кеттим. Аскерден өткөн жылы келип, совхоздо жумушчу болуп иштеп калдым.

– А бизге болсо, атайын курулуш окуу жайын бүткөн, адистиги бар адамдар керек. Калаа, калаа, маданият, маданият дейсиңер. Калаа менен айыл-кыштактын айырмасы болбой эле калбадыбы. Ал эми маданияттуу болуш ар адамдын өзүнөн. Шымынын бүктөөсүн кылычтай кылып үтүктөтүп, титиретип костюм кийип, галстук тагынса эле маданияттуу болуп калабы. Маданият деген адамдын ички дүйнөсүнүн байлыгында, акылында, адамгерчилигинде, билиминде, өзүн алып жүрүүдө.

Жигит унчукпай калды.

– Кечирип коюңуз агай. Деги бул маданий Дворецтин курулушу качан бүтүп, качан пайдаланууга берилет? Көптө бүтсө керек.

– Буюрса келерки ушул маалда оюнду ушул жерде ойноп, күлкүнү ушул жерде күлөсүңөр...

Толкунбек бул жерде иштеп жаткандар менен сүйлөшүп, иштин жүрүшүн көрүп кайра тартты. ПМКга келип, машинадан бир буту түшүп, бир буту түшө электе, начальниктин секретаршасы жүгүрүп чыкты.

– Толкунбек Мансурович, сизди технический совет болот, ошого катышсын деп Долбоорлоо институтунан телефон чалышты.

– Качан башталат экен?

– Саат ондо.

Жигит өз үстүнө бир сыйра көз жүгүртүп алып, анан саатын карады. Убакыттын болуп калганына өкүнгөндөй, кабагы чытыла түшүп, кайра машинага кирди. Долбоорлоо институтунда ал көпкө кармалды. Институттун инженер-геологдорунун курулуш түшчү жерлердин топурагынын составдык касиетин изилдөө боюнча группага бөлүп чыгарган жыйынтыктарын карап чыккандан кийин, өндүрүшкө киргизүүгө сунуш кылынуучу курулуштардын чиймелерин кароого өтүштү. Мында талаш-тартыштар абдан көп болду. Советке коюлган он чакты турак жай долбоорунун чиймесинен экөө гана ишке киргизүүгө кабыл алынып, госстройго бекитүүгө жиберилди.

Долбоорлоо институтунан чыккандан кийин Толкунбек түз эле үйүнө келди. Эшикти ачып, аяк кийимин чечип, үйгө кийүүчү тапочкасын бутуна салып, кайсыл тарапка басарын билбей, эки жагын карап туруп, колундагы Долбоорлоо институтунун келерки советке чейин карап чыгууга берген чиймесин салган папкасын жумушчу кабинетине алып кирип, столго коюп жатып, бир калың конвертке көзү түштү. «Качан, кайдан, кимге келген кат болду экен», – деп ойлоп, креслого олтура берип, конвертти колуна алды. Караса, өз атына жазылган Зыйнаттын колу. Адегенде башка бир иштер боюнча оозеки айта албай, катка жазып калтырган сөздөрү экен деп гана ойлоду. Бирок бул катты кандайдыр өтө эле шашып жазгандай кебетеси бар. Жигит жайма-жай олтуруп окуй баштады.

«Алтыным Толкунбек! Мына мен алыскы сапарга бир топко сени таштап кетип баратам. Мен сенден айлап эмес, эки-үч саат ажырагым келбесин өзүң билесиң. Ал эмес койнуңда жатканда да, этиң этиме тийип жатканды каалаларымды сен кайдан билмек элең. Айла жок, иш деген иш, турмуш деген турмуш турбайбы. Мен өз талантымдан, өз эмгегимден бакыт тапканым менен сүйгөн жардан, чыныгы өзүм каалап, өзүм эңсеген бакытты табалбай калдым. Кээ бирөөлөр биринчи сүйгөнүнөн көңүлү

калса, экинчисин, ал эмес үчүнчүсүн, керек болсо төртүнчүсүн деле алмаштырып сүйүп кете берет экен. Бирок мен анте албадым.

Мен сенин жүрөгүңдүн башында, ар дайым өчпөй, күйүп турган отту жакшы билемин. Ал болсо, сенин күнөөсүз жарың менен балдарың. Арадан аккан суудай аркырап, ушунча убакыт өтсө да, атаң менен энең сенин күнөөңдү кечирип, ата-бала болалбай коюшту. Жок дегенде Эсен менен Аккыздын арбагын сыйлаар, ошолор менен бир туугандай болуп алышып-чалышып жүргөн тирүү кездерин ойлосо, жибишээр деген болчумун. Бирок андай болбоду. Көрсө, «өлүүнүн жүзү ары, тирүүнүн жүзү бери» деген ушул турбайбы.

Баарынан да сенин уктап жатып ыйлаган ыйынды көргөндөн бери, оюм ордунда болбой калды, Толкунбек. Катуу уктап калган экенмин, сенин үнүңдөн чочуп ойгонуп кеттим. «Жакин, менин күнөөмдү Асаным менен Үсөнүм үчүн, Жанатым үчүн кечирип койчу. Сагындым силерди!..» – деп сүйлөп жатыптырсың. Мен сени ойготуп албайын деп, жанымдагы настольный лампочканы аста күйгүзүп, ордумдан туруп сени карадым. Сен тескери карап жатыптырсың. Көздөрүңдүн кычыгынан сызылып, жаздыкты көздөй кулап жаткан мөлтүр жашты көрүп,ката түштүм. Андан кийинки окуя, мен узаардын мурунку түнү кандай болгонун өзүң жакшы билесиң.

Ушундай жүрөккө так салган көрүнүштөрдөн кийин, мурдатан ойлоп жүргөн оюмду, ушул алыскы сапарга кетээр алдында иш жүзүнө ашырууну чечтим. Баягы иши илгери болбой, башынан бактысы кыйчалыш болгон өзүм гана бактысыз болгон бойдон калайын, Толкунбек. Сенин кызыл чиедей балдарың менен кыз алган жубайыңдын убал-сообун аркалап, каргышка калбайын дедим. Ансыз деле, жеке эле ата-энең эмес, ага-тууганың баштап, менин көшөгөмдүн көгөрбөй калышын тилеп жүргөндөрүн жакшы билем.

Алты жыл бою Жайнагүл менен ажырашууга аракет кылбаганыңдын өзү эле, биздин келечек турмушубуздун эки айры экендигинин күбөсү болуп турбайбы. Мен качандыр, сага экөөбүздүн никесиз жашап жатканыбыз жөнүндө сөз кылганымда, айткан жообуң али эсимде. «Сен кайсы күнү төрөсөң, ошол күнү Жайнагүл козгобогон ажырашууну өзүм козгоп, сени менен никеге турамын», – деген болчусуң. Ошондон кийин сени менен эч качан никелешпесимди, закондуу эрди-катын болбосумду билдим. Анткени менин биринчи төрөттөн бузулуп, туубас болуп, эне болуудан калганымды сен жакшы билесиң да.

Сен мага ачык сырыңды айтпаганың менен, мен бардыгын билем Толкунбек. Жайнагүл сени сотко берип, балдарына алимент кестирип албаганы менен, сен ага ай сайын акча жиберип, балдарыңа, ата-энеңе жардам берип турганыңды кантип эле түшүнбөйүн. Буларды мага айтып, кеңешип туруп иштесең деле, мен эч нерсе демек эмесмин. Тескерисинче, өзүң жибергенге караганда, мен аралашсам, андан артык болбосо, кем болмок эмес.

Менин сен жөнүндөгү эмки кайгым бирөө гана. Ал болсо, сенин мага бой салбай, салкын, аргасыздан эр болуп жашап келгениңди Жайнагүл түшүнбөй, капа кылып, кабыл албай коёбу деген гана күмөндүү күйүт. А балким, түшүнөөр. «Эр менен эттен көңүл калбайт» деген эскилердин сөзүнүн чындыгы бардыр. Балдарың бар эмеспи. Алар ата менен эненин данакери да. Анан дагы Асан менен Үсөндүн өмүрү менен бактысын Жайнагүл экөөңдөн артык тилебесем, кем тилебеймин. Менин балам болбосо болбогон бойдон, аман жүрүшсүнчү. Сенин балдарың үчүн менин ой-максатымдын, тилеген тилегимдин жакшы экенин унутпай эсиңе ала жүр.

Кийимдериңди толуктап, иретке салып, шифонерге илип койдум. «Эсендин кызы Толкунбек менен беш-алты жылы жашап, эшектей иштетип жүрүп, акыры эчтеке бербей, кара башын каңкайтып айдап чыгыптыр» деген эли-журтуңдун,

үй-бүлөңдүн кеп-сөзү болбосун Толкунбек. Өзүңдүн сактык кассадагы акчаңды өзүң ал. Машинаны минип кет. Үй ичинен эмне буюм, кандай оокат каалсаң, мени капа болот деп кылчактабай ала бер. Мен мурда күнү Асан менен Үсөнгө базардан свитр, кызыңа көйнөк алгамын. Баарын сенин шифонериңе салып койдум. Унутпай ала кет.

Жакан сени жумуштан бошотпоймун деши ыктымал. Анда, болгон чындыкты айтып, ишенбей баратса, менин жазган катымды окутаарсың. Экөөбүздүн түбөлүгүбүз түз болуп, өмүрүбүздүн акырына чейин жашай албагандан кийин, убактылуу жашоо, жашоо эмес тура. Сага башка айтаар сөзүм деле калбады. Бирге жашап турган күндөрүбүздө кетирген кемчиликтерим болсо кечирип кой. Кош, Толкунбек!

*Акыркы жолу бетиңден өөп,*
*сенин ЗЫЙНАТЫҢ».*

Катты окуп бүтүп, бүткөн бою шалдырап, муундары бошоп өзүнөн өзү ыйлагысы келип, энесинен ажыраган баладан бетер жетимсиреп турду. Ал Зыйнаттын абалына кабыргасы сөгүлүп, боору ооруп, андан тирүү туруп ажырашпай эле өлүп, өлүмдүн айынан ажырашып жаткандай, аны менен эми түбөлүк көрүшпөөчүдөй болгон бир ачуу сезим думуктургансып, аба жетпей муунуп турду. Үйдүн ичи көзүнө ээсиз калган немедей кунарсыз, эң эле суук көрүнүп кетти.

Толкунбек кийинки күндөрдө өз турмушуна өзү наарazы болуп, Зыйнатты кантип чыр-чатаксыз ыкка келтирип, көңүлүн оорутпай, жакшылык менен ажырашып кетүүнү ойлой турган болучу. Бирок анын ойлогон оюн артка таштап, кетенчиктетип турган бир иш, Жайнагүл эле. Ошентип, кайра барсам кабыл алабы, албайбы деп жүргөн кезде күтүүсүздөн бурулушка кабылды. Көрсө, ажырашуу жөнүндө жалгыз эле Толкунбек өзү ойлобостон, Зыйнат да

ойлоп ичинен эзилип, «Бөрү баласы ит болбойт экен» деген ойдо, анын кыял-жоругунан улам эки анжы болуп жүргөн неме турбайбы. Ай байкушум ай, эмнеге мынчалык мени сүйүп, менин азабымды тартып калдың экен?! Эмне үчүн?!

Бул түнү Толкунбек, Зыйнаттан камырдан кыл сууругандай болуп тез эле ажырап калганына күйүндүбү, же сүйүндүбү, өзү да билген жок. Тек кана түш көргөндөй, бир убайымдуу иш болгон сыяктуу болду. Эмки Толкунбектин келечек тагдыры өз колунда турду...

Эртең менен эрте туруп, жумуштан бошонуу жөнүндөгү арызды жазып алып, түз эле өзү иштеген ПМКнын начальнигинин кабинетине кирди. Жакан менен саламдашып, жазган арызын чөнтөгүнөн алып, бүктөөсүн ачып, алдына окуп чыгып, үнсүз ойго батып бир топко тургандан кийин, эсине бир нерсе түшкөнсүп, мындай деди:

– Кызык Зыйнат кечээ кетсе, бүгүн сенин бошоном деп арыз жазып келгениң кандай? Түшүнбөй турам.

Толкунбек Жакан менен жаакташып, куру сөз менен түшүндүрүп олтургусу келбей, Зыйнаттын катын колуна алып, кабагы түшүп турган калыбында начальникке узатты.

– Мына бул катты окуп көр. Мындан кийин бошотосуңбу, коёсуңбу, өзүң бил. (Толкунбек менен Жакан кээде сиз, кээде сен деп сүйлөшө беришчү.)

Жакан Зыйнаттын катын ушунчалык бир дыкаттык менен шашпай окуп чыкты да, анан башын салмактуу көтөрүп, Толкунбекти тээ бир оокумга чейин жалдырай тиктеп, үнсүз турду.

– Эмнеге мынчалык элейип калдың? – деди Толкунбек. – Биздин турмуш мындан мурда эле өзүңө белгилүү эле да.

– Белгилүүсү белгилүү эле дечи. Бирок экөөңдүн ички дүйнө, ички турмушуңардын мынчалыгын ийне-жибине чейин билчү эмес элем. «Бирөөнүн турмушу, бирөөгө түнт токой» деген ушул экен да.

– Ошондой, билбесең. Эми менин бул жерде кылчаңдай турган эч нерсем калган жок. Балдарыма кетишим керек. Менин да сеникиндей эле ата-энем бар экенин жакшы билесиң. Беш-алты жылдан бери атам экөөбүз бет алыша элекпиз. Балдарымды, аялымды таштап, Зыйнат менен байланышып кеткендигим үчүн, мени ал киши күнөөлөп, балалыктан кечип койгон. Эр жигит үчүн мындан артык жаза, мындан артык күнөө болобу. Бошот мени Жакан, өтүнөм сенден. Баары бир эми иштөөгө эч бир көңүлүм келбей калды. «Мойнунан байлаган ит ууга жарабасын» билесиң го өзүң. Сага ракмат. Тууганда азып келгенимде тууган болдуң, элимден азып келсем элдүү болдум. Казак жеринен, казак элинен кайра мен, энеден жаңы төрөлгөндөй болуп, көп нерсени билип, көптү үйрөнүп баратам. Аман болсун казак калаасы, казак жери, казак журту. Унутпай сагынганда келип турармын. Биринчи эсимден кетпей, жүрөгүмдүн тереңинде Жакан менен Галия турар.

Иш билги, жөндөмдүү, жакшы кызматкеринен кайсы эле жетекчи ажырагысы келсин. Бирок Толкунбектин абалын көрүп, сөзүн угуп туруп, аргасыздан арызына кол коюп берип, минтти:

– Кечинде биздикине кел, – деди Жакан, ракмат айтып ордунан туруп бараткан жигитке. – Айла жок, бошотууга туура келет. Мага таарынбассың, досум. Эми ак жолуң ачылып, ишиң ийгиликтүү болсун. «Ат айланып мамысын табат» деген ушул экен да. Зыйнат эстүү, таланттуу, жакшы аял болсо дагы, балдарың болуп жатпайбы тигил жакта. – Кечинде биздикине келүүнү унутпа! – Кайталап эскертти.

– Жарайт, – деди Толкунбек, кыска жооп берип, – келем.

...Мансуровдун бул жерден такыр бошонуп кетип жатканын уккан ПМКнын жумушчу, кызматчылары, адегенде бири ишенсе, бири ишенбей жатышып, акыры чын экенин билишти. Курулушта бирге иштешип, сырын билип

калган жумушчулардын ичтери ооруп: «Жакшы жигит эле. Адамкөй эле. Керек болсо ширетүүчү да, шыбакчы да, бульдозерчу да, бетонщик да болуп аралашып кетүүчү. Болгондо да участканын эң оор, эң татаал жерине барып иштегенди жакшы көрүүчү», – дешип Мансуровду жер-суугa тийгизбей мактап жатышты.

Ошол, эмгеги менен эл-журтка, улуу менен кичүүгө жаккан, төгөрөгү төп келишкен Мансуров ушул кезде тобунан калган өрдөктөй болуп, өзүнүн эски уясын сагынып, кайсыл багыт менен канат күүлөп учуп жетээрдин айласын таппай, жүрөгү алып-учуп, элеңдеп турган кези.

Толкунбек Зыйнаттын кагазга жазып кеткендеринен эч нерсе албай, кийим-кечесинен башка, ийне сайынбай чыгып кеткиси келип турду. Ал эртең расчётун алса болду, кылдай кылчаңы жок, кайсыл убакта жолго чыкса өзү билет.

Бирок анын көөдөнүн көк таштай өйүп турган бир иш Жайнагүл менен кантип бети чыдап беттешип, канткенде өз жүрөгүнүн дилин билдирип, анын пейлин кантип агартуунун айласын таппай, эси эки болуп турду. Өз үйүнөн өзү сүрүлүп чыгып, беш-алты жылы бөтөн бирөө менен башка үйдө жашап, башка төшөктө жатып жүрүп, кайра келип Жайнагүлдүн ак шейшебин булганыч денеси менен уялбай кантип тепсээрин билбей, өз боюнан өзү жипкирип, ындыны өчө түштү.

Толкунбек телефондун шыңгыраган үнүнөн селт этти. Олтурган ордунан зорго козголуп, трубкага кол узатты. Бүткөн бою туташып, денеси ымыр-чымыр болуп, бир жак ыптасы коргошундай уюп столдун кырына маталып калыптыр. Бөлмөнүн ичи күүгүм тартып, жымжырттык өкүм сүргөн бул үйдө канча убакыт санаага батып олтурганын билбей, эки жагын элеңдей карады.

– Алло! Ии, мен угуп жатам. Аа, Жакансыңбы? Олтурам. Оу, силердикине баруу таза эсимден чыгып кеткен тура.

...Толкунбек Жакандын үйүндө, досу менен чечилип сүйлөшүп олтурду. Буга чейин экөө мынчалык сырдаша элек болучу. Жакандын ою боюнча Зыйнатты сүйүп, үй-бүлөсүн өзү эле теңсинбей таштап кеткен экен деп гана түшүнүп жүрүүчү. Ал көпчүлүгүн жана эртең менен өз кабинетинде олтуруп, Зыйнаттын катын окуп билсе, калганын Толкунбектин өз оозунан угуп түшүндү. Күйөөсү менен аяшынын сөзүн тыңшап олтурган Галия минтип сурады:

– Үй ичин кандай бөлүштүрдүңүздөр?

– Бөлүшкөн жокпуз Галия. Менин өз оюм боюнча бир сыйра кийимди алып, бир чемоданга салып чыгып кетейин деп жатам. Үй ичинин көпчүлүгү Зыйнаттын өзүнүкү да. Менин деле аралашкан оокаттарым бар дечи. Бирок аял болуп, дүнүйө талашып, буюм-тайым бөлүшүү эр жигитке мүнөздүү иш эмес да Галия жан.

– Эмне үчүн? – деп чочуду Галия. – Бул үйдө да, үй ичиндеги оокатта да, бардыгында сиздин эмгегиңиз да бар. Мен алиги гарнитуралардын бардыгын кредит менен сиздин алгандыгыңызды жакшы билемин. Беш жыл бөтөн эл, бөтөн жерде иштеп жүрүп, эки колуңузду бооруңузга алып кирип барганыңызды эч ким жактыра койбос. Жакан айтып жатпады беле, ала тургандарын катка жазып кетиптир деп. Башкасын албасаңыз да алыңыз ошолорду. Зыйнат да түшүнүктүү аял, билген да. Бечарага боорум ооруп калды угуп.

Жакан оңдонуп олтурду.

– Көп сөздүн кереги жок. Галия негизинен туура айтат...

Бул жердеги сөз ушуну менен бүттү. Жакан менен Галиянын сөзүнөн улам Толкунбек ойлонуп, муюшкансып калды. Кетээр алдындагы жигиттин Зыйнатка кылган бир кызматы ушул болду. Ал кирип турган үйүнүн ордерин аялынын наамына котортуп, ачкычты Галияга калтырып, өзү жөнөп кетти.

* * *

Учу-кыйыры көзгө көрүнбөгөн асфальт жолдо Толкунбек уясын сагынган барчындай, кош канатын сабап, алды жагын ойлуу тиктеп, колу машинанын рулунда ойноп келе жатты. Казакстанга кеткени Асан менен Үсөндү көрө элек. Бир-эки жолу атайын кезигүүгө издеп келип, жолу болбой, эки баласынын бирин көрбөй, көздөн учкан бойдон кайра кеткен. Эмне деген шумдук, ойлоп олтурса, алардын жанынан кеткенине аз эле убакыт өткөнгө окшогону менен, бакандай болгон алты жыл желдей сызып өтүп кеткен тура. Экөө тең Толкунбектин ата экенин билбей да калышты. А Жанат болсо Толкунбек менен жаны бир. Кечигип келбей калса, куса болуп сагынып турат.

Жигит жолдо катар Жайнагүлгө кечирим сурап жазган каты жөнүндө ойлонуп баратты. Ал катта өзүнүн кетирген кемчиликтерин мойнуна алып, кечирим сурап жазган. «Мени бул жакта Зыйнат менен шапар тээп, жыргап жүрөт дээрсиң. Бирок чынымды айтсам, жакшы күндөрүм да, ракатым да, кубанычым да, бардыгы сени менен калыптыр. Мен ал аялдын жакшы жактарын билсем да, сенчелик көрө албадым. Башында кандай болсо, азыркa чейин салкын турмушта жашап жатканыбызды айтсам ишене койбоссуң. Бардык күнөөм сени менен, ошонун үйүнөн бет алышканым болду. «Бармагым малынып, тырмагым илинип калган күнөөмдү тана албаймын. Бирок мени ал сүйгөнү менен, мен аны сенчелик сүйө албадым. Ошол барышымда мен, Зыйнат экөөбүздүн үстүбүздөн, сага жазылган тоголок кат колума тийип калып, ошону тигинин өзүнө окутуп, мындан ары экинчи келе албасымды айтканы баргазым, тескерисинче, сени менен ажырашуунун себепкери болуп чыга келди. Ошол түнү байкоостон каманга чалдырып алган шорумду эстесем, азыр да жүрөгүм кансырап кетет. Ошондо мени атып салсаң да, сени менен чыгып кетпей, калып калганыма өкүнө берем. Ал күнөөм аз кел-

генсип, соолуктуруучу жайга түшүп калганым, сенин алдында эле эмес, бүтүндөй коллективдин бетине көө жапкан өлүмдөн катуу иш болду. «Эки доочу бир келсе амалыңдын кеткени, эки оору бир келсе ажалыңдын жеткени» дегендей, кечирбейт го деп, санаага жеңдирип койдум өзүмдү. Эми ойлосом, капа болмок экенсиң, таарынмак экенсиң, акыры балдар үчүн кечирмек экенсиң. Анда «баш сынса бөрк ичинде, кол сынса жең ичинде» болуп, эч ким билбеген, туйбаган бойдон жабылып калмак экен. Мен сени жатып да ойлойм, туруп да ойлойм. Сагынам, куса болом. Жакшы тигилген жарашыктуу көйнөк көрсөм да, жоолук көрсөм да, ал эмес сенин кебездей аппак колуңа жарашык берүүчү тырмактын лагын көрсөм да Жайнагүлгө ылайык экен деп көздөрүм чачырап кетет. Мен сени өлгөндө унутпасам, тирүүмдө унутала турган эмесмин. Зыйнат да бир шордуу аял экен. Анын жүрөгү ар дайым мен деп соккону менен, менин жүрөгүм минут эмес, секунд сайын Жайнагүл деп, балдарым деп серпилип турса, ал үчүн мындан артык шор барбы. Али да кеч эмес. Эгерде менин күнөөмдү кечирүүгө кудуретиң жетсе, кечир Жакин. Аягыңа жыгылып, бутуңду кучактап суранам. Мен кимдир бирөөлөрдү: «Жайнагүл экөөбүздү табыштырып кой айланайын», – деп эч качан далдалчы кылгым келбейт. Барсам өзүм барам. Сени менен өзүм гана сүйлөшүп, өз тагдырымды сени менен өзүм гана чечишим керек» деген сыяктуу сөздөрдү жазып жибергенине анчалык деле көп убакыт боло элек болучу. Толкунбек катына эч кандай жооп албады. Жооп албаса да, алдын ала ушундай бир өтүнүч катты жазып койгонуна кубанып баратты.

Толкунбек санаадан курсагынын ачканын да, өзүнүн чарчаганын да, ал эмес кандай ылдамдыкта келатканын да билген жок. Ал ГАИнин постунда турган лейтенант токтоткондо гана Чолпон-Атага жеткенин билди.

– Эмне болуп кетти? – деди эч нерсеге түшүнө бербеген Толкунбек, машинанын терезесинен башын чыгарып.

– Кызык. Эмне болгонун көрбөй турасызбы? Жолдо жүрүүнүн эрежесин буздуңуз. Талонуңузду бериңиз.

Толкунбек катарындагы орундуктун жөлөнгүчүндө илинип турган костюмунун төш чөнтөгүнөн талону менен правасын алып, лейтенантка сунду.

– Кечиресиз, жолдош лейтенант, мен эч нерсени байкабай калыптырмын.

Лейтенант Мансуровдун правасын окуп көрүп, жигитти бир карап алып, күлүп жиберди.

– Ой, абаке, сиз белеңиз.

– Сен кайсы баласың?

– Тураттын иниси эмесминби.

– Иниси агасын карактайт деген ушул. – Жигит да күлдү. – Кандай, ага-тууган аман-эсен, жакшы турасыңарбы? Биздин ата-эне күүлүбү?

– Жакшы, жакшы абаке, баарыбыз өзүңүз көргөндөй аман-эсен турабыз. Жайнагүл жеңем келген. Асан менен Үсөн мында болучу. Балдарын алып мурда күнү кетти го.

– Жанатты да алып кеттиби?

– Жок, ал кызыңыз мында. Окуу башталганча, бир аз күнгө барып кел деп жеңем айтса да, энеси менен атасы айтса да болбой койду ыйлап, деп Гүлүш жеңем кеп салып жаткан түндө.

Тураттын иниси куудул чалыш жигит болучу. Ал Толкунбекке тийише сүйлөдү:

– Өзүңүз эле, жалгыз келаткансыз го ыя, абаке? Эмне, токол жеңебиз келбейм дейби?

Толкунбек эмне деп жооп берерин билбей какай түштү:

– Келбей койгонун көрбөй турасыңбы? Кана, жол жүрүүнүн эрежесин бузгандыгым үчүн колдонуучу чаранды колдонуп, салуучу штрафыңды салып, алуучуңду алып, документимди бербейсиңби? Же бербей алып каласыңбы?

– Ой, абаке-ба-а-й, токол жеңени айтсам ачууңуз келе түштү окшобойбу. Мына документтериңиз, агасын иниси сыйлап, биринчи жолку күнөөсүн кечирет да.

– Ракмат, дайым эле мындай боло бербейт да иним. Көлдү көргөндө толкундоодон кандай ылдамдыкта келатканымды өзүм да билбей калыптырмын, кечирип кой. Постко жетип, сен токтоткондо гана байкадым...

Жайнагүлдүн келип кеткенин угуп санаасы тынчый түштү. Буюрса арты кайырлуу болоор деп жакшылыкка жоруп койду. Баарынан да Жанаттын кошо кетпей, мында калып калганына сүйүндү: «Көлөкөм, силер бар, менин ырысым бар», – деп өзүнөн өзү жашып барып токтоду.

Толкунбек машинасын дарбазанын алдына чукул келип токтоткондо, Жанат кыздар менен, атасы бакка байлап берген селкинчекке жаңы эле олтуруп, күүлөнүп жаткан. Машинанын дабышын угуп, жерге учуп түштү. Нары жакта, бактын ичинде жерге түшкөн абрикосторду терип жүргөн Кына кызын элее карап туруп, ордунан козголду.

– Э, Жаңгак (чоң энеси ошентип эркелетчү), кайда шашып баратасың, кагылайын?

Кыз чуркап баратып жооп берди.

– Биздин дарбазанын алдына машина келип токтоду. Абам келдиби, – деп карап келейин деп баратам.

– Аа, абадан түңүлбөгөн байкуш балам. Келсе эмдигиче келбейт беле. Кана келгени. Жөндөн жөн эле, ары-бери өткөн машиналардын үнүн угуп делөөрүй берүүчү болдуң.

Кына кайра олтуруп жерде жаткан толук быша элек, ала бөйрөк болуп шамалдан түшкөн өрүктөрдү тере баштады. Аңгыча, Жанаттын кулундай чыңырган үнү угулду.

– Эне-е-е! Абам келди. Абам келди эне-ке! Кудай, Кудай, абам келди.

Бири-бирине чырмооктой чырмалышкан ата-бала дарбазадан өтүп-өтпөй өбүшүп, жыттashып жатышты.

– Мен сени келет деп ойлогом. Машинанын үнү чыкканда эле тыңшап турдум. Дарбазанын алдына келгенде «ушул келген Толкунбек абам» десем, энем ишенбей койду, келбейт деп. Атам дагы жол тоспой жүр деп урушат.

– Секет кетейин, сен мени күндө күтөсүңбү, келет деп?

– Ооба, күндө эле абам келип калса экен деп, жолду карай берем, карай берем. Сени мен улам эле сагынам, улам эле сагынам. Түнүчүндө да уктаганда «абам келсе экен, абам келсе экен» дей берем.

Кына да белинен бүйрүлүп тигилген кең көйнөгүн делбиретип, илмеңдей басып, Жанаттын аркасынан жүрөгү алеп-желеп болуп келатты. «Балакетиңди алайын каралдым ай, өз күнөөсү өзүндө болуп куурады го. Баягы абышка атып салам деп мылтык ала жүгүрүп, экинчи келбе деп тилдеген бойдон көп келбей калды. Кийинки келгенинде да «көзүмө көрүнбө» деп кууп чыкты. Ошол бойдон караанын көрүүгө зар кылды ың-жыңсыз жоголуп. Акыры түткөн эмес экен», – деди ичинен кубанып. Эненин балага мурду таарынса да, жүрөгү таарынабы. Ата менен эненин Толкунбектен башка эмнеси бар. Баласынын күнөөсүн кечсе кечип деле коюшат болучу. Катын кетирип, катын албаган, турмушта жаңылып, жаздым баспаган ким бар. Бирок Жайнагүл башкача келин да. Ошон үчүн Толкунбектин көңүлү калса калсын, Жайнагүлдүн көңүлү калбасын дешти кемпир-чал. Кийинки күндөрдө келининен коркуп да жүрүштү. Балдарын алып, булар менен үзүл-кезил болуучу мезгил улам жакындап келаткандай болгон суук сезим жүрөктөрүн сестенте баштады. Үч баладан ажырап калаарын эстешсе, ата менен эненин заманасы куурулуп, эмне кылаарын билбей кетишет. Зыйнаттын төрөтү токтоп турганын уккан сайын Кына, Кудайдан жатып-туруп «ошол азезилге» бала бере көрбө Жараткан» деп тилей берет. Зыйнат ушул бойдон төрөбөй койсо, башка үчүн болбосо да балдары үчүн Толкунбек кайра айланып келип туруна конор деп күтчү.

Толкунбек кучкачтай болуп өзүн көздөй ылдамдай басып келаткан энесин көрүп, Жанатты жерге түшүрдү. Кадасынча каткырып күлүп, маңдайы жарылып, кучагын жая энесин көздөй умтула берди.

– Ой алтын энем, кандай сак-саламат жүрөсүңбү? – Кынаны кучактай калды. Толкунбектин колуна адам эмес эле, бир ууч сөөк урунгандай болду. Жигиттин көңүлү бузула түштү. «Курган энем ай, куурайдай болгон», – деп ойлоп, жаагынан өбөйүн дегенче болбой, Кынанын былбыраган муздак эрди Толкунбектин тамагына жабыша түштү. Оң тамагынан бир жыттап, сол тамагынан бир жыттап алып, ыйлап жиберди.

– Биз өлгөндө эле бир жолу келүүң го. Сага ата менен эненин кереги эмне. Бизди эстебесең да, мына бул байкуштарды эстебейсиңби. Бир туубаган катындын кадыры, баарыбыздан күчтүү болду го. Андай немеге Кудай да жеткирбейт экен.

Толкунбек энесинин көз жашын бетаарчысы менен сүртүп, желкесин көздөй жылып бараткан жоолугун оңдоп байлады.

– Мындан ары ар дайым силер менен бирге болом, эне. Ый да бүттү, кайгы-капа, сөз да бүттү. Бир топ ментиңерден тайытып, улуу менен кичүүгө уят кылып койдум, кечирип койчу күнөөмдү.

– Биротоло келдиңби?

– Ооба, эне, биротоло келдим.

– А беркичи?

– Ал калды.

– Акыры ушундай болот го деп ойлогом. Ырысым бар экен, тилеген тилегим келди. Сен ушундай туруп турчу, башыңдан суу тегеретип төгөйүн. – Баласы эшик алдына жеткенде токтотуп коюп, өзү үйгө кирип, бир чай чыны суу сузуп кайра чыкты. – Балекет-салакетиңдин баары ушул суу менен кошо төгүлүп жок болсун, – деди, кобурап-жобурап, башынан айландырып, артын көздөй чынысындагы сууну серпип жиберип, идишин босогого көмкөрүп.

Эне уулунун астына жаңы капталган, таза төшөктөрдөн алып чыгып биринин үстүнө бирин салып, чарк көпөлөк айланып жүрдү.

– Атам кайда кеткен? – деди Толкунбек.

– Бүгүн койдун кезүүсү экен.

– Канча коюңар бар?

– Бар го кой-козусу менен жыйырма чакты.

– Бай турбайсыңарбы.

– Байбыз, алдыңа кетейин. Сен эле жоксуң. Болбосо баары эле бар. Толуп жатат. Үй-бүлөдө ынтымак болбосо, байлыгың көзгө көрүнбөйт тура. Бакты бак кылып, шакты шак кылып, огород-жайды оңдогон Жайнагүл эмес беле. Малдын башын кураган да ошол болучу. Эми минтип же кеткен катын эмес, же эри бар, эрлүү катын эмес, эки ортодо балдары менен бизди кыйып таштай албай беймаза. Азыр мурункудай оокатка да анча кызыкпай калды. Келет, кетет. Мындан башка келин болсо: «Койнумда жаткан күйөөм, күйөө болбой таштап кетип олтурса, мен эмнеге турам, эмнеге келем. Баласына кереги жок ата-эне, мага керекпи?» – деп баса бербейби үчөөнү жетелеп. Айткан менен болобу, энеси мыкты катын тура. Тумардан башка кайнене болсо, сенин аягыңды асманга чыгарат болучу. Кызын эмес, балдарынын караанын бизге көрсөтпөй, эчак арабызды араандай ачып салбайт беле. Ошондо эле ары-бери кылып, көчүрүп кетет болучу. «Олтурган кыз орун табат», олтура бер ордуңдан козголбой, ишиңди иштеп деп койду. Олтуруп калды Жайнагүл.

Баятадан энесинин сөзүн угуп, мойнуна сорпо төгүлгөнсүп шылкыйып олтурган Толкунбек минтип күңкүлдөдү:

– Койчу эми, кечке эле эски жаранын оозун тырмап, жаңырта бербей. Уга берип, тажап да кеттим. Эми эмне кылайын, жаңылдым, жаздым деп күнөөмдү мойнума алып жатпаймынбы. Ансыз да башым ооруп турат.

– Капырай де. Сөз айта электе эле башың ооруп, кулагыңдын кужуру келип, тажап кетмейиң бар. «Кыз боозуп алып энесин коркутат» дегендей, кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп коюп, айтып олтурган сөзүн көр мунун.

Каалабайсыңбы Жайнагүлдү, кете бер келген жагыңа. Ал сенсиз эле сопсонун жашап жатат. Аны да Кудай жасаган. Сени эле, ырас келиптирсиң деп тосуп алаарын бир Кудайдын өзү билет. Көрсөң мунун сөзүн.

– Мен жаман айттымбы, эне?

– Жаман айткандай кандай акың бар?

Ушул кезде Жанаттын көздөрү жалжылдап, бирде энесин, бирде Толкунбекти тиктеп туруп буркурап ыйлап жиберди.

– Энекебай, тилдебечи абамды. Кайта кет деп урушпачы. – Ордунан улактай секирип туруп, энесинин мойнунан кучактай калды.

– Болду, ыйлаба, мен жөн эле абаң менен сүйлөшүп жатпайымбы.

– Эми атам келсе да урушат.

Кына кызын алдына алып, бетинен өптү.

– Олда энеке ай, мен бардыгын мойнума алып жатпайымбы. Атам бар, энем бар, балдарым бар деп келип олтурам да. Жайнагүлдү мурда кандай көрсөм, азыр да ошондой көрөм. Жайнагүл күнөөмдү кечирсе кечирер, кечирбесе аны көрөрмүн. Өткөн-кеткенди баарынан мурда сен кечирчи, энекебайым.

– Эй, менден кечирим сураба сен, Жайнагүлдөн, мына бул чолпондой болгон балдардын энесинен кечирим сура, уктуңбу?

– Уктум энеке, уктум. Сурайм, кечирим. Бирок ошол келиниң кечиреби мени. А кокус кечирбей койсочу. Жайнагүл да оңой эмес энекеси. Болбосо, Зыйнат кечирим сурап келгенде эле кечирип койсо, болмок. Көзүмө экинчи көрүнбөй жоголсун дептир, жоголуп кеттим. Бирок өзүң айткандай мени магниттей тартып турган мына бул үч бала да. Алдына бир барып көрөм. Болсо болду. Болбосо, Зыйнат кайдасың деп кайра кете берем. Ал мени кара жекшемби күнү да кабыл алат. Балдар эр жеткенде, атабыз бар экен деп тапса табышаар, таппаса жүрүшөөр. Керек

болсо Жайнагүл кылган кызматты, Жайнагүл көрсөткөн урмат-сыйды силерге Зыйнат да көрсөтөт.

Толкунбек ордунан турду. Жанат кучагын жайып, абасынын тизесинен орой кучактады.

– Аба кетпе.

– Кетпейм балам. Жүрү машинаны короого киргизели.

Дарбазаны ачып, кызын жанына олтургузуп алып сур «Волганы» жаркыратып короого айдап кирди. Кынанын көзүнө Толкунбек менен кошо кут келип конгондой болуп жүрөгү толуп, денеси ысып чыкты. Баласы болсо үйүнө алып келген ардемелерди, арткы орундукка узунунан ороп, кеби менен салган тыш кийимдерин, машинадан түшүрө баштады. Кездемеге түйүп багажникке салган килем менен өзүнүн булгаары чемоданын алып чыкты. Атасы менен тең жарышып бирдемелерди кармаламыш болуп жүргөн Жанат: «Мында эмне бар? Эми ушунун баары биздики болобу? Буларды сен кайдан сатып алдың? Энеме дагы көйнөк алып келдиңби? Мага эмне алдың? Атама кайсыны бересиң? Асан менен Үсөнгө эмине алып барабыз? Жайна жеңем көйнөктү өзү эле сонун кылып тигип алат, ээ аба?» – деп оюна эмне келсе, ошонун баарын быдырап сурап да, чуркап да жүрдү.

– Алдым балам, көйнөк да бар, башкасы да бар, баарына жетет, эч кимиңди унуткан жокмун.

Толкунбек жүктөрдү көтөрүп үйгө алып кирди. Сумка толгон чай менен таттууларды ошол замат энесинин колуна берди. Андан кийин башка белек-бечкектерин столдун үстүнө бирден койду. Булар сеники эне. Ичинде жоолук менен көйнөктүк материал бар. Кемсел кийсин деп сага баркыт ала келдим. Булар атамдыкы. А бул болсо Жанаттын килеми, бул сенин көйнөгүң, а булар калготки, гольфу, носки дегендер.

– Ой-и-ий, менин көйнөгүм баарынан сонун экен ээ, эне. Карачы сарафаны да бар тура. – Шашып-бушуп кийип жатты. – Эне сен кийбейсиңби жоолугуңду.

– Кием алдыңа кетейин. Э, атаңдын көрү, Кудай бала эле бойдон койсо эмне. Кийими жок жылаңач жүргөнсүп

сүйүнгөнүн кара. Балекетинди алайын каралдым, Кудай сени мага кандай күнү берди экен ыя! Кана, бери болчу. – Кызынын үстүн оңдоп, ар жак, бер жагын тартып айландырып карады да: «Көйнөгүң морт болсун, жаның бек болсун», – деп кызынын бетинен өөп койду. – Абаң келип жакшы болбодубу. Буларды жайнатпай ар жакка жыйнай аласыңбы?

Жанат энесин укпай, Толкунбекке карады:

– Аба, Асан менен Үсөнгө алып келгениң кана?

– Чемоданда.

– А Жайнаныкычы?

– Баары чемоданда.

– Көрсөтсөң. – Чемодандын оозун тырмалай баштады.

– Ай иттин кызы ай, көрүп эмне кылат элең. Мына көр эми. – Чемодандын оозун ачып, алдына жылдырды. – Энең да көрөбү, көрүп алгыла жакшылап.

Жанат ошол замат чемодандын ичин астым-үстүм түшүрүп, чаңдатып тоокчо тытып кирди.

– Ой, энеке, мына, мына, мен билдим, бул Асандыкы, а бул Үсөндүкү. И-и-й, ботинкалары да бар турбайбы. – Улам бирин алып көрүп суктанып жатты. Асан менен Үсөнгө костюм да алыптыр. – Бул Жайнаныкыбы, ыя аба, көйнөк. Ой-и-й энеке карачы туфлини, такасы бийик экен. Көйнөгү менен туфлисин көрсө сүйүнөт го ээ. Ой эне, костюму да бар экен, карачы! Анан бюзгалтерди колуна кармап туруп, кайра чемоданды көздөй ыргытты. – Баарын эле Жайнагүлгө алып келиптир. Мага эчтеке жок, кийбейм көйнөктү. – Кабагы түйүлүп, туйтуңдап терс карады.

– Ошо Жайнагүлгө алып келсин. Ырас болуптур, сеники деле сонун турбайбы. Эмнеси жаман мунун. Кой балам, антпей ирettеп кайра сал. Чачып салып басып кетесиңби. Абаң кенедей эчтеке алып келбей куру келсе да, куру келдиң демек эмеспиз. Өзүнүн аман-эсен келип бергенине Кудай дейли, каралдым. Аларды жыйнап ордуна салып коюп, дасторконду жай. Эми сен чоң кыз болбодуңбу. Энеңе кандай жардам берериңди абаң көрсүн. Шкафты ачып нан

алып чык, май кой. Чыныларды даярда. Абандын курсагы ачкандыр.

Энесинин дасторкон салып, нан-паныңарды алып чык дегенге сүйүнүп кеткен кыз шашкалактап чемоданга бирдемелерин башаламан салып коюп, дасторконго чуркады. Жаңы эле аны колуна алып, салганы жатып, атасынын дабышын угуп, эшикти көздөй октой атып чыкты.

– Ата сүйүнчү, абам келди. Эми кайра такыр жумушка кетпеймин дейт.

– Кетпесе жакшы болуптур.

– Урушпайсыңбы ыя, ата, абамды. Тилдебегин макулбу?

– Ай балам, аркы козуну тос бери.

– Бул кимдин козусу, Асандыкыбы же Үсөндүкүбү? Менин козум кайда ыя, ата!

– Сатып ийдим.

Жанат ошол замат ыйлап жиберди.

– Мен сени жакшы көрүп жүрсө!

Мансур күлдү.

– Сен өз козуңду өзүң тааныйсыңбы?

– Тааныйм.

– А тетигил, башында үкүсү бар ак төбөл кара козу кимдики?

– А, меники.

– Ой сексейген акмак, дагы тааныйм деп коёт.

Жанат атасы менен койлорду огородду көздөй качканын тосушуп чуркап жүрдү. Мансур мал-салын башкарып коюп, баятадан бери өзүн имерчиктеп турган кызын колдон алып, жетелей басып машинанын жанына келип токтоду. Ал «Волгадан» көз албай тиктеп туруп, башын көңүлсүз чайкап койду. Көңүлүндө: «Эсендин кызы Зыйнат деген бир азыткы чыкты эле, ага кошумча болуп машина деген дагы бир баш тегеретме жармашты» – деп, өзүнчө кобурап туруп, анан кызынан акырын сурады:

– Абаң эми кайра кетпеймин дейби?

– Ооба, кетпеймин дейт. Эртең, билбейм, Жайнага барат го.

– Жайнагүлдөн айланган чочко. Жайнагүл эмне, аны сагынып күтүп туруптурбу?

Жанат атасына жалжылдай карады:

– Атаке, абам менен урушпачы. Тилдебечи эми атакебай.

– Болуптур, болуптур, урушпайын балам, кайра кетпей турган болуп, келгени чын болсо.

Экөө жетелешкен калыбында үйгө кириштi. Толкунбек ордунан туруп, атасын көздөй утурлай басты.

– Салам алейкум ата!

– Алекима салам! Ии, аман-эсен тирүү барсыңбы?

Кына чебеленип кетти.

– Капырай үйгө кире элек жатып каарланбачы, учурашпайсыңбы жөн. Толкунбек өлсө чекебиз торсуктай болуп, жыргайт белек. «Куш жаңылып торго түшүптүр, эр жаңылып колго түшүптүр», – дейт. Ачууңду да, ачуу тилиңди да токтот эми. Ал жактан биротоло бошонуп келиптир. Толкунбегим болсо келин болот. Толкунбегим болбосо кайсы келин экөөбүздүн ысыгыбызга күйүп, суугубузга тоңот эле. Баламдын жакшылыгынан, колуктусу үмүтүн үзбөй кылчактап олтурат.

– Ой сенин жакшы болгон балаңдын көрүн урайын ай. Шерменде кылды го, бул жүзү кара журтка. Тим эле биротоло келиптир деп коёт, оозун он карыш чоюп. Акыры, айласы кеткенде айланып келээрин илгери эле билгем. Эми бул бетпак, кайын журтунун бетин кантип карап, кантип бет алышаар экен? Менин кайгым ошолор. Андан дагы Жайнагүл кабыл алабы, албайбы, кеп ошондо.

– Ата, урушпаймын дебедиң беле? Урушпачы абамды. – Жанат коркконунан буркурап ыйлап жиберди. Анан жаңыдан эле көчүк басып олтуруп жаткан атасын кучактай калып, оозун баса калды кичинекей алаканы менен. – Болду, тилдебе.

– Алдагы баланын жүрөгүн түшүрөт экенсиң. Кандай бир кокуй киши элең. Болбодубу эми. Мындан чоң күнөө кылса тирүүлөй кескилеп өлтүрмөк экенсиң.

– Эй, мындан да чоң күнөө болобу? Өз уясын өзү бузуп, өз балдарынан өзү безген, бул өңдөнгөн таш боор ата кайда бар ыя?

Толкунбек Мансурду кучактап, сакалынан өптү.

– Кечир атаке, сакалыңдан айланайын олуям, суранам сенден. Эгерде экинчи ак жолдон адашып, кыйшык баса турган болсом, энемдин сүтү, сенин кусуруң урсун. – Мансурдун аягына жыгылып, чапанынын этегинен өөп, буркурап ыйлап жиберди. – Кечир атаке! Эгерде күнөөмдү кечиргиң келбесе, тирүүлөй өз колуң менен мууздап сал.

Өлөөр-тирилээрин билбеген Жанат өз боюн жерге топтой уруп, кулундай үнү Кудайга жетип, эки бутун тыбыратып, кийиздин үстүндө томолонуп, жумаланып жатты.

– Ой атаке, абамды кечке эле эмне үчүн тилдеп жатасың. Сен урушсаң кайра кетип калат, баягыдай бизди таштап.

Кына чуркап барып өпкө-өпкөсүнө батпай, боздоп, кара терге түшүп будаланып жаткан кызын жерден көтөрүп алды.

– Алдыңа кетейин, эмнеге мынчалык кейишке түшүп, күйүп кеттиң. Ой жүрөгү үшүгөн куураган гана балам ай. Болду, басыл, ыйлаба. Абаңды эчтеке кылбайт каралдым. Атаң абаң менен урушпай эле, сүйлөшүп жатат.

– Калп айтпа, мен баарын билип турам. Атам абамды баягыда да ушинтип тилдеген. Анан мылтык менен атып өлтүрөм деп жатканда, качып кетип калбады беле жумушуна.

– Ой абышка, болбодубу эми, катыгүн. Мына бул баланы аясаң боло. Карачы ыйлап өпкөсү көөп эс алалбай жатат. Ал кара сууга түшүп тердеп да кетиптир.

Мансур Толкунбекке карады.

– Жайнагүл менен Садынын жакшылыгын унутпайт го дечү элем. Бирок унутканда да жаман жеринен унутуп койдуң. «Мал арыгын сактаса ооз майлайт, киши арыгын сактаса төбө каңдайт» деген ушул экен да. Болуптур, кечирим сурасаң кечтим. Деги, жанагы Эсендин шерменде кызынан биротоло кол үзүшүп келдиңби? Ай таң, ишенбей турам.

– Ишенип кой ата. Ал экөөбүз урушпай-талашпай, жапжакшынакай олтуруп эле ыраазычылык менен бөлүнүштүк. Бул ишти Зыйнат өзү баштады.

– Аа, сенден мурда ал баштады дечи. Акыл кирип калган го. – Мансур уулун сынай тиктеди. – Маркум Эсен менен Аккыз жакшы адамдар эмес беле, акылдуу. Бирок кызы энесин тартпай калган тура, Кудай алып.

– Баланын баары эле ата-энени тарта бербейт тура. Мейли эми, Кудай ийгилигин берсин, балам аман келип берди, – деди Кына. – Өлбөй-житпей күнүн көрө берсин, көрүнгөндүн каргыш-илкишин аркалап.

– Эшиктеги машина өзүңдүкүбү? – деди Мансур.

– Өзүмдүкү.

– Жаңы алгансың го.

– Ооба.

– Эсендин кызы алып бердиби?

Толкунбек кызара түшүп, жооп берди.

– Олда атаке айе, ушул да суроо болдубу. Мен эмне, ал жакта казак тууганлардын эшегин такалап жүрдү дейсизби, – деди. Анан анын оозуна «Бир үйдө жашагандан кийин Зыйнаттын үлүшү болбой коюучу беле!» деген сөз кирип келип кайра тартты.

– Болуптур, болуптур, доосу жок, сенден башка ээси жок машина болсо эле болду. Чамаданыңды көтөрүп каңкайып, жөө келбей, ат минип келгениңе кубанып калдым. Эми бир-эки күнү эс ал көлгө түшүп. Андан кийин Жанатыңды жаныңа жандооч кылып олтургузуп алып, үй-бүлөңө бар. Мына бул балжурандай болгон жаман кызыңа эс кирейин деп калды. Биринчи класcты «беш» деген баа менен бүтпөдүбү. Мактоо кагаз алды мектептен. Уктуң беле аны?

Толкунбек күлдү.

– Уга элекмин ата! – Кызын чакырды өзүнө. – Бери келчи Жанатка, секет кетейиним. – Энесинин алдынан түшүп келген кызын, кучактап маңдайынан өптү. – Куттуктайм класстан класска отличник болуп көчкөндүгүң менен. Биринчи класста кандай окуп жатканыңды билем дечи. Бирок азыр атам менен энемдин биринин каарынан

кутулсам, экинчисинин каарына кабылып жатып, сенден окууңду сураганды унутуп калган турбайымбы. Сен дагы мени кечирип койчу аралдым, карагаттай мөлмүлдөгөн көзүңдөн секет кетейиним. – Көзүнөн өптү.

– Бери кара, – деди Мансур Толкунбекке, – кызың менен анан деле өбүшүп-жытташып алаарсың. Бери карап, менин сөзүмө кулак салып турчу. Эми Жайнагүл экөөңдү бириңе-бириңди ширетүүчү данакер ушул Жанатың болот. Асан менен Үсөн болсо туруптур. Алар сени таанубай да калышса керек. Ушул сексейген жаман кызды бетиңе кармап, жолго чыгаарыңды билип турам. Бирок калган жолду өзүң таап, калган кадыр-көңүлдү, кандай табарыңды өзүң билээрсиң.

Ата-эне менен минтип тил табышып, көңүлү жайланган Толкунбек, алдыдагы ашалбай турган дабандын биринен ашып өтүп, экинчи ашуунун түбүнө келип такалып тургандай болду.

Атасы Мансур айткандай эки-үч күнү көлгө түшүп, бир аз дем алгандан кийин Толкунбек жол камын көрө баштады. Жайнагүл менен беттешээр мүнөттү эстесе, көөдөнү көөп, деми кыстыгып, жүрөгү алеп-желеп болуп турду. Ошентип, жанына башка киши албай, тобокел деп Жанат экөө кетмек болду. Кызы менен өзүнүн кийимдерин иреттеп чемоданга салды.

Кына Толкунбек менен Мансурга угузбай, небересинин чачын өрүп жатып минтти, акырын шыбырап:

– Жайна менен абаң экөө урушуп калбасын, билип калсаң урушпагыла деп айткын макулбу. Анан кокустан, жеңең Толкунбекти кет, сенин керегиң жок деп кубаласа, ыйлагын. Жана атаңа эмне деп айттың эле, ага да ошентип айт. Абамды кет дебегин де. Түшүндүңбү менин айткандарымды.

– Макул. Ошентип айтам...

Баары сыртка чыгышты. Жаңы жаңырган июнь айынын таңкы салкын жели беттен сылайт. Деги көлдө таңдын атышы да, батышы да өзүнчө кооз, өзүнчө ажайып эмеспи. Соккон желге чайпалып, акырын шыбыргактап жээкке урунуп туруучу көл шоокумун сагынгансып, Тол-

кунбек денесин эркин таштап коюп, көөдөнүн кере дем алат. Ушул кезде көлдүн ысыгы сыртына тээп, казанга жылыткандан бетер мелмилдеп турган кези деп, делебеси козголуп, өрдөкчө бир-эки чумкуп алгысы келип турду. Адатта таңга маалкы көлдүн жылуулугу, Күндүн чыгышы менен аздектеп сууй баштайт эмеспи.

Уйкусу канбай, чала болуп, кабагы ачыла бербеген Жанат кайра-кайра эстеп, энесинин жетегинде машинаны көздөй көңүлсүз басып келатты.

– Бул баланы кыйнабай, машинанын артына жаткырып койсок кантет? – деди Кына.

– Ооба, ошентели эне. Арткы орунга төшөк салып берели, жатып уктай берсин. – Толкунбек кызынын башына жаздык жаздап, энеси алып чыккан одеялды колуна алды.

– Жаткандан кийин үстүн жаап, эки жагын жакшылап кымтып кой анан, уктаган бала чыйрыгып калбасын. – Мансур уйкулуу көзү менен эне-атасын алмай-термей жалжылдай тиктеп турган кызын өптү. – Аман барып, аман келгиле. Ак жолуңар ачылып, ыйманмазам жол берсин силерге.

– Саламат барып, сак келгин, сагындырбай бат келгин, каралдым. Ак жолтой болуп абаң менен жеңеңдин жылдызын жылдызына кошуп кел...

Абышка-кемпир Жанатты кайра-кайра өөп, кайра-кайра алмай-термей жыттап болгондон кийин, ордуна жаткырып машинанын эшигин жаап алакан жайып бата беришти. Машина от алып, ордунан козголду.

* * *

Жайнагүл ыйлап-сыктап жүрүп, акырындык менен жалгыз бойлук турмушка көнүп кетти. Ансыз деле Толкунбек экөө баш кошкону анчалык деле узак убакка чогуу жашашкан жок да. Бири окуусун мурун бүтүп иштөөгө кетсе, бири окуусун окуп шаарда калды. Институтту бүткөндөн кийин Толкун башка областка, башка шаарга иштөөгө кетти. Ошентип, экөө эки башка жашап кала берди. Көчүп

келгенден кийин жыл айланбай, тигиндей күтүлбөгөн турмушка туш болду.

Бир сапарында Жайнагүлдүн көңүлү Толкунбектен өрт өчкөндөй сууду. Эми мындай эрдин жүзүн Кудай экинчи көрсөтпөсүн деп кала берди. Адегенде Толкунбекти өзү келип кечирим сурайт экен деп күткөн. Бирок Жайнагүл ойлогондой болбой калды. Тескерисинче, күйөөсүнүн ордуна Зыйнат келип, кошунаны киргизип кечирим сурашы Жайнагүлдүн карарып турган дилин агарта алган жок.

Кийин, кийин ачуусу тараган кезде гана Жайнагүл эсине келди. Басса-турса өз энесинин айткан сөздөрү эсине түшөт да турат. «Жаман эркек жер коруйт, жаман катын эр коруйт». Эмнеге душмандын тилине кирип, уялбай Толкунбектин артынан акмак болуп аңдып барып жүрөсүң. «Эркек эркектик кылып, жаңылса жаңылып койгондур». Бул сөздүн түпкү маанисине Жайнагүл кеч түшүндү. Ал кезде Толкунбек өз колунан эчак учуп кеткен кез эле.

Ошол кезде өзү менен бирге иштеген, бала-чакалуу, күйөөсү бар, очор-бачар болуп калган бир лаборантка келин менен Жайнагүл жакын болуп кетти. Бул аял өз турмушуна өзү ыраазы, телегейи тегиз, кием дегенин кийип, ичем дегенин ичип, барам деген жагына барып ою менен эрке жашаган неме экен. «Сулуу тозот, бак озот» деген элдин акылман сөзүн, ушул лаборантканы көргөн сайын Жайнагүл эсине түшүрө берет. «Сулуу болгондогу менин багым ушулбу», – деп ойлойт. Күйөөсү да жибектей созулган токтоо жигит. Аялы экөө биринин көзүн бири карап, «сиз-биз» дешип, жаңы үйлөнгөн жарга окшоп жаркылдап турушат. Эмне үчүн Толкунбек экөөбүз ушулардай жашай албадык, – деп арман кылып, оозунан көк түтүн бурап турган кез.

Бир күнү балдарын уктатып коюп, жууган кирлерин короодо жайып жүргөн Жайнагүл, капысынан дарбазанын чертилгенин угуп, селт этти.

– Кум бул?

– Биз элебиз Жакин. Аяшың...

«Аяшың» деген сөздү угуп, жүрөгү ордуна келе түштү. Оюнда лаборантка курдашы да бар экен деп ойлоду. «Түн ортосунда, булар кайдан жүрөт болду экен?» – деп дарбазаны ачты. Анан тигил кишинин сопоюп жалгыз турганын көрүп мостоё түштү.

– Караңгыда кайдан жүрөсүз жалгыз?

– Кайдан жүрөсүз деген да сөз болобу? Бөрү көргөн улактай алаясыз да. Чочулабай эле коюңуз, өтүп баратып короодо жүргөнүңүздү көрүп эле бурула калдым. Кетем бат эле. – Эки жагын айланта карап короонун ортосунда турду.

– Үйгө кириңиз! – деди, келин эмне кылаарын билбей, оозу бош.

Тигил киши ушуну эле күтүп тургансып, ачык турган коридорго шып кирди. Келин, колун чайкап, чакырылбай келген мейманынын артынан ээрчий басты. Алар түз эле залга өтүштү. Дубалда илинип турган сааттын үнү тынымсыз чык-чык этип, бөлмөдөгү тынчтыкка жан киргизип тургансыйт. Үй ээси убакытынын он эки болуп калганын көрүп, эмне кылаарын билбей калды. Бул кишинин түн катып, жалгыз келгенин көңүлүндө жактырбай турду.

– Олтуруңуз, чай коёюн, – демиш болду калптан эле. – Деги тынччылыкпы? Беймарал кезде, убактысы жок келиптирсиз? – Жайнагүл мурда бири-бирине өйдө карашпаган сый адамга мындан башка сөз айта албады.

– Чайды тим эле кой. Андан көрө мына бул чайды сиз менен бирге ичейин деп атайын келдим. – Жигит чөнтөгүнөн бир шише коньякты алып столдун үстүнө койду.

Жигиттин көзү көзүнө урунганда Жайнагүлдүн жүрөгү болк дей түштү.

– Коюңуз, мен мындай чайды оозума албайм. Ракмат. Ачпаңыз.

– Жакин сөз укчу мурда. Сен да бала эмессиң, мен да бала эмесмин. Бири-бирибиздин кадырыбызга жетип, сыйлаша алабыз го деген ниетим бар. Сени көргөн күндөн бери аты жок бир жүрөк ооруга чалдыктым да калдым. Көөдөн толгон дартымды өзүңө айталбай арманда жүрөм. Бул

сүйүү, көңүл түшүү деген балекет, жаман неме турбайбы. Ишенсең, сен үчүн өз үйүм эмес, кең дүйнө тарыгансып баратат

Жайнагүл капысынан өзүнөн өзү каткырып, күлкү аралаш минтип сурады:

– Ии, анан? Аялыңызды да көргүңүз келбей баратабы?

– Эми аны эмне кыласың сурап. Адам бир эле ашты эртеси жок, кечи жок эле иче берсе, танат да.

Жайнагүлдүн көздөрү дароо бузулду. Жүрөгү коркунучтуу титиреп сокту. Өзү баягы Зыйнаттын үйүнө Толкунбекти аңдып барган сыяктуу эле, мунун аялы да, булардын үстүнө кирип келүүчүдөй болгон суук ой көңүлүн куюндай сапырып өттү.

– Сиз менин күйөөм менен эмне үчүн ажырашкандыгымдын себебин билесизби?

– Чала-була уккамын.

– Уксаңыз ошол. Аны мен өмүрүндө бир аял менен жаңылгандыгы үчүн гана кабыл албай койгомун. Жер жүзүндө мындай ыплас ишке барган жалгыз Толкунбек экен десем, көрсө, эркектердин бардыгы...

Жигит каткырды.

– Ха-ха-ха. Көрсө, эркектердин бардыгы! – Жайнагүлдүн акыркы сөзүн мыскыл кайталады. – Оюнда мени да Толкунбектин түгөйү экен деп турасың го. Деги өзүң ошол Мансуровдон башканы көрдүң беле? О, кокуй күн десе, бала эле бойдон турбайсыңбы, ыя Жайнагүл. Сен күйөөңдөн даражасы, мансабы, жогору турган бийиктеги эркектерди көрбөгөндүгүң үчүн ушул сөздү айтып жатасың. Болбосо көрөр элем.

Жайнагүл мыскыл күлдү.

– Өзүңүз айткан бийиктеги, кол жеткис эркектердин бири сизсиз го! Айтыңызчы, бийиктеги эркектер менен жапыстагы эркектердин кандай айырмасы бар? Же ошол аскада турган эркектер аялдарга алтын сарай орнотуп, алтын таажы кийгизет бекен?

– Койчу, Жакин, жаакташып айтышпай көңүл табышалычы. Менин сага кандай кызмат кылганымды, таажы

кийгиземби, тактыга мингиземби убагында көрөрсүң да. – Жигит стулдан туруп Жайнагүлгө жакындай баштады. Кучагын жайып күлүңдөп келатты.

– Жолобоңуз жаныма. – Келин кетенчиктеди.

Тигил киши болсо Жайнагүлгө жетип, шап билектен алды. Экөө чарпыша түштү.

– Коё бериңиз.

– Алтыным, ак маралым, Айдай болгон жамалыңдан айланайын. Жок дегенде эрдиңди эрдиме тийгизип, бир эле өптүрүп койчу. Башка эч нерсе сурабайын сенден. Макул деп койчу!

Ушул мезгилде дивандын үстүндө жаткан таргыл мышык, октой атылып келип, жигиттин бетин бир аткып алып, ийнинен алыс кетти. Тигил киши келинден дароо оолактай берди. Жайнагүлдүн көзүнө көрүнгөнү бирөө гана болду. Курдашынын күйөөсүнүн бир жак бетинин оту адегенде үч жери узунунан сызгыч менен сызгандай болуп, бозоро түшүп, анан ошол замат кара кочкул кан сиркектенип барып дир дей түштү. Жигит бетин сыйпап алды.

– Бул эмне деген шумдук болуп кетти, ыя Жайнагүл. Мышык эмес эле, үйрөтүлгөн шайтан го дейм мунуң. Мындай шумдукту ким көрүптүр. Эми эмне болот? Кан токтотуучу эмнең бар? Иод сүртсө эмне болот? Же зелёнка жакшыбы? – Жигиттин өңү өчүп, калтаарып турду.

Жайнагүл да коркуп кетти. «Шумдугуң кургур, тыптынч эле үйүндө жүргөн бул мышыктын мындай өнөрү бар экен деп ким ойлоптур». Ички бөлмөдөн зелёнка менен иод, бинт алып чыгууну ойлоп баратып кайра токтоду.

– Сизге иоддун да, бинттин да кереги жок. Бетиңизди бетаарчыңыз менен басып алып кете бериңиз. Кайдан, кантип, эмне болгонуңузду аялыңызга кандай айтсаңыз өзүңүз билиңиз. – Столдун үстүндө турган алиги коньякты жигиттин чөнтөгүнө салды.

– Кереги жок, коюңуз, калсын мында. – Кайра чөнтөгүнөн алмак болду эле, Жайнагүл колун кармай калды.

– Алып кетиңиз. – Эшикти ачып жигиттин чыгып кетишин күтүп, босогодо турду.

Ушул окуядан кийин Жайнагүл өзүнчө эле бир кызык болуп, ызалангансып, ичи күйүп жүрдү. Анан дагы, баягы жигиттин аялын көрсө эле өзүнөн өзү корунуп, күнөөлүү кишиден бетер жалтанчаак болуп кетти. Андан акырындык менен сыр алдырбай оолактай баштады. Кокус, үйүнө чакырбаса экен деп чочулап туруучу болду. Ошентип, экинчи алардын үйүн да, анын күйөөсүн да көргүсү келбей калды. Күндөрдүн биринде, түшкү чайды аялдар чогулуп, иштеген жеринде ичип калышты. Сөздөн сөз чыгып олтуруп, бир акушерка баягы лаборанткадан минтип сурады:

– Ай, баса, сенин күйөөңдүн бети эмне болуп жарадар болгон ыя?

– О-о-й, аны Кудай чоң сактабадыбы. Биздин айылдык бирөө конокко чакырып келиптир. Эми чыгалы деп жатсак, үйгө туугандарыбыз келип, мен барбай калдым. «Минтип үйгө келип жатса, барбай эле койчу сен деле» десем, «экөөбүздүн бирибиз барбасак болобу» деп адамдын көңүлүн калтырбаган байкуш, өзү жалгыз кеткен. Жетип алып эле, машинасын кетирип жибериптир. Алардыкынан чыкканда жакшы эле айтышкан экен, жеткирип коёлу деп. Өзү болбой коюптур, «аба жутуп жөө басып кетемин» деп. Шашпаган неме, жолдо эчтекеден бейкапар каалгый басып келатса керек. Анан алдынан кайдан-жайдан чыкканы белгисиз бир мышык чыгып, түз эле бетине октой атылып келип бир тийип, ийнинен алыс кетиптир. Дагы көздүн ээси бар деген чын экен, болбосо көзүнө мышыктын тырмагы тийди дегенче, ошол замат карегi агып калбайт беле. Мындай шумдук болот деп ким ойлоптур. Болгондо да бетинин оту. Жапайы мышыкпы деп жатабыз. Болбосо...

– Капырай, жөндөн жөн эле келип тытып кеткен, ал соо мышык эмес го. Деги аял мышык эмес бекен?

– Ой, жок, жок. – Аял чебеленип кетти. – Кайдагы аял мышык болмок эле. Көрдүм го кадимки эле мышыктын тырмагы. Тим эле устара менен тилгендей сөөгүнө жете түшүптүр. Ал байкуштун ала жипти аттабасын билем го.

– Ии, ала жипти аттабайт дечи, – деди аялдардын бири шыпшынып, – анда жакшы экен. А сенин эриңчи? – деди

токтолуп калган врач өзү менен теңчамалаш аялга карап көзүн күлүңдөтүп.

– «Кудай уктап жатканда, шайтан эмнелерди кылбайт» дегендей билгизбей жүрсө жүрө берсин, – деди калыбет сүйлөп тигил аял. – Мен эр коруп, эр аңдып көргөн жан эмесмин. «Көзүм көрбөсө, көчүгүмдү бөрү жесин» дегендей, уккан ушакка ишенип куугунтуктагым да келбейт. Күйөөсүн коруйм деп олтуруп, мына бул Жайнагүл эмне болгон үч баласы менен талаада калды. А Толкунбек болсо, Эсенова деген атак-даңктуу аялды алып баса берди. Алда айланайын Жайнагүл ай, ушул жерден жаштык кылып койдуң да. Күйөөң күйөө кунунда жок бала эмес беле. Эми андай күйөө кайда-а-а! Тастарлуу эмес, такыялууга эр жок. «Балалуу катын, жалаалуу катын», – дейт. Үч бала менен эмес, бир бала менен бирөөнүн тоңун эритүү да кыйын, батуу да кыйын. Тирүү жан болгондон кийин жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болобу. Бул чиркин турмушту куруш кыйын, аны бузуш текейден арзан. Баягыда бир жолу Толкунбек экөөң театрдан чыгып келатыптырсыңар. Анда сен иштей элек болуучусуң. Экөөңдүн көркүңө көзүм ошондо бир тойду. Бечаралар, издешпей табышкан жубайлар экен дедим ичим жылып. Элдин көзүнө ошондо бир түштүңөр. Экөөңөрдү ээрчий караган эле жан...

Ушундай окуялардан кийин Жайнагүл бир топко чейин жабыгып жүрдү. «Менден башка аялдардын баары эле акылдуу турбайбы. Алар күйөөлөрүнүн жаманын жашырып, жакшысын чыгарып, ошон үчүн эрди-катын болуп жашашат экен да. Энемдин кечиримдүү болгула, көтөрүмдүү болгула деп кулагыбызга кумдай куюшунун маанисин башка кыздары түшүнгөнү менен, мен жеткире түшүнө алган эмес экенмин», – деп ичинен жеген курттай болуп жүрдү.

Күн өткөн сайын баягы курдашынын күйөөсүнө окшоп, Жайнагүлдүн мээримин сураган эркектер келинди тажатып жиберди. Ушундай жапайы көрүнүштөрдөн улам, баягы Толкунбектен биротоло сууган жүрөгү кайра аны сагынып, кайрадан аны эстеп, үйрүн сагынган жабагыдай

болуп жалгызсырай беруучу болду. Кээде өзүнөн өзү коркуп, эрбейген эки баласын караан тутуп, эшикке чыкса ээрчишип чыгып, үйгө кирсе ээрчишип кируучу болду. Кээде уйкусу качып уктай албай жаткан кезде Жанаттын сүйлөгөн сөздөрү кулагына угулуп, кыялын кызытат. «Анан калса Толкунбекти кошмоюнча сөз сүйлөбөйт» – деп ойлойт кызы жөнүндө Жайнагүл. Энесинин тизесине жөлөнүп алып, өзүнөн карегин албай ойлуу тиктеп олтуруп: «Толкунбек абам келди. Жайнагүл жеңең оорубай жүрөбү деп сени сурады. Качан келесиң десем, жумушум бүткөндө келемин дейт. Эмне үчүн кечке эле жумушу бүтпөйт, ыя Жайна жеңе! Ыра-а-к жерде иштебей эле койбойбу? Барба деп айтпайсыңбы? Маган бул көйнөктү да, ич көйнөктү да, туфлини да абам сатып келип берген. Билесиңби, мени аябай жакшы көрөт. Келсе, кечке эле өбө берет, өбө берет. Асан менен Үсөндү да сураган болучу». Анан Жанат энесинин жанына туруп, бөбөктөрүнүн жанына келип алар менен сүйлөшө баштайт:

– Асанчик! Сен кимдин баласысың?

– Мен Мансун баласы.

– Үсөнчик, сен кимдин баласысың?

– Мен Мансу баласымын.

– Папандын аты ким?

– Токунбек.

– Асанчик, сенин папаң ким?

– Тойкунбек папа!

– И-и-й, берекелерим ий окшошкон. Бирөөң Тойкунбек десеңер, бириң Токунбек дейсиңер. – Жанат бөбөктөрүн алмак-салмак өбөт. – Ай, ушул экөөңдү жеп алайынбы?

– Жеп алайынбы деген эмнеси!? Андай жаман сөздү сүйлөбөй жүр жашабагыр. Чекең торсуктай болоор экөөнү жесең.

Кына селт этет.

– Бөбөктөрүн сагынып, айтаарга сөз таппай, кубанып турган баланын антип шагын сындырбачы балам, – дейт эне... Ушинтип ойдон ой басып, санаасы санга бөлүнө берет. Анан дагы Толкунбек менен бирге өткөргөн бактылуу

күндөрүн эстейт. Сүйлөшүп сөзгө, күлүп күлкүгө тойбогон күндөр. Жайнагүлдүн көзүнө жаш айланып, жаздыгын бурдап, бооруна басып букулдайт. Ушундай арманы арылбаган арасат күндөр биринин артынан бири чубашып өтүп жатты.

Бирок азыр бул келиндин жетпеген дүйнөсү «күйөөм жок» деген гана бир өкүнүчү болбосо, бала-чакасы, жергежээги, бир туугандары аман. Иштеген иши ийгиликтүү. Катардагы акушер-геникологдон областтык төрөт үйүнүн башчысы болуп көтөрүлгөн. Ал мындай жоопкерчилик мойнуна жүктөлгөндөн бери иштей турган иши да, аткара турган жумушу да арбыган.

Жумуш күнү аяктап калган чен...

– Жайнагүл Казиевна, сизди областтык оорукананын травматология бөлүмүнө шашылыш келе койсун деп телефон чалышты. Сыягы, боюнда бар аял аварияга учураса керек, – деди медсестра, халатын чечип жаткан келинге.

Врачтын жүрөгү булкуп алды. Мындай учурда барбайм деп кыйыктануу алардын аброюна ылайыктуу иш эмес да. Казиева чечип жаткан халатын кайра кийди.

Жайнагүл келгенде авариядан жамбашы сынып, чат сөөгү ажыраган жаш аял эс-мас жаткан болучу.

– Келиндин боюнда бар экен. Эмне кылышты билбей калдык. Балким, баласын алууга туура келээр. Сизден кеңеш угалы дедик.

Врач сөз айтпаган калыбында, унчукпай келиндин ичин көрүп, анан баланын дем алышын тыңшады.

– Жок, алууга болбойт баланы. Биринчиден бала жетилип калыптыр. Дем алуусу жакшы экен. Кыймылдашы да нормалдуу. Мындай оор жарадар энени креслого алып барып, тирүү баланы алуу же мезгилсиз толгоо чакырып төрөтүүгө да эч мүмкүн эмес. Бала эмес, ошол замат энеси креслодон турбай жан берип коюусу мүмкүн. Снимкасын бергилечи, – деди келин. – Врач ар жактан аялдын сынган сөөгүнүн сүрөтү түшүрүлгөн плёнканы алып келди. Жайнагүл бир демге кирпик какпай дыкаттык менен карап туруп мындай деди: – Менимче, жамбашка деле, чат сөөккө

киргизип алат го дейм. Тобоо, ушундай да балдар болот экен ээ...»

– Кагылайындар, коё тургулачы жабышпай, мына бул катты окуюн, кимден экен. Ал конверттен баракты сууруп алып, башын окубай туруп эле, аяк жагындагы сапка көз чаптырды. «Сизди терең урматтап, саламым менен Зыйнат» деген жазууну окуп, таңдана түштү. Кызык, мага жаза турган кандай зарыл жумушу чыгып калды экен? Келиндин оюнда дароо баягы Толкунбектин өзүнө жазган каты түштү. Балким, «мен Жайнагүлгө кат жаздым десе, ошого карата жазды бекен. Же андай, балдардын бири меники, өзүмө кайтарып бергин деп жазып жүрбөсүн!? А балким, Толкунбек ооруп, же бир кырсыкка учурап, ошону билдирейин деп жазган каты болуп жүрбөсүн!» деген сыяктуу токсон түрлүү ойду ойлоп, колундагы катты көргүсү да, окугусу да келбей, коркуп турду.

– Апа, папамдан бекен? – деди Асан.

Жайнагүл уулдарына күчөнө сүйлөдү.

– Папаңардан эмес, башка кишиден. Барып ойногулачы акыйбай.

Акыры кандай кат, кандай кабар болсо да окубай коюуга болбоду.

«Замандашым, Жайнагүл! – деп баштаптыр сөздү. – Кандай, сак-саламат, жакшы турасызбы? Асаныңыз менен Үсөнүңүз чоңоюп жатабы. Менден эч качан кат күтпөгөн сизге, бул каттын барышы таң каларлык окуядай эле болор. Турмуш деген ушундай, ой-кыры көп, татаал нерсе турбайбы. Минтип өмүрүндө сизге кат жазууну ойлобогон Зыйнат, сизден кечирим сурап, алдыңызга тизе бүгүп, таазим кылып, кат жазууга аргасыз болуп отурат. Мен Москвага командировкага келгемин. Менин айтайын дегеним командировка жөнүндө эмес, Толкунбек жөнүндө.

Эгерде сиз сүйүү, махабат деген дарысы да, дабасы да табылбай турган оору менен ооруган болсоңуз, менин жүрөгүмө ошондо гана түшүнөөр элеңиз. Ооба, замандаш, андай оору менен чындап ооруп көрбөгөн болсоңуз, анын асылын да, тозогун да билбессиз. Менимче, сиз Толкунбек-

ти сүйөсүз. Андай болгондо түшүнө тургандыгыңызга эч кандай күмөн санабайм. Сиз негизинен бактылуу аялсыз. Анткени ошол сиз сүйгөн Толкунбек сизди да сүйөт.

Чынымды айтсам, мен Толкунбектин отуна баёо жүрөк, балапан кезимде чалдыкканымды тана албаймын. Эми ойлосом ал биздин үйдө, байкем менен жолдош болуп, бир чайнектен чай ичип, бир казандан аш ичип, жарты буудайды жара чайнашып, ага менен карындаштай болуп жүргөн кезимде эле, ага танабы жок, жиби жок, жүрөгүмдөн байланып калган турбайымбы. Толкунбек кээде мени Зыйнаш деп, кээде Зыйнатка деп көзүмдү карап, үйрүлүп турса эле ал да мени сүйөт экен деп ойлоптурмун. Көрсө, ал сыйлоо, жакшы көрүү, улуулук иретиндеги мамилеси тура. Кийин сизге үйлөндү. Мен Толкунбектин аял алганын кулагым менен угуп, көзүм менен көрүп турсам да, жүрөктөгү тутанган от, тутанган бойдон өчпөй кала берди. Толкунбекке болгон кусалыгым, эңсөөм басаңдамак турсун, күндөн-күнгө күч алды. Менин бул, сүйүүгө толгон армандуу жүрөгүмдү эч кандай күч бөксөртө албай койду. Күйөөгө чыксам унутулар, алаксып кетээрмин деп ойлодум. Күйөөгө да чыктым. Бирок анын мага болгон махабаты, менин Толкунбекке болгон көңүлүмдү өзүнө тарталбай койду. Мына ошол убакта өзүмдүн жетпей, өкүттө калган кымбат адамымды көрдүм. Жалгыз бой иштеп жүргөн кези экен. Ошондон пайдаландымбы, өзүм да эмне болуп кеткенимди билбей калдым. Иши кылып Толкунбекти торума түшүрүүгө аракет кылдым. Акыры көздөгөн максатыма жетип тындым. Бирок чынымды айтсам, менин негизги максатым ага тийүү, үй-турмушун бузуу эмес эле. Иши кылып жүрөгүмдүн эңсөөсүн басып, өзөгүмө күйгөн отту өчүрүү болучу. Бир жаман жери, Толкунбек менен аралашып калган күндөн баштап, мендеги баягы сууйт деген махабат, жанар тоо болуп, мурдагыдан да күчтүү алоолоп чыга келсе болобу. Мен аны ар күнү көрүп турбасам, өлөөрүмдү санай турган болуп кеттим. Уят-сыйытты да унуттум. Ошентип жүрүп, акыры арам айыбым ачылаарда, күнөөсү жок

күйөөм менен ажыраштым. Кайсы бирин айтайын, ортодо көп эле иштер болуп кетти.

«Жаман жарасын көрсөтөт» дегендей, мен сизге уятсыйытты жыйыштырып коюп, өз айыбыма өзүм айгак болуп, өз сырымды өзүм ачканы олтурамын. Ооба, «ичте балаа болгончо, тышта талаа болсун» деген сөз бар эмеспи. Алты жылдан бери жан адамга айтпаган айыбымды акыры сизге даап айтканы отурам. Канча кылса да насилибиз аял эмеспи. Балким, аял аялды аяп, аял гана аялдын жүрөгүнө түшүнөт го деп ойлоймун. Мен мурда жүрөктү өйүгөн бул туюк жара өмүрүм менен бирге жашап, сөөгүм менен бирге жатат го деп ойлочу элем. Бирок «капка шибеге катылбаган» сыяктуу, ошол балекеттүү туюк жара көөдөнүмдү тээп чыгып, ушул ак барактын бетине, өзүнүн кара баскан кандуу изин калтырганы олтурат, Жакин. Ооба, Толкунбек сизди ушинтип, Жакин, Жакинтай деп, өңүндө эле эмес, түшүндө да эркелетип сүйлөп, эркелетип уйкусурарын сиз кайдан билмек элеңиз. Сыягы, ал сизди ар түнү ойлоп, жок дегенде түшүнө кирүүңүздү Кудайдан тилеп жатып уктаса керек. Анын кызуу уйкуда жатса да: «Жакинтай! Жакин!» – деп, өлүп-өчүп бирде сизди чакырып, бирде балдарын чакырып сүйлөгөн сөзү да, үнү да кулагым эле эмес, жүрөгүмө да басылган тамга болуп калганын жашыра албаймын. Чынымды айтсам, менин шорум да, бактысыздыгым да Толкунбекти сүйгөндүгүмдөн болду. Бул сүйүү деген балекет, бирөөлөргө түбөлүк кубаныч алып келсе, экинчи бирөөлөргө өмүр бою өчпөй турган бактысыздыкты алып келүүчү неме тура.

Мен бала дегенди бала кезимден эле жакшы көрүүчүмүн. Чындыгында эле бул бала деген балекетти жаман көргөн адам баласы жер жүзүндө болбосо керек. Акыл-эси толук адам эмес, курт-кумурска, жан-жаныбар, канаттуунун баары бала үчүн кара жанын карч уруп, отко-сууга түшүүгө даяр турат эмеспи. Мен күйөөгө чыккан биринчи күндөн тартып эле балалуу болууну эңседим. Күйөөм Күнболот да бала дегенде ак эткенде, так этип жүрдү. Аны сүйбөсөм да, балалуу болсок, ал биздин ортобуздагы алтын данакер бо-

лучудай, тилегимди курчутту. Бирок биз күткөн ой-тилектер улам арылап, экөөбүзгө сыртын салып туруп алды. Төрөтүм кечиккенсип баратты. Ошондой болсо да, жакшылыктан үмүтүбүздү үзгөн жокпуз. Анткени күйөөм экөөбүз тең жаш элек да. Бактылуу күндөр алдыда күтүп тургансыды.

Ошентип жүргөн мезгилде Күнболотту эки жылга, алыскы командировкага жиберип калышты. Ушул учурда Толкунбекти көрүп, баягы бала кезде жетпей, арманда калган мен, күйөөм кеткен күндөн баштап көңүлүм кайра бузулду. Жаман оюмда Күнболот кайрылып келгенче, Толкунбек менен ээн-эркин болот экенмин деп жүрбөйүмбү. Эми мага Толкунбектен артык бакыттын да, андан артык рахаттын да кереги жок болуп чыга келсе болобу. Мен бара-бара Күнболотту эстебей да, күтпөй да калдым. Мага анын барынан жогу жакшы боло баштады. Бирок алыста Ата Журт үчүн, партия менен өкмөттүн тапшыруусу боюнча өз үй, өлөң төшөгүнөн, туулуп өскөн жеринен алыста жүрсө да жүрөгү мен деп согуп, мен үчүн кусага толгон адамды алаксытуу максатында жазылган алдамчы каттар биринин артынан бири кетип жатты. Ушинтип Толкунбектен алган махабат толкунунда кулач уруп, Кудай Теңирин таанубай, көңүлүмдү ыл басып жүргөн кезимде, боюма болуп калса болобу. Мурда мен балалуу болуу бакыт деп сезсем, эми анын бакыт же бакыт эмес экенин ажырата албай калдым. Ушундай окуядан кийин Толкунбектин мага болгон мамилеси түп көтөрө өзгөрүп кетти. Экөөбүз тең бирибизди бирибиз күнөөлөп, бирибизди бирибиз көргүбүз келбей «сен айыптуусуң, мен айыптуумун» деген сыяктуу түгөнбөгөн түйшүктүү, жагымсыз сөздөр ортобузда уламдан-улам көбөйүп, ырбагандан ырбап баратты. Ынтымактуу жыйынтыкка келалбай, бир чети уятымдан, бир чети Толкунбекке өчөшүп, уу ичип өлүүнү да ойлодум. Бирок жан таттуу экен, өз жанымды өзүм кыя албадым. Айлам кетип, амалым түгөнгөндө, тууп туруп, силердин эшиктин алдына алып барып таштап кетүүгө аргасыз болдум. Кычыраган кышта, самаган жерге жетпей жолдо төрөп шо-

рум шорподой кайнады. Ошол эле түнү баланы таштап кайра тарттык. Эртеси, ал шордуу баламдын тоңуп өлгөнүн угуп, чарайнадагы бала эмес эле, чарк токтолгон уулумдан ажырагандан бетер күйүттөн ооруп жатып калдым. Ал бала, чындыгында эле мага бала эмес эле, балээ болду. Ооруканадан бир топто чыктым. Үч-төрт түрлүү күйүткө күйүп, үч-төрт түрлүү оору менен ооруган адам кантип соо калсын. Түп ордум менен оңбой калдым. Бул кандай үч-төрт түрлүү күйүт дээрсиз. Кыскартып, бир сөз менен ачык айтканда, күйүтүмдүн бири баламдан түбөлүк ажыраганым болсо, экинчи күйүтүм ич тарлыктын күйүтү болду. Ал болсо сиздин аман-эсен эгиз уулдуу болушуңуз эле. Ал эми калганы болсо түбөлүк эне болуудан ажырап, төрөтүмдүн токтошу болсо, калгандары күнөөсүз күйөөдөн ажыроо, анан дагы нерв оорусуна чалдыгышым.

Эгерде мен сизге чын сырымды айтсам, алдагы колуңуздагы өзүңүз төрөп, өзүңүз бапестеп өстүрүп жаткан Асан менен Үсөндүн бири менин балам сыяктуу болгондой бир үзүлгөн үмүт жан дүйнөмдү тыткылап талай берүүчү дарт азырка чейин мени эзип келет. Мен Асан менен Үсөндү сагынганымда Алма-Атадан кандай учуп, силер жакка кандай жеткенимди өзүм да билбей калам. Алар мени өздөрүнө эмне үчүндүр магниттей тартып, өзүмдөн өзүм Асан менен Үсөнгө жипсиз жүрөгүмдөн байлана берем. Мен ошол сиздин эки балаңыз үчүн тирүү жашап, эки балаңыз үчүн күн көрүп, суу ичип жүргөнсүп кетем. Бассам да, турсам да көз алдымдан сиздин эгизиңиздин элеси кетпей, мени менен чогуу жашап, чогуу жүргөнсүгөн алдамчы кыялдар акылымды астым-үстүм кылып ала салдырат да турат.

Азыркы менин тилеген тилегим бирөө гана. Ал болсо, өзүмдүкү эмес, өзгөнүкү болсо да Асан менен Үсөндүн узун өмүрү, келечектеги бакты-таалайы, ата-энеси менен жакшы күн, жакшы турмушта, жай күнүндөй жадырап, кайгы-капа билбей өмүр сүрүшү. Сиз менин бул сөзүмө, балким, кабатыр болорсуз. «Менин балдарымдын тилегин тилеп, балекетин алабы» дээрсиз. Мейлиңиз, кандай каргап, кандай тилдесеңиз ал өз ишиңиз. Мен сиздин алкышыңыз

эмес, каргышыңызга татыктуу экенимди жакшы түшүнөм. Бирок кандай десеңиз да, Асан менен Үсөндү сагынбай да, эстебей да коё албаймын. Ал экөөнү унутууга кудуретимдин жетпесине өзүм түшүнүп турам.

«Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч» дегендей, алыңыз келсе, өз жүрөгүңүзгө өз күчүңүз жетсе, Толкунбек экөөбүздүн күнөөбүздү кеч болсо да кечирип коюуңузду өтүнөмүн. Ал менин кесепетимден гана күнөөсүз жерден күнөөлүү болуп шорго малынган, жүрөгү таза, дили ак жигит. Мен жогоруда айткандай бардыгына мен өзүм себепкер да, күнөөлүү да болгон сыяктанам. «Чыгашага ээси баш» дегендей, сиз барып, Толкунбектин биздикинде экенин көргөн күнү да, мурдагыдай эле менин азабымдан аргасыз келген күндөрүнүн бири болучу.

Ошондо эле Толкунбектин сизге болгон сүйүүсүнүн күчүнө, сизге болгон абийиринин тазалыгына чыдап тура алган жокмун. Кечирим сурап өзүм барууга аргасыз болдум. Бирок чынын айтыш керек, «жүзүм бар уялам, жүрөгүм бар корком» дегендей, өзүм кирүүдөн даай албадым. Ортого эжени салдым. Ал киши бузуп айттыбы, түзөп айттыбы, эмдигиче ачык биле албаймын. «Мага эми Толкунбек аттуу оорунун кереги жок, жашай берсин экөө» деген сөздү айтты деп кайра чыкты.

Ачуу болсо да, таттуу болсо да жашап калдык... Сыртыбыздан көрүп, сырыбызды билбеген адамдар «бактылуу жубайлар экен» деп суктанышчу. Бирок биз сыртыбыздан бактылуу көрүнгөнүбүз менен, өз ич ара бактылуу жашай албадык. Бирибизден-бирибиз сактангандай, бирибизге-бирибиз ишенбегендей болгон сый турмуштар өтүп жатты. Мен Толкунбекке оттун аптабына тийген сары майдай эригеним менен, ал мага эрий албай койду.

Акыры ары ойлонуп, бери ойлонуп олтуруп, бактысыз болгон өзүм гана бактысыз бойдон калууну чечтим. Асан менен Үсөндү, Жанатты тирүүлөй жетим калтыргым келбеди. Мен Москвага кетээримде, туурумдагы туйгундун томогосун шыпырып, өзүңүз жакка коё бердим. Ал сизди гана сүйөт Жайнагүл Казиевна. Ошондуктан, өз туурун са-

гынып, кош канатын сабап, бийикте шаңшып учуп бараткан барчыныңызды тосуп алыңыз.

*Сизди терең урматтап,*
*саламым менен ЗЫЙНАТ».*

Жайнагүл катты окуп бүтүп, эмне болгонун билбей, дал болуп олтуруп калды. Ал Толкунбекти ойлобой эле, Үсөндү угуп, күйүп күл болуп турду. Мурда анын кимден туулганы ачык билинбеген көмүскө сыры минтип ойдо жок жерде араандай ачылып олтурганы энени эстен тандырды. «Атаңдын көрү, баламдын кимден туулганын, энеси ким экенин билгенден билбегеним жакшы эле го. Эми, эмне деген шумдук болучу», – деп эрдин кесе тиштеп, бир колун бир колу менен карыша кармап, Үсөндү Зыйнат келип, азыр эле жулуп кетүүчүдөй болгон суук бороон көңүлүндө тынымсыз ойноп берди. Ал тээ бир оокумдан кийин гана эсине келе баштады. «Кызык, – деди, өзү менен өзү сүйлөшүп, – Үсөндү Зыйнат алам деп талашып, мен туудум деп жаткансып, эмнеге мынчалык көңүлүмдү бузуп, күйүткө түшүп кеттим. Жо-о-к, мен Үсөнүм менен Асанымды биринен-бирин ажыратпай калайын. Үсөндөн ажырап өзүм да туралбасмын чыдап. Эки баламды эки жерде боз ала кылып, баштан жаакты айыргансып коюп тирүү жүргөндөн көрөкчө, бардыгын Зыйнатка таштап берип өлгөнүм артык эмеспи».

Жайнагүл өзүн өзү алаксытып, өзүн өзү тигил-бул деп соороткону менен сороно албады. Үсөндөн ажырап калуучудай болгон бир осол кайгы, аны кан чыгарбай тымызын мууздап жатты. Ал Толкунбектен ажыраганда да мынчалык кайгыга баткан эмес болучу. Келин туруп-туруп эле, өзүнчө кобурап, сүйлөнүп жатты. Жок, жок, мен Үсөнүмдү эч качан, эч кимге бербеймин. Кудай менин ичээр суумду, көрөр күнүмдү түгөтүп, баламдан ажыратпаса, тирүү туруп ажырабай калайын...

Ушул каттан кийин ысык сорпо төгүлгөн немедей болуп, Зыйнатты да, Толкунбекти да мурункудай күнөөлөбөй

калды. Адам баласынын жашоосунун татаалдыгына, бири-бирине окшобогон тагдырларга, адам туруп, адамдын ички дүйнөсүнүн купуя сырын түшүнбөгөндүктөрүнө таң калуу менен кайгыга батып турду.

«Тобо, чыныгы сүйүү деп ушул Зыйнаттыкын айтыш керек турбайбы. Мен чын эле Толкунбекти ушул аялда болгон махабат менен сүйүп, анын ким экендигин ушул аялда болгон көз менен сүйүп, анын ким экендигин ушул аялда болгон көз менен көрдүм бекен», – деп ойлоду. Бирок ушул саамда Жайнагүлдүн бүтүндөй ой-максатын, акылы менен адамгерчилигин ээлеп турган Толкунбек эмес, Зыйнат менен Үсөн болуп турду. Талантына жараша акылы да, акыйкаты да бийик адам экен. Мен мурун Толкунбекти да, Зыйнатты да түшүнгөн эмес экенмин, деп өз эрдин өзү тиштеп, өз оозун өзү карманып, санаага батып олтурду. – Бул каттын жазылганына деле анчалык көп убакыт болгон эмес экен деп, көбүнчө Үсөн үчүн жүрөксүп турган Жайнагүл, каттын аягына коюлган числону мостоё карап турду. Ошентип, Зыйнаттан кат келген минутадан баштап, кайра баштан тынчы кете баштады. Мурда атын атоо гана эмес, аны ойлоодон заарканып, көңүлүндө жек көрүү сезими менен жашап жүргөн келин, эми кайра Зыйнатты аяп, ага боору ооруп, күнүлөштүктүн күйүтү көөдөнүнөн улам алыстап баратты. Азыр анын бүтүндөй оюн ээлеп, санааркатып турган жалгыз Үсөн болуп калды.

Бул укмуштуу «түштү» кимге жорутуп, ичин ачып, туура кеңеш ала турган ишенимдүү жакын адамынын жоктугуна өкүндү. Жакшы санаалаштар да, тели-теңтуштар да көп дечи. Бирок Жайнагүлдүн жакшысын чыгарып, жамандыгын батырып, туура кеп-кеңешин бере турган көздөй теңтуштан жарды экенин Жайнагүл эми түшүндү. «Ушундай, жакын адамдар көздөн учуп турган кезде, энем келип калса жакшы болот эле», – деп көңүлүндө Тумарды эстеп, коңултактап, санаасы санга бөлүнүп турган Жайнагүлдүн оюн алыстан чалган телефондун үнү бузду. Ал трубканы колуна алаар-албастан эле, Гүлайымды таанып кыйкырып жиберди.

– Ой алтын жеңекем, сизсизби! Ырас болбодубу, кандай турасыздар? Энем кетелекпи?

– Кетелек. Өзүң кандай? Балдардын дени сакпы?

– Жакшы жеңе, жакшы. Билесизби, Толкунбек келет окшойт.

– Эмне, сүйлөштүбү өзү?

– Жок өзү эмес, башка бирөө кат жазыптыр.

– Анан эмне кылайын деп жатасың?

– Эмне кылмак элем. Ал оюнда мени кабыл алат деп жатса керек. Бирок андай болбойт да.

– Антпе. Балдар бар да, ойлонуш керек Жайна. Энем менен сүйлөшчү.

Жайнагүл энесине болгон окуяны чала-була айтып минтти:

– Жеңем да Толкунбек дейт, сен да Толкунбек дейсиң. Бирок эмне үчүн менин жүрөгүмө түшүнбөйсүңөр. Мен да адаммын да.

– «Адашкандын айыбы жок, кайрылып үйрүн тапкан соң» дегендей, өз жүрөгүң менен өзүң жакшылап сүйлөш, кабырган менен кеңеш, балам. Мен барайын, калган сөздү ошондо сүйлөшөлү. Текебердиктин да чени бар каралдым...

Калп айткан менен болобу, эч кимге сыр бербей өз арманы өзүндө болуп, ичимден тап болуп санааркап жүргөн Жайнагүл, энесинин келээрин угуп санаасы тына түштү. Ал эми мындай күндүн эртедир-кечтир келээрине көзү жетип жүргөн акылдуу байбиче, эртеси эле биринчи рейс менен Ошко учуп кетти.

Көчөдөн машинанын үнү чыкты дегенче, Толкунбек келип калгандай болуп, Зыйнаттан кат алгандан бери, уйкусу да качты, тынчы да кетти. Күнгө дем алыш болучу. Түшкү тамакты асып коюп, Жайнагүл жаңы эле диванга кыйшайып, жаңы келген газета, журналдарды бир баштан көрүп, окуй баштаган.

Бир маалда Асан менен Үсөн үйгө тапырап чуркап кирипти:

– Ма-м-а-а биздикине бир чоочун киши келди, – деди Үсөн энтигип. – Ал киши биздин атыбызды билет экен.

– Ооба, Асан! Үсөн! – деп бизди чакырды. Биз качып кеттик, – деди Асан, мурдун шуу тартып.

– Ал эмне болгон чоочун киши экен?! Жалгызбы, же жанында башка кишилери да бар бекен? – Жайнагүл колундагы газетаны таштап, ордунан турду.

– Бир эле киши, апа, машинадан түшүп эле бизди чакырды. Анан биз үйгө качып кеттик.

– Султан абаны тааныйсыңарбы? Ал эмеспи?

– Жок, чоочун киши апа, – деди Асан. Ага удаалаш Үсөн да эдиреңдеди.

– Ооба, чоочун киши экен, машинаны өзү айдап жүрөт.

Экөө киши эмес эле маймыл көргөнсүп, тышты көздөй кайра жүгүрүштү. Жайнагүл балдарынын артынан ээрчий басты. Дарбазанын босогосунан аттап көчөгө чыгаар чыкпастан эле, Жанатты машинадан түшүрүп, үстү-башын оңдоп, өрүмгө келбей калган маңдайындагы сексейген секелегин сылап жаткан Толкунбекти көрүп, жүрөгү болк дей түштү. Дабыштан артын бурула караган жигит да элее карады. Экөө эки жерде биринен бири чочуп, биринен бири корккон макулуктан бетер жалдырап, туттугуп туруп калышты. Ошол саамда бөбөктөрү менен Жайнагүлдү көрүп, Жанат сүйүнгөнүнөн кыйкырып жиберди:

– Жайна жеңе, абам келди.

– ?

Жанат анан бөбөктөрүнө кыйкырды:

– Ай, Асанчик, эй Үсөнчик, карагылачы, папа келди!

А балдар болсо эжесинин сөзүн угуп, бул кишинин чын эле атасы же атасы эместигин ажырата албай элее карап турушту. Жанат болсо бөбөктөрүн көздөй көпөлөктөй учуп келатты.

# МАЗМУНУ

БИРИНЧИ БӨЛҮМ .......... 5
ЭКИНЧИ БӨЛҮМ .......... 272
ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ .......... 406

*Адабий-көркөм басылма*

**Зуура Сооронбаева**

**Чыгармаларынын жети томдук жыйнагы**

Бешинчи том

**Чоочун киши**

***Биринчи китеп***

Редактору ***Жумадин Кадыров***
Корректору ***Фатима Абдалова***
Компьютердик калыптоочу ***Табылды Жанызаков***

Форматы 60x84 1/16. Көлөмү 33 б.т.
Заказ №03. Нускасы 1000 даана.

350с.00т

Бишкек шаары, «Улуу тоолор» басмасы,
Ю. Абдрахманов көчөсү 170 а. Тел.: 62-02-11



Зуура Сооронбаева